РАЗВИТИЕ МЕХАНИЗМОВ ФИНАНСИРОВАНИЯ БЕЗОПАСНОСТИ ШКОЛЬНОЙ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ СРЕДЫ В КР

ПРОЕКТ ФИНАНСИРУЕТСЯ ЕВРОПЕЙСКИЙ СОЮЗОМ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КР

KONRAD ADENAUER STIFTUNG

BIOM ECOLOGICAL MOVEMENT

# МЕКТЕПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН КООПСУЗДУГУНУН СТАНДАРТТАРЫНЫН ТОПТОМУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫНЫН ЖЫЙНАГЫ

01.08.2018-жылга карата

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

УДК 37.0
ББК 74.04 (2Ки)
К 63

Рецензенттер:

ю.и.д. *Ниязова А.Н.,* – КР(С) У жарандык укук жана процесс кафедрасынын башчысы; Марченко Л.Ю., - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин кеңешчиси;

*Грекова Е.Н.,* – Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин техникалык жөнгө салуу жана ЕАЭБ менен иштөө бөлүмүнүн санитардык врачы;

*Кушубакова М.Ы.,* – Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин мамлекеттик санитардык көзөмөлдөө бөлүмүнүн врачы.

Түзүүчүлөр: Кириленко А.В., Исланбекова Б.И., Орозалиева Г.М.

К 63 **Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун стандарттарынын топтому. Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын жыйнагы.** / Түз. Кириленко А.В., Исланбекова Б.И., Орозалиева Г.М.– Б.: 2018. – 480 б.

ISBN 978-9967-04-856-0

Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын жыйнагы жалпы билим берүүчү уюмдарынын адистерине, жетекчилерине, кызматкерлерине, камкорчулук кеңештердин мүчөлөрүнө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерине арналат. Жыйнактын максаты болуп билим берүү процессинин катышуучуларына билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу маселелери боюнча КыргызРеспубликасынын мыйзамдарынын талаптары жөнүндө кеңири маалымдоо жана жыйынтыгында жарандардын саламаттыкка, жайлуу айлана- чөйрөгө, билим алууга ж.б. болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү саналат. Жыйнак К. Аденауэр атындагы Фонд жана “БИОМ” экологиялык кыймылы тарабынан ишке ашырылуучу, Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен “Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун каржылоо механизмин өнүктүрүү” долбоорунун алкагында басып чыгарылган.

К 4304000000–19
ISBN 978-9967-04-856-0

УДК 37.0
ББК 74.01 (2Ки)

© BIOM, 2018

## КИРИШҮҮ

Аталган укуктук ченемдик актылардын жыйнагы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун Стандарттарын аныктоочу документтердин топтомун түшүндүрөт. Жыйнак билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата негизги талаптарды, ченемдерди жана мамлекеттик, муниципалдык деңгээлдерде аталган маселелерди башкарууну камтыйт.

Жыйнакты түзүүдө мектептердин директорлорунун, билим берүү тутумунун кызматкерлеринин, камкорчулук кеңештеринин өкүлдөрүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин, коомдук уюмдардын жана ата-энелер коомчулугунун суроо-талаптары эске алынды.

Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын жыйнагы жалпы билим берүүчү уюмдарынын адистерине, жетекчилерине, кызматкерлерине, камкорчулук кеңештердин мүчөлөрүнө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерине арналат. Жыйнактын максаты болуп билим берүү процессинин катышуучуларына билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары жөнүндө кеңири маалымдоо жана жыйынтыгында жарандардын саламаттыкка, жайлуу айлана- чөйрөгө, билим алууга ж.б. болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү саналат. Жыйнак К. Аденауэр атындагы Фонд жана "БИОМ" экологиялык кыймылы тарабынан ишке ашырылуучу, Европа Бирлигинин финансылык колдоосу менен "Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун каржылоо механизмин өнүктүрүү" долбоорунун алкагында басып чыгарылган.

**"Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун каржылоо механизмин өнүктүрүү"** долбоорунун максаты КР Билим берүү жана илим министрлиги менен жергиликтүү бийлик органдарынын, социалдык өнөктөш уюмдарынын, жарандык коомдук уюмдардын жана мектептердин ортосундагы коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү механизмин калыптандыруу боюнча секторлор аралык өнөктөштүк мамилени андан ары өнүктүрүүнү колдоо.

Жалпы максатка жетүү үчүн долбоор боюнча өнөктөштөр көптөгөн иш-чаралардан турган, 3 кластерге топтолгон жана Кыргызстандын бардык аймактарын, анын ичинде Бишкек шаарын да камтыган стратегияны иштеп чыгышты. Бул иш-чаралар Кыргызстандын билим берүү тутумундагы: билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу, билим берүүнүн сапаты жана окутуунун натыйжасы менен канааттанбагандык, адамдык ресурстардын жетишсиздиги жана билим берүү чөйрөсүндөгү реформаларды жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүктөр боюнча негизги маселелерди чечүүгө багытталган.

Жогоруда аталган көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү үчүн долбоордун өнөктөштөрү конкреттүү маселелерди чечүүгө багытталган, атап айтканда:

***1. Кыргызстандын мектептериндеги билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу боюнча улуттук стандарттарды иштеп чыгуу жана илгерилетүү:***

- Мектептердеги коопсуз жана саламат билим берүү чөйрө үчүн комплекстүү стандарттарды колдонуу боюнча колдонмолорду / усулдук сунуштарды иштеп чыгуу жана илгерилетүү;
- Бул иштеп чыгуу процессине аткаруучу бийлик органдарын, атап айтканда КР Билим берүү жана илим министрлигин, Финансы министрлигин ж.б. жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин тартуу;
- Укуктук ченемдик акты деңгээлинде мамлекеттик орган тарабынан кабыл алуу үчүн өлкөнүн бардык аймагында аткаруу милдеттүү болгон Стандартты илгерилетүү.

***2. Улуттук, жергиликтүү жана институционалдык деңгээлдерде башкаруу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн финансылык камсыздоо жаатындагы кызыкдар тараптардын дараметин жогорулатуу:***

- Коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыздоо үчүн 350 мектептин администрацияларынын жана райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин уюштуруучулук түзүмдү жана адамдык потенциалды башкарууну жакшыртуу жаатындагы дараметин жогорулатуу;
- Бардык областтагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мектептик камкорчулук кеңештердин мүчөлөрүнүн, билим берүү жаатындагы өкмөттүк эмес уюмдардын дараметин жогорулатуу;
- Мектептердеги коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүнүн менеджменти жана финансылык камсыздоо механизмдери боюнча райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн адистери, усулчулары үчүн окутуучу модулдарды иштеп чыгуу;
- Коопсуз мектептик билим берүү чөйрөсүн башкаруу жана финансылык камсыздоо боюнча окуу-усулдук топтомду педагогдорду жана билим берүүдөгү башкаруучу кадрларды даярдоо системасына ишке киргизүү;
- Туруктуу өнүгүү, энергиянын натыйжалуулугу жана коопсуздук принциптерин эске алуу менен тиешелүү билим берүү областтары боюнча окуу-усулдук материалдардын топтомун иштеп чыгууну уюштуруу;
- Коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүн жана мектептердеги зордук-зомбулуксуз тажрыйбаны калыптандыруу маселелери боюнча педагогикалык жана башкаруучулук профилдеринин студенттери үчүн окутуучу материалдарды иштеп чыгуу;
- Келечектеги педагогдор менен практикалык сабактарды өткөрүү үчүн коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн технологияларын жана мектептердеги зордук-зомбулуксуз жүрүм-турум практикасын колдонуу менен өлкөнүн жождорунда 3 ресурстук маалыматтык-усулдук “Билим берүү чөйрөсүнүн толеранттуулугун жана коопсуздугун өнүктүрүү боюнча борборлорду” түзүү;
- Билим берүүнү каржылоону башкаруу, билим берүүнү каржылоону мониторингдөө, анын ичинде коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыздоо маселелери боюнча Финансы министрлигинин жана Билим берүү министрлигинин Коомдук кеңештеринин мүчөлөрүнүн дараметин жогорулатуу.

***3. Мамлекеттик органдардын секторлор аралык өз ара аракеттенүүсү аркылуу да, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, камкорчулук кеңештер жана мектептердин өз ара аракеттенүүсү аркылуу мектептердеги билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу боюнча механизмдерди иштеп чыгуу жана алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу:***

- Өлкөнүн 12 пилоттук мектебинин коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүн уюштуруу боюнча тажрыйбасын пилоттоштуруу жана трансляциялоо. Аталган мектептерде билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүүдө жана туруктуулукту камсыздоо максатында “Коопсуздук боюнча кеңешчи” пилоттук топтор түзүлүүдө жана билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук менеджментинин механизми иштелип чыгууда;
- Администрацияны жана окутуучулук курамды окутуу аркылуу мектептерге экологиялык коопсуздуктун практикалык ыкмаларын киргизүү;
- Коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүн камсыздоо мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билим берүү уюмдарына, ЖӨБО жана коомчулукка маалымдоо;
- Коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүн камсыздоо жана зордук-зомбулуксуз жүрүм-турумду калыптандыруу тажрыйбасы маселелери боюнча долбоордун www.safe.edu.kg веб-платформасын маалыматтык ресурс катары түзүү жана колдоо.

Кошумча маалымат жана долбоордунматериалдары: www.safe.edu.kg сайтында, Фейсбуктагы баракчада: https://www.facebook.com/safeschoolsKG/?fref=ts жеткиликтүү.

## МАЗМУНУ

Киришүү .......... 3

**Бөлүм I.**
**Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу маселелери жөнүндө стратегиялык документтерде .......... 8**

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы .......... 8

2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруунун үч жылдык планы катары 2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы .......... 10

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «2015-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коопсуз мектептер жана мектепке чейинки билим берүү уюмдары» программасы .......... 20

**Бөлүм II.**
**Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар билим берүү жана балдар жөнүндө мыйзамдарда .......... 25**

Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси, *2012-жылдын 10-июлу № 100* .... 25

Билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2003-жылдын 30-апрели № 92* .......... 29

Мугалимдин статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2001-жылдын 14-январы № 9* .......... 64

Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2014-жылдын 30-майы № 81* .......... 71

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн *2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541 токтому* менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобо .......... 80

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн *2012-жылдын 20-февралындагы N 119 токтому* менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө жобо .......... 93

Негизги жана/же жалпы орто, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартибин жана Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому, 2017-жылдын 16-июну № 381 .......... 102

Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн , Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн *2014-жылдын 3-июнундагы № 303 токтому* менен бекитилгенстандарттары .......... 114

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн *2011-жылдын 20-сентябрындагы N 563 токтому* менен бекитилген Жалпы билим берүүчү уюмдарда кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө жобо .......... 125

**Бөлүм III.**
**Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар саламаттык сактоо жөнүндө мыйзамдарда ............ 133**

Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2009-жылдын 24-июлу № 248* ............ 133

Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2005-жылдын 9-январы № 6* ............ 144

Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин жана аны керектөөнүн зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2006-жылдын 21-августу № 175* ............ 146

Ичүүчү суу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *1999-жылдын 25-марты № 33* ............ 154

Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар ............ 160

«Калктын эс алуу жана ден соолугун чыңдоо уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери ............ 194

«Калктын эс алуу жана ден соолугун чыңдоо уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» ............ 219

**Бөлүм IV.**
**Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар укук бузууларды алдын алуу жөнүндө мыйзамдарда ............ 233**

Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы *2015-жылдын 21-июлу № 185* ............ 233

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин буйругу ............ 238

2016-2017-окуу жылдарында Кыргыз Республикасынын жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ведомстволор арасындагы иш мерчеми. 2016-жылдын 30-августунда биргелешип кабыл алынган буйрук менен бекитилген ............ 240

**Бөлүм V.**
**Өрт коопсуздугуна, эмгек коопсуздугуна жана жарандык коргоо боюнча ишмердикти уюштурууга талаптар ........ 248**

Жарандык коргонуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2018-жылдын 24-майы № 54* ........ 248

Эмгекти коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2003-жылдын 1-августу № 167* ........ 266

Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2016-жылдын 7-июну № 78 ........ 281

**Бөлүм VI.**
**Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар экономикалык ишмердикти жана курулушту жөнгө салуу жөнүндө мыйзамдарда ........ 346**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *2011-жылдын 15-июлу № 101* ........ 346

Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, *1997-жылдын 10-декабры № 90* ........ 350

**Бөлүм VII.**
**Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтомунун долбоору ........ 381**

Жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу максатында кыргыз республикасынын ө кмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө ........ 381

**Кыскартуулардын тизмеси ........ 398**

**Маалыматтардын кошумча булактары: ........ 400**

# Бөлүм I.
# Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу маселелери жөнүндө стратегиялык документтерде

**"2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө"**
**Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы**
*Бишкек шаары, 2018-жылдын 31-октябры ПЖ № 221*

## 2018-2040-жылдарга
## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН УЛУТТУК СТРАТЕГИЯСЫ

*(Үзүндү)*

### Сапаттуу билим берүү жана илим системасы

Келечекке көз караш: Ар бир жаран дүйнөдө атаандаштыкка жөндөмдүү жана суроо-талапка ээ болууга, дүйнөдөгү өзгөрүүлөргө ыңгайлашууга мүмкүндүк бере турган, иш жүзүндө колдонулуучу билимди жана көндүмдү пайда кылган, адамдын дараметин ачкан, инсанды ар тараптан тарбиялоого багытталган сапаттуу билим ала алат. Илим жана технологиялар өлкөнүн социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн, жаңы технологияларды өркүндөтүүнү жана киргизүүнү, табигый кыйроолорду болтурбоону жана экосистеманы сактоону, элдин тарыхын, социалдык жана саясий тенденцияларды изилдөөнү камсыз кылат.

Кыргыз Республикасында билим берүүнүн жаңы натыйжаларына жана сапатына багытталган модернизацияланган билим берүү саясатты ырааттуу жүзөгө ашырылат. Албетте, билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапатысыяктуу билим берүүнүн системасын уюштуруунун принциптери жарандардын бардык категориясы үчүн сакталат.

Билим берүүнүн системасынын ийкемдүүлүгү мамлекеттин, жалпысынан коомдун жана конкреттүү адамдын сурамдарына адекваттуу жооп беришине мүмкүндүк берет. Билим берүү системасы мамлекеттик инвестициялардын контекстинде приоритеттердин бири болуп калышы керек. Бирок жакынкы жылдары ага бөлүнгөн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугуна өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Билим берүү секторунун эффективдүүлүгү окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин көз карандысыз улуттук жана эл аралык түзүмдөр тарабынан жүргүзүлгөн баалоонун негизинде бааланат. Кыргызстан билим берүү деңгээли боюнча алдыңкы 50 өлкөнүн катарына кирет. Мамлекеттин ролу учурдагы билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн үстөмдүк кылуучу провайдеринен эффективдүү жөнгө салуучуга кайра каралат.

Мамлекеттик орган саясатты, ченемдерди иштеп чыгат, кесипкөй кадрларды даярдоону камсыз кылат жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүнүн укуктарын коргойт, билим берүүнүн коомдогу баалуулуктарын сактоону камсыздайт, үй-бүлөсү жана ата энеси менен бирге жарандардын жооптуу жана билимдүү муунун тарбиялоого салым кошот. Билим берүүдө баштапкы мектепти системалуу колдоого басым коюлат.

Заманбап талаптарга ылайык балдарды жаштайынан өстүрүүнүн шарттарын түзүүгө өзгөчө көңүл бурулушу керек. Биздин жаш жарандарды багуунун сапатын камсыз кылууга, мектепке чейинки билим берүүнүн заманбап методдорун киргизүүгө

жана жеткиликтүү кылууга тийишпиз. Балдарды жаштайынан өстүрүүгө инвестиция салуу системасы түзүлөт.

Окуу чөйрөсүнөн эмгек чөйрөсүнө өтүүнү камсыз кылган көндүмдөрдү калыптандыруу максатында бардык деңгээлдеги билим берүү системасынын мүмкүндүгүн камсыз кылуу керек. ЕАЭБге интеграциялоонун шарттарын кошуу менен эмгек рыногунун сурамдарына ылайык кесиптик даярдыктын сапатын көтөрүү милдети турат. Калктын кирешелерин туруктуу өстүрүү үчүн адистерди, анын ичинде биздин эмгек мигранттарын сапаттуу даярдоону камсыз кылуу керек.

Медициналык жана социалдык инклюзиянын милдеттерин эске алуу менен үзгүлтүксүз билим берүүнүн системасы түзүлөт.

Билим берүү санариптик технологияларды кеңири жана ар тараптуу колдонууга негизделет жана турмуштук реалдуу проблемаларды жана чакырыктарды чечүүгө багытталат.

Адам ресурстарын өнүктүрүү жаатында мамлекеттик саясат улуттук квалификациялык системаны киргизүүгө жана өркүндөтүүгө негизделет. Баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүү системасында натыйжалуу механизмдер болот, алар билим берүүчү кызмат көрсөтүүлөрүн керектегендердин сурооталамдарына жана жумуш берүүчүлөрдүн квалификациялуу кадрларга болгон муктаждыктарына адекваттуу чара көрүүгө мүмкүндүк берет.

Билим берүү уюмдарын түзүү, окуучулар жана студенттер үчүн стажировкаларды жана практикаларды уюштуруу чөйрөсүндө билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде, ошондой эле окутуучулук (анын ичинде чеберлер) жана профессордук-окутуучулук курам үчүн социалдык өнөктөштүктү калыптандыруу зарыл.

Билим берүүнүн бардык деңгээлинде, анын ичинде ченемдик бюджеттик (жан башына) каржылоонун механизмин колдонуу менен натыйжага багытталган башкаруу жана каржылоо камсыз кылынат.

Мамлекет билим берүүнүн стандарттарын гана белгилебестен, жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын мамлекеттик үлгүдөгү дипломдорду берүү менен кепилдик кылат. ЖОЖдор эл аралык билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн рыногунда атаандашууга жөндөмдүү болот. Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат ЖОЖдордогу башкарууну борбордон ажыратууга, окутуунун түрлөрүн жана методдорун тандоодогу эркин ишке, инновациялык жана илимий мамилени пайдаланууга багытталат. ЖОЖдор инновациялардын жана жогорку технологиялардын башаты болуп калат. Билимдин жана технологиялардын трансферинин системасы түзүлөт. Жогорку билим берүү секторун каржылоону өзгөртүү, эл аралык жана региондук рейтингдерге катышууну эске алганда, ЖОЖдорду баалоонун рейтингдик системасын киргизүү милдети турат.

Илимий иштин артыкчылыгы өлкөнүн стратегиялык артыкчылыктарына жана инновацияларга болгон муктаждыктарга жараша аныкталат. Изилдөө иши каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун, алынган натыйжаларды колдонууну баалоо менен илимий-практикалык натыйжаларды алууга багытталат. Жогорку квалификациядагы илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо системасынын сапаты жакшыртылат, ага социалдык селекция, академиялык жана кесиптик даярдык кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын
4-июнундагы № 270 токтому менен бекитилген

**2012-2020-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ҮЧ ЖЫЛДЫК ПЛАНЫ КАТАРЫ 2018-2020-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫ**

***(Үзүндү)***

**Максаты: натыйжага багытталган билим берүүнүн базалык негиздерин түзүү жана туруктуу өнүктүрүү үчүн билим берүүгө акырындык менен өтүү.**

| № | Милдеттер/ишке ашыруу формасы катары чаралар | Индикатордун аталышы | Индикаторлор | | | | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Базалык 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | | |
| | **2. Мектептик билим берүү** | | | | | | | |
| | **1-милдет. Жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу** | | | | | | | |
| 10 | Окутууга карата компетенттүү мамилени эске алуу менен жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо | Предметтик стандарттарды бекитүү (10-11-класстар) | Стандарттардын долбоору | Апробациялоонун жыйынтыгы боюнча стандарттардын долбоорун толуктап иштеп чыгуу | Стандарттарды бекитүү | Ишке киргизүү | БИМ, ЭАУ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| 13 | lib.kg ачык билим берүү ресурстарынын репозитарийинин көлөмүн жогорулатуу | lib.kg платформасында электрондук форматта жайгаштырылган окуу китептеринин, маалыматтык, методикалык жана башка билим берүү материалдарынын саны | 453 окуу китеби, 621 диссертациялык материал, 794 сейрек китептер | Факт боюнча | Факт боюнча | Факт боюнча | БИМ, СКФ КФ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 15 | Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу системасын реформалоо | Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин жана жетектөөчү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу программаларынын жана модулдарынын электрондук депозитарийинин болушу | - | Квалификацияны жогорулатуу программаларынын жана модулдарынын депозитарийин иштеп чыгуу | Квалификацияны жогорулатууга өтүнмөлөрдү ишке ашыруу механизмин апробациялоо, иштетүү | Ишке киргизүү | БИМ, РПККЖ жКДИ, ЭАУ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| | | Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн нускама жана методикалык материалдардын болушу | - | Нускама жана методикалык материалдарды иштеп чыгуу | Ишке ашыруу механизмин апробациялоо, иштетүү | Окуучулардын билим алуу жетишкендиктеринин сапатын баалоонун натыйжаларына негизденген жалпы билим берүү уюмун кесиптик өнүктүрүүнүн жеке программалары ишке киргизилди | БИМ, РПККЖ жКДИ, ЭАУ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерине квалификациясын жогорулатуу кызматтарын көрсөтүү үчүн ваучердик механизмдин моделин иштеп чыгуу | ЧУА талдоо | ЧУАны талдоо жана квалификациясын жогорулатуу кызматтарын көрсөтүүнүн ваучердик механизмин пилоттук түрдө ишке киргизүү жөнүндө ЧУАны иштеп чыгуу | Ишке ашыруу механизмин иштетүү | Ишке ашыруу механизмин иштетүү | БИМ, ФМ, АӨБ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| 17 | Жалпы билим берүү уюмдарынын тармактарынын ченемдик каржылоо стандарттарына ылайык иштешин колдоо | Ченемдик каржылоого ылайык ар бир окуучуга кеткен чыгымдарды жабуу пайызы | 87,6% | 90,5% | 93% | 95% | БИМ, ФМ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде |
| | **2-милдет. Билим берүү чөйрөсүн санариптик трансформациялоо** | | | | | | | |
| 18 | Жалпы билим берүү уюмдарын компьютердик техника менен камсыздоо | Окутууда колдонуу үчүн компьютердик техника менен камсыз болгон жалпы билим берүү уюмдарынын үлүшү | 74,8 % | 85% | 90% | 100% | БИМ, ФМ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде |
| 19 | Жалпы билим берүү уюмдарын "SMART-мектептер" деңгээлине чейин кошумча жабдуулар менен жабдуу | "SMART-мектептердин" саны | - | - | 20 | 10 | БИМ, АӨБ (макулдашуу боюнча) | Донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 20 | Жалпы билим берүү уюмдарында электрондук окутууну өнүктүрүү жана шарттарды түзүү | Интеграцияланган предметтер боюнча пилоттук электрондук курстар иштелип чыкты | - | 1 | 2 | 3 | БИМ, жождор | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| | | Табигый-илимий билим берүү жаатында жаңы интеграцияланган курстарды колдоо үчүн электрондук лабораториялардын болуусу | | Электрондук лабораторияларды иштеп чыгуу/адаптациялоо | Электрондук лабораторияларды иштеп чыгуу/адаптациялоо | Электрондук лабораторияларды иштеп чыгуу/адаптациялоо | БИМ, ЭАУ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| 21 | Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жаатындагы квалификациясын жогорулатуу процессин камсыздоо | Квалификацияны жогорулатуу курстарынан өткөн "Информатика" предметин окутуучу мугалимдердин үлүшү | 3% | +6% | +6% | +20% | БИМ, РПККЖж КДИ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде |
| | | Мугалимдердин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн баалоо боюнча колдонмону адаптациялоо (ЮНЕСКО) | - | МТК-компетенциялары боюнча колдонмо адаптацияланды | Колдонмонун негизинде МТК курстарынын/модулдарынын программасы иштелип чыккан жана ишке киргизилген | Ишке киргизүү | БИМ, РПККЖж КДИ, ЮНЕСКО иштери боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, донордук каражаттардын эсебинен |
| | | Өзүнүн маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн квалификациясын жогорулатуу модулдук курстарынан өткөн предметтик мугалимдердин үлүшү | - | - | Республиканын мугалимдеринин санынын +3%ы | +5% | БИМ, ЭАУ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **3-милдет. Инклюзивдик билим берүү** | | | | | | | |
| 22 | Билим берүү объекттеринин имараттарын долбоорлоодо аларды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын, анын ичинде кресло-коляскanын жардамы менен же башка көмөкчү каражаттардын жардамы менен кыймылдоочу адамдардын колдонуусун эске алуу | ДМЧА керектөөлөрүн эске алуу менен жаңы билим берүү объекттеринин имараттары курулган жана жабдылган | 70 | Факт боюнча | Факт боюнча | Факт боюнча | Курулуш агенттиги, БИМ, ФМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен |
| 23 | Инклюзивдик билим берүү боюнча билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин, мугалимдеринин, тарбиячыларынын квалификацияларын жогорулатуу жана жогорку окуу жайлардын, орто кесиптик окуу жайлардын (педагогикалык багыттагы) студенттерин окутуу курстарын өткөрүү | Жыл сайын семинарларды өткөрүү | 1 | Факт боюнча | Факт боюнча | Факт боюнча | БИМ, СКФ КФ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, донордук каражаттардын эсебинен |
| | | Бардык адистиктеги мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу программаларында ДМЧА окутуу маселеринин болуусу | Модулдарды иштеп чыгуу | Апробациялоо | Ишке киргизүү | Ишке киргизүү | БИМ, РПККЖж КДИ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде |
| 24 | Инклюзивдик ыкма шартында ДМЧ балдар үчүн окутуу стандарттарын апробациялоо | ДМЧ балдар үчүн стандарттар иштелип чыккан жана апробацияланган | ДМЧ балдар үчүн билим берүү стандартынын долбоорун иштеп чыгуу | Апробациялоо | Апробациялоо | Апробациянын жыйынтыгы боюнча стандартты кайра кароо | БИМ, СКФ КФ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 25 | ДМЧ балдар үчүн мектептик билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу | Ченемдик бюджеттик каржылоодо ДМЧ коэффициентин пайдалануу | Факт боюнча | Инклюзивдик жалпы билим берүү уюмдарынын 80%ын пайдалануу | Инклюзивдик жалпы билим берүү уюмдарынын 90%ын пайдалануу | Инклюзивдик жалпы билим берүү уюмдарынын 100%ын пайдалануу | БИМ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде |
| | **4-милдет. Балдарга карата жакшы шартты түзгөн ачык билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү** | | | | | | | |
| 26 | Жалпы билим берүү уюмдарында коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыздоо боюнча механизмдерди апробациялоо | Пилоттук жалпы билим берүү уюмдарынын саны | 1 | +2 | +7 | 10 | БИМ, макулдашуу боюнча: "БИОМ" ЭК КБ, К.Аденауэр атындагы фонд, ЕБ | Донордук каражаттардын эсебинен |
| 27 | Жождордо Коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн моделдик борборлорун түзүү | Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин даярдоочу жождордогу моделдик борборлордун саны | - | - | 3 | 3 | БИМ, макулдашуу боюнча: "БИОМ" ЭК КБ, К.Аденауэр атындагы фонд, ЕБ | Донордук каражаттардын эсебинен |
| 28 | Коопсуз мектеп чөйрөсүн түзүү үчүн жалпы билим берүү уюмдарынын администрациясынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн/башкармалыктарынын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу | Квалификацияны жогорулатууга тартылган жалпы билим берүү уюмдарынын саны | - | - | 300 | - | БИМ, макулдашуу боюнча: "БИОМ" ЭК КБ, К.Аденауэр атындагы фонд, ЕБ | Донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 29 | Жалпы билим берүү уюмдары үчүн кадрларды даярдоо системасына коопсуз билим берүү чөйрөсүн башкаруу жана финансылык камсыздоо маселелерин киргизүү | Жалпы билим берүү уюмдарында коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү жана каржылоо маселелери боюнча жождордун студенттери үчүн курстардын саны | - | - | - | Студенттер үчүн 2 пилоттук курс иштелип чыкты | БИМ, макулдашуу боюнча: "БИОМ" ЭК КБ, К.Аденауэр атындагы фонд, ЕБ | Донордук каражаттардын эсебинен |
| | **Задача 5. Развитие гражданского, поликультурного и многоязычного образования** | | | | | | | |
| 30 | Мамлекеттик, расмий жана чет тилдеринде окутуунун деңгээлдерин салыштыруунун негизинде предметтик стандарттарды жаңылоо | Такталган стандарттардын болушу | - | Тилдик билим берүү жаатындагы бардык предметтик стандарттар боюнча билим берүү жетишкендиктери деңгээлдик мамилеге негизделген | Планга ылайык ишке киргизүү | Планга ылайык ишке киргизүү | БИМ, КБА, РПККЖжКДИ, "Кыргызтест" ММ, макулдашуу боюнча: СИБ КБ, ЮНИСЕФ, ЕККУ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| | | Тилдик стандарттардын негизинде мамлекеттик, расмий жана англис тилдери боюнча Типтүү окутуу программаларынын болушу | - | Программаларды иштеп чыгуу | Программаларды ишке киргизүү | Программаларды ишке киргизүү | БИМ, КБА, макулдашуу боюнча: СИБ КБ, ЮНИСЕФ, ЕККУ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| 31 | Көп тилдүү билим берүү шарттарында иштөө үчүн жогорку окуу жайлардын жана орто кесиптик окуу жайлардын педагогикалык адистиктердин бүтүрүүчүлөрүнө жана педагогдорго карата квалификациялык талаптарды иштеп чыгуу | Квалификациялык талаптардын болуусу | - | Квалификациялык талаптарды иштеп чыгуу | Бекитүү жана ишке киргизүү | Ишке киргизүү | БИМ, РПККЖжКДИ, макулдашуу боюнча: СИБ КБ, ЕККУ, ЮНИСЕФ, ЕБ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 32 | Педагогикалык адистиктердин бүтүрүүчүлөрү үчүн мамлекеттик, расмий жана чет тилдерди билүү деңгээлине карата талаптарды киргизүү | Педагогикалык багытта билим алган студенттердин тилдик компетенттүүлүгүн баалоо жана окутууга карата деңгээлдик мамилени киргизүүчү жождордун саны | - | 3 жож | 4 жож | 6 жож | БИМ, "Кыргызтест" ММ, жождор, макулдашуу боюнча: ЮНИСЕФ, ЕККУ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, жождордун каражаттарынын, донордук каражаттардын эсебинен |
| 33 | Көп тилдүү билим берүү уюмдарында иштөө үчүн педагогикалык адистиктер боюнча билим алган студенттерди даярдоо жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу | Көп тилдүү билим берүү уюмдарында иштөө үчүн даярдыкка ээ болгон педагогикалык адистиктер боюнча билим алган студенттердин саны | 200 | 200 | 200 | 200 | БИМ, РПККЖжКДИ, жождор | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, жождордун каражаттарынын эсебинен |
| | | Көп тилдүү билим берүү методикасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарында окутулган билим берүү уюмдарынын педагогдорунун саны (адам) | 500 | 500 | 500 | 500 | БИМ, РПККЖжКДИ, ЭАУ (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде, донордук каражаттардын эсебинен жана өздүк каражаттардын эсебинен |
| 34 | Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын демократиялык жарандуулугун калыптандырууга көмөк көрсөтүү | Жарандык билим берүү боюнча жаңыланган стандарттын болушу | - | Жарандык билим берүү боюнча стандартты иштеп чыгуу | Ишке киргизүү | Ишке киргизүү | БИМ, макулдашуу боюнча: ЮНИСЕФ, DFID (Улуу Британия) | Донордук каражаттардын эсебинен |
| | | 5-6-класстар үчүн жаран таануу боюнча окуу китептеринин болушу | - | Окуу китептерин иштеп чыгуу | Окуу китептерин апробациялоо | Окуу китептерин пайдаланууга киргизүү | БИМ, макулдашуу боюнча: ЮНИСЕФ, DFID (Улуу Британия) | Донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **6-милдет. Документтерди жана окуу-методикалык комплекстерди (ОМК) дискриминациялоого каршы жана гендердик экспертизалоо механизмин киргизүү** | | | | | | | |
| 35 | Билим берүү стандарттарынын, программаларынын жана ОМК долбоорлоруна дискриминациялоого каршы (көп маданияттуу өнүктүрүү аспектерин кошкондо) жана гендердик экспертиза жүргүзүүнү киргизүү | Дискриминациялоого каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүү регламентинин болушу | - | Регламентти иштеп чыгуу жана бекитүү | Иштелип чыгуучу окуу китептерин экспертизалоо процессине киргизүү | Ишке киргизүү | БИМ, макулдашуу боюнча: UN-women, ЕБ | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| | | Стандарттардын, программалардын, ОМК авторлорунун жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн билим берүү системасында дискриминациялоого каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүү маселелери боюнча модулдардын болушу | - | Модул иштелип чыкты | Модул боюнча пилоттоо жүргүзүү жана бекитүү | Ишке киргизүү | БИМ, UN-women (макулдашуу боюнча) | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |
| | **7-милдет Мектептеги тамактануу процессинин сапатын, натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу** | | | | | | | |
| 36 | Пилоттук жалпы билим берүү уюмдарында мектептеги тамактануунун сапатын, баланстуулугун жана коопсуздугун уюштурууну жакшыртуу | Тамак-аш блокторунда керектүү оңдоо-калыбына келтирүү иштери (анын ичинде суу-санитардык абалын кошкондо) жүргүзүлгөн жана жабдуулар менен жабдылган жалпы билим берүү уюмдарынын саны | 836 | +150 | +150 | +150 | БИМ, ССМ, макулдашуу боюнча: ЖӨБО, БУУнун ДАП, Мерсико | Донордук каражаттардын эсебинен |
| | | Өлкөдөгү жалпы билим берүү уюмдарынын жалпы санынан ысык тамак берүүчү жалпы билим берүү уюмдарынын үлүшү | 51,2% | 57,9% | 64,6% | 71,3% | БИМ, ССМ, макулдашуу боюнча: ЖӨБО, БУУнун ДАП Мерсико | БИМдин бекитилген бюджетинин, жергиликтүү бюджеттердин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 37 | Окуучуларда туура тамактануу принцибине негизденген компетенттүүлүктү калыптандыруу | Окуучуларды туура тамактануу принциптерине окутууну уюштуруу | Окуучуларды окутуу үчүн интерактивдүү сабактар жана оюндар иштелип чыккан | Сабактарды апробациялоо | Сабактарды киргизүү | Сабактарды киргизүү | БИМ, ССМ, макулдашуу боюнча: БУУнун ДАП, Мерсико | БИМдин бекитилген бюджетинин чегинде жана донордук каражаттардын эсебинен |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2015-жылдын 31-июлундагы
№ 551 токтому менен
бекитилген

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН «2015-2024-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КООПСУЗ МЕКТЕПТЕР ЖАНА МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫ» ПРОГРАММАСЫ

*(Үзүндү)*

### 2. Программанын максаты

Программанын негизги максаты - түзүмдүк (физикалык) коопсуздуктун, табигый жана техногендик кырсыктардын тобокелдиктеринен коргоонун, инженердик системалардын жана инфраструктуранын коопсуздугунун, ошондой эле функциялык коопсуздуктун деңгээлин камтыган мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын имараттарынын коопсуздугун алдын ала комплекстүү баалоонун жыйынтыктарынын негизинде Кыргыз Республикасындагы мектептердин жана МЧБУнун имараттарын калыбына келтирүү жана коопсуздугун жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзүү.

Эгерде коопсуздуктун алгачкы үч деңгээли кыйла мүнөздүү жана маанилүү болуп эсептелет, ал эми функциялык коопсуздуктун мааниси төмөнүрөөк, бирок бул жерде мекеме табигый кырсыктардын кесепетине таасир этүүгө жана аны жумшартууга канчалык деңгээлде даяр экендиги, табигый кырсыктар келтирүүчү коркунучтарды жоюу жана алардын таасирин азайтуу потенциалына ээ болгондугу бааланат.

Кыргыз Республикасынын 2222 жалпы билим берүү мектебинин жана 806 мектепке чейинки мекемесинин коопсуздугун баалоонун процессинде масштабдуу жыйынтыктар алынган, кырдаалды жакшыртуу боюнча конкреттүү иш-чаралар иштелип чыккан, ошондой эле аталган иш-чараларды каржылоонун болжолдуу көлөмдөрү аныкталган,

Билим берүү объекттерин куруп, аларды эксплуатациялоого киргизүү мезгилинен баштап азыркы учурга чейин билим берүүнүн көпчүлүк объекттеринде (95%) капиталдык ремонт, күчөтүү жана реконструкциялоо жүргүзүлгөн эмес, ушундан улам Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин текшерүүсү көрсөткөндөй 2011-2014-жылдар мезгилинде билим берүү уюмдарынын 80%дан ашуун имараттары начар абалда тургандыгы аныкталган.

Азыркы учурда республикада 2207 мектеп, 1062 бала бакча, 55 жогорку окуу жайы жана 131 орто окуу жайы иштейт. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бөлүп берген каражаттар эски курулуштагы имараттарды бузуу жана жаңыларын куруу үчүн жетишсиз.

2015-жылдын 1-январына карата республикада эски жабдуулар менен камсыз кылынган күчөтүүнү, реконструкциялоону жана капиталдык оңдоону талап кылган билим берүүнүн 80% объектилери катталган.

Жыл сайын республикалык бюджеттин эсебинен жаңы курулуш түрүндө билим берүүнүн 2%ы жаңыртылып турат. Программанын алкагында ‹›Капиталдык салымдар» беренеси боюнча республикалык бюджеттен бөлүнүүчү каражаттардын эсебинен жаңы курулуш, реконструкциялоо, күчөтүү жана капиталдык оңдоо түрүндө билим берүүнүн 10% объектисин жаңыртуу каралган.

### 3. Программанын максаттары

Программанын максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- мектептерди жана МЧБУ деталдуу текшерүү (кезеги боюнча ранжирлөө методологиясына ылайык жана тобокелдик факторлорун эске алуу менен республика боюнча билим берүү уюмдарынын объекттеринин ранжирленген тизмесин эске алуу менен);
- мектептердин жана МЧБУнун объекттерин кайра пландоого, реконструкциялоого жана жаңысын курууга долбоордук сметалык документтерди иштеп чыгуу (кезеги боюнча);
- мектептердин жана МЧБУнун объекттерин кайра пландоо, реконструкциялоо жана жанысын куруу боюнча курулуш-монтаждык иштерин аткаруу (кезеги боюнча);
- курулуш-монтаждык иштерди каржылоонун булактарын аныктоо.

### 4. Программанын иш-чаралары жана аны ишке ашыруу этаптары

Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар иштердин төмөнкүдөй комплексинен турат:

- мектептердин жана МЧБУнун объекттерин деталдуу инженердик текшерүү боюнча негизги жана жардамчы аткаруучуларын аныктоо;
- мектептердин жана МЧБУнун объекттери боюнча долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу боюнча негизги жана субподряддык аткаруучуларды аныктоо;
- мектептердин жана МЧБУнун объекттерин деталдуу инженердик текшерүү боюнча иштер үчүн уюмдарды тандоо боюнча тендерлерди өткөрүү;
- мектептердин жана МЧБУнун объекттери боюнча долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу боюнча долбоордук-изилдөө уюмдарын тандоо боюнча тендерлерди өткөрүү;
- курулуш-монтаждык иштерди аткаруу үчүн подряддык уюмдарды тандоо боюнча тендерлерди өткөрүү;
- деталдуу инженердик текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча мектептердин жана МЧБУнун объекттеринин шайкештиги жөнүндө техникалык корутунду иштеп чыгуу;
- мектептердин жана МЧБУнун объекттери боюнча долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу (мектептердин жана МЧБУнун профили өзгөртүлгөн, реконструкцияланган жана жаңы курулган объекттери);
- мектептердин жана МЧБУнун объекттеринин профилин өзгөртүү, реконструкциялоо жана жаңыларын куруу боюнча курулуш-монтаждык иштерди жүргүзүү;
- мектептердин жана МЧБУнун объекттеринин профилин өзгөртүү, реконструкциялоо жана жаңыларын куруу боюнча курулушу аяктаган имараттарын эксплуатациялоого киргизүү;
- мектептердин жана МЧБУнун профили өзгөртүлгөн, реконструкцияланган жана жаңы курулган объекттеринин абалына мониторинг жүргүзүү.

Программаны ишке ашыруу он этап менен жүргүзүлөт:

1-этап:

2015-жылы - мектептердин жана МЧБУнун 213 имаратын текшерүү:

- мектептердин жана МЧБУнун 213 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (213 мектеп жана МЧБУ имараты).

2-этап:
2016-жылы – мектептердин жана МЧБУнун 302 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 302 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (302 мектеп жана МЧБУ имараты).

3-этап:
2017-жылы – мектептердин жана МЧБУнун 301 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 301 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (301 мектеп жана МЧБУ имараты).

4-этап:
2018-жылы – мектептердин жана МЧБУнун 298 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 298 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (298 мектеп жана МЧБУ имараты).

5-этап:
2019-жылы – мектептердин жана МЧБУнун 297 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 297 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (297 мектеп жана МЧБУ имараты).

6-этап:
2020-жылы - мектептердин жана МЧБУнун 297 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 297 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (297 мектеп жана МЧБУ имараты).

7-этап:
2021-жылы - мектептердин жана МЧБУнун 295 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 295 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (295 мектеп жана МЧБУ имараты).

8-этап:
2022-жылы - мектептердин жана МЧБУнун 292 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 292 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (292 мектеп жана МЧБУ имараты).

9-й этап:
2023-жылы - мектептердин жана МЧБУнун 292 имаратын текшерүү:
- мектептердин жана МЧБУнун 292 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (292 мектеп жана МЧБУ имараты).

10-этап:
2024-жылы - мектептердин жана МЧБУнун 291 имаратын текшерүү:

- мектептердин жана МЧБУнун 291 имараты үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;
- объекттер боюнча курулуш-монтаждык иштерди аткаруу (291 мектеп жана МЧБУ имараты).

Программаны ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн мектептердин жана МЧБУнун оңдоого, профилин өзгөртүүгө, реконструкциялоого, бузууга же жаңысын курууга тийиш болгон билим берүүнүн биринчи кезектеги объекттеринин тизмесин аныктоо зарыл.

Объекттердин приоритеттүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аныктайт.

Этаптарга бөлүштүрүү Программаны ишке ашырууга талап кылынган ири көлөмдөгү финансы каражаттары менен шартталган (Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жылдык бюджетинин орточо өлчөмү болжол менен 100 млрд. сом суммасына барабар, ал эми Программаны ишке ашырууга 47,618 млрд. сом талап кылынат).

Программанын ар бир этабы жетишилген дурус тенденцияны бекемдеп алууга багытталган. Ар бир этапта иштердин негизги багыты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- мектептердин жана МЧБУнун имараттарын деталдуу инженерлик текшерүүгө багытталган иш-чараларды ишке ашыруу;
- мектептердин жана МЧБУнун имараттары үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу;
- мектептердин жана МЧБУнун имараттарынын профилин өзгөртүү, реконструкциялоо жана жаңыларын куруу боюнча курулуш-монтаждык жана инженердик-техникалык иштерди жүргүзүү, ошондой эле аймакты табигый жана техногендик кырсыктардан коргоо; Программада каралган иш-чараларды этабы менен толук көлөмдө аткаруу.

Программаны ишке ашыруунун натыйжасында 2024-жылга карата (2010-жылга салыштырмалуу) деструктивдүү окуялардан келтирилиши мүмкүн болгон экономикалык зыян эки эсеге азаят.

Программанын алкагындагы иш-чаралар өз убагында ишке ашырылган учурда андан ары төмөнкүлөр аткарылат:

- мектептердин жана МЧБУнун педагогикалык жамаатын жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдардан коргоо, өрт коопсуздугун камсыздоо жана коомдук тартипти сактоо, өзгөчө кырдаалдар жөнүндө маалыматты өз убагында жана ыкчам тартипте берүү маселелери боюнча даярдоо, анын ичинде:
- өзгөчө кырдаалдарда аракет көрүүгө даярдык боюнча иш-чараларды өткөрүү;
- жекече коргонуу каражаттарын сатып алуу жана кармоо;
- кабарлоо системаларын түзүү, модернизациялоо жана кармоо;
- жаштар арасында уюштуруу-тарбиялоо иштерин жүргүзүү.

Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу, анын ичинде өзгөчө гуманитардык таасир көрүү боюнча шашылыш жана пландан тышкаркы иш-чараларды ишке ашыруу төмөнкүлөрдү караштырат:

- өзгөчө кырдаалдардын жана табигый кырсыктардын кесепеттерин алдын алуу жана жоюу, аларды жоюу боюнча чараларды камсыз кылуу менен байланышкан чыгымдарга, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында зыян келтирилген мектептерге жана МЧБУларга компенсациялык төлөөлөрдү төлөп берүүгө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн резервдик фондунан бюджеттик каражаттарды бөлүүнү;
- табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында жабыр тарткан мектептерге жана МЧБУларга гуманитардык, финансылык жана техникалык жардам көрсөтүүнү.

5. Программаны ишке ашыруу механизми

Программаны аткаруу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы аркылуу жүзөгө ашырылат.

Иш-чаралардын планы мектеп мекемелерин жана МЧБУларды реабилитациялоо боюнча иш-чаралардын комплексин камтыйт, анда конкреттүү аткаруучулар жана ишке ашыруу мөөнөттөрү, ошондой эле каржылоонун болжолдонгон өлчөмү жана булактары (жылдар боюнча) белгиленет.

Иш-чаралардын комплекстүүлүгү Кыргыз Республикасында мектеп мекемелерин жана МЧБУларды реабилитациялоонун бардык багыттары боюнча макулдашылган иш-аракеттерди камсыз кылуу боюнча борбордук жана жергиликтүү аткаруу органдарынын, иш-аракеттерин максималдуу координациялоого жана мүмкүнчүлүктөрүн концентрациялоого мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан иш-чаралар планынын аткарылышынын жүрүшүнө жана пландалган көрсөткүчтөргө (индикаторлорго) жетишүүгө контроль жүргүзүү аркылуу Программанын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна туруктуу мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт.

Программанын 7 жана 8-таблицаларында Кыргыз Республикасынын облустук жана райондук административдик-аймактык бөлүнүштөрү жана бирдиктери боюнча Программаны ишке ашырууга карата иш-аракеттер планы келтирилген.

# Бөлүм II.
# Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар билим берүү жана балдар жөнүндө мыйзамдарда

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

*Бишкек шаары, 2012-жылдын 10-июлу № 100*

*(КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64, 2018-жылдын 30-мартындагы № 33 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

***(Үзүндү)***

### 2-глава
### Балдардын укуктары жана таламдары, аларды камсыз кылуунун кепилдиктери

**7-берене. Баланын үй-бүлөдө жашоо жана тарбиялануу укуктарынын негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала үй-бүлөдө жашоого жана тарбиялanууга укуктуу. Үй-бүлөдө тарбиялоо артыкчылыктуу жана баланын таламдарына ылайыктуу деп таанылат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана токтотулушу мүмкүн.

2. Бала ата-энелери же аларды алмаштыруучу адамдар тарабынан камкордукка алынууга, туугандары менен мамиле кылууга, анын таламдарынын корголушуна, ар тараптуу өнүгүүгө, анын адамдык аброюнун урматталышына укуктуу.

3. Эгерде бул баланын таламдарына, анын нормалдуу өнүгүшүнө карама-каршы келбесе, ата-энелеринен же алардын биринен бөлөк жашаган бала алар менен жана башка туугандары менен тоскоолдуксуз мамиле кылууга, алар жөнүндө маалыматтарды алууга укуктуу.

**8-берене. Баланын эс алууга укугу**

Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз ыйгарым укуктарынын чектеринде балдардын эс алууга жана ден соолуктарын чыңдоого укуктарын, иши балдардын эс алуусуна жана ден соолуктарын чыңдоого багытталган мекемелерди сактоону жана өнүктүрүүнү камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат.

**9-берене. Баланын ден соолугун коргоо укуктарынын негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте камсыз кылынуучу ден соолукту коргоонун жана бекемдөөнүн жана медициналык-санитардык жардам алуунун ажырагыс укуктарына ээ.

2. Саламаттык сактоо тутуму балдарга мыйзамдарда белгиленген тартипте оорулардын алдын алууну, медициналык диагностиканы, дарылоо-ден соолукту чыңдоону, анын ичинде диспансердик байкоо жүргүзүүнү, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды жана өнөкөт оорулардан запкы чеккен балдарды медициналык реабилитациялоону, ошондой эле балдарды медициналык-реабилитациялык дарылоону караган жетимдүү жана адистешкен медициналык жардамды кепилдейт.

3. Балдарды акысыз медициналык тейлөө, ошондой эле жеңилдетилген шарттарда медициналык тейлөө мамлекеттик кепилдиктердин алкактарында жана көлөмдөрүндө жүзөгө ашырылат.

4. Балдар мекемелеринде жана уюмдарында балдардын жашоосунун, кармоонун, багуунун, окутуунун жана тарбиялоонун шарттары белгиленген санитардык-эпи-

демиологиялык талаптарга ылайык келүүсү тийиш, аларды бузганы үчүн балдар мекемелеринин жана уюмдарынын жетекчилери, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамдарда каралган тартипте жоопкерчилик тартышат.

5. Ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар балдардын ден соолугуна тиешелүү кам көрүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

6. Эгерде бул баланын ден соолугуна зыян келтирсе, атайылап медициналык жардамга кайрылбаган ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

**10-берене. Баланын билим алуу укуктарынын негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган тартипте камсыз кылынуучу билим алууга укуктуу жана ага мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында акысыз башталгыч, негизги, орто жана акысыз башталгыч кесиптик билим алуу кепилденет.

2. Баланын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чектеринде милдеттүү башталгыч жана негизги билим алууга укугу мыйзамдарда аныкталат. Баланы негизги билим алганга чейин мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмунан чыгарып жиберүүгө жол берилбейт. Балага анын жашаган жана иш жүзүндө турган жери боюнча мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмунан негизги билим алуусу кепилденет.

Баланын жашаган жери өзгөргөн учурда жаңы жашаган жана иш жүзүндө жүргөн жери боюнча башка мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмуна которууга жол берилет.

3. Бала билим берүү уюмуна кирген учурда мыйзамда каралбаган кандайдыр-бир чектөөлөргө жол берилбейт. Мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдардын биринчи классына кирип жаткан балдар үчүн кирүү сынагын өткөрүүгө тыюу салынат.

4. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына кабыл алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан, ал эми жеке менчик формасындагы жалчы билим берүүчү уюмдарда - ушул уюмдар тарабынан билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын так сактоо менен аныкталат.

5. Мамлекет балдардын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн жетимдүүлүк укуктарын камсыз кылат.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жалпы негизде билим берүү уюмдарынын билим алууга жөндөмсүз, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн, ошондой эле жетим балдар жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн, алардын акысыз билим алуусун, кесиптик даярдыгын, коомго социалдык ыңгайлуушусун жана көнүгүшүн камсыз кылуучу атайын топторду, класстарды же мамлекеттик же муниципалдык реабилитациялоо, ыңгайлаштыруу борборлорун ачууну кошуп алганда, өзгөчө шарттар түзүлөт.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатында ыйгарым укук берген орган жыл сайын мамлекеттик жогорку окуу жайларында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды акысыз негизде окутуу үчүн квота берет.

Эгерде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген абитуриенттердин саны квотага ылайык берилген орундардын санынан аз болуп калса, калган орундар жалпы шарттарда башка абитуриенттердин арасында бөлүштүрүлөт.

**11-берене. Баланын өз пикирин эркин билдирүү укугунун негизги кепилдиктери**

1. Бала анын таламдарына тиешелүү болгон бардык маселелер боюнча өз пикирин эркин билдирүүгө укуктуу.

2. Балага кандай болбосун соттук, административдик же башка териштирүүнүн жүрүшүндө түздөн-түз же болбосо мыйзамдуу өкүлү аркылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте угулууга мүмкүнчүлүк берилет.

3. Баланын өз пикирин билдирүү укугун ишке ашыруусу, башка жактардын укуктарын жана аброюн сыйлоо, ошондой эле мамлекеттин коопсуздугун, коомдук тартипти, Кыргыз Республикасынын калкынын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо максаттарында, мыйзамдарда каралган учурларда гана чектөөлөргө кириптер кылынышы мүмкүн.

**12-берене. Баланын жеке өзүнчөлүктөрүн сактоо укугунун негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала ысымга жана жарандуулукка укуктуу жана төрөлгөндөн кийин дароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте катталууга тийиш.

2. Баланын жарандуулукту алышынын жана өзгөртүшүнүн негиздери жана тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

3. Баланын атын, фамилиясын жана атасынын атын аныктоонун жана өзгөртүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жөнгө салынат.

**13-берене. Баланын турак-жайга укуктарынын негизги кепилдиктери**

1. Баланын турак-жайга укуктарынын кепилдиктери турак жай мыйзамында каралган тартипте камсыз кылынат.

2. Турак-жайдын менчик ээсинин үй-бүлө мүчөсү болуп саналган балдар, бирдей даражада турак-жай аянтын пайдалануу укугуна ээ болот.

3. Үй-бүлө ээлеген турак-жай аянтын менчиктештирүүдө, бала жаш курагына карабастан, бул аянтка бардык укуктардан бирдей даражада пайдаланат.

4. Балдар бардык учурларда алардын ата-энелерине тиешелүү турак-жай аянтына укугун сакташат.

5. Жашоо үчүн турак-жайы жок жетим балдар 16 жашка чыкканда, мыйзамда белгиленген тартипте, пайдалануу укугунда турак жай аянтын кезексиз алуу укугунан пайдаланышат.

6. Ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар, анын ичинде жетим-балдар башка турак-жай берүүсүз алар ээлеп турган турак-жайдан чыгарылышы мүмкүн эмес.

7. Жетим-балдар алар 21 жашка толгонго чейин, окуу жайдын күндүзгү бөлүмүнөн билим алып жаткан учурларда - окуусун аяктаганга чейин убактылуу социалдык турак-жай (жатакана) менен камсыз болуусу тийиш.

8. Мамлекеттик жана муниципалдык фонддордон убактылуу пайдалануу үчүн социалдык турак-жай берүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**14-берене. Баланын кесипке багытталуу, даярдануу жана жумуштуулук укугунун негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала эмгек эркиндигине, эмгекке орношууга, жаш курагына, ден соолугунун абалына, жалпы билиминин жана кесиптик даярдыгынын деңгээлине жараша иштин түрүн жана кесибин эркин тандап алуу укугуна ээ.

2. Балдар 14 жаш курагынан тартып ата-энелеринин биринин жана аларды алмаштыруучу адамдардын же балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу аймактык органдын бөлүмүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу менен эмгек келишимин түзүүгө жана окуудан бош убакта аны окутуу процессин бузбаган, ден соолугунун абалы жана өнүгүүсү боюнча аларга жетимдүү, алардын саламаттыгына, дене-тарбиялык, адептик жана психикалык абалына зыян келтирбеген коомдук пайдалуу эмгекке катышууга укуктуу, ошондой эле кесиптик даярдыкка укуктуу. Бул укук баштапкы эмгектик (кесиптик) даярдоо мекемелеринин тутуму аркылуу мыйзамда белгиленген тартипте камсыз кылынат.

3. Эмгек келишимдерин түзүүнүн жана бузуунун тартиби жана 18 жаш куракка толо элек кызматчылардын эмгегин жөнгө салуунун башка өзгөчөлүктөрү эмгек мыйзамдарында белгиленет.

4. Менчиктин бардык формасындагы ишканалар, мекемелер жана уюмдар калкты иш менен камсыз кылуу кызматтарынын жолдомолору боюнча квоталанган жумуш орундарына социалдык коргоого өзгөчө муктаж болгон балдарды (балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүн, жетимдерди жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды жана башкаларды) кабыл алууга милдеттүү. Ушул беренеде көрсөтүлгөн адамдарды белгиленген квотанын эсебинен ишке кабыл алуудан баш тартууга тыюу салынат жана алар тарабынан тиешелүү мамлекеттик органдарга же сотко даттанылышы мүмкүн.

**15-берене. Балдардын эмгегин пайдалануу**

1. Баланын ден соолугуна коркунуч туудурган же анын билим алуусуна тоскоол болуучу же болбосо анын ден соолугуна, дене-тарбиялык, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирген кандай болбосун жумуштарга баланы кабыл алууга же аткаруу үчүн тартууга тыюу салынат.

2. Балдардын эмгегин анын эң начар көрүнүштөрүнүн формаларында эксплуатациялоого, ошондой эле менчигинин формасына карабастан, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, анын ичинде кооперативдерде, дыйканчылык жана фермердик чарбаларда кандай болбосун формадагы балдардын мажбурлаган эмгегине тыюу салынат.

3. Эмгек шарты зыяндуу же опурталдуу иштерде, жер астындагы иштерде, түнкү убактарда, ошондой эле аткаруу балдардын ден соолугуна жана адептик өсүшүнө зыян келтирүүсү мүмкүн болгон иштерде (оюн-зоок бизнесинде, көңүл ачуучу мекемелердеги түнкү жумуштарда, спирт ичимдиктерин, тамеки буюмдарын, баңгизаттарды жана уулуу дары-дармектерди ж.у.с. өндүрүүдө, ташып жеткирүүдө жана сатууда) балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

4. Балдардын алар үчүн белгиленген нормадан ашык оор нерселерди көтөрүүлөрүнө, ташууларына жана жылдырууларына тыюу салынат.

Балдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган жумуштардын тизмеги, ошондой эле оор нерселерди көтөрүүнүн нормаларынын чеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.

**16-берене. Баланын абийирин, кадыр-баркын, инсандык кол тийбестигин коргоого укугунун негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала абийирин жана кадыр-баркын, инсандык кол тийбестигин коргоого укуктуу. Мамлекет баланын жеке кол тийбестигин камсыз кылат, аны дене-бойлук жана (же) психикалык, сексуалдык зомбулуктан, ырайымсыз, орой же адамдык беделди кемсинткен мамиледен, кылмыштуу ишке тартуудан жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кемсинткен коомго каршы аракеттерди жана башка аракеттерди жасоодон коргоону жүзөгө ашырат.

Мындай аракеттерге күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

2. Өзүнүн ишинин түрү боюнча баланы окутуу жана тарбиялоо менен алектенүүгө милдеттүү адамдардын анын ар-намысына жана аброюна кол салуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2003-жылдын 30-апрели № 92*

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

*(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы № 225, 2007-жылдын 31-июлундагы № 111, 2007-жылдын 31-июлундагы № 115, 2009-жылдын 20-январындагы № 10, 2009-жылдын 17-июнундагы № 185, 2010-жылдын 15-январындагы № 2, 2011-жылдын 13-июнундагы № 42, 2011-жылдын 8-августундагы № 150, 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255, 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206, 2013-жылдын 4-июлундагы № 110, 2013-жылдын 30-июлундагы № 176, 2013-жылдын 5-ноябрындагы № 199, 2013-жылдын 16-декабрындагы № 221, 2014-жылдын 30-майындагы № 82, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144, 2015-жылдын 16-январындагы № 15, 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 82, 2015-жылдын 17-апрелиндеги № 84, 2015-жылдын 3-августундагы № 213, 2016-жылдын 29-июнундагы № 92, 2017-жылдын 22-февралындагы № 32, 2017-жылдын 23-майындагы № 84, 2017-жылдын 8-июнундагы № 100, 2018-жылдын 16-февралындагы № 22, 2018-жылдын 30-июлундагы № 76, 2018-жылдын 2-августундагы № 78 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын, билим берүү процессин жүзөгө ашыруунун, билим берүү уюмдарынын ишинин, Кыргыз Республикасында билим алуунун принциптерин белгилейт, ошондой эле аны жүзөгө ашыруунун укуктук базасы болуп кызмат кылат.

### I Глава
### Жалпы жоболор

#### 1-берене. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда негизги түшүнүктөр төмөндөгүдөй мааниде колдонулат:

**адъюнктура** - аскердик окуу жайларда жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун формасы;

**академиялык эркиндик** - мамлекеттик билим берүү стандарттары койгон талаптардын чегинде окутуу программаларын иштеп чыгуу, окуу сабактарын өз алдынча баяндоо, илимий изилдөөлөр үчүн теманы жана аларды ишке ашыруунун усулдарын тандап алуу, ошондой эле окуп жаткандардын өздөрүнүн жөндөмдөрүнө ылайык билим алуу укугу;

**аккредитациялык агенттик** - ишинин негизги максаты билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын аккредитациялоону жүзөгө ашыруу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте катталган мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюм;

**аккредитация** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин бүтүндөй же анын айрым бир билим берүү программаларын баалоонун жол-жобосу;

**институционалдык аккредитация** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге анын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин баалоонун жол-жобосу;

**программалык аккредитация** - тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге алардын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоонун жол-жобосу;

**бакалавр** - магистратурага өтүүгө жана кесиптик ишин жүргүзүүгө укук берген базалык жогорку кесиптик билимдин академиялык даражасы;

**жогорку кесиптик билим берүү** - билим берүү программаларынын жана стандарттарынын тиешелүү деңгээлинде адистерди окутуу, даярдоо, кайра даярдоо;

**бюджеттен тышкаркы билим берүү иши** - акы төлөө негизинде мамлекеттик билим берүү уюмдары көрсөткөн билим берүү кызматы;

**билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясат** - мамлекеттик билим берүү жаатында толук аныкталган стратегиялык максаттарды жана жалпы мамлекеттик же глобалдуу маанидеги милдеттерди чечүү үчүн билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу максатында ал жүзөгө ашыруучу багыттоочу жана жөнгө салуучу иши. Ал мыйзамдар, жалпы мамлекеттик программалар, өкмөттүк токтомдор, ошондой эле коомдук уюмдарды жана кыймылдарды, кеңири коомчулукту алардын карамагында болгон каражаттар (массалык маалымат каражаттары, коомдук академиялар, кесиптик ассоциациялар, союздар ж.б) аркылуу колдоо көрсөтүү үчүн аларды тартуу жолу менен ишке ашырылат;

**дистанциялык билим берүү технологиялары** - негизинен маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялар каражаттарын колдонуп, окуп жаткандар менен педагогикалык кызматкердин кыйыр же толук эмес кыйыр түрдө өз ара иш жүргүзүүсү аркылуу ишке ашырылуучу билим берүү технологиялары;

**эрезеге жеткендерге кошумча билим берүү** - билим берүү стандарттары тынымсыз өркүндөп жатканына байланыштуу жумушчулардын, кызматчылардын, адистердин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу максатында инсандын суроо-талаптарын толугураак канааттандыруу;

**балдарга кошумча билим берүү** - жалпы билим берүү жана башка билим берүү уюмдарында окуудан бош мезгилинде базалык билим берүүдөн тышкары кошумча программаларды өздөштүрүү аркылуу балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кесипти эркин тандоосуна жана алардын кызыкчылыктарын, руханий талаптарын жана муктаждыктарын толугураак канааттандырууга негизделген мектепке чейинки, мектептик жана кесиптик билим берүү тутумунун өзгөчө бөлүгү;

**мектеп жашына чейинки билим берүү** - баланы турмушка жана мектепке алгачкы даярдоо, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү негизги максаты болуп саналган таалим-тарбия берүү тутуму;

**кабыл алуу квотасы** - I жана II топтордогу майыптардын ичинен жарандарды, жеңилдиктер жана кепилдиктер боюнча согуштун катышуучуларына жана согуштун майыптарына жеңилдиктер жана кепилдиктер боюнча теңештирилген адамдарды, бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды, айылдык жаштарды жана Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналбаган кыргыз улутундагы адамдарды, ошондой эле жетим балдарды жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдарды кесиптик баштапкы, орто жана жогорку билим берүүчү билим берүү уюмдарына кабыл алуу үчүн бөлүнүп берилүүчү мамлекеттик билим берүү тапшырыгынын, анын ичинде билим берүү гранттарынын чегине жеткен көлөмү;

**колледж** - базалык жана жогорку деңгээлдеги орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайы;

**мамлекеттик жогорку окуу жайдын жамааты** - педагогикалык жана илимий кызматкерлер (профессордук-окутуучулук курам) жана административдик-башкаруучу кызматкерлер;

**компетенция** - окуучуну (окуп жатканды) билим берүүгө карата даярдоодо, белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу жемиштүү иши үчүн зарыл болгон алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);

**компетенттүүлүк** - адамдын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык жана кесиптик) илимдин ар кандай элементтерин жана жөндөмдөрүн өз алдынча колдонуудагы интеграцияланган жөндөмдүүлүгү;

**лицензиялоо** - билим берүү уюмдарына билим берүү ишин жүргүзүүгө уруксат берүү, анын максаты билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары койгон талаптардын деңгээлинде кепилдикке алынган билим сапатын камсыз кылуу болуп саналат;

**магистр** - аспирантурага өтүүгө жана кесиптик ишин жүргүзүүгө укук берген толук жогорку кесиптик билимдин академиялык даражасы;

**кесиптик башталгыч билим берүү** - негизги же орто жалпы билим берүү базасында квалификациялуу эмгек кызматкерлерин (жумушчуларды, кызматчыларды) коомдук-пайдалуу иштин негизги багыттары боюнча даярдоо;

**толук эмес мектеп** - окуп жаткандардын аз контингенти, аралаш класс-комплекти жана окуу сабактарын уюштуруунун бөтөнчө формасы менен жалпы билим берүү мектеби;

**билим берүү** - инсанды, коомду жана мамлекетти гармониялуу өнүктүрүү максатында окуп жаткандардын мамлекет тарабынан белгиленген билим берүү деңгээлине жетишүүсүн тастыктоо менен коштолгон тарбиялоонун жана окутуунун тынымсыз, тутумдуу процесси. Билим алуу деп окуп жаткандардын тиешелүү документ менен тастыкталган белгилүү бир билим деңгээлине жетиши жана аны ырасташы түшүнүлөт;

**билим берүү программасы** - конкреттүү бир деңгээлдеги, багыттагы же адистиктеги билим берүү мазмуну;

**билим берүү процесси** - педагогдордун түздөн-түз катышуусу жана окуп жаткандардын өз бетинче окуусу менен ар кандай түрдөгү сабак өтүү формасында, ошондой эле окуп жаткандардан жана бүтүрүүчүлөрдөн экзамен, зачет алуу, аттестациялоонун дагы башка түрлөрү аркылуу тарбиялоонун жана окутуунун уюшулган процесси. Билим берүү процесси менен билим берүү программалары ишке ашырылат;

**билим берүү стандарты** - негизги билим берүү программаларынын мазмунунун билим берүү минимумун, бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатына коюлуучу базалык талаптардын, окуп жаткандарга жетимдүү окуу жүктөмүнүн чегин аныктоочу ченемдер менен эрежелердин жыйындысы;

**билим берүү стратегиясы (билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы)** - бир бүтүн социалдык институт катары билим берүү тутумунун негизги багыттарын жана принциптерин аныктоо;

**жалпы билим берүү мектеби** - башталгыч, негизги орто жана орто жалпы билим берүү окуу программаларын, ошондой эле окуп жаткандарга жана тарбиялануучуларга кошумча билим берүүнүн окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жайы;

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү уюмунун камкорчулук кеңеши (мындан ары - камкорчулук кеңеши)** - мамлекеттик билим берүү уюмунун уставдык максаттарына жетүүсү үчүн, ошондой эле кошумча (бюджеттен тышкары) каражаттарды тартуу жана алардын максаттуу пайдаланылышын контролдоо боюнча көмөк көрсөтүү функцияларын жүзөгө ашыруучу, юридикалык жак статусу жок мамлекеттик билим берүү уюмунун тең башкаруусунун шайлануучу органы;

**жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү** - кесиптик жогорку билим берүү базасында жарандарга билим деңгээлин, илимий педагогдук квалификациясын жогорулатууга мүмкүн болгон билим берүү;

**кесиптик даярдоо** - окуп жаткандардын белгилүү бир ишти, иштердин тобун аткарууга зарыл билимге, жөндөмгө жана ыкка ээ болуусу. Кесиптик даярдык окуп

жаткандардын мамлекет тарабынан белгиленген билим деңгээлин жогорулатуу менен коштолбойт;

**билим берүү тутуму** - өз ара иш жүргүзүүчү жолун уланткан билим берүү программаларынын жана ар кандай деңгээлдеги жана багыттагы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, аларды ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынын жана адамдардын, ошондой эле билим берүүнү башкаруу органдарынын жана аларга ведомстволук жактан караштуу мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын жыйындысы;

**социалдык билим берүү кредити** - бул Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарындагы окууга акы төлөө үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан субсидияланууучу жеңилдетилген кредит;

**адис** - жогорку окуу жайдан кийинки тиешелүү билим берүү формаларында квалификациясын жогорулатуу укугу менен тиешелүү адистик боюнча толук кесиптик жогорку билим берүүнүн кесиптик квалификациялык даражасы;

**атайын билим берүү** - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды атайын же жалпы билим берүү уюмдарында окутуу;

**орто жалпы билим берүү** - коомдо жигердүү социалдык көнүгүүгө жана өз алдынча турмушту тандоого, эмгек ишмердүүлүгүнө, өз алдынча билим алууга жана өзүн өзү жетилтүүгө жөндөмдүү, гармониялуу өнүккөн инсанды тарбиялоого жана окутууга максаттуу багытталган үзгүлтүксүз процесс;

**кесиптик орто билим берүү** - негизги, орто жалпы же кесиптик башталгыч билим берүү базасында белгилүү бир адистик (багыт) боюнча окуп жаткандардын кесиптик билимге, жөндөмгө жана ыкка ээ болуусун камсыз кылуучу даярдык;

**билим берүү жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - компетенциясына билим берүү жагындагы маселелер кирген Кыргыз Республикасынын министрлиги жана ведомстволору жана алардын аймактык түзүмдөрү;

**билим берүү процессине катышуучулар** - окуп жаткандар (тарбияланууучулар), педагогикалык кызматкерлер, билим берүү уюмдарынын окутуучу-көмөкчү жана башкаруучу кызматкерлери, окуп жаткандардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү);

**мектеп (жалпы) билим берүүсү** - тарбиялоо жана окутуу тутуму, ушул тутумдун баскычтарына шайкеш келүүчү коомдо активдүү иштөөгө зарыл билимди, жөндөмдү, практикалык ыкты камсыз кылат;

**окуу-тарбиялык комплекс/автордук окуу-тарбиялык комплекс/мектеп-комплекс** - окутуунун, окуучуларды ар тараптуу маданий-эстетикалык жана дене тарбиялык жактан тарбиялоонун жаңычыл/автордук программасын ишке ашыруу үчүн жалпы билим берүүчү мектеп менен башка кызыкдар билим берүүчү уюмдарды жана мекемелерди (мектепке чейинки билим берүү уюмдарын, жогорку окуу жайларын, музыкалык, спорттук жана башка уюмдарды жана мекемелерди) өзүнө бириктирген көп тармактуу окуу жайы;

**орто окуу жайы** - негизги орто, орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү окуу программаларын жана техникалык жана кесиптик, маданият жана искусство жаатындагы орто билим берүүдөн кийинки кесиптик окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жай;

**мектеп-гимназия** - башталгыч жалпы жана окуучулардын шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша гуманитардык тармактар боюнча негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү жалпы билим берүү окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жайы;

**мектеп-лицей** - башталгыч жалпы жана окуучулардын шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша табигый-илимий, физика-математикалык тармактар боюнча негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү жалпы билим берүү окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жайы;

**эксперименттик аянтча** - жаңы педагогикалык технологияларды жана билим берүү окуу программаларын сыноодон өткөрүү үчүн билим берүү окуу программаларын эксперимент режиминде ишке ашыруучу билим берүүчү уюм;

**экстернат** - тиешелүү билим берүү уюмунда кийин аттестациядан (учурдагы жана жыйынтыктоочу) өтүү менен негизги билим берүү программаларына ылайык окуп жаткандардын сабактарды өз алдынча окуп үйрөнүшү.

Билим берүү жаатындагы ченемдик базаны калыптандырууда колдонулуучу башка бардык атайын түшүнүктөр ушул беренеде баяндалган негизги түшүнүктөргө карама-каршы келбөөгө тийиш.

*(КР 2010-жылдын 15-январындагы № 2, 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255, 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206, 2013-жылдын 4-июлундагы № 110, 2013-жылдын 30-июлундагы № 176, 2013-жылдын 5-ноябрындагы № 199, 2015-жылдын 3-августундагы № 213, 2017-жылдын 23-майындагы № 84, 2017-жылдын 8-июнундагы № 100, 2018-жылдын 2-августундагы № 78 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 2-берене. Билим берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Билим берүү жаатындагы мамилелер Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актылар, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын курамдык бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана нормалары менен жөнгө салынат.

### 3-берене. Билим алуу укугу

Кыргыз Республикасынын жарандары жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлк абалына, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгенине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, дин тутуусуна, саясий жана диний ынанымдарына, жашаган жерине жана дагы башка жагдайларга карабастан билим алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын аймагындагы башка мамлекеттердин жарандары жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим алышат.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 4-берене. Билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын принциптери

Билим берүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын артыкчылык берилген стратегиялык багыты болуп саналат.

Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык келишимдерде жана пактыларда, Адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясында жарыяланган принциптерге, демократиянын жана элдин гумандуу баалуулуктарына, дүйнөлүк маданияттын принциптерине негизделет. Билим берүүнү уюштуруунун негизги принциптери болуп төмөндөгүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарынын теңдиги;
- ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз баштапкы жана негизги жалпы билим алуу, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда акысыз орто жалпы билим алуу; мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын чегинде мамлекеттик окуу жайларында акысыз кесиптик, атайын орто жана жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү;
- акы төлөө негизинде, анын ичинде мамлекеттик билим берүү уюмдарында билим алуу мүмкүнчүлүгү;

- билим берүүнүн гумандуу мүнөзү, улуттук маданий байлык менен шайкеш келген жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык берүү, жарандуулукка, эмгекти, үй-бүлөнү, Ата Мекенди, айлана-чөйрөнү сүйүүгө, патриотизмге жана адам укуктары менен эркиндиктерин урматтоого тарбиялоо;
- ата мекендик, дүйнөлүк илимдин жана эл аралык тажрыйбанын жетишкендиктерине багыт алуу;
- билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- билим берүүнүн саясий жана диний институттарга көз карандысыздыгы;
- окутуунун, тарбия берүүнүн типтери жана формалары, иш багыттары, менчик формалары жагынан билим берүү уюмдарынын көп түрдүүлүгү;
- мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында окутуунун динден тышкаркы мүнөзү;
- орто жалпы билим берүүнүн жалпыга жетимдүүлүгү, билим берүү тутумундагы окуп жаткандардын өсүп-жетилүүсүнүн жана даярдыгынын деңгээли менен өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келиши;
- окуп жатышкандардын өзгөчө зээндүүлөрүнүн чыгармачылыгы тынымсыз өсүүсү үчүн шарттарды түзүү;
- билим берүүнүн мамлекеттик эмес түзүмдөрүнүн иштөө мүмкүнчүлүгү;
- билим берүү уюмдарынын академиялык эркиндиги, академиялык ак ниеттиги.

*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-берене. Мамлекеттик билим берүү стандарттары**

Кыргыз Республикасында билим берүүнүн бардык деңгээлдерине төмөнкүдөй мамлекеттик билим берүү стандарттары белгиленет: мектепке чейинки билим берүү, жалпы башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү жана орто кесиптик билим берүү, жогорку кесиптик билим берүү.

Мамлекеттик билим берүү стандарттары билим берүүнүн принциптерин, түзүмүн, билим алуучулардын окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн, бүтүрүүчүлөрдү окутуунун ар түрдүү деңгээлинде даярдоонун деңгээлине жана алар тарабынан алынуучу компетенттүүлүккө карата талаптарды аныктайт.

Мамлекеттик стандарт билим алуучуларга берилген билимдин сапатын баалоону өткөрүү үчүн негиз болуп саналат.

Мамлекеттик билим берүү стандарттары менчигинин формасына жана ведомстволук таандыктуулугуна карабастан, бардык билим берүү уюмдары тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болуп саналат.

Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү деңгээлиндеги мамлекеттик билим берүү стандарттары, ошондой эле кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын макеттери, жалпы билим берүү мектептери үчүн предметтик стандарттар жана кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн даярдоо багыты боюнча жана адистик боюнча стандарттар Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

Жождон кийинки кесиптик медициналык билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттары Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарын кайра карoo жана жаңылоо 5 жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт.

*(КР 2017-жылдын 23-майындагы № 84 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-июлундагы № 554 «Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» токтому*

**6-берене. Окутуунун тили**

Билим берүү уюмдарында тил саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Мамлекет ар бир жарандын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен тарта негизги жалпы билим берүү мекемелерине чейин мамлекеттик, расмий жана эл аралык тилдердин бирин үйрөнүшү үчүн шарттарды түзөт.

Тиешелүү шарттар болсо, окутуу ошондой эле ар кандай башка тилде да жүргүзүлсө болот.

Эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган кыргыз элинин өкүлдөрүнө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинде билим алууга мамлекет көмөк көрсөтөт.

(КР 2007-жылдын 31-июлундагы № 111, 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

**7-берене. Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алуу укуктарына мамлекеттик кепилдиктер**

Мамлекет Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан жарандардын билим алуу укугун төмөндөгүдөй жолдор менен камсыз кылат:

- инсандын, коомдун жана мамлекеттин таламдарына ылайык келген билим берүү тутумун түзүү;
- эгерде билим берүүнүн ушул деңгээлин жаран биринчи жолу алып жатса, акысыз милдеттүү негизги жалпы, жалпыга жетимдүү акысыз орто жалпы, акысыз кесиптик башталгыч жана конкурстук негизде кесиптик орто, кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайдан кийин мамлекеттик кесиптик билим берүү уюмдарында мамлекеттик тапшырыктын жана билим берүү стандарттарынын чегинде билим алуу үчүн зарыл социалдык-экономикалык жана укуктук шарттарды түзүү. Окуп жаткандардын акысыз билим алуусу мамлекеттик билим берүү уюмдарын күтүүнү бюджеттен каржылоо, билим берүү уюмдарынын билим берүүчү кызматтарына бюджеттик каражаттардан акы төлөө, болбосо мамлекеттик билим берүү гранттарын берүү аркылуу ишке ашырылат;

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2-июнундагы № 404 «Абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөө жүргүзүүнү жана мамлекеттик билим берүү гранттарын конкурстук бөлүштүрүүнү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө» токтому*

- окутуу, тарбиялоо формасына, билим берүү уюмунун тибине жана менчигинин түрүнө карабастан окуп жаткандарды жана тарбиялануучуларды социалдык жана укуктук жактан коргоону жүзөгө ашыруу;
- окуу китептерин анын ичинде Брайлдын рельефтик-чекиттик ариптери менен чыгарылган окуу китептерин, окуу жана усулдук колдонмолорду чыгаруу жана алар менен мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларын камсыз кылуу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жыл сайын бекитилүүчү квоталардын чектеринде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга акысыз баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255, 2017-жылдын 22-февралындагы № 32 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**8-берене. Билим берүүнү өнүктүрүүгө мамлекеттик стимулдаштыруу**

Мамлекет билим берүүнү каржылоо, мамлекеттик билим берүү уюмдарынын билим берүү тутумунун кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө маселелеринде артыкчылыктуу саясатты жүргүзөт, коомдо педагогдук, илимий жана камкордук көрүү ишинин кадырын көтөрүүнү колдойт.

Кыргыз Республикасында билим берүү жаатында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн мамлекеттик сыйлыктар, ардак наамдар жана атайын белгилер белгиленет.

**9-берене. Билим берүү уюмунун укуктук статусу**

Билим берүү уюму юридикалык жак болуп саналат.

Мамлекет аралык билим берүү уюмдарынын укуктук статусу өкмөт аралык келишимдерге ылайык аныкталат.

Юридикалык жактын укуктары, ошондой эле билим берүү уюмдарынын уставдык иштин бардык түрлөрүн жүргүзүү жагынан жарандык укуктары алар катталган жана билим берүү ишине лицензия алган учурдан тартып пайда болот.

Билим берүү уюмунун статусу (ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын деңгээлине жана багытына ылайык аныкталуучу тиби, түрү жана категориясы) аны аккредитациялоо учурунда белгиленет (тастыкталат).

Инсанды тарбиялоого, окутууга, кесиптик жактан калыптанышына олуттуу салым кошкон айрым мамлекеттик билим берүү уюмдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте «Улуттук» деген статус ыйгарылышы мүмкүн.

Билим берүү уюмунун укуктары менен ыйгарым укуктары ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын башка укуктук ченемдик актылары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү билим берүү уюмдарынын тиешелүү типтери жөнүндө жобо жана алардын негизинде иштелип чыгуучу устав менен аныкталат.

*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206, 2013-жылдын 4-июлундагы № 110 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**10-берене. Билим берүү уюмунун уставы**

Билим берүү мекемесинин уставы анын уюштуруучусу (уюштуруучулары) тарабынан бекитилет, ал эми билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине жана «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте катталат.

Билим берүү уюмунун уставында төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

- аталышы, жайгашкан жери (юридикалык дареги) жана уюмдаштыруучу (уюмдаштыруучулар);
- ишинин предмети жана максаты;
- билим берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси, кызмат көрсөтүүлөрдүн тартиби;
- билим берүү уюмуна кабыл алуунун тартиби;
- окуп жаткандарды чыгарып жиберүү тартиби;
- окуу процессин, анын ичинен окутуунун жана тарбиялоонун тилин (тилдерди), окуп жаткандарга сабак берүү режимин, окуучулардын кийиминин формасын уюштуруу;
- билим берүү уюмунун кызматкерлеринин штатын түзүүнүн тартиби, эмгекке акы төлөөнүн шарты жана тартиби, алардын укуктары жана милдеттери;
- каржылоонун, чарбалык иштин түзүмү жана тартиби, билим берүү уюмунун ишин финансылык, материалдык-техникалык жактан камсыз кылуунун булактары;

- билим берүү уюмунун органдары, алардын компетенциясы жана башкаруу тартиби;
- уставын өзгөртүүнүн тартиби;
- билим берүү уюмун кайра уюштуруунун жана жоюунун тартиби.

Мамлекеттик билим берүү уюмдарынын уставы, ушул берененин экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн маалыматтардан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкары каражаттарды чыгымдоо маселеси боюнча коомдук угууларды өткөрүүнүн тартиби жана мөөнөтү жөнүндө маалыматтарды камтууга тийиш.

Билим берүү уюмунун уставы билим берүү жагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылгандан кийин юстиция органдарында катталууга тийиш.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255, 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206, 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## II Глава
## Билим берүү тутуму

### 11-берене. Билим берүү программалары

Кыргыз Республикасында жалпы (негизги жана кошумча) жана кесиптик (негизги жана кошумча) билим берүү программалары ишке ашырылат.

Билим берүү программалары инсандын жалпы маданиятын калыптандырууга жана коом турмушуна ыңгайлашуусуна, кесиптик билим берүү программасын аңдап тандап алышынын жана өздөштүрүшүнүн пайдубалын түптөөгө багытталган.

Жалпы билим берүү программаларына төмөндөгүлөр кирет:

- мектепке чейинки билим берүү;
- башталгыч жалпы билим берүү;
- негизги жалпы билим берүү;
- орто жалпы билим берүү;
- кошумча билим берүү.

Кесиптик билим берүү программалары кесиптик деңгээлди ырааттуу жогорулатууга, тиешелүү квалификациядагы адистерди даярдоого багытталган.

Кесиптик билим берүү программаларына төмөндөгүлөр кирет:

- кесиптик башталгыч билим берүү;
- кесиптик орто билим берүү;
- кесиптик жогорку билим берүү;
- жождон кийинки кесиптик билим берүү;
- кошумча кесиптик билим берүү.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасында кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруунун шарттары жана структурасы жөнүндө Жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтому менен бекитилген)*

Ар бир негизги жалпы билим берүү же негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн милдеттүү минималдуу мазмуну менен ченемдик мөөнөттөрү тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарында белгиленет.

### 12-берене. Билим берүү уюмдары

Билим берүү уюмдарына мектепке чейинки билим берүү уюмдары, жалпы билим берүү уюмдары (жалпы билим берүүчү мектеп, окуу-тарбиялык комплекс, автордук

окуу-тарбиялык комплекс, мектеп-гимназия, мектеп-лицей, мектеп-комплекс, атайын мектеп (жатак мектеп), жалпы билим берүүчү санатордук мектеп, көмөкчү мектеп, кечки мектеп (кечки жана нөөмөттүк), жалпы билим берүүчү сырттан окуу мектеби, эксперименттик аянтчасы менен мектеп, толук эмес мектеп), мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары, атайын билим берүү уюмдары, балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүү уюмдары, башталгыч (кесиптик лицей, кесиптик орто окуу жайы ж.б.), орто (орто окуу жайы, колледж, техникум ж.б.), жогорку (институт, академия, университет, консерватория ж.б.) жана жождон кийинки кесиптик билим берүү уюмдары, кошумча кесиптик билим берүү уюмдары кирет.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө Жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтому менен бекитилген);*

*Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө Жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтому менен бекитилген);*

*Кыргыз Республикасынын жогорку аскер окуу жайларынын билим берүү мекемелери жөнүндө Жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 20-апрелиндеги № 275 токтому менен бекитилген)*

### 13-берене. Билим берүү уюмдарын уюмдаштыруучулар

Билим берүү уюмдарынын уюмдаштыруучулары катары мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар мамлекеттик билим берүү стандарттарын сактаса, эл аралык келишимдерге ылайык чет мамлекеттер, эл аралык уюмдар боло алышат.

Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү, министрликтер жана башка аткаруу бийлик органдары үчүн аскердик кызмат өтөө Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте түзүлөт.

Билим берүү уюмдарын түзүүдө бөтөнчө учурлардан тышкары, төмөнкүлөрдө: мектеп билимин берүүдө - жалпы билим берүү мектеби, кесиптик орто билим берүүдө - кесиптик орто окуу жайы, кесиптик жогорку билим берүүдө - институт баштапкы статусун алат.

Кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын уюмдаштыруучулардан болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы, министрликтер менен мамлекеттик комитеттер саналат.

Мамлекеттик бийлик органдары, билим берүү мамлекеттик башкаруу органдары жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кайра түзүлгөн учурда уюмдаштыруучулардын укугу тиешелүү укук мураскорлоруна өтөт.

Билим берүү уюмдарына көрүнүктүү инсандардын атын ыйгаруу Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мамлекеттик башкаруу борбордук органынын макулдугу менен жүргүзүлөт.

*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 14-берене. Билим берүү формалары

Билим берүү программалары окуп жаткандардын муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен күндүзгү, күндүзгү-сырттан окуу (кечки жана нөөмөттүк), сырттан окуу, экстернат, ошондой эле үй-бүлөлүк жана үйүндө окутууну

кошуп алганда жекече мектепке чейинки, мектептик жана мектептен тышкаркы деңгээлдеги билим берүү формаларында өздөштүрүлөт.

Күндүзгү-сырттан окуу (кечки), сырттан окуу формаларында жана экстернаттык формада алууга тыюу салынган кесиптер менен адистиктердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*Караңыз:*

*Күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окуу түрүндө жана экстернат түрүндө алууга жол берилбеген кесиптердин жана адистиктердин тизмеги (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы № 354 токтому менен бекитилген)*

*Күндүзгү-сырттан окуу (кечки), сырттан окуу формасында жана экстернат формасында кесиптерге жана адистиктерге ээ болууга жол берилбейт, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгилеген тартипте дистанциялык билим берүү технологиясы аркылуу аны өздөштүрүүгө чектөө киргизилиши мүмкүн.*

*Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте жарым-жартылай же толук көлөмүндө билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн дистанциялык билим берүү технологиясын колдоно алат.*

*Караңыз:*

*Билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуунун тартиби (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы № 354 токтому менен бекитилген)*

*(КР 2013-жылдын 5-ноябрындагы № 199, 2017-жылдын 8-июнундагы № 100 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**15-берене. Мектепке чейинки билим берүү**

Мектепке чейинки билим берүү үй-бүлөдө жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жүзөгө ашырылат жана инсандын дене, интеллектуалдык жана адеп-ахлактык жактан өсүп-жетилишинин негиздерин түптөйт.

Ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөр) мектеп жашына чейинки балдардын инсан катары дене, адеп-ахлактык жана интеллектуалдык жактан өсүп-жетилишинин негиздерин түптөөгө милдеттүү.

Мамлекет мектеп жашына чейинки балдардын тарбияланышына финансылык жана материалдык жактан колдоо көрсөтүүгө кепилдик берет, калктын бардык катмарлары үчүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарынан таалим-тарбия ала алгыдай шартты камсыз кылат.

Мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоо, алардын дене-боюнун жана психикалык саламаттыгын сактоодо жана чыңдоодо, жеке шыгын өнүктүрүү жана мындай балдардын өсүп-жетилишиндеги өксүктөрдү зарыл түрдө оңоодо үй-бүлөгө жардам көрсөтүү үчүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тармагы иштейт.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдары менен ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ортосундагы мамиле алар өз ара түзгөн келишим менен жөнгө салынат, ал тараптардын мыйзамда белгиленген укуктарын чектей албайт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мектеп жашына чейинки балдарды үйүндө тарбиялап жаткан үй-бүлөлөргө усулдук, диагностикалык жана консультациялык жардам берүүнү уюштурат жана координациялайт.

Мектепке чейинки билим берүү уюму 6 айдан 7 жашка чейинки балдарга кызмат кылат.

Мектепке чейинки билим берүү мамлекеттик, муниципалдык менчик мектепке чейинки уюмдарында жана альтернативалуу билим берүү түзүмдөрүнүн мектепке чейинки уюмдарында жүзөгө ашырылат.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун статусу жана эмгек акысы башталгыч билим берүүнүн мугалимдердикине теңештирилет.

*(КР 2010-жылдын 15-январындагы № 2 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-1-берене. Мектепке даярдоо программасы**

Мектепке чейинки билим берүүгө тартылбаган балдардын тең старттык мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу үчүн жалпы билим берүүчү уюмдардын алдында 5-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоо боюнча республикалык бюджеттен каржыланган программалар ишке ашырылат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-берене. Мектепте билим берүү**

Мектептик билим берүү билим берүү тутумунун негизги звеносу саналат жана 3 баскычты камтыйт:

- жалпы башталгыч - 1-4-класстарды;
- жалпы негизги - 5-9-класстарды;
- орто жалпы - 10-11-класстарды.

Жалпы башталгыч жана жалпы негизги мектепте окуу Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн милдеттүү, ал эми мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында - акысыз болуп саналат. Мамлекет жарандардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында акысыз орто жалпы билим алууга болгон укугун жүзөгө ашырууну камсыз кылат.

Мектептеги билим берүү инсандын коомдо активдүү иштеши жетиштүү болгон, өз баскычтарына шайкеш келгидей билимин, жана практикалык ык алуусу менен өсүп-жетилүүсүн камсыз кылып, кесип жана квалификация алышына база катары кызмат кылат.

Эреже катары, мектепке кирүү курагы - 6-7 жаш, ар бир класста окуунун узактыгы - бир окуу жылынан кем эмес.

Жалпы башталгыч билим берүүнүн максаты: баланын инсандыгын калыптандыруу, анын интеллектуалдык шыгын өөрчүтүү, окуп жаткан тилинде эсеп-кысап, окуу жана жазуу ыктарына, ошондой эле мамлекеттик жана расмий тилдерде сүйлөшө билүү өнөрүнө үйрөтүү.

Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү окутуунун күндүзгү формасы боюнча жүзөгө ашырылат. Жалпы негизги билим берүү программасы боюнча окууга башталгыч мектепти бүткөн бардык окуучулар конкурссуз кабыл алынат. Атайын башталгыч мектептин бүтүрүүчүлөрү жалпы негизги билим берүүнүн программаларын өздөштүрүүгө даярдыгынын деңгээлин текшертүү шарты менен кабыл алынат.

Жалпы негизги билимге ээ болгон адамдар кесиптик башталгыч жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча, окууну улантууга укуктуу.

Орто жалпы билим берүү кесиптик орто же кесиптик жогорку билим берүү программалары боюнча окууну улантууга зарыл болгон инсандын негизги теориялык даярдыгын, билим алып жаткандардын таламдары жана жөндөмдүүлүктөрү боюнча тармактык тереңдетилген жалпы маданиятын калыптандырууну камсыз кылат.

Мамлекеттик орто мектепке жалпы негизги мектепти бүтүргөн бардык каалоочулар акысыз кабыл алынат.

Менчигинин формасына карабастан, жалпы билим берүү уюмдарында жетимдүү окуу жүктөмүнүн чегин эске алуу менен беш күндүк окуу жумалыгы белгиленет.

*(КР 2018-жылдын 16-февралындагы № 22 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**17-берене. Кошумча билим берүү**

Окуп жаткандарга жана тарбияланууучуларга кошумча билим берүү билим берүү уюмдарында, ошондой эле кошумча билим берүү уюмдарында акысыз же акылуу (ыктыярдуу) негизде жүзөгө ашырылат.

Мамлекет кошумча билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын каржылоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте камсыз кылат.

Акылуу негизинде кошумча билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Кошумча билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө, анын ичинде билим берүү программаларынын, атайын курстардын мазмунуна карата талаптар ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен билим берүү уюмдарынын ортосунда келишимдерди түзүүдө тараптар тарабынан аныкталат.

Кошумча билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар билим берүү уюму тарабынан ушул мамлекеттик билим берүү уюмунун камкорчулук кеңеши менен макулдашуу боюнча сарпталат.

Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында акылуу негизиндеги класстарды түзүүгө жол берилбейт.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**18-берене. Мектептен тышкаркы билим берүү**

Мектептен тышкаркы билим берүү балдардын жана өспүрүмдөрдүн ар кандай таламдары менен муктаждыктарын толук канааттандыруу, бош убакыттарын жана эс алуусун уюштуруу, ден соолугун чыңдоо, кесиптик багыт берүү, инсанды адеп-ахлактык жана интеллектуалдык жактан жетилтүү максатында маданий-эстетикалык, табигый-илимий, экологиялык-натуралисттик, техникалык, спорттук жана башка багыттардагы мектептен тышкаркы билим берүүчү уюмдар тармагы аркылуу жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик мектептен тышкаркы билим берүү уюмдарын каржылоону мамлекет камсыз кылат.

**19-берене. Кесиптик даярдык**

Мамлекет зарыл болгон учурларда жалпы негизги билими жок адамдарга алардын кесиптик даярдык алышы үчүн шарт түзөт.

Кесиптик даярдык кесиптик башталгыч билим берүү уюмдарынан, билим берүүчү башка уюмдардан жана жекече даярдоо тартибинде тийиштүү лицензиясы бар адистерден алынышы мүмкүн.

**20-берене. Кесиптик башталгыч билим берүү**

Кесиптик башталгыч билим берүү квалификациялуу эмгектин кызматкерлерин даярдоону, квалификациясын жогорулатууну жана кайра даярдоону камтыйт.

Кесиптик башталгыч билим берүү программалары боюнча окууга жалпы негизги же орто жалпы билими бар адамдар кабыл алынат. Квалификациялуу эмгектин кызматкерлерин даярдоо жалпы жана кесиптик билим берүүнүн бирдиктүү интеграцияланган программасы боюнча жүргүзүлөт.

Зарыл болгон учурларда жалпы негизги билими жок адамдардын кесипке ээ болушу үчүн шарттар түзүлөт.

Кесиптик башталгыч билим берүү программалары кесиптик башталгыч билим берүү уюмдарында ишке ашырылат.

Кесиптик башталгыч билим берүү программасы боюнча окууну бүтүргөн адамга кесиби боюнча квалификация ыйгарылат.

21-берене. Кесиптик орто билим берүү

Кесиптик орто билим берүү жалпы негизги же орто жалпы билим берүү базасында ортоңку звенодогу адистерди даярдоону жана кайра даярдоону көздөйт.

Кесиптик орто билим берүү программасы боюнча окуусун ийгиликтүү бүтүргөн адамдарга тиешелүү адистик боюнча квалификация ыйгарылат.

Кесиптик орто билим берүү программалары кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүчү билим берүү уюмдарында ишке ашырылат.

**22-берене. Кесиптик жогорку билим берүү**

Кесиптик жогорку билим берүү орто жалпы, кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүү базасында инсандын билимин тереңдетүүдөгү жана кеңейтүүдөгү муктаждыктарын канааттандыруу максатында бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоону жана кайра даярдоону камтыйт.

Кесиптик жогорку билим берүү программалары кесиптик жогорку билим берүүчү билим берүү уюмдарында (жогорку окуу жайларда) ишке ашырылат.

Тиешелүү багыттагы кесиптик орто билими бар адамдар тездетилген программалар боюнча кесиптик жогорку билим алышы мүмкүн.

Кесиптик жогорку билими бар адамдар тездетилген программа боюнча экинчи жана үчүнчү кесиптик жогорку билим алышы мүмкүн.

Кесиптик жогорку билим берүү багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси, программаларды өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү, аларды ишке ашыруу тартиби мамлекеттик билим берүү стандарттары менен аныкталат.

Кесиптик жогорку билим алууга орто жалпы билими жөнүндө аттестаттын, кесиптик орто билими тууралу дипломдун же кесиптик жогорку билими жөнүндө дипломдун (экинчи, үчүнчү, ошондой эле жогорку билим алганда) болушу мүмкүнчүлүк берет.

**23-берене. Жождон кийинки кесиптик билим берүү**

Жождон кийинки кесиптик билим берүү илимдин кандидаты жана доктору деген окумуштуулук даражалары бар илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо программаларын ишке ашырууну көздөйт.

Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, эреже катары, кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында жана илимий мекемелерде түзүлүүчү изденип алуу, аспирантура, адъюнктура жана докторантура аркылуу жүзөгө ашырылат.

Илимдин кандидаты жана илимдин доктору деген окумуштуулук даражалар мамлекеттик аттестациялоо органы тарабынан эл алдында диссертациясын жактап чыгуунун натыйжасы боюнча кабыл алынган диссертациялык кеңештин расмий өтүнмөсүнүн негизинде ыйгарылат.

Улук илимий кызматкердин, доценттин, профессордун окумуштуулук наамдары мамлекеттик аттестациялоо органы тарабынан окумуштуулук наам берүү сунушу жөнүндө жогорку окуу жайдын (илим-изилдөө институтунун) окумуштуулар кеңешинин (илимий-техникалык) чечиминин негизинде ыйгарылат.

Жождон кийинки кесиптик билим берүүнү уюштуруунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

**24-берене. Эрезеге жеткендерге кошумча билим берүү**

Эрезеге жеткендерге кошумча билим берүү (анын ичинде кайра даярдоо жана кадрлардын квалификациясын жогорулатуу) билим берүү уюмдарынын ар кандай түрлөрүнүн жана типтеринин тутуму аркылуу жүзөгө ашырылат.

Эрезеге жеткендерге кошумча билим берүүнүн негизги милдети инсандын өз билимин өзү өркүндөтүү, өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу жана квалификациясын алмаштыруу муктаждыгын толугураак канааттандыруу болуп саналат.

Кошумча билим берүү программаларына төмөндөгүлөр аркылуу ишке ашырылуучу ар кандай багыттагы билим берүү программалары кирет:

- негизги билим берүү программаларынын чегинен тышкары жалпы жана кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдарында;

- кошумча билим берүүчү билим берүү уюмдарында (квалификацияны жогорулатуу курстарында, музыкалык жана көркөм өнөр мектептеринде, искусство мектептеринде жана тиешелүү лицензияга ээ болгон дагы башка билим берүү уюмдарда);
- жекече педагогикалык иш аркылуу.

### 25-берене. Билими жөнүндө документтер

Мектепке чейинки жана кошумча билим берүүдөн тышкаркы, лицензиялоодон жана андан кийин аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюмдары жалпы негизги билим берүү жана (же) кесиптик негизги билим берүү программаларын толук өздөштүргөн жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө (ар бир билим берүү уюмуна бирден ашпаган) билими (жана) же квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү тийиштүү документ беришет.

Окуп жаткандар жогорку окуу жайынын филиалын же башка өз алдынча түзүмдүк бөлүмүн (юридикалык жакты) окуп бүтүрүшкөндө, билими жөнүндөгү документине ошол филиалдын же түзүмдүк бөлүмдүн жайгашкан жери көрсөтүлүү менен маалымат жазылат.

Тийиштүү билим деңгээли жана квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ билим берүүнүн андан кийинки программаларынын деңгээли боюнча окууну улантуунун зарыл шарты болуп саналат.

Кесиптик башталгыч, кесиптик орто, кесиптик жогорку билими жана (же) квалификациясы жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтерде жана жождон кийинки кесиптик билими тууралу документтерде көрсөтүлгөн окумуштуулук даражалар менен наамдар алардын ээлерине алган даярдыгына жараша кесиптик ишти жүргүзүүгө, анын ичинде белгиленген тартипте тийиштүү билим деңгээлине жараша милдеттүү квалификациялык талаптар кызмат орунун ээлөөгө укук берет.

Билим берүү уюму окуп жаткандардын билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн натыйжаларын жекече эсепке алууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы белгилеген тартипте кагаз жүзүндө жана (же) электрондук жазуу түрүндө анын натыйжалары жөнүндөгү маалыматтарды архивге сактоону жүзөгө ашырат.

Билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтер так отчеттуулуктун документтери болуп саналат, аларды даярдоо, сактоо жана берүү Кыргыз Республикасынын жекелештирилген документтеринин Мамлекеттик тизмегин жүргүзүүгө жана тейлөөгө жооптуу мамлекеттик органга таандык болуп эсептелет.

*(КР 2013-жылдын 4-июлундагы № 110 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## III Глава
## Билим берүү тутумундагы окуп жаткандардын, педагогдордун жана ата-энелердин укуктары менен милдеттери

### 26-берене. Окуп жаткандардын укуктары менен милдеттери

Ар кандай типтеги жана түрдөгү билим берүү уюмдарында окуп жаткандардын укуктары менен милдеттери ушул Мыйзам жана билим берүү уюмдары жөнүндө жоболор менен аныкталат.

Кайсы типтеги жана түрдөгү билим берүү уюмдарында болбосун окуп жаткандар окутуунун кайсы гана этабында болбосун (кесиптик жогорку билим берүүчү окуунун биринчи жылынан кийин) билим берүү уюмун, билим алуунун формасын, белгилүү бир мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим алууну, ошол стандарттардын алкагында жекече билим берүү кызматтарын тандап

алууга, өздөрүнүн адамдык аброюнун урматталышына, өз көз караштарын жана ынанымдарын эркин билдирүүгө укуктуу.

Билим берүү программасын толук көлөмдө ишке ашыруу үчүн дистанциялык билим берүү технологиясын колдонушкан билим берүү уюмунда окуп жаткандар билим алуунун бардык укуктары менен милдеттерине, ал эми аны бүтүргөндө ошол билим берүү уюмунун билим жөнүндө документин алуу укугуна ээ.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу учурларды кошпогондо, аккредиттелбеген билим берүү уюмдарында жекече билим берүү жана өз алдынча билим алуу түрүндө билим алган жарандар экстернат түрүндө аттестациядан өтүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына мамлекеттик бюджеттин эсебинен студенттерди кабыл алуу 2000-жылдагы кабыл алуу планынан төмөн болбогон деңгээлде сакталат.

Лицензиясы же мамлекеттик аккредитациясы бар жогорку окуу жайынын студенттери анык аскердик кызмат өтөөгө чакырылуу мөөнөтүн узартуу укугуна ээ.

Окуп жаткандар мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүгө, билим берүү уюмунун ички тартип эрежелерин сактоого, улуттук каада-салттарды урматтоого, билим берүү уюмуна келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте юридикалык жоопкерчилик тартууга милдеттүү.

Жаш адистерди бөлүштүрүүнүн жана пайдалануунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2013-жылдын 4-июлундагы № 110, 2015-жылдын 16-январындагы № 15 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**27-берене. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укуктары менен милдеттери**

Жаш балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөндөгүлөргө укуктуу:

- окутуунун формасын, билим берүү уюмдарынын тибин жана түрүн тандап алууга, ошондой эле балага үй-бүлөдө билим берүүгө (өзгөчөлөнгөн, бөтөнчө жагдайларда);
- баланы окутуунун кайсы гана этабында болбосун окуусун улантуу үчүн билим берүү уюмдарына жиберүүгө;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окуп жаткандардан билим алуу укугун сактоону талап кылууга.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) өзгөчө учурларда үй-бүлөдө балага жалпы башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим берүүгө укуктуу. Үй-бүлөдө билим алган бала аттестациядан жакшы өткөндө окутуунун кайсы гана баскычында болбосун ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) чечими боюнча билим алуусун билим берүү уюмунда улантууга укуктуу.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- негизги билим алууда балдардын жашоосу, окуусу жана алардын шыгын өөрчүтүү үчүн талаптагыдай шарттарды түзүүгө, алардын дене-боюнун жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүүгө;
- баланын ар намысын ызаттоого, эмгекти сүйүүгө, мээримдүүлүк жана боорукердик сезимдерин ойготууга, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга, мамлекеттик жана эне тилге, элдик үрп-адаттарга, салттарга ызаттоо менен мамиле жасоого тарбиялоого;
- элдин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана чөйрөгө аяр мамиле жасоого, Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоого;
- жалпы билим берүү уюму менен үзгүлтүксүз кызматташууну (ата-энелер

чогулуштарына катышуу, мугалимдердин баланы окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогдордун сунуштамаларын аткаруу) колдоого;
- ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) билим берүү уюмунун аймагынан сырткары, окуудан тышкары убакта болгон балдардын саламаттыгы жана өмүрү үчүн толук жоопкерчилик тартышат.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) баланын жалпы негизги билим алышы боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**28-берене. Педагогдук ишти иштөө укугу**

Педагогдук ишти иштөө укугуна зарыл билим алган жана тиешелүү педагогдук квалификациясы бар адамдар ээ болушат, ушул беренеде каралган учурларды кошпогондо.

Педагогдук билими жана квалификациясы жок адамдар педагогдук (окутуучулук) иште иштөө укугуна төмөнкү учурларда ээ болот:
- кайра даярдоодон өткөн;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу иштин көндүмдөрүн үйрөнгөн;
- репетитордук жана тренингдер тартибинде сабак өткөн.

Кесиптик жогорку билим берүү уюмунда педагог болуп иштөөгө эреже катары магистрден төмөн эмес билими бар адамдарга уруксат берилет.

Педагогдук иште иштөөгө соттолгон же медициналык жактан каршы көрсөтмөсү бар адамдарга жол берилбейт, анын тизмеси Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу аныкталат.

Педагогдук иште иштөө укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

*(КР 2017-жылдын 22-февралындагы № 32 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**29-берене. Педагогдордун укуктары менен милдеттери**

Педагогдор төмөндөгүлөргө укуктуу:
- педагогдук ишти уюштуруунун усулдары менен түрлөрүн эркин тандап алууга;
- педагогдук алдыңкы тажрыйбаны ишке жайылтууга;
- өз аброюн жана кесиптик баркын коргоого;
- кесиптик иши үчүн тиешелүү шарттарды талап кылууга.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте мамлекеттин эсебинен өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга.

Педагогдор төмөндөгүлөргө милдеттүү:
- педагогдук этиканын ченемдерин сактоого;
- окуучулардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн болбогон деңгээлде билим берүү программаларын өздөштүрүшүн камсыз кылууга;
- окуп жаткандардын өз алдынчалуулугун, окууга чыгармачыл мамиле жасоосун өнүктүрүүгө, жүрүм-турумунда жогорку адеп-ахлактык ченемдерди калыптандырууга;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жана квалификациясын кеминде 5 жылда бир жолу жогорулатууга;
- балдарга карата эмоциялык, психикалык, дене-бой зомбулугун колдонууга жол бербөөгө.

*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206, 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## IV Глава
## Окуп жаткандар менен билим берүү тутумунун кызматкерлерин социалдык жактан коргоо

### 30-берене. Окуп жаткандарды социалдык жактан коргоо

Мамлекет Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте окуп жаткандарга окуу үчүн шарт түзөт, окуй турган жайлар, жабдуу, жатакана, жөлөкпул, материалдык жардам, тамак-ашка жана транспортто жүрүүгө жеңилдиктер, медициналык жактан тейлөө жана ден соолукту чыңдоо, окуу китептери менен (республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен студенттерге, окуп жаткандарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жана өлчөмдөрдө стипендиялар төлөнөт) камсыз кылат.

Кесиптик башталгыч, кесиптик орто, кесиптик жогорку билим берүү жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдарында окуп жаткан студенттерди социалдык жактан колдоо үчүн социалдык билим берүү кредиттери берилиши мүмкүн.

Социалдык билим берүү кредиттери кредиттин негизги суммасын төлөй баштоону окуу аяктаганга чейин мөөнөтүн жылдыруу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик коюмунан жогору эмес пайыздык коюм менен жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү берилген социалдык билим берүү кредиттери боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик коюму менен коммерциялык банктардын пайыздык коюмдарынын ортосундагы айырма түрүндөгү чыгашаларды субсидиялайт.

Социалдык билим берүү кредиттеринин шарттары, өлчөмдөрү, берүүнүн тартиби жана артыкчылыктуу багыттары жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жогорку кесиптик билим берүү алкагында сырттан окуу формасын, дистанциялык билим берүү технологияларын пайдаланган билим берүү уюмдарында окугандар Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте берилүүчү кошумча жеңилдиктерге укуктуу.

Олимпиадалык оюндардын, дүйнөлүк чемпионаттардын чемпиондору жана байге ээлери жана Азия оюндарынын чемпиондору дене тарбия жана спорт жаатындагы адистик жана даярдоонун багыттары боюнча (бакалавриат, магистратура) окуу үчүн мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кирүү сынагысыз (экзамендерсиз, тестирлөөсүз жана аңгемелешүүсүз) кабыл алынат.

«Кыргыз Республикасынын спорт чебери», «Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери» спорттук наамы бар спортсмендер мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүнүн кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылык укугунан пайдаланат. «Спорттун чеберлигине талапкер» спорттук разряды, «Кыргыз Республикасынын спорт чебери», «Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери» спорттук наамы бар спортсмендер мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүнүн кесиптик орто билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылык укугунан пайдаланышат.

Жетим балдарга жана ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөрү) көзөмөлдүгүнөн камкордугунан өксүп калган балдарга билим берүү, алардын жашы жетилгенге чейин мамлекеттик камсыз кылуу негизинде жүзөгө ашырылат.

Окуп жаткандарды окуу сабактарынан жана окуу процессинен алагды кылууга Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мамлекеттик башкаруу борбордук

органынын уруксаты менен жол берилет. Окуу процессин бузууга күнөөлүү болгон (тике же кыйыр) адамдар окуп жаткандарга келтирилген моралдык жана материалдык зыяндын ордун толтуруп беришет.

*(КР 2009-жылдын 17-июнундагы № 185, 2011-жылдын 13-июнундагы № 42, 2013-жылдын 5-ноябрындагы № 199, 2018-жылдын 2-августундагы № 78 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**31-берене. Балдардын жана окуучу жаштардын саламаттыгын сактоо**

Билим берүү уюмдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары балдардын жана окуучу жаштардын саламаттыгын сактоого жана чыңдоого кепилдик берүүчү шарттарды түзөт.

Окуу-эмгек жүктөмү, окуучулардын окуу режими, анын ичинде дене тарбиясы билим берүү уюму тарабынан Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу органдарынын сунуштарынын негизинде саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен макулдашуу боюнча аныкталат.

Узак дарылануучуга муктаж болгон балдар үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ден соолукту чыңдоо мекемелеринде окутуу шартын түзөт. Окуу сабактары ошондой эле үйдө, дарылоо мекемесинде жүргүзүлөт.

**32-берене. Билим берүү тутумунун кызматкерлерин социалдык жактан коргоо**

Билим берүү уюмунун кызматкерлерине эмгек акы жана кызматтык маяна алардын эмгек келишиминде (контрактта) каралган иш-милдеттерин жана жумуштарды аткарганы үчүн төлөнүп берилет. Кызматкер аткарган башка жумуштар менен милдеттерге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда жумуштун көлөмүнө жараша кошумча келишим боюнча төлөнөт.

Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Билим берүү уюмдары өздөрүнүн тескөөсүндөгү каражаттарынын чегинде эмгекке акы төлөөдө илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөндөргө жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдагандарга эмгек акысына (дифференциацияланган) үстөктөрдү өз алдынча кое алат.

Билим берүү кызматкерлерине төмөндөгүдөй кошумча акы белгиленет:

- илимдин доктору же кандидаты деген илимий даража үчүн - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык;
- 5 жылдык педагогдук иш стажы үчүн - эмгек акынын он пайызынан аз эмес, 10 жыл үчүн - жыйырма пайызынан аз эмес, 15 жана андан да көп жыл үчүн - отуз пайызынан аз эмес өлчөмүндө.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 27-февралындагы № 65 «Мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайлардын кызматкерлерине педагогикалык стажысы боюнча 2003-2007-жылдар үчүн кошумчаларды төлөө жөнүндө» токтому*

Айыл жерлеринде жайгашкан билим берүү уюмдарында иштегендиги үчүн педагогикалык кызматкерлерге кошумча акы төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте белгиленет.

Билим берүү уюму өзүндө болгон каражаттардын чегинде кызматкерлерге эмгекке акы төлөөдө акчалай сыйлыктарды, материалдык кызыктыруунун жана компенсациянын дагы башка түрлөрүн белгилейт, ошондой эле окуу, усулдук жана илимий адабияттарды сатып алуу үчүн каражат бөлүп beралат.

*(Жетинчи бөлүк КР 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Айыл мектептерине иштегени келген жаш адистерге жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен чарбачылыгын жүргүзүү үчүн кызматтык маянанын он эсе өлчөмүндө бир жолку жөлөкпул берилет.

*(Тогузунчу бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Билим берүү уюмдарынын кызматкерлери жыл сайын милдеттүү түрдө мамлекеттик дарылоо-профилактикалык мекемелеринде амбулатордук медициналык акысыз кароосунан өтүшөт.

*(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы № 225, 2011-жылдын 8-августундагы № 150, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**33-берене. Окуучулардын өзгөчө контингентик социалдык жактан коргоо**

Мамлекет курагына, жынысына, этностук жана диний таандуулугуна, окуудагы жетишкендиктерине, социалдык-экономикалык статусуна карабастан балдарды жалпы билим берүү процессине тартуу боюнча аларды социалдык жактан коргоо саясатын жүргүзөт жана жетим балдарды, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды мамлекеттик камсыздоого алат.

Балдар үйүнүн жана жетим балдар жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар үчүн жатак мектептердин тарбияланууучулары жалпы негизги билим (орто жалпы билим) алгандан кийин акысыз кесиптик башталгыч билим алуу укугуна ээ болушат.

Дене-боюнун же акыл-эсинин өсүшү жагынан бузулушу бар балдар үчүн аларды дарылоону, тарбиялоону жана окутууну, социалдык жактан байыр алууну жана коомго жуурулушуун камсыз кылуучу атайын топтор, класстар же уюмдар уюштурулат.

Дене-бойлук же акыл-эстик өнүгүүсүндө бузуулар бар балдар үчүн уюмдарды ачуу жана жоюу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан же ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Балдарды бул уюмдарга жиберүү билим берүү тутумунун психологиялык-медициналык-педагогикалык консультацияларынын корутундусу боюнча жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен, белгиленген тартипте жүргүзүлөт. Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялардын иштөө тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт. Бул уюмдарга жиберилүүчү, ошондой эле мамлекеттин толук камкордугунда туруучу балдардын категориялары билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан аныкталат. Медициналык көрсөтүүлөр бар болгондо, дене-бойлук же акыл-эстик өнүгүүсүндө бузуулар бар балдарды окутуу ата-энелеринин макулдугу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте, үйдө окутууну кошуп алганда жекече формада жүргүзүлөт. Оорулардын тизмеги билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан аныкталат.

Социалдык жактан коркунуч туудурган жана тарбия берүү менен окутуунун өзгөчө шарттарына муктаж болгон балдар үчүн аларды окутууну, кесиптик даярдоону жана медициналык-социалдык жактан калыбына келтирүүнү камсыз кылуучу атайын окутуу-көмөкчү уюмдары түзүлөт.

Балдарга социалдык коркунуч туудурган жана өзгөчө тарбия берүүгө жана окутууга муктаж болгон окуучуларды балдар уюмдарына жиберүү соттун чечими боюнча гана жүзөгө ашырылат.

Түзөтүү-эмгек мекемелеринде жаткан балдар үчүн ошол уюмдардын администрациясы жана Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы тарабынан жалпы негизги жана кесиптик башталгыч билим берүү, ошондой эле өз алдынча билим алуу үчүн шарттар түзүлөт.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176, 2017-жылдын 8-июнундагы № 100 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 15-октябрындагы № 477 «Балдарды үйүндө жеке окутууну уюштуруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому*

## V Глава
## Билим берүү тутумун башкаруу

### 34-берене. Билим берүү тутумун мамлекеттик башкаруу органдары

Билим берүү тутумун башкаруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук жана региондук органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Билим берүү тутумун мамлекеттик башкаруунун түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ага мыйзам берген ыйгарым укуктардын чектеринде иштелип чыгат жана бекитилет.

*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 28-августундагы № 639 «Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги жөнүндө» Жобону бекитүү тууралуу» токтому*

### 35-берене. Билим берүүнү башкаруудагы мамлекеттин компетенциясы

Билим берүү жаатындагы мамлекеттин компетенциясына төмөндөгүлөр кирет:

- мамлекеттик билим берүү саясатын, билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясын түзүү жана жүзөгө ашыруу, бул чөйрөдөгү артыкчылыктарды аныктоо;
- билим берүү жаатындагы мамилелерди жалпы мамлекеттик деңгээлде укуктук жактан жөнгө салуу;
- мамлекеттик бюджеттин билим берүүгө жумшалуучу чыгымдар жагын ченемдик негизде түзүү, билим берүү тутумун каржылоонун тартибин аныктоо;
- ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан, бардык билим берүү уюмдарына жалпы окуу-илимий-усулдук жактан жетекчилик кылуу;
- мамлекеттик каржылоо үчүн улуттук жана региондук маанидеги мамлекеттик жогорку окуу жайларынын тизмесин аныктоо;
- билим берүү тутумун маалыматтар менен камсыз кылуу, окуу адабияттарын жана окуу куралдарын бастырууну жана чыгарууну уюштуруу;
- окутуунун ченемдик мөөнөттөрүн билим берүүнүн деңгээлдери боюнча аныктоо;
- билим берүү уюмдары үчүн кесиптердин жана адистиктердин тизмесин аныктоо;
- билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын белгилөө;
- билим берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана эл аралык программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышын контролдоо;
- лицензиялоо, тестирлөө, аккредитациялоо институттары аркылуу билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү;
- камкорчулук жана билим берүү кыймылдарына колдоо көрсөтүү жана аларды өнүктүрүү;
- мыйзам тарабынан ага берилген ыйгарым укуктардын чектеринде кадр саясатын жүзөгө ашыруу.

*(КР 2013-жылдын 4-июлундагы № 110 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**36-берене. Жергиликтүү өз алдынча
башкаруу органдарынын компетенциясы**

Билим берүү жаатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- билим берүү уюмдарынын тармагын өнүктүрүү жана жарандардын билим алуу укугун камсыз кылуу;
- ведомстволук караштыгы бар билим берүү уюмдарын чарбалык жактан тейлөөнү жана каржылоону жүзөгө ашыруу;
- жетим жана ата-энесинин кароосунан калган жашы жетиле элек балдарды камкорчулукка жана көзөмөлчүлүккө алуу, алардын укуктарын коргоо, балдар үйлөрүндө, жатак мектептеринде үй-бүлөлөргө тарбиялоо же асырап алуу үчүн жайгаштыруу;
- айылдык мектептердин окуучуларын - кембагал үй-бүлөдөгү балдарды окуу китептери менен акысыз камсыз кылуу;
- жаштардын кесиптик даярдык маселелерин координациялоо;
- мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдарды туруктуу эсепке алууну жүзөгө ашыруу;
- балдарды жалпы билим берүү уюмдарына жана алардын иш жүзүндө жашаган жерлерине жеткирүүнү уюштуруу.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен белгиленген тартипте тиешелүү педагогикалык (илимий-педагогикалык) кадрлар, материалдык-техникалык база менен камсыз кылуу аркылуу билим берүү уюмдарын түзө алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары милдеттүү түрдө Айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондусунан айылдык мектептерге жер үлүшүн бөлүп берүүнү жүзөгө ашырат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**37-берене. Билим берүү уюмдарынын компетенциясы**

Билим берүү уюмдары өзүнө мыйзам тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чектеринде кадр саясатын жүргүзүүдө, окутуунун, тарбиялоонун усулдарын тандап алууда, илимий изилдөөлөрдүн багыттарын аныктоодо, уюштуруу, кесиптик, финансылык-чарбалык жана башка маселелерде уставдын, уюмдаштыруу келишиминин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук башка актыларынын чегинде өз алдынчалуулукка ээ.

Билим берүү уюму окуп жаткандардын маалы менен аттестациялоо тутумунун баасын, формасын, тартибин жана мезгилдүүлүгүн, билим берүү процессинин жана билим берүү технологияларынын, анын ичинде дистанциялык билим берүү технологияларынын усулдарын тандоодо өз алдынчалыкка ээ.

Билим берүү уюму билим берүү программаларын жарым-жартылай же толугу менен (айрым сабактарды эске албаганда) ишке ашыруу үчүн Кыргыз

Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы чектеген тартипте дистанциялык билим берүү технологияларын колдоно алат.

Билим берүү уюмдары юридикалык жакты же филиалды өзүнчө мүлккө ээ кылуу менен статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрдү түзө алат. Түзүмдүк бөлүмдөр филиалдарды жана башка бөлүмдөрдү түзүүгө укуксуз.

Кесиптик жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү бир билим берүү уюмунун алкагында бир адистик боюнча студенттерди окутуу, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо үчүн биринин ишин бири кайталаган түзүмдүк бөлүмдөрдү (институттарды, борборлорду, факультеттерди ж.б.) түзүүгө жол берилбейт.

Билим берүү уюмунун тиби жана статусу институционалдуу аккредиттөөнүн жүрүшүндө белгиленет.

**38-берене. Билим берүү уюмдарын башкаруу**

Билим берүү уюмдарын башкаруу демократиялуулук, борборлоштуруудан окчундоо, өз алдынчалуулук жана өз алдынча башкаруу принциптеринде курулат.

Жалпы чогулуш, камкорчулук, окумуштуулар, педагогдук жана башка кеңештер же комитеттер билим берүү уюмдарын өз алдынча башкаруунун формасы болуп саналат. Өз алдынча башкаруу органдарын шайлоонун тартиби жана алардын компетенциялары, кеңеш жана билим берүү уюмунун жетекчисинин ортосундагы ыйгарым укуктарды ажырымдоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана билим берүү уюмунун уставы менен аныкталат. Билим берүү уюмуна түздөн-түз жетекчиликти ректор, директор, башчы же башка жетекчи (администратор) жүзөгө ашырат.

Республикалык бюджеттен каржылануучу мамлекеттик мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, мектептердин, балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын мектептен тышкаркы, атайын жана кошумча билим берүү уюмдарынын, кесиптик башталгыч жана кесиптик орто билим берүү окуу жайларынын жетекчилери Кыргыз Республикасынын билим берүү жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы, ал эми жергиликтүү бюджеттен каржылануучу уюмдардыкы - билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун региондук органы тарабынан дайындалат.

Ички иштер, тышкы иштер жана коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын адистештирилген мамлекеттик жогорку окуу жайларынын жетекчилерин кошпогондо, мамлекеттик жогорку окуу жайынын жетекчиси (ректору) альтернативдик негизде мамлекеттик жогорку окуу жайдын жамаатынын жалпы жыйынында илимий даражасы жана наамы, ошондой эле тиешелүү квалификациясы бар адистердин ичинен жашыруун добуш берүү менен жөнөкөй көпчүлүк добуш менен шайланат.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү анын окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде жүргүзүлөт.

Эгерде аларга мамлекеттик жогорку окуу жайынын жамаатынын жалпы курамынын жарымынан көбү катышса, мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисин шайлоо өткөрүлөт жана болуп өттү деп эсептелет.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисин шайлоого катышкандардын санынын элүү пайызынан ашык добуш алган талапкер шайланды деп эсептелет. Эгерде талапкерлердин бири да добуштардын зарыл санын албаган учурда, кайра добуш берүү өткөрүлөт, ага добуштардын көпчүлүк санын алган эки талапкер катышат. Кайра добуш берүүгө катышкандардын санынын элүү пайызынан ашык добуш алган талапкер шайланды деп эсептелет. Шайланган талапкерди шайлоо өткөрүлгөн күндөн тартып он күндүн ичинде билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси мамлекеттик жогорку окуу жайдын

жетекчисинин кызмат ордуна бекитет. «Улуттук» деген статусу бар мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчиси шайлоо өткөрүлгөн күндөн тартып он күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан бекитилет.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчиси кызмат ордуна беш жылдык мөөнөткө шайланат жана бекитилет. Бир эле адам мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин кызмат ордуна катары менен эки мөөнөттөн ашык шайланышы жана дайындалышы мүмкүн эмес.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жаңы жетекчисин кезектеги шайлоо иштеп жаткан жетекчинин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып отуз календардык күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт. Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчиси ушул окуу жайдын кайрадан шайланган жетекчиси кызматына киришкенге чейин өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат.

Шайлоо өткөрүү боюнча уюштуруу комитетин түзүүнүн курамы жана тартиби жогорку окуу жайдын окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынын бекитилет.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:

- ыктыярдуу отставкага кеткенде;
- ушул Мыйзамда каралган тартипте демилгеленген кайра чакыртып алынууда;
- оорусунун себеби боюнча кызматтык милдеттерин аткаруу мүмкүн болбогондо же каза болгон учурда;
- жазык жоопкерчилигине тартылганда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздерде.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисин кайра чакыртып алуу мамлекеттик жогорку окуу жайдын окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн кем эмесинин добушу менен демилгелениши мүмкүн. Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисин кайра чакыртып алуу жөнүндө чечим жогорку окуу жайдын жамаатынын жалпы чогулушунда, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан бекитилет. Ыйгарым укуктарды мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимди бекитүү мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисин кызмат ордунан бошотууга алып келет.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, Кыргыз Республикасынын билим берүү жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисин шайлоону өткөргөнгө чейин мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин милдетин аткаруучуну дайындайт. Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин милдетин аткаруучу мамлекеттик жогорку окуу жайдын жамаатына жаңы кызматкерлерди алууга укуксуз.

Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жаңы жетекчисин шайлоо мурдагы жетекчи ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурдан тартып алтымыш күндөн кечиктирилбестен өткөрүлүүгө тийиш.

*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206, 2018-жылдын 30-июлундагы № 76 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**39-берене. Билим берүү уюмдарынын коомдук, саясий, диний уюмдар, ассоциациялар жана союздар менен өз ара мамилеси**

Билим берүү тутумунда коомдук уюмдар менен бирикмелер (союздар, академиялар, кесиптик ассоциациялар, окуу-усулдук бирикмелер окуу-усулдук, окуу-техникалык жана башка кеңештер менен уюмдар) түзүлүшү мүмкүн.

Билим берүү уюмдарында саясий жана диний партияларды жана уюмдарды түзүүгө тыюу салынат.

Билим берүү уюмдарынын кызматкерлери, студенттери, окуучулары Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте каттоодон өткөн саясий партиялардын жана уюмдардын мүчөсү болууга укугу бар.

Иши билим берүү уюмдарынын ишинин негизги багыттарына ылайык келген коомдук уюмдар менен болгон өз ара мамилелер келишим негизинде жөнгө салынат.

Мамлекеттик билим берүү уюмунун камкорчулук кеңеши өз ишин мамлекеттик билим берүү уюму тарабынан уставдык максаттарына жетүүсү үчүн жүзөгө ашырат.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255, 2014-жылдын 30-майындагы № 82 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**40-берене. Билим берүү ишин лицензиялоо, билим берүү уюмдарын жана программаларды аккредитациялоо, окуп жаткандарды тестирлөө**

Мектепке чейинки, жалпы башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто жана мектептен тышкаркы билим берүү программаларын ишке ашырып жаткан мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынан тышкары билим берүү уюмдары билим берүү программаларын ишке ашырууну тиешелүү лицензияларды алгандан кийин гана баштайт.

Билим берүү уюмдарын лицензиялоо Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жогорку окуу жайларына кабыл алуу жалпы республикалык тестирлөөнүн натыйжаларынын негизинде жүзөгө ашырылат. Орто мектептердин бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо жалпы республикалык тестирлөө менен айкалыштырылышы мүмкүн.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2-июнундагы № 404 «Абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөө жүргүзүүнү жана мамлекеттик билим берүү гранттарын конкурстук бөлүштүрүүнү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө» токтому*

Билим берүү уюмунун билим берүү программаларын, анын ичинде дистанциялык билим берүү технологияларынын жардамы менен ишке ашырууга даярдыгы билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензия берүүдө белгиленет.

Диний билим берүү уюмдарына (бирикмелерине) билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензиялар тиешелүү конфессиянын жетекчилигинин сунуштамасы боюнча жана дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын макулдугу менен берилет.

Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын ырастоо максатында билим берүү уюмдары аккредитациялык агенттиктерден институционалдык жана (же) программалык аккредитациялоодон өтүшөт.

Мында негизги жана жалпы орто билим берүү, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тартипте билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында институционалдык же/жана программалык аккредитациялоодон өтө алышат.

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы № 381 «Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоо тартибин жана Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө» токтому*

Менчигинин формасына жана ведомстволук таандыктуулугуна карабастан, билим берүү уюмдарын аккредитациялоо алардын иши Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте таанылган аккредитациялык агенттиктер тарабынан же билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан 5 жылдык мөөнөткө алардын жазуу жүзүндөгү арыздарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюму билим берүү уюмунун чечими боюнча бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди же өзүнүн үлгүсүндөгү документтерди берүү укугуна ээ.

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоону жүзөгө ашыруучу аккредитациялык агенттиктер мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдар түрүндө түзүлөт. Аккредитациялык агенттиктерди каржылоо артыкчылыктуу билим берүү уюмдарынан алынуучу аккредитациялык жыйымдардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында жана анын жетекчисинин төрагалыгы астында, аккредитациялык агенттиктердин ишин таануу жөнүндө маселени коллегиялуу жана айкын кароо үчүн түзүлгөн, консультациялык-кеңешүүчү орган болуп саналган, коомдук башталышта иштөөчү Улуттук аккредитациялык кеңеш түзүлөт.

Улуттук аккредитациялык кеңеш 15 адамдан турат, алардын ичине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 3 депутаты - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тармактык комитетинин өкүлдөрү, өзүнүн карамагында билим берүү уюмдары болгон мамлекеттик органдардын жетекчилери, коомдук жана кесиптик бирикмелердин, билим берүү уюмдарынын, мамлекеттик башкаруу органдарынын коомдук кеңештеринин өкүлдөрү кирет. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тармактык комитетинин өкүлдөрү Улуттук аккредитациялык кеңештин курамына кеңеш берүү добуш укугу менен кирет. Улуттук аккредитациялык кеңешти түзүүнүн жана ишинин тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Аккредитациялык агенттиктерди таануу Улуттук аккредитациялык кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат. Таануунун же болбосо таануудан баш тартуунун негизи жана тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун өзүнүн каражаттарынын эсебинен аккредитациялык агенттиктер тарабынан жүргүзүлөт.

Аккредитацияланууучу уюм тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү белгиленген талаптарга ылайык келбеген учурда, аккредитациялоону өткөрүп жаткан аккредитациялык агенттик же билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган билим берүү уюмун аккредитациялоодон баш тартат.

Аккредитациянын жол-жоболорун өткөрүүнүн тартиби, аккредитацияланууучу уюмга карата коюлуучу эң төмөнкү талаптар, ошондой эле аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу үчүн негиздер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-декабрындагы № 670 «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө» токтому*

*(КР 2013-жылдын 4-июлундагы № 110, 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 82, 2017-жылдын 23-майындагы № 84 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 41-берене. Сапатсыз билим берүүдөн келип чыккан з ыяндын ордун толтуруу

Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары билим берүү уюмдары бүтүрүүчүлөрдү сапатсыз даярдаган учурда бул бүтүрүүчүлөрдү башка билим берүү уюмунда кайра даярдоого жумшалган кошумча чыгымдардын ордун толтуруу боюнча кесиптик орто жана кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмуна доо коюуга укуктуу.

### 42-берене. Билим берүү уюмдарын кайра уюштуруу жана жоюу

Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кайра уюшулушу, жоюлушу мүмкүн.

Эгерде уюмдаштыруучу билим берүү уюмунун көрсөткүчтөрүн талап кылынган ченемдерге чейин жеткирүүгө милдеттенме алса, окуп жаткандардын укуктары менен кошо аны аткарууну ишке ашыруу менен бирдей камсыз кыла алса, билим берүү уюму башка түрдөгү билим берүү уюмуна кайра уюштурулушу мүмкүн.

Билим берүү уюмдарын кайра уюштуруу же жоюу, эреже катары, окуу жылынын аягында жүзөгө ашырылат. Мындай учурда уюмдаштыруучу окуп жаткандардын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлүнүн) макулдугу боюнча башка билим берүү уюмдарына которуу жоопкерчилигин өзүнө алат.

Жоюлган учурда билим берүү уюмдарынын акча каражаттары жана башка, мүлкү, милдеттенмелерди жабуу боюнча төлөмдөрдү чыгарып салуу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана билим берүү уюмунун уставына ылайык пайдаланылат.

## VI Глава
## Билим берүүнү өнүктүрүүнүн экономикалык негиздери жана каржылоо

### 43-берене. Билим берүүнү каржылоонун булактары

Билим берүүнү каржылоонун булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

- мамлекеттик билим берүү уюмдары үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- уюмдаштыруучу катары жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана жарандардын каражаттары;
- билим берүү уюмдарынын менчик каражаттары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган консультативдик, илим изилдөөчүлүк, басма, өндүрүштүк жана киреше киргизүүчү башка иштерден, ошондой эле бюджеттен тышкаркы билим берүү ишинин негизги жана кошумча билим берүү программаларынын бардык түрлөрүнөн, анын ичинде мамлекеттик билим берүү стандарттары койгон талаптардын чегинде келип түшкөн валюта каражаттары;
- депозиттик салымдардан түшкөн кирешелери;
- жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттары, башка жеке жана юридикалык, анын ичинде чет өлкөлүк жактардын ыктыярдуу соопчулуктары жана максаттуу төгүмдөрү;
- кредиттер;
- мамлекеттик билим берүү уюмдарын мамлекеттик каржылоо имараттарды, курулма, жер участкаларын, жабдууларды берүү, билим берүү уюмдары сарптаган чыгымдын ордун толтуруу, энчилүү жана башка формада стипендияларды, гранттарды, кредиттерди, жеңилдик берүү түрүндө ишке ашырыла тургандар;

- окуп жаткандарга берилчү мамлекеттик гранттар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген дагы башка булактар.

**43-1-берене. Мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын камкорчулук кеңештеринин финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартуусу**

Мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын (мындан ары - билим берүү уюмдары) камкорчулук кеңештери гана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн жана кайрымдуулуктарынан, башка түшүүлөрдөн түзүлгөн финансылык жана башка материалдык каражаттарды ыктыярдуу негизде тартышы мүмкүн.

Билим берүү уюмунун ишин камсыз кылуу, өнүктүрүү жана материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн камкорчулук кеңеши донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды), финансылык жана башка материалдык каражаттарды издөөнү жана тартууну жүзөгө ашырат жана бул тууралуу андан ары келип түшкөн финансылык жана башка материалдык каражаттар, аларды сарптоо тууралуу милдеттүү отчет менен жалпыга маалымдоо каражаттарына, интернет-сайттарына жана башка жолдор аркылуу жарыялоого укуктуу.

Билим берүү уюмуна финансылык жана башка материалдык жардам көрсөтүүлөр тууралуу окуучулардын ата-энелери үчүн кайрылуу маалыматтары, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчеттор билим берүү уюмдарынын көрүнүктүү жана жалпыга жеткиликтүү жерлерине жайгаштырылышы керек.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардан, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болуп саналган ата-энелерден (мыйзамдуу өкүлдөрдөн) же ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдары бар ата-энелерден (мыйзамдуу өкүлдөрдөн), ошондой эле жетим балдардан жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) камкордугусуз калган балдардан финансы каражаттарын чогултууга тыюу салынат.

Камкорчулук кеңеши тарабынан билим берүү уюму үчүн тартылган финансылык каражаттар атайын казыналык эсепке чегерилет жана билим берүү уюмунун камкорчулук кеңешинин чечими менен максаттуу арналыш боюнча пайдаланылат.

Камкорчулук кеңешинин төрагасы келип түшкөн финансылык жана материалдык каражаттар жана аларды сарптоо тууралуу отчетторду бербегени үчүн жоопкерчилик тартат.

Билим берүү уюмунун кызматчылары (жетекчиси, педагогикалык кызматчылар жана башкалар) өз мекемеси үчүн окуучулардан жана алардын ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) финансылык жана башка материалдык жардамдарды көрсөтүүнү талап кылууга укуксуз.

*(КР 2015-жылдын 17-апрелиндеги № 84 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**43-2-берене. Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү үчүн эсептешүүлөр**

Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик, муниципалдык жана жеке билим берүү уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө билим берүү уюмунун банктык эсебине же казыналыктагы атайын эсебине акча каражаттарын чегерүү жолу менен, улуттук валютада жүргүзүлөт.

Билим берүү уюмдарынын билим берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн чет өлкөлүк валютада акы төлөө тууралуу талаптары мыйзамсыз болуп саналат жана мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке алып келиши мүмкүн.

*(КР 2017-жылдын 22-февралындагы № 32 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**44-берене. Билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби**

Билим берүү уюмдарын каржылоо билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү жана типтери боюнча окуп жаткандардын ар бирине класс-комплектисине жана тобуна эсептелген типтүү ченемдердин негизинде, ар бир окуучуга иш жүзүндө жумшалуучу чыгымдарды ырааттуу көбөйтүү принцибинде жүзөгө ашырылат.

Окуп жаткандардын ар бирине класс-комплектисинин, топтун типтүү ченемдерин эске алуу менен билим берүү уюмдарынын муктаждыгын каржылоонун көлөмү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекитүүчү ар жылкы республикалык бюджетте каралат.

Мамлекет билим берүү муктаждыгына артыкчылыктуулугун камсыз кылгыдай, ошондой эле инфляция шартында тиешелүү чыгымдоо беренелери корголчу өлчөмдө каражат бөлүп турууга кепилдик берет.

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 28-июнундагы № 464 «Мамлекеттик билим берүү гранттарын 2006-2007-окуу жылына багыттар жана адистиктер боюнча сандык бөлүштүрүүнүн тизмесин бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 6-июлундагы № 263 «2007-2008-окуу жылына адистиктердин тизмесин жана мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде билим алуучуларды кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 27-июнундагы № 340 «2008-2009-окуу жылына адистиктердин тизмесин жана мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде билим алуучуларды кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 4-июнундагы № 351 «2009-2010-окуу жылына адистиктердин тизмесин жана мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде билим алуучуларды кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 10-июнундагы УӨ № 76 «2010-2011-окуу жылы үчүн мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окуй тургандарды кабыл алуунун санын жана адистиктердин тизмесин бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 17-июну № 329 «2011-2012-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окугандарды кабыл алуунун багыттарынын, адистиктердин жана көлөмүнүн тизмесин бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 469 «2012-2013-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окугандарды кабыл алуунун багыттарынын, адистиктердин жана көлөмүнүн тизмесин бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 26-июнундагы № 378 «2013-2014-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окугандарды кабыл алуу адистиктеринин жана көлөмүнүн тизмегин бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 6-июнундагы № 318 «2014-2015-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окугандардын адистиктеринин тизмегин жана кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 12-июнундагы № 323 «2014-2015-окуу жылына кесиптик орто билим берүүнүн адистиктеринин тизмегин жана билим берүү уюмдарында окугандарды кабыл алуу үчүн бюджеттик орундардын санын бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-майындагы № 283 «2015-2016-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окугандардын адистиктеринин тизмегин жана кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-июнундагы № 295 «2016-2017-окуу жылына карата мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутулуучу адистиктердин тизмесин жана кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 30-августундагы № 470 «2016-2017-окуу жылына кесиптик орто билим берүүнүн адистиктеринин тизмегин жана билим берүү уюмдарында окутууга кабыл алуу үчүн бюджеттик орундардын санын бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июнундагы № 366 «2017-2018-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы адистиктердин тизмесин жана окууга кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-июлундагы № 439 «2017-2018-окуу жылына кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү уюмдарына окутууга кабыл алуу үчүн адистиктердин тизмегин жана бюджеттик орундардын санын бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 2-июлундагы № 308 «2018-2019-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутулуучу адистиктердин тизмесин жана окууга кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө» токтому;*

*КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 378 «2018-2019-окуу жылына кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү уюмдарындагы адистиктердин тизмегин жана окууга кабыл алуу үчүн бюджеттик орундардын санын бекитүү жөнүндө» токтому*

Кошумча булактарды тартуу мамлекеттик бюджеттен каржылоонун ченемдерин же абсолюттук өлчөмдөрүн азайтууга алып келбейт.

Билим берүү уюмдарынын финансылык каражаттары алынып коюлбайт.

Окуп жаткандардын ар бирине класс-комплектиге жана топко эсептелген типтүү ченемдер мамлекеттик билим берүү уюмдарынын туруктуу иштешине жана өнүгүшүнө зарыл болгон шарттарга жараша Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Билим берүү процессинин жана билим берүү технологияларынын ар кандай усулдагы билим берүү программаларын ишке ашыруу учурунда, анын ичинде дистанциялык билим берүү технологияларын билим берүү уюмдары тарабынан пайдалануусу каржылоо ченемдеринин көбөйүшүнө алып келбейт.

Аз комплектелген айылдык мектептерди каржылоо ченемдери окуп жаткандардын санына карабастан кеткен чыгымдарды эсепке алуу менен түзүлөт.

Мамлекеттик эмес билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдери мамлекеттик билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдеринен төмөн болбоого тийиш.

Кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүчү мамлекеттик билим берүү уюмдары лицензиялык ченемдердин чектеринде уюмдаштыруучунун эсебинен ашыра каржылануучу квалификациялуу эмгектин кызматкерлерин (жумушчуларды жана кызматчыларды) жана адистерди жеке жана (же) юридикалык жактар менен түзүлгөн келишим боюнча анын наркына акы төлөтүү аркылуу тийиштүү деңгээлдеги билим берүүнү жүзөгө ашырууга укуктуу.

Мамлекеттик бюджеттен билим берүү уюмдарына бөлүнүп берилген каражаттар казыналык тарабынан контролдонот. Билим берүү уюму иштеп тапкан калган бардык каражаттарды камкорчулар кеңеши жана коомдук институттар контролдойт.

Мамлекеттин эсебинен билим алуучуларды кабыл алуунун көлөмү республикалык бюджетте өзүнчө сап менен аныкталат. Адистиктердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Билим берүү уюмдары бюджеттик жана бюджеттик эмес каражаттардын чегинде окуп жаткандарды жана педагогдорду социалдык жактан колдоо боюнча чараларды өз алдынча иштеп чыгат жана ишке ашырат.

Кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүчү мамлекеттик билим берүү уюмдары өздөрүнүн каражаттарын пайдалануунун багытын жана тартибин, анын ичинде билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөгө

жана материалдык жактан стимулдаштырууга багытталган үлүштү көзөмөлчүлүк кылуу кеңешинин макулдугу менен өз алдынча аныктайт.

**44-1-берене. Мамлекеттик билим берүү уюмдары тарабынан акча каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө отчетту коомдук угуу**

Мамлекеттик билим берүү уюмдары отчеттон кийинки жылдын 1-августуна чейин жыл сайын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкары каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө коомдук угууларды өткөрүүгө милдеттүү.

Билим берүү уюмдарынын билим берүү процессинин катышуучулары, жарандык сектордун өкүлдөрү жана бардык кызыкдар адамдар коомдук угууларга катыша алышат.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**44-2-берене. Мамлекеттик билим берүү уюмунун камкорчулук кеңеши**

(КР 2014-жылдын 30-майындагы № 82 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

**44-3-берене. Мамлекеттик билим берүү уюмунун камкорчулук кеңешинин ишин уюштуруу**

*(КР 2014-жылдын 30-майындагы № 82 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**45-берене. Билим берүү уюмдарынын өндүрүштүк иши**

Билим берүү уюмдары өндүрүштүк, анын ичинде бюджеттен тышкаркы билим берүү ишинен киреше алууга укуктуу, ал уставда каралган иштерди аткарууга багытталат.

Жалпы билим берүүчү уюмдарда окуу китептерин ижаралоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**46-берене. Билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасы**

Билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасына билим берүү, илим-изилдөө иштерине, билим берүү чөйрөсүнүн башка маселелерин чечүүгө пайдаланылуучу курулуштар, коммуникациялар, машиналар жана жабдуулар транспорттук, ошондой эле башка материалдык жана техникалык каражаттар кирет.

Билим берүү уюмдары өздөрүнө бекитилген жана (же) менчик укугуна таандык болгон имараттарды, курулуштарды, жабдууларды, ошондой эле социалдык, маданий жана башка багыттагы мүлктү, Кыргыз Республикасында колдонуучу ченемдерде аныкталган деңгээлден төмөн болбогон күтүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

Мамлекеттик эмес билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базалары уюмдаштыруучунун жана өз каражаттарынын эсебинен өнүктүрүлөт жана билим берүү уюмунун менчиги болуп саналат.

Мамлекеттик билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү өзүнө бекитилип берилген бюджеттик каражаттардын жана өзүмдүк каражатынын чегинде билим берүү уюмунун өзү тарабынан жүзөгө ашырылат. Жабдууларды алууга, капиталдык ремонт жүргүзүүгө кеткен чыгымдардын өлчөмү билим берүү уюму тарабынан тиешелүү тартипте бекитилген киреше жана чыгым сметасынын чегинде керектөөгө жараша жана болгон финансы каражаттарына лимиттерди белгилебестен билим берүү уюму өз алдынча аныктайт.

Башында турган мекеменин карамагындагы чарбалык эсептеги билим берүү түзүмдөрү учурдагы ремонтко жана алардын балансында турбаган, өздөрүнө бекитилип берилген материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө тиешелүү финансы чыгымдарын жумшоого укугу бар. Бул финансы чыгымы ошол мекемелердин

бекитилген кирешелер жана чыгымдар сметаларынын чегинде жүргүзүлөт жана бюджетке алынып коюлбайт.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук жака аймактык органдары ведомстволук караштуулугу бар билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасын күтүү жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

Билим берүү, илим-изилдөө, өндүрүштүк ишке жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү үчүн пайдаланылуучу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасы жеке адамдарга жана уюмдарга бекер ээлик кылууга жана пайдаланууга берилбейт. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасын ижарага берүүдөн алынган киреше Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлөт.

*(КР 2016-жылдын 29-июнундагы № 92 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 47-берене. Билим берүү тутумунун менчик мамилелери

Мамлекеттик билим берүү уюмдарына алардын ишин камсыз кылуу максатында, уставда каралган имараттарды, курулмаларды, жабдууларды, ошондой эле керектелүүчү, социалдык, маданий жана башка багыттагы зарыл керектүү башка мүлктөрдү оперативдүү башкаруу укугу берилет.

Мамлекеттик эмес билим берүү уюмдарына алардын ишин камсыз кылуу максатында, уставда каралган имараттарды, курулмаларды, жабдууларды, ошондой эле керектелүүчү, социалдык, маданий жана башка багыттагы зарыл керектүү башка мүлктөрдү уюмдаштыруучу (уюмдаштыруучулар) менчикке өткөрүп берет же оперативдүү башкаруу укугун берет. Ушул ченем, эгерде мамлекет уюмдаштыруучу болуп саналган учурга жайылтылбайт.

Билим берүү уюмдарына билим берүү уюмдарынын жүргүзгөн ишинин натыйжасы болуп эсептелген ага жеке жана юридикалык жактардын интеллектуалдык жана чыгармачылык эмгектин продуктысына белек түрүндө, соопчулук иретинде берген акча каражаттарына, мүлкүнө жана менчиктин башка объектилерине, ошондой эле жекече жүргүзгөн ишинен түшкөн кирешеге жана ошол кирешеге сатылып алынган мүлккө менчиктөө укугу таандык. Аларды ажыратуу маселеси өзүнчө чечилет.

Бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен сатып алынган мүлк билим берүү уюмунун өз алдынча тескөөсүнө келип түшөт жана өзүнчө балансга эсепке алынат.

Мамлекеттик билим берүү уюмдарына белгиленген тартипте берилген жер участкаларын оперативдүү башкаруу укугу берилет. Бул участкаларды пайдалануу укугу Кыргыз Республикасынын Жер кодекси менен жөнгө салынат.

Мамлекеттик билим берүү уюмдарынын имараттары жана курулмалары мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарына гана өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары жана курулмалары менчиктештирилүүгө жана сатылууга жатпайт.

Мамлекеттик билим берүү уюмдарынын мүлкү билим берүүдөн башка максаттарга пайдалануу үчүн алынып коюлбайт.

Улуттук жана региондук маанидеги мамлекеттик жогорку окуу жайларынын тизмегине кирбеген мамлекеттик жогорку окуу жайлары, негизги катары билим берүү ишин сактап калуу менен өзүн-өзү каржылоо принциптеринде иштеген мамлекеттик коммерциялык эмес билим берүү уюмдарына кайра уюштурулат. Улуттук жана региондук маанидеги мамлекеттик жогорку окуу жайларынын тизмеги Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тармактык комитети менен

макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат. Улуттук жана региондук маанидеги жогорку окуу жайларынын тизмегине кирбеген билим берүү уюмдарын каржылоодон бошотулган каржы ресурстары билим берүү уюмдарын өнүктүрүүгө багытталат.

Билим берүү уюму мүлктүн сакталышы жана натыйжалуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартат. Билим берүү уюмдарынын бул жагындагы ишине контроль Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген тартипте жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик эмес билим берүү уюмдары өздөрүнө мурда бекитилген же мамлекеттик менчиктен ажыратылып ижарага берилген мүлктү сатып алууда артыкчылык укуктарынан пайдаланышат.

*(КР 2013-жылдын 4-июлундагы № 110, 2013-жылдын 16-декабрындагы № 221 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 48-берене. Билим берүү уюмдарынын интеллектуалдык менчиги

Материалдык активдер формасындагы (илимий эмгектер, лекциялар, патенттер, программалык камсыз кылуу, билим берүү, дистанциялык жана маалымат технологиялары) интеллектуалдык менчик билим берүү уюмдарынын жана алардын кызматкерлеринин билим берүү жана экономикалык иштеринин булагы катары кызмат кылган менчиктин башка түрлөрүндөй эле корголууга тийиш.

## VII Глава
## Билим берүү жаатындагы эл аралык кызматташтык жана тышкы экономикалык иш

### 49-берене. Эл аралык кызматташтык

Кыргыз Республикасынын тышкы саясий иштеринин алкактарында жүзөгө ашырылуучу билим берүү жагындагы эл аралык кызматташтык накта өнөктөштүккө, аз ара ишенимге негизделет жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын курамдык бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин жана ченемдеринин негизинде курулат.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн борбордук жана региондук мамлекеттик башкаруу органдары, билим берүү уюмдары, билим берүү тутумундагы ишканалар жана уюмдар чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер, ишканалар жана уюмдар менен түз байланыштарды орнотууга, мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүү, илимий жана илим-изилдөө программаларын жүзөгө ашырууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттер аралык жана эл аралык коомдук билим берүү бирикмелерине кирүүгө укуктуу.

Башка мамлекеттердин жарандарын Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында жана Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөлүк билим берүү уюмдарында окутуу, кайра даярдоо жака квалификациясын жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен түзүлгөн мамлекеттер аралык макулдашуулар, ошондой эле билим берүү уюмдары же айрым жарандар менен түзүлгөн келишимдер боюнча жүзөгө ашырылат.

*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 50-берене. Тышкы экономикалык иш

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн борбордук жана региондук мамлекеттик башкаруу органдары, билим берүү уюмдары, билим берүү тутумундагы ишканалар жана уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тышкы экономикалык ишин өз алдынча жүзөгө ашырышат.

Алар банктарда жана башка кредиттик уюмдарда валюталык эсептерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ачууга укугу бар.

Мамлекеттик билим берүү уюмдары, ишканалары жана билим берүү тутумундагы уюмдар тышкы экономикалык иштен алган, менчик укугундагы өзүнө таандык валюталык каражаттарга ээ. Алар билим берүү тутумун өнүктүрүүгө жана анын материалдык-техникалык базасын чыңдоого жумшалат.

**51-берене. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерде жашаган этностук кыргыздарга, чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга билим берүү кызматын көрсөтүү**

Кыргыз Республикасы башка мамлекеттерде жашаган этностук кыргыздарга жана башка чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга, анын ичинде атайын билим берүү уюмдарын түзүү формасында билим берүү кызматын көрсөтөт. Кызмат көрсөтүү тартиби мамлекеттер аралык келишим, ошондой эле жеке адамдар менен түзүлгөн келишим боюнча жөнгө салынат.

Башка мамлекеттин жараны болуп саналган этностук кыргыздарга мамлекеттик бюджеттин эсебинен мамлекеттик билим берүү уюмдарында окуу үчүн квота берилет.

Этностук кыргыздардын контракттык форма боюнча окуусу үчүн акы төлөө Кыргыз Республикасынын жарандары төлөгөн өлчөмдө алынат.

**52-берене. Эл аралык келишимдер**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ратификациялаган эл аралык келишимге жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамдарга шайкеш келбеген учурда, Кыргыз Республикасы менен башка мамлекеттердин ортосунда түзүлгөн эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

Мамлекеттер аралык билим берүү уюмдар алардын ортосунда жана башка өлкөлөрдүн өкмөттөрү менен түзүлгөн келишимге ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат.

**52-1-берене. Ушул Мыйзамды бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Ушул Мыйзамды бузган же анын аткарылышына тоскоолдук кылган адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## VIII Глава
## Корутунду жоболор

**53-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

2016-жылдын 1-сентябрынан тартып күчүнө кирген 40-берененин алтынчы-он бешинчи бөлүктөрүн кошпогондо, ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы билим берүү уюмдарынын мамлекеттик аккредитациясын (аттестациясын) 2016-жылдын 1-сентябрына чейин жүргүзсүн.

Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосттору, 1993-жыл, № 2, 53-ст.);

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргызстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1997-жыл, № 12, 575-ст.);

2002-жылдын 25-июлундагы № 130 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренеси.

*(КР 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 82 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**54-берене. Ченемдик укуктук актыларды ушул Мыйзамга ылайык келтирүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эки айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А.Акаев**

**2003-жылдын 25-апрелинде** **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2001-жылдын 14-январы № 9*

## МУГАЛИМДИН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ

*(КР 2005-жылдын 18-июлундагы № 105, 2005-жылдын 30-июлундагы № 117, 2006-жылдын 28-декабрындагы № 210, 2009-жылдын 25-июнундагы № 189, 2010-жылдын 26-мартындагы № 56, 2011-жылдын 8-августундагы № 150, 2013-жылдын 15-январындагы № 3, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам мамлекеттик саясаттын принциптерин аныктайт, мугалимдин иши менен байланышкан укуктук, социалдык-экономикалык мамилелерди жөнгө салат жана жалпы орто, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин укуктук абалын сапаттык жактан жакшыртууну камсыз кылуучу шарттарды түзүп берүүгө, аларды социалдык жактан коргоо кепилдиктерин ишке ашырууга багытталган.

### I Глава
### Жалпы жоболор

#### 1-статья. Мугалимдин статусунун мазмуну

**Мугалим** - зарыл кесиптик билимге жана тиешелүү квалификацияга ээ, жалпы орто мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде иштеп жаткан, окутуу, илимий, усулдук, тарбиялык, уюштуруучулук жана жетекчилик иштерди аткаруучу киши.

Педагогдук иштин шарттары жана мүнөзү мугалимдин статусунун мазмунун аныктайт, ал мугалимдин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин, ошондой эле аларды ишке ашыруунун кепилдиктерин камтыйт.

Мугалим Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген бардык укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланат.

*(КР 2005-жылдын 18-июлундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

#### 2-статья. Мугалимдик статуска ээ болгондор

Кыргыз Республикасынын жана башка ар кандай өлкөнүн зарыл болгон педагогикалык билимге жана тиешелүү квалификацияга ээ болгон, ар түрдүү типтеги жана менчиктин түрүндөгү, окутуу, илимий, усулдук, тарбиялык, уюштуруучулук жана жетекчилик иштерди аткаруучу мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарында, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарында иштеген жарандары мугалимдик статуска ээ.

*(2-бөлүгү КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Квалификациясынын жетишсиздигине жана окуу-тарбия ишинин принциптерине сыйбаган адепсиз аракеттерине байланыштуу мугалимди статусунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

*(КР 2005-жылдын 18-июлундагы № 105, 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

#### 3-статья. Мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамдар

Мугалимдин статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдан, ушул Мыйзамдан жана мугалимдин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктаган башка ченемдик укуктук актылардан, ошондой эле Кыргыз Республикасы

катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.

*(КР 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**4-статья. Мугалимдин педагогдук ишинин принциптери**

Мугалимдин ишинин негизги принциптери:

- окуучуну окутууга, тарбиялоого, өнүктүрүүгө жекече багытталган мамиле;
- окуучунун укуктарын жана эркиндиктерин, улуттук-маданий каада-салттарга урмат көрсөтүүнү камсыз кылган окутуунун жана тарбиялоонун гумандуулук мүнөзү;
- жалпы адамзатка таандык моралдык принциптерди жана адеп-ахлактык дөөлөттөрү жактоо;
- окуучуларды жыныс белгиси, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандуулугу, диний ынанымы, жаш курагы, теги, мүлктүк жана башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча түздөн-түз, тымызын жана (же) кыйыр басмырлоого, укуктарын чектөөгө же артыкчылыктарды берүүгө жол бербөө;
- окуучуларды мекенди сүйүү, жогорку жарандуулук, эл достугунун духунда тарбиялоо;
- билим берүүнүн жолун жолдоочулугу;
- педагогикалык иштин уюштуруу усулдардын жана формаларын эркин тандап алуу;
- окутуу жана тарбия берүү принциптеринин биримдиги;
- илимдин, техниканын жана маданияттын эң соңку жетишкендиктеринин негизинде өз билимин өркүндөтүү;
- окуучулар жана алардын үй-бүлөлөрү менен тыгыз байланыш;
- балдар жана жаштар бирикмелери, эмгек жамааттары, ошондой эле иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган бул ишке тламдаш мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен кызматташтык болуп саналат.

*(КР 2005-жылдын 30-июлундагы № 117, 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**II Глава**
**Мугалимдин укуктары**

**5-статья. Мугалимдин кесиптик ишиндеги укуктары**

Зарыл билими жана мыйзамда аныкталган тиешелүү педагогикалык квалификациясы бар адамдар педагогикалык иш жүргүзүүгө укуктуу болот.

Мугалим:

- мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келген жана Өкмөт бекиткен окуу программаларын, окутуу формаларын жана усулдарын, окуу китептерин жана окуу куралдарын эркин тандап алууга;
- жаңы автордук программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгууга катышууга;
- новатордук усулдарды жана ыкмаларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны ишке ашырууга;
- педагогикалык иште новатордук усулдарды жана ыкмаларды түзгөндүгү жана жайылткандыгы үчүн сыйланууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жекече педагогдук иш жүргүзүүгө;

- категорияны жогорулатуу максатында мөөнөтүнөн мурда аттестацияланууга;
- белгиленген тартипте беш жылда бир жолудан кем эмес квалификациясын жогорулатып турууга;
- жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого укуктуу.

Мугалим Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык өз ишин башка иш менен айкалыштырып иштөө укугунан пайдалана алат.

Мугалим мектепти башкарууга катышууга укуктуу.

Мугалимдин кызмат абалынын туруктуулугу ал мектепте билим берүү тутумун уюштуруу толук же жарым-жартылай өзгөртүлгөн учурда да кепилдикке алынат.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 6-статья. Мугалимдин ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо

Кыргыз Республикасынын же башка өлкөнүн жараны катары, мугалимдин ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо кепилдикке алынат.

Мугалимдин кесиптик ишмердигин инспекциялоо жана контролдоо тутуму анын эркин чыгармачылык демилгесине чектөө киргизбөөгө тийиш. Аттестациянын жүрүшүндө жана башка учурларда мугалимдин ишине баа берүү калыстык менен жүргүзүлүүгө жана мугалимдин өзүнө маалымдалууга тийиш.

Мугалимдин ишин аттестациялоо, инспекциялоо жана контролдоо тартиби билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан иштелип чыгат жана Өкмөт тарабынан бекитилет.

Мектепке чейинки билим берүүчү, жалпы билим берүүчү, мектептен тышкары билим берүүчү, атайын билим берүүчү уюмдардын, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарынын мугалимдерин, алардын кесиптик ишине байланышпаган айыл чарба жана башка жумуштарга тартууга жол берилбейт.

Окуучулардын ата-энелери, өзүнүн мүнөзү боюнча мугалимдин кесиптик милдетине кирген маселелерге жүйөсүз кийлигишүүгө укуксуз.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 7-статья. Материалдык жактан камсыз болуу укугу

Мугалимдин кызмат акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте белгиленет.

Мугалимдин кызмат акысы финансы жылына (12 ай) эсептелет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин эсебинен ар бир категориянын чегинде мугалимдердин кызмат акысына кошумчаларды белгилеши мүмкүн.

Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдары, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдары камкорчулук кеңеши менен макулдашуу боюнча жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүк, демөөрчүлүк каражаттардан педагог кызматкерлердин кошумча жана кошуп төлөөнү өз алдынча белгилей алат.

*(Бешинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Мугалимдин стандарттык ченемден (ставкадан) ашкан окуу-тарбия ишине акы төлөнөт.

*(Жетинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(Сегизинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(Тогузунчу бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Мамлекет мектептердин мугалимдерине жана жетекчилерине республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден айлык акыны жыл ичинде толук көлөмдө өз убагында төлөп берүүнү камсыз кылат.

Мугалимдердин айлык акысы өз убагында төлөнбөгөн учурда, аны төлөп берүү «Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди жана башка социалдык төлөөлөрдү өз убагында берүүнү камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык индексациялоо менен жүргүзүлөт.

Бийик тоолуу жана алыскы айылдык райондордо иштеген мугалимдерге Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте жеңилдиктер жана айлык акысына кошумча төлөөлөр каралат.

Турак жай аянты менен камсыз кылынбагандарга же турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж болгондорго жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан турак жай куруу үчүн жер участоктору берилет.

Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарында, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарында иштеген илимдин кандидаты же докторунун окумуштуулук даражасы бар мугалимдерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кошумча акы белгиленет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган мугалимдин айлыгынан кармап калууларга тыюу салынат.

Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдары, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдары окуучулардын тандоосу боюнча факультативдик сабактарды, курстарды өткөрүүгө, ийримдерди, клубдарды, илимий студияларды, спорттук жана башка бирикмелерди уюштурууга, лекцияларга акы төлөп берүүгө каражат бөлүүгө укуктуу.

(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы № 210, 2009-жылдын 25-июнундагы № 189, 2010-жылдын 26-мартындагы № 56, 2011-жылдын 8-августундагы № 150, 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

### 8-статья. Социалдык жактан камсыз болуу укугу

Мамлекет мугалимди анын репродуктивдик функциясына байланышкан эмгектик, турмуш-тиричиликтик жана социалдык жеңилдик шарттары менен камсыз кылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жаш адистерге турак жай аянтын күтүү жана коммуналдык тейлөө боюнча эксплуатациялык чыгымдарын төлөөдө жеңилдиктерди же жекече турак жай курулушуна процентсиз ссудаларды бере алат.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 9-статья. Эс алуу укугу

Мугалимдин эс алуу укугу окуу сааттарын сарамжал пландаштыруу, жумалык эс алуу берүү, ошондой эле мыйзамдарда каралгандай жыл сайын төлөнүүчү өргүүлөргө чыгаруу менен камсыз кылынат.

Мугалимдин иш күнүнүн жана иш жумасынын узактыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 10-статья. Саламаттык сактоо укугу

Мугалим саламаттыгын сактоого укуктуу, бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы, дарылоо-профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү менен ишке ашырылат.

Мугалимге жыл сайын мамлекеттик дарылоо-профилактикалык мекемелерде милдеттүү түрдө амбулаториялык жана медициналык текшерүү жүргүзүлөт.

Мугалим Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген жеңилдик шартта санаторияларда жана эс алуу үйлөрүндө санаториялык-курорттук дарылануусуга, пансионаттарда жана туристтик базаларда эс алууга укуктуу.

### 11-статья. Жер үлүштөрү менен камсыз болуу укугу

*(КР 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

### 12-статья. Жогорку кесиптик жана орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын педагогикалык факультеттерин бүтүрүүчүлөрдү чыныгы аскер кызматына чакырууну кийинкиге калтыруу укугу

Айыл жерлерине иштөөгө жиберилген жогорку кесиптик жана орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин бүтүрүүчүлөрүнө айыл жерлериндеги мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарында, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарында иштеген эмгектик ишинин бүткүл мезгилинде чыныгы аскер кызматына чакыруу кийинкиге калтырылат.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 13-статья. Сыйлануу укугу

Өсүп келе жаткан муундарды окутууда жана тарбиялоодо жогорку натыйжаларга жетишкендиги үчүн мугалим билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ведомстволук сыйлыктарына жана мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүлүшү мүмкүн.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 14-статья. Мугалимдин ишинин айрым түрлөрүнө чектөөлөр

Мугалимге:
- мектепте диний, атеисттик үгүт иштерин жүргүзүүгө;
- мектепте саясий топторду, партияларды уюштурууга;
- шовинисттик, улутчул, милитаристтик идеологияларды жайылтууга;
- окуучуларды иш таштоо кыймылына жана саясий акцияларга тартууга;
- окуучуларга зордук-зомбулук кылууга тыюу салынат.

## III Глава
## Мугалимдин милдеттери жана жоопкерчилиги

### 15-статья. Мугалимдин милдеттери

Мугалим:
- окутууну жогорку кесиптик деңгээлде жүргүзүүгө, окуучулардын окуу программасын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинен кемитпей өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;
- окуу-тарбия ишин ата-энеге, улууларга, Кыргызстандын маданий-тарыхый байлыктарына, анын мамлекеттик түзүлүшүнө урмат көрсөтүү духунда жүргүзүүгө, айлана-чөйрөгө сарамжал мамилени тарбиялоого;
- жалпы адамзатка таандык моралдык принциптерге: ак ниеттүүлүккө, эмгекти сүйүүгө, гуманизмге, патриотизмге, чындыкка, адилеттикке жана башка жакшы касиеттерге урмат көрсөтүүнү бекемдөөгө;
- өзүнүн педагогдук билимин жана устаттыгын тынымсыз өркүндөтүүгө;
- окуучулардын ар намысын жана кадыр-баркын урматтоого;

- окуучуларды өз ара түшүнүшүү, тынчтык, элдердин ортосундагы ынтымак рухунда аң-сезимдүү турмушка даярдоого;
- окуучулардын жекече чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

### 16-статья. Мугалимдин административдик, жарандык-укуктук жана жазыктык жоопкерчилиги

Мугалим, укук тартибин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## IV Глава
## Мугалимди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу

### 17-статья. Педагогикалык кадрларды даярдоо

Кыргыз Республикасында мугалим кадрларын кесиптик жагынан ар кыл типтеги, ар кандай түрдөгү жана менчиктин ар кандай формасындагы кесиптик педагогикалык орто жана жогорку окуу жайлары даярдайт.

Кесиптик педагогикалык окуу жайы инсандын, мамлекеттин жана коомдун алдында өз иши үчүн жоопкерчилик тартат. Кесиптик педагогикалык окуу жайдын ишинин анын уставында каралган максаттарга ылайык келээрине контролдукту өз компетенциясынын чегинде педагогикалык окуу жайдын уюштуруучусу (уюштуруучулары) жана билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берген билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишке ашырат.

Мамлекеттик кесиптик педагогикалык окуу жайларга педагогикалык адистиктер боюнча студенттерди кабыл алуу республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен мамлекеттик заказдын чегинде адистерди даярдоого кабыл алуу планы боюнча сынактык негизде жүргүзүлөт.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 18-статья. Мугалим кадрларынын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо

Мамлекет мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарынын, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарынын бардык типтеги мекемелеринин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн бардык шарттарды түзүүгө кепилдик берет.

Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу юридикалык жактар тарабынан жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары, кошумча кесиптик билим берүү уюмдары менен түзүлгөн келишимдер боюнча юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Мамлекет мугалимдерге жана илимий-педагогикалык кызматкерлерге илимий-педагогикалык, окуу-усулдук, ойлоп табуучулук, эксперименталдык жана эксперттик иш үчүн чыгармачылык өргүү берүүнүн кепилдигин алат.

Мугалимдердин жана илимий-педагогикалык кадрлардын квалификация-
сын жогорулатуунун мыйзамдарда жөнгө салынбаган тартиби, түрлөрү жана формалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

*(КР 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## V Глава
## Корутунду жоболор

### 19-статья. Ушул Мыйзамды жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана кызмат адамдарынын милдети жана жоопкерчилиги

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишканалар жана алардын бирикмелери, мекемелер, уюмдар, кызмат адамдары, билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын жана милдеттеринин чегинде ушул Мыйзамды жүзөгө ашырууну камсыз кылат. Мугалимдердин укуктарын жүзөгө ашыруу боюнча милдеттерин аткарбаган же чала аткарган кызмат адамдары жана башкалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

Административдик башкаруу жагынан кызматтык милдеттерин аткарууда көрсөтүлгөн органдардын жана кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттери менен мугалимдерге келтирилген зыяндын орду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толук көлөмдө толтурулат.

### 20-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам 2001-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

«Эркин Тоо» газетасынын 2001-жылдын 19-январында № 5 жарыяланды

**Кыргыз Республикасынын
Президенти** **А. Акаев**

**2000-жылдын 26-декабрында**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңешинин Мыйзам чыгаруу
жыйыны тарабынан кабыл алынган**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2014-жылдын 30-майы № 81*

## КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ

Ушул Мыйзам жарандарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңешин түзүүнүн жана анын ишинин максаттарын, принциптерин, укуктук жана уюштуруучулук негиздерин белгилейт.

### 1-глава. Жалпы жоболор

1-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу түшүнүктөр

**Көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары - Кеңеш)** - юридикалык статуска ээ эмес, ушул Мыйзамда белгиленген тартипте түзүлүүчү, жарандарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мамлекеттик же муниципалдык мекемелерди тең башкаруучу орган.

**Социалдык кызмат көрсөтүүлөр** - жарандарга социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик жана/же муниципалдык мекемелер тарабынан (билим берүү, маданият, социалдык коргоо жана саламаттык сактоо) берилүүчү кызмат көрсөтүүлөр.

**Социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик же муниципалдык мекемелер** - ишинин негизги түрү билим берүү, маданият, социалдык коргоо жана саламаттык сактоо жаатындагы социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү болуп саналган мекемелер.

**Жарандыккоомдунуюмдары**-коомдункызыкчылыктарындаруханийжебашка материалдык эмес керектөөлөрдү ишке ашыруу үчүн алардын кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде түзүлгөн, пайда табуу ишинин негизги максаты болуп саналбаган, ал эми табылган пайда мүчөлөрдүн, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрүлбөгөн ыктыярдуу өз алдынча башкарылуучу коммерциялык эмес уюмдар.

**Коомдук иш** - жарандардын гумандуулуктун баалуулуктарын сактоого жана чыңдоого, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, инсандын өнүгүүгө көмөктөшүүгө жана социумду өркүндөтүүгө багытталган, өз керектөөлөрүнө жана кызыкчылыктарына ылайык үчүнчү жактардын же жалпы коомдун пайдасына эркин жана аңдап-сезип тандоонун негизиндеги жеке же жамааттык, ыктыярдуу жана пайда көздөбөстөн жүзөгө ашырылуучу иши.

### 2-берене. Кеңеш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Кеңеш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан жана башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

### 3-берене. Кеңеш жөнүндө негизги жоболор

1. Кеңеш социалдык чөйрөдөгү бардык мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде (мындан ары - социалдык чөйрөдөгү мекемелер) түзүлүшү жана башкаруу органынын иш-милдеттерин ушул Мыйзамда белгиленген компетенцияларынын алкактарында жүзөгө ашырышы мүмкүн.

2. Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү чөйрөсүндө иштеген башка уюмдардын менчик ээлери ушул Мыйзамда белгиленген шарттарда жана тартипте кеңештерди түзүүгө укуктуу.

3. Социалдык чөйрөнүн бир мекемесинде бир Кеңеш аракеттенет.

4. Кеңеш өз ишин мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдарынын жана жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрүнүн анын ишине ыктыярдуу жана акысыз катышуу принциптеринде туруктуу негизде жүзөгө ашырат.

**4-берене. Кеңештин максаты жана милдеттери**

1. Кеңештин максаты кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн сапатын, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишинин айкындыгын жана бюджеттик эмес каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүү болуп саналат.

2. Төмөнкүлөр Кеңештин милдеттери болуп саналат:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;
2) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө көмөктөшүү;
3) мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коомдук уюмдар менен, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;
4) социалдык чөйрөдөгү мекемелерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу.

**5-берене. Кеңештин ыйгарым укуктары**

1. Кеңеш:

1) уюштуруучу тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекеменин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт;
2) социалдык чөйрөдөгү мекеме үчүн тартылган бюджеттик эмес каражаттардын сметасынын аткарылышын карайт жана көзөмөлдөйт;
3) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди өнүктүрүүгө донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка финансы булактарын издөөнү жана тартууну жүзөгө ашырат.

2. Кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

1) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишин жакшыртуу жана билим берүү, маданият, социалдык коргоо жана саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
2) жыйналыштарга социалдык чөйрөдөгү мекеменин кызматкерлерин, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн, ошондой эле кызыкдар уюмдарды, адистерди жана эксперттерди чакырууга;
3) мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголуучу жашырын сырга кирген маалыматтарды кошпогондо, социалдык чөйрөдөгү мекеменин тиешелүү кызмат адамдарынан ишти (анын ичинде бюджеттен тышкары финансы-чарбалык) жүзөгө ашырууга байланыштуу документтерди же башка маалыматтарды суратып алууга;
4) зарылдыгына жараша Кеңештин мүчөлөрүнүн ичине туруктуу жана/же убактылуу комиссияларды түзүүгө;
5) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин мониторингин жүргүзүү жана баалоо үчүн консультанттарды, аудиторлорду, эксперттерди тартууга жана келишимдик негизде жумушчу топторду түзүүгө;
6) фискалдык органдар тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекемени текшерүүлөрдүн натыйжалары менен таанышууга;
7) ыйгарым укуктуу органдарга, алардын кызмат адамдарына, укук коргоо органдарына зарыл чараларды көрүү үчүн табылган тартип бузуулар жөнүндө материалдарды берүүгө;

8) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин маселелери боюнча коомдук пикирди иликтөөгө жана жалпылоого, алынган маалыматтарды мекеменин ишин өркүндөтүү максатында пайдаланууга.

3. Кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) кеңештин ишинин бир жылдык планын иштеп чыгууга жана бекитүүгө;
2) өз ишин социалдык чөйрөдөгү мекеме, бул мекеменин уюштуруучусу, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен тыгыз өз ара аракеттенүүдө жүзөгө ашырууга;
3) социалдык чөйрөдөгү мекеменин иши жөнүндө коомчулукка маалымдоого көмөктөшүүгө;
4) жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын веб-сайты аркылуу өз иши, кабыл алынган чечимдери жана алардын аткарылышы жөнүндө коомчулукка маалымдоого;
5) берилген социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүүгө жана аларды өркүндөтүү боюнча өзүнүн сунуштарын киргизүүгө;
6) өз иши жөнүндө ар жылдык отчетторду даярдоого жана жалпыга маалымдоо каражаттары же социалдык чөйрөдөгү мекемелерди уюштуруучулардын расмий веб-сайты аркылуу коомчулукка маалымдоого;
7) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди каржылоого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген кошумча булактарды тартууга;
8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талабы боюнча өз иши жөнүндө отчетторду берүүгө.

## 2-глава.
## Кеңешти түзүү жана анын ишин уюштуруу

### 6-берене. Кеңешти түзүүнүн тартиби

1. Төмөнкүлөр Кеңештин мүчөлөрү боло алышат:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемелерде же коомдук иште иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары;
2) ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, маданий жана социалдык чөйрө мекемелеринин, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, студенттик жана ата-энелер бирикмелеринин өкүлдөрү.

2. Кеңеш 15 адамдан ашык эмес санда түзүлөт.

3. Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү кеңеш социалдык чөйрөдөгү мекеме үчүн анын ведомстволук баш ийүүсүндө болгон жана 11 адамдан ашпаган Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссия (мындан ары - Комиссия) түзөт.

4. Комиссиянын курамына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү жана ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка өкүлдөр кире алышат.

5. Комиссия жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңешти түзүү жөнүндө кулактандыруу берет же социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнүн расмий веб-сайтына жайгаштырат.

6. Комиссия социалдык чөйрөдөгү мекемелердин Кеңешинин сапаттык курамын тандоону жана түзүүнү жүзөгө ашырат жана ал жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, жергиликтүү кеңештин жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын макулдугу менен Комиссиянын чечими менен бекитилет.

7. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн уюмдардын өкүлдөрү жалпыга маалымдоо каражаттарында социалдык чөйрөдөгү мекеменин Кеңешин түзүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып 30 күндүн ичинде өз өкүлдөрүн өкүлдөшөт.

8. Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү кеңеш сунуштаманы алган учурдан тартып 3 күндүн ичинде ал тарабынан Кеңештин мүчөлүгүнө көрсөтүлгөн талапкер боюнча жарандык коомдук уюмга жүйөлүү баш тартуу билдирүүгө укуктуу. Жарандык коомдук уюм бир эле талапкерди кайталап көрсөткөн учурда, Комиссия 3 күндүн ичинде аны Кеңештин мүчөлүгүнө бекитүүгө тийиш.

9. Кеңештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аны бекиткен учурдан тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам чексиз жолу Кеңештин мүчөсү болууга укуктуу.

10. Социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучулары болуп саналган адамдар, ошондой эле мекемеге башчылык кылган жетекчилер Кеңештин мүчөсү боло алышпайт.

11. Кеңештин мүчөлөрү бир эле убакта социалдык чөйрөдөгү мекеменин бирден ашык Кеңешинин мүчөсү боло алышпайт.

**7-берене. Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери**

1. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемеде өткөрүлүүчү чогулуштарга жана жыйналыштарга байкоочулардын статусунда катышууга;
2) Кеңеш, жергиликтүү кеңеш жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлгөн комиссиялардын, жумушчу топтордун иштерине катышууга;
3) Кеңештин төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууну демилгелөөгө;
4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана социалдык чөйрөдөгү мекеменин уставында каралган башка укуктарга.

2. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кеңештин жыйналыштарына келүүгө;
2) Кеңештин мүчөсүнүн жүрүм-турум этикасын сактоого;
3) Кеңештин чечимдерин аткарууга;
4) мыйзамдарда жана социалдык чөйрөдөгү мекеменин уставында белгиленген башка милдеттерди аткарууга.

3. Кеңештин мүчөлөрү өз укуктарын жүзөгө ашырууда жана милдеттерин аткарууда социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу жарандардын кызыкчылыктарында аракеттенүүгө тийиш.

4. Кеңештин мүчөлөрү өздөрүнүн аракеттери (аракетсиздиктери) менен келтирилген зыян үчүн социалдык чөйрөдөгү мекеменин алдында жоопкерчилик тартышат. Мында Кеңештин зыянга алып келген чечимге каршы добуш берген же добуш берүүгө катышпаган мүчөлөрү жоопкерчилик тартышпайт.

5. Кеңештин мүчөлөрү ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

8-берене. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын токтотулушу

1. Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда токтотулат:

1) ал шайланган мөөнөт аяктаганда;
2) ал өз каалоосу боюнча ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө арыз бергенде;

3) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерине чыгып кеткенде;
4) ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде;
5) аны сот тартибинде аракетке жөндөмсүз, ошондой эле дайынсыз жоголду же өлдү деп тааныганда;
6) Кеңештин мүчөсүнүн социалдык чөйрөдөгү мекемеге же Кеңештин беделине зыян келтирген жүрүм-турум этикасын бузганда;
7) медициналык корутундуга ылайык ден соолугунун абалы боюнча өз милдеттерин жүзөгө ашырууга мүмкүн болбогондо;
8) жүйөлүү себептерсиз Кеңештин жыйналыштарына катары менен беш жолу келбегенде.

2. Кеңештин мүчөлөрүн мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен кабыл алат.

3. Кеңештин курамындагы бош орунду ээлөө ушул Мыйзамдын 6-беренесинде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

**9-берене. Кеңештин ишин уюштуруу**

1. Кеңеш өз ишин көз карандысыздык, айкындуулук, коллегиялуулук, ак ниеттүүлүк, мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат.

2. Кеңештин төрагасы ачык добуш берүү менен, Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат.

Кеңештин төрагасын шайлоого талапкерлер Кеңештин мүчөлөрү тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлөт.

3. Кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал шайланган күндөн тартып башталат жана жаңы төраганы шайлаган күндүн алдындагы күндө токтотулат.

4. Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо иштеп жаткан төраганын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн акыркы айында өткөрүлөт. Эгерде Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо ушул беренеде белгиленген мөөнөттө өткөрүлбөй калган учурда, Кеңештин иштеп жаткан төрагасы Кеңештин жаңы төрагасы шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну уланта берет.

5. Төрага болбогон мезгилде төраганын милдеттерин аткаруу төраганын чечими менен, ал эми мындай тапшырма берүүгө мүмкүн болбогондо - анын жалпы курамынын көпчүлүгүнүн добушу менен, Кеңештин чечими боюнча Кеңештин мүчөлөрүнүн бирине жүктөлөт.

6. Кеңештин төрагасы:
1) Кеңештин ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара мамилелерде Кеңештин атынан чыгат;
2) жыйналыштарды чакырат, Кеңештин жыйналыштарында кароо үчүн киргизилүүчү маселелерди аныктайт;
3) Кеңештин жыйналыштарында төрагалык кылат;
4) Кеңешке берилген материалдарды текшерүүнү уюштурат;
5) Кеңештин ишинин натыйжаларын жалпылоону уюштурат жана анын ишин уюштурууну жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алат;
6) социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучусуна, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга Кеңештин иши жөнүндө маалымдайт;
7) Кеңештин чечимдерине ылайык башка иш-милдеттерди аткарат.

7. Кеңештин төрагасы өз иш-милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда анын ыйгарым укуктары Кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмесинин чечими менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

8. Кеңеш өз курамынан Кеңештин катчысын шайлайт.

Катчынын ишин техникалык жактан колдоо үчүн Кеңештин чечими боюнча адамдар келишимдик негизде тартылышы мүмкүн.

9. Кеңештин катчысы:

1) Кеңештин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;
2) Кеңештин мүчөлөрүнө жыйналышты өткөрүүнүн датасы, убактысы жана орду жөнүндө кабар берет, Кеңештин жыйналышынын протоколун жүргүзөт;
3) Кеңештеги иш кагаздарын уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле анын чечимдеринин аткарылыш мөөнөттөрүн көзөмөлдөйт;
4) Кеңештин жана анын төрагасынын тапшырмаларына ылайык башка иш-милдеттерди аткарат.

**10-берене. Кеңештин ишин финансылык жактан камсыз кылуу**

1. Кеңеш өз ишин уюштуруу үчүн мыйзамдарга карама-каршы келбеген булактардан финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартууга укуктуу.

2. Кеңеш тарабынан тартылган акчалай каражаттарды топтоштуруу үчүн социалдык чөйрөдөгү мекеме жетекчиси банкта мекеменин топтоомо эсебин ачат.

3. Акчалай каражаттары эсептен Кеңештин чечиминин негизинде, анда көрсөтүлгөн дайындуу максаттарга гана алынышы мүмкүн.

4. Кеңеш акчалай каражаттарды өз ишин уюштурууга, бирок түшкөн сумманын 2 пайызынан көп эмесин пайдаланууга укуктуу.

5. Кеңеш жыл аягында өз иши жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында отчет жарыялайт.

**11-берене. Кеңештин жыйналышы**

1. Кеңештин биринчи жыйналышын Кеңештин жашы боюнча улуу мүчөсү ачат.

Кеңештин биринчи жыйналышында ачык добуш берүү менен Кеңештин төрагасы жана катчысы шайланат.

2. Кеңештин жыйналышында Кеңештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ.

Кеңештин жыйналышы ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда ченемдүү укук болот.

Кеңештин жыйналышы ачык, кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Кеңештин жыйналыштарын өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү Кеңештин жылдык иш планы менен аныкталат.

3. Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин талабы боюнча Кеңештин мүчөлөрү кезексиз жыйналыш чакыруу жөнүндө сунуш киргизүү укугуна ээ.

4. Кеңештин мүчөлөрү анын жыйналыштарына жеке өздөрү катышат. Кеңештин жыйналышына катышуу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, Кеңештин мүчөсү күн тартибине киргизилген маселе боюнча өзүнүн пикирин жазуу жүзүндө жөнөтүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн пикир Кеңештин жыйналышында каралууга жатат жана добуш берүүдө эске алынат.

5. Кеңештин чечими боюнча анын жыйналышына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, илимий, кесиптик бирликтердин жана башка уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле социалдык чөйрөдөгү мекемелердин иши жаатында адистешкен эксперттер жана башка консультанттар чакырылышы мүмкүн.

6. Кеңештин жыйналышы ачык өткөрүлөт, аларга социалдык чөйрөдөгү мекемелердин өкүлдөрү, жарандар, жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катыша алышат.

7. Кеңештин чечими Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат жана протокол менен жол-жоболонот, ага жыйналыштын төрагасынын жана катчысынын колдору коюлат.

Кеңештин мүчөсүнүн өзгөчө пикири жазуу жүзүндө жол-жоболонот жана Кеңештин чечимине тиркелет.

8. Кеңештин чечими боюнча тигил же бул маселелер электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу жолу менен добуш берүүгө коюлушу мүмкүн. Электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу аркылуу добуш берүү жол-жобосу, ошондой эле ушундай ыкмалар менен кабыл алынган чечимдерди протоколдук жол-жоболоо Кеңештин уставында аныкталат.

9. Эгерде алар Кеңеш тарабынан кабыл алынбаса же бекитилбесе же болбосо белгиленген тартипте алар менен макулдашылбаса, Кеңештин мүчөсү документтерди, чечимдерди, сунуштамаларды же башка маалыматтарды Кеңештин атынан жарыялоого, мамлекеттик органга же башка адамдарга берүүгө укуксуз.

10. Кеңештин иши жөнүндө маалыматтар Кеңештин расмий веб-сайтына жайгаштырылышы мүмкүн, веб-сайт болбогондо жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялануута тийиш.

**12-берене. Кеңештин мамлекеттик органдар, социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү**

1. Кеңештин иш планынын көчүрмөсү аны бекиткен күндөн тартып 5 жумушчу күндөн кечиктирбестен, ошондой эле ага ар бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин социалдык чөйрөдөгү мекемеге, мекеменин уюштуруучусуна, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга милдеттүү тартипте жиберилет.

2. Социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучусу, мекеменин жетекчиси, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кеңештин жыйналышынын күн тартибине киргизүү үчүн Кеңештин кароосуна маселелерди киргизүүгө укуктуу.

3. Мамлекеттик органдар, социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын мекемелери мамлекеттик же башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды кошпогондо. Кеңештин суроо-талаптары - боюнча зарыл маалыматтарды берет.

4. Кеңештин ишин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу (Кеңештин жыйналыштары үчүн орун жайды камсыз кылуу, орун жайды талкууланган маселелер боюнча маалымдама-маалыматтык материалдарды көрсөтүү үчүн зарыл техникалык каражаттар менен жабдуу, материалдарды көбөйтүү ж.б.) Кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат.

13-берене. Кеңештин ишин токтотуу

1. Кеңеш социалдык чөйрөдөгү мекеме кайра уюштурулган учурда өз ишин токтотот.

2. Кайра уюштурууда (кошулуу, бөлүнүү, биригүү, бөлүп чыгаруу) социалдык чөйрөдөгү бир мекемеде бир Кеңеш аракеттенет.

## 3-глава.
## Кеңештин ишин координациялоо

### 14-берене. Кеңештердин мүчөлөрүнүн коомдук бирикмеси

1. Өз ишин координациялоо үчүн кеңештер кеңештердин мүчөлөрүнүн коомдук бирикмесине (мындан ары - Бирикме) ыктыярдуу башталышта биригүүгө укуктуу.

2. Бирикме юридикалык жак болуп саналат жана мыйзамда белгиленген тартипте түзүлөт.

3. Бирикме төмөнкү иш-милдеттерди жүзөгө ашырат:

1) кеңеш үчүн кадрларды даярдоого көмөктөшүүнү;
2) кеңештердин милдеттерин жана максаттарын жалпыга маалымдоо каражаттарында пропагандалоону;
3) кеңештин мүчөлөрү жана башка адамдар үчүн укуктук жана башка темаларда дареметти жогорулатуу боюнча коммуникативдик, маалыматтык, консультативдик иш-чараларды өткөрүүнү;
4) кеңешке усулдук жардамдарды көрсөтүүнү;
5) көзөмөлчүлөрдү сыйлоонун ар кандай түрлөрүнө көрсөтүүнү;
6) социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңеш түзүүгө көмөктөшүүнү;
7) ушул Мыйзамда, башка ченемдик укуктук актыларда жана Бирикменин уставында караоган башка иш-милдеттерди.

4. Өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн Бирикме мыйзамга карама-каршы келбеген каржылоо булактарын тартууга укуктуу.

### 15-берене. Бирикменин ишин уюштуруу

1. Бирикмеге жетекчиликти 7ден кем эмес мүчөдөн турган, уюштуруу жыйналышында шайланган башкармалык жүзөгө ашырат.

2. Башкармалыктын мүчөлөрү өз ишин акысыз негизде жүзөгө ашырышат.

3. Бирикменин учурдагы иши Бирикме мүчөлөрүнүн ичинен түзүлгөн Бирикменин катчылыгы же келишимдик негизде тартылган адистер тарабынан жүзөгө ашырылат.

### 16-берене. Бирикменин ишинин айкындыгы жана ачыктыгы

1. Бирикме жыл аягында отчеттук конференция өткөрөт, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) кеңештердин - Бирикме мүчөлөрүнүн иши жөнүндө жыйынтыктоочу отчет;
2) кеңештердин ишинин мыкты тажрыйбалары;
3) сыйлыкка Кеңештин айырмаланган мүчөлөрүн, көзөмөлчүлүктү өнүктүрүүгө салым кошкон меценаттарды, кайрымдууларды жана башка адамдарды.

2. Бирикме жалпыга маалымдоо каражаттарында өз иши жөнүндө отчет жарыялайт.

## 4-глава.
## Корутунду жоболор

### 17-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүү тартиби

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2014-жылдын 6-июнунда № 43 жарыяланды

2. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 3 жылдан кечиктирбестен ушул Мыйзамда белгиленген тартипте социалдык чөйрөдөгү мекемелерде көзөмөлчүлүк кеңештери түзүлүүгө тийиш.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып бир жылдан кечиктирбестен, Кеңешти түзүү максатка ылайыксыз болгон социалдык чөйрөдөгү мекемелердин тизмегин аныктасын.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А.Атамбаев**

**2014-жылдын 24-апрелинде** **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган**

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2011-жылдын 12-сентябрындагы
№ 541 токтому менен
бекитилген*

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБО

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы
№ 544, 2014-жылдын 17-сентябрындагы
№ 535 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Типтүү жобо төмөнкү жалпы билим берүү уюмдары үчүн типтүү болуп саналат:

- жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашырган мектептер;
- жогорку окуу жайларында окууга багытталган гуманитардык жана табигый-илимий профилдик сабактар боюнча кошумча (тереңдетип) даярдоону камсыздаган жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашырган (жалпы башталгыч билим берүү программаларын да ишке ашырууга мүмкүн) гимназиялар;
- кесипке чейинки даярдоого же келечекте жөндөмдүү балдардын кесиптик ишине багытталган табигый-илимий же техникалык профилдеги сабактар боюнча кошумча (тереңдетип) даярдоону камсыздаган жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашырган (жалпы башталгыч билим берүү программаларын да ишке ашырууга мүмкүн) лицейлер.

Ушул Типтүү жобо (мындан ары - Жобо) мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмдар үчүн үлгүлүү жобо болуп эсептелет.

Ушул Жобонун негизинде тийиштүү типтеги жана түрдөгү жалпы билим берүү уюмдардын жоболору иштелип чыгат.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык жана ушул Жобонун негизинде жалпы билим берүү уюму өзүнүн уставын иштеп чыгат.

2. Жалпы билим берүү уюму үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.

3. Жалпы билим берүү уюмунун иши төмөнкү принциптерге негизделет:

- республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;
- гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;
- жарандуулук жана патриоттук;
- билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- окутуунун динден тышкары мүнөзү;
- академиялык эркиндик жана ак ниеттик;
- жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук.

4. Жалпы билим берүү уюму өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ушул Жобону жана өзүнүн уставын жетекчиликке алат.

5. Жалпы билим берүү уюмунун негизги максаттары деп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.

6. Жалпы билим берүү уюму адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден-соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө, анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.

7. Жалпы билим берүү уюму мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден-соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.

8. Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү күндүзгү тариздe жүзөгө ашырылат.

Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн.

Жалпы билим берүү уюмунун бардык баскычтарында негизги жалпы билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн окуучулар өз алдынча билим алуу таризин - экстернаты - колдоно алышат.

Күндүзгү-сырттан (кечки) билим алуу таризи жалпы билим берүү уюмунун 6-11 (12)-класстарында ишке ашырылышы мүмкүн.

Үй-бүлөлүк, жекече, күндүзгү-сырттан (кечки) билим алуу, экстернат же ар кандай тариздердин айкалышкан түрүндөгү жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүү шарты жана тартиби уюштуруучусу же уюштуруучулары (мындан ары - уюштуруучу) тарабынан жалпы билим берүү уюмунун уставында аныкталат жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен түзүлгөн келишимге ылайык жүзөгө ашырылат.

9. Билим алуунун бардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын чегинде бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштейт.

10. Жалпы орто билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана вариативдүүлүгүн камсыз кылууга, инсандын шыгына, жөндөмүнө жана ден-соолугунун абалына ылайыкташтырып окутуунун жана тарбиялоонун ыңгайлуу шарттары менен камсыздалган билим берүү инфраструктурасын түзүү максатында, билим берүүнүн мазмунуна коюлуучу конкреттүү маселелер менен талаптарга жана бюджеттик каржылоо шарттарына ылайык ар кандай типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдары түзүлүшү мүмкүн. Алардын ишкердүүлүктөрү Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

### 2. Жалпы билим берүү уюмунун ишин уюштуруу

11. Жалпы билим берүү уюму юридикалык жак катары уставы, эсептөө жана башка счеттору, мамлекеттик жана (же) расмий тилдеринде почталык дареги жазылган мөөрү, бурч-мөөрү (штампы) жана бланктары, бекитилип берилген мүлкү бар уюм болот.

12. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип боюнча мамлекеттик аттестациядан (аккредитациядан) өтөт.

13. Жалпы билим берүү уюму уюштуруучунун же ал ыйгарым укук берген органдын макулдугу боюнча юридикалык жак же филиал статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрүн түзүп, аларды өз алдынча мүлк менен камсыздайт. Түзүмдүк бөлүмдөр өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүн ачууга укуксуз.

Юридикалык жак же филиал статусун алган түзүмдүк бөлүмдөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтүшөт.

Жалпы билим берүү уюмунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде өткөрүлөт.

Берилген ишеним каттын негизинде иш алып барган түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин дайындалышы жалпы билим берүү уюмунун уставына ылайык жүргүзүлөт.

14. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана келишимдин негизинде кесиптик уюмдарын жана бирикмелерин (педагогикалык ассоциацияларды, союздарды, окутуу-усулдук бирикмелерди ж.б. кеңештерди жана уюмдарды) түзүүгө жана (же) алардын иштерине катышууга укуктуу.

15. Окуучулардын акысыз медициналык тейлөөсүн саламаттыкты сактоо органдары тарабынан жалпы билим берүү уюмуна атайын бекитилген медициналык кызматкер жүргүзөт. Жалпы билим берүү уюмунун администрациясы менен бирдикте медициналык кызматкер да алдын-ала дарылоо иш-чараларын жүргүзүү, окуучулардын санитардык-тазалык ченемдери, тамактануууларынын сапаты жана режими боюнча жооп тартат.

Медициналык кызматкердин иш жүргүзүшү үчүн жалпы билим берүү уюмунда атайын бөлмө каралат, ошондой эле медициналык кызматкердин билдирмеси боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы алдын алуу дарылоо каражаттары менен камсыздайт.

16. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен аныкталат.

17. Жалпы билим берүү уюмунда класстардын саны жарандардын тапшырган арыздарына жана санитардык-тазалык эрежелери менен класстардын толукталышынын чектүү ченемдердин негизинде жалпы билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот.

18. Жалпы билим берүү уюмунун класс-комплектеринин толукталышынын чектүү ченемин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

Чакан комплектүү жалпы билим берүү уюмунун класстарынын толукталышы тийиштүү шарттар жана каражаттардын болушуна жараша белгиленет.

19. Жалпы билим берүү уюму окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтары боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актысынын негизинде акы төлөнүүчү узартылган топторду ачууга укуктуу.

20. Жалпы билим берүү уюмунда балдардын психикалык жана физиологиялык деңгээлинин окууга толук даяр эместигин жоюу максатында алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтарын эске алып, уюштуруучунун макулдугу менен Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде компенсациялуу окутуу класстары ачылышы мүмкүн.

21. Жалпы билим берүү уюмунда уюштуруучусунун макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде акыл-эсинде жана дене

түзүлүшүндө кынтыгы бар окуучулар үчүн атайын (коррекциялоочу) класстары ачылышы мүмкүн.

Окуучуларды атайын (коррекциялоочу) класстарга которуу (жиберүү) алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациянын корутундусу боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы тарабынан Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жүргүзөт.

### 3. Билим берүү процесси

22. Жалпы билим берүү уюму билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:

- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл);
- жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 5 жыл);
- жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 2 жыл).

23. Жалпы билим берүү уюмуна 6-7 жашка толгон балдар кабыл алынат, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.

24. Башталгыч жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү, алардын окуудагы, жазуудагы жана саноодогу жалпы билүүлөрү менен жөндөмдөрүн, логикалык ой жүгүртүү элементтерин жана таанып-билүү ишин, өз алдынча билим алуунун жана өзүн-өзү уюштуруунун жөнөкөй ыкмаларын, жүрүм-турум жана сүйлөөнүн маданиятын, өздүк тазалыгынын негиздерин жана жашоонун сергек адаттарын өздөштүрүү эсептелет.

Жалпы башталгыч билим берүү негизги жалпы билим алуу үчүн база болуп саналат.

25. Жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн-өзү аныктоого, өз алдынча иш тажрыйбасын өздөштүрүүгө жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө багытталган шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү эсептелет.

Жалпы негизги билим берүү жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

26. Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүнүн аяктоочу этабы болуп, окуучулардын туруктуу компетенцияларын жана чыгармачылык шыктарын өнүктүрөт, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң-сезимдүү тандоо үчүн даярдоонун негизинде өз алдынча окуу көнүгүүлөрүн калыптандырууну камсыздайт.

Жалпы орто билим башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга база болуп берет.

Жалпы билим берүү уюмундагы Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамы аныктаган экстернат таризинен тышкары тездетилген окутуу программалары боюнча жалпы орто билим берүүгө жол берилбейт.

Акыл-эсин жана (же) дене түзүлүшүн коррекциялоого муктаж балдар үчүн атайын жалпы билим берүү уюмдарынын окутуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Жалпы билим берүү уюмунда тийиштүү шарттар болсо окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтарына ылайык ар кандай окутуу профилдерин жана багыттарын киргизүү мүмкүн.

27. Конкреттүү жалпы билим берүү уюмунда жалпы орто билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын негизинде аныкталып, жалпы билим берүү уюму өз алдынча ишке ашырат.

Жалпы билим берүү уюму мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык өз алдынча иштеп чыккан модификацияланган жалпы билим берүү программаларынын экспертизасын педагогикалык багытта иштеген илимий-изилдөө институту өткөрөт.

28. Жалпы билим берүү уюмунун окутуу тилин (тилдерин) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюштуруучу аныктайт жана жалпы билим берүү уюмунун уставында бекитилет.

Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили деп аныкталган кыргыз тилин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутат. Кыргыз Республикасында расмий тили катары орус тили, ошондой эле бир чет тил, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары - Билим берүү министрлиги) бекиткен Базистик окуу планына ылайык окутулат.

29. Жалпы билим берүү уюмунун тийиштүү шарттары (педагогикалык кадрлар, окутуу-усулдук каражаттар, материалдык-техникалык жабдуулар ж.б.) болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, негизги жалпы билим берүү программаларынан тышкары да кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим берүү кызматын (келишимдин негизинде) көрсөтө алат.

30. Кошумча билим берүү программалары жана кошумча билим берүү кызматы окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдуктары менен тийиштүү шарттар түзүлсө өткөрүлөт.

31. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыны жетекчиликке алып, баа коюу системасын, окутуунун жана тарбиялоонун тариздерин, ыкмаларын жана усулдарын, ошондой эле окуучулардын которуу сынактарынын мезгилдүүлүгүн жана тариздерин тандоого укуктуу.

32. Жалпы билим берүү уюмунда Базистик окуу планынын негизинде иштелип чыккан иш окуу планы боюнча билим берүү процесси өткөрүлөт.

Окуучулардын окуу жүктөмү чектелген жүктөмдүн ченеминен ашпаш керек жана Базистик окуу планынын окуу сабактарын окутууга бөлүнгөн сааттарынын санынан төмөн болбош керек.

Башталгыч мектеп үчүн аптада беш күндүк, негизги жана орто мектептер үчүн аптада алты күндүк иш режими билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылып, уставда белгиленет.

Окуучулардын сабактарынын режими Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмунун уставында аныкталат.

33. Жалпы билим берүү уюмдарында окуу жылы 1-сентябрдан башталат.

Мектепте билим берүүнүн I-II-III-баскычтарында окуу жылынын созулушу, мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын мөөнөттөрүн эсептебегенде, 34 аптадан кем эмес, ал эми биринчи класста - 33 аптаны түзөт.

Окуу жылынын ичинде каникулдардын созулушу 30 календардык күндөн кем эмес, жайында 14 календардык күндөн кем эмести түзөт. Биринчи класстын окуучуларына окуу жылынын ичинде кошумча бир апталык каникулдар берилет.

Жалпы билим берүү уюмунун биринчи классында сабактын созулушу 40 минутаны, ал эми экинчиден он биринчи класстарга чейин 45 минутаны түзөт.

Жалпы билим берүү уюму жылдык (календардык) окутуу жүгүртмөсүн билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашып, бекитет.

34. Мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашырган жалпы билим берүү уюмдарынын ишин мамлекеттик контролдоону билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун региондук органдары жүргүзөт.

Мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмунун ишин мамлекеттик контролдоочу анын уюштуруучусунун макулдугу менен билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзөт.

35. Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын кепилдигинин негизги таризи болуп жаңы типтеги жалпы билим берүү уюмдарынын аныкталган тартипте беш жылда бир жолу өткөрүлүүчү мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) эсептелинет.

4. Билим берүү процессинин катышуучулары

36. Жалпы билим берүү уюмунун окуу процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык кызматкерлер (мындан ары - мугалимдер) жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) эсептелинет.

37. Жалпы билим берүү уюмуна бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү медициналык маалымкаттарынын негиздеринде мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарына кабыл алуулары сыноосуз, акчалай жана башка төлөмдөрсүз өткөрүлөт.

38. Сабактарды тереңдетип окутуучу мектептерге, лицейлерге жана гимназияларга кирүүчүлөр арыздарынын негизинде тестирлөө таризинде кабыл алынышат. Жалпы билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган тестирлөөнүн шарттары окууга кирүүчүлөрдүн даярдык деңгээлдерин аныктоого жана ушул типтеги жалпы билим берүү уюмунда тереңдетилген деңгээлдеги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрө алган даярдыгы барларды тандай алууга багытталат.

Атайын жатак-мектептерге окуучуларды кабыл алуу, аларды атайын жатак-мектептин бир түрүнөн башкасына которуу психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялардын корутундулары боюнча Билим берүү министрлиги аныктаган тартипте жүргүзүлөт.

39. Жалпы билим берүү уюму кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн уставы жана окуу процессин жөнгө салуучу башка да жердиктүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

40. Окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укуктары менен милдеттери ушул Жобонун негизинде жалпы билим берүү уюмунун уставында аныкталат.

41. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы билим берүү уюмун ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;
- кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде алууга;
- жалпы билим берүү уюмунун китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;
- уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
- балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
- инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;

- жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.

42. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка да улуттардын салттарын, жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
- ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим берүү уюмунун, анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткарууга;
- жалпы билим берүү уюмунун мүлкүнө этиеттик мамиле кылууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен окуучулардын кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.

43. Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.

Окуучуларга карата кара күч жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга кескин тыюу салынат.

44. Жалпы билим берүү уюму окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугусуз жалпы билим берүү программаларында жана Базистик окуу планында каралбаган жумуштарды аткарууга жол берилбейт.

45. Окуучуларды коомдук-саясый жана диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө (өтүүгө), ошондой эле ушул партиялар менен уюмдардын иштерине, агитациялык кампаниялар менен саясий акцияларына катышуусун мажбурлоого жол берилбейт.

46. Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт.

Тийиштүү класстардын негизги жалпы билим берүү программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска которулат.

Өткөн класстын (баскычтын) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмунун кийинки классында (баскычында) окуусуна жол берилбейт.

47. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн жалпы билим берүү уюмунун бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.

Жалпы билим берүү уюму жалпы негизги же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалымкат тапшырат.

48. Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүгө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин артыкчылыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.

Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү «Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн» деген Мактоо грамотасы менен сыйланат.

Бардык сабактар боюнча эң жакшы чейректик, жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары «Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн» деген Мактоо баракчасы менен сыйланышат.

49. Жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана жалпы билим берүү уюмунун уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары жалпы билим берүү уюмунан чыгарууга жол берилет.

Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.

Жетим балдарды жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды жалпы билим берүү уюмунан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

50. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы билим берүү уюмун тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмунун башкаруусуна катышууга;
- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга укуктуу.

51. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;
- балдардын күч-кубатына жана психикалык ден-соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;
- баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, Мекенин, айлана-чөйрөнү урматтоого тарбиялоого;
- жалпы билим берүү уюмунун уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга жана балдарынын тарбиясына жана балдары жалпы билим берүү уюмдарына зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө.

52. Ушул Жобонун 52 жана 53-пункттарында каралбаган ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) башка укуктары жана милдеттери жалпы билим берүү уюмунун уставында бекитилиши мүмкүн.

53. Жалпы билим берүү уюмун мугалимдер менен толуктоо (комплектөө) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлүп, уставында аныкталат.

Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп жалпы билим берүү уюму эсептелет.

Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому, тийиштүү педагогикалык квалификациясын ырастаган педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынат.

*(төртүнчү абзац КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы № 544 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмунда иштөөгө жол берилбейт.

Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы № 544 токтомунунредакциясына ылайык)*

54. Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

55. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:

- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплектерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
- өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
- кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга (бул максатта жалпы билим берүү уюмунун администрациясы мугалимдерди кайра даярдоо жана дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу үчүн тийиштүү шарттарды түзөт);
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- уставында аныкталган тартипте жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

56. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- педагогикалык этиканы жана жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого;
- окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарынын жогору ахлактык сапаттарын тарбиялоого;
- билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келүүгө;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын жогорулатууга;
- окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен мугалимдердин кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.

57. Педагогикалык жүктүн өлчөмү окуу планы боюнча сааттардын санына, жалпы билим берүү уюмунун кадрлар менен камсыздыгына жана башка да иш шарттарына жараша аныкталат.

Окуу планынын сааттарынын саны азайтылбаса же класстардын саны кыскартылбаса, окуу жылынын башында белгиленген окутуу жүктөмүнүн өлчөмү

(педагогикалык иши) окуу жылынын ичинде жалпы билим берүү уюмунун администрациясынын демилгеси менен бир ставкадан төмөн кыскартылбайт.

Жаңы окуу жылынын башында окутуу жүгүн белгилөөдө, бул жалпы билим берүү уюму негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жана окутууну улантуу сакталат.

58. Мугалимдердин макулдугусуз кесиптик милдеттери жана эмгек келишими менен каралбаган жумуштарга тартууга жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурлардан тышкары, эмгек келишими менен каралбаган жумушту аткарууга мугалимдин каршы болушу аны кызматтан бошотууга негиз боло албайт.

59. Жалпы билим берүү уюмунун башка категориядагы кызматкерлеринин укуктары менен милдеттери тийиштүү типтеги дасыктык мүнөздөмөлөрү жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен аныкталат.

**5. Жалпы билим берүү уюмун башкаруу**

60. Жалпы билим берүү уюмун башкаруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, ушул Жобого жана жалпы билим берүү уюмунун уставына ылайык демократиялык, ачык-айкындык, өз алдынчалык жана мамлекеттик-коомдук кызматташтык принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

61. Жалпы билим берүү уюмунда тең башкаруунун тариздери болуп жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш, камкорлук кеңеш, ата-энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруулары жана башка кеңештер эсептелинет.

Жалпы билим берүү уюмунун тең башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун уставында аныкталат.

62. Жалпы билим берүү уюмуна түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат.

Республикалык бюджеттен каржыланган жалпы билим берүү уюмунун директору Билим берүү министрлиги тарабынан, ал эми жергиликтүү бюджеттен каржыланган жалпы билим берүү уюмунун директору - билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы тарабынан кызматка дайындалат жана ээлеген кызматынан бошотулат.

Жалпы билим берүү уюмунун директору менен 5 жылга чейинки мөөнөткө, бирок катары менен экиден ашык эмес мөөнөткө эмгек келишимин түзөт.

Жалпы билим берүү уюмунун директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кызматка дайындалат, которулат жана ээлеген кызматынан бошотулат.

Директорлук кызматка пенсия жашынан өтпөгөн, Кыргыз Республикасынын жараны, жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын, психологияны, менеджментти жана билим берүүнү каржылоону, мектепте билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын укуктарын жана милдеттерин билген жаран дайындалат.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-сентябрындагы № 535 токтомунун редакциясына ылайык)*

63. Директордун орун басарын жана материалдык-жоопкерчиликтүү кызматкерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу жалпы билим берүү уюмунун директорунун сунуштамасы боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү органы тарабынан жүргүзүлөт.

Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алууну жана кызматтан бошотууну жалпы билим берүү уюмунун директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзөт.

Мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмунун директорун, директордун орун басарын, педагогикалык жана башка кызматкерлерин кызматтарга дайындоо жана кызматтан бошотуу анын уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексининнегизинде жана уставына ылайык жүргүзөт.

64. Жалпы билим берүү уюмунун директору ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн), мамлекеттин жана коомдун алдында өзүнүн кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана жалпы билим берүү уюмунун уставына ылайык жекече түрдө жооп тартат.

65. Директор:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» Мыйзамдарын, жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырат;
- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органынын макулдугу боюнча педагогикалык кеңеш менен бирдикте жалпы билим берүү уюмунун негизги өнүгүү багыттарын аныктап, ишке ашырат;
- жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;
- администрациялык-аткаруу органдарында жана башка мекемелерде жалпы билим берүү уюмунун укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт;
- мугалимдерди жана техникалык персоналды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;
- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырат;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын чегинде окуучуларды билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат;
- класстан тышкары иштердин мазмуну аркылуу окуучулардын тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;
- мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациясын өткөрөт;
- билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат;
- балалыкты коргоо, жашы жетишпегендердин укуктарын жана кызыкчылык-тарын сактоо боюнча талаптарды контролдойт жана сактайт;
- жалпы билим берүү уюмунун каржылык-чарбачылык ишин жетектейт жана контролдойт:
- гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төгүмдөрүн, анын ичинде кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди да, натыйжалуу пайдаланууну контролдойт жана жекече түрдө жооп берет;
- жалпы билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык коопсуздугун жана санитардык-тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жоoптуу болот жана алар үчүн жооп тартат;
- жетектеген билим берүү уюмунда өрткө каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана

ден-соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өмүрлөрүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат;

- кызматтык милдеттерге, жалпы билим берүү уюмунун уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарат.

6. Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар

66. Жалпы билим берүү уюмунун уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти же өзү үчүнчү тараптан күрөөгө алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү жалпы билим берүү уюмуна бекитип берет.

Жалпы билим берүү уюмуна жер үлүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет.

Жалпы билим берүү уюмуна бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана (же) ээликтен ажыратылышы мүмкүн эмес.

67. Жалпы билим берүү уюму уюштуруучусунун макулдугу менен ашканасын жана спорттук залын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күрөөгө берүүгө укуктуу.

Эгерде, жалпы билим берүү уюмунун негизги фонддорун үчүнчү тараптын пайдасына ажыратуу каралса, жалпы билим берүү уюму бүтүм түзүүгө укуксуз.

68. Мамлекеттик жалпы билим берүү уюмунун мүлкүн жана каржылоо ресурстарын топтоо булактары болуп:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- уюштуруучу болуп саналган жекече жана юридикалык жактардын, чет өлкөлөрдүн жана жарандарынын каражаттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган бюджеттен тышкаркы ишкердүүлүктөн түшкөн жалпы билим берүү уюмунун өзүнүн каражаттары;
- депозиттик салымдардан түшкөн кирешелер;
- жекече жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн да өз ыктыярлары менен кошкон каражаттары, кайрымдуулуктары жана максаттуу төлөмдөрү;
- кредиттер;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка да булактар эсептелет.

69. Жекече жана юридикалык жактар белек, кайрымдуулук же керээз катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик объектилерине, ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерден жана ошол кирешеге сатып алынган менчиктик объектилерине да жалпы билим берүү уюмунун менчиктик укугу бар.

70. Жалпы билим берүү уюму өзүнүн карамагындагы акчалай каражаттарынын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет. Жалпы билим берүү уюмуна көрсөтүлгөн акчалай каражаты жетпей калса, анда анын милдеттери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

71. Республикалык жана муниципалдык билим берүү уюмдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, жалпы билим берүү уюмдарын ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.

72. Жалпы билим берүү уюмунун финансылык-чарбачылык ишин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүшөт.

7. Эл аралык кызматташтык

73. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

8. Жалпы билим берүү уюмун жоюу жана өзгөртүп уюштуруу

74. Окуу жылынын аягында жалпы билим берүү уюму жоюлса же өзгөртүп уюштурулса, билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөр) менен макулдашып, аларды башка жалпы билим берүү уюмдарына которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

75. Жалпы билим берүү уюмунун жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде жана Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлдүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2012-жылдын 20-февралындагы
№ 119 токтому менен
бекитилген*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ЖӨНҮНДӨ
ЖОБО**

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 19-апрелиндеги № 209, 2013-жылдын 27-майындагы № 281, 2013-жылдын 6-сентябрында № 484, 2014-жылдын 3-июнундагы № 298, 2015-жылдын 30-мартындагы № 168, 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 653, 2017-жылдын 15-августундагы № 481, 2017-жылдын 30-августундагы № 545, 2017-жылдын 13-октябрындагы № 666 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары - Министрлик) билим берүү, илим жана илимий-техникалык иш тармагында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына, Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга конституциялык укуктарынын камсыздалышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзгөн аткаруу бийлигинин борбордук органы болуп эсептелет.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897, 2017-жылдын 15-августундагы № 481 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

2. Министрлик өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары менен буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору менен буйруктарын, ушул Жобону, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышкан, тийиштүү тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жетекчиликке алат.

3. Министрлик өз ишин аймактык органдары, өзүнө караштуу мекемелер жана уюмдар аркылуу аткаруу бийлигинин башка органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, илимий жана башка уюмдар менен байланышта ишке ашырат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897 токтомунун редакциясына ылайык)*

4. Министрликте Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби тартылган жана өзүнүн аталышы мамлекеттик жана расмий тилде жазылган мөөрү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казыналык системасында өз алдынча балансы, алыш-бериш жана башка эсептери жана өзүнө бекитип берилген мүлкү бар юридикалык жак болуп эсептелет.

## II. Министрликтин максаты

Министрликтин негизги максаты - билим берүү, илим жана илимий-техникалык иштер жаатында мамлекеттик саясатты түзүү болот.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897, 2017-жылдын 15-августундагы № 481 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## III. Министрликтин милдеттери

5. Министрликтин негизги милдеттери:

- инсандын калыптануусуна, өнүгүүсүнө жана кесиптик такшалуусуна багытталган билим берүү системасын түзүү;

- билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
- илимий иштерди өнүгүшү үчүн механизмдер менен шарттарды түзүү;
- (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 15-августундагы № 481 токтомуна ылайык күчүн жоготту)
- билим берүү объекттерин учурдагы оңдоо үчүн билим берүү уюмдарына көмөктөшүү;
- билим берүү уюмдарын окуу жабдуулары жана инвентарь менен камсыздоо;
- Министрликтин ведомстволук карамагындагы билим берүү уюмдарынын инфратүзүмүн өнүктүрүү жана аларды материалдык жактан камсыз кылуу.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897, 2017-жылдын 15-августундагы № 481, 2017-жылдын 13-октябрындагы № 666 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## IV. Министрликтин функциялары

6. Министрлик төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

а) тармактык саясат жагындагы функциялары:

- төмөнкүлөр боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте кароого коюу:

Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүү жагында мамлекеттик саясаттын стратегиялык багыттары жөнүндө сунуштарды;

билим берүү, илим жана илимий-техникалык иш тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууга багытталган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, билим берүү системасынын иштешин, өнүгүшүн жана өркүндөтүлүшүн камсыз кылуу;

- билим берүү тармагында мыйзамдарды колдонуу практикасын жалпылоо;
- Кыргыз Республикасы катышкан, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде билим берүү жөнүндө документтерди теңдештирүү (нострификация) (башка мамлекеттерде берилген билим берүү жөнүндө документтерди Кыргыз Республикасында таануу) тартибин иштеп чыгат;
- билим берүү жөнүндө документтерге мамлекеттик талаптарды иштеп чыгат; менчиктин бардык түрүндөгү аккредиттелген (аттестацияланган) билим берүүчү уюмдардын бүтүрүүчүлөрүн документ менен камсыз кылуу;
- билим берүү тармагында мамлекеттик кадр саясатын белгиленген тартипте ишке ашыруу;
- мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясынын интефацияланышы үчүн билим берүү тармагы боюнча сунуштардын комплексин иштеп чыгуу;
- билим берүү тармагында долбоорлор менен жана максаттуу программаларды ишке ашырууга жана иштеп чыгууга катышуу;
- Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык, республикадан тышкары жашаган мекендештерге мамлекеттик тилде билим алууга көмөктөшүү;
- мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттердин билим алуусу үчүн билим берүү гранттарынын санын жана өлчөмүн аныктоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүү;
- атактуу инсандардын аттарын билим берүү уюмдарына ыйгарууну макулдашуу;
- билим берүүчү уюмдардын педагогикалык кадрларын жана билим берүүнү башкаруу органдарынын кызматкерлерин даярдоо жана кайра даярдоо системасын уюштуруу;

- тиешелүү министрликтер, мамлекеттик башка органдар, жалдоочулар жана башка социалдык өнөктөштөр менен макулдашуу боюнча кадрларды даярдоо үчүн кесиптердин жана адистиктердин тизмесин иштеп чыгуу;
- билим берүүчү уюмдарда билим алууга, магистратурага, аспирантурага жана докторантурага кабыл алуунун жалпы тартиби менен типтүү эрежелерин иштеп чыгуу;
- жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын студенттерин кабыл алуу, эсепке киргизүү, которуу, калыбына келтирүү жана окуудан чыгаруу тартибин, абитуриенттердин билиминин рейтингин аныктоо механизмдерин иштеп чыгуу;
- илимий иштер тармагында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга жана өркүндөтүүгө катышуу, алардын аткарылышы үчүн уюштуруу-усулдук жетекчиликти камсыздоо;
- илим чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу;
- илимий-инновациялык иштерди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгуу боюнча белгиленген тартипте сунуш киргизүү;
- илимий-инновациялык иштер жагында жана аларга мониторинг жүргүзүүдө мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышуу;
- илимий-инновациялык долбоорлорго мамлекеттик заказдарды түзүүгө катышуу жана белгиленген тартипте аларды каржылоо жөнүндө сунуштарды киргизүү;
- тейлеген тармагына ылайык укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды өткөрөт;
- жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү боюнча чараларды иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу;
- (абзац КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 15-августундагы № 481 токтомуна ылайык күчүн жоготту)
- жаштарды патриоттук, руханий-ыймандык тарбиялоого, интеллектуалдык, чыгармачылык жана дене-бой жагынан өнүктүрүүгө багытталган максаттуу программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- мамлекеттик органдар, инвесторлор жана эл аралык уюмдар үчүн билим берүү объекттеринин инфратүзүмүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды даярдоо;

б) жөнгө салуу функциялары:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, билим берүү ишине (мектепке чейинки, жалпы баштапкы, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү мекемелеринен башка) уруксаттама берүүнү ишке ашыруу;
- билим берүү жаатында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды тартипке салат;
- билим берүүчү мамлекеттик уюмдардын адистерди даярдоонун санын жана структурасын аныктоо маселеси боюнча иштерин жөнгө салат;
- илимий-инновациялык мекемелердин ишин жөнгө салууга катышат;
- илимий изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди республикалык бюджеттен каржылоону токтотуу жөнүндө сунушун киргизет;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте билим берүүчү уюмдардын педагогикалык кызматкерлерин аттестациялоону уюштурат;

- билим берүү системасындагы эмгек ресурстарына муктаждыктын болжолун даярдайт;

в) координациялоо жана контролдоо функциялары:

- жеткиликтүү билим берүүнү камсыздоого багытталган чаралар көрүлүшүнө контролду камсыздайт;
- билим берүүчү уюмдардын сапаттуу билим берүүчү кызмат көрсөтүшүнө контролду камсыздайт;
- илим жана илимий-техникалык иштер чөйрөсүндө реформалардын жүргүзүлүшүнө контролду камсыздоо;
- билим берүүнүн сапатын, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарынын сакталышын белгиленген тартипте контролдойт;
- педагог кызматкерлерди аттестациялоону уюштуруу үчүн белгиленген тартипте контролду камсыздайт;
- билим берүү ишинде лицензиялык талаптардын аткарылышын лицензиялык контролдоо;
- жогорку окуу жайлар аралык илимий-изилдөө жана инновациялык программаларды уюштурат жана аткарылышын координациялайт;
- майып балдар, жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн билим алууга укуктарынын сакталышына жана билим алуунун жеткиликтүүлүгүнө контролду камсыздайт;
- китептерди жана окуу-усулдук комплекстерди басууга даярдоо боюнча ишти белгиленген тартипте координациялайт;
- окуу-усулдук бирикмелердин, окуу-усулдук колдонмолорду басууга даярдоо жана басып чыгаруу жана кесиптик билим берүү программаларын маалыматтык камсыздоо боюнча кеңештердин ишин координациялайт;
- ички аудиттик текшерүүлөрдү жүргүзөт жана ички аудиттин объекттеринде башка аудитордук тапшырмаларды аткарат;
- республиканын билим берүү уюмдарынын билим берүү жана финансылык иштерин пландуу текшерүүнү ишке ашырат;
- жеке жана юридикалык жактардын кайрылуусу боюнча билим берүү тармагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча пландан тышкары иш-чараларды өткөрөт;
- докторантура, аспирантура жана изденүүчүлүк аркылуу илимий жана илимий-педагогикалык адистерди даярдоо системасын уюштурат жана координациялайт;
- мыйзам тарабынан белгиленген тартипте балдарды эл аралык асырап алуу маселелери боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара байланышта иш жүргүзөт;
- колдонуудагы окуу аянттарын сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланууга мониторинг жүргүзүү;

г) кызмат көрсөтүү функциялары:

- Кыргыз Республикасында берилген негизги, жалпы орто билим берүү тууралуу документтердин тууралыгын тастыктайт;
- Кыргыз Республикасынын жарандарын-студенттерди чет мамлекеттердин билим берүү уюмдарына окууга жөнөтүү боюнча справкаларды берет;
- билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензиялардын жана сертификаттардын дубликаттарын берет;
- жумушсуздарды баштапкы кесиптик билим берүү деңгээлинде кесиптик окутууну жана кайра окутууну уюштурат;

д) колдоо функциялары:

- билим берүү жана илимий максаттары үчүн белгиленген тартипте чет өлкөлүк жана ата мекендик инвестицияларды тартуу;
- билим берүүчү уюмдар тарабынан колдонууга уруксат берилген окуу китептердин жана окутуу-усулдук адабияттардын тизмесин бекитет;
- иш чөйрөсүн тандоо, ишке орношуу жана керектүү кесиптер боюнча кесиптик билим алуу максатында жарандарга кесиптик багытты аныктоого колдоо көрсөтүү;
- илимий-инновациялык продукцияны пайдаланууга көмөктөшөт;
- илимий-инновациялык ишти маалыматтык камсыздоо системасын өнүктүрүүгө көмөктөшөт;
- конкурска коюлган илимий-инновациялык долбоорлорго көз карандысыз экспертизаны уюштурууга катышат, аларды каржылоо боюнча сунуштарды даярдайт жана бюджеттик каражаттардын сарпталышын контролдоого катышат;
- илимий-инновациялык иштердин субъекттерин түзүү боюнча сунуштарды киргизет;
- билим берүү жана илим системасын маалыматтык, илимий-методикалык тейлөөнү камсыздайт, билим берүү жана илим маселелери боюнча калкты маалыматтык тейлөөнү ишке ашырат;
- республикада жана чет өлкөлөрдө экономика, илим жана техника тармактарында илимий-инновациялык иштеп чыгууларга мониторинг жүргүзүүгө жана талдоого катышат;
- илим менен өндүрүштүн, ошондой эле өндүрүш менен рыноктун эриш-аркак болушун ишке ашырат;
- Кыргыз Республикасындагы илимий-техникалык жетишкендиктер жана өндүрүштүк тажрыйба жөнүндө маалыматты даярдоону, басып чыгарууну жана жайылтууну камсыздайт, чет өлкөлүк уюмдар менен мындай материалдарды алмашууну жүргүзөт;
- ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий-техникалык жетишкендиктерди алмашуу аркылуу илим чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшөт;
- билим берүү жаатында өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде чет өлкөлүк өнөктөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана эл аралык келишимдерге (макулдашууларга) кол коет, кол коюлган Өкмөттөр аралык жана ведомстволор аралык макулдашууларды ишке ашырат;
- эл аралык уюмдарда билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгын белгиленген тартипте коргойт;
- башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын, илимди жана башка адистештирилген уюмдарды каржылоо;
- мектепке чейинки, мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү уюмдарын райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрү (башкармалыктары) аркылуу каржылоо;
- калктуу конуштардын демографиялык маалыматтарына жараша жаңы курулушка болгон муктаждыктарды аныктоо менен курулуп жаткан жана курулушу токтоп турган билим берүү объекттерин инвентаризациялоо боюнча иштерди уюштуруу;
- Министрликтин ведомстволук карамагындагы билим берүү уюмдарын долбоорлоо, капиталдык оңдоо менен байланышкан иштерди аткарууга көмөктөшүү:
- билим берүү уюмдарын жабдуулар жана инвентарь менен камсыз кылуу;

- учурдагы оңдоо жана материалдык камсыздоо боюнча билим берүү уюмунун тапшырыкчысынын функцияларын аткаруу.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы № 281, 2013-жылдын 6-сентябрында № 484, 2014-жылдын 3-июнундагы № 298, 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 653, 2017-жылдын 15-августундагы № 481, 2017-жылдын 13-октябрындагы № 666 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## IV. Министрликтин укуктары

7. Министрлик төмөнкүлөргө укуктуу:

- мамлекеттик билим берүү уюмдары аткарышы милдеттүү болгон чечимдерди өз компетенциясынын чегинде бекитүү жана чыгаруу;
- билим берүүчү уюмдардын жана алардын филиалдарынын, илимий-мекемелердин иштерин мыйзам менен берилген ыйгарым укуктарынын чегинде текшерүүгө;
- Министрликтин республикалык бюджеттен каржылануучу ведомстволук уюмдарында бюджеттик жана финансылык тартиптин сакталышына мыйзамга ылайык мамлекеттик контроль жүргүзүүгө, алардын чыгымдарынын сметасын бекитүүгө жана алардын аткарылышын контролдоого;
- мамлекеттик ведомстволук билим берүү жана илим жагындагы уюмдар аларга бекитилип берилген мүлктү тиешелүү түрдө жана максаттуу пайдаланышын контролдоого;
- Министрликти жана ведомствого караштуу уюмдарды натыйжалуу, үнөмдүү жана майнаптуу башкарууга жетишүү үчүн ички контролдун комплекстүү жана натыйжалуу системасын уюштуруу, бул бухгалтердик эсепти, финансылык отчетту, нормативдик укуктук актылардын жана ички актылардын аткарылышын, мыйзамга каршы иштердин болтурулбашын, активдердин сакталышын камсыздоону, финансылык жана башкаруучулук иш жөнүндө отчеттордун жана информациянын тууралыгын жана аныктыгын, ошондой эле алардын даярдалышын өзүнө камтыйт;
- (абзац КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 15-августундагы № 481 токтомуна ылайык күчүн жоготту)
- менчигинин түрүнө карабастан баардык билим берүүчү уюмдардан мекемелерден, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан илимий-билим берүү иштеринин маселелери, адистерди, илимий-педагогикалык кызматкерлерди даярдоо, кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу жагындагы статистикалык жана башка маалыматтарды сурап алууга;
- мыйзам менен аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде билим берүү, жана илим тармагында эл аралык келишимдерди түзүүгө;
- билим берүү, жана илим жагында эл аралык фестивалдарды, конкурстарды, кеңешмелерди, семинарларды жана конференцияларды өткөрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ведомстволук уюмдарды түзүүгө, өзгөртүп кайра уюштурууга жана жоюуга;
- ведомстволук уюмдардын уставдарын (жоболорун) бекитүүгө;
- билим берүү, жана илим чөйрөсүндө колдоо системасын иштеп чыгууга жана бекитүүгө;
- (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы № 281 токтомуна ылайык күчүн жоготу)
- мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жана илимий-изилдөө уюмдарынын статусун өзгөртүү, өзгөртүп түзүү, жоюу боюнча сунуштарды белгиленген тартипте киргизүүгө;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте жогорку окуу жайларда жана илимий мекемелерде аспирантура жана докторантураларды ачуу маселеси боюнча чечимдерди чыгарууга;
- эмгекке акы төлөөнүн белгиленген нормаларынын жана фондунун чектеринде ведомстволук билим берүү уюмдарынын структураларын жана кызмат орундарынын тизмесин бекитүүгө;
- билим берүү жана илим системасында иштеген коомдук жана эл аралык уюмдар менен өз ара байланышта иштешүүгө;
- жалпы билим берүүчү уюмдардын ченемдик укуктук актыларга карыш келген буйруктарын жокко чыгарууга.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы № 281, 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897, 2017-жылдын 15-августундагы № 481, 2017-жылдын 30-августундагы № 545 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

### V. Министрликтин ишин уюштуруу

8. Министрликке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматка дайындалуучу жана бошотулуучу министр башчылык кылат.

Министрликте статс-катчынын жана министрдин орун басарларынын кызматтары каралган.

9. Статс-катчынын функциялары жана ыйгарым укуктары мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарга ылайык аныкталат.

Министрдин орун басарлары министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат.

10. Статс-катчы жана министрдин орун басарлары түздөн түз министрге баш ийет жана өз иштерин аларга жүктөлгөн милдеттердин чектеринде аткарышат.

11. Министр:

- Министрликке жалпы жетекчилик кылат;
- Министрликтин компетенциясынын чегинде буйруктарды чыгарат, эрежелерди, жоболорду, нускамаларды бекитет;
- Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмүн бекитет, ал Министрликтин милдеттери жана функциялары өзгөргөн учурда гана өзгөртүлүшү мүмкүн. Мында министрдин дайындалышы Министрликтин түзүмүн өзгөртүүгө негиз боло албайт;
- Министрликтин борбордук аппаратынын штаттык ырааттамасын бекитилген сандын чегинде бекитет;
- Министрликтин системасында жетектөөчү кызмат орундардын номенклатурасын белгиленген тартипте аныктайт жана бекитет;
- республикалык бюджеттен каржылануучу ведомстволук уюмдардын штаттарын эмгекке акы төлөөнүн аныкталган фондунун чегинде белгиленген тартипте аныктайт жана бекитет;
- борбордук аппараттын кызматкерлерин, уюмдардын жана түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилерин жана Министрликтин номенклатурасына кирүүчү кызматкерлерди белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана бошотот, алардын укуктарын жана иш милдеттерин аныктайт;
- билим берүү жана илим системасынын кызматкерлерине карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик таасир этүү чараларын колдонот;
- ведомстволук подразделениелердин жетекчилерин дайындоо боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине белгиленген тартипте сунуш киргизет;

- шаарлардын мэрияларынын жана райондук мамлекеттик администрацияларДын жетекчилери менен макулдашуу боюнча Бишкек жана Ош шаарларынын билим берүү башкармаларынын начальниктерин, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн (борборлорунун) башчыларын белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана бошотот;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өткөрүлгөн шайлоолордун жыйынтыгы боюнча мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчиси кызматына дайындоо үчүн талапкерлерди сунуштайт;
- мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жетекчилеринин сунушу боюнча жогорку окуу жайлардын проректорлорун бекитет;
- Министрликке жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;
- министрдин орун басарларынын, Министрликтин түзүмдүк бөлүктөрүнүн жетекчилеринин ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт;
- мамлекеттик кызмат жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча статс-катчыга Министрликтин компетенциясына кирген айрым милдеттерди аткарууну тапшырат;
- билим берүү, жана илим системасынын кызматкерлерин, ошондой эле Кыргыз Республикасында билим берүүнүн, илимдин жана жаштар саясатынын өнүгүүсүнө орчундуу салым кошкон башка кишилерди ведомстволук сыйлыктар менен сыйлайт»;
- билим берүү, жана илим системасынын кызматкерлеринен талапкерлерди, ошондой эле билим берүүнүн, илимдин өнүгүүсүнө орчундуу салым кошкон башка кишилерди Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого көрсөтөт;
- берилген ыйгарым укуктарынын чегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан өкмөттөр аралык келишимдерге кол коет;
- Министрликтин коллегиясынын ишине жетекчилик кылат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында ага берилген ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 19-апрелиндеги № 209, 2013-жылдын 27-майындагы № 281, 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897, 2017-жылдын 15-августундагы № 481 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

12. Илимди өнүктүрүүнүн кыйла маанилүү маселелерин кароо үчүн Окумуштуулар кеңеши, Илимий-техникалык кеңеш жана илимдин артыкчылыктуу багыттары боюнча Илимий-техникалык эксперттик кеңеш түзүлөт, алардын жобосу жана курамы министр тарабынан бекитилет.

13. Министрликте курамында министр (коллегиянын төрагасы), статс-катчы, кызматы боюнча министрдин орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын өкүлү, ошондой эле билим берүү жана илим системасынын башка жетекчи кызматкерлери кирген 15 адамдан турган коллегия түзүлөт.

Коллегиянын жеке курамы министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин буйругу менен бекитилет.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897 токтомунун редакциясына ылайык)*

14. Коллегиянын чечимдери токтомдор түрүндө кабыл алынат жана министрдин буйруктары менен ишке ашырылат.

Коллегиянын иштөө тартиби министр тарабынан бекитилген Министрликтин коллегиясы жөнүндө жобо менен аныкталат.

15. Министрликтин ишине коомдук мониторинг жүргүзүү максатында

консультативдик-байкоочу орган түрүндөгү, коомдук негизде иштеген Коомдук кеңеш түзүлөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 30-мартындагы № 168 токтомунун редакциясына ылайык)*

**VI. Корутунду жоболор**

16. Министрликти өзгөртүп түзүү жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

17. Министрлик жоюлган учурда документтер «Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 31-декабрындагы № 897 токтомунун редакциясына ылайык)*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ**

*Бишкек шаары, 2017-жылдын 16-июну № 381*

Негизги жана/же жалпы орто, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартибин жана Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияලануучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө

*(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы № 844токтомунун редакциясына ылайык)*

Негизги жана/же орто жалпы, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 40-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

*(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы № 844 токтомунун редакциясына ылайык)*

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Негизги жана/же орто жалпы, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартиби, 1-тиркемеге ылайык;
- Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар, 2-тиркемеге ылайык.

*(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы № 844 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;
- ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*«Эркин Тоо» газетасынын 2017-жылдын 27-июнунда № 76 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **С.Жээнбеков**

1-тиркеме

**Негизги жана/же орто жалпы, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун**
**ТАРТИБИ**

*(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы № 844 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Негизги жана/же орто жалпы, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартиби (мындан ары - Тартип) негизги жана/же орто жалпы, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын (мындан ары - билим берүү уюму жана программа) билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - ыйгарым укуктуу орган) тарабынан аккредитациялоо тартибин белгилейт.

2. Аккредитациялоонун негизги максаттары:
- билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
- билим берүү уюмдарынын ишинин жана билим берүү программаларынын сапатына баа берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле билим берүү уюмдарында сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө коомчулукка маалымдоо;
- билим берүү уюмдарын өнүктүрүүгө жана билим берүү программаларын өркүндөтүүгө өбөлгөлөрдү түзүү.

3. Аккредитациялоо төмөнкү принциптерде ишке ашырылат:
- объективдүүлүк;
- аккредитациялоо эрежелеринин ачык-айкындуулугу;
- билим берүү уюмуна (программага) аккредитацияланган билим берүү уюму статусун (программалар) берүү мөөнөтүнүн чектелгендиги.

4. Аккредитациядан өтүү бардык билим берүү уюмдары үчүн бирдей шарттарда жана ушул Жободо аныкталган негиздерде ишке ашырылат.

5. Ыйгарым укуктуу органдын билим берүү уюмун аккредитациялоодон, анын ичинде атаандаштыкты чектөө же болбосо кайсы бир билим берүү уюмуна алардын менчигинин түрүнө, ведомстволук кызыкчылыгына же жайгашкан жерине жараша артыкчылык берүү максатында баш тартууга укугу жок.

6. Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт. Аккредитациялоого кеткен чыгымдар билим берүү уюмдарынын эсебинен төлөнөт.

Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдары аккредитациялоо боюнча чыгымдарды республикалык бюджеттин каражаттарынын жана/же алардын атайын эсептерине түшүүчү каражаттардын эсебинен төлөшөт.

## 2-глава. Аккредитациялоо тартиби

7. Аккредитациядан өтүү үчүн билим берүү уюмдары ыйгарым укуктуу органга төмөнкү документтерди тиркөө аркылуу аккредитациялоо жөнүндө арыз менен кайрылышат:
- өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту;
- юридикалык жактын мамлекеттик каттоосу (кайра каттоосу) жөнүндө документтин көчүрмөсүн;
- юридикалык жактын билим берүү ишин караган уставынын көчүрмөсүн;

- билим берүү ишине лицензиянын көчүрмөсүн (негизги жалпы жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашырышкан мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынан тышкары);
- окуу пландарынын көчүрмөсүн;
- ишеним катты же билим берүү уюмунун атынан иш алып барууга ыйгарым укуктуу адамды ырастоочу башка документти;
- уюштуруучусу диний уюмдар болгон билим берүү уюмдары үчүн - диний уюмдун дин иштери боюнча мамлекеттик органдагы каттоосу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн;
- берилген документтердин тизмесин.

Ушул пунктта аталган арыз жана документтер ыйгарым укуктуу органга кагаз жүзүндө жана электрондук форматта берилет.

Аккредитациядан өтүүгө арыз ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген графикке ылайык акыркы аккредитациялоонун жарактуу мөөнөтү аяктаганга чейин 3 ай мурда берилет.

Аккредитациялоо жөнүндө арыздын формасы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилет.

Билим берүү уюмунун жетекчиси берилген документтердин аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

8. Аккредитациялоо жол-жобосу төмөнкү этаптардан турат:
- аккредитацияланууччу билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу;
- аккредитацияланууччу билим берүү уюмуна жана программаларга ыйгарым укуктуу органдын сыр баалоосу;
- ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо жана аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө чечимди чыгаруусу.

9. Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген аккредитацияланууччу билим берүү уюмдарына карата коюлуучу минималдык талаптарга (мындан ары - минималдык талаптар) билим берүү уюмунун ишинин жана программанын шайкеш келишин, ошондой эле көрсөтүлүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын (мындан ары - мамстандарт) талаптарына шайкеш келүүсүн баалоо максатында өзүн-өзү баалайт.

Өзүн-өзүн баалоо билим берүү уюмунун жетекчиси түзгөн комиссия тарабынан аткарылат.

Өзүн-өзү баалоо объективдүү жана далилдүү болууга тийиш. Далил документтик маалыматтарга негизделиши керек.

Өзүн-өзү баалоо материалдарын билим берүү уюму ыйгарым укуктуу органга отчет түрүндө берет.

Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын иши жөнүндө типтүү жобо жана өзүн-өзү баалоо боюнча типтүү форма ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет.

Өзүн-өзү баалоо отчету жана ага тиркелген документтер ыйгарым укуктуу органдын жана аккредитацияланууччу билим берүү уюмунун расмий сайтына (болсо) жайгаштырылат.

10. Ыйгарым укуктуу орган арыз жана ага тиркелген документтер келип түшкөн күндөн тартып 1 жумуш күндүн ичинде каттайт жана арыз жана документтер катталган күндөн тартып 7 жумуш күндүн ичинде тиркелген документтердин толук экендигин жана алардын туура таризделгендигин текшерет.

11. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча ыйгарым укуктуу орган төмөнкү чечимди кабыл алат:
- өзүн-өзү баалоо минималдык талаптарга шайкеш келбеген учурда арыз ээсине документтерди кайтаруу жөнүндө;
- өзүн-өзү баалоо минималдык талаптарга шайкеш келген учурда документтерди

кароого алуу жөнүндө.

12. Арыз ээсине документтерди кайтаруу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда ыйгарым укуктуу орган бул чечим кабыл алынгандан кийин 3 жумуш күндүн ичинде ага жазуу жүзүндө кабарлайт.

13. Документтерди кароого алуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда 5 жумуш күндүн ичинде аккредитацияланууну билим берүү уюмуна жана программага тышкы баалоо тууралуу буйрук чыгарылат.

Тышкы баалоонун максаты аккредитацияланууну билим берүү уюмунун иши боюнча чечимдерди жана окугандардын жана кызыктар тараптардын кызыкчылыктарын эске алуу менен программаларды ишке ашыруу шарттарын объективдүү кабыл алуу болуп саналат.

14. Аккредитацияланууну билим берүү уюмун жана программаларды тышкы баалоо ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен түзүлгөн эксперттик комиссия (мындан ары - Комиссия) тарабынан жүргүзүлөт.

Комиссиянын курамы, иштөө тартиби жана мөөнөтү, билим берүү уюмун жана программаларды аккредитациялоо жаатындагы эксперттерге коюлуучу квалификациялык талаптар, ошондой эле эксперттерди сертификациялоо жана аларды тышкы баалоого тартуу тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

Ыйгарым укуктуу органдын тышкы баалоо жөнүндө буйругунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт, анда Комиссиянын курамы аныкталат:

- аккредитацияланууну билим берүү уюмунун толук аталышы;
- эксперттердин фамилиясы, аты, атасынын аты (болсо) жана ээлеген кызматы (Комиссиянын төрагасын аныктоо менен);
- тышкы баалоо башталган жана аяктаган даталар;
- ыйгарым укуктуу органга корутунду берилген дата.

Тышкы баалоо мөөнөтү 14 жумуш күндөн ашпоого тийиш.

15. Аккредитацияланууну билим берүү уюмун тышкы баалоо өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту изилдөөнү жана талдоону;
- билим берүү уюму тарабынан сунушталган предметтерди жана тартиптерди эске алуу менен окуу планынын мазмунун талдоону;
- негизги жана/же орто жалпы билим берүү уюмдары жана программалары үчүн - тестирлөө аркылуу жүргүзүлгөн окуучулардын билиминин деңгээлин баалоону жана талдоону, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү уюмдары жана программалары үчүн анкеталоону;
- баштапкы жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн жумушка орношуусунун көрсөткүчүн талдоо;
- негизги жана/же орто жалпы билим берүү уюмдарынын жогорку окуу жайларында жана орто кесиптик окуу жайларында окууларын улантышкан бүтүрүүчүлөрүнүн санын талдоо;
- негизги жана/же орто жалпы билим берүү уюмдары үчүн - окугандардын билимдеринин жетишкендиктери боюнча жалпы республикалык тестирлөөнүн, олимпиадаларга, долбоордук конкурстарга жана изилдөөлөргө катышууларынын жыйынтыктарын талдоо;
- билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын, кадрдык жана окуу-методикалык камсыздалышын баалоо;
- аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча чечим кабыл алуу үчүн Комиссиянын корутундусун даярдоо.

16. Тышкы баалоодо Комиссия аккредитацияланууну билим берүү уюму тарабынан ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтында жайгаштырылган документтерди жана материалдарды пайдаланат.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттогу маалыматтардын аныктыгына күмөн жаралган учурда Комиссия аккредитацияланууучу билим берүү уюмунан өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттогу документтик маалыматтарды текшерүү үчүн материалдарды сурайт.

17. Тестирлөө үчүн окуу предметтеринин жана тартиптердин тизмеси билим берүү уюмунун жана программалардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

Анкеталоо үчүн суроолордун тизмеси жана адамдардын чөйрөсү ыйгарым укуктуу орган тарабынан билим берүү уюмунун жана программалардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

18. Жүргүзүлгөн тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча Комиссия 10 жумуш күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органга билим берүү уюмун жана программаны аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө сунуштары менен корутундуну берет. Корутундунун формасы жана анын мазмунуна талаптар ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет.

19. Комиссиянын корутундусу аны ыйгарым укуктуу орган алган күндөн тартып 30 календардык күндөн кечиктирбестен ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын кароосуна киргизилет.

20. Комиссиянын корутундусунун негизинде ыйгарым укуктуу органдын коллегиясы төмөнкүлөр жөнүндө чечим кабыл алат:

- билим берүү уюмун жана программаны 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө - минималдык талаптарга шайкеш келген шартта;
- минималдык талаптарга шайкеш келбегендик боюнча 2ге чейин факты болгондо, аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюуну талап кылуу менен билим берүү уюмун жана программаны 1 жылдык мөөнөткө сын-пикирлер менен аккредитациялоо (шарттуу) жөнүндө;
- минималдык талаптарга шайкеш келбеген 2ден ашык факты болгон учурда билим берүү уюмун жана программаны аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө.

Сын-пикирлер менен аккредитациялоодогу (шарттуу) шайкеш келбестиктер жоюлганы ырасталган учурда аккредитациялоо мөөнөтү 5 жылга чейин узартылат (1 жылга аккредитациялоо мөөнөтү менен кошо алганда).

1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим эки жолудан ашык кабыл алынбайт.

1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим эки жолу кабыл алынгандан кийин билим берүү уюмунун уюштуруучусу ыйгарым укуктуу органдын сунушу боюнча билим берүү уюмунун жетекчисинин ээлеген кызматына ылайык келишин мыйзамда белгиленген тартипте карайт.

Коллегиянын аккредитациялоо боюнча чечими ыйгарым укуктуу органдын буйругу түрүндө тариздечет.

21. Аккредитацияланууучу билим берүү уюму аккредитациялоо жөнүндө арызын ыйгарым укуктуу органдын чечими кабыл алынганга чейин аны жүргүзүүнүн бардык этабында кайра сурап алууга укуктуу.

22. Билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун жыйынтыктары ыйгарым укуктуу органдын расмий веб-сайтында жарыяланат.

### 3-глава. Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу

23. Ыйгарым укуктуу орган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктер аныкталган күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде билим берүү уюмунун жана

программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтото туруу жөнүндө чечимди кабыл алат жана аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюу үчүн 3 айга чейинки мөөнөттү белгилейт.

24. Билим берүү уюму тарабынан аныкталган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктер жоюлгандыгы жөнүндө кабарланган учурда ыйгарым укуктуу орган текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталган шайкеш келбестиктер жоюлган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде аккредитациянын жарактуулугун калыбына келтирүү жөнүндө чечимди кабыл алат.

25. Эгерде билим берүү уюму белгиленген мөөнөттө аныкталган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктерди жойбосо же аккредитациянын жарактуулук мөөнөтүнүн ичинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузса ыйгарым укуктуу орган билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечимди кабыл алат.

Билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим аныкталган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктер жоюлбаган жана текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде кабыл алынат.

26. Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын чечиминин негизинде ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен таризделет.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 жумуш күндүн ичинде билим берүү уюмуна жазуу жүзүндө кабарлайт.

**4-глава. Аккредитациялоо жөнүндө документтер**

27. Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган билим берүү уюмдарына аккредитациялоо жөнүндө сертификатын анын жарактуу мөөнөтүн көрсөтүү менен берет.

28. Билим берүү уюму юстиция органдарында кайра катталган учурда сертификаттын жарактуулугу сакталат жана жаңы юридикалык жакка кайра катталат.

29. Билим берүү уюмдарынын жана программалардын аккредитациялоо мөөнөтү аяктаган учурда, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулук мөөнөтүн узартууга жол берилбейт.

30. Аккредитациялоо жөнүндө сертификат төмөнкү учурларда жарактуулугун токтотот:

- ал берилген мөөнөт аяктаганда;
- билим берүү уюму жоюлганда;
- билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензияны жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;
- сертификат берилген тиешелүү билим берүү программасынын билим берүү уюму тарабынан ишке ашырылышы токтотулганда;
- билим берүү жаатындагы мыйзамдардын талаптары бузулганда.

31. Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын бланктарынын формалары аккредитацияланган программаларды көрсөтүү менен ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет.

32. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын бланкы корголгон полиграфия-

лык продукция болуп эсептелет жана так отчеттук документ катары эсепке алынууга жана сакталууга тийиш.

33. Аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон же бузулган учурда билим берүү уюмунун арызы боюнча аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты берилет. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү тууралуу ыйгарым укуктуу органдын чечими арыз катталган күндөн тартып 14 жумуш күндөн ашпаган мөөнөттө кабыл алынат. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты бир нускада «Дубликат» деген белги менен тариздепет. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатынын көчүрмөсү ыйгарым укуктуу органда билим берүү уюмунун аккредитациялык делосунда сакталат.

34. Аккредитациялоо жөнүндө арыз жана ага тиркелген документтер, ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө, аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөө жөнүндө чечимдери, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемелери менен көчүрмөсү, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө жана ага тиркелген документтер, текшерүү менен байланышкан документтер уюмдун аккредитациялык делосун түзөт жана ыйгарым укуктуу органда сакталууга тийиш.

35. Суроо-талап боюнча аккредитациялык делонун көчүрмөсү мыйзамдарда белгиленген тартипте электрондук жана кагаз жүзүндө түздөн-түз арыз ээсине берилет.

36. Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программалардын реестрин электрондук түрдө жүргүзөт, аларды өзүнүн веб-сайтына жайгаштырат, жылына жок дегенде бир жолу жаңылап турат.

37. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программалардын реестри чечим кабыл алынган жана каттоо номери ыйгарылган датаны көрсөтүү менен хронологиялык тартипте түзүлөт.

38. Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат:

1) аккредитациялоо жөнүндө сертификатты алган билим берүү уюмунун толук аталышы, жайгашкан жери;
2) уюмдун юридикалык жак катары мамлекеттик каттоосу жөнүндө күбөлүгүндөгү маалыматтар;
3) аккредитациялоо жөнүндө сертификатты алган уюмдун - салык төлөөчүнүн идентификациялык номери;
4) аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алынган дата;
5) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын реквизиттери;
6) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулугу аяктаган мөөнөт;
7) аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөөнүн негизи жана датасы;
8) аккредитацияланган билим берүү программаларынын тизмеси;
9) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулугун токтото туруунун негизи жана датасы;
10) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулугун калыбына келтирүүнүн негизи жана датасы;
11) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулугун токтотуунун негизи жана датасы.

39. Реестрге маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп ыйгарым укуктуу органдын буйругу саналат.

40. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын реестри жөнүндө маалымат ыйгарым укуктуу органда сакталат.

2-тиркеме

**Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитациялануучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу ТАЛАПТАР**

*(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы № 844 токтомунун редакциясына ылайык)*

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Ушул Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар (мындан ары - Минималдуу талаптар) негизги жана (же) орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына (мындан ары - билим берүү уюмдары) милдеттүү минималдуу талаптарды белгилейт.

2. Ушул Минималдуу талаптар да төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

**билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген системасы** - билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга тиешелүү пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүүгө мүмкүндүк берүүчү система;

**кызыкдар тараптар** - билим берүүнүн жогору сапатына кызыкдар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), билим берүү уюму, социалдык өнөктөр, коммерциялык эмес уюмдар;

**билим берүү уюмунун миссиясы** - кызыкдар тараптардын муктаждыктарынан жана уюмдун өз потенциалын объективдүү баалоосунан келип чыккан стратегиялык негизги максаттардын жыйындысы;

**билим берүүнүн максаттары** - билим берүү уюму өзүндө окугандардын (бүтүрүүчүлөрдүн) билим алуудагы, кесиптик ишиндеги жана социалдык-экономикалык турмуштагы потенциалдарын ийгиликтүү ишке ашырышы үчүн керектүү компетенцияны калыптандырууга тийиш болгон максаттар;

**билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** - билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген документтердин жана аларды ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жеткире турган пландалуучу мезгилдүү жол-жоболордун (иш-аракеттердин) жыйындысы;

**окутуунун натыйжалары** - окуучу окууну бүтүргөндөн кийин билип чыгуучу, аткара жана көрсөтө (демонстрациялай) алуучу нерселердин баяндамасы.

2-глава. Башкаруунун натыйжалуулугуна жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына минималдуу талаптар

3. Билим берүү уюмунда педагогикалык кеңеш бекиткен, миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти системасын өзүнө камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек.

4. Негизги жана (же) орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмундагы башкаруунун натыйжалуулугуна жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына критерийлер:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (мындан ары - Мамлекеттик стандарт) жана кызыкдар тараптардын аныкталган керектөөлөрүнө ылайык

билим берүүчү уюмдун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу;

2) кызыкдар тараптардын муктаждыктарын жана күткөн натыйжаларын эске алуу менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына ылайык билим берүү уюмунун бекитилген миссиясы, стратегиялык жана учурдагы пландары, иштелип чыгып жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын болушу;

3) кызыкдар тараптарды кошо тартуу менен натыйжалуу башкарууга мүмкүндүк берүүчү туура маалыматтын негизинде туура чечимдерди кабыл алуунун жана аларга оңдоолорду киргизүү механизминин болушу (камкордук кеңеш, ата-энелер комитети, бюджеттик угуулар, тышкы баалоо, инвестициялар, социалдык кызматтар);

4) стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүүнүн максаттарынын аткарылганын, окутуунун натыйжаларын жана билим берүүчү программаны өркүндөтүүнүн маалыматтарын чогултуу, баалоо жана талдоо боюнча механизмдин болушу;

5) педагогикалык жамааттын, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын билим берүүнү ишке ашырууга, анын сапатын контролдоого жана кайра кароого катышуу механизминин болушу (кызыкдар тараптар менен аркы-терки байланыш);

6) билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын киргизүү жана окутуучу уюмда билим берүүнүн сапатынын киргизилиши үчүн жооптуу адамдардын болушу;

7) билим берүүчү уюмда персоналдын, окугандардын, социалдык өнөктөрдүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу.

**3-глава. Билим берүү программаларын иштеп чыгууга, бекитүүгө, мониторинг жүргүзүүгө жана мезгили менен баалоого минималдуу талаптар**

5. Билим берүү уюмунда билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн бекитилген тартип болушу керек. Билим берүү программаларынын мазмуну Мамлекеттик стандартка, окуучулардын жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу зарыл.

6. Билим берүү уюму билим берүү программаларынын өз максаттарына жетүүсүн жана окуучулар менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана ырастоо үчүн мониторинг жүргүзүүсү жана мезгили менен баалоосу зарыл.

7. Билим берүү программаларын иштеп чыгууга, бекитүүгө, мониторингдөөгө жана мезгили менен баалоого критерийлер:

1) билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн бекитилген эрежелердин болушу;

2) билим берүү максатынын Мамлекеттик стандартка жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу;

3) билим берүү программасы боюнча Мамлекеттик стандартка ылайык окуу жүктөмүнүн болушу;

4) төмөнкүлөрдү мезгили менен баалоо (мониторингдөө) механизминин болушу:

- билим берүү программасын жакшыртуу үчүн окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жана башка кызыкдар тараптардын билим берүүчү программа боюнча окутуудан күткөндөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын;
- окутуунун күтүлгөн жана жетишилген натыйжаларын;

- окуу жүктөмүн, окугандардын жетишүүсүн жана бүтүрүп чыгышын;
- билим берүү чөйрөсүнүн жана колдоо кызматтарынын, алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигин;

5) билим берүү программасына мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо үчүн жооптуу адамдардын болушу;
6) мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын, билим берүү программасын жакшыртуу боюнча планды кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоонун, талкуулоонун натыйжаларынын болушу;
7) билим берүү программасын окуу-методикалык камсыздоонун билим берүүнүн максаттарына жана Мамлекеттик стандартка ылайык келүүсү.

### 4-глава. Компетенттүү окутууга жана окуучулардын жетишүүсүн баалоого минималдуу талаптар

8. Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына компетенттүү окутуу процесстерин киргизүүсү зарыл. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу методдор окуучуларды билим берүү процессин биргелешип ишке ашырууда активдүү иш-аракетке кызыктыруусу зарыл.

9. Билим берүү уюмдарындагы окутууга компетенттүү ыкмага жана окуучулардын жетишүүсүн баалоого критерийлер:

1) компетенттүү окутуунун негизинде пландалган максаттарынын болушу;
2) сабактарда жана сабакка даярданууда компетенттүүлүктү даярдоочу информациялык-коммуникациялык технологиялардын жана методдордун болушу;
3) окуу жана тарбиялоо процесстерине социалдык долбоорлорду пайдалануу жана коомчулукту тартуу менен инновациялык технологияларды киргизүү;
4) педагогикалык методдорду, окутуунун формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окугандар менен аркы-терки байланыш механизминин болушу;
5) окуучуларга билим берүүнүн жетишилген натыйжаларын туура жана ачык-айкын баалоону камсыздоочу бекитилген эрежелердин жана жол-жоболордун болушу;
6) баалоонун натыйжасына апелляция берүү жол-жобосунун болушу;
7) окугандардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыздоо үчүн тийиштүү механизмдердин жана чөйрөнүн болушу:

- окугандардын райондук, облустук, шаардык, республикалык жана эл аралык олимпиадаларга катышуусу;
- окугандардын ар кандай конкурстук иш-чараларга катышуусу;
- ар кандай спорттук мелдештерге катышуу;

8) окугандарды колдонулуучу эрежелер, окуунун натыйжасын баалоо (экзамен, зачет, тестирлөө) жол-жоболору жана баалоонун натыйжалары менен тааныштыруу системасынын болушу;
9) окугандарды иргөөнүн себептерине, алардын бекемделүүсү жана алардын жетишүүсүн арттыруу боюнча көрүлгөн чараларга талдоонун болушу;
10) окуу процессине катышкандардын тартип бузууларына чара көрүүнүн иштелип чыккан жана бекитилген жол-жоболорунун болушу;
11) окугандар менен тарбиялык иш боюнча бекитилген пландардын жана аларды ишке ашыруунун натыйжаларынын болушу;
12) окугандардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жана кызыкдар тараптардын кайрылууларына, арыздарына жана даттанууларына

чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген жол-жоболорунун болушу.

**5-глава. Окуучуларды кабыл алууга, билим берүүнүн натыйжаларын таанууга жана окуучулардын бүтүрүүсүнө минималдуу талаптар**

10. Билим берүү уюмунда окуучуларды кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таанууну жана бүтүрүп чыгарууну жөнгө салуучу ачык-айкын, бекитилген, ырааттуу колдонулган эрежелер болууга тийиш.

11. Окуучуларды кабыл алууга, билим берүүнүн натыйжаларын таанууга жана окуучулардын бүтүрүүсүнө карата критерийлер:

1) окуучуларды билим берүү уюмуна кабыл алуунун бекитилген эрежесинин болушу;
2) билим берүү уюму мурдагы окуган мезгилдеги алган билимди туура таануусун камсыздоо үчүн бекитилген эрежелер менен жол-жоболордун болушу;
3) билим берүү уюму окутуу курсун бүтүргөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишкен бүтүрүүчүлөрдү билими жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу.

**6-глава. Кадрлык саясатка, педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамга минималдуу талаптар**

12. Педагогдук иште керектүү билими жана тийиштүү педагогдук квалификациясы бар адамдар иштей алышат.

13. Кадрлык саясатка, педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамга карата критерийлер:

1) педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун объективдүү критерийлерин камсыздоочу механизмдердин жана жол-жоболордун болушу;
2) педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамдын комплектилениши, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык болушу;
3) педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштеген системасынын болушу.

**7-глава. Материалдык-техникалык базага жана маалымат ресурстарына минималдуу талаптар**

14. Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү жана билим берүү максаттарына ылайыктуу материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар болушун кепилдөөсү зарыл.

15. Материалдык-техникалык базага жана маалымат ресурстарына критерийлер:

1) педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамга, окуучуларга, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга окутуунун күтүлгөн (пландалган) натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстардын (китепкана фонддору, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу куралдары, техника жана башка ресурстар) болушу;
2) билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелердин, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын талаптарына ылайык келген окуу имараттарынын жана бөлмө-жайларынын болушу;
3) окугандардын окуусу, жашоосу жана эс алуусу үчүн керектүү шарттары бар жатаканалардын (интернаттарда) болушу;

4) окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу;
5) тамактануу үчүн тиешелүү шарттардын (ашкана же буфет), ошондой эле билим берүү уюмунун медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу;
6) окуучуларды шыктандыруу жана окуунун натыйжасына жетишүүсүнө түрткү берүү үчүн тиешелүү адам ресурстарынын (мугалимдер, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, медициналык кызматкерлер, психологдор, логопеддер, социалдык педагог) болушу;
7) билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын жана информациялык ресурстарын топтоо жана баалоо, талдоо жана жакшыртуу үчүн механизмдин болушу.

**8-глава. Маалыматты башкарууга жана аны коомчулукка жеткирүүгө минималдуу талаптар**

16. Билим берүү уюму билим берүү программалары жана өзүнүн иши тууралуу так, калыс, туура жана жеткиликтүү сандагы сапаттуу маалыматты дайыма жарыялап турууга тийиш.

17. Маалыматты башкарууга жана аны коомчулукка жеткирүүгө карата критерийлер:

1) билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча коомчулукту тийиштүү маалымат менен камсыздоо максатында билим берүүчү уюмдагы портфолиого карата эрежелердин, жол-жоболордун, формалардын жана талаптардын болушу;
2) билим берүүнү башкаруунун информациялык системасынын болушу (өзүнүн билим берүү максаттарын пландоо жана аткаруу үчүн билим берүүчү уюмдун төмөнкүдөй маалыматтарды чогултуусу, системага салуусу, жалпылоосу жана сактоосу), алар:

- окуучулардын контингенти жөнүндө маалыматтар;
- окуучулардын катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендиктери жана иргелиши жөнүндө маалыматтар;
- окуучулардын, алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы;
- материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү;
- олимпиадаларга, долбоордук конкурстарга, спорттук мелдештерге катышуунун жыйынтыктары;
- билим берүү уюмунун ишинин майнаптуулугунун негизги көрсөткүчтөрү;

3) билим берүү уюму өзүнүн иши жөнүндө маалыматты, анын ичинде:

- миссиясы;
- билим берүү максаттары;
- окутуунун күтүлгөн натыйжалары;
- окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;
- баалоонун жол-жоболору;
- жалпы республикалык тестирлөөнүн жана окуучулардын жетишкендиктериндеги ар кандай изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жөнүндө маалыматтарды коомчулукка туруктуу негизде берүүсү үчүн информациялык ресурстардын болушу.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2014-жылдын 3-июнундагы
№ 303 токтому менен
бекитилген

**Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн**
**СТАНДАРТТАРЫ**

**(Үзүндү)**

| 2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту | | |
|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Жалпы негизги билим берүү - Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеси), 1-бап, 15-пункт |
| 2 | Кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Жалпы негизги билим берүү - Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеси), 1-бап, 15-пункт |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | Билим берүүчү уюмдар.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү окуу жайлардын тизмеси, алардын байланыш маалыматы жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган мамлекеттик борбордук органынын (мындан ары - билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу орган) жана окуу жайларынын маалыматтык такталарында жана сайттарында жайгаштырылат |
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негизи | Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган 11ден 15 жашка чейинки курактагы балдар |
| 5 | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын акыркы жыйынтыгы | Кыргыз Республикасынын Конституциясы (45-берене);<br>«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (3, 4, 11, 12 жана 16-беренелер) |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарты | Билим берүүнүн II баскычы үчүн белгиленген окуу планын жана билим берүүчү мамлекеттик стандарттар боюнча жалпы билим берүү программаларын толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген милдеттүү сабактар боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону тапшырган окуучуларга билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечимине ылайык билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ «Негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк» берилет.<br>Негизги жалпы билим берүү боюнча жалпы билим берүүчү программалардын мазмуну төмөнкүлөргө багытталган:<br>- окуучулардын функциялык билимин камсыз кылуу;<br>- интеллектуалдык жана практикалык иште жалпы билимдерге, көндүмдөргө, жөндөмдөргө жана ыкмаларга ээ болуу;<br>- билимин улантуу багытын аныктаган окуучулардын окуп-үйрөнүүгө болгон жүйөсүн калыптандыруу;<br>- өз алдынча окуп-үйрөнүүгө жана өзүн-өзү уюштурууга, жеке жана жамаатта аракеттенүү тажрыйбасына ээ болуу, анын негизинде алдын-ала жеке, социалдык, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктай билүү ишке ашырылат.<br>Окуучулар мектептеги билим берүү чөйрөсүндө Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык теориялык билимге жана практикалык көндүмдөргө ээ болушат |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларга маалымат берүү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү төмөнкү шарттарда жүргүзүлөт:<br>- санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана өрткө каршы коопсуздук талаптарга шайкеш келген имараттарда, анын ичинде:<br>талаптарга ылайык жабдылган жана жасалгаланган окуу залы, компьютердик класстар, кийим илгичтер болушу керек;<br>спорт залдын, спорт шаймандарынын, тиешелүү жабдылган спорт аянтчасынын же стадиондун болушу;<br>жабдылган китепкананын, ашкананын болушу;<br>медициналык кабинеттин болушу;<br>окуу-пландоочу документтердин болушу, анын ичинде окуу планы, бардык сабактар боюнча программалар;<br>окуу жайларында педагогикалык кадрлардын болушу жана алардын квалификациялык талаптарга шайкеш келүүсү;<br>педагогикалык кызматкерлердин балдар менен иштөөсү үчүн терс медициналык көрсөтмөлөрдүн болбошу; |

| | | |
|---|---|---|
| | | Окуучулардын жана окуу жайларынын кызматкерлеринин санитардык-гигиеналык жайларды (ажаткана, жуунуучу бөлмө) тоскоолсуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (мындан ары - ДМЧА) үчүн пандустардын, кармоочтордун, атайын жабдылган ажатькананын болушу зарыл.<br>Келүүчүлөргө ыңгайлуу болуш үчүн кызмат көрсөтүлүүчү жерде кызмат көрсөтүүнү алууга зарыл болгон документтердин тизмеги жана арыздардын үлгүлөрү жайгаштырылат |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларга маалымат берүү | | |
| 8 | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандарт-таштырууга жооптуу мамле-кеттик орган жөнүндө маалымат берүү<br>Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (бардык мүмкүн болгон ыкмаларды мүнөздөө же санап кетүү) | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкүлөрдөн алууга болот:<br>- билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдан;<br>- билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарынан;<br>- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан;<br>- окутуунун ушул программасын ишке ашырган жалпы билим берүүчү уюмдардан.<br>Маалымат төмөнкүдөй берилет:<br>- жазуу жүзүндө;<br>- оозеки түрүндө (телефон аркылуу, жеке жолугушуу учурунда);<br>- электрондук түрдө.<br>Маалыматты мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматтык такталардан, брошюралардан жана буклеттерден алууга болот<br>Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу төмөнкүлөр аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн:<br>- радио, теле көрсөтүү, маалымат сайттары;<br>- газеталар;<br>- билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдын сайты;<br>- билим берүү башкармалыктарынын аймактык органдарындагы маалымат такталары, буклеттер жана брошюралар;<br>- билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдын коомдук кабылдамасы;<br>- телефон боюнча.<br>Билим берүү башкармалыктарынын аймактык органдарынын даректери, телефон номерлери жана иш режими билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органынын сайтында, билим берүү башкармалыктарынын аймактык органдарындагы маалымат такталарында жайгаштырылат |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандарт-таштырууга жооптуу мамлекет-тик орган жөнүндө маалымат берүү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкүлөрдөн алууга болот:<br>- билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдан;<br>- билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарынан;<br>- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан;<br>- окутуунун ушул программасын ишке ашырган жалпы билим берүүчү уюмдардан.<br>Маалымат төмөнкүдөй берилет:<br>- жазуу жүзүндө;<br>- оозеки түрүндө (телефон аркылуу, жеке жолугушуу учурунда);<br>- электрондук түрдө.<br>Маалыматты мамлекеттик жана расмий тилдерде маалы-маттык такталардан, брошюралардан жана буклеттерден алууга болот |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |
| 10 | Келүүчүлөр менен пикир алмашуу | Келүүчүлөр менен пикир алмашууда кызматкерлер эти-канын төмөнкү негизги принциптерин карманат: сылык, ак ниет, сыпайы, чыдамкай, принциптүү болуу, маселенин маңызын терең түшүнүүгө аракеттенүү, маектеш адамды уга билүү жана анын көз карашын түшүнүү, ошондой эле кабыл алынган чечимдерди салмактоо жана аргументтерди келтирүү.<br>Билим берүү органдарынын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербестен, кесиптик-этикалык ченемдерди сакташы керек, жарандар-дын эркиндигин жана аларга карата калыс мамиле кылууну камсыз кылып, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербеши зарыл.<br>Өзгөчө муктаждыктарга ээ болгон адамдар (угуу, көрүү жана таяныч-кыймыл тутуму боюнча ДМЧА) менен пикир алмашуу алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө жүргүзүлөт |
| 11 | Купуялуу-лукту камсыз-доо ыкмалары | Алуучу жана ага көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилиши мүмкүн |
| 12 | Керектүү документ-тердин жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөө-чүлөрдүн иш-аракет-теринин тизмеси | Жалпы билим берүүчү уюм окууга кабыл алууда тапшы-рууучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүл-дөрүн) устав жана билим берүү ишин жөнгө салуучу башка локалдуу документтер менен тааныштырат.<br>Мамлекеттик кызматты алуучу тарабынан төмөнкү учурларда берилүүчү документтердин тизмеси жана/же иш-аракеттери:<br>баланын бардык зарыл документтери бар, ал мурда окуган жалпы билим берүү уюмунун бешинчи классында окуусун уланткан учурда:<br>Жалпы негизги билим берүүнүн экинчи баскычында окуган окуучу башка жалпы билим берүүчү уюмга которулганда:<br>- жалпы билим берүү уюмунун негизги жалпы билим берүүнүн экинчи баскычынын тийиштүү классына баланы кабыл алуу кабыл алуу тууралуу ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлүнүн) биринин арызы; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - төмөнкү тиркелген документтер менен окуучунун өздүк иши: баланын жана ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлүнүн) биринин ким экендигин тастыктаган документтердин - баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн (16 жашка чыкса паспортунун көчүрмөсү) жана ата-энесинин биринин паспортунун нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү, ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык маалымдаманын (белгиленген формадагы) түп нускасы, алынган эмдөөлөр жөнүндө медициналык маалымдаманын (белгиленген формадагы) түп нускасы, 3x4 см өлчөмүндөгү баланын сүрөтү.<br>Класстарды комплектөө жыл сайын 5-сентябрга чейин жүргүзүлөт. Комплектөө тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жалпы билим берүүчү уюмдун уставына ылайык аныкталат |
| 13 | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Кызмат акысыз көрсөтүлөт |
| 14 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>- көрсөтүлгөн кызматтардын стандарттарында билдирилген кызмат көрсөтүүнүн шарттарына жана мөөнөттөрүнө ылайык анын толуктугу жана өз убагында болушу;<br>- кызмат көрсөтүүлөрдү алган адамдардын жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандыктыгы, диний ишеними, саясий жана башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырланышына жол бербөө;<br>- жеткиликтүүлүк;<br>- кызмат көрсөтүүнүн шарттарынын талаптагыдай болушу;<br>- акыркы жыйынтыгы (алынган кызмат көрсөтүүнүн) мектептеги билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына шайкеш болуусу |
| 15 | Электрондук форматта кызмат көрсөтүү | Берилбейт |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби | | |
| 16 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү боюнча зарыл болгон документтерди кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиз болгон жүйөлөрдүн тизмеси:<br>- зарыл документтердин топтомунун жоктугу;<br>- билим берүүнүн 1-баскычындагы компетенциялардын (башталгыч жалпы билимдин) жоктугу ;<br>- жалпы билим берүү уюмунун шарттарында күндүзгү формада окутуу үчүн медициналык карама-каршылыктардын болушу;<br>- бекитилген ченемдерге ылайык класстын комплектелиши |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Даттануу тартиби | Кызмат көрсөтүү боюнча талаш маселелер келип чыккан учурда алуучу белгиленген тартипте билим берүүнүн аймактык органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылууга укуктуу.<br>Кызматтар талаптагыдай көрсөтүлбөсө алуучу билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органга оозеки же жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.<br>Кызмат көрсөтүүнү алуучунун атынан даттануу анын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.<br>Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин түрдө берилет жана арыз ээсинин аты-жөнү, жашаган дареги, телефон номерин, доонун маңызын, кызмат көрсөтүүнү алуучунун колтамгасын камтууга тийиш жана берилген күнү көрсөтүлөт.<br>Арыздарды жана доолорду кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ишке ашырылат.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечим канааттандырбаган учурда арыз ээси билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдын чечимине даттанууга укуктуу |
| | 3. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту | |
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Жалпы негизги билим берүү - Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеси), 1-бап, 23-пункт |
| 2 | Кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Билим берүүчү уюмдар.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү окуу жайлардын тизмеси, алардын байланыш маалыматы жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган мамлекеттик борбордук органынын (мындан ары - билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу орган) жана окуу жайлардын маалыматтык такталарында, сайттарында жайгаштырылат |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган 14төн 18 жашка чейинки курактагы балдар |
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негизи | Кыргыз Республикасынын Конституциясы (45-берене);<br>«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (3, 4, 11, 12 жана 16-беренелер) |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын акыркы жыйынтыгы | Билим берүүнүн III баскычы үчүн белгиленген окуу планы жана билим берүүчү мамлекеттик стандарттар боюнча жалпы билим берүү программаларын толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген милдеттүү сабактар боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону тапшырган окуучуларга жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечимине ылайык билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ «Жалпы орто билими жөнүндө аттестат» берилет.<br>Жалпы орто билим берүү боюнча негизги жалпы билим берүүчү программалардын мазмуну төмөнкүлөргө багытталган:<br>- жаранды тарбиялоо, окуучуларда активдүү жарандык позицияны, руханий, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарды калыптандыруу;<br>- социалдык-маданий чөйрөдө көнүгүшүнө жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү;<br>- окуучулардын жалпы сабактарга, интеллектуалдык, уюштуруучулук, маалыматтык жөндөмдөрүн өркүндөтүү;<br>- кесибин жана эмгектик ишин өзү аңдап түшүнүү менен тандоого даярдыгы.<br>Окуучулар мектептеги билим берүү чөйрөсүндө Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык теориялык билимге жана практикалык көндүмдөргө ээ болушат. |
| 6 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарты | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү төмөнкү шарттарда жүргүзүлөт:<br>- санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана өрткө каршы коопсуздук талаптарга шайкеш келген имараттарда, анын ичинде:<br>талаптарга ылайык жабдылган жана жасалгаланган окуу залы, компьютердик класстар, кийим илгичтер болушу керек;<br>спорт залдын, спорт шаймандардын, тиешелүү жабдылган спорт аянтчасынын же стадионунун болушу;<br>жабдылган китепкананын, ашкананын болушу;<br>медициналык кабинеттин болушу;<br>окуу-пландоочу документтердин болушу, анын ичинде окуу планы, бардык сабактар боюнча программалар;<br>окуу жайларында педагогикалык кадрлардын болушу жана алардын квалификациялык талаптарга шайкеш келүүсү;<br>педагогикалык кызматкерлердин балдар менен иштөөсү үчүн терс медициналык көрсөтмөлөрдүн болбошу;<br>окуучулардын жана окуу жайларынын кызматкерлеринин санитардык-гигиеналык жайларды (ажаткана, жуунуучу бөлмө) тоскоолсуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (мындан ары - ДМЧА) үчүн пандустардын, кармоочтордун, атайын жабдылган ажатkананын болушу зарыл. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Келүүчүлөргө ыңгайлуу болуш үчүн кызмат көрсөтүлүүчү жерде кызмат көрсөтүүнү алууга зарыл болгон документтердин тизмеги жана арыздардын үлгүлөрү жайгаштырылат |
| 7 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү | Окутуунун ченемдик мөөнөтү - 2 жыл.<br>Кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн документтерди кабыл алуу - кайрылган учурдан тартып 20 мүнөт, билими жөнүндө документти берүү - кайрылган учурдан тартып 20 мүнөт |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларга маалымат берүү | | |
| 8 | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандарт-таштырууга жооптуу мамлекет-тик орган жөнүндө маалымат берүү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкүлөрдөн алууга болот:<br>- билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдан;<br>- билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарынан;<br>- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан;<br>- окутуунун ушул программасын ишке ашырган жалпы билим берүүчү уюмдардан.<br>Маалымат төмөнкүдөй берилет:<br>- жазуу жүзүндө;<br>- оозеки түрүндө (телефон аркылуу, жеке жолугушуу учурунда);<br>- электрондук түрдө.<br>Маалыматты мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматтык такталарынан, брошюралардан жана буклеттерден алууга болот |
| 9 | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (бардык мүмкүн болгон ыкмаларды мүнөздөө же санап кетүү) | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу төмөнкүлөр аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн:<br>- радио, теле көрсөтүү, маалымат сайттары;<br>- газеталар;<br>- билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдын сайты;<br>- билим берүү башкармалыктарынын аймактык органдарындагы маалымат такталары, буклеттер жана брошюралар;<br>- билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдын коомдук кабылдамасы;<br>-телефон боюнча.<br>Билим берүү башкармалыктарынын аймактык органдарынын даректери, телефон номерлери жана иш режими билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдын сайтында жана билим берүү башкармалыктарынын аймактык органдарындагы маалымат такталарында жайгаштырылат |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | Келүүчүлөр менен пикир алмашуу | Келүүчүлөр менен пикир алмашууда кызматкерлер этиканын төмөнкү негизги принциптерин карманат: сылык, ак ниет, сыпайы, чыдамкай, принциптүү болуу, маселенин маңызын терең түшүнүүгө аракеттенүү, маектеш адамды уга билүү жана анын көз карашын түшүнүү, ошондой эле кабыл алынган чечимдерди салмактоо жана аргументтерди келтирүү.<br>Билим берүү органдарынын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербестен, кесиптик-этикалык ченемдерди сакташы керек, жарандардын эркиндигин жана аларга карата калыс мамиле кылууну камсыз кылып, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербеши зарыл.<br>Өзгөчө муктаждыктарга ээ болгон адамдар (угуу, көрүү жана таяныч-кыймыл тутуму боюнча ДМЧА) менен пикир алмашуу алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө жүргүзүлөт |
| 11 | Купуялуулукту камсыздоо ыкмалары | Алуучу жана ага көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилиши мүмкүн |
| 12 | Керектүү документтердин жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеси | Жалпы билим берүүчү уюм окууга кабыл алууда тапшыруучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) устав жана билим берүү процессин жөнгө салуучу башка локалдуу документтер менен тааныштырат.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчү төмөнкү документтерди берет/ алардын иш-аракеттери:<br>- жашаган жери боюнча жалпы билим берүүчү уюмга жашы жете элек баланы кабыл алуу тууралуу ата-энесинин биринин (мыйзамдуу өкүлүнүн) арызы;<br>- баланын жана ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлүнүн) биринин ким экендигин тастыктаган документтеринин - баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн жана ата-энесинин биринин паспортунун нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;<br>- ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык маалымдаманын (белгиленген формадагы) түп нускасы;<br>- алынган эмдөөлөр жөнүндө медициналык маалымдаманын (белгиленген формадагы) түп нускасы,<br>- 3х4 см өлчөмүндөгү баланын сүрөтү;<br>- ата-энесинин биринин (мыйзамдуу өкүлүнүн) жашаган жеринен маалымдаманын көчүрмөсү;<br>- негизги жалпы билим жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.<br>Жалпы орто билим берүүнүн үчүнчү баскычында окуп жаткан окуучуну башка билим берүүчү уюмга которууда:<br>- билим берүү уюмунун жалпы орто билим берүүсүнүн үчүнчү баскычындагы тийиштүү класстарга жашы жете электи (эки жыныстагы) кабыл алуу жөнүндө ата-энесинин биринин арызы; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - окуучунун төмөнкү документтер тиркелген өздүк иши: баланын жана ата-энесинин биринин ким экендигин ырастаган документ - баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн (бала 16 жашка чыкса паспортунун көчүрмөсү) жана ата-энесинин биринин (мыйзамдуу өкүлүнүн) паспортунун нотариалдык күбөлөндүргөн көчүрмөсү, ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык маалымдаманын (белгиленген формадагы) көчүрмөсү, алынган эмдөөлөрү жөнүндө медициналык маалымдаманын (белгиленген формадагы) көчүрмөсү, 3х4 см өлчөмүндөгү баланын сүрөтү, негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.<br>Класстарды комплекттөө жыл сайын 5-сентябрга чейин жүргүзүлөт. Комплектөө тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жалпы билим берүүчү уюмдун уставына ылайык аныкталат |
| 13 | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Кызмат акысыз көрсөтүлөт |
| 14 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>- көрсөтүлгөн кызматтардын стандарттарында билдирилген кызмат көрсөтүүнүн шарттарына жана мөөнөттөрүнө ылайык анын толуктугу жана өз убагында болушу;<br>- кызмат көрсөтүүлөрдү алган адамдардын жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандыктыгы, диний ишеними, саясий жана башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырланышына жол бербөө;<br>- жеткиликтүүлүк;<br>- кызмат көрсөтүүнүн шарттарынын талаптагыдай болушу;<br>- акыркы жыйынтыгы (алынган кызмат көрсөтүүнүн) мектептеги билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына шайкеш болуусу |
| 15 | Электрондук форматта кызмат көрсөтүү | Берилбейт |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби | | |
| 16 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон документтерди кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиз болгон жүйөлөрдүн тизмеси:<br>- зарыл документтердин топтомунун жоктугу;<br>- билим берүүнүн 2-баскычындагы компетенциялардын (башталгыч жалпы билимдин) жоктугу; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - жалпы билим берүү уюмунун шарттарында күндүзгү формада окутуу үчүн медициналык карама-каршылыктардын болушу;<br>- бекитилген ченемдерге ылайык класстын толук комплекттелиши |
| 17 | Даттануу тартиби | Кызмат көрсөтүү боюнча талаш маселелер келип чыккан учурда алуучу белгиленген тартипте билим берүүнүн аймактык органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылууга укуктуу.<br>Кызматтар талаптагыдай көрсөтүлбөсө алуучу билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органга оозеки же жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.<br>Кызмат көрсөтүүнү алуучунун атынан даттануу анын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.<br>Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин түрдө берилет жана арыз ээсинин аты-жөнү, жашаган дарегин, телефон номерин, доонун маңызын, кызмат көрсөтүүнү алуучунун колтамгасын камтууга тийиш жана берген күнү көрсөтүлөт.<br>Арыздарды жана доолорду кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечим канааттандырбаган учурда арыз ээси билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарган ыйгарым укуктуу органдын чечимине сот тартибинде даттанууга укуктуу |

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2011-жылдын 20-сентябрындагы
№ 563 токтому менен
бекитилген*

**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ УЮМДАРДА КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ КЫЗМАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ
ЖОБО**

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302, 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

**1. Жалпы жоболор**

1. Бул Жобо «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде иштелип чыккан.

2. Жобо окуучулардын керектөөлөрүн ар тараптуу канааттандыруу максатында кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү тартибин жана шарттарын аныктайт.

3. Кошумча билим берүү кызматтарынан түшкөн каражаттар билим берүү процессин өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө, жалпы билим берүүчү уюмдардын окуу базаларын чыңдоого, педагогдордун жана окуучулардын иштерине түрткү берүүгө жумшалат.

4. Кошумча билим берүү кызматтарынын наркы Баалар прейскуранты менен аныкталат. Баалар прейскуранты жалпы билим берүүчү уюмдардын Кошумча билим берүү кызматтарына тарифтерди (бааларды) түзүү методикасынын негизинде жүргүзүлөт (1-тиркеме).

5. Бул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **керектөөчү (заказчы)** - окуучулар үчүн билим берүү кызматтарына заказ берген адам (ата-эне же аны алмаштыруучу адам);
- **аткаруучу** - кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү жалпы билим берүү уюмду;
- **кошумча билим берүү кызматтары** - Базистик окуу пландарынан сырткары жалпы билим берүүчү уюмдар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар;
- **Базистик окуу планы** - мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткарууну камсыздоочу окуу пландары жана программалары.

**2. Кошумча билим берүү кызматтарынын багыттары жана түрлөрү**

6. Жалпы билим берүүчү уюмдар акы төлөмө негизде төмөнкү багыттар боюнча кошумча кызматтарды көрсөтүүгө укуктуу:

- билим берүүчү (Базистик окуу пландарынан сырткары окуу сабактары);
- чет тил;
- информатика жана эсептөө техникасынын негиздери (ИЭТН);
- узартылган күн тобу;
- мектепке чейинкилер үчүн даярдоо курстары;
- ЖОЖдорго тапшыруучулар үчүн даярдоо курстары;
- логопедиялык, психологиялык жана дефектологиялык жардам;
- культурологиялык (дүйнөлүк көркөм маданият, манас таануу, айтматов таануу, риторика, этика, мекен таануу, дүйнөлүк цивилизациялар тарыхы, этнография ж.б.);
- көркөм-эстетикалык (көркөм өнөрканалар, музыкалык студия; театралдык студия, бий студиясы, шуру тизүү ийрими, лепка ж.б.);
- спорттук (атуу, сүзүү, күрөш, ушу, таэквандо, теннис, ж.б.);

- экологиялык-биологиялык (курчап турган чөйрөнүн экологиясы, жандуу предметтердин экологиясы, валеология ж.б.);
- туристтик-жерге таануу;
- экономикалык-укуктук (бизнес-клуб, колдонмо экономика);
- спорттук-техникалык (автотранспорт каражаттарын айдоо, авто иши, спорттун техникалык түрлөрү боюнча спорттук секциялар);

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги кошумча билим берүү кызматтарынын тизмегин кеңейтүүгө укуктуу.

Акы төлөмө билим берүү кызматтары мамлекеттик билим берүүчү уюмдар менен окуучулардын ата-энелеринин же башка Мыйзамдуу өкүлдөрүнүн ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде өзүнчө расписание боюнча ата-энелердин же башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн каалоосу боюнча окуучуларга көрсөтүлөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомунун редакциясына ылайык)*

7. Жалпы билим берүүчү мекемелер тарабынан көрсөтүлүүчү кошумча кызматтарга төмөнкүлөр кирбейт:

- Базистик окуу пландарын ишке ашырууда класстарды чакан топторго бөлүү;
- жалпы билим берүүчү уюмдун статусуна ылайык мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизги билим берүү программаларынын алкагында көрсөтүлүүчү кызматтар;
- негизги жалпы билим берүү программалары үчүн бөлүнгөн сааттардын эсебинен тандоо боюнча курстар, жеке жана топтук сабактар.

8. Билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө, анын ичинде кошумча билим берүү программаларынын, атайын курстардын мазмунуна талаптар тараптардын макулдашуусу боюнча аныкталат жана Базистик окуу планында каралгандан жогору болушу мүмкүн эмес.

9. Аткаруучу тиешелүү түзүмдөр тарабынан бекитилген билим берүү программаларына жана кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө келишимдин (мындан ары - келишим) шарттарына ылайык толук көлөмдө акы төлөмө кошумча кызматтарды көрсөтүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

10. Аткаруучу келишим түзгөнгө чейин керектөөчүгө аткаруучу жана билим берүү кызматтарынын көрсөтүлүшү жөнүндө аларды керектөөчү туура тандоого мүмкүндүктү камсыздоочу туура маалыматты берүүгө милдеттүү.

11. Аткаруучу төмөнкүлөрдү камтыган маалыматтарды керектөөчүгө билдирүүгө милдеттүү (анын ичинде көрүү үчүн ыңгайлуу болгон жерге жайгаштыруу жолу менен):

- негизде көрсөтүлүүчү кошумча билим берүү программаларынын деңгээлин жана багытын, формасын жана аларды өздөштүрүү мөөнөттөрүн;
- көрсөтүлүүчү кошумча билим берүү кызматтарынын тизмесин жана аларды берүү тартибин;
- класстардын толуусунун эсептик көрсөткүчү (2-тиркеме);
- көрсөтүлүүчү кызматтарга баалардын прейскурантын жана төлөө тартибин;
- окуучуларды кабыл алуу тартибин жана тапшыруучуларга коюлуучу талаптарды;
- акы төлөмө кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө келишимдердин үлгүлөрүн.

Аткаруучу керектөөчүнүн өтүнүчү боюнча келишимге тиешелүү маалыматтарды ага билдирүүгө милдеттүү.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомунун редакциясына ылайык)*

12. Ата-энелердин же башка Мыйзамдуу өкүлдөрүнүн акы төлөмө билим берүү кызматтарын алуудан баш тартуусу окуучуну башка класска которуу же болбосо жалпы билим берүүчү уюмдан чыгаруу үчүн негиз болуп эсептебейт.

13. Маалымат керектөөчүгө кыргыз жана (же) орус тилдеринде жана аткаруучунун каалоосу боюнча кошумча Кыргыз Республикасынын калкынын эне тилдеринде берилет.

**3. Акы төлөмө негизде кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө келишимдерди түзүү тартиби**

14. Аткаруучу керектөөчү сураган кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү мүмкүнчүлүгү болгон учурда гана келишим түзө алат.

15. Аткаруучу келишим түзүүдө башка керектөөчүгө карата бир керектөөчүгө артыкчылыктуу укук берүүгө акысы жок.

16. Келишим эки нускада түзүлөт, анын бири аткаруучуда, экинчиси керектөөчүдө (заказчыда) болот.

17. Заказчы келишимде көрсөтүлгөн тартипте жана мөөнөттөрдө көрсөтүлүүчү кошумча билим берүү кызматтарына акы төлөөгө милдеттүү. Заказчыга төлөгөнүн ырастоочу тиешелүү документ берилет.

18. Керектөөчү келишимде каралган өлчөмдө жана мөөнөттөрдө кошумча билим берүү кызматтарына акы төлөйт.

**4. Кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу**

19. Жалпы билим берүүчү уюмдарда кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:

- кошумча билим берүү кызматтарына калктын керектөөсүн (суроо-талабын) иликтөө жана окуучулардын болжолдонгон контингентин аныктоо;
- жалпы билим берүүчү уюмдун Уставында кошумча билим берүүнүн максаттарын жана милдеттерин аныктоо;
- эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча талаптарды эске алуу менен кошумча кызматтарды көрсөтүү үчүн шарттарды аныктоо окуу пландарын жана программаларын бекитүү;
- керектөөчүлөр менен акы төлөмө кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө келишимдерди түзүү;
- кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча иштөөгө педагогикалык кызматкер менен келишимдерди түзүү;
- түзүлгөн келишимдердин негизинде ички буйруктарды чыгаруу;
- боюнча жыйынтыктоочу ведомосторду тиркөө менен педагогдорду тарификациялоону түзүү;
- эмгек акынын формасын, системасын жана өлчөмүн аныктоо;
- акы төлөмө негизде кошумча сабактарды жүргүзүүнүн расписаниесин түзүү.

**5. Кошумча билим берүү кызматтарына акы төлөө тартиби, эсепке алууну жана отчет берүүнү уюштуруу**

20. Керектөөчүлөр бекитилген Баалар прейскурантына ылайык аткаруучу менен жазуу жүзүндө келишим түзүү шартында кошумча билим берүү кызматтарына акы төлөшөт.

21. Кошумча билим берүү кызматтарын көрсөткөндүгү үчүн акчалай каражаттарды кабыл алуу бухгалтер-кассир же милдет жүктөлгөн адам тарабынан ишке ашырылат.

22. Чогултулган каражаттар Казыначылык эсебине тапшырылат.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомунун редакциясына ылайык)*

23. Кошумча кызматтарга төлөмдөр боюнча отчет Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленген форма боюнча жана мөөнөттөрдө жогору турган органга берилет.

**6. Кошумча билим берүү каражаттарынан түшкөн каражаттарды пайдалануу тартиби**

24. Кошумча билим берүү каражаттарынан түшкөн каражаттарды пайдалануу түшкөн кирешелердин өлчөмүндө жүргүзүлөт.

25. Кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн алынган каражаттар төмөнкүлөргө пайдаланылат:

- чогултулган сумманын 70%не чейинки өлчөмдө социалдык камсыздандырууга чегерүүлөр менен кошумча эмгек акыга;
- сапаттуу билим берүү процессин өнүктүрүүгө жана камсыз кылууга.

Аталган каражаттар транспортко жана капиталдык ремонтко пайдаланылбайт.

7. Кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн алынган каражаттарды пайдаланууну контролдоо

26. Кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн сапаты жана уюштуруу, каражаттарды пландоонун жана пайдалануунун тууралыгын контролдоо төмөнкүлөр тарабынан ишке ашырылат:

- билим берүүнүн жогору турган органы;
- келишимдик мамилелердин алкагында керектөөчүлөр.

*Жалпы билим берүүчү уюмдардан*
*кошумча билим берүү*
*кызматтары жөнүндө жобого*
*1-тиркеме*

**Жалпы билим берүүчү уюмдардын кошумча билим берүү кызматтарына тарифтерди (бааларды) түзүү**
**МЕТОДИКАСЫ**

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомунун редакциясына ылайык)*

**1. Жалпы жоболор**

1. Бул методика төмөнкүлөрдүн негизинде иштелип чыккан:

- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын;
- Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүчү уюмдарды бюджеттик каржылоонун стандарттарынын.

2. Бул методиканын аракети кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү мамлекеттик жалпы билим берүүчү уюмдарга жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнө жайылтылат.

3. Кошумча кызмат көрсөтүүлөр мамлекет кепилдикке алган Базистик окуу планынан сырткары көрсөтүлөт.

4. Бул методиканын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жалпы билим берүүчү уюмдардын кошумча кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди (бааларды) негизсиз белгилөөдөн калкты коргоо;
- жалпы билим берүүчү уюмдар көрсөтүүчү акы төлөмө кызматтар рыногунда кыянаттык менен пайдаланууларга жол бербөө;
- жалпы билим берүүчү уюмдарды каржылоонун жаңы методдорун түзүү системасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү.

5. Жалпы билим берүүчү уюмдардын кошумча билим берүү кызматтарына тарифтерди (бааларды) түзүүнүн негизги принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы тиешелүү кызматтарды (жумуштарды) көрсөтүүдө негизделген сарптоолордун базасында экономикалык жактан негизделген, аныкталган болушу керек;
- жалпы билим берүүчү уюмдардын кошумча билим берүү кызматтарына (жумуштарына) тарифтер (баалар) ушул методикалык колдонмого ылайык аныкталган өлчөмдөрдө белгиленет;
- тарифтер (баалар) бардык мамлекеттик жалпы билим берүүчү уюмдар жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү үчүн айылда жана шаарда иштөө шарттарына бирдей деңгээлде бирдиктүү эрежелер жана бирдиктүү өлчөмдөр боюнча белгиленет.

### 2. Кошумча кызмат көрсөтүүлөргө (жумуштарга) тарифтерди (бааларды) бекитүү

6. Кошумча билим берүү кызматтарына тарифтердин (баалардын) прейскурантын бекитүү жыл сайын окуу жылы башталганга чейин жүргүзүлөт жана окутуу баскычтары боюнча шаардык жана айылдык мектептер үчүн бирдиктүү баа принциби боюнча эсептелет.

7. Кошумча кызмат көрсөтүүлөргө тарифтердин (баалардын) прейскурантына окуучунун, анын ата-энесинин (ата-энелердин же алардын Мыйзамдуу өкүлдөрүнүн каалоосу боюнча ыктыярдуу негизде берилүүчү Базистик окуу планынан (мындан ары - БОП) сырткары көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтары киргизилет.

8. Тарифтерди (бааларды) өлчөө бирдиги үчүн жалпы билим берүүчү уюмдун окуучусун окутуунун бир сааттык наркы колдонулат.

9. Тарифтердин (баалардын) прейскуранты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин буйругу менен бекитилет.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2012-жылдын 12-сентябрындагы № 589/1 «Ар бир адамды каржылоого өткөн жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуучуларга саатына кошумча билим берүү кызматтарына (ишине) карата баалардын Прейскуранты жөнүндө» буйругу*

### 3. Кошумча билим берүү кызматтарына тарифтердин (баалардын) наркынын түзүмү

10. Кошумча билим берүү кызматтарына тарифтер (баалар) жалпы билим берүүчү уюмдары бюджеттик каржылоо стандарттарын (мындан ары - БКС) түзүүчүнүн базасында аныкталат. Рентабелдүүлүк нормасы кызмат көрсөтүүнүн тарифтик наркына киргизилбейт.

11. Жалпы билим берүүчү уюмдардын кошумча билим берүү кызматтарына тарифтерди (бааларды) эсептөөдө сарптоолордун төмөнкүдөй экономикалык элементтери бөлүп көрсөтүлөт:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы «Жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөнүн жаңы шарттарын киргизүү жөнүндө» № 18 токтому менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлеринин эмгегине саат менен акы төлөөнүн өлчөмдөрүнө ылайык аныкталат;
- бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарттарына ылайык жалпы билим берүүчү уюмдарда педагогикалык кызматкердин эмгек акысынын үстөктөрүнүн жана кошумча төлөөлөрүнүн нормативдик катышы;

- педагогикалык ставкалардын жана административдик башкаруу жана көмөкчү кызматкерлеринин ставкасынын нормативдик катышы педагогикалык кызматкердин эмгек акы фондунун 25 проценти өлчөмүндө;
- Мыйзамда белгиленген тариф боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн Социалдык фондго чегерүүлөр; бир педагогикалык ставкага сааттардын нормативдик саны 29 саат өлчөмүндө;
- кошумча билим берүү кызматтарынын түрлөрү боюнча кымбаттоо коэффициенттери:

| | БФ боюнча нормативдик саны | Кошумча билим берүү кызматтарынын багыттары боюнча окуучулардын санынын эсептик көрсөткүчү | Кымбаттоо коэффициенттери |
|---|---|---|---|
| Билим берүү | 23 | 9 | 2,6 |
| Чет тил | 9 | 6 | 1,5 |
| Информатиканын жана эсептөө техникасынын негиздери (ИЭТН) | 9 | 6 | 1,5 |
| Узартылган күн тобу | 23 | 9 | 2,6 |
| Мектепке чейинкилер үчүн даярдоо курстары | 23 | 9 | 2,6 |
| ЖОЖго тапшыруучулар үчүн даярдоо курстары | 9 | 5 | 1,8 |
| Логопедиялык, психологиялык жана дефектологиялык жардам | 9 | 6 | 1,5 |
| Культурологиялык | 23 | 9 | 2,6 |
| Көркөм-эстетикалык | 9 | 6 | 1,5 |
| Спорттук | 23 | 9 | 2,6 |
| Экология-биологиялык | 23 | 9 | 2,6 |
| Туристтик-жерге таануу | 23 | 8 | 2,9 |
| Экономикалык-укуктук | 23 | 9 | 2,6 |
| Спорттук-техникалык | 9 | 6 | 1,5 |

- окуу процессин камсыздоого чыгымдар мурунку жылы түзүлгөн чыгымдарга ылайык окутуунун бардык баскычтары жана билим берүү уюмдарынын түрлөрү боюнча аныкталат;
- окуу жылынын ичинде коммуналдык кызматтардын ордун толтурууга чыгымдар мурунку жылы түзүлгөн чыгымдарга ылайык аныкталат.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомунун редакциясына ылайык)*

### 4. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн кошумча билим берүү кызматтарына (жумуштарына) тарифтердин (баалардын) наркын эсептөө тартиби

12. Кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркын түзүүчү бардык сарптоолор төмөнкү элементтер боюнча алардын экономикалык мазмунуна ылайык аныкталат:

- кызматкердин эмгек акысы;
- педагогикалык башка кызматкердин эмгегине акы төлөө фондунун үлүшү;
- Социалдык фондго төгүмдөр;
- окутуу баскычтары боюнча саат менен Базистик окуу планын аткаруу нормативи.

13. «Кызматкердин эмгек акысы» беренесине педагогикалык жана башка кызматкерлердин эмгек акысы киргизилет. Негизги кызматкерге билим берүү кызматтарын көрсөтүү менен түздөн-түз иштеген кызматкерлер: мугалимдер, ийримдердин жетекчилери, адистер кирет. Башка кызматкерге окутуу менен иш жүргүзбөгөн, бирок аны ишке ашырууга көмөк көрсөткөн кызматкерлер кирет.

14. Социалдык фондго чегерүүлөр Мыйзамда белгиленген камсыздандыруу төгүмүнүн тарифи боюнча жүргүзүлөт.

15. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн билим берүү кызматтарына (жумуштарына) тарифтердин (баалардын) наркын эсептөө төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

1) Айына орточо эмгек акыны эсептөө:

$$Сзп = (B \times (1 + W) + B \times D) \times (1 + SF),$$ мында

Сзп – негизги сааттык эмгек акыга жана администрациялык-башкаруучу жана көмөкчү кызматкердин эмгек акысынын үлүшүнө үстөктөрдү жана кошумча төлөөлөрдү эске алуу менен педагогикалык кызматкердин 1 сааттагы орточо эмгек акысынын эсептик көрсөткүчү;

B – жалпы билим берүүчү уюмдардын эмгегине сааттык акы төлөө өлчөмү;

W – кызматкердин негизги эмгек акысына үстөктөрдүн жана кошумча төлөөлөрдүн үлүшү;

D – эмгек акы төлөөнүн жалпы фондунда администрациялык-башкаруучу жана көмөкчү персоналдын эмгек акы төлөө фондунун үлүшү;

SF – Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмүнүн тарифи;

2) Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ордун толтурууга чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат.

$$КЗМ = Нкр / 9 / 4 / ПС + МЗ,$$ мында,

КЗМ – билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн 1 саатына коммуналдык жана материалдык сарптоолордун көрсөткүчү;

Нкр – бир жылга коммуналдык чыгымдар;

МЗ – БКС боюнча 1 окуучуга материалдык сарптоолор;

9 – бир жылдагы окуу айларынын саны;

4 – бир айдагы жуманын орточо саны;

ПС – 1 педагогикалык ставкага жумасына милдеттүү сааттардын орточо саны.

3) Кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүлөрдүн 1 саатынын наркынын кымбаттоо коэффициенти төмөнкүчө эсептелет:

K = НН / НН , мында, у БФ доу

K – кымбаттоо коэффициенти; у

НН – бюджеттик каржылоо боюнча окуучулардын нормативдик саны; БФ

НН – кошумча билим берүү кызматтары боюнча окуучулардын доу санынын эсептик көрсөткүчү (11-пункт боюнча).

4) 1 окуучуга кошумча билим берүү кызматтарынын наркын эсептөө төмөнкү формула боюнча аныкталат:

C = (C x K / НН + КЗМ), мында, доу зп у доу

C – кошумча билим берүү кызматтарынын (жумуштарынын) наркы; доу у

НН – кошумча билим берүү кызматтары боюнча окуучулардын доу санынын эсептик көрсөткүчү.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомунун редакциясына ылайык)*

16. Кошумча билим берүү кызматкеринин педагогикалык жана башка кызматкерлерди сыйлоонун өлчөмүн аныктоо тартиби жалпы билим берүү уюмунун ички жобосу менен белгиленет.

*Жалпы билим берүүчү уюмдарда*
*кошумча билим берүү*
*кызматтары жөнүндө жобого*
*2-тиркеме*

**Ченемдик каржылоого өткөн уюмдар үчүн кошумча билим берүү кызматтарына (жумуштарына) класстардын санынын эсептик КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ**

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы № 315 токтомунун редакциясына ылайык)*

| Кошумча билим берүү кызматтарынын багыттары | Кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү боюнча окуучулардын санынын эсептик көрсөткүчү |
|---|---|
| Билим берүү (Базистик окуу пландарынан сырткары окуу сабактары) | 9 |
| Чет тил | 6 |
| Информатика жана эсептөө техникасынын негиздери (ИЭТН) | 6 |
| Узартылган күн тобу | 9 |
| Мектепке чейинкилер үчүн даярдоо курстары | 9 |
| ЖОЖдорго тапшыруучулар үчүн даярдоо курстары | 5 |
| Логопедиялык, психологиялык жана дефектологиялык жардам | 6 |
| Культурологиялык (дүйнөлүк көркөм маданият, манас таануу, айтматов таануу, риторика, этика, мекен таануу, дүйнөлүк цивилизациялар тарыхы, этнография ж.б.) | 9 |
| Көркөм-эстетикалык (көркөм өнөрканалар, музыкалык студия, театралдык студия, бий студиясы, шуру тизүү ийрими, лепка ж.б.) | 6 |
| Спорттук (атуу, сүзүү, күрөш, ушу, таэквандо, теннис, ж.б.) | 9 |
| Экологиялык-биологиялык (курчап турган чөйрөнүн экологиясы, жандуу предметтердин экологиясы, валеология ж.б.) | 9 |
| Туристтик-жерге таануу | 8 |
| Экономикалык-укуктук (бизнес-клуб, колдонмо экономика) | 9 |
| Спорттук-техникалык (автотранспорт каражаттарын айдоо, авто иши, ж.б.) | 6 |

# Бөлүм III.
# Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар саламаттык сактоо жөнүндө мыйзамдарда

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

*Бишкек шаары, 2009-жылдын 24-июлу № 248*

**КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО ЖӨНҮНДӨ**

*(КР 2013-жылдын 16-майындагы № 72, 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171, 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам коомдук саламаттык сактоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу аркылуу калктын ден соолугун жакшыртуу, бүтүндөй алганда коомдун ден соолугун коргоо жана чыңдоо маселелерин илгерилетүүгө багытталган.

**1-глава**
**Жалпы жоболор**

**1-берене. Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан, ошондой эле белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.

Эгерде белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде ушул Мыйзамда каралгандан башкача эрежелер белгиленсе, эл аралык келишимдердин эрежелери колдонулат.

**2-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр жана аныктамалар**

**Адаптация** - организмдин функциялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсүн, анын ишке жөндөмдүүлүгүнүн артуусун жана сырткы таасирлерге болгон каршылыгынын жогорулоосун чагылдырган жандуу организмдин өзгөрүлмө сырткы чөйрөнүн шарттарына карата ыңгайланышуу процесстери.

**Адаптациялык жөндөмдүүлүгү** - мүмкүн болгон зыянды азайтуу, ыңгайлуу мүмкүндүктөрдү пайдалануу же кесепеттерди жоюу максатында системанын климаттын өзгөрүшүнө (климаттын өзгөрмөлүгүн жана экстрим кубулуштарды кошуп алганда) ыңгайлашууга жөндөмдүүлүгү.

**Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл** - калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо максатында калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгын камсыз кылуу жагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулардын алдын алуу, айкындоо, аларга бөгөт коюу боюнча иш-аракет.

**Адамдын ден соолугу** - тышкы чөйрө менен толук тең салмактуулугун жана ооруга байланышкан кандайдыр бир байкаларлык өзгөрүүлөрдүн жоктугун мүнөздөгөн жандуу система катарындагы адам организминин ал-абалы. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун аныктамасы боюнча ден соолук - бул оорунун же дене-күчтүк дефекттердин болбогондугунун ал-абалы гана эмес, дене-күчтүк, руханий жана социалдык толук бейгамчылык ал-абалы болуп саналат.

**Коомдук ден соолук** - калктын же анын географиялык, социалдык же башка белгилер боюнча белгилүү бир топторунун жана жамааттарынын ден соолугу, ал демографиялык көрсөткүчтөр, дене-күчтүк өнүгүүнүн, оорунун жана майыптуулуктун мүнөздөмөсү менен бааланат.

**Коомдук саламаттык сактоо** - бардык кызыкдар болгон тараптардын уюмдашкан күч-аракеттери, калкка, мамлекеттик жана жеке менчик уюмдарга, жамааттарга жана жеке жактарга маалымат берүү аркылуу коомдук саламаттыкты сактоого, оорулардын алдын алууга, адамдын өмүрүн узартууга жана ден соолугун чыңдоого багытталган иш-чаралардын системасы.

**Чектөө иш-чаралары** - чарбалык же башка иш-аракеттин өзгөчө режимин караган, жугуштуу оорулардын, жапырт ууланууларды н жана чукул кырдаалдардын жайылып кетүүсүнүн алдын алууга, ошондой эле калктын, транспорттук каражаттардын жүрүүсүн, жүктөрдүн, товарлардын жана жаныбарлардын ташылуусун чектөөгө багытталган административдик, медициналык-санитардык, ветеринардык иш-чаралар.

**Калктын ден соолугун коргоо** - калктын учурдагы жана келечек муундарынын ден соолугун сактоого жана чыңдоого багытталган саясий, экономикалык, укуктук, социалдык, маданий, илимий, экологиялык, медициналык мүнөздөгү чаралардын жыйындысы.

**Ден соолукка таасир этүүнү баалоо** - калктын ден соолугунун абалынын, саламаттык сактоону өнүктүрүүнүн жана бүтүндөй алганда социалдык-экономикалык өнүгүүнүн көз карашынан алгандагы белгилүү бир саясатты же программаны жүргүзүүнүн же болбосо конкреттүү кызматтардын же мекемелердин иш-аракетинин тикелей жана кыйыр натыйжаларына комплекстүү баа берүү.

**Ооруларды профилактикалоо** - оорунун пайда болуу жана тарап кетүү коркунучун алдын алууга же төмөндөтүүгө же болбосо анын агымын токтотууга, рецидив жана өтүшүп кетүүнү болтурбоого багытталган иш-чаралар.

**Профилактикалык иш-чаралар** - жашоо чөйрөсүнүн, анын ичинде климаттын өзгөрүшүнүн факторлорунун калкка тийгизген зыяндуу кесепеттерин жоюуга же азайтууга, жугуштуу оорулардын, жапырт ууланууларды н, өзгөчө кырдаалдардын пайда болуусунун, жайылып кетишинин алдын алууга же аларды жоюуга багытталган уюштуруучулук, административдик, инженердик-техникалык, медициналык-санитардык, ветеринардык, адаптациялык жана башка чаралар.

**Психикалык ден соолук** - индивидди чөйрөгө адаптациялоого мүмкүндүк берүүчү орнотуктардын, сапаттардын жана функциялык жарамдуулуктардын жыйындысы.

**Санитардык-карантиндик контроль** - адамдын ден соолугу үчүн потенциалдуу коркунуч келтирген продукцияларды (товарларды) ташып келүүнүн, жугуштуу жана жапырт жугуштуу эмес ооруларды (ууланууларды) алып келүүнүн, пайда болуусунун жана жайылып кетишинин алдын алуу максатында адамдарга, транспорт каражаттарына жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлгө (контролго) контроль алдындагы мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрмө пункттарындагы, мамлекеттер аралык өткөрүүчү темир жол станцияларындагы же кошулган станциялардагы продукцияларга (товарларга) карата мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн (контролдун) түрү.

**Санитардык-эпидемиологиялык кырдаал** - белгилүү бир аймакта белгилүү бир убакта калктын ооруп калуусунун деңгээли жана жашоо чөйрөсүнүн ал-абалы.

**Социалдык мобилизация** - коомдун бардык негизги секторлору жалпы максатка жетишүү үчүн чогуу аракеттенген пландаштырылган процесс.

**Калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы** - жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун адамга зыяндуу таасири болбогон жана анын жашоо-тиричилигинин жагымдуу шарттары камсыз кылынганда калктын саламаттыгынын, адамдын жашоо чөйрөсүнүн абалы.

**Ден соолукту чыңдоо** - адамдарга жана жамааттарга ден соолукка социалдык, экономикалык, экологиялык факторлордун, жашоо чөйрөсүнүн жана жашоо мүнөзүнүн таасирин сезүүгө мүмкүндүк берүүчү жана ден соолукту жакшыртуу максатында аларга контролдукту күчөтүүчү процесс.

Ушул Мыйзамда колдонулуучу башка терминдердин мазмуну ушул Мыйзамдын өзүнчө беренелеринде аныкталат.

*(КР 2013-жылдын 16-майындагы № 72, 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**3-берене. Ушул Мыйзамдын негизги милдеттери**

Ушул Мыйзамдын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- калктын ден соолугун сактоо;
- Кыргыз Республикасында жарандардын сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу;
- жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу.

**4-берене. Коомдук саламаттык сактоо тармагындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптери**

Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо жагындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- саламаттык сактоонун профилактикалык багыттангандыгы жана калктын сергек жашоо мүнөзүнө карата табитин калыптандыруу;
- медициналык тейлөө кызматтарынын жеткиликтүүлүгүнүн жана теңдигинин негизинде адамдардын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо үчүн шарттарды түзүү;
- бүтүндөй калктын жашоосунун сапатын жана психосоматикалык бейгамдык абалынын деңгээлин жогорулатуучу фактор катарында психикалык жана дене-күчтүк ден соолукту чыңдоо;
- саламаттыкты сактоо жана чыңдоо жагында калктын керектөөлөрүнө ылайык коомдук саламаттыкты сактоону өнүктүрүү, коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын иштөөсү үчүн бирдей шарттарды түзүү;
- жарандарды оорулардын алдын алуу, саламаттыкты сактоо жана чыңдоо маселелери боюнча объективдүү жана туура маалымат менен камсыздоо;
- коомдук саламаттыкты сактоо жагындагы мамлекеттик башкаруу органдарынын иш-аракеттерин координациялоо;
- калктын активдүү катышуусу менен калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо маселелерин чечүүдө коомдук жана башка уюмдардын кызматташтыгы жана өз ара аракеттешүүсү;
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жана жеке жактардын калктын ден соолугунун ал-абалы жана коомдук саламаттык сактоо жагында көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты үчүн жоопкерчилиги;
- жарандардын өзүнүн жана башка адамдардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо үчүн болгон жоопкерчилиги;
- калктын ден соолугун сактоодо жана чыңдоодо юридикалык жана жеке жактардын экономикалык кызыкдардыгы;
- профилактикалык иш-чаралардын илимий негиздүүлүгү.

Коомдук саламаттык сактоо кызматынын структурасы, башкаруу принциптери жана финансылануусу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

Көңүл буруңуздар! 4-берененин 2-бөлүгүндө 9-абзац жоктугуна байланыштуу КР 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамы менен өзгөртүүлөр киргизилген жок.

**5-берене. Коомдук саламаттык сактоо адистерин даярдоо**

Коомдук саламаттык сактоо адистерин даярдоо жана аларды даярдоонун сапатын башкаруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-глава**
**Жеке жана юридикалык жактардын коомдук саламаттык сактоо жагындагы укуктары жана милдеттери**

**6-берене. Жеке жактардын коомдук саламаттык сактоо жагында укуктары жана милдеттери**

Жарандар төмөнкүлөргө укуктуу:
- факторлору адамга зыяндуу таасир этпеген жагымдуу жашоо чөйрөсүнө;
- санитардык-эпидемиологиялык жагдай, жашоо чөйрөсүнүн ал-абалы, продукциялардын жана көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты жана коопсуздугу жөнүндө маалыматты алууга;
- калктын саламаттыгын сактоо жагында техникалык регламенттердин талаптарын аткарууга коомдук контроль жүргүзүүгө;
- мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана коомдук саламаттык сактоо уюмдарына калктын ден соолугун сактоону жана чыңдоону камсыз кылуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;
- башка жарандар, жеке жана юридикалык жактар тарабынан санитардык мыйзамдарды бузуунун натыйжасында ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыянды, ошондой эле профилактикалык иш-чараларды аткарууда келтирилген зыянды толук көлөмүндө төлөтүп алууга;
- объекттердин канааттандырбаган ал-абалынын, продукциялардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын маселелери боюнча коомдук саламаттык сактоо кызматынын уюмдарына арыздар (даттануулар) менен кайрылууга.

Жарандар төмөнкүлөргө милдеттүү:
- ушул Мыйзамдын талаптарын, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча ченемдик укуктук актыларды аткарууга;
- өздөрүнүн ден соолугу, ошондой эле өз балдарынын ден соолугу, аларга гигиеналык тарбия берүү жана окутуу жөнүндө кам көрүүгө;
- башка жарандардын ден соолукту сактоого жана жагымдуу жашоо чөйрөсүнө болгон укуктарын бузууга алып келүүчү иш-аракеттерди жасабоого.

**7-берене. Юридикалык жактардын коомдук саламаттык сактоо жагындагы укуктары жана милдеттери**

Юридикалык жактар төмөнкүлөргө укуктуу:
- санитардык-эпидемиологиялык жагдай, жашоо чөйрөсүнүн ал-абалы жөнүндө жана коомдук саламаттык сактоо маселелерин жөнгө салуучу колдонуудагы актылар тууралу маалымат алууга;
- калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамдыгын камсыздоо боюнча сунуш киргизүүгө;
- башка жарандар, жеке жана юридикалык жактар тарабынан санитардык мыйзамдарды бузуунун натыйжасында ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыянды, ошондой эле профилактикалык иш-чараларды аткарууда келтирилген зыянды толук көлөмүндө төлөтүп алууга.

Юридикалык жактар төмөнкүлөргө милдеттүү:
- ушул Мыйзамдын талаптарын, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча ченемдик укуктук актыларды аткарууга;
- аткарылуучу жумуштардын, продукциялардын жана көрсөтүлүүчү кызматтардын адамдын ден соолугу үчүн коопсуздугун камсыздоого жана өндүрүштүк контроль жүргүзүүгө;
- продукциялардын жаңы түрлөрүнүн жана аларды жасоонун технологиясынын адамдын саламаттыгына коопсуздугу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте негиздеме берүүгө;

- авариялык жагдайлар, өндүрүштүн токтошу, технологиялык процесстердин калктын саламаттыгына коркунуч келтирүүчү бузулушу, алааматтуу жаратылыштык-климаттык абалдар жөнүндө калкка, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, коомдук саламаттык сактоо органдарына жана уюмдарына өз учурунда маалымат берүүгө;
- иш-аракеттери азык-түлүк продуктыларын жана ичилүүчү сууну чыгаруу, сактоо, ташуу жана сатуу, балдарды тарбиялоо жана окутуу, калкты коммуналык жана турмуш-тиричилик жактан камсыз кылуу менен байланышкан кызматкерлердин медициналык кароодон өтүшүн жана аларды гигиеналык окутууну камсыз кылууга.

*(КР 2013-жылдын 16-майындагы № 72 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 3-глава
## Коомдук саламаттык сактоо жагындагы мамлекеттик көзөмөл

**8-берене. Өнөр жай жана турмуш-тиричилик багытындагы продукциянын жана аны жасоо технологиясынын коопсуздугу**

Өнөр жайлык жана тиричилик багытындагы продукциялар аларды жасап чыгарууда, ташууда, сактоодо, колдонууда жана утилдештирүүдө адамга жана анын жашоо чөйрөсүнө терс таасир көрсөтпөөгө тийиш. Колдонуудагы техникалык регламенттерге, Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык адамдын ден соолугуна коопсуз экендигин тастыктаган документтер болгондо гана өнөр жайлык жана тиричилик багытындагы продукцияны калкка сатууга жол берилет.

**9-берене. Тамак-аш азыктарынын жана калктын тамактануусунун коопсуздугу**

Кыргыз Республикасынын аймагында тамак-аш азыктарын, тамак-аш кошумчаларын, азык-түлүк чийки заттарын жана алар менен байланыштагы материалдарды жана буюмдарды жасоо, сактоо, ташуу, сатуу жана алып келүү адамдын ден соолугуна терс таасир көрсөтпөөгө тийиш жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген техникалык регламенттердин талаптарына туура келиши керек.

Менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактардын коомдук тамактануу уюмдары адамдардын ден соолугуна коопсуз болууга тийиш жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген техникалык регламенттердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына туура келиши керек.

**10-берене. Ичилүүчү суунун жана суу объекттеринин коопсуздугу**

Ичилүүчү суу коопсуз болууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген техникалык регламенттердин талаптарына туура келиши керек.

Суу объекттери эпидемиологиялык, радиациялык жана физикалык-химиялык жагынан коопсуз болууга тийиш жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген техникалык регламенттердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына туура келиши керек.

**11-берене. Адамдын ден соолугуна коркунуч келтире турган заттарга жана факторлорго карата талаптар**

Адамдын ден соолугуна коркунуч келтире турган физикалык, химиялык, биологиялык заттарды жана иондоштуруучу нурландыруунун булактарын жасоого, ташууга, сатып алууга, сактоого, сатууга жана колдонууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жол берилет.

**12-берене. Аба чөйрөсүнүн коопсуздугу**

Өндүрүштүк жайларда жана өнөр жай аянттарында, турак жайлык жана коомдук имараттарда, адам туруктуу же убактылуу болуучу жерлерде жумушчу зонасынын аба чөйрөсү адамга зыяндуу таасир көрсөтпөөгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген техникалык регламенттердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына туура келиши керек.

Караңыз:

КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 15-февралындагы № 94 «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында медициналык калдыктар жана сымаптуу буюмдар менен иштөө боюнча маселелер жөнүндө» токтому

Калк жайгашкан жерлердеги атмосфералык абанын, адам туруктуу же убактылуу болуучу жерлердеги абанын булганышын болтурбоо жана азайтуу боюнча чараларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жеке жана юридикалык жактар өздөрүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилген ыйгарым укуктарга жараша ишке ашырат.

**13-берене. Жер кыртыштын коопсуздугу, калдыктарды чогултуу жана утилдештирүү**

Калктуу конуштардагы жер кыртышы, өнөр жай аянттары жана айыл чарба жерлери адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө жагымсыз таасир тийгизбөөгө тийиш жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген техникалык регламенттердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына туура келиши керек.

Калктуу конуштардын аймактарын, курортторду жана рекреациялык зоналарды карап-күтүү, өндүрүш калдыктарын чогултуу, ташуу, утилдештирүү жана керектөө Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**14-берене. Өндүрүштүк, коомдук, турак жайлык орун-жайларды, имараттарды, курулмаларды, жабдууларды жана транспортту пайдалануунун коопсуздугу**

Өндүрүштүк, коомдук, турак жайлык орун-жайларды, имараттарды, курулмаларды, жабдууларды жана транспортту пайдаланууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилген техникалык регламенттердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык, адам үчүн коопсуз эмгектик, турмуш-тиричиликтик жана эс алуу шарттары камсыз кылынышы керек.

**15-берене. Эмгек шарттарынын коопсуздугу**

Өндүрүштүк жайлардын санитардык-техникалык жана гигиеналык ал-абалы, жумуш орундарын жабдуу, эмгек процессин уюштуруу адамдын ден соолугуна зыяндуу таасир көрсөтпөөгө тийиш жана калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы жагындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына туура келиши керек.

Иондоштуруучу нурландыруунун, физикалык, химиялык жана биологиялык факторлордун булактары менен иштөөдө эмгектин коопсуз шарттарын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан уюмдардагы жумуш берүүчүгө жүктөлөт.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-берене. Билим берүү уюмдарындагы шарттардын коопсуздугу**

Уюмдашуу-укуктук формаларына карабастан мектепке чейинки жана башка билим берүүчү уюмдар балдардын болуусунун, аларды окутуунун коопсуз шарттарын, ошондой эле алардын тамактануусун уюштурууну калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы жагындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык камсыз кылууга тийиш.

Балдардын болуусунун, аларды окутуунун коопсуз шарттарын жана алардын тамактануусун уюштурууну камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын билим берүү жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына жүктөлөт.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**17-берене. Милдеттүү медициналык кароолор**

Жугуштуу жана кесиптик оорулардын келип чыгышынын жана жайылышынын алдын алуу максатында иши тамак-аш азыктарын жана ичилүүчү сууну жасоо, сактоо, ташуу жана сатуу, балдарды тарбиялоо жана окутуу, калкты коммуналдык жана турмуш-тиричилик жактан тейлөө менен байланышкан, эмгек шарттары ден соолукка зыяндуу иштерде иштеген кызматкерлер жумушка орношордо алдын ала жана андан кийин мезгил-мезгили менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартипке ылайык профилактикалык медициналык кароодон өтүүгө милдеттүү.

Милдеттүү медициналык кароодон өтүүгө жаткан кесиптердин тизмеги, текшерүүнүн көлөмү жана милдеттүү медициналык кароодон өткөрүүнүн, эсепке алуунун, отчеттуулукту жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Кызматкерлерди өз убагында медициналык кароодон өткөрүү жана алардын иштөөсүнө уруксат берүү үчүн жоопкерчилик жумуш берүүчүлөргө жүктөлөт.

Балдарды, өспүрүмдөрдү жана эресеге жеткен адамдарды профилактикалык медициналык кароодон үзгүлтүксүз өткөрүп туруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартипте жүргүзүлөт.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**18-берене. Эпидемияга каршы иш-чараларды уюштуруу**

Жугуштуу оорулардын келип чыгышынын алдын алуу жана анын жайылышына жол бербөө төмөнкү каражаттар аркылуу камсыз кылынат:

- Кыргыз Республикасынын аймагын жугуштуу оорулардын киришинен жана жайылышынан санитардык коргоо боюнча иш-чаралар;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жугуштуу оорулардын таралышына эпидемиологиялык көзөмөлдү жана эпидемиологиялык жагдайдын татаалданышына таасир кылуу системасынын ишин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте ылайык жүзөгө ашыруу;
- жугуштуу оору менен ооругандарга карата көрүлүүчү чаралар;
- эмдөөлөрдүн Улуттук календары боюнча милдеттүү профилактикалык эмдөөлөрдү жана эпидемиологиялык кырдаалдын божомолдонгон начарлашындагы эпидемиологиялык көрсөткүчтөр боюнча эмдөөлөрдү жүргүзүү;
- жугуштуу оорулардын профилактикасы боюнча мамлекеттик же региондук максаттуу программаларды жана илимий, илимий-техникалык программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- малдан жугуучу ооруларга каршы күрөшүүнүн профилактикалык чараларын жана бирдиктүү көзөмөлдү жүргүзүүдө саламаттык сактоо жана ветеринардык кызматтардын биргелешип аракеттенүүсү;
- жугуштуу оорулардын алдын алууга жарандарды социалдык мобилизациялоо.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**19-берене. Жугуштуу оорулардын киришинен жана жайылышынан аймактарды санитардык коргоо**

Аймакты санитардык коргоо калктын ден соолугу үчүн коркунуч келтирүүчү жугуштуу оорулардын киришинин жана жайылышынын алдын алууга багытталган жана калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы жагындагы Кыргыз

Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына жана Эл аралык медициналык-санитардык эрежелерге ылайык жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын аймагын санитардык коргоо боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү талап кылуучу жугуштуу (өзгөчө коркунучтуу) оорулардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын аймагын санитардык коргоо үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрмө пункттарда санитардык-карантиндик контроль киргизилет.

Кыргыз Республикасынын аймагына коркунучтуу жүктөрдү жана товарларды алып келүү атайын жабдылган жана бул максаттар үчүн арналган өткөрмө пункттарда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу жүзөгө ашырылат. Мындай өткөрмө пункттардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын аймагын санитардык коргоону жүзөгө ашыруунун тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-октябрындагы № 691 «Кыргыз Республикасынын аймагын санитардык коргоо боюнча эрежелерин жана Кыргыз Республикасынын аймагын 2018-2022-жылдары коомдук саламаттык сактоо жана калктын ден соолугу үчүн коркунуч жаратуучу карантиндик жана өтө коптуу жугуштуу ооруларды ташып келүүдөн/алып кирүүдөн жана жайылтуудан санитардык коргоо боюнча эпидемияга каршы иш-чаралардын комплекстүү планын бекитүү жөнүндө» токтому*

**19-1-берене. Санитардык-эпидемиологиялык экспертизалар, териштирүүлөр, текшерүүлөр, изилдөөлөр, сыноолор**

Санитардык-эпидемиологиялык экспертизалар, териштирүүлөр, текшерүүлөр, изилдөөлөр, сыноолор мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу кызмат адамдары тарабынан, төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

- жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун адамга зыяндуу таасирин белгилөө жана алдын алуу;
- жугуштуу оорулардын жана жапырт жугуштуу эмес оорулардын (уулануулардын) пайда болушунун жана жайылып кетишинин себептерин жана шарттарын белгилөө жана мындай оорулардын (уулануулардын) пайда болушунун жана жайылып кетишинин кесепеттерин баалоо.

Санитардык-эпидемиологиялык экспертизаларды, териштирүүлөрдү, текшерүүлөрдү, изилдөөлөрдү, сыноолорду өткөрүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**20-берене. Жугуштуу оору менен ооругандарга карата чаралар**

Жугуштуу оорулардын жана массалык уулануулардын бардык учурлары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипке ылайык алар айкындалган жер боюнча, менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары тарабынан милдеттүү түрдө катталууга, мамлекеттик эсепке алынууга жана алар боюнча отчеттуулук жүргүзүлүүгө тийиш.

Эпидемиологиялык териштирүү жүргүзүлүүчү жугуштуу оорулардын тизмеги, териштирүү жүргүзүүнүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Жугуштуу оору менен ооругандар, мындай оору менен ооруйт деп шек саналган адамдар жана алар менен байланышта болгон адамдар, ошондой эле жугуштуу ооруларды козгогучтарды алып жүрүүчү болуп эсептелген адамдар эгерде алар айлана-чөйрөдөгүлөр үчүн өзгөчө коркунуч келтирсе, калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы жагындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик

укуктук актыларынын талаптарына ылайык мажбурлап ооруканага жаткырылууга жана (же) өзүнчө бөлүнүүгө жатат.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**21-берене. Чектөө иш-чаралары (карантин)**

Жугуштуу оорулардын пайда болуу жана жайылып кетүү коркунучу болгондо чектөө иш-чаралары (карантин) киргизилет.

Чектөө иш-чараларын (карантинди) киргизүүнүн жана жүзөгө ашыруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**22-берене. Жугуштуу эмес оорулардын жана жаракаттардын алдын алуу**

Калк арасында жугуштуу эмес оорулардын жана жаракаттардын алдын алуу төмөнкү каражаттар аркылуу камсыз кылынат:

- калк арасында жугуштуу эмес оорулар менен ооругандыктын, жаракат алуунун ал-абалына аларды азайтуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу менен мониторинг жана анализ жүргүзүү;
- калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча координацияланган көп сектордуу иш-чараларды жүргүзүү;
- жугуштуу эмес оорулардын, күтүлбөгөн кырсыктардын жана жаракаттардын алдын алуу боюнча мамлекеттик, улуттук, максаттуу жана башк программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

**22-1-берене. Калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы**

Калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

- санитардык-эпидемиологиялык абалга жана анын өзгөрүү болжолуна ылайык оорулардын алдын алуу;
- санитардык-эпидемияларга каршы (алдын алуу) иш-чараларды аткаруу;
- жеке, юридикалык жактардын жана кызмат адамдарынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген техникалык регламенттерди, санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана гигиеналык ченемдерди сактоосун контролдоо;

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» токтому*

*КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-январындагы № 68 «Ичүүчү суу менен камсыздоо жагындагы актыларды бекитүү жөнүндө» токтому*

- калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгын камсыз кылууну мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө;
- документтердин, имараттардын, курулмалардын, жайлардын, жабдуулардын, транспорт каражаттарынын, айлана жана өндүрүштүк чөйрө объекттеринин техникалык регламенттерге, анын ичинде санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлгө (контролго) жаткан товарларга карата Бажы бирлигининин жана Бирдиктүү санитардык-эпидемиологияпык жана гигиеналык талаптарга ылайыктуулугу же ылайыксыздыгы боюнча санитардык-эпидемиологиялык экспертизалар;
- адам үчүн коркунуч келтире турган химиялык жана биологиялык заттарды, продукциялардын айрым түрлөрүн, радиоактивдүү заттарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагына биринчи ирет анын келинүүчү продукциялардын айрым түрлөрүнүн мамлекеттик каттоо;
- социалдык-гигиеналык мониторингди камсыз кылуу;
- калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгын камсыз кылуу жагындагы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- жугуштуу оорулардын, жапырт ууланууулардын жана жугуштуу эмес оорулардын пайда болуусу, жашоо чөйрөсүнүн абалы жана алдын ала жүргүзүлүүчү санитардык-эпидемияга каршы иш-чаралар жөнүндө калкка өз убагында маалымдоо;
- жугуштуу оорулардын, эпидемиялардын тез башталып кетишин, адамдын өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунучтуу авариялардын, табигый кырсыктардын, өзгөчө кырдаалдардын, кыйроолордун кесепеттерин жоюу үчүн эпидфонд резервдерин түзүү;
- калкты гигиеналык окутуу жана тарбиялоо жана сергек жашоо ыңгайын пропагандалоо боюнча иштерди жүргүзүү;
- калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгы жагындагы ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартуу.

*(КР 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 4-глава
## Калктын ден соолугун чыңдоо

**23-берене. Сергек жашоо ыңгайы**

Сергек жашоо ыңгайы - адамдын ден соолукту сактоого жана чыңдоого багытталган жүрүм-турум көндүмдөрүнүн жыйындысы.

Адамдардын, жергиликтүү жамааттардын оңчулуктуу, жашоо ыңгайын дурус жагына өзгөртүүгө багытталган умтулууларын калыптандыруу жана колдоого алуу, ден соолукту сактоого, чыңдоого жана тобокелдик факторлорунун таасирин азайтууга көмөк берүүчү жагымдуу чөйрөнү түзүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- сергек жашоо ыңгайын сактоонун жүйөлөрүн, шарттарын түзүүнү, тийиштүү билгичтиктерди жана көндүмдөрдү иштеп чыгууну, дене тарбия жана спортту өнүктүрүүнү;
- ден соолукту чыңдоо жана сергек жашоо ыңгайынын көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча программаларды билим берүү системасына киргизүүнү;
- калктын ден соолугун чыңдоо боюнча программаларды ишке ашырууга катышууну;
- психикалык ден соолукту чыңдоону жана психикалык ден соолукка, психикалык жактан оорулууларга карата коомдун мамилесин түздөөнү.

Сергек жашоо ыңгайын киргизүү жана ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чаралар менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан жеке жана юридикалык жактар тарабынан ишке ашырылат, коомдук саламаттык сактоо кызматы тарабынан координацияланат.

**24-берене. Социалдык мобилизациялоо жана маалыматтык камсыз кылуу**

Калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо маселелери боюнча социалдык мобилизациялоо Кыргыз Республикасынын калкынын арасында сергек жашоо ыңгайынын маселелери боюнча маалыматтуулукту көбөйтүү жана билимдерди берүү жана жугуштуу, жугуштуу эмес оорулардын тобокелдик факторлорун кыскартуу максаттарында жүргүзүлөт.

**25-берене. Калктын ден соолугун сактоого жана чыңдоого жергиликтүү жамааттардын, коомдук уюмдардын катышуусу**

Жергиликтүү жамааттар, коомдук саламаттык сактоо жагындагы ассоциациялар, медициналык, ветеринардык, фармацевтик, кесиптик бирликтер, экологиялык жана башка коомдук бирикмелер өздөрүнүн уставдарына ылайык калктын ден соолугун сактоонун, чыңдоонун жана коопсуз жашоо чөйрөсүнүн маселелерин чечүүгө катыша алат.

**26-берене. Жалпыга маалымдоо каражаттары менен биргелешип аракеттенүү**

Телерадиокомпаниялар, басма сөз каражаттары ден соолукту сактоо жана чыңдоо проблемаларын келишимдердин негизинде чагылдырат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык социалдык программаларды, роликтерди жана ар кандай материалдарды жайгаштыруу үчүн эфирдик убакыт берет.

## 5-глава
## Коомдук саламаттык сактоо жагындагы мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчилик

**27-берене. Коомдук саламаттык сактоо жагындагы мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Коомдук саламаттык сактоо жагындагы мыйзамдарды бузган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## 6-глава
## Корутунду жоболор

**28-берене. Коомдук саламаттык сактоо тармагындагы эл аралык кызматташтык**

Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттер менен коомдук саламаттык сактоо жагындагы кызматташтыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эл аралык келишимдердин, макулдашуулардын негизинде жүзөгө ашырылат.

Эл аралык кызматташтыктын алкагында Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы түзгөн макулдашуулар жалпы кабыл алынган принциптерге, эл аралык укуктун ченемдерине, ушул Мыйзамдын жоболоруна жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жарандардын ден соолугун сактоого жана чыңдоого, коопсуз айлана-чөйрөгө болгон укуктарын чектөөгө тийиш эмес.

**29-берене. Корутунду жоболор**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч айдан кийин күчүнө кирет.

Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылат:

«Калктын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., № 6, 195-ст.);

«Калктын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 10, 461-ст.);

«Калктын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы («Эркин-Тоо» гезити, 2009-жылдын 28-апрели., № 29-30).

**Кыргыз Республикасынын
Президенти** **К.Бакиев**

2009-жылдын 25-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңеши тарабынан кабыл алынган

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2005-жылдын 9-январы № 6*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАРАНДАРДЫН САЛАМАТТЫГЫН САКТОО ЖӨНҮНДӨ

***(Үзүндү)***

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу» токтому*

*(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы № 224, 2009-жылдын 17-февралындагы № 53, 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 129, 2012-жылдын 25-июлундагы № 137, 2012-жылдын 11-октябрындагы № 171, 2013-жылдын 27-июнундагы № 108, 2015-жылдын 18-декабрындагы № 228, 2016-жылдын 29-апрелиндеги № 52, 2016-жылдын 6-июлундагы № 99, 2017-жылдын 2-августундагы № 167, 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 (2) Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоонун укуктук, экономикалык жана социалдык негиздерин аныктайт.

**3-статья. Ушул Мыйзамдын негизги милдеттери**

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоонун маселелерин жөнгө салуучу негизги ченемдик укуктук акт болуп саналат.

Ушул Мыйзамдын негизги милдеттери болуп:

- жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилдик берилген өз саламаттыгын, башка адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоого жана коргоого болгон ажыратып алгыс укугун ишке ашыруу;
- Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоонун маселелери боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын аныктоо;
- менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарынын жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы ишин укуктук жөнгө салуу;
- жарандардын, калктын айрым топторунун саламаттык сактоо жаатындагы укуктары менен милдеттерин аныктоо жана алардын сакталышынын кепилдигин белгилөө;
- медициналык жана фармацевттик кызматкерлердин кесиптик укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктоо, аларды социалдык жактан коргоонун кепилдиктерин белгилөө саналат.

**9-статья. Жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары**

Жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарынын алкактарындагы ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- калктын саламаттыгын коргоого жана чыңдоого, сыркоолорду профилактикалоого жана санитардык-эпидемиологиялык бейгамдыкка көмөк көрсөтүүчү калктын жашап иштешинин зарыл шарттарынын комплексин камсыз кылуу;

- жарандардын саламаттыгын сактоо жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;
- жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы аймактык программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- өздөрүнө бөлүнүп берилген аймактарда саламаттык сактоо уюмдарынын, медициналык жана фармацевттик өнөр жайдын материалдык-техникалык базасынын өнүгүшү жана иштеши үчүн шарттарды түзүү;
- саламаттык сактоонун бюджетин түзүү жана анын аткарылышын аймактын географиялык өзгөчөлүктөрүн, калктын жыныстык, курактык курамын эске алуу менен камсыз кылуу;
- калктын билим деңгээлин жогорулатуу жана жашоонун сергек ыңгайын түзүүдөгү жоопкерчилиги үчүн жарандык коомду, жалпыга маалымдоо каражаттарын, коомдук уюмдарды тартуу;
- (8-абзац КР 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)
- муниципалдык же мамлекеттик менчиктеги турак жайлар болгондо бийик тоолуу жана алыскы айылдык райондордо иштеген медициналык жана фармацевттик кызматкерлерди турак жай менен камсыз кылуу жана аларды күтүү боюнча жеңилдиктерди берүү;
- алар муниципалдык жана мамлекеттик менчикте болгондо саламаттык сактоонун муниципалдык жана мамлекеттик уюмдарына иштөөгө жиберилген жаш адистерге турак жай аянттарын, жер үлүштөрүн жана башка мүлктү берүү;
- биологиялык материалдарды жана медициналык калдыктарды зыянсыздандырууну, талап кылынбаган өлүктөрдү көмүүнү камсыз кылуу;
- саламаттык сактоо уюмдарынын саламаттык сактоо жаатындагы улуттук, мамлекеттик жана максаттуу программаларды аткаруудагы ишин координациялоо;
- жеке медициналык практикада жана фармацевттик иш менен алектенген жана өз ишин коммерциялык негизде эмес аткарган юридикалык жана жеке жактарга колдоо көрсөтүү:

ижара келишиминин негизинде менчигинде турган мүлктү убактылуу ээлик кылууга же пайдаланууга берүү түрүндө;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка түрлөрдө;

- өздөрүнө тиешелүү аймактарда жашаган жарандардын саламаттыгынын абалы жөнүндө, калктын санитардык-эпидемиологиялык бейгамдыгы жана саламаттык сактоо бюджетинин аткарылышы тууралу баяндаманы жыл сайын жергиликтүү кеңештерге берип туруу.

*(КР 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**99-статья. Билим берүү уюмдарынын милдеттери**

Билим берүү уюмдары балдардын жана окуп жаткан жаштардын саламаттыгын коргоо жана чыңдоо боюнча шарт түзүүгө, окуу-эмгектик жүктөмүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын иштөө режимин аныктоого милдеттүү.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

*Бишкек шаары, 2006-жылдын 21-августу № 175*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН ДЕН СООЛУГУН ТАМЕКИНИН ЖАНА АНЫ КЕРЕКТӨӨНҮН ЗЫЯНДУУ ТААСИРИНЕН КОРГОО ЖӨНҮНДӨ**

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316, 2017-жылдын 28-июнундагы № 111 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам тамеки жана тамеки продукцияларын өндүрүү, сатып өткөрүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо боюнча алдын алуу иш чараларын көрүү жагындагы укуктук мамилелерди жөнгө салат.

**I глава**
**Жалпы жоболор**

**1-статья. Ушул Мыйзамдын максаттары**

Ушул Мыйзамдын негизги максаттары:

- тамеки жана тамеки заттарын өндүргөн, сатып өткөргөн жана чеккен учурда анын зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо боюнча чараларды камсыз кылуу;
- тамеки заттарынын жана тамекисиз чегүүчү аралашмалардын калк тарабынан керектелишин азайтууга мүмкүнчүлүк берүүчү шарттарды түзүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген талаптарга ылайык келүүчү тамеки заттарын өндүрүүнү жана сатып өткөрүүнү камсыз кылуу;
- тамеки чегүүнүн жайылтылышын азайтуу боюнча макулдашылган иш чараларды жүргүзүү болуп саналат.

*(КР 2017-жылдын 28-июнундагы № 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-статья. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

**Түтүнсүз тамеки заттары** - никотиндүү медициналык препараттарды кошпогондо, жыттоо, соруу, чайноо же башка жол менен организмге кирүүчү тамеки заттары;

**кальян** - ичке тартуучу түтүндү чыпкалоого жана муздатууга өбөлгө түзүүчү тамеки жана башка тамекисиз чегүүчү аралашмаларды чегүү үчүн прибор;

**тамекиге каршы күрөшүү** - тамеки заттарын керектөөдөн тарткан зыянды, ошондой эле тамекинин түтүнүнүн таасирин жок кылуу же азайтуу аркылуу калктын ден соолугун жакшыртууга багытталган жөнөтүү, суроо-талап жана зыянды азайтуу жагындагы стратегиялардын кеңири чөйрөсү;

**ингредиент** - өндүрүү процессинде тамекиге кошулуучу ар кандай зат жана тамеки продукциясынын тамеки эмес компоненттери;

**медициналык эскертүү** - тамеки заттарын жана тамекинин түтүнүн керектөөнүн адамдын ден соолугуна тийгизген терс таасирлери жөнүндөгү, тамеки чегүүнү токтотуунун артыкчылыктары жана токтотуу ыкмалары тууралу, ошондой эле дагы башка тиешелүү маалымат; ал ушул Мыйзамда аныкталгандай, тамеки заттарынын пачкаларына таңгактарына же дагы башка жерлерге жайгаштырылат;

**тамекисиз чегүүчү аралашмалар** - никотин камтылбаган, чегүү үчүн арналган атайын аралашмалар;

**насвай** - үчүнчү сорттогу тамеки жалбырагына күл, акиташ, жыттуу заттар кошулуп даярдалган түтүнсүз тамеки заты;

**мыйзамсыз соода** - мындай ишкердикке мүмкүнчүлүк түзүү максаты бар ар кандай ишти же жүрүм-турумду камтыган өндүрүүгө, жөнөтүүгө, алууга, ээ болууга, бөлүштүрүүгө, сатууга же сатып алууга карата мамилеси бар мыйзам тарабынан тыюу салынган ар кандай иштин же жүрүм-турумдун түрү;

**пачка** - белгилүү сандагы тамеки заты салынган жана ар кандай чийме же текстик маалыматы бар керектөө идишинин бирдиги;

**тамеки заттарын керектөө** - чегүү, тамекинин түтүнүн мурундан чыгаруу, тамекинин жалбырагын чайноо;

**пассивдүү чегүү** - чекпеген адамдын тамекинин абадагы зыяндуу түтүнүн ичине тартуусу;

**жарнактоо жана тамеки менен тамеки заттарын сатууну колдоо** - тамеки заттарынын сатылышына, түз же кыйыр түрдө колдонулушуна түрткү берүүгө же өбөлгө түзүү ыктымалына арналган коммерциялык маалыматты, сунуштоону берүүнүн ар кандай түрү же аракеттер;

**тамекиге жана тамеки заттарына демөөрчүлүк** - тамеки заттарынын сатылышына же тамекинин түздөн-түз же кыйыр колдонулушуна жетишүүгө түрткү берүүнү көздөп, ар кандай окуяга, иш-чарага же айрым адамга кошкон салымдын ар кандай түрү;

**тамеки тартуучу жай** - тамеки тартууга тыюу салынган башка бөлмө же жайлардан бөлүнгөн полу, дубалдары (полдон шыпка чейин), шыбы жана эшиктери абаны сыртка чыгаруучу желдетүү системасы менен жабдылган жабык коомдук жайлардагы тамеки чегүү үчүн гана бөлүнгөн жай;

**тамеки (Nicotiana)** - тамеки заттарын жасаганга пайдаланылуучу итжүзүм өсүмдүктөрүнүн түрүнө кирүүчү никотиндүү бир жана көп жылдык өсүмдүк;

**тамеки чегүү** - тамеки заттарынын күйүшүнө алып келүүчү, анын натыйжасында чылымчы ичине тартуучу жана сыртка чыгаруучу, ошондой эле абага таркоочу тамеки түтүнүн пайда кылган кыймыл;

**тамекинин түтүнү** - тамеки заттарынын күйүшүнөн улам абада болуучу продуктулар;

**кальян үчүн тамеки** - кальянды жана ингредиенттерди кошуу менен же кошпостон, кесилген же бөлүнгөн аралашмадан турган чийки затты пайдалануу менен чегүү үчүн арналган чегүүчү тамеки затынын түрү.

**тамеки заттары** - чегүү, соруу, чайноо же жыттоо үчүн толугу менен же жарым - жартылай тамеки жалбырагынан жасалган заттар (чыпкалуу сигареттер, чыпкасыз сигареттер, папиростор, сигарлар, сигариллалар, трубкага салчу тамеки, чеге турган тамекилер, махорка-ирик тамекилер жана насвай);

**тамеки өнөр жайы** - тамекини ферментациялоо, тамеки заттарын жасоо, аларды бөлүштүрүү менен алектенген ишкана;

**таңгактоо** - пачкалардын белгилүү санынан турган жана ар кандай чийме же текстик маалыматы бар керектөө идишинин топтук бирдиги.

*(КР 2017-жылдын 28-июнундагы № 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Тамекинин зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Тамекинин зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укук актыларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасы ратификациялаган эларалык келишимдерден турат.

Эгерде Кыргыз Республикасынын эларалык келишимдеринде ушул Мыйзамда каралгандан башкача эрежелер белгиленсе, анда эларалык келишимдердин эрежелери колдонулат.

**4-статья. Тамекинин зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери**

Тамекинин зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери:

- тамекинин зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо жагындагы мамлекеттик саясатты жана мамлекеттик стратегияны иштеп чыгуу жана аныктоо, тамеки өндүрүү жана аны сатып өткөрүү жагынан жарандардын өмүрүнүн жана саламатчылыгынын артыкчылыктарын тандоо ишин саясий жактан жактоо;
- тамекинин жана аны керектөөнүн зыяндуу таасиринен калктын ден соолугун коргоо түзүмдөрүн түзүүгө мүмкүнчүлүк берген салык саясатын жүргүзүү;
- тамекинин жана аны керектөөнүн зыяндуу таасиринен жана жарандардын ден соолугун жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелерин чечүүгө жарандардын жана жергиликтүү шериктештиктердин активдүү катышуусу;
- тамекини керектөөнүн ден соолукка зыяндуулугу тууралу маалыматты алуу;
- тамеки тармагында иштөөнүн натыйжасында кесиптик ооруга дуушар болгон жана/же тамекинин организмге тийгизген зыяндуу таасирине байланыштуу керектеген учурда ден соолугун жоготкондо иш берүүчүлөрдүн жана/же өндүрүүчүлөрдүн эсебинен адамдарга келтирилген зыяндарды төлөтүп берүү;
- жарандардын ден соолугун сактоо жаатындагы коомдук саламаттык сактоо органдарына тамекинин жана аны керектөөнүн зыяндуу таасиринен коргонууга көмөк көрсөтүү;
- тамеки чекпей жана тамекинин түтүнүсүз жашоо боюнча адам укуктарын коргоо жагынан натыйжалуу чараларды көрүү, ошондой эле калктын тамеки заттарын керектөөлөрүн азайтуу;
- тамекини керектөөнү чектөө боюнча натыйжалуу программаларды түзүү жагындагы эларалык кызматташтык болуп саналат.

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316, 2017-жылдын 28-июнундагы № 111 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-статья. Мамлекеттин кепилдиктери**

Мамлекет:

- тамеки заттарына болгон суроо-талаптарды төмөндөтүүгө багытталган мамлекеттик программаларды жана социалдык-экономикалык иш-чараларды иштеп чыгууну, кабыл алууну, ишке киргизүүнү жана каржылоону;
- тамеки тармагында иштеген адамдарга, жарандардын саламаттыгын сактоо тууралуу мыйзамдарга ылайык саламаттык сактоо уюмдарынан медициналык-санитардык жардамдардын бардык түрлөрүн камсыз кылууну;
- тамеки тартуунун ден соолукка зыяндуулугунун кесепеттери жана айлана-чөйрөгө тамекинин түтүнүнүн таасири жөнүндө Кыргыз Республикасынын жарандарынын маалымат алышынын деңгээлин жогорулатуу үчүн шарттарды түзүүнү кепилдикке алат.

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**6-статья. Тамекиге суроо-талапты кыскартуу боюнча салык жана баа чаралары**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тамекини керектөөнү кыскартуу жана калктын ден соолугун чыңдоо максаттарында:

- тамеки заттарына карата салык саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат;
- тамеки заттарына минималдуу чекене бааны белгилейт;
- тамеки заттарын өндүрүүнү ачык жүргүзүү, түтүнсүз тамекилерди сатуу жана аларга акциз салыктарын салуу саясатын жүргүзөт.

*(КР 2017-жылдын 28-июнундагы № 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**II глава**

**Тамекинин зыяндуу таасиринен жарандарды коргоо боюнча чаралар**

**7-статья. Жарандардын тамекинин түтүнү жок айлана-чөйрөгө болгон укугу**

Кыргыз Республикасынын жарандары тамекинин түтүнү жок айлана-чөйрөгө укуктуу.

Тамеки чегүүгө, анын ичинде кальянды пайдалануу менен, жана тамекисиз чегүүчү аралашмаларды чегүүгө толугу менен тыюу салынат:

- бардык деңгээлдеги билим берүү мекемелеринде, ведомстволук баш ийишине жана менчигинин түрүнө карабастан балдар эс ала турган мекемелерде;
- ведомстволук баш ийишине жана менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо мекемелеринде;
- өрт коркунучу бар жерлерде, анын ичинде машинага май куюу станцияларында;
- кинотеатрларда, театрларда, спорттук жайларда жана ареналарда, цирктерде, концерттик залдарда жана маданияттын жана спорттун башка жабык жайларында;
- китепканаларда, көргөзмө залдарда, аудиторияларда (лекциялык жайларда);
- шаардык, шаарлар аралык автобустардын, маршруттук таксилердин жана шаардык электротранспорттун салондорунда;
- сууда сүзүүчү кемелерде жана аба транспортторунда;
- лифттерде;
- калкка кызмат көрсөтүлүүчү бардык жумуш жайларында;
- турак үйлөрдүн подъезддеринде;
- мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлеп турган имараттарда жана жайларда.

Тамеки чегүү үчүн атайын бөлүнгөн жайларды кошпогондо төмөндөгү жерлерде тамеки чегүүгө, анын ичинде кальянды пайдалануу менен, жана тамекисиз чегүүчү аралашмаларды чегүүгө тыюу салынат:

- *(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*
- автостанциялардын, автовокзалдардын, темир жол вокзалдарынын жана аэропорттордун имараттарында жана залдарында;
- жергиликтүү жана алыскы катнаштын поезддеринде;
- чегүү үчүн жайлары болбогон коомдук тамактануу жайларында.

Көңүл буруңуздар! КР 2017-жылдын 28-июнундагы № 111 Мыйзамы менен 7-берененин 3-бөлүгүнүн 5-пунктчасына киргизилген өзгөртүүлөр, берилген Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Ушул статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн бардык уюмдардын, ишканалардын жана коомдук жайлардын жетекчилери менчигинин түрүнө карабастан, тамеки тартуучу жайларды бөлүүгө жана аларды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген санитардык-гигиеналык ченемдерге ылайык жабдууга тийиш.

Тамеки тартуучу жайларды жабдууга коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

Ушул статьянын экинчи-төртүнчү бөлүктөрүнүн жоболорун бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке кириптер кылат.

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316, 2017-жылдын 28-июнундагы № 111 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**8-статья. Тамеки заттарын керектөө жаман адатынан арылууну чечкен адамдарга колдоо көрсөтүү**

Саламаттык сактоо уюмдары тамеки заттарын керектөө жаман адатынан арылууну чечкен адамдарга квалификациялуу медициналык жана консультациялык жардамдарды көрсөтөт.

**III глава**
**Тамеки заттарын өстүрүүнү, импорттоону**
**жана сатып өткөрүүнү жөнгө салуу**

**9-статья. Тамеки заттарынын коопсуздугуна карата талаптар**

Калктын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- Кыргыз Республикасында өндүрүлүүчү жана Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келүүчү тамеки заттарынын коопсуздугуна баа берүү принциптерин жана жол-жобосун белгилөөгө;
- Кыргыз Республикасында өндүрүлүүчү жана Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинүүчү тамеки заттарынын коопсуздугуна контролду ишке ашырууга милдеттүү.

**10-статья. Тамеки заттарындагы уулуу ингредиенттердин болушунун жол берилүүчү эң жогорку чегинин ченемдери**

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жыл сайын тамеки заттарында болуучу уулуу ингредиенттердин же тамекинин түгүнүн түзүүчүлөрдүн өтө так өлчөмүн белгилейт, бул тууралу калкты кабардар кылат.

Тамеки заттарын өндүрүүчүлөр өндүргөн продукциясынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык келиши жөнүндө жыл сайын Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга отчет берүүгө милдеттүү.

Уулуу ингредиенттердин болушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык саламаттык сактоо жана стандартташтыруу жагындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан текшерилүүгө тийиш.

**11-статья. Тамеки заттарын таңгактоого жана маркировкалоого карата талаптар**

Тамеки заттарын мыйзамсыз сатуунун бардык түрлөрүн жоюу максатында, анын ичинде контрабанданы, мыйзамсыз жана жасалма жасоону кошкондо, ички рыноктогу чекене жана дүңүнөн сатууга арналган тамеки заттарынын ар бир пачкасында жана тангагында тамеки заттарын даярдаган өлкө көрсөтүлүп, «Кыргыз Республикасында сатууга уруксат берилет» деген жазуу болууга тийиш.

Тамеки заттарынын ар бир пачкасында жана таңгагында мамлекеттик жана расмий тилдердеги тамеки тартуунун зыяндуулугу жөнүндөгү жазуулар, сүрөттөр жана/же пиктограмма түрүндөгү медициналык эскертүүлөр пачкалардын жана таңгактардын алдыңкы жана арткы жактарынын негизги аянтынын кеминде 40 пайызын ээлөөгө тийиш.

Медициналык эскертүүнүн тексти төмөнкүдөй талаптарга жооп берүүгө тийиш:

- ачык жана даана болууга;
- арасын ачпастан, ортосуна түптүз кылып тегиздеп, пачканын үстү жагына параллел кылып пачканын жана таңгактын төмөнкү регистрине ак фонго кара жоон тамгалар менен Helvetica деген жазуу басылат, ал соода маркасынан жана пачкадагы калган сүрөттөрдөн 3 миллиметр калыңдыктагы кара рамка менен бөлүнүп турууга тийиш. Эскертүүнүн ченемин аныктаганда рамканын ченеми эске алынбайт;
- пачканы (таңгакты) ачканда айрып албас үчүн жазуусу өйдө жайгаштырылууга;
- жашырып койбогудай, көрүнбөй калчудай, жеңил өчүрүлчүдөй, башка жазуулар же сүрөттөр басып салчудай болууга тийиш эмес.

Тамеки заттарын керектөө калктын ден соолугуна зыяндуулугу тууралу эскертүүнүн, сүрөттүн жана/же пиктограмманын текстинин мазмуну Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы тарабынан бекитилет жана үч жылдан өткөрбөй бир жолу алмаштырылат.

**12-статья. Тамеки заттарын сатууга чектөөлөр**

Кыргыз Республикасынын аймагында тамеки заттарын сатууга тыюу салынат:

- он сегиз жашка толо элек балдарга;
- он сегиз жашка толо элек балдар тарабынан;
- саламаттык сактоо жана билим берүү мекемелеринин имараттарында, спорт залдарында жана курулмаларында, стадиондордо жана аларга 100 метрге жакын радиуста жайгашкан жерлерде жана дүкөндөрдө;
- Кыргыз Республикасында белгиленген талаптарга алар ылайык келбеген учурларда;
- аларда жол берилген ченемдердин чегинен ашыкча уулуу заттар болгон учурларда;
- пачкада (таңгагында) ушул Мыйзамдын 11-статьясынын талаптарына ылайык келген медициналык эскертүү болбогондо;
- пачкаларда жана таңгагында «чайыры аз», «жеңил», «өтө жеңил», «ультра жеңил», «жумшак» деген жазуулар болгондо же анын мүнөздөмөлөрү жана ден соолукка таасирлери жөнүндө түз же кыйыр түрдө жалган пикир түзгөндө, ошондой эле кайсы бир тамеки заты башка бир тамеки заттарынан түз же кыйыр айырмаланганда;
- 20 даанадан кем сигарети бар пачкаларга же аларды дааналап сатууга.

Кыргыз Республикасында акциз маркалары жок тамеки заттарын жасоого, импорттоого жана сатууга тыюу салынат.

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-статья. Тамеки заттарын сатууну жүзөгө ашыруучу адамдардын сатып алуучулардан алардын инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтерин көрсөтүүнү талап кылуу укугу**

Тамеки заттарын сатууну жүзөгө ашыруучу адамдар тамеки заттарын жаш курагы болжол менен он сегизден кем болгон балдарга сатып жаткан учурда төмөндөгүлөргө укуктуу:

- алардан инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтерин көрсөтүүнү талап кылууга;
- эгерде алар өздөрүнүн инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтерин көрсөтпөсө, тамеки заттарын сатуудан баш тартууга.

Ушул статьяны бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке кириптер кылат.

**14-статья. Тамеки заттарын саткан жерлердеги медициналык эскертүүлөр**

Тамеки заттарын саткан жерлердин бардыгында көрүнөө жерлерде тамеки чегүүнүн жарандардын ден соолугуна зыяндуулугу жана он сегиз жашка толо элек балдарга тамеки заттарын сатууга тыюу салынгандыгы жөнүндө медициналык эскертүүлөр жазылган плакаттар милдеттүү түрдө илинип турууга тийиш.

Бул плакаттардагы медициналык эскертүүнүн тексттери Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитилет жана үч жылдан өткөрбөй бир жолу алмаштырылат.

**15-статья. Тамеки заттарын сатууга түрткү берүү, тамеки жана тамеки заттарына демөөрчүлүк кылуу жана жарнактоо**

Калктын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жана тамеки заттарын керектөөнү жөнгө салуу максатында төмөндөгүлөргө тыюу салынат:

- тамеки заттарын калк арасында акысыз таркатууга;
- купондорду, талондорду чыгаруу жана башкалардын кийлигишүүсү менен бааны түшүрүүнү колдонууга;
- тамеки заттарын сатуу көлөмүн көбөйтүү максатында маданий-массалык иш чараларды, ачык акцияларды жана сынактарды уюштурууга;
- маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө байге түрүндө тамеки заттарын пайдаланууга;
- маданий-спорттук, ден соолукту чыңдоо иш-чараларына жергиликтүү, чет өлкөлүк да тамеки компанияларынын демөөрчүлүгүнө;
- жергиликтүү жана чет өлкөлүк тамеки фирмаларынын же биргелешкен ишканалардын тамеки тартууну пропагандалаган маданий-спорттук, ден соолукту чыңдоо иш-чараларын, кандайдыр бир конкурстарды, дискотекаларды өткөрүүгө;
- тамеки заттары түрүндө азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарларды даярдоого жана сатууга;
- соода-сатык автоматтары аркылуу тамеки заттарын сатууга жана аларды Кыргыз Республикасынын аймагында иштетүүгө;
- Кыргыз Республикасынын аймагында тамекини жана тамеки заттарын түз жана кыйыр түрдө жарнактоого.

Тамеки продукцияларын жарнактоого тамеки заттарын саткан жерлерде гана уруксат берилет. Жарнак материалынын өлчөмү 2000 кв. сантиметрден чоң болбоого тийиш. Дүкөндүн ичиндеги ар бир жарнак материалы бардык учурларда медициналык эскертүү менен коштолууга жана жарнак аянтынын кеминде 40 пайызын ээлөөгө тийиш.

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-статья. Тамеки заттарын жок кылуу**

Ушул Мыйзамды бузуу менен жасалган, импорттолуучу же сатылуучу бардык тамеки заттары соттун чечими боюнча конфискацияланат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте жок кылынат.

Тамеки заттарын мыйзамсыз сатуудан жана/же өндүрүүдөн жана импорттоодон түшкөн кирешелер ден соолукту чыңдоо жана тамеки тартуунун алдын алуу максаттарына жумшоо үчүн конфискациялануга жана республикалык бюджетке которулууга тийиш.

## IV глава
## Корутунду жоболор

**17-статья. Тамекинин зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо боюнча иш-чараларды каржылоо**

Тамекинин зыяндуу таасиринен жарандардын ден соолугун коргоо боюнча иш чараларды каржылоо төмөнкүдөй ишке ашырылат:

- Кыргыз Республикасынын аймагында тамеки заттарын өндүрүүчүлөрдүн жана импорттоочулардын каражаттарынан;
- республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден;
- Кыргыз Республикасынын аймагында тамеки заттарын керектөөнү жөнгө салуучу мыйзамдарды бузгандык үчүн айып жазаларынын каражаттарын 100 пайыз өлчөмүндөгү чегерүүлөрдүн эсебинен;
- эларалык уюмдардын, коомдук бирикмелердин (ассоциациялардын, кыймылдардын), жарандардын гранттарынын, кредиттеринин эсебинен;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ыйгарым укуктуу башка органдары ушул Мыйзамды ишке ашырууга максаттуу чегеримдердин механизмдерин иштеп чыгат жана бекитет.

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**18-статья. Жарандардын ден соолугуна келтирилген зыяндарды төлөп берүү**

Жарандар тамеки өндүрүү жана кайра иштетүү учурунда же тамеки заттарын чеккен учурда алардын ден соолугуна келтирилген зыяндарды төлөтүп алууга укугу бар.

Келтирилген зыяндар менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактардан - иш берүүчүлөрдөн төлөтүп алынат.

Келтирилген зыяндардын өлчөмү жана зыяндарды төлөөнүн тартиби тараптардын өз ара макулдашуулары же сот тарабынан аныкталат.

*(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы № 316 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**19-статья. Ушул Мыйзамды бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Ушул Мыйзамдын жоболору мамлекеттик бийликтин бардык органдарында, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарында, менчигинин түрүнө карабастан ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул Мыйзамды бузгандык үчүн жоопкерчилик белгиленет.

**20-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам, төмөндө көрсөтүлгөн статьялардын ченемдеринен тышкары, расмий жарыяланган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет:

- 2007-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирүүчү 7-статьянын үчүнчү бөлүгү, 10-статьянын үчүнчү бөлүгү,

12-статьянын биринчи бөлүгүнүн алтынчы абзацы;

- 2008-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирүүчү 11-статья, 12-статьянын биринчи бөлүгүнүн бешинчи, жетинчи, сегизинчи абзацтары;
- 2009-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирүүчү 15-статьянын биринчи бөлүгүнүн онунчу абзацы жана 15-статьянын экинчи бөлүгү.

«Эркин Тоо» газетасынын 2006-жылдын 19-сентябрында № 69 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **К.Бакиев**

**2006-жылдын 16-июнунда**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 1999-жылдын 25-марты № 33*

## ИЧҮҮЧҮ СУУ ЖӨНҮНДӨ

**(***Үзүндү***)**

*(КР 2000-жылдын 29-сентябрындагы № 81, 2003-жылдын 28-июнундагы № 118, 2009-жылдын 20-июлундагы № 240, 2011-жылдын 12-ноябрындагы № 206, 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ичүүчү суу Кыргыз Республикасынын калкынын жашоосунун жана ишинин негизи болуп эсептелет, стратегиялык, практикалык жана экономикалык мааниге ээ, товар болуп эсептелет.

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында колдонулат жана ичүүчү суу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

**5-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу жагындагы компетенциясы**

Төмөндөгүлөр:

тиешелүү ведомстволук баш ийүүдөгү аймакта калкты гигиеналык талаптарга жооп берген ичүүчү суу менен зарыл болгон көлөмдө жабдуу;

чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумун өнүктүрүү боюнча пландаштырылуучу документтердин, башкы схемалардын, максаттуу программалардын жана иш-чаралардын пландарынын курамында иштеп чыгуу жана бекитүү;

суу менен жабдуу булактарынын болушу жана абалы жөнүндө маалыматтарды, калктын талап кылынган көлөмдөгү жана сапаттагы ичүүчү суу менен жабдууга болгон керектөөлөрүн канааттандыруунун мүмкүнчүлүктөрүн, чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумунун ишенимдүүлүгүн эсепке алуу жана баа берүү;

суу менен жабдуу булактарында санитардык коргоо зоналарын уюштуруу жана аны сарамжал пайдалануу боюнча иш-чараларды өткөрүү;

калкты чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу жана ичүүчү суунун сапатына контролдук кылуу боюнча жумуштарды пландаштыруу, каржылоо, материалдык-техникалык жагынан камсыз кылуу;

Кыргыз Республикасындагы суу менен жабдуу жана канализация тутумдарын пайдалануудагы колдонулган эрежелеринин негизинде чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуунун тутумдарын пайдалануунун жергиликтүү эрежелерин бекитүү;

ичүүчү суунун чыгымдалышын эсепке алууну жүзөгө ашыруу;

мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарынын жана сууда коркунучтуу булгануулар болгон учурда ичүүчү сууну пайдаланууга убактылуу тыюу салуу жөнүндө жана калкты чарбалык-ичүүчү суу менен кадыресе камсыз кылууну калыбына келтирүү жана ичүүчү суунун зарыл болгон сапатын камсыз кылуу үчүн зарыл чараларды көрүү тууралу стандарттардын талаптарынын сакталашына мамлекеттик көзөмөл органдарынын корутундуларынын негизинде чечимдерди кабыл алуу;

ведомстволорго караштуу аймактарда суу коргоо иш-чараларын уюштуруу жана алардын аткарылышына контролдук жүргүзүү, суу менен камсыз кылуу булактарын жана суу түтүктөрүн санитардык коргоо зоналарынын тартибин бузуу учурларына бөгөт коюу боюнча чараларды көрүү;

мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдары жана стандарттардын талаптарынын сакталышына мамлекеттик көзөмөл органдары

менен макулдашуу боюнча өзгөчө жагдайларда (табигый кырсык, суу менен жабдуу булактарындагы суунун булганышынын коркунучтуу деңгээлге жетишин аныктоо жана башкалар) чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумун пайдалануунун мүмкүнчүлүгү жана шарттары жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

ичүүчү суунун сапаты, аны чыгымдоонун ченемдери жана үнөмдөөнүн ыкмалары, акы төлөөнүн тартиби жөнүндө калкты зарыл болгон маалымат менен камсыз кылуу;

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына таандык кылынган чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуунун башка маселелерин мыйзамдарга ылайык чечүү калкты ичүүчү суу менен жабдуу жагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына таандык кылынат;

монополияга каршы аймактык органдар менен макулдашуу боюнча калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча тарифтерди бекитүү (белгилөө).

Мамлекет тарабынан жекече турак жай конуштары уюштурулганда, мамлекет өзүнүн мамлекеттик органдарынын атынан ал жерде жашаган калкты суу менен үзгүлтүксүз жабдуу үчүн 3 жылдын ичинде суу түтүгүн курууга жана пайдаланууга берүүгө милдеттүү. Бул учурларда республикалык, жергиликтүү бюджеттер, мамлекеттик органдардын бюджеттен тышкаркы каражаттары жана Кыргыз Республикасынын мыйзамына карама-каршы келбеген башка булактар каржылоо булагы болуп саналат.

*(КР 2000-жылдын 29-сентябрындагы № 81, 2009-жылдын 20-июлундагы № 240, 2011-жылдын 12-ноябрындагы № 206 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**10-статья. Сууну тазалоонун жана зыянсыздандыруунун жеке, турмуш-тиричиликтеги жана тайпалык техникалык каражаттары**

Сууну тазалоонун жана зыянсыздандыруунун жеке, турмуш-тиричиликтеги жана тайпалык техникалык каражаттары суунун коопсуздугун жана анын гигиеналык талаптарга ылайык келишин камсыз кылуу үчүн колдонулат.

Суунун турмуш-тиричиликтеги же тайпалык техникалык каражаттар менен тазалоонун мүмкүнчүлүктөрүнө негизденип, чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуунун борборлоштурулган тутумдарында сууну тазалоонун жана зыянсыздандыруунун талаптарын бошоңдотууга тыюу салынат.

Сапаттуу ичүүчү сууну борборлоштуруп берүүгө мүмкүнчүлүк жок болгон учурда, тамак-аш өнөр жайынын, коомдук тамактануунун ишканаларында, дарылоо-профилактикалык жана балдар мекемелеринде сууну тазалоонун жана зыянсыздандыруунун тайпалык техникалык каражаттары милдеттүү түрдө колдонулат.

Сууну тазалоонун жана зыянсыздандыруунун жеке, тайпалык техникалык каражаттары аларда иштетилген суунун санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык келишин камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн ырастай турган милдеттүү сертификациялоодон өткөрүлүүгө тийиш.

Бул каражаттарды гигиеналык сертификаттарсыз жана ылайык келүүчү сертификаттарсыз өндүрүүгө, сатууга жана колдонууга тыюу салынат.

**11-статья. Идишке куюлган ичүүчү суу**

Идишке куюлган түрдө (бөтөлкөлөрдө же башка идиштерде) сатууга түшкөн суу мамлекеттик стандарттарда белгиленген талаптарга жана гигиеналык эрежелер менен ченемдерге ылайык келүүгө тийиш.

Бөтөлкөгө куюлган суунун сапаты аны сактоонун кепилденген бүткүл мөөнөтүнүн ичинде белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

Бөтөлкөгө куюлган ичүүчү суунун коопсуздугу, зыянсыздыгы жана физиологиялык толук жарактуулугу гигиеналык сертификат жана ылайык келүү сертификаты менен ырасталууга тийиш.

Бөтөлкөгө куюлган ичүүчү сууну ылайык келүү сертификатысыз өндүрүүгө жана сатууга тыюу салынат.

**14-статья. Ичүүчү суунун сапатына контролдук жүргүзүү**

Ичүүчү суунун сапатына туруктуу өндүрүштүк контролдук жүргүзүү жок болгондо чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумун пайдаланууга тыюу салынат.

Ичүүчү суунун гигиеналык жана эпидемиологиялык талаптарга ылайык келишин аныктоо максатында ичүүчү суунун сапатына өндүрүштүк контролдук жүргүзүү белгиленген тартипте аттестацияланган же аккредитацияланган суу менен жабдуу ишканаларынын лабораториялары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Өздөрүнүн лабораториялары жок ишканалар тарабынан пайдаланылып жаткан чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумундагы ичүүчү суунун сапатына контролдук жүргүзүүнү белгиленген тартипте аккредитацияланган базалык, райондор аралык, көчмө жана башка лабораториялар келишимдик негизде жүзөгө ашырат.

Ичүүчү сууда өзгөчө коркунучтуу компоненттердин бар экендигине атайын контролдук жүргүзүү мыйзамдарда белгиленген тартипте аккредитацияланган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл уюмдары же органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Ичүүчү суунун жана суу менен камсыз кылуу булактарындагы суунун сапатына контролдук жүргүзүү белгиленген тартипте аттестацияланган жана бекитилген усулдар боюнча жүргүзүлөт. Чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуунун борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган тутумдарындагы ичүүчү суунун сапатына контролдук жүргүзүүнүн типтүү программалары жана эрежелери санитардык ченемдерде, эрежелерде жана мамлекеттик стандарттарда белгиленет.

Ичүүчү суунун сапатына контролдук жүргүзүүнүн айкын программалары жергиликтүү шарттарды эске алуу аркылуу суу менен жабдуу тутумун пайдаланып жаткан ишканалар тарабынан иштелип чыгып, мамлекеттик санитардык көзөмөлдүн аймактык органдары менен макулдашылат жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

Тиешелүү аймактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчиси мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органынын сунушу боюнча алардын ведомстволук таандуулугуна карабастан, суу менен жабдуу булактарынын булгануу деңгээли жогору болгондо же адамдардын саламаттыгына коркунуч келтирген башка санитардык жагдайлар өзгөргөндө, белгилүү бир мезгилге ичүүчү суунун сапатына контролдук жүргүзүүнүн убактылуу күчөтүлгөн тартибин (ылгап текшерүүнү жана/же контролдонуучу көрсөткүчтөрдү текшерүүнү көбөйтүү менен) киргизет.

Ичүүчү суунун сапатын контролдоочу лабораториялардын жетекчилери анализдердин натыйжаларынын аныктыгы жана алар жөнүндө жооптуу кызмат адамдарына өз убагында маалымат берүү үчүн жоопкерчилик тартат.

*(КР 2009-жылдын 20-июлундагы № 240, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-статья. Ичүүчү суунун сапатына мамлекеттик көзөмөл**

Ичүүчү суунун сапатына мамлекеттик көзөмөл мамлекеттик экологиялык контролдоо органдары жана суу ресурстарын пайдалануунун жана коргоонун мамлекеттик башкаруу органдары менен өз ара аракеттенип, мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн органдары жана мекемелери тарабынан төмөндөгү максаттарда:

сууга, суу менен жабдуу булактарына жана ичүүчү суунун сапатына карата коюлуучу ченемдик гигиеналык талаптарды белгилеген колдонуудагы санитардык эрежелер менен ченемдердин, ошондой эле суу менен камсыз кылуу объектилерин

жайгаштыруунун жана күтүүнүн санитардык эрежелеринин сакталашына контролдук жүргүзүү;

адамдардын саламаттыгына коркунуч келтириши мүмкүн болгон ичүүчү суунун жана/же суу менен камсыз кылуу булагынын сапатын начарлатууга алып келе турган санитардык укук бузууларга бөгөт коюу чараларын колдонуу, мындай укук бузууда күнөөлүү болгон адамдарды жоопкерчиликке тартуу;

ведомстволук баш ийген аймактарда санитардык-эпидемиологиялык жагдайды жакшыртуунун кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү программаларын негиздеп иштеп чыгуу үчүн калк тарабынан керектелүүчү суу менен жабдуу булактарынын жана ичүүчү суунун абалын мамлекеттик санитардык-гигиеналык эсепке алуу максатында жүргүзүлөт.

Калкты чарбалык-ичүүчү суу менен жабдууда пайдаланылуучу продукцияга, процесстерге жана усулдарга контролдук жүргүзүүгө мамлекеттик стандарттардын талаптарынын аткарылышына мамлекеттик көзөмөл мамлекеттик стандарттарга көзөмөл жүргүзүүчү мамлекеттик инспекторлор тарабынан төмөндөгү максаттарда:

чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу жагында колдонулуп жаткан мамлекеттик стандарттардын талаптарынын аткарылышына, ошондой эле ичүүчү сууну өндүрүүдөгү жана анын сапатына контролдук жүргүзүүдөгү ченөө бирдиктерин камсыз кылууга контролдук жүргүзүү;

мамлекеттик стандарттардын талаптарынын бузулушун болтурбай коюу жана бөгөт коюу боюнча шашылыш чараларды көрүү;

чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу жагын ченемдик камсыз кылууну өркүндөтүү, реагенттердин, жабдуулардын, ичүүчү суунун сапатына контролдук жүргүзүүнүн усулдарын жакшыртуу боюнча ченөө каражаттарынын сапатын жогорулатуу боюнча негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу максатында жүргүзүлөт.

Чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу объектилерин долбоорлоодо жана курууда курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин сакталышына мамлекеттик көзөмөл архитектуралык-курулуш көзөмөл органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

**19-статья. Ичүүчү суунун сапаты тууралу маселелерди калкка кабарлоо**

Чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумдары тарабынан жөнөтүлүүчү ичүүчү сууну керектөөчүлөр аны жөнөтүүчүлөрдөн (суу менен жабдуу ишканаларынан) ичүүчү суунун сапаты, анын стандарттарга, санитардык эрежелер менен ченемдерге ылайык келиши, ошондой эле ылайык келүү сертификаты жөнүндө так маалыматты талап кылууга укуктуу.

Бөтөлкөгө куюлган ичүүчү сууну керектөөчүлөр үчүн маалымат суу куюлган бөтөлкөлөрдөгү (башка идиштердеги) этикеткаларга жазылууга, сууну даярдоочу, суунун курамы, аны даярдоонун мөөнөттөрү жана жарактуулугу, ылайык келүү сертификатынын бар экендиги жөнүндө толук жана так маалыматтарды камтууга тийиш. Суунун сапатынын адамдардын саламаттыгына коркунуч келтиргендигин ырастаган айрым көрсөткүчтөр боюнча ылайык келбөө аныкталган учурда, сууну жөнөтүүчүлөр жана контролдоочу органдар бул тууралу сууну керектөөчүлөргө келип чыккан коркунучту болтурбай кое турган этияттык кылуу чаралары жөнүндө маалымат берүү менен массалык маалымат каражаттары аркылуу токтоосуз түрдө кабарлоого тийиш. Эгерде ичүүчү суунун сапатына карата коюлган ченемдик талаптардан четтөөлөрдүн аныкталышы сапаттын тышкы көрсөткүчтөрүнө гана таандык болсо жана адамдардын саламаттыгына коркунуч келтирбесе, мунун өзү мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык органдардын корутундулары менен ырасталса, анда мындай маалымат четтөөлөрдү жоюунун мөөнөттөрүн көрсөтүү менен керектөөчүлөргө кабарланууга тийиш. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы органдар жана

керектөөчүлөрдүн коомдук уюмдары мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдары жана стандарттташтыруу, метрология жана сертификациялоо органдары менен биргелешип, ичүүчү суунун сапатына контролдук жүргүзүүдө, суунун сапатына карата сын-пикирлер жөнүндө калктан алынган маалыматтарды жыйноодо жана талдоодо талап кылынган сапатка ылайык келбеген сууну керектөөнүн натыйжасында келтирилген зыянды компенсациялоо жөнүндө сотко доо кое алат.

**23-статья. Калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу жагындагы укук бузуулар үчүн жоопкерчилик**

Юридикалык жана жеке жактардын укукка жат аракеттери менен ичүүчү суунун гигиеналык талаптарга ылайык келбешинин натыйжасында калктын саламаттыгына зыян келтирилгенде же калкты ичүүчү суу менен талап кылынган көлөмдө камсыз кылууга мүмкүн болбогондо, болбосо чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумуна зыян келтирүүдө күнөөлүү болгон юридикалык жана жеке жактар ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдык жана ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартат.

Калкты ичүүчү суу менен жабдуу жагындагы укук бузууларда күнөөлүү болгон, атап айтканда: ичүүчү суунун сапатына контролдукту камсыз кылуу жагындагы санитардык эрежелердин ченемдерин жана гигиеналык ченемдерди, мамлекеттик стандарттарды, курулуш ченемдерин жана эрежелерин, технологиялык регламенттерге жана башка ченемдик документтерди сактабаганда;

суу менен жабдуу булактарынын жана чарбалык-ичүүчү багыттагы суу түтүктөрүнүн санитардык коргоо зоналары үчүн белгиленген тыюу салуулар менен чектөөлөрдү бузганда;

суу менен жабдуу булактарын булгаганда жана ушунун натыйжасында адамдардын саламаттыгына жана/же суу менен камсыз кылуу ишканаларына зыян келтирилгенде;

бөтөлкөгө куюлган ичүүчү сууну өндүрүүнүн жана керектөөчүлөргө жөнөтүүнүн, турмуш тиричиликте пайдаланылуучу сууну тазалоо жана зыянсыздандыруу каражаттарын өндүрүүнүн жана керектөөчүлөргө жөнөтүүнүн белгиленген тартибин бузганда;

ичүүчү суунун сапатына мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу органдардын буйруктарына баш ийбегенде;

калкка жөнөтүлүүчү ичүүчү суунун сапаты жөнүндө маалыматты өз убагында бербегенде же бурмалап бергенде, өз убагында толук жана так маалымат берүүдөн баш тартканда;

сууну тазалоо жана зыянсыздандыруу үчүн зарыл болгон реагенттерди суу менен камсыз кылуу ишканаларына жөнөтүүнү үзгүлтүккө учуратканда, алардын сапатына карата коюлуучу талаптарга ылайык келбеген реагенттерди жөнөткөндө;

ичүүчү сууну так эмес эсепке алганда;

суу түтүгүнүн тармагына уруксаты жок кошулганда жана чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумундагы ичүүчү суудан пайдаланганда;

чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тармактарындагы жана курулуштардагы авариялык жагдайлар, булгануу коркунучу жөнүндө маалыматты жашырганда же өз убагында бербегенде;

чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумун пайдалануунун эрежелерин сактабаганда, калкты суу менен камсыз кылууну начарлатууга алып келгенде же ушул тутумдарды пайдаланган ишканаларга зыян келтиргенде;

чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумдарындагы курулуш-монтаждоо жумуштары жана оңдоо-профилактикалык иш-чараларды өткөрүүнүн мөөнөттөрү үзгүлтүккө учураганда;

өз убагында эскертпей туруп электр энергиясын өчүрүп коюу суу менен жабдуу ишканаларына зыян келтиргенде, ошондой эле башка укук бузуулар жасалганда, - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазапулга тартылат.

Укук бузуулар үчүн жазапулдар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусунун атайын ыйгарым укук берилген органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан салынат.

Ушул Мыйзамда каралган жазапулдарды салуунун тартиби жана иштерди кароонун мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан регламенттештирилет.

Ичүүчү суунун коопсуздугун камсыз кылуу жагындагы Кыргыз Республикасында белгиленген укук тартибине шек келтирген коомдук коркунучтуу жосундарды жасоодо күнөөлүү болгон жана жарандарга жана/же чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумуна олуттуу зыян келтирген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазык жоопкерчилигине тартылат.

*(КР 2009-жылдын 20-июлундагы № 240 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**24-статья. Ичүүчү суунун гигиеналык талаптарга ылайык келбешинин натыйжасында жарандарга келтирилген зыяндын ордун толтуруу**

Чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутуму тарабынан жөнөтүлүүчү ичүүчү суунун гигиеналык талаптарга ылайык келбешинин натыйжасында жарандардын саламаттыгына жана чарбасына келтирилген зыяндын орду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толук көлөмдө толтурулууга тийиш.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2016-жылдын 11-апрелиндеги
№ 201 токтому менен
бекитилген*

**«Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар»**
**САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА ЧЕНЕМДЕРИ**

**6-тиркеме.**

## 1. Жалпы жоболор жана колдонуу чөйрөсү

1. «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери (мындан ары - санитардык эрежелер) жалпы билим берүү уюмдарындагы окуучулардын ден соолугун сактоого багытталган.

2. Санитардык эрежелер төмөнкүлөргө карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарды белгилейт:

- жалпы билим берүү уюмдарынын жайгаштыруу;
- жалпы билим берүү уюмдарынын аймагына;
- жалпы билим берүү уюмдарынын имаратына;
- жалпы билим берүү уюмдарынын имаратынын жабдууларына;
- аба-жылуулук режими;
- табигый жана жасалма жарыктандыруу;
- суу менен камсыз кылуу жана канализация;
- ылайыкташтырылган имараттарда жайгаштырылган жалпы билим берүү уюмдарынын жайлары жана жабдуулары;
- билим берүү процессинин режими;
- окуучуларды медициналык тейлөөнү уюштуруу;
- жалпы билим берүүчү уюмдардын санитардык абалы жана аларды күтүү;
- окуучулардын тамактануусун уюштуруу.

3. Санитардык эрежелер долбоорлонуп, иштеп, курулуп жана кайрадан конструкцияланып, башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто (толук) жалпы билим берүүнү жүзөгө ашырып жана жалпы билимдин үч тепкичинин жалпы билим берүүчү программаларына ылайык билим берүү процессин жүзөгө ашырып жаткан жалпы билим берүү уюмдарына алардын менчигинин түрүнө жана формасына карабастан жайылтылат:

- биринчи тепкич - жалпы башталгыч билим берүү (мындан ары - билим берүүнүн 1-тепкичи);
- экинчи тепкич - жалпы негизги билим берүү (мындан ары - билим берүүнүн 2-тепкичи);
- үчүнчү тепкич - жалпы орто (толук) билим берүү (мындан ары - билим берүүнүн 3-тепкичи).

4. Санитардык эрежелерди талап кылуу ушул санитардык эрежелерди кабыл алууга чейин ишке киргизилген жалпы билим берүү уюмдарынын чектөө аймактарына жана жер тилкесине, оюн жана спорт аянтчаларына, кабаттуулугуна, топтомуна, бийиктигине жана бөлмөнүн аянтына таратылбайт.

## 2. Терминдер жана аныктамалар

5. Бул санитардык эрежелерде терминдер жана аныктамалар төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

1) **билим берүү** - инсанды, коомду жана мамлекетти гармониялуу өнүктүрүү максатында окуп жаткандардын мамлекет тарабынан белгиленген билим берүү деңгээлине жетишүүсүн тастыктоо менен коштолгон тарбиялоонун жана окутуунун тынымсыз, системалуу процесси. Билим алуу деп окуп жаткандардын тиешелүү документ менен тастыкталган белгилүү бир билим деңгээлине жетиши жана аны ырасташы түшүнүлөт;

2) **билим берүү программасы** - конкреттүү бир деңгээлдеги, багыттагы же адистиктеги билим берүү мазмуну;

3) **жарыктык коэффициенти (ЖК)** - айнек беттеринин аянтынын полдун аянтына карата катышы;

4) **атайын билим берүү** - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды атайын же жалпы билим берүү уюмдарында окутуу;

5) **мектеп (жалпы) билим берүүсү** - тарбиялоо жана окутуу тутуму, ушул тутумдун баскычтарына шайкеш келүүчү коомдо активдүү иштөөгө зарыл билимди, жөндөмдү, практикалык ыкты камсыз кылат.

### 3. Жалпы билим берүү уюмдарын жайгаштырууга талаптар

6. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары адамдар жашаган зона-да, ишканалардын, курулмалардын жана башка объекттердин санитардык-коргоо зоналарынан, санитардык разрывдардан, гараждардан, автобекеттерден, автома-гистралдардан, темир жол транспортунун объекттеринен, метрополитенден, аба транспортунун учуу жана конуу маршруттарынан тышкары жайгашуусу зарыл.

7. Жалпы билим берүү уюмдарынын жайгашуусу жана багыт алышы инсоляция-нын тынымсыз үч саат узактыгын камсыз кылышы керек.

8. Жалпы билим берүү уюмдарынын аймагы аркылуу шаардык (айылдык) багыттагы магистралдык инженердик коммуникациялар - суу менен камсыз кылуу, канализация, жылуулук менен камсыз кылуу, энергия менен камсыз кылуулары өтпөшү керек.

9. Жалпы билим берүү уюмдарынын жаңы курулуп жаткан имараттары шаар көчөлөрүнөн, квартал арасындагы жолдордон алыс болгон, шуулдаган үндүн угулушу 55 дБАдан жогору болбогон турак кичи райондордун квартал ичиндеги аймактарында жайгаштырылат.

10. Шаардык жалпы билим берүү уюмдарын долбоорлоодо жана курууда мекемелерге жөө жетүү аралыгы 0,5 километрден ашпашы керектиги каралат.

11. Айыл жергесинде жалпы билим берүү уюмдарынын окуучулары үчүн жөө басып жетүү төмөнкүнү түзөт:

- билим берүүнүн 1-тепкичинин окуучулары үчүн - 2,0 кмден көп эмес;
- билим берүүнүн 2 жана 3-тепкичинин окуучулары үчүн - 3,0 кмден көп эмес.

12. Жогоруда көрсөтүлгөн аралыктарда айыл жергесинде жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарында окуган окуучулардын жалпы билим берүү уюмдарына чейин барып жана кайра келүүлөрү үчүн транспорт каражаты менен тейлөө зарыл. Бир тарапка жол жүргөн убакыт 30 мүнөттөн ашпашы керек. Үйдөн топтолуу жайга чейинки аралык 500 метрден кем болбоосу зарыл.

### 4. Жалпы билим берүү уюмдарынын аймактарына болгон талаптар

13. Жалпы билим берүү уюмдарынын аймактары дубал менен курчалышы жана жашылдандырылышы керек. Аймакты жашылдандыруу анын аянтынын 50%нан кем эмес эсебинде каралат.

14. Бак-дарактар мекемеден 15,0 метрден кем эмес, ал эми бадалдар 5,0 метрден кем эмес аралыкта отургузулат. Жашылдандыруу үчүн мөмөсү уулуу бак-дарактарды жана бадалдарды колдонууга тыюу салынат.

15. Жалпы билим берүү уюмдарынын аймактары төмөнкү зоналарга бөлүнөт: эс алуу зонасы, дене тарбия жана спорт зонасы жана чарбалык зона.

16. Дене тарбия жана спорт зонасы спорттук зал тарапка жайгаштырылат. Эгерде дене тарбия жана спорт зонасы окутуу жайларынын терезесинин тушуна жайгашкан болсо, анда окутуу жайларында шуулдаган үндүн деңгээли 40 дБАдан ашпашы керек. Жүгүрүү жолдорун жана спорттук (волейболдук, баскетболдук, кол топ оюну үчүн) аянттарды орнотууда, алар жамгыр суусунун алдында калбашы үчүн дренаж жасоо зарыл.

17. Дене тарбия жана спорт зонасынын жабдуусу «Дене тарбия» окуу сабагынын программасынын аткарылышын, ошондой эле секциялык спорттук сабактардын жана ден соолукту чыңдоо иш-чараларынын өткөрүлүшүн камсыз кылышы керек.

18. Спорттук-оюн аянттарынын үстүнкү катмары катуу, футбол талаасынын үстү чөп болушу зарыл. Синтетикалык жана полимердик үстүнкү катмарлар суукка чыдамдуу болушу керек, балдардын ден соолугуна зыян келтирбеген материалдардан жасалган суу түтүктөрү менен жабдылышы зарыл.

19. Дене тарбия жана спорттук жабдуулар окуучулардын бою-жашынын өзгөчөлүктөрүнө дал келиши керек.

20. Жалпы билим берүү уюмдардын долбоорлоодо жана курууда анын аймагында узартылган күндүзгү топтун катышуучуларынын окуучулардын кыймылдуу оюндарын жана эс алуусун уюштурууга, ошондой эле таза абада өткөрүлүүчү иш-чараларды караган билим берүү программаларды ишке ашыруу үчүн эс алуу зонасы каралышы зарыл.

21. Чарбалык зона ашкананын өндүрүш имаратынын кире бериш тарабына жайгаштырылат жана көчө жактан өз алдынча эшиги болот. Жылуулук жана борбордоштурулган суу менен камсыз кылуу болбогон учурда чарбалык зонанын аймагына от казан жана суу басымы күчтүү чоң идиши бар насос жайгаштырылат.

22. Таштандыларды чогултуу үчүн чарбалык зонанын аймагында аянт жабдылат, ага таштанды чогулткучтар (контейнерлер) коюлат. Ал аянт тамак-аш блогунун кире беришинен, окуу класстарынын, кабинеттердин терезелеринен 25,0 м кем эмес аралыкта жайгаштырылат жана үстү суу өткөрбөгөн катуу катмар менен жабдылат, анын өлчөмү контейнердин түпкү аянтынан бардык жагы 1 метрден чоң болот. Таштанды чогулткучтардын бекем жабылуучу капкактары болушу керек.

23. Аймакка кирүүчү жолдорго, өткөөлдөргө, чарбалык курулмаларга, таштанды чогулткучтар турган аймакка кеткен жолдорго асфальт, бетон жана башка катуу катмар салынат.

24. Жалпы билим берүү уюмдардын аймагында жасалма сырткы жарык бергичтер болушу керек. Жасалма жарык бергичтердин жердеги деңгээли 10 лкдан кем болбошу зарыл.

25. Аймакта жалпы билим берүү уюмдарына функционалдык байланышы жок курулуштардын жана курулмалардын жайгашуусу мүмкүн эмес.

26. Эгерде уюмунда мектепке чейинки жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программасын ишке ашырып жаткан мектепке чейинки топ бар болсо, аларга аянттан мектепке чейинки уюмдардын түзүлүшүнө, мазмунуна жана иш тартибин уюштурууга болгон талаптарга ылайык жабдылган оюн зонасы бөлүнүп берилет.

### 5. Жалпы билим берүү уюмдарынын имаратына коюлган талаптар

27. Цоколдук этаждарды жана жер төлөө жайларын окуу жайлар, кабинеттер, лабораториялар, окуу устаканалары, медициналык багыттагы жайлар, спорттук, бий жана актовый залдар катары пайдаланууга мүмкүн эмес.

28. Жаңыдан же кайрадан конструкцияланып жаткан жалпы билим берүү уюмдарынын сыйымдуулугу бир сменада гана окуу үчүн эсептелет.

29. Жалпы билим берүү уюмдарын долбоорлоодо, курууда жана кайрадан конструкциялоодо гардеробдорду ар бир класс үчүн милдеттүү түрдө жабдылган орундары менен биринчи-кабатка жайгаштыруу зарыл. Гардеробдор кийим, баш кийим илгичтер жана бут кийим койгучтар менен камсыз кылынат. Иштеп жаткан имараттарда башталгыч класстардын окуучулары үчүн гардеробдор, аларды жеке шкафтар менен жабдуу шарты болсо рекреацияларда жайгаштырылат.

30. Айыл жергесинде жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарында бир класстагы окуучулардын саны 10дон ашпаса, окуу класстын 1 окуучуга болгон аянтынын ченеми бузулбаса, окуу класстарда гардеробдор (илгичтер же шкафтар) жайгаштырылат.

31. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн окуу класстары имараттын үчүнчү кабатынан жогору жайгаштырылбайт.

32. Жалпы билим берүү уюмдарынын жаңыдан курулуп жаткан имараттарында башталгыч класстар үчүн окуу жайлар өзүнчө блокко (имаратка) бөлүнөт, окуу секцияларга топтолот. 1-4-класстардын окуучулары үчүн окуу секцияларга (блокторго) төмөнкүлөр жайгаштырылат: рекреациялары бар окуу жайларды, узартылган күндүн топтору үчүн оюн бөлмөлөрдү (бир окуучуга 2,5 м2 кем эмес эсебинде), дааратканаларды.

33. Билим берүүнүн 2-3-тепкичинин окуучуларына билим берүү процессин уюштуруу ютасстык-кабинеттик система боюнча уюштурууга мүмкүнчүлүк берилет. Эгерде кабинеттерде жана лабораторияларда окуу эмеректерин окуучулардын бою-жашы боюнча өзгөчөлүктөрүнө ылайык келтирүүгө мүмкүнчүлүк жок болсо, окутуунун кабинеттик системасын колдонууга уруксат берилбейт.

34. Айыл жергесинде жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарында класстар толбой калганда окуу кабинеттери эки жана андан көп сабак боюнча колдонулат.

35. Окуу кабинеттеринин аянты окуу процессинде колдонулуучу окуу куралдарды жана жабдууларды сактоо үчүн кошумча эмеректерди (шкаф, тумба, ж.б.) коюу үчүн керектелүүчү аянтты эсептебестен, 1 окуучуга 2,5 $м^2$ден кем эмес, ал эми иштин топтук формасын жана жеке сабактарды уюштуруу да 1 окуучуга 3,5 $м^2$ден кем эмес катыштан алынат.

36. Жалпы билим берүү уюмдарынын жаңы курулуп жана кайрадан конструкцияланып жаткан имараттарында окуу жайларынын бийиктиги 3,0-3,5 м. Класстарда окуучулардын эсептелүүчү саны бир окуучуга болгон аянтынын жана ушул эрежелердин 5-бөлүмүнө ылайык эмеректерди коюу эсебинен аныкталат.

37. Химия, физика, биология кабинеттеринде лаборанттар үчүн жайлар 16,0 $м^2$ кем эмес жабдылышы керек.

38. Информатика жана башка персоналдык компьютерлер колдонулуучу кабинеттердин аянты персоналдык электрондук-эсептөөчү машиналарына болгон гигиеналык талаптарга ишти уюштурууга дал келиши керек.

39. Спорттук зал имараттын 1-2-кабаттарына же өзүнчө курулган имаратка жайгаштырылат. Спорттук залды 2-кабатка же андан жогору жайгаштырууда үндөн жана дирилдөөдөн обочолонтуу иш чаралары аткарылышы зарыл.

40. Спорттук залдардын аянты: 9,0х18,0 м, 12,0х24,0 м, 18,0х30,0 м. Спорттук залдын бийиктиги 6,0 м кем болбошу керек.

41. Иштеп жаткан жалпы билим берүү уюмдарынын спорттук залдарында снаряддык бөлмөлөр; эркек балдар жана кыздар үчүн чечинип-кийинүүчү бөлмөлөр, душ бөлмөлөрү жана дааратканалар каралат.

42. Жалпы билим берүү уюмдарынын жаңы салынып жаткан имараттарынын спорттук залдарында төмөнкүлөр каралышы керек: снаряддар үчүн бөлмөлөр; аянты 4,0 $м^2$ден турган тазалоочу инвентарларды сактоо жана дезинфекциялоо жана жуучу эритмелерди жасоо үчүн жайлар; эркек балдар жана кыздар үчүн чечинип-

кийинүүчү ар бири 12 м²ден кем эмес болгон өзүнчө бөлмөлөр; эркек балдар жана кыздар үчүн ар бири 8,0 м² кем эмес өзүнчө дааратканалар; дааратканаларда жана чечинип-кийинүүчү бөлмөлөрдө кол жуу үчүн раковиналар коюлушу керек.

43. Жалпы билим берүү уюмдарында бассейндерди орнотууда пландаштыруу чечимдери жана аны колдонуу сүзүүчү бассейндердин түзүлүшүнө жана аны колдонууга жана суунун сапатына болгон гигиеналык талаптарга жооп бериши керек. Бассейндин негизги жайларынын ичин пландаштыруу төмөнкү функционалдык схема боюнча үзгүлтүксүз гигиеналык принципке дал келиши керек: гардероб, кийинип-чечинүүчү бөлмөсү, душ бөлмөсү, бут ваннасы, бассейн ваннасы. Кийинип-чечинүүчү бөлмө жана сантүйүн душ бөлмөсү менен чоң эмес тамбур же коридор аркылуу байланышат. Аялдар дааратканасында 30 кызга 1 унитаз каралат, эркектердикинде 45 балага 1 унитаз жана 1 писсуар каралат. Душ бөлмөлөрү 3 кишиге 1 душ сеткасы эсебинде жасалат. Душтан бассейндин ваннасына болгон жолго жазылыгы 1,8 м, тереңдиги 0,1-0,15 м болгон аккан суусу менен кичине бут ванналар коюлат Ванналардын периметри боюнча айланып өтүү үчүн жазылыгы 1,5 м кем эмес килемчелер төшөлөт.

44. Спорттук бассейндердин ванналарынын өлчөмү жана адамдарды киргизүү 1-таблицага ылайык келиши керек.

1-таблица

| Балдардын жашы | Бассейндин ваннасынын өлчөмү | | | | Адамдарды киргизүү мүмкүнчүлүгү (1 сменада/ адам) | 1 адамга болгон суунун күзгүсүнүн өлчөмү, м² |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Узундугу (м) | жазылыгы (м) | тереңдиги (м) | | | |
| | | | тайыз жеринде | терең жеринде | | |
| 14 жаштан жогору балдар | 10-12,5 | 6 | 0,9 | 1,25 | 15 | 4-5 |
| 10-14 жаш | 10-12,5 | 6 | 0,8 | 1,05 | 15 | 4-5 |
| 7-10 жаш | 10-12,5 | 6 | 0,6 | 0,85 | 15 | 4-5 |

45. Сүзүүчү бассейндер бассейндин ванналарындагы сууну алмаштырып турууну камсыз кылуучу системалар менен жабдылышы зарыл. Сууну алмаштыруу мүнөзү боюнча бассейндердин төмөнкүдөй тибине жол берилет:

- рециркуляциялык түрүндөгү бассейндер;
- агымдуу түрдөгү бассейндер;
- мезгили менен суу алмаштыруучу бассейндер.

46. Бассейндеги сууну милдеттүү түрдө жугушсуз кылуу керек. Сууну жугушсуз кылуу үчүн колдонулган реагенттер балдардын ден соолугуна коопсуз болушу керек.

47. Бассейндин ваннасына келген суунун сапаты жана коопсуздугу ичимдик суунун талаптарына ылайык келиши керек.

48. Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу үчүн бир нече жайлар каралышы зарыл.

49. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттарын курууда жана кайрадан конструкциялоодо актовый зал каралышы зарыл, анын өлчөмү бир орунга 0,65 м² эсебинде отургучтардын саны менен аныкталат. Актовый залга караштуу артисттер үчүн бөлмөлөр, кинопроекциялык бөлмөлөр, жасалгалар жана бутафориялар, музыкалык аспаптар, костюмдарды сактоо үчүн жайлар каралат.

50. Китепкананын тиби жалпы билим берүү уюмдарынын түрүнө жана анын сыйымдуулугуна жараша болот. Айрым сабактар тереңдетилип окутулган мекемелерде, гимназияларда жана лицейлерде китепкана жалпы билим берүү уюмдарынын маалымдама-маалыматтык борбору катары колдонулат. Китепкананын (маалыматтык борбордун) өлчөмүн бир окуучуга 0,6 м²ден кем эмес эсепте алыш керек.

51. Жалпы билим берүү уюмдарынын рекреациялары бир окуучуга 0,6 $м^2$ден кем эмес эсепте каралышы керек. Рекреациялардын жазылыгы класстык бөлмөлөр бир тарапта жайгаштырылса - 4,0 м кем эмес, ал эми эки тарапта жайгаштырылса - 6,0 м кем болбошу керек.

52. Иштеп жаткан жалпы билим берүү уюмдарында окуучуларды медициналык жактан тейлөө үчүн имараттын биринчи кабатында бирдик блокто жайгашкан медициналык багыттагы жайлар каралышы зарыл: аянты 14,0 $м^2$ден кем эмес жана узундугу 7,0 м кем эмес врачтын кабинети (окуучулардын кулагынын угушун жана көзүнүн көрүүсүн аныктоо үчүн) жана аянты 14,0 $м^2$ден кем эмес процедуралык бөлмө (эмдөө үчүн).

53. Айыл жергесинде жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарында медициналык жактан тейлөө фельдшердик-акушердик пункттарда жана амбулаторияларда уюштурулат.

54. Стоматологиялык кабинетти жабдууда анын аянты 14,0 $м^2$ден кем болбошу керек.

55. Медициналык багыттагы бардык жайлар бир блокто топтолуп, имараттын 1-кабатында жайгаштырылышы керек.

56. Психологиялык-педагогикалык жардам керек болгон балдар үчүн жалпы билим берүү уюмдарында педагог-психологдун жана мугалим-логопеддин аянты 10 $м^2$ден кем болбогон кабинеттери алдын ала каралат.

57. Ар бир кабатта каалгасы бар кабиналары менен жабдылган балдар жана кыздар үчүн дааратканалар жайгаштырылышы керек. Санитардык шаймандардын саны төмөнкү эсепте аныкталат: 20 кызга 1 унитаз, 30 кызга 1 жуунгуч: 30 балага 1 унитаз, 1 писсуар жана 1 жуунгуч. Балдар жана кыздар үчүн санитардык түйүндөрдүн аянты бир окуучуга 0,1 м ден кем эмес эсебинде саналат.

58. Персонал үчүн 20 кишиге 1 унитаз эсебинде өзүнчө сантүйүн бөлүнүп берилет.

59. Санитардык түйүндөрдө бут менен баскычтары бар чакалар, даарат кагаздары үчүн илгичтер орнотулат; жуунуучу раковиналардын жанына электр сүлгү же кагаз сүлгү илгич тагылат. Санитардык-техникалык шаймандар оң болушу керек, сыныктары, жаракалары жана башка кемчиликтери болбоосу зарыл. Сантүйүндөрдүн кире беришин окуу жайлардын кире беришинин тушуна жайгаштырууга тыюу салынат.

60. Унитаздар жуучу жана дезинфекциялануучу каражаттар менен тазалоого мүмкүн болгон материалдардан жасалган отургучтар менен жабдылат.

61. Билим берүүнүн 2 жана 3-тепкичтериндеги окуучулар үчүн жалпы билим берүү уюмдарынын жаңы курулуп жаткан жана кайрадан конструкцияланып жаткан имараттарында аянты 3,0 $м^2$ден турган 70 адамга 1 кабина эсебинде жеке гигиена бөлмөсү алдын ала каралат. Алардын ичине ийилчээк түтүкчө, унитаз жана муздак жана ысык суусу бар жуунуучу раковина коюлат.

62. Жалпы билим берүү жеке гигиена кабинети даараткана бөлмөлөрүндө жабдылат.

63. Жалпы билим берүү уюмдарынын жаңы салынып жаткан имараттарында ар бир кабатта түбүнөн муздак жана ысык сууну өткөрүп тазалоочу шаймандарды сактоо жана тазалоо жана дезинфекциялоо эритмелерди жасоо үчүн жайлар алдын ала каралат. Жалпы билим берүү уюмдарынын мурда салынган имараттарында тазалоочу шаймандарды сактоо үчүн (тамак-аш блогунун жана медициналык багытындагы жайларды тазалоо үчүн дайындалган шаймандардан тышкары) шкаф коюлган өзүнчө орун бөлүнүп берилет.

64. Башталгыч класстардын жайларында, лаборант бөлмөсүндө, окуу кабинеттерде (химия, физика, сүрөт, биология), устаканаларда, үй-тиричилик кабинеттеринде,

медициналык багыттагы бардык жайларда кол жуу үчүн раковиналар коюлат.

65. Окуу жайларында раковиналар окуучулардын бою-жашы боюнча өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен орнотулат: 1-4-класстардын окуучулары үчүн полдон раковинанын четине чейин 0,5 метр бийиктикте жана 5-11-класстын окуучулары үчүн 0,7-0,8 м бийиктикте. Раковиналардын жанына бут менен баскычы бар чакалар, даарат кагаздарын илгичтер орнотулат; жуунуучу раковиналардын жанына электр сүлгү же кагаз сүлгү илгич тагылат, самын коюлат. Самын, даарат кагаз жана сүлгүлөр дайыма болууга тийиш.

66. Бардык жайлардын шыптары жана дубалдары жылмакай болушу керек, жылчыктары, жаракалары, деформациялары, грибок ооруусунун белгилери жок болушу керек жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоого мүмкүн болушу керек.

67. Окуу жайлардын, кабинеттердин, рекреациялардын полуна тактай, паркет, плитка же линолеум салынышы керек. Эгерде плитка салынса, тайгак болбошу үчүн үстү күңүрт жана жылмакай эмес болушу керек. Дааратканалардын жана жуунуу бөлмөлөрдүн полуна керамика плиткасын салуу сунушталат. Бардык жайлардын полу жылчыктары, дефекттери жана механикалык бузулуулары болбошу керек.

68. Медициналык багыттагы жайлардын шыбынын, дубалынын жана полунун үстү нымдуу тазалоого, жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарга туруктуу болуш үчүн жылмакай болууга тийиш.

69. Бардык куруу жана жасалгалоо материалдары балдардын ден соолугуна зыяны жок болушу керек.

70. Жалпы билим берүү уюмунда окуучулар болгон мезгилде бардык түрдөгү оңдоо иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат.

71. Жалпы билим берүү уюмдарда окуучулардын күнү-түнү болуусунда төмөнкүлөр алдын ала каралышы керек:

- аянты бир балага 4,0 $м^2$ден кем эмес балдар жана кыздар үчүн өзүнчө уктоо жайлары;
- аянты бир окуучуга 2,5 $м^2$ден кем эмес өз алдынча даярдануу үчүн жайлар;
- эс алуу жана психологиялык эс алуу бөлмөлөрү;
- жуунуучу жайлар (10 адамга 1 раковина), дааратканалар (10 кызга 1 унитаз, 20 балага 1 унитаз жана 1 писсуар, ар бир дааратканада кол жуучу 1 раковина), душ бөлмөсү (20 адамга 1 душ торчосу), гигиена бөлмөсү;
- кийим жана бут кийим кургатуучу бөлмө;
- жеке кийимдерди жуучу жана үтүктөөчү жай;
- жеке кийимдерди сактоо үчүн жай;
- медициналык камсыз кылуу үчүн жай: врач кабинети;
- изолятор;
- административдик-чарбалык жайлар.

72. Уктоо корпусу өзүнчө турат же аны жалпы билим берүү уюмдарынын негизги имаратынын курамына киргизсе болот. Өзүнчө турган уктоо корпусу имаратка жылуу өтмө менен кошулат.

73. Жалпы билим берүү уюмдарынын жайларындагы шуулдаган үндүн деңгээли 40 дБАдан жогорулабашы керек.

### 6. Жалпы билим берүү уюмдарынын жайларына жана жабдууларына болгон талаптар

74. Окуучулар үчүн орундун саны долбоор тарабынан каралган жалпы билим берүү уюмдарынын сыйымдуулугунан ашпашы керек.

75. Окуу жайларынын багытына жараша окуучулук эмеректердин ар кандай түрлөрү колдонушу мүмкүн: мектеп партасы, окуучунун столу (бир орундуу жана

эки орундуу), аудиториялык, чийүү үчүн же лабораториялык столдор отургучтары менен. Жөлөнгүчү жок олтургучтар колдонулбайт.

76. Окуучулук эмеректер балдардын ден соолугуна зыяны жок материалдардан жасалышы керек жана балдардын бою-жашы боюнча өзгөчөлүктөрүнө дал келиши зарыл.

77. 1-тепкичтин окуучулары үчүн окуучулук эмеректердин негизги түрү болуп, үстү эңкейүүчү мектеп партасы болушу керек. Жазууга, окууга үйрөтүп жатканда мектеп партасынын үстүнүн эңкейиши 7-15 градусту түзүшү керек. Отургучтун алдыңкы чети партанын астына 1-номердеги парталардыкына 4 сантиметрге, 2-3-номердегилерге 5-6 сантиметрге жана 4-номердегилерге 7-8 сантиметрге кириши керек.

78. Окуу эмеректеринин өлчөмү окуучулардын боюна жараша 2-таблицадагы маанилерге дал келиши керек.

2-таблица

**Эмеректин өлчөмү жана аны маркировкалоо**

| Эмеректин номери | Бой тобу, мм | Столдун окуучуга караган четинин полго карата болгон бийиктиги, мм | Маркировка-лоонун өңү | Отургучтун берки четинин полго карата болгон бийиктиги, мм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1000-1150 | 460 | Кызгылт-сары | 260 |
| 2 | 1150-1300 | 520 | Кызгылт-көк | 300 |
| 3 | 1300-1450 | 580 | Сары | 340 |
| 4 | 1450-1600 | 640 | Кызыл | 380 |
| 5 | 1600-1750 | 700 | Жашыл | 420 |
| 6 | 1750дөн жогору | 760 | Көгүш | 460 |

79. Окуучулардын боюна жараша окуу эмеректерин тандоо үчүн аларды өңдөрү боюнча маркировкалоо жүргүзүлөт, аны столдун жана отургучтун сырткы көрүнүп турган капталына тегерекче же тилкелер түрүндө түшүрөт.

80. Парталар (столдор) окуу жайларында номерлери боюнча коюлат: кичирээктери доскага жакын, чоңдору - арыраак. Кулагы катуу балдар үчүн парталар биринчи катарга коюлат.

81. Көзү начар көргөн балдар класстык доскага жакын парталарга отургузулат.

82. Ангина, суук тийүү оорулары менен тез-тез ооруган балдар имараттын сырткы дубалынан алыс отургузулат.

83. Бир окуу жылында эки жолудан кем эмес четки катарда отургандарды, 1 жана 3-катар (парталарды үч катар кылып койгон учурда), эмеректин бойлоруна жараша дал келүүсүн бузбастан орундары менен алмаштырат.

84. Келбеттери бузулбашы үчүн биринчи сабакка келген күндөн тартып туура отурууга үйрөтүү зарыл.

85. Окуу жайларды жабдууда төмөнкү өткөөлдөрдүн жана аралыктардын өлчөмдөрү сакталышы керек:

- эки орундуу столдордун катарларынын арасы - 60 сантиметрден кем эмес;
- сырткы дубал менен жанындагы катардын арасы - 70 сантиметрден кем эмес;
- ички дубал (тоскуч) же шкафтар менен жанындагы катардын арасы - 160 сантиметрден кем эмес;
- акыркы столдор менен класстык доскага карама-каршы турган дубалга (тоскучка) чейин аралык 140 сантиметрден кем эмес, сырткы деп эсептелген арткы дубалга чейин - 100 сантиметр;
- демонстрациялык столдон окуу доскасына чейин - 140 сантиметрден кем эмес;
- биринчи партадан окуу доскасына чейин - 280 сантиметрден кем эмес;

- акыркы отурган окуучунун окуу доскасынан эң көп алыстыгы - 860 сантиметр;
- окуу доскасынын ылдыйкы чети полдон 70-90 сантиметрге өйдө болушу керек;
- эмеректи төрт катар кылып коюуда кабинеттердин квадрат же туурасынан болгон конфигурациясында класстык доскадан столдордун биринчи катарына чейин - 300 сантиметрден кем эмес.

86. Узундугу 3,0 м болгон досканын четинен алдыңкы столдо отурган окуучунун акыркыордунунортосуначейинкидосканыкөрүүбурчубилимберүүнүн2-3-тепкичинин окуучулары үчүн кеминде 35 градус жана билим берүүнүн 1-тепкичинин окуучулары үчүн кеминде 45 градус болот. Терезелерден эң алыс турган орун 6,0 метрден ашпоого тийиш.

87. Жалпы билим берүү уюмдарынын жаңы салынып жана кайрадан конструкцияланып жаткан имараттарында окуу столдорун терезени бойлото коюп жана эшиктин жарыгы сол тараптан болуусу менен окуу жайлардын жана кабинеттердин түз бурчтук конфигурациясын алдын ала кароо зарыл.

88. Бор колдонулуучу класстык доскалар чагылышпаган кочкул жашыл жана күрөң түстө жана бордун чаңын тосуп туруу, борду сактоо үчүн ноосу, чүпүрөгү жана чертеж шаймандары үчүн илгичи болушу керек.

89. Маркердик досканы пайдаланган учурда маркердин түсү досканын түсүнө карама-каршы болушу керек (кызыл, кара, күрөң, көктүн жана жашылдын кочкул түстөрү).

90. Окуу жайларда жана кабинеттерде интерактивдик досканы жана проекциялык экранды колдонууда анын тегиз жарык берүүсүн жана чайыттай жарык тактардын жок болушун камсыз кылуу зарыл.

91. Физика жана химия кабинеттери атайын демонстрациялык столдор менен жабдылышы керек. Окуу-көрсөтмө куралдарынын жакшы көрүнүп турушу үчүн демонстрациялык стол подиумга орнотулат. Окуучулук жана демонстрациялык столдордун үстү агрессивдүү химиялык заттарга туруктуу болуш керек жана столдун сырткы четтери боюнча коргоо борттору болуш керек. Химия жана лаборанттын кабинети химиялык заттардын жытын тартып алуучу шкафтары менен жабдылат.

92. Информатика кабинетинин жабдылышы ишти уюштурууга жекече электрондук-эсептөө машиналарына санитариялык-эпидемиологиялык талаптар эрежелерине шайкеш келиши керек.

93. Эмгекке окутуу үчүн устаканалардын аянты 1 иш орунга 6,0 $м^2$ эсебинде бөлүнөт. Устаканаларда жабдууларды жайгаштыруу көрүнүктүү жана туура позада иштөөгө ыңгайлуу шарттарды түзүү менен жүргүзүлөт.

94. Жыгач устаканалары терезеге карата 45 градус бурчта же жарык сол жактан тийүү үчүн жарык тийген дубалга перпендикуляр коюлган 3 катар верстактар менен жабдылат. Верстактардын ортосундагы аралык алдыга-артка болгон багытта 0,8 метрден кем эмес болбоого тийиш.

95. Бир орундуу верстактардын катарынын ортосундагы аралык 1,0 метрден кем эмес, ал эми эки орундуулардыкы - 1,5 метр болушу керек. Верстактарга кыскычтар алардын окторунун ортосуна 0,9 метр аралыкка бекитилет. Жыгач менен иштөөчү верстактар бийиктиги 0,65-0,7 метр болгон алдын ала сактагыч торлору менен камсыз болушу керек.

96. Бургуучу жана курчутуучу жана башка станоктор атайын фундаментте орнотулушу керек жана алдын ала сактагыч торлору, айнектер менен жабдылышы жана ичине жарык берилиши керек.

97. Жыгач жана темир менен иштөөчү верстактар окуучулардын боюна дал келиши керек жана бут койгучтары болуш керек.

98. Жыгач жана темир устаканалар жана кыздар үчүн үй-тиричилик

кабинеттери муздак жана ысык суусу бар жуунуучу раковиналар, электр сүлгүлөр же кагаз сүлгүлөр менен камсыз болушу керек.

99. Жалпы билим берүү уюмдарынын жаңы курулуп жаткан жана кайрадан конструкцияланып жаткан имараттарында үй-тиричилик кабинеттеринде экиден кем эмес жай алдын ала каралышы керек: тамак жасоо ыкмаларына үйрөтүү үчүн, бычып жана тигүү үчүн.

100. Тамак жасоо ыкмаларына үйрөтүү үчүн колдонгон үй-тиричилик кабинетине муздак жана ысык суусу бар эки уялуу сууну чабыштыргычы бар жуучу раковиналар, гигиеналык катмары бар 2ден кем эмес стол, муздаткыч, электр плиткасы жана идиш-аяк сактоо үчүн шкаф алдын ала каралат. Идиш-аякты жуу үчүн уруксат берилген жуучу каражатты пайдаланууга мүмкүн.

101. Бычып жана тигүү үчүн колдонгон үй-тиричилик кабинети үлгү чийүү жана бычуу үчүн столдор жана тигүү машиналары менен жабдылат. Тигүүчү машиналар сол тараптан алардын үстүнө эшиктин жарыгы тийгидей кылып терезени бойлото коюлат же маңдайынан тигүүчү машинанын үстүнө жарык тийиш үчүн терезенин так тушуна коюлат.

102. Иштеп жаткан жалпы билим берүү уюмдарынын имараттарында эгерде бир эле үй-тиричилик кабинети болсо, электр плитасын, иштетүү столдорду, идиш жуугучтарды жана жуунгучту жайгаштыруу үчүн өзүнчө орун жабдылат.

103. Эмгекке үйрөтүү устаканалары, үй-тиричилик кабинеттери, спорттук залдар биринчи медициналык жардам берүү үчүн аптечкалар менен камсыз болушу керек.

104. Узартылган күндүн тобуна катышкан биринчи класстын окуучулары үчүн уктоочу жайлар балдар жана кыздарга өзүнчө болушу керек. Алар өспүрүмдүк (1600х700 мм өлчөмү менен) же орнотулган бир ярустуу керебеттер менен жабдылат. Уктоо бөлмөлөрүндөгү керебеттердин арасын анча көп кылбай жайгаштырат: сырткы дубалдан - 0,6 метрден кем эмес, жылуулук бергичтерден - 0,2 метр, керебеттердин ортосундагы жазылык - 1,1 метрден кем эмес, эки керебеттин баш жагындагы аралыгы - 0,3-0,4 м.

105. Узартылган күндүн тобуна катышкан биринчи класстын окуучулары үчүн оюн бөлмөлөрүндө эмеректер, оюн жана спорттук жабдуулар окуучулардын боюна дал келиши керек. Эмеректи аянттын көбүрөөк бөлүгүн кыймылдуу оюндар үчүн бошотуп, оюн бөлмөнүн периметри боюнча коюу зарыл. Жумшак эмерек колдонууда чечилүүчү каптары (2ден кем эмес) болуш керек, аларды милдеттүү түрдө бир айда бир жолудан кем эмес жана кирдегенде алмаштырып туруу зарыл. Оюнчуктарды жана окуу куралдарын сактоо үчүн атайын шкафтар коюлат.

106. Телевизорлор атайын тумбаларга полдон 1,0-1,3 м бийиктикте коюлат. Телекөрсөтүүлөрдү көрүүдө көрүүчүлөрдүн орду экрандан көрүүчүлөрдүн көзүнө чейинки 2 м кем эмес аралыкта жайгаштырылат.

### 7. Аба-жылуулук режимине болгон талаптар

107. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары борбордук жылуулук берүү жана аба алмаштыруу системалары менен жабдылат, алар турак жана коомдук имараттарды куруу жана долбоорлоштуруу ченемдерине дал келиши керек жана микроклиматтын жана аба чөйрөсүнүн оптималдуу параметрлерин камсыз кылышы керек.

108. Уюмдарда буу менен жылуулук берүү колдонулбайт. Жылуулук берүү приборлоруна тосмолорду орнотууда колдонулуучу материалдар балдардын ден соолугуна зыян келтирбеши керек. Жыгач-кырынды плиткасынан жана башка полимердик материалдардан жасалган тосмолорго тыюу салынат.

109. Ташып жүрүүчү жылуулук берүү приборлорун, ошондой эле инфракызыл нур чыгарган жылыткычтарды колдонууга болбойт.

110. Климаттык шарттарга карата абанын температурасы окуу жайларында жана кабинеттерде, психологдун жана логопеддин кабинетинде, лабораторияларда, актовый

залда, ашканада, рекреацияларда, китепканада, кире бериштеги бөлмөдө, гардеробдо - +18° - +24 °С болушу керек; спорттук залда жана секциялык сабактарды өткөрүү үчүн бөлмөлөрдө, устаканаларда - +17° - +20 °С; уктоочу жайда, оюн бөлмөлөрүндө, мектепке чейинки билим берүү бөлүкчөлөрүнүн жана мектепке караштуу интернаттын жайларында - +20° - +24 °С; медициналык кабинеттерде, спорттук залдын кийинип-чечинүүчү бөлмөсүндө - +20° - +22 °С, душ бөлмөсүндө - +25 °С.

111. Температураны контролдоп туруу үчүн окуу жайлар жана кабинеттер тиричилик термометрлери менен камсыз болушу керек.

112. Сабактардан сырткары мезгилде, жалпы билим берүү уюмдарынын жайларында балдар жок кезде +15 °С төмөн эмес температура кармалып турушу керек.

113. Жалпы билим берүү уюмдарынын жайларында абанын салыштырмалуу нымдуулугу 40-60%ды түзүш керек, абанын кыймыл ылдамдыгы 0,1 м/секундадан көп болбошу керек.

114. Эгерде иштеп жаткан жалпы билим берүү уюмдарында от жагуу меши бар болсо, анда от коридордон жагылат. Жайлардагы абаны кычкыл көмүртек менен бузбоо үчүн мештин түтүгү отун толугу менен күйүп бүткөндө жана окуучулар келгенге чейин эки саат эрте жабылышы керек.

115. Окуу жайлар танапис учурунда желдетилет, ал эми рекреациялыктар - сабак учурунда. Сабактар башталганча жана алар бүткөндө окуу жайларын өтмө шамал менен желдетүү керек. Өтмө шамал менен желдетүүнүн узактыгы аба ырайына, шамалдын багытына жана ылдамдыгына, жылуулук берүү системасынын натыйжалуулугуна карата аныкталат. Өтмө шамал менен желдетүүнүн сунушталуучу узактыгы ушул санитардык эрежелердин 3-таблицасында көрсөтүлгөн.

3-таблица

**Сырттагы абанын температурасына карата өтмө шамал менен желдетүүнүн сунушталуучу узактыгы**

| Сырттагы температура, °С | Жайларды желдетүүнүн узактыгы, мин. | |
|---|---|---|
| | кичине танапистерде | чоң танапистерде жана сменалардын ортосунда |
| +10дон + 6га чейин | 4-10 | 25-35 |
| +5тен 0го чейин | 3-7 | 20-30 |
| 0дон - 5ке чейин | 2-5 | 15-25 |
| -5тен - 10го чейин | 1-3 | 10-15 |
| -10дон төмөн | 1-1,5 | 5-10 |

116. Дене тарбия сабактары жана спорттук секциянын сабактары жакшы аэрацияланууучу спорттук залдарда өткөрүлөт.

117. Терезелердин ачылуучу рычагдык аспаптары бар фрамугдары же форточкалары болушу керек. Желдетүү үчүн колдонулган фрамугдардын жана форточкалардын аянты окуу жайларында полдун 1/50 аянтынан кем болбошу керек. Фрамугдар жана форточкалар жылдын бүт мезгилинде оң абалда болушу зарыл.

118. Терезелерге бүтүн айнек полотнолор салынышы керек. Сынган айнектерди тез арада алмаштыруу зарыл.

119. Абаны оп тартуучу өзүнчө системалар төмөнкү жайлар үчүн каралат: окуу жайлар жана кабинеттер, актовый залдар, бассейндер, тирлер, ашканалар, медициналык пункттар, киноаппарат бөлмөсү, санитардык түйүндөр, тазалоочу шаймандарды даярдоочу жана сактоочу жайлар, жыгач жана темир устаканалар. Механикалык абаны оп тартуу системасы устаканаларда жана мештер коюлган тейлөөчү эмгек кабинеттеринде орнотулат.

## 8. Табигый жана жасалма жарыктандырууга болгон талаптар

120. Турак жана коомдук имараттарга табигый, жасалма, биргелешкен жарыктандырууга болгон гигиеналык талаптарга ылайык бардык окуу жайларында табигый жарык берилиши керек.

121. Табигый жарыгы жок төмөнкүлөр долбоорлонот: снаряд коюучу, жуунуучу жай; гимнастика залындагы даараткналар; персоналдын душ бөлмөсү жана даараткнасы; кампалар; радиотүйүндөр; киносүрөтлабораториялар; китеп сактоочу жайлар; бойлердик жайлар; насостук суу түтүктөрү жана канализациялар; аба алмаштыруу камералары; башкаруу түйүндөрү жана имараттардын инженердик жана технологиялык жабдууларын орнотуу жана башкаруу үчүн башка жайлар; дезинфекциялоо каражаттарын сактоо үчүн жайлар.

122. Окуу жайлар сол капталдан табигый жарык тийгидей кылып долбоорлонот. Окуу жайлар 6 метрден көп терең болгондо, оң тараптан жарык берүү түзүлүшүнүн болушу милдеттүү, анын полдон болгон бийиктиги 2,2 метрден кем болбошу керек. Негизги жарыкты окуучунун бет маңдайынан жана артынан берүүгө тыюу салынат.

123. Эмгекке үйрөтүү устаканаларында, акты жана спорттук залдарда эки капталынан табигый жарык тийип турууга болот.

124. Табигый жарыктын коэффициентинин (мындан ары - ЭЖК) мааниси жалпы билим берүү уюмдарынын жайларынын багытына карата ченемделет:

| **Жайлардын түрлөрү** | **ЭЖКны жана жарыкты (Г - горизонталдуу, В - вертикалдуу) ченемдөө жумуш жасалуучу үстүнкү бети жана жалпактык жана полдун үстүндөгү тегиздиктин бийиктиги, метр** | **Эшиктин жарыгы** | | **Бириктирилген жарык берүү** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **ЭЖК, %** | | **ЭЖК, %** | |
| | | **Үстүңкү жана бириктирилген жарык берүүдө** | **Капталдан жарык тийүүдө** | **Үстүңкү жана бириктирилген жарык берүүдө** | **Капталдан жарык берүүдө** |
| Класстык бөлмөлөр, кабинеттер, аудиториялар | Жумуш столдору жана парталар: Г-0,8<br>Досканын ортосу: В-1,5 | 4,0<br>- | 1,5<br>- | 2,1<br>- | 1,3<br>- |
| Информатика жана эсептөөчү техника кабинеттери | Г-0,8<br>Дисплейдин экраны: В-1 | 3,5<br>- | 1,2<br>- | 2,1<br>- | 0,7<br>- |
| Техникалык черчение жана сүрөт тартуу окуу кабинеттери | Г-0,8<br>Жумуш жасоо, чийүү үчүн доскалар, жумуш столдору | 4,0<br>- | 1,5<br>- | 2,1<br>- | 1,3<br>- |
| Окуу кабинеттердеги лаборанттык бөлмөлөр | Г-0,8 | 3,5 | 1,2 | 2,1 | 0,7 |
| Металлдарды, жыгачты иштетүү боюнча устаканалар | Верстактар, жумуш столдору, Г-0,8 | - | - | 3,0 | 1,2 |
| Үй-тиричилик кабинеттери | Г-0,8 | 4,0 | 1,5 | 2,1 | 1,3 |
| Спорттук залдар | Г-0,0<br>В-2,0 | 2,5 | 0,7 | 1,5 | 0,4 |
| Үстү жабык бассейндер | Г-суунун үстү | 2,0 | 0,5 | 1,2 | 0,3 |
| Рекреациялар | Г-0,0 | 2,0 | 0,5 | 1,2 | 0,3 |

125. Окуу жайларында бир капталынан табигый жарык тийген учурда терезеден эң алыстагы парталардын үстүндөгү ЭЖК 1,5%дан кем болбошу керек. Эки тараптан эшиктин жарыгы тийип турган учурда ЭЖКнын көрсөткүчү ортоңку катарларда эсептелет жана 1,5%ды түзүшү керек.

126. Жарыктык коэффициенти (ЖК) 1:6 түзүшү керек.

127. Окуу жайлардын терезелери горизонттун түштүк, түштүк-чыгыш жана чыгыш тараптарга карашы керек. Түндүк тарапка черчение, сүрөт тартуу кабинеттеринин, ошондой эле ашкананын терезелери карашы мүмкүн. Информатика кабинеттеринин багыты - түндүккө жана түндүк-чыгышка карайт.

128. Окуу жайлардын терезелерине терезенин алдындагы тактайдан төмөн эмес кылып, жөнгө салынуучу күндөн калкалоочу түзүлүш (көтөрүлүүчү-бурулуучу жалюзилер, кездеме терезе пардалар, эшиктен тийген жарыктын деңгээлин төмөндөтпөгөн, жарыкты жакшы таратуучу касиети бар ачык түстөгү пардалар) менен жабдылат. Поливинилхлор пленкасынан жана башка эшиктен тийген жарыкка тоскоол болуучу пардаларды, орнотмолорду колдонууга тыюу салынат.

129. Иштебеген учурда пардаларды терезелердин ортосундагы дубалдарга тартып коюу зарыл.

130. Күндүн жарыгын үнөмдүү пайдалануу жана окуу жайларга тегиз жарыктандыруу үчүн төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- терезенин айнектерин сырдоого;
- терезенин алдындагы тактайга гүл коюуга, алар полдон 65-70 сантиметрге бийик болгон ташылуучу гул салгычтарга салынат же терезелердин ортосундагы дубалдарга илинүүчү кашпого салынат;

131. Айнектер кирдешине жараша, бирок бир жылда 2 жолудан кем эмес (күзүндө жана жазында) жууп-тазаланат.

132. Жалпы билим берүү уюмдарынын бардык жайлары турак жана коомдук имараттарга табигый, жасалма, бириктирилген жарыктандырууга болгон гигиеналык талаптарына ылайык жасалма жарыктандыруу менен камсыз болушат.

133. Окуу жайларында жалпы жарык берүү системасы шыпка илинүүчү чыңалуудагы чырактар же түс берүү спектри боюнча люминесценттик лампалар менен камсыздалат: ак, агыш, накта ак.

134. Бир жайдын ичинде люминесценттик лампаларды жана жалпы жарыктандыруу үчүн ичинде зымы бар лампаларды колдонууга болбойт.

135. Окуу кабинеттерде, аудиторияларда, лабораторияларда жарыктандыруунун деңгээли төмөнкү ченемдерге дал келиши керек: иш столдорунун үстүндө - 300 - 500 лк, техникалык чийүү жана сүрөт кабинеттеринде - 500 лк, информатика кабинеттериндеги столдордун үстүндө - 300 - 500 лк, класстык досканын бетинде - 300 - 500 лк, актовый жана спорттук залдарда (полдун үстүндө) - 200 лк, рекреацияларда (полдун үстүндө) - 150 лк.

136. Окуу жайларда жалпы жарыктандыруу системасы колдонулат. Чырактар жана люминесценттик лампалар жарык тийген дубалга параллель болуп сырткы дубалдан 1,2 м жана ички дубалдан 1,5 м аралыгында тагылат.

137. Өзүнүн жарыгы жок класстык доска жергиликтүү жарыктандыруу - атайын класстык доскаларды жарыктандыруу үчүн багытталган софиттер менен жабдылат. Чырактар досканын үстүнкү кырынан 0,3 м жана на 0,6 м бийик кылып класс тарапка карата илинет.

138. Окуу жайлар үчүн жасалма жарыктандыруунун системасын долбоорлоодо чырактардын линиясын ар бирин өзүнчө жандырууну алдын ала кароо керек.

139. Жасалма жарыкты үнөмдүү пайдалануу жана окуу жайларга тегиз жарыктандыруу үчүн чагылдыруу коэффициенти менен бетин күңүрт кылган

жасалгалоо материалдарды жана сырларды колдонуу зарыл: шып үчүн - 0,7-0,9; дубалдар үчүн - 0,5-0,7; пол үчүн - 0,4-0,5; эмерек жана парталар - 0,45; класстык доскалар үчүн - 0,1-0,2.

140. Төмөнкү түстөгү сырларды колдонуу сунуш кылынат: шып үчүн - ак; окуу жайлардын дубалдары үчүн - сарынын, саргыч боздун, күлгүндүн, жашылдын, көгүштүн ачык түстөрүн; эмерек үчүн (шкафтар, парталар) - табигый жыгачтын түсү же ачык жашыл; класстык доскалар үчүн - кочкул жашыл, кочкул күрөң; каалгалар, терезенин рамалары үчүн - ак.

141. Булганганына карата бирок бир жылда 2 жолудан кем эмес чырактардын арматураларын тазалоо жана күйүп кеткен лампаларды өз убагында алмаштыруу зарыл.

**9. Суу менен камсыз кылууга жана канализацияга болгон талаптар**

142. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары чарбалык-ичүүчү суу менен камсыз кылуунун, канализациянын жана суу арыкчаларынын борбордоштурулган системасы менен жабдылышы керек.

143. Муздак жана борбордоштурулган ысык суу менен жалпы билим берүү уюмдарынын, мектепке чейинки билим берүүнүн жана жалпы билим берүү уюмдарына караштуу интернаттардын жайлары камсыз болушат, анын ичинде: жаңы курулуп жана реконструкцияланып жаткан жалпы билим берүү уюмдарынын тамак-аш блогунун жайлары, ашканасы, буфети, душ бөлмөсү, жуунуучу жайлары, жеке гигиена кабиналары, медициналык багыттагы жайлары, эмгекке үйрөтүү устаканалары, үй-тиричилик кабинеттери, башталгыч класстардын жайлары, сүрөт тартуу, физика, химия жана биология кабинеттери, лаборанттын бөлмөсү, тазалоочу инвентарларды сактоо үчүн жайлары жана дааратканалары.

144. Калктуу пунктта борбордоштурулган суу менен камсыздалбаган жалпы билим берүү уюмдары үзгүлтүксүз муздак суу жана суу ысытуучу системасынын орнотмосу менен камсыздалышы керек.

145. Жалпы билим берүү уюмдарды Кыргыз Республикасынын ичүүчү суу менен камсыз кылуу мыйзамдарынын талаптарына жооп берген коопсуз суу менен камсыз кылынат.

146. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттарында ашкананын канализациялоо системасы башкалардан өзүнчө болушу керек жана канализациянын сырткы системасына өз алдынча чыгарылган түтүгү болушу керек. Ашкананын өндүрүш жайлары аркылуу жогорку кабаттардын канализациялоо системасынын стояктары өтпөш керек.

147. Канализациясы жок айылдык райондордо жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары локалдык тазалоо курулмаларын орнотуу шарты бар ички канализация менен же короонун ичиндеги дааратkана менен камсыз кылынат.

148. Жалпы билим берүү уюмдары ичүүчү суу коопсуздугуна жооп берген суу менен камсыздалат.

149. Жалпы билим берүү уюмдарында суу ичүү режими төмөнкү формаларда уюштурулат: стационардык ичүүчү фонтанчиктер; идиштерге куюлган суу.

150. Окуучулар билим берүү уюмдарында канча убакыт болсо, ошол убакыт бою аларга ичүүчү суу жеткиликтүү болушу керек.

151. Стационардык ичүүчү фонтанчиктердин конструктивдүү чечимдеринде бийиктиги 10 сантиметрден кем болбогон вертикалдык аккан, суунун тегерегине чектетүүчү шакекченин болуусун алдын ала кароо зарыл.

152. Суу ичүү тартибин бөтөлкөгө куюлган сууну пайдалануу менен уюштурууда жалпы билим берүү уюмунда таза идиштин (айнек жана фаянс - тамактануучу

залда, бир жолку кичи стакан менен - окуу жана уктоочу жайларда) жетиштүү саны менен, ошондой эле таза жана колдонулган айнек жана фаянс идиштери үчүн маркировкаланган подностор менен, бир жолу колдонулуучу идиш-аяктарды чогултуу үчүн - контейнерлер менен камсыз кылуусу зарыл.

153. Калктуу пунктта борбордоштурулган суу менен камсыз кылуу болбогондо окуучулардын суу ичүү тартибин уюштуруу идиштерге куюлган сууну пайдалануу менен гана жүргүзүлөт.

154. Жалпы билим берүү уюмдарына жеткирилген бөтөлкөгө куюлган суу колдонулган техникалык регламенттин талаптарына ылайык, сапатын жана коопсуздугун тастыктаган документи болушу керек.

### 10. Ылайыкталган имараттарда жайгаштырылган жалпы билим берүү уюмдарынын жайларына жана жабдууларына болгон талаптар

155. Жалпы билим берүү уюмдарын ылайыкталган имараттарда жайгаштырууда жайлардын милдеттүү жыйындысы болушу керек: окуу класстары, тамактанууну уюштуруу үчүн жайлар, медицина багытындагы жайлар, рекреациялар, административдик-чарбалык жайлар, сантүйүндөр, гардеробдор.

156. Окуу жайлардын жана кабинеттердин аянты колдонуудагы санитардык эрежелердин талаптарына ылайык бир класстагы окуучулардын санына карата аныкталат.

157. Өздүк спорттук залды жабдууга мүмкүнчүлүк жок болсо, жалпы билим берүү уюмдарынын жанында жайгашкан спорттук курулмалар колдонулат.

158. Гардеробдор болбогон учурларда рекреацияларда, коридорлордо жеке шкафтар жайгаштырылат.

### 11. Билим берүү процессинин режимине болгон гигиеналык талаптар

159. Окуу сабактары саат 8ден эрте башталбайт.

160. Өзүнчө сабактарды терең окутуу уюмдарында, лицейлерде, гимназияларда окутуу I-сменада гана өткөрүлөт.

161. Эки сменада иштеген уюмдарда 1, 5, бүтүрүүчү 9 жана 11-класстардын сабактары биринчи сменага гана коюлат.

162. Жалпы билим берүү уюмдарында 3 сменада окутууга уруксат берилбейт.

163. Бир жумалык билим берүү жүктөмдү бир жума ичинде бир кылка бөлүштүрүү керек, анда бир күндүн ичиндеги мүмкүн болгон максималдуу жүктөмдүн көлөмү төмөнкүнү түзүшү керек:

- 1-класстын окуучулары үчүн бир күндө 4 сабактан көп болбошу керек жана бир жумада 1 жолу дене тарбия сабагын эсептегенде 5 сабак коюуга мүмкүн;
- 2-4-класстарга - 5 сабактан көп эмес жана бир жумада 6 күн окуса, 1 жолу дене тарбия сабагын эсептегенде 6 сабак коюуга мүмкүн;
- 5-11-класстар үчүн - 6 сабактан көп эмес.

164. Сабактардын расписаниесин милдеттүү жана факультативдик сабактар үчүн өзүнчө түзүлөт. Факультативдик сабактарды милдеттүү сабактар аз болгон күндөргө коюу керек. Акыркы сабак менен факультативдик сабактын ортосунда 45 мүнөт тыныгуу болушу керек.

165. Сабактардын расписаниеси окуучулардын бир күндүк жана бир жумалык акыл-эсинин иштөө жөндөмдүүлүгүн жана окуу предметтеринин татаалдык шкаласын эске алуу менен ушул санитардык эрежелериндеги 1-тиркеменин 2-4-таблицаларына ылайык түзүлөт.

166. Сабактардын жүгүртмөсүн түзүүдө бир күндө жана бир жумада сабактарды ар кандай татаалдыгына жараша кезеги менен коюу зарыл: билим берүүнүн 1-тепкичинин окуучулары үчүн негизги сабактарды (математика, орус жана чет тил, жаратылыш таануу, информатика) музыка, сүрөт, көркөм өнөр,

эмгек, дене тарбия сабактары менен кезек келтирүү керек; билим берүүнүн 2 жана 3 тепкичинин окуучулары үчүн табият таануу-математикалык профилдеги сабактар гумманитардык сабактар менен кезектеши керек.

167. 1-класстар үчүн өтө оор сабактар 2-сабакка; 2-4-класстарга - 2-3-сабактарга; 5-11-класстарга 2-4-сабактарга коюлушу керек.

168. Башталгыч класстарда бир сабак удаа эки жолу өтүлбөйт.

169. Бир окуу күнүндө контролдук иш бир гана жолу өткөрүлөт. Контролдук иштерди 2-4-сабактарда өткөрүлөт.

170. Бардык класстарда сабактын узактыгы (академиялык саат) 45 мүнөттөн ашпашы керек. Ал эми 1-класстын сабактарынын узактыгы ушул санитардык эрежелердин 171-пункту менен жөнгө салынат, компенсациялык класстын сабактарынын узактыгы 40 мүнөттөн ашпайт.

171. 1-класстагы окутууда төмөнкү кошумча талаптарды аткарылышы керек:

- окутуу 5 күндүк жана 1-сменада болушу керек;
- биринчи жарым жылдыкта «тепкичтик» режимди пайдалануу (сентябрда, октябрда - бир күндө 3 сабактан ар бири 35 мүнөттөн, ноябрда - декабрда - 4 сабактан ар бири 35 мүнөттөн; январь - май - 4 сабактан ар бири 45 мүнөттөн);
- окуу күнүнүн ортосунда узактыгы 40 мүнөттөн ашпаган динамикалык тыныгуу уюштуруу сунушталат.
- узартылган күндүн тобуна катышкандар үчүн күндүзгү уктоо (1 сааттан кем эмес), 3 маал тамактануу жана таза абада сейилдөө уюштуруу зарыл;
- окутуу балл коюп баалоосуз жана үй тапшырмасыз өткөрүлөт;
- адаттагы режимде окугандар үчүн үчүнчү чейректин ортосунда кошумча бир жумалык каникул каралат.

172. Бир жума ичинде окуучулар өтө чарчабоосу жана акыл-эсинин иштөө жөндөмдүүлүгүнүн оптималдык деңгээлин сактоо үчүн бейшемби жана жума күнү жеңилдетилген окуу күнү болушу керек.

173. Сабактардын арасындагы танапис 10 мүнөттү түзөт, чоң танапистин узактыгы 20-30 мүнөт (2 же 3-сабактан кийин). Бир жолку чоң танапистин ордуна 2 же 3-сабактан кийин ар бири 20 мүнөттөн эки танапис уюштурушу мүмкүн.

174. Тыныгууну таза абада уюштуруу сунушталат. Ушул максатта күндө өткөрүлүүчү чоң танапистин динамикалык тыныгуусунун узактыгын 45 мүнөткө чейин узартылат, анын 30 мүнөтүнөн кем эмес убакыты уюмунун спорт аянттарында, спорттук залдарында же рекреацияларында кыймылдуу-активдүү иш аракеттерди уюштурууга бөлүнөт.

175. Сменалардын алмашуусунун ортосундагы убакыт жайларды тазалоо жана желдетүү үчүн 30 мүнөттөн кем болбошу керек. Тынч эмес эпидемиологиялык кырдаалда дезинфекциялык жумуштарды жүргүзүү үчүн убакыт 60 мүнөткө чейин узартылат.

176. Окуу процессинде инновациялык билим берүү программаларын жана технологияларын, сабактардын жүгүртмөсүн, окуунун режимдерин колдонууга алардын окуучулардын физиологиялык абалына жана ден соолугуна терс таасири тийбесе мүмкүнчүлүк берилет.

177. Аз комплекттүү айылдык билим берүү мекемелеринде конкреттүү шарттарга, окуучулардын санына, алардын жашынын өзгөчөлүктөрүнө жараша билим берүүнүн 1 тепкичинде окуучулардан класс-комплекттерин түзүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Мында оптималдуу болуп, билим берүүнүн 1 тепкичиндеги ар кандай жаштагы окуучуларды өзүнчө окутуу эсептелет.

178. Билим берүүнүн 1 тепкичиндеги окуучуларды класс-комплектөөдө аларды эки класстан түзүү оптималдуу болуп эсептелет: 1 жана 3-класстарды (1+3), 2 жана 3-класстарды (2+3), 2 жана 4-класстарды (2+4). Окуучулардын өтө чарчабоосу үчүн биргелештирген (өзгөчө 4 жана 5) сабактардын узактыгын 5-10 мүнөткө (дене тарбия сабагынан тышкары) кыскартуу зарыл.

Класс-комплекттердин толушу ушул санитардык эрежелердин 4-таблицасына ылайык келиши керек.

4-таблица

**Класс-комплекттердин толушу**

| Класс-комплекттерге бириктирилген класстар | Класс-комплектте окуган окуучулардын саны |
|---|---|
| 1+3 | 8-10 |
| 1+2 | 8-10 |
| 1+4 | 8-10 |
| 2+3 | 10-12 |
| 2+4 | 10-15 |
| 3+4 | 10-15 |

179. Компенсацияланган окутуу класстарында окуучулардын саны 20 адамдан ашпоосу керек. Сабактардын узактыгы 40 мүнөттөн көп болушу керек. Коррекциялоо-өнүктүрүү сабактары ар кандай жаштагы окуучулар үчүн белгиленген максималдуу мүмкүн болгон бир жумалык жүктөмдүн көлөмүнө кошулат.

180. Окуу жумасынын узактыгына карабастан, бир күндөгү сабактын саны башталгыч класстарда 5тен көп эмес, ал эми 5-11-класстарда 6 сабактан көп болушу керек.

181. Окуу процессине көнүү мезгилин жеңилдетүү жана кыскартуу үчүн компенсацияланган окутуу класстарындагы окуучуларды педагог-психологдор, врачтар-педиатрлар, мугалимдер-логопеддер жана башка атайын даярдалган педагогикалык кызматкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү ошондой эле маалыматтык-коммуникациялык технологияларды жана көрсөтмө окуу куралдарын колдонуп медициналык-психологиялык жардам менен камсыз кылышы керек.

182. Окуучулардын чарчоосун, келбетинин жана көзүнүн көрүүсүнүн бузулушун алдын алуу үчүн сабактарда чакан дене тарбиялык мүнөттөрдү жана көздүн гимнастикасын өткөрүү зарыл.

183. Сабак учурунда (текшерүү иштерден тышкары) окуу иш аракеттин ар кандай түрлөрүн кезектөө зарыл. Окуучулардын окуу иш аракетинин түрлөрүнүн орто үзгүлтүксүз узактыгы (кагаздан окуу, жазуу, угуу, жооп берүү ж.б.) 1-4-класстарда 7-10 мүнөттөн ашпашы керек. 5-11-класстарда 10-15 мүнөттөн ашпашы керек. Көздөн дептерге же китепке болгон аралык 1-4-класстардын окуучуларыныкы 25-30 сантиметрди, 5-11-класстардын окуучуларыныкы - 45 сантиметрди түзүшү керек.

184. Окуу процессинде окутуунун техникалык каражаттарын үзгүлтүксүз колдонуу узактыгы ушул санитардык эрежелердин 5-таблицасына ылайык белгиленет.

5-таблица

**Сабактарда техникалык каражаттарын үзгүлтүксүз колдонуу узактыгы**

| | Үзгүлтүксүз узактык (мүн.), андан көп эмес | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Класстар | Окуу доскаларында жана чагылдырылып көрсөткөн экрандарда сүрөттөрдү көрүү | Теле-көрсөтүүлөрдү көрүү | Окуу доскаларында жана чагылдырылып көрсөткөн экрандарда динамикалык сүрөттөрдү көрүү | Компьютердин жеке мониторунда сүрөт менен иштөө | Аудио-жазууну угуу | Аудио-жазууну кулакка коюп угуучу аспап аркылуу угуу |
| 1-2 | 10 | 15 | 15 | 15 | 20 | 10 |
| 3-4 | 15 | 0 | 20 | 15 | 20 | 15 |
| 5-7 | 20 | 25 | 25 | 20 | 25 | 20 |
| 8-11 | 25 | 30 | 0 | 25 | 25 | 25 |

185. Көзгө күч келүү менен байланышкан техникалык каражаттарды колдонгондон кийин көздүн чарчоосун алдын алуу үчүн көнүгүү комплекстерин, ал эми сабактын аягында - жалпы дененин чарчоосу үчүн дене тарбиялык машыгууларын өткөрүү зарыл.

186. Кыймылдоодо биологиялык муктаждыктарды канааттандыруу үчүн окуучулардын жашына карабастан бир жумалык максималдык мүмкүн болгон жүктөмдүн көлөмүндө каралган бир жумада дене тарбия сабагын 3 жолудан кем эмес өткөрүү зарыл. Дене тарбия сабагын башка сабактар менен алмаштырууга болбойт.

187. Окуучулардын кыймыл аракетин көбөйтүү үчүн окуучулардын окуу пландарына кыймыл-активдүү мүнөздөгү предметтер (хореография, ритмика, заманбап жана бал бийлерин, адаттагы жана улуттук спорттук оюндарды үйрөтүүнү) кошулат.

188. Окуу процессинде окуучулардын кыймылдык активдүүлүгү дене тарбия сабагынан тышкары төмөнкүлөрдүн эсебинен камсыз болот:

- дене тарбиялык мүнөттөр;
- тыныгууларда уюштурулган кыймылдуу оюндар;
- узартылган күндүн тобуна катышкан балдар үчүн спорттук саат;
- класстан тышкары спорттук сабактар жана мелдешүүлөр, жалпы мектептик спорттук иш чаралар, ден соолук күндөрү;
- секцияларда жана клубдарда өз алдынча дене тарбия сабактары.

189. Дене тарбия сабактарындагы, мелдештердеги, спорттук профилдеги сабактан тышкары окууларда, динамикалык жана спорттук сааттарды өткөрүүдө спорттук профилдеги сабактан тышкары окууларда спорттук жүктөмдөр окуучулардын жашына, ден соолугунун абалына жана дене тарбиялык даярдыгына, ошондой эле метеошарттарына (эгерде таза абада уюштурулган болсо) дал келиши керек.

190. Окуучуларды дене тарбиялык-ден соолукту чыңдоочу жана спорттук-коомдук иш чараларда катышуу үчүн негизги, даярдоочу жана атайын топторуна бөлүштүрүүнү алардын ден соолугун (же алардын ден соолугу жөнүндө маалымкаттын негизинде) эске алуу менен врач жүргүзөт. Негизги дене тарбиялык топтогу окуучуларга алардын жашына ылайык бардык дене тарбиялык-ден соолукту чыңдоочу иш чараларга катышууга уруксат берилет. Даярдоочу жана атайын топтордун окуучулары менен дене тарбиялык-ден соолукту чыңдоочу иш чаралар врачтын корутундусун эске алуу менен жүргүзүлөт.

191. Ден соолугу боюнча даярдоочу жана атайын топторго киргизилген окуучулар жеңилдетилген дене тарбия менен аракеттенет.

192. Дене тарбия сабактарын таза абада өткөрүү зарыл. Жаан, шамал жана суук күндөрү дене тарбия сабактары залда өткөрүлөт.

193. Билим берүү программасында каралган эмгек сабактарында ар кандай мүнөздөгү тапшырмалар менен кезектелет. Сабак учурунда өз алдынча иштин бүт убактысынын ичинде иштин бир түрү менен алектенүүгө болбойт.

194. Устаканаларда жана үй-тиричилик кабинеттеринде окуучулар бардык жумуштарды атайын кийим кийип аткарышат (халат, боркок, берет, жоолук). Көзгө зыян келүүчү коркунучу бар иштерди аткарууда коргоо көз айнектерин тагынуу керек.

195. Окуучуларды 18ден жаш адамдарга иштөөгө тыюу салынган зыяны бар же кооптуу шарттардагы жумуштарды иштетүүгө, ошондой эле санитардык түйүндөрдү жана жалпы колдонуу жерлерди тазалатууга, терезелерди жана чырактарды жуудурууга, чатырдагы карды түшүртүүгө жана башка ушуларга окшогон иштерди иштетүүгө тыюу салынат.

196. Узартылган күндүн топторундагы ийримдик иштер окуучулардын жашына жараша болот жана кыймылдуу-активдүү жана статикалык сабактардын ортосундагы балансты камсыз кылышы керек.

197. Үй тапшырмалардын көлөмү (бардык сабактар боюнча) аны аткаруу үчүн кеткен убакыт төмөнкүдөн жогору болбош керек (астрономиялык саатта): 2-3-класстарда - 1,5 саат., 4-5-класстарда - 2 саат., 6-8-класстарда - 2,5 саат., 9-11-класстарда - 3,5 саатка чейин.

198. Жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүүдө экзамен бир күндө бирден көп болбошу керек. Экзамендер ортосундагы тыныгуу 2 күндөн аз болбош керек.

199. Күндөлүк китептердин жана жазуу буюмдарынын салмагы төмөнкүдөн жогорулабашы керек: 1-2-класстар үчүн - 1,5 кг, 3-4-класстар үчүн - 2 кг, 5-6-класстар үчун - 2,5 кгдан жогору, 7-8-класстар үчүн - 3,5кгдан жогору, 9-11-класстар үчүн 4,0 кгдан жогору.

**12. Окуучулардын медициналык тейлөөсүн уюштурууга жана жалпы билим берүү уюмдарынын жумушчуларынын медициналык кароолоруна болгон талаптар**

200. Бардык жалпы билим берүү уюмдарында окуучуларды медициналык тейлөөнү уюштуруу зарыл.

201. Билим берүү уюмдары квалификациялуу орто медициналык кызматкерлер жана врач-педиатрлардан турган кадрлар менен комплекттелет. Медициналык кызматкер жок болгондо жалпы билим берүүнүн жетекчилиги жакын жайгашкан оорукана менен балдарды медициналык тейлөө жөнүндө келишим түзөт.

202. Жалпы билим берүү уюмдарында медициналык кызматкерлердин ишин жана алдын алуучу иштерди жүргүзүү үчүн ылайыкталган шарттар түзүлүшү керек. Зарыл болгон орнотмолор, аспаптар, медикаменттер, ар бир класс үчүн көздүн көрүүсүнүн курчтугун аныктоо боюнча таблицалар менен жабдылган медициналык жана тиш доктур кабинеттери түзүлүшү керек.

203. Балдар, алардын ден соолугу жөнүндө документтери болгондо, эмдөөлөрдү өткөндө жана жугуштуу оорулары болбогондо мектепке кабыл алынат.

204. Сентябрдын биринчи 15 күнүнүн ичинде окуучуларга анкета толтурулат. Класстык журналга мектептин медициналык кызматкери ден соолук барагын тариздейт, ага ар бир окуучунун антропометрикалык маалыматтары, ден соолугунун тобу, дене тарбия сабактарынын тобу, ден соолугунун абалы, окуу эмерегинин сунушталган өлчөмү, ошондой эле медициналык көрсөтмөлөрү жөнүндө маалыматтар жазылат.

205. Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулар ооруп келгенден кийин сабактарга кирүүгө жалпы билим берүү уюмдарында врач-педиатрдан маалымкат болгон гана учурда мүмкүнчүлүк алат.

206. Жалпы билим берүү уюмдарында жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу боюнча иштер уюштурулат.

207. Педикулез оорусун аныктоо максатында ар бир каникулдан кийин жана ай сайын тандалып жылына 4 жолудан кем эмес медициналык персонал тарабынан балдарды кароону жүргүзүү зарыл. Кароолор (чачты жана кийимдерди) жарык жакшы тийген жайларда, лупа жана тиштери жыш болгон тарактарды колдонуу менен жүргүзүлөт. Ар бир кароодон кийин таракты кайнак суу менен чайкайт же 70% спирттин эритмеси менен сүртөт.

208. Котур же педикулез оорусу менен ооруган окуучулар дарылануу убактысында уюмга келбейт. Алар жалпы билим берүү уюмдарына врачтын маалымкаты менен далилденген дарылоо-алдын алуучу иш чаралардын бардык комплекси аяктагандан кийин гана келүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

209. Жалпы билим берүү уюмдарынын бардык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-майы № 225 «Кыргыз Республика-сынын коомдук саламаттык сактоо жаатындагы нормативдик укуктук актыларын

бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык алдын ала жана мезгилдүү медициналык кароодон өтүшөт.

210. Медициналык кароолордон баш тарткан жумушчулар ишке киргизилбейт.

**13. Аймактарды жана жайларды санитардык кармоого болгон талаптар**

211. Жалпы билим берүү уюмдарынын аймагы таза кармалышы керек. Аймактар күн сайын окуучулар аянтчаларга чыга электе тазаланат. Аба ырайы ысык жана кургак болуп турганда аянтчалар жана чөптүн үстү сейилдөөлөрдүн жана спорттук машыгуулардын башталаарына 20 мүнөт калганда сугарылат. Кышында аянтчалар жана жөө жүргүнчүлөр үчүн жолдор кардан жана муздан тазаланат.

212. Таштандыларды капкактары бекем жабылуучу таштанды чогулткучтарга чогултат, жана алардын көлөмүнүн 2/3 бөлүгү толгондо тиричилик калдыктарын алып чыгуу келишимине ылайык катуу тиричилик калдыктарынын полигонуна алып чыгат. Контейнерлер (таштанды чогулткучтар) бошотулгандан кийин аларды белгиленген тартипте уруксат берилген дезинфекциялык каражаттар менен тазалоо зарыл. Таштандыларды жалпы билим берүү уюмдарынын аймагында жана контейнерлердин ичинде өрттөөгө тыюу салынат.

213. Жыл сайын (жазында) бадалдар коздолуп кыркылат, жаш, кургап калган жана майда бутактары кыйылат. Окуу жайлардын терезелерин жаап калган же табигый жарыгынын чектелген көрсөткүчүн төмөндөткөн бийик бактардын болуусунда аларды кыюу же бутактарын кыркуу иш-чаралары жүргүзүлөт.

214. Жалпы билим берүү уюмдарынын бардык жайлары күндөлүк нымдуу жуучу каражаттар менен тазаланууга тийиш.

215. Дааратканалар, ашканалар, вестибюлдар, рекреациялар ар бир танапистен кийин нымдуу тазаланууга тийиш.

216. Окуу жана көмөктөшүү жайлары сабактар аяктагандан кийин окуучулар кеткенде терезелерин жана фрамугдарын ачып коюп тазаланат. Эгерде жалпы билим берүү уюму эки сменада иштесе, анда ар бир смена аяктагандан кийин тазаланат: полдору жуулат, чаңдаган жерлердин чаңы сүртүлөт (терезелердин алдындагы тактайлар, радиаторлор ж.б.).

217. Жалпы билим берүү уюмунун жайлары бир суткада 1 жолудан кем эмес тазаланууга тийиш.

218. Жалпы билим берүү уюмунда колдонуу боюнча нускамаларды сактоо менен жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонушат.

219. Пол жуу үчүн дезинфекциялоочу эритмелерди так эле колдонуунун алдында окуучулар жок болгондо ажатканаларда даярдалат.

220. Дезинфекциялоочу жана жуучу каражаттар нускамага ылайык өндүрүүчүнүн баштыгында жана окуучулар жетпеген жерде сакталат.

221. Начар эпидемиологиялык кырдаалда инфекциянын таралышын алдын алуу максатында жалпы билим берүү уюмунда кошумча эпидемияга каршы иш-чаралар өткөрүлөт.

222. Жалпы билим берүү уюмдарынын жайларында бир айда бир жолудан кем эмес генералдык тазалоо жүргүзүлөт. Генералдык тазалоо техникалык персонал тарабынан (окуучулардын эмгегин пайдаланбастан) жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен жүргүзүлөт. Абаны алмаштырып сордуруучу торлорунун чаңдары ай сайын тазаланып турат.

223. Шейшептер жана сүлгүлөр кирдегенде, бирок бир жумада бир жолудан кем эмес алмаштырылат. Окуу жылы башталаардын алдында алар дезинфекциялоочу камерада тазаланат. Дааратканаларда самын, даарат кагазы жана сүлгүлөр дайыма болуп туруш керек.

224. Дааратканалар, душ бөлмөлөрү, буфеттер, медициналык багыттагы жайлар күн сайын эпидемиологиялык кырдаалга карабастан дезинфекциялык каражаттарды колдонуу менен тазаланат. Санитардык-техникалык жабдуулар күн сайын жугуштуу нерселерден тазаланууга тийиш. Суу агызуучу бактардын кармагычтары жана каалгалардын кармагычтары жылуу суу жана самын менен жуулат. Раковиналар, унитаздар, улитаздардын олтургучтары ерш жана щеткалар менен жана белгиленген тартипте уруксат берилген дезинфекциялоо каражаттары менен тазаланат. Дезинфекцияны, дезинсекцияны жана дератизацияны уюштуруу, жана өткөрүү боюнча колдонмого ылайык дезинфекциялык каражаттарда этикеткасы болуп, анда каражаттын аталышы, анын арналышы, таасир берүүчү заттардын концентрациясы, даярдоо күнү, жарамдуулук мөөнөтү, коопсуздук чаралары, даярдоочунун жана жеткирүүчүнүн реквизиттери көрсөтүлүүгө тийиш.

225. Медициналык кабинеттерде жайларды жугуштуу нерселерден тазалоодон тышкары дезинфекциялоо, стерилизациялоого чейинки тазалоо жана медициналык багыттагы буюмдарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы № 32 «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарындагы инфекциялык контролдоо боюнча нускамаларды бекитүү жөнүндө» токтому менен аныкталган медициналык шаймандарды да дезинфекциялоо зарыл.

226. Бир жолу колдонулуучу медициналык буюмдарга артыкчылык берилет.

227. Эпидемиологиялык коркунуч даражасы боюнча потенциалдуу коркунучтуу калдыктарга кирген медициналык калдыктар пайда болгон учурда аларды дарылоо-алдын алуу мекемелеринин калдыктарынын бардык түрлөрүн чогултуу, сактоо, кайра иштетүү, зыянсыз кылуу жана жок кылуу эрежелерине ылайык зыянсыздандырат жана жок кылынат.

228. Жайларды тазалоо үчүн тазалоочу шаймандар маркировкаланат жана аныкталган жайларга бекитилет. Санитардык түйүндөрдү тазалоо үчүн тазалоочу шаймандардын (чакалар, тазиктер, швабралар, буюмдар) белги берүүчү (кызыл түстөгү) маркировкасы болушу керек, багыты боюнча колдонулуп башка тазалоочу шаймандардан өзүнчө сакталышы керек.

229. Тазалоо аяктагандан кийин тазалоочу шаймандар жуучу каражаттарды колдонуу менен жуулат, аккан сууга чайкалат жана кургатылат. Тазалоочу шаймандар атайын бөлүнгөн жайда сакталат.

230. Тамак-аш блогунун жайларынын санитардык абалын жалпы билим берүү уюмдарындагы окуучулардын тамактануусун уюштуруу санитардык-эпидемиялык талаптарын эске алуу менен сактоо керек. Бассейн болгон учурда жайларды жана жабдууларды тазалоо жана дезинфекциялоо бассейндер колдонуу гигиеналык талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

231. Спорттук шаймандар күн сайын жуучу каражаттар менен тазаланууга тийиш. Залда жайгашкан спорттук шаймандар ар бир сменанын аягында нымдуу чүпүрөк менен тазаланат, ал эми металл бөлүктөрү - кургак чүпүрөк менен тазаланат. Ар бир сабактан кийин спорттук зал 10 мүнөттөн кем эмес желдетилет. Спорттук килеми күн сайын чаң сордургуч менен тазаланат, бир айда 3 жолудан кем эмес жуучу чаң сордургуч аркылуу жуучу каражаттарын колдонуу менен тазаланат. Спорттук маттар күн сайын самын-сода эритмеси менен сүртүлөт.

232. Килемдер жана килем сыяктуу жабуулар болгон учурда (башталгыч жалпы билим берүү уюмдарынын, узартылган күндүн топторунун, интернаттын жайларында) аларды күндө чаң сордургуч менен тазалайт, ошондой эле бир жылда 1 жолу күнгө алып чыгып жайып, чаңын кагуу зарыл.

233. Жалпы билим берүү уюмунун аймагында жана бардык жайларында курт-кумурскалар жана кемирүүчүлөр пайда болгондо дезинсекциялоону жана дератизациялоону жүргүзүү зарыл.

234. Чымындардын көбөйүүсүн алдын алуу жана аларды өнүгүү фазасында жок кылуу максатында 5-10 күндө бир жолу короодогу дааратканалар чымындар менен күрөшүү боюнча ченемдик-методикалык документтерге ылайык уруксат берилген дезинфекциялоочу каражаттар менен тазаланат.

**14. Тамактанууну уюштурууга болгон талаптар**

235. Жалпы билим берүү уюмдарынын мектептеги тамактануусун уюштуруу атайын бөлүнгөн жайларда жүргүзүлөт, аларды башка максаттарга пайдаланууга тыюу салынат.

236. Окуучуларды тейлөө үчүн төмөнкүлөр билим берүү уюмдарынын мектеп тамактануусунун уюмдары боло алат:

- мектеп тамактануусунун базалык уюмдары (мектеп тамактануусунун комбинаттары, мектептик-базалык ашканалар ж.б.), алар азык-түлүк сырьену сатып алууну, кулинардык тамак-аштарды жасоону, алар менен жалпы билим берүү уюмдарынын ашканаларын камсыз кылууну жүргүзүшөт;
- мектеп тамактануусунун тамакты аягына чейин даярдоо уюмдары, аларда жарым фабрикаттардан тамактар, кулинардык тамак-аштар даярдалат жана сатылат;
- жуманын күндөрү боюнча ар турдүү менюга ылайык азык-түлүк сырьелорунан же жарым фабрикаттардан тамак жасаган жана (же) саткан билим берүү мекемелеринин ашканалары;
- даяр тамактарды, кулинардык, ундан жасалган кондитердик жана нан азыктарын сатууну жүргүзгөн таратуу-буфеттери.

237. Азык-түлүк сырьелору жана чала фабрикаттар менен иштеген мектептик тамактануунун базалык уюмдарында, жалпы билим берүү уюмдарынын ашканаларында коопсуз жана тамак-аштын баалуулугун сактаган кулинардык продукцияны даярдоого жана аны сатууга мүмкүндүк берген жайларды жана жабдууларды алдын ала кароо зарыл.

238. Таратуу-буфеттеринде тамактарды, кулинардык тамак-аштарын сатуу, ошондой эле ысык суусундуктарды жана өзүнчө тамактарды даярдоо үчүн (колбаса, жумуртка бышыруу, салаттарга куйма жасоо, даяр продуктуларды тууроо) жайлар жана жабдуулар алдын ала каралышы керек.

239. Жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусу жалпы билим берүү уюмунун негизги имаратында жайгашкан, имаратка жанаша курулган же билим берүүнүн негизги имараты менен жылуулук өткөрүлгөн өтмөсү менен бириктирилген өзүнчө турган имаратта жүргүзүлөт.

240. Чакан комплекттүү жалпы билим берүү уюмунда (50 окуучуга чейин) тамак-аш продуктуларын сактоо, тамак ичүү жана таратуу, идиш-аяктарды жуу үчүн арналган өзүнчө бир жай бөлүп берилет.

241. 3 танапистен, ал эми күнү-түнү туруу менен жалпы билим берүү уюмдарга 2 танапистен көп эмес убакытта тамактануу залында бардык окуучуларды класс боюнча отургузууну камсыз кылуу үчүн тамактануу залынын аянтынын өлчөмү бир кишилик орунга 0,7 $м^2$ кем эмес катыш боюнча алынат.

242. Тамак жасоодо тамак-аш азыктарын технологиялык процесстерде тазалоодо, ашкана идиштерин, жабдууларды, шаймандарды жууганда, жайларды санитардык тазалоодо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ичүүчү суу боюнча талаптарына жооп берүүгө тийиш.

243. Бардык өндүрүш цехтеринде раковиналар, муздак жана ысык суу өткөрүлгөн жуучу ванналар орнотулат. Отканаларда, бойлердик жайларда жана ысык суу менен камсыз кылуу суу түтүктөрү тармактарында профилактикалык жана оңдоо

жумуштары болуп жаткан мезгилде өндүрүш цехтерди жана жуучу бөлүкчөлөрдү ысык суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу үчүн ысык суу менен камсыз кылуучу резервдик булактарды орнотууну алдын ала кароо зарыл.

244. Ашкананын тамактануучу залында 20 отуруучу орунга 1 кран эсебинде бет жуугучтар орнотулат. Алардын жанына электр сүлгүсүн (2ден кем эмес) орнотуу жана (же) бир жолку сүлгүлөр каралат.

245. Жалпы билим берүү уюмдарынын мектеп тамактануусунун уюмдарын куруудa жана кайра конструкциялоодо ысык цехтерде, кампаларда, ошондой эле тамактануунун базалык уюштуруу экспедицияларында абаны алмаштыруу системасын орнотуу алдын ала каралышы керек. Бууну, жылуулукту, газды көп чыгарган технологиялык жабдуулары жана жуучу ванналардын өтө кирдеген жерлери, жалпы сордуруучу аба алмаштыруу системаларына кошумча локалдык сордуруучу аба алмаштыруу системалары менен жабдылышы зарыл.

246. Жасалма жарыктандыруу үчүн бууга-чаңга туруктуу чырактар колдонулат. Чырактар плитанын, технологиялык жабдуулардын, азыктарды тууроо үчүн столдордун үстүнө жайгаштырылбайт.

247. Өндүрүш чөйрөнүн буюму болгон жабдуулар, шаймандар, идиш-аяктар, башка идиштер тамак азыктары менен аралашууга мүмкүн болгон материалдардан жасалышы керек.

248. Тамактануу залдары үстүн жуучу жана дезинфекциялык каражаттар менен жууга мүмкүн болгон материалдардан жасалган ашкана эмеректери (столдор, отургучтар, жана башка эмеректер) менен жабдылышы зарыл.

249. Тамак азыктарын тазалоо үчүн дайындалган столдордун үстү жуучу жана дезинфекциялык каражаттар менен жууга мүмкүн болгон материал менен жабылып жана тамак азыктары менен аралашууга коопсуз материалдары үчүн талаптарга жооп бериши керек.

250. Тамак азыктарын, идиштерди, инвентарларды сактоо үчүн стеллаждар, товар койгучтар полдон бийиктиги 15 сантиметрден кем болбошу керек. Стеллаждардын жана түптөрдүн конструкциялары жана жайгаштыруусу суу менен тазалоого мүмкүн болушу керек.

251. Жалпы билим берүү мекемелеринин коомдук тамактануу уюмдары идиштер жана приборлор менен жеткиликтүү санда камсыз болушу керек, алар бир орунга экиден кем эмес комплекттин болуусу менен эсептелет.

252. Тамактанууну уюштурууда фарфор, фаянс жана айнек идиш-аяктары (табактар, чыныдар, бокалдар) колдонулат, алар тамак азыктары менен аралашууга мүмкүн болгон материалдар үчүн талаптарга жооп бериши керек. Ашкана приборлору (кашыктар, вилкалар, бычактар), тамактарды даярдоо жана сактоо үчүн идиш-аяктар дат баспаган болоттон же гигиеналык сапаттары боюнча окшош материалдардан жасалышы керек.

253. Тамак азыктары менен аралашкан материалдар үчүн коопсуздук талаптарына жооп берген жана ысык жана (же) муздак тамактарды, ичимдиктерди куюуга мүмкүн болгон бир жолу пайдалануучу приборлор жана идиштер менен колдонууга уруксат берилет. Бир жолу пайдалануучу идиштерди экинчи ирет пайдаланууга болбойт.

254. Чийки жана даяр азыктарды сактоо, аларды технологиялык иштетүү жана таратуу үчүн милдеттүү түрдө өзүнчө атайын маркировка коюлган жабдуулар, инвентарь, ашкана идиши колдонулушу зарыл.

255. Формасы бузулган, четтери сынган, жарака кеткен, эмалы кетик ашкана идиштери, алюминийден жасалган приборлор, пластмассадан жана престелген фанерадан жасалган тактайлар, майда жаракалары жана механикалык бузулуулары менен тактайларды жана инвентарларды колдонууга тыюу салынат.

256. Коомдук тамактануу уюмдарынын өндүрүш жана башка жайларында тартип жана тазалык болуш керек. Тамак-аш азыктарын полдун үстүндө сактоого тыюу салынат.

257. Тамактануу залдары ар бир тамактануудан кийин тазаланып турушу зарыл. Тамактануу столдорун жуучу каражаттар кошуп ысык суу менен тазалайт, анда атайын бөлүнүп берилген чүпүрөк жана таза жана колдонулган чүпүрөктөр үчүн маркировкаланган чака пайдаланат.

258. Иштин аягында пайдаланылган чүпүрөктөр температурасы 45 °С кем эмес болгон сууга жуучу каражаттарды кошуп чыланат, дезинфекцияланат же кайнатылат, сууга чайкалып кургатылат жана таза чүпүрөктөр үчүн чакада сакталат.

259. Ашкананын идиш-аягы тамактануу идиш-аяктардан өзүнчө жуулушу керек.

260. Жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттар өндүрүүчүнүн идишинде окуучулар жетпеген, тамак-аш азыктарынан өзүнчө жерде сакталат.

261. Идиш-аяктарды тазалоодо өндүрүштүк чөйрөдөгү буюмдарды санитардык тазалоодо аларды колдонуу боюнча нускамаларга ылайык белгиленген тартипте пайдаланууга уруксат берилген жуучу, тазалоочу жана дезинфекциялоочу каражаттары пайдаланат.

262. Эки секциялуу ванналарда ашкана идиш-аяктарын жууганда төмөнкү тартип сакталышы зарыл:

- тамактардын калдыктарын механикалык кетирүү;
- температурасы 45 °С төмөн эмес сууда жуучу каражаттарды кошуп щетка, менен жуу;
- температурасы 65 °С төмөн эмес аккан ысык сууга чайкоо;
- тор текчелерде жана стеллаждарда көмкөрүп кургатуу.

263. Азыктарды тууураган тактайлары жана майда ашкана оокаттары ашкана идиш-аяктары үчүн белүмчөдө (цехте) температурасы 45 °С төмөн болгон ысык сууда жуучу каражаттары кошулуп жуулат, температурасы 65 °С төмөн эмес ысык сууда чайкалат жана үстүнө кайнак суу куюлуп, стеллаждардын үстүнө кырынан коюлуп кургатылат. Азыктарды тууураган тактайлар тазаланып кургатылгандан кийин алар колдонулуучу жерде кырынан коюлуп сакталат.

264. Ашкана идиш-аяктарын адистештирилген машиналарда жуу аларды пайдалануу боюнча нускамаларга ылайык жүргүзүлөт.

265. Ашкана идиш-аяктарын үч секциялуу ванналарда колго жууганда төмөнкү тартип сакталышы зарыл:

- тамактардын калдыктарын механикалык кетирүү;
- ваннанын биринчи секциясында температурасы 45 °С төмөн эмес сууда жуучу каражаттарды кошуп жуу;
- ваннанын экинчи секциясында температурасы 45 °С төмөн сууда жуучу каражаттарды ваннанын биринчи секциясына караганда, эки эсе аз кошуп жуу;
- ваннанын үчүнчү секциясында температурасы 65 °С төмөн эмес ысык сууда кармагычы бар темир торчо жана душу бар жумшак шланг колдонуу менен чайкоо;
- идиш-аякты торлорго, текчелерге, стеллаждарга (кырынан) коюп кургатуу.

266. Чынылар, стакандар, бокалдар биринчи ваннада температурасы 45 °С төмөн эмес сууда жуучу каражаттары кошулуп жуулат; экинчи ваннада (65° С төмөн эмес) ысык сууда кармагычы бар темир торчо жана душу бар жумшак шланг колдонуу менен чайкалат.

267. Ашкана приборлору температурасы 45 °С төмөн эмес сууда жуучу каражаттары кошулуп жуулат, аккан сууга чайкалат жана духовкада 10 мүнөт какталат.

268. Ашкана приборлорун сактоо үчүн кассеталар кун сайын жуучу каражаттары кошулуп жуулат, чайкалат жана духовкада какталат.

269. Таза ашкана идиш-аяктары жана оокаттары полдон 0,5 бийиктикте орнотулган стеллаждарда сакталат; тамак-аш идиштери шкафтарда же торчолордо сакталат; тамак-аш приборлору - атайын куту-кассеталарда кармагычтары өйдө каралып сакталат, аларды подностун үстүндө бош коюп сактоого тыюу салынат.

270. Технологиялык жабдууларды санитардык тазалоо булганганына жараша жана жумуш аяктаганда күн сайын жүргүзүлөт. Өндүрүш столдору жумуш аяктаганда жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттары кошулуп температурасы 45 °С кем эмес ысык сууда жуулат жана кургак, таза материал менен аарчылат. Столдорду тазалоодон пайдаланган жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттары үчүн атайын маркировкаланган идиш бөлүнүп берилет.

271. Идиш-аякты жууган щеткалар пайдалангандан кийин тазаланат, температурасы 45 °С кем эмес жуучу каражаттарды кошуу менен ысык сууга чыланат, дезинфекцияланат (же 15 мүнөт кайнатылат), аккан сууга чайкалып кургатылат жана атайын идиште сакталат. Көк басып же өтө кирдеген щеткалар колдонулбайт.

272. Идиш жуу үчүн мочалкаларды жана губкаларды колдонууга тыюу салынат.

273. Идиш-аякты жана буюмдарды дезинфекциялоо эпидемиологиялык көрсөтмөлөрү боюнча дезинфекциялоо каражаттарын колдонуу боюнча нускамага ылайык жүргүзүлөт.

274. Бир айда бир жолу бардык жайларды, жабдууларды жана буюмдарды генералдык тазалоо жүргүзүлөт жана дезинфекцияланат.

275. Нан сактоо үчүн шкафтарды тазалоодо нандын күкүмү текчелерден атайын щетка менен шыпырылат жана бир жумада 1 жолудан кем эмес 1% уксус кислотасынын аралашмасы менен кылдат сүртүлөт.

276. Тамактын калдыктары капкагы бар атайын идиштерде атайын бөлүнгөн жерде сакталат. Ал идиштер 2/3 өлчөмү толгондо бошотулат, жуучу каражаттар менен тазаланат. Тамактын калдыктарын тамак таратуучу жер же тамак-аш блогунун өндүрүш жайлары аркылуу алып өтүүгө тыюу салынат.

277. Жайлардын ар бир тобун (сырьелук цехтерди; ысык жана суук цехтерди; муздатылбаган кампаларды; муздаткыч камераларды; көмөк көрсөтүүчү жайларды; санитардык түйүндөрдү) тазалоо үчүн атайын маркировкаланган тазалоочу буюмдар бөлүнүп берилет. Даараткреналарды тазалоочу буюмдарда белги берүүчү (кызыл) маркировкасы болуш керек.

278. Сменанын аягында, тазалоо аяктагандан кийин тазалоочу буюмдар жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттар менен жуулат, кургатылат жана таза бойдон сакталат.

279. Тазалоо буюмдарын сактоо үчүн душу жана муздак жана ысык суусу бар раковиналар менен жабдылган өзүнчө жай бөлүнөт. Андай жай болбогон учурда, тазалоо буюмдар өзүнчө бөлүнгөн жерде сакталат. Тазалоо буюмдарын өндүрүш жайларда сактоого тыюу салынат. Даараткреналарды тазалоочу буюмдар башка буюмдардан өзүнчө сакталууга тийиш.

280. Курт-кумурскаларга жана кемирүүчүлөргө каршы иш чаралар дератизациялык жана дезинсекциялык иштерди жүргүзүүгө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-апрелиндеги № 173 «Кыргыз Республикасында дезинфекциялык иштин негизги багыттары жөнүндө» токтому менен аныкталган адистештирилген уюмдар тарабынан өткөрүлүшү зарыл.

281. Чымын-чиркейлер учуп кирбөөсү үчүн ашкананын эшиктерин жана терезелерин торлор менен тосуу зарыл.

282. Дератизациялык жана дезинсекциялык иштерди билим берүү уюмунун персоналы тарабынан жүргүзүүгө тыюу салынат.

283. Жалпы билим берүү уюмдарынын окуучулары тейленип тамак-аш блогу иштеп жатканда оңдоо иштерин (жайларды косметикалык оңдоолорду, санитардык-техникалык жана технологиялык оңдоолорду) жүргүзүүгө тыюу салынат.

284. Персоналды алмаштырып туруу үчүн бир жумушчу үч комплекттен кем эмес атайын санитардык кийим (халат же күрмө, шым, баш кийим, тайгак эмес жеңил бут кийим) менен камсыз болушу керек.

285. Ашкананын жумушчулары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жумушка таза кийим жана бут кийим менен келүүгө;
- сырт кийимин, баш кийимин, жеке буюмдарын тиричилик бөлмөдө калтырууга;
- иш башталаардын алдында, дааратканадан келгенден кийин, ошондой эле иш-аракеттин ар бир түрүнө өтүүнүн алдында колун самын менен кылдат жууга;
- колунун тырмагын кыска кыркууга;
- тамак-аш жасоонун, кулинардык жана кондитердик тамак-аштарды жасоонун алдында зергер буюмдарын, сааттарын жана башка сынуучу буюмдарды чечүүгө, колунун тырмагын кыска кыркууга жана тырмагына сыр койбоого, атайын берилген кийимдерин төөнөгүч менен төөнөөгө;
- атайын таза санитардык кийим кийип иштөөгө, алар булганган учурда которууга; чачтарын калпак же жоолук астына алууга;
- атайын санитардык кийимчен эшикке чыгууга жана дааратканага барууга;
- иш ордунда тамактанбаганга жана чылым чекпөөгө.

286. Гардеробдордо персоналдын жеке кийимдери жана бут кийимдери санитардык кийимден өзүнчө (башка шкафтарда) сакталууга тийиш.

287. Окуучулардын курамына жараша тамактануунун оптималдуу сандык жана сапаттык түзүмү, кепилдеген коопсуздук, азыктардын жана тамак-аштардын физиологиялык технологиялык жана кулинардык иштетилген таза тамак-аш менен камсыз кылуу, тамактануунун физиологиялык жактан негизделген режимин камсыз кылуу үчүн тамактануунун рационун түзүү керек.

288. Окуучулардын тамактануу рациону бир сутканын же башка чектелген убакыттын ичинде балдарды тамактандыруу үчүн багытталган азыктардын тобун түзүүнү алдын ала карайт.

289. Тамактануунун түзүлгөн рационунун негизинде меню иштелип чыгат, ага тамактануунун ар убагында (эртең мененки, түшкү, түштөн кийинки жана кечки тамактануу) тамактануучу тамак-аштардын, кулинардык, ундан жасалган, кондитердик тамактардын жана нан азыктардын тизмегин бөлүштүрүү кирет.

290. Билим берүү уюмдарынын бардык окуучуларын таза тамактануу менен камсыз кылуу үчүн эки жумадан кем эмес (10-14 күн) мезгилге болжолдуу меню түзүү зарыл.

291. Окуучулардын тамактануу менюсун түзүүдө экинчи ирет жылытылбаган, тоңгон азыктар ээритилбеген жаңы даярдалган тамактарга артыкчылык берилет.

292. Күн сайын залга тамак-аштардын өлчөмү жана кулинардык тамактардын аталышы жазылып, билим берүү мекеменин жетекчилиги тарабынан бекитилген меню илинет.

293. Жугуштуу жана массалык жугуштуу эмес (ууулануу) оорулардын пайда болушунун алдын алуу үчүн жана жеңилдетилген тамактануунун принциптерине ылайык 2-тиркемеде көрсөтүлгөн ушул санитардык эрежелердин талаптарына жараша тамак азыктарын колдонууга жана тамак даярдоого тыюу салынат.

294. Ушул санитардык эрежелерге ылайык күнүгө (азык-түлүктөрдүн жарамдыгын аныктоочу, кызматкерлердин респиратордук жана ириң ооруларын каттоо боюнча журналдар) жана башка иш-кагаздарын жүргүзүү зарыл.

295. Билим берүү уюмдарынын коомдук тамактануу уюмдарына тамак-аш продуктуларын жана азык-түлүк сырьелорду кабыл алуу тамак-аш продуктуларынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен бекитилген техникалык регламентке ылайык жүргүзүлөт.

296. Суусундуктар, суулар буфет аркылуу сатылып жатканда көлөмү 500 млден чоң эмес идиште болушу керек. Буфетте суусундуктарды куюп сатууга тыюу салынат.

297. Ысык тамак берүүдө - биринчи жана (же) экинчи тамак болушу керек, алар кулинардык даярдыкка чейин жеткирилип, порцияларга бөлүнөт.

298. Окуучуларга ысык тамак берүү окуу сабактарынын режимине ылайык 20 мүнөттөн кем болбогон танаписте класстар (топтор) боюнча уюштурулат. Жалпы билим берүү уюмдарында (интернат тибиндеги) балдардын сутка бою окуучулардын тамактануусу күн тартибине ылайык уюштурулат. Ар бир класска (топторго) өзүнчө аныкталган түштөнүүчү столдор бекитилет.

299. Окуучуларга ысык тамак берүүдө столдун үстүнө тамактар алдын ала коюлуп даярдалат.

300. Столдун үстүнө тамактарды алдын ала коюп даярдоо (сервировкалоо) 14 жаштан жогору болгон кезметчи балдар аркылуу кезметчи мугалимдин жетекчилигинде жүргүзүлөт.

301. Окуучуларга ашкананын өндүрүш жайларына кирүүгө уруксат этилбейт. Окуучуларды тамак даярдоо, жашылчаларды тазалоо, даяр тамакты ташуу, нан тууроо, идиш жуу, жайларды тазалоо менен байланышкан жумуштарга тартууга тыюу салынат.

302. Чакан комплектүү билим берүү уюмдарында (50 окуучуга чейин) тамактанууну уюштуруу үчүн жайлардын бирин бөлүп берүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

303. Тамак ичүү үчүн дайындалган жайларда эки зона болуусу зарыл: технологиялык, жуу жана муздатуу жабдууларын жайгаштыруу зонасы жана окуучулардын тамактануусу үчүн зона. Жабдуулардын минималдык тобун төмөнкүлөр түзөт: үстүндө аба сордуруу шкафы менен электр плитасы, муздаткыч, электр суу жылыткычы, 2-секциялуу идиш жууй турган жуугуч. Окуучулар тамактануучу жайларда жеке гигиена эрежелерин сактоо үчүн шарттар түзүлүүсү зарыл: канализацияга туташтырылган муздак жана ысык суусу бар кол жуу үчүн раковиналар; самын, электр сүлгүсү же бир жолу пайдалануучу сүлгүлөр.

304. Бардык өндүрүш цехтеринде самын салуу жана жеке же бир жолу пайдалануучу сүлгүлөрдү салуу үчүн жайлар менен жабдылган канализацияга туташтырылган муздак жана ысык суусу бар кол жуу үчүн раковиналар. Өндүрүш ванналарда кол жууга тыюу салынат.

305. Суук тийген же ашказан-ичеги ооруларынын белгилери пайда болгондо, ошондой эле ириңдеген, күйгүзүп, кесип алган учурларда, ошондой эле өзүнүн үй-бүлөсүндөгү бардык ичеги-карын инфекция оорусу жөнүндө жумушчу администрацияга билдирүүсү зарыл жана медициналык жардамга кайрылышы керек.

306. Ичеги-карын инфекциялары, териси ириңдөө оорулары бар, жогорку дем алуу жолдоруна суук тийген оорулары бар, бир жерин күйгүзүп же кесип алган адамдар жумуштан четтетилет. Кайра иштөөгө толук айыгып, медициналык текшерүүдөн өткөндөн жана врачтын корутундусунан кийин гана жол берилет.

307. Ар бир кызматкердин белгиленген үлгүдөгү медициналык китепчесинин болуусу зарыл, ага медициналык жана лабораториялык кароолордун жыйынтыктары, мурда ооруган жугуштуу оорулары жөнүндө маалыматтар жазылат, кесиптик гигиеналык даярдыкты өткөндүгү жөнүндө белги коюлат.

308. Медицина кызматкерлери жалпы билим берүү уюмдарынын тамактануусун

уюштуруу, анын ичинде келген азыктардын сапатын, азыктарды туура кошуусун жана тамактарды даярдоого көзөмөл жүргүзүшү зарыл.

309. Келген азыктардын сапатын контролдоо үчүн бракераж жүргүзүлөт жана сунушталган формага ылайык ушул санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 1-формасына ылайык тамак азыктарын жана азык-түлүк сырьелорду бракераждоо журналына жазылат.

310. Даяр тамактар татымы алынгандан кийин гана берилет. Тамактын сапатын баалоо үч кишиден кем эмес болгон бракераждык комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт: медициналык кызматкери, тамак-аш блогунун кызматкери жана органолептикалык көрсөткүчтөр боюнча билим берүү мекемесинин администрациясынын өкүлү (тамактын татымы тамак бышып жаткан идиштен алынат). Бракераждын жыйынтыктары сунушталган формага ылайык ушул санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 2-формасына «Даяр кулинардык азыктарды бракераж кылуу журналына» катталат. Порцияланган тамактардын салмагы менюда жазылган чыгыштарга дал келиши керек. Тамак даярдоо технологиясы бузулган, ошондой эле даяр эмес учурунда табылган кулинардык кемчиликтерди жойгонго чейин берүүгө тыюу салынат.

311. Күн сайын жумуш башталаардын алдында медициналык жумушчу тарабынанбилимберүүмекемесининкоомдуктамактанууюмунунжумушчуларынын колунда жана денесинин ачык жерлеринде ириңдеген оорунун ошондой эле ангина оорусунун, жогорку дем алуу жолдорунун катаралдык көрүнүштөрүнүн жок болуусун кароо жүргүзүлөт. Кароонун жыйынтыктары иш сменасы башталаардын алдында сунуш кылынган формага ылайык ушул санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 3-формасы «Ден соолук журналына» жазылат.

312. Тамактарды витаминизациялоо медициналык кызматкердин, ал эми ал жок болгондо башка жооптуу адамдын көзөмөлүндө жүргүзүлөт. Витаминизациялоонун датасы, убакыты, порциянын саны, бир суткалык дозанын жана тамактанган балдардын эсебинен чыккан киргизүүчү препараттын саны, ошондой эле жасалма витаминдештирилгентамактарменен келгенвитаминдердинсаны жөнүндөмаалыматтар сунуш кылынган формага ушул санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 4-формасына ылайык «Үчүнчү жана таттуу тамактарды витаминизациялоо журналына» катталат.

313. Технологиялык процессти сактоону көзөмөлдөө максатында даярдалган тамактын ар бир партиясынан бир суткалык татымы алынат. Суткалык татымды алуу тамак-аш блогунун жумушчусу тарабынан жүргүзүлөт. Порциялык тамактар толугу менен алынат; салаттар жана үчүнчү тамактар, гарнирлер - 100 граммдан кем эмес. Татымды казандан стерилдүү (же кайнатылган) кашыктар менен марля салынган стерилдүү (же кайнатылган) бекем жабылуучу айнек же металл капкагы бар айнек идишине салат. Алынган татымдар 48 сааттан кем эмес убакытка (дем алыш жана майрам күндөрүнөн тышкары) муздаткычта же атайын бөлүнгөн жерде +2 - +6 °С температурасында сакталат. Татымдын туура алынгандыгын жана суткалык татымдарды сактоо шарттарын көзөмөлдөө медициналык кызматкери тарабынан жүргүзүлөт.

**«Жалпы билим берүү уюмдарында окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптардын» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине 1-тиркеме**

### 1. Сабактардын расписаниесине болгон гигиеналык сунуштар

1. Заманбап илимий изилдөөлөр мектеп жашындагы балдардын акыл-эсинин иштөө жөндөмдүүлүгүнүн биоритмикалык оптимуму 10-12 саат аралыгына туура келээрин белгилеген. Ошол сааттарда организмдин эң аз психофизиологиялык күч жумшоосу менен материалды өздөштүрүүнүн эң жогорку натыйжалуулугу белгиленген.

2. Ошондуктан билим берүүнүн 1-тепкичинин окуучулары үчүн сабактардын жүгүртмөсүндө негизги сабактар 2-3-сабактарда, ал эми 2 жана 3-тепкичтин окуучулары үчүн - 2, 3, 4-сабактарда өткөрүлүшү керек.

3. Жуманын ичинде окуу сабактарынын кыйла көбүрөөк көлөмү шейшембиге жана (же) шаршембиге бөлүштүрүлөт. Анын деңгээли жуманын ортосунда жогорулайт. Мектеп расписаниеси бул күндөрдө эң оор сабактарды же жуманын калган күндөрүнө караганда орто жана оңой өздөштүрүүчү сабактарды камтууга тийиш. Жаңы материалды баяндоо, контролдук иштер жуманын ортосундагы 2-4-сабактарга коюлушу керек.

4. Үйдө даярданууда көп убакытты талап кылган сабактар бир күнгө топтолбошу керек.

5. Дене тарбия сабактарын акыркы сабактарга коюу сунуш кылынат. Дене тарбия сабактарынан кийин жазуу тапшырмалары жана контролдук иштер өткөрүлбөйт.

6. Башталгыч, орто жана чоң класстардын окуучулары үчүн расписание түзүүдө ушул тиркеменин 2-4-таблицаларына ылайык сабактардын оордук шкаласы колдонулат.

1-таблица

**Бир жумалык билим берүү түйшүгүнүн максималдуу көлөмүнө карата гигиеналык талаптар**

| Класстар | Академиялык сааттардагы жол берилген максималдуу бир жумалык түйшүк | |
|---|---|---|
| | 6 күндүк жумада, андан көп эмес | 5 күндүк жумада, андан көп эмес |
| 1 | - | 21 |
| 2-4 | 26 | 23 |
| 5 | 32 | 29 |
| 6 | 33 | 30 |
| 7 | 35 | 32 |
| 8-9 | 36 | 33 |
| 10-11 | 37 | 34 |

2-таблица

**1-4-класстар үчүн сабактардын татаалдыгынын шкаласы**

| Жалпы билим берүү сабактары | Баллдардын саны (татаалдык рангы) |
|---|---|
| Математика | 8 |
| Кыргыз (орус, чет тил) тили | 7 |
| Жаратылыш таануу, информатика | 6 |
| Кыргыз (орус) адабият | 5 |
| Тарых (4 класс) | 4 |
| Сүрөт жана музыка | 3 |
| Эмгек | 2 |
| Дене тарбия | 1 |

3-таблица

**5-9-класстарда өтүлүүчү сабактардын татаалдык шкаласы**

| Жалпы билим берүү сабактары | Баллдардын саны (татаалдык рангы) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 5-класс | 6-класс | 7-класс | 8-класс | 9-класс |
| Химия | - | - | 13 | 10 | 12 |
| Геометрия | - | - | 12 | 10 | 8 |
| Физика | - | - | 8 | 9 | 13 |
| Алгебра | - | - | 10 | 9 | 7 |
| Экономика | - | - | - | - | 11 |
| Черчение | - | - | - | 5 | 4 |
| Дүйнөлүк көркөм маданияты (ДКМ) | - | - | 8 | 5 | 5 |
| Биология | 10 | 8 | 7 | 7 | 7 |
| Математика | 10 | 13 | - | - | - |
| Чет тил | 9 | 11 | 10 | 8 | 9 |
| Орус тил | 8 | 12 | 11 | 7 | 6 |
| Мекен таануу | 7 | 9 | 5 | 5 | - |
| Жаратылыш таануу | 7 | 8 | - | - | - |
| География | - | 7 | 6 | 6 | 5 |
| Жарандарды таануу | 6 | 9 | 9 | 5 | - |
| Тарых | 5 | 8 | 6 | 8 | 10 |
| Ритмика | 4 | 4 | - | - | - |
| Эмгек | 4 | 3 | 2 | 1 | 4 |
| Адабият | 4 | 6 | 4 | 4 | 7 |
| Сүрөт | 3 | 3 | 1 | 3 | - |
| Дене тарбия | 3 | 4 | 2 | 2 | 2 |
| Экология | 3 | 3 | 3 | 6 | 1 |
| Музыка | 2 | 1 | 1 | 1 | - |
| Информатика | 4 | 10 | 4 | 7 | 7 |
| Жашоонун коомдук коопсуздугу (ЖКК) | 1 | 2 | 3 | 3 | 3 |

4-таблица

**10-11-класстарда өтүлүүчү сабактардын татаалдык шкаласы**

| Жалпы билим берүү сабактары | Баллдардын саны (татаалдык рангы) |
|---|---|
| Физика | 12 |
| Геометрия, химия | 11 |
| Алгебра | 10 |
| Орус тил | 9 |
| Адабият, чет тил | 8 |
| Биология | 7 |
| Информатика, экономика | 6 |
| Тарых, коом таануу, дүйнөлүк көркөм маданияты | 5 |
| Астрономия | 4 |
| География, Экология | 3 |
| Жашоонун коомдук коопсуздугу (ЖКК), мекен таануу | 2 |
| Дене тарбия | 1 |

**«Жалпы билим берүү уюмдарында окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптардын» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине 2-тиркеме**

**Жалпы билим берүү уюмдарынын коомдук тамактануу уюмдарында сатууга тыюу салынган азыктардын жана тамактардын ТИЗМЕСИ**

1. Колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен жана сапаты начар тамак азыктары.
2. Мурда желген тамактардын калдыктары жана күн мурун жасалган тамактар.
3. Бузулуп кеткен мөмө жемиштер, жашылчалар.
4. Ветеринардык контролдон өтпөгөн эт, айыл чарба малынын бардык түрлөрүнүн субпродуктулары, балык, айыл чарба канаттуулары.
5. Боор, тил, жүрөктөн тышкары субпродуктулар.
6. Ичи тазаланбаган канаттуу.
7. Жапайы жаныбарлардын эти.
8. Суу канаттууларынын жумурткасы жана эти.
9. Кабыгы кир жана «агылган», «жарык» кертиктери бар жумурткалар, ошондой эле сальмонеллездер боюнча начар чарбалардан келген жумурткалар.
10. Банкаларынын жабылышы бузулган консервалар, бомбаждык, «хлопушкалар», дат баскан, деформацияланган, этикеткалары жок банкалар.

11. Ар кандай кошулмалары бузган жана кампа зыянкечтери жуккан таруу, ун, как жана башка азыктар.

12. Үйдө (өндүрүштө эмес) жасалган бардык тамак азыктары.

13. Кремдүү кондитердик азыктар (пирожныйлар жана торттор).

14. Зельцтер, кесиндн эттен жасалган тамактар, диафрагмалар, баштын этинен жасалган оромолор, кан жана ливер колбасалары.

15. Пастеризацияланбаган сүттөн жасалган быштак, фляг быштагы, жылуу энергиясы менен иштетилбеген фляг каймагы.

16. Ачыган сүт - «самоквас».

17. Козу карын жана алардан жасалган азыктар (кулинардык азыктар).

18. Квас.

19. Айыл чарба жаныбарларынын оорулары боюнча начар чарбалардан, ошондой эле алгачкы иштетүүдөн жана пастеризациядан өтпөгөн сүт жана сүт азыктары.

20. Чийки ышталган гастрономдук эт азыктары жана колбасалар.

21. Жылуулук иштетүүдөн өтпөгөн эттен, балыктан, канаттуудан жасалган тамактар.

22. Фритюрда куурулган тамак-аштар жана азыктар.

23. Уксус, горчица, хрен, ачуу калемпир (кызыл, кара) жана башка курч (күйдүрүүчү) татымалдар.

24. Кычкыл соустар, кетчуптар, майонездер, закуска консервалары, маринаддалган жашылчалар жана мөмө жемиштер.

25. Накта кофе, сергитүүчү, анын ичинде энергетикалык суусундуктар, алкоголь.

26. Кулинардык майлар, чочконун же койдун майы, маргарин жана башка гидрогенизделген майлар.

27. Абрикостун данеги, арахис.

28. Газдалган суусундуктар.

29. Өсүмдүк майында жасалган сүт азыктары жана бал муздактар.

30. Сагыз.

31. Кымыз жана башка этанолу бар (0,5%дан жогору) кычкыл сүт азыктары.

32. Карамель, анын ичинде набат түрүндөгү.

33. Закускалык консервалар.

34. Үстүнө куюлган тамактары (эт жана балык), студеньдер, сельдден жасалган форшмак.

35. Мөмө жемиштен жасалган муздак суусундуктар жана морстор (жылуу энергиясы менен иштетилбеген).

36. Окрошкалар жана муздак шорполор.

37. Флот ыкмасы боюнча макарондору (эт фаршы менен), тууралган жумуртка менен макарондор.

38. Агы менен сарысы аралаштырылбай куурулган жумуртка.

39. Эти жана быштагы бар паштеттер жана блинчиктер.

40. Бат даярдалуучу кургак тамак концентраттарынан (негизинде) жасалган биринчи жана экинчи тамактар.

**«Жалпы билим берүү уюмдарында окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптардын» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине 3-тиркеме**

## Тамак-аш блогунун эсепке алуу документинин формалары

## 1-форма

### Тамак азыктарын жана азык-түлүк сырьелорду бракераждоо журналы

| Азык-түлүк сырьесунун жана тамак азыктарынын келүүсүнүн датасы жана күнү | Тамак азыктарынын аталышы | Келген азык-түлүк сырьесунун жана тамак азыктарынын саны (килограммдарда, литрлерде, даанааларда) | Тамак азыгынын коопсуздугун далилдеген документтин номери | Келген азык-түлүк сырьесун жана тамак азыктарын органолептикалык баалоонун жыйынтыктары | Азык-түлүк сырьесун жана тамак азыктарын сатуунун акыркы мөөнөтү | Азык-түлүк сырьесун жана тамак азыктарын анык сатылган датасы жана убактысы күндөр боюнча | Жооптуу адамдын колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

Эскертүү.
Продуктуларды эсептен чыгаруу, кайтарып берүү ж.б. фактылар көрсөтүлөт

2-форма
Даяр кулинардык азыктарды бракераж кылуу журналы

| Тамак даярдоо датасы жана сааты | Бракераж алынып салынган убакыт | Тамактын кулинардык азыктардын аталышы | Тамактын жана кулинардык азыктардын органолептикалык баалоосунун жана даярдык даражасынын жыйынтыктары | Тамакты жана кулинардык азыктарды сатууга макулдук | Бракераждык комиссиянын мүчөлөрүнүн колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |

Эскертүү.
Даяр азыктарды сатууга тыюу салынган фактылар

3-форма
Ден соолук журналы

| № | Кызматкердин аты-жөнү* | Кызмат орду | Айы/күнү: апрель | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | ..... | 30 |
| 1 | Толтуруу үлгүсү: | Жардамчы жумушчу | Дс.** | Четте-тилди | о/к | Д. | Өрг. | Өрг. | | Дс.** |
| | | | | | | | | | | |

Эскертүү.
(*) Кароо өткөрүлгөн күндө белгилеген жумушчулардын тизмеси ошол күндө сменадагы жумушчулардын санына дал келиши керек.
(**) Шарттуу белгилер: Дс. - дени сак; Четтетилди - жумуштан четтетилди; Өрг. - Өргүүдө; Д. - дем алыш; о/к - ооругандыгы жөнүндө кагаз.

4-форма
Үчүнчү жана даамдуу тамактарды витаминизациялоону жүргүзүү журналы

| Датасы | Препараттын аталышы | Тамактын аталышы | Тамактануучулардын саны | Киргизилген витаминдик препараттын жалпы саны (г) | Препаратты киргизүү же витаминделген тамакты даярдоо убактысы | Тамакты ичүү убактысы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

## «КАЛКТЫН ЭС АЛУУ ЖАНА ДЕН СООЛУГУН ЧЫҢДОО УЮМДАРЫНА КАРАТА САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК ТАЛАПТАР» САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА ЧЕНЕМДЕРИ

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-июнундагы № 293 токтомунун редакциясына ылайык)*

### 1-глава. Жалпы жоболор жана колдонуу чөйрөсү

1. «Калктын эс алуу жана ден соолугун чыңдоо уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери» (мындан ары - Санитардык эрежелер) санаторийлик-курорттук жана билим берүү уюмдарында тамактанууну жана медициналык камсыздоону жайгаштырууга, иштетүүгө жана уюштурууга, өздүк гигиенанын эрежелерин сактоого санитардык эпидемиологиялык талаптарды белгилейт.

2. Санитардык эрежелер долбоорлонгон, курулуп жаткан, реконструкцияланган жана иштеп жаткан объекттерге карата, алардын баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабай жайылтылат.

3. Мурда курулган объекттер ушул объекттерди куруу долбооруна ылайык эксплуатацияланат.

4. Объекттин иштөөгө даярдыгы бийликтин аткаруу органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары түзгөн комиссия тарабынан аныкталат жана Санитардык эрежелердин 1-тиркемесине ылайык акт менен таризделет.

5. Ушул Санитардык эрежелердин аткарылышын Кыргыз Республикасынын калкынын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган контролдойт.

6. Ушул Санитардык эрежелерди бузгандыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарына ылайык белгиленет.

### 2-глава. Терминдер жана аныктамалар

7. Ушул Санитардык эрежелерде төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

1) бракераж - азык-түлүк продукттарынын, даяр тамак-аштын сапатын баалоо;

2) биодааратканa - канализациясы жок көчмө даараткана, анын ичиндегилери атайын биокошумчалардын таасири менен чирип жок кылынат;

3) конок үйү - номерлеринин саны 25тен көп эмес адамдардын жашап турушуна эсептелген турак жай;

4) дезинфекциялоочу жана дезинсекциялоочу каражаттар - инфекциялык (мите курт) оорулардын козгогучтарын жана курт-кумурскаларды жок кылуу үчүн колдонуучу химиялык заттар;

5) суу булактарын санитардык коргоо зоналары - ичүүчү суу менен камсыздоо булагын, суу түтүк курулмаларын жана ичүүчү сууну булгануудан коргоо максатында, чарбалык жана башка иштин өзгөчө режими орнотулган аймак жана (же) акватория;

6) коргоо зонасы (айлана-чөйрө жаатында) - чарбалык иш-аракеттеринде же жаратылыштын табигый күчүнүн зыяндуу кесепеттерин болтурбоо максатында мыйзам боюнча атайын коргоо режими берилген табигый (жер, суу, жер астындагы байлык) мейкиндиктин бир бөлүгү;

7) рекреациялык зона - айлана-чөйрөнүн эс алуу жана туризм үчүн пайдаланылган мейкиндигинин бөлүгү, анын ичинде жашыл, курорттук, дарылап-сакайтуучу зоналар;

8) санитардык коргоо зоналары - булгоочу заттардын атмосферанын жерге жакын катмарында камтылышынын талап кылынган гигиеналык ченемдерин камсыздоого,

ишканалардын, транспорт коммуникацияларынын, электр берүү линияларынын калкка тийгизген терс таасирин, физикалык таасир этүү факторлорун - ызы-чуунун, жогорку деңгээлдеги вибрациянын, инфрадобуштун, электр магниттик толкундун жана статикалык электрдин таасирин азайтууга арналган аймак;

9) инсоляция - аянтчаны, бөлмөнү, имаратты гигиеналык баалоо үчүн күн радиациясынын ченемделген көрсөткүчү;

10) климаттык зона - климаттык белгилери боюнча (температура, нымдуулук) бөлүнүүчү аймак;

11) курорт - оорулардын алдын алуу жана дарылоо максатында өздөштүрүлгөн жана өзгөчө корголгон жаратылыш аймагы, анын ичинде табигый дарылык ресурстар жана аларды эксплуатациялоо үчүн керектүү имараттар менен курулмалар, инфраструктура объектилери бар;

12) суунун органолептикалык касиеттери - суунун даамы, жыты, түсү, киргилдиги;

13) дарылоочу пляж - табигый же жасалма көлмөлөрдүн жээк участоктору, дарылоо-профилактикалык процедураларда жана медициналык персоналдын көзөмөлү алдында сууга түшүү үчүн жабдууланган жээк;

14) жээк тилкеси - жээк сызыгына ыкташкан суу объектисинин суу коргоо зонасынын аймагынын бир бөлүгү;

15) санаторийлик-курорттук уюмдар - санаторийлер, профилакторийлер, пансионаттар, эс алуу жайлары жана базалары, туристтик базалар, спорттук ден-соолукту чыңдоо лагерлери, балдар лагерлери жана башка дарылоо, ден-соолукту чыңдоо кызматтарын көрсөткөн жана дарылоочу, ден соолукту чыңдоочу жерлерде жайгашкан, жеке менчик жана менчиктин башка түрүндөгү башка уюмдар (мындан ары - объекттер);

16) санитардык үзүлүш - зыяндуу таасир этүү булагынан турак жай курулуштарынын, ландшафттык-рекреациялык зоналардын, эс алуу зонасынын, курорттун чегине чейинки минимумдук аралык;

17) солярий - күн процедураларын кабыл алуу үчүн жабдууланган аянтча, бөлмө;

18) билим берүү уюмдары - бош убактысын жана эс алуусун уюштуруу, ден соолугун бекемдөө, кесиптик багыт алуу жана адамдын интеллектуалдуу өнүгүшү максатында маданий-эстетикалык, илимий-табигый экологиялык-натуралисттик, техникалык, спорттук жана башка багыттагы жалпы билим берүү (жалпы билим берүүчү мектеп, окуу-тарбиялык комплекси, автордук окуу-тарбиялык комплекс, мектеп-лицей, мектеп-гимназия) жана мектептен тышкары билим берүү уюмдары.

## 3-глава. Объекттерди жайгаштырууга талаптар

8. Объекттер шаардык жана айылдык калктуу пункттарды пландоого жана курууга, курорттук комплекстерди өнүктүрүү боюнча башкы пландарга, курорттук-рекреациялык аймактардын объекттерин куруу, көрктөндүрүү, техникалык эксплуатациялоо жана кармоо эрежелерине ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Санитардык-коргоо зоналары жана ишканаларды, курулмаларды жана башка объекттерди санитардык классификациялоо» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдерине ылайык жайгаштырылат.

9. Объекттерди куруу үчүн жер участокторун бөлүп берүү Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

10. Объекттерди санитардык коргоо зоналарынын аймагына, ичүүчү суунун түтүктөрүнүн жана суу камсыздоо булактарынын санитардык коргоо зонасынын

биринчи белине, автомагистралдардан санитардык ажырымдарда, автотранспорт туруучу жайларда, темир жол транспортунун объектилеринде, аба транспортунун учуу жана конуу маршруттарында, мурда таштанды ыргытууга колдонулган жерлерге, мал жандыктарды көмгөн жайларда, ассенизация талааларында, көрүстөндөрдө, ошондой эле химиялык, бактериялык жана кыртыштын башка булганган жерлерине жайгаштырууга тыюу салынат.

11. Объекттин аймагындагы кыртышта/кумда зыяндуу химиялык заттарды камтуу деңгээли Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Жер кыртышындагы химиялык заттардын жол берилген чектүү концентрациялары жана болжолдуу жол берилген саны» гигиеналык ченемдерине ылайык келиши керек. Кыртыштын/кумдун табигый радионуклиддеринин салыштырма натыйжалуу активдүүлүгү 370 Бк/кг (радиоактивдүү булактын активдүүлүгүн 1 кг карата өлчөө бирдиги) ашпоого тийиш.

12. Объекттердин аймагындагы кыртыштарда/кумдарда төмөнкүлөр болушуна жол берилбейт:

- патогендүү бактериялар, энтеровирустар;
- геогельминттердин тукумдары, чымындын личинкасы менен көпөлөктүн курту.

13. Кыртыштын/кумдун эпидемиялык коркунуч даражасы бул Санитардык эрежелердин 1-таблицасына ылайык бааланат.

1-таблица

**Кыртыштын/кумдун эпидемиялык коркунуч даражасын баалоо**

| Кыртыштын/ кумдун булгануу категориясы | БГКП Индекси (ичеги таякчасы тобундагы бактериялар | Энтерококтордун индекси | Патогендүү бактериялар, анын ичинде сальмонеллалар | Геогельминттердин тукумдары, нускасы/кг | Чымындардын личинкалары - Л көпөлөктүн курту - К, нуска, кыртышта 20х20 см аянты менен |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза | 1-10 | 1-10 | 0 | 0 | 0 |
| Орто коркунучтуу | 10-100 | 10-100 | 0 | 10 чейин | Л 10 чейин<br>К - отс. |
| Коркунучтуу | 100-1000 | 100-1000 | 0 | 100 чейин | Л 100 чейин<br>К 10 чейин |
| Өтө коркунучтуу | 1000 жана андан жогору | 1000 жана андан жогору | 0 | > 100 | Л > 100<br>К > 10 |

14. Объекттер шаардан сырткы зонада, токой массивдеринин жана көлмөлөрдүн жанында, ызы-чуу жана атмосфералык абанын булганган жагына шамалдоочу багытында, булгануу булактарына карата көлмөлөрдөн жогору жакта жана санитардык коргоо зоналарын сактоо менен жайгаштырылат.

15. Объекттердин аймактарына шаардын (айылдын) магистралдык инженердик коммуникацияларын: суу менен камсыздоону, канализацияны, жылуулук, электр менен камсыздоону тартууга тыюу салынат.

### 4-глава. Аймактарга, имараттарга жана бөлмөлөргө карата талаптар

16. Объекттердин аймактары 1 кишиге 6 квадраттык метр эсеби боюнча жашылдандырылат, корголот, түнкү убакта жарык берилет (жерде жарык берүүнүн деңгээли 10 люкстан кем эмес). Балдардын ден соолугун чыңдоого арналган объекттер

өзүнчө зоналарда жайгаштырылат жана туурасынан кеминде 100 метр аралыкта бак дарак тилкеси менен чоңдордун ден соолугун чыңдоо объекттеринен бөлүнөт.

17. Аймактын аянтынын 50%да, анын ичинде оюн, дене тарбия аянтчаларында, эс алуу зоналарында инсоляциянын узактыгы күнүнө 2,5 сааттан 3 саатка чейин ченемделет.

18. Бөлмөлөрдө жана объекттердин аймактарында табигый инсоляцияны жана жарык берилишин азайтуу үчүн имараттардын терезелеринен 5 метр аралыкта бадалдар, 15 метр аралыкта тал-теректер отургузулат.

19. Объекттердин аймагы долбоордук документацияга ылайык жайгаштырылат: курчалат, багытына жараша турак жай, дене тарбия-ден соолукту чыңдоо, эки жактан кире турган жолу менен (негизги жана чарбалык) административдик, чарбалык зоналарына бөлүнөт. Автотранспорттор үчүн токтотмо жайлар каралат.

20. Турак жайлардын зонасында уктоочу корпустар, тамактануу, дарылоо, маданий-массалык жана административдик тиричилик бөлмөлөрү жайгаштырылат. Тейлөөчү персоналдын турак жай имараттары негизги курулмалардын участогунан өзүнчө жайгаштырылат.

21. Дене тарбия жана ден-соолукту чыңдоо зонасында дене тарбия жана ден-соолукту чыңдоо аянтчалары, дене тарбия-спорттук курулмалар, оюн аянтчалары каралат.

22. Объекттердин дене тарбия аянтчалары уктоочу бөлмөлөрдөн кеминде 50 метр аралыкта жайгаштырылат.

23. Объекттердин административдик-чарбалык зонасында административдик корпустар, тиричилик калдыктарын жана таштандыларды чогултуу үчүн контейнерге аянтчалар жайгаштырылат.

24. Тамак-аш жана катуу тиричилик калдыктарын чогултуу үчүн контейнерлер имараттардан, эс алуу жайларынан, оюн жана дене тарбия аянтчаларынан кеминде 25 метр аралыкта суу өткөрбөөчү катуу тыштуу аянттарда жайгаштырылат.

25. Контейнерлердин аянтчалары үч тарабынан колдонуудагы контейнерлердин бийиктигинен ашкан шамал өткөрбөөчү тосмолор менен жабдылат. Аянттарынын көлөмү контейнерлердин аянтынын ар бир жагынан 1,0 метрге кенен болот.

26. Объекттердин имараттары суу, канализация, жылуулук, вентиляция, жарык менен камсыздалат.

27. Объекттердин аймагында жана бөлмөлөрдүн ичинде ызы-чуунун уруксат берилген деңгээли Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Жумушчу орунда, турак үйлөрдүн, коомдук имараттардын жайларында жана турак жай курулушунун аймагындагы ызы-чуу» санитардык эрежелери жана ченемдери менен бекитилген талаптарга ылайык ченемделет.

28. Жайы-кышы иштөөчү имараттарга кире турган жерлер тамбур жана аба-жылуулук далдалары менен жабдууланат.

29. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жылып жүрүүдө имараттардын кире беришинде жана ичинде алардын жүрүүсүн камсыздоо үчүн атайын түзүлүштөр каралат (коляскаларга пандустар, ар кандай деңгээлдеги кармоочтор, лифттер же көтөргүчтөр, атайын жабдууланган санитардык тиричилик бөлмөлөрү, бөлмөлөрдө кире бериштери жана коридорлору кенен, лифттер менен түртүүчү керебеттер жана башка ыктамалар). Көзү көрбөгөн жана чала көргөндөр үчүн үстүндөгү жана астындагы тепкичтер, кармоочтордун биринчи жана акыркы участкалары бұдырлуу жана контрасттуу сырлар менен белгиленет.

30. Бөлмөлөрдүн топтому жана аянттары объекттердин багытын эске алуу менен кабыл алынат.

31. Объекттердин имараттарынын жана бөлмөлөрүнүн архитектуралык пландоо жана конструктивдүү чечимдери, жасалгалары жана жабдылышы, алардын багытына ылайык аткарылат.

«Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден-соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, тамеки чегүүгө толук тыюу салынган жерлерде тамеки чегүүгө тыюу салуу белгилери жана тамеки чегүү үчүн атайын бөлмөлөр тууралуу маалыматтар жайгаштырылат.

32. Багыттарына жараша объекттерде төмөнкүлөр каралат:

- турак жай бөлмөлөрү;
- коомдук тамактануу бөлмөлөрү (ашкана, кафе, ресторан);
- медициналык багыттагы бөлмөлөр;
- административдик бөлмөлөр;
- кабыл алуу бөлмөлөрү;
- маданий-массалык иш-чаралар үчүн зал;
- китепкана;
- интернет-кафе;
- спорт залы;
- бассейн;
- бий залы же аянтчасы;
- клубдар, кинотеатрлар;
- конференция өткөрүү үчүн залдар;
- тиричилик тейлөө объекттери;
- коммуналдык-чарба объекттери жана башкалар.

33. Медициналык багыттагы бөлмөлөрдүн топтому Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Дарылоо-алдын алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык эрежелери жана ченемдери менен бекитилген талаптарга ылайык каралат.

34. Медициналык багыттагы бөлмөлөрдүн курамы жана жабдуулары төмөнкүлөр үчүн шарттарды камсыздайт:

- кабыл алуу жана медициналык жардам көрсөтүү;
- объекттин багытына ылайык диагностикалык жана дарылоо-реабилитациялык кызматтарын көрсөтөт;
- бейтаптарды обочолотуу (медициналык изолятор).

35. Изолятордо айыгып бараткан балдар үчүн өзүнчө кирүү түзүлүшү жана оорулуу балдарды эвакуациялоого атайын кирүүчү жолу менен оюн жана сейилдөө үчүн атайын зоналар бөлүнөт.

36. Объекттерде карала турган бассейндер, кир жуучу жайлар, мончолор, сауналар, мейманканалар Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Аквапарктарды жана бассейндерди, мончолорду, ден соолукту чыңдоочу мончо комплекстерин жана сауналарды, кир жуугуч жайларды жана мончо-кир жуугуч комбинаттарды, химиялык тазалоо жайларын, мейманканаларды, жатаканаларды, көрүстөндөрдү жана сөөк коюу объекттерин жайгаштырууга, жабдууга, иштетүүгө жана алардын түзүлүшүнө карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдерине ылайык эксплуатацияланат.

37. Турак бөлмөлөрү, окуу жана ийрим бөлмөлөрү, тамактануу залдары жер алдындагы кабатта жана бөлмөлөрдө жайгаштырууга тыюу салынат.

38. Имараттардын жер алдындагы кабатында, аларда терезе, аба менен камсыздоо жана желдетүү системасы болгон учурда спорт, бий жана салтанаттар залы, кийим чечүүчү жайлар, административдик бөлмөлөр, кир жуугуч жайлар,

кампалар, ашкананын өндүрүштүк бөлмөлөрү, машина орнотмолору менен муздаткыч камералары жайгаштырылат.

39. Объекттердин жер алдындагы бөлмөлөрүндө ок атуу үчүн тир, кампа жана көмөкчү бөлмөлөр, вентиляциялык камералар, көтөргүч-лифттер жана башка көмөкчү кызматтар жайгаштырылат.

40. Рентген кабинеттери жана ызы-чуу-вибрациялык жабдууларды уктоочу бөлмөлөрдүн жана дарылоо-диагностикалык бөлмөлөрдүн алдында, үстүндө, аралаш жайгаштырууга тыюу салынат.

41. Дезинсекциялоо жана дератизациялоо иш-чаралары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-апрелиндеги № 173 токтому менен бекитилген Дезинфекцияны, дезинсекцияны жана дератизацияны уюштуруу жана жүргүзүү боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлөт.

Дезинсекциялоо жана дератизациялоо боюнча профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү датасы, колдонуучу каражаттардын аталышы жана саны администрация тарабынан эсепке алуу документациясында катталат.

42. Бөлмөлөрдү функциялык багытта эмес пайдаланууга тыюу салынат.

## 5-глава. Объекттердин канализациясына жана суу менен камсыздалышына карата талаптар

43. Объекттердин имараттары суу жана канализация системалары менен камсыздалат. Ички суу түтүгү тартылбаган имаратта объекттерди жайгаштырууга жол берилбейт. Объектте эпидемиялык жана радиациялык жактан коопсуз, «Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө» Техникалык регламенти» жана «Ичүүчү суу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын талаптарына ылайык химиялык курамы боюнча зыянсыз ичүүчү суу пайдаланылат.

44. Аш блогунун өндүрүштүк бөлмөлөрү, кир жуучу бөлмөлөр, мончолор, чайкануу, жуунуу бөлмөлөрү, өздүк гигиена кабиналары, медициналык багыттагы бөлмөлөр ысык суу менен камсыздалат.

45. Аш блогунун өндүрүштүк бөлмөлөрүн, кир жуучу бөлмөлөрдү, мончолорду, чайкануу, жуунуу бөлмөлөрүн, өздүк гигиена кабиналарын, медициналык багыттагы бөлмөлөрдү жылуу суу менен борборлоштуруп камсыздоо болбогондо, акма типтеги резервдүү суу жылыткычтары коюлат.

46. Турак корпустарында, ашкана, медициналык, дене-тарбия ден соолукту чыңдоо, маданий массалык багыттагы, кызмат-тиричиликтик бөлмөлөрдө, кир жуучу, чайкануучу жайларда, өзүнчө турган дааратканаларда жана жуунуучу жайларда чарбалык тиричилик канализация түзүлүшү каралат.

47. Объекттердин аймагында короодогу канализациялык дааратканалар жана короодогу чуңкурдуу дааратканаларды, стационардуу биодааратканаларды орнотууга уруксат берилет.

48. Короодогу канализациялык дааратканалар биодааратканалар турак зоналарынан жана ашканалардан кеминде 25 метр аралыкта, сууга түшүү жайларынан кеминде 50 метр аралыкта 35 кишиге 1 даараткана оруну эсептелип орнотулат.

49. Объекттерде борборлошкон канализация системасы болбогондо, чуңкур типтеги суу өткөрбөй турган короодогу чуңкур дааратканалар жээк тилкесинен кеминде 100 метр аралыкта орнотулат. Чатыры, чуңкурунун 3/2 бөлүгү толгон жана тосмолору жок короодогу дааратканаларды орнотууга жана колдонууга тыюу салынат.

50. Дааратканалардын чуңкурларын кир-коктон тазалап чыгаруу атайын (ассенизация жолу менен) транспорт менен айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана Кыргыз Республикасынын калкынын

санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги тармагындагы ыйгарым укуктуу органы менен макулдашуу боюнча атайын бөлүнгөн жерлерге жүргүзүлөт.

51. Чарбалык-тиричилик агынды сууларын тазалоо жана зыянсыздандыруу жалпы шаардык же башка канализациялык тазалоо курулмаларында жүргүзүлөт. Локалдык тазалоо курулмалары өндүрүүчүнүн техникалык документацияларына ылайык жабдылат.

52. Кургак учукка каршы санаторийлердеги агынды сууларды канализацияга агызуунун алдында, алар дезинфекциялануута тийиш.

53. Объекттердеги чарбалык ичүүчү, ысык суу менен камсыздоо жана канализация системалары оң абалда кармалышы керек.

## 6-глава. Объекттердеги бөлмөлөрдү жылытууга, желдетүүгө, алардын микроклиматына жана абасына карата талаптар

54. Объекттердин имараттары жылуулук менен жабдуу, желдетүү, кондиционерлөө системалары менен камсыздалат.

55. Бөлмөлөрдөгү микроклимат (температура, салыштырмалуу нымдуулук, аба кыймылынын ылдамдыгы) ушул Санитардык эрежелердин 2-таблицасында көрсөтүлгөн параметрлерге ылайык ченемделет:

2-таблица

Объекттердин бөлмөлөрүндө микроклиматтын ченемделген параметрлери

| № | Бөлмөлөр | Абанын темпера-турасы (+°C) | Абанын салыш-тырма нымдуу-лугу (%,) | Абанын кыймыл ылдамдыгы м/сек. |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Вестибюль, гардероб | 16-18 | 40-60 | 0,1-0,2 |
| 2 | Рекреациялар, окуу бөлмөлөрү, салтанаттар залы, ашкана, турак жайлар, ашкана, оюн бөлмөлөрү | 18-24 | 40-60 | 0,1-0,2 |
| 3 | Дарыгердин кабинети, процедуралык жай | 20-22 | 40-60 | 0,1-0,2 |
| 4 | Дарылоочу дене тарбия жана дене тарбия сабактарын өтүү залдары | 18-20 | 40-60 | 0,1-0,2 |
| 5 | Чайкануу бөлмөсү | 25 | 70-95 | 0,1-0,2 |
| 6 | Изолятор | 20-22 | 40-60 | 0,1-0,2 |
| 7 | Массаж бөлмөсү | 22 | 40-60 | 0,1-0,2 |
| 8 | Чечинүүчү жай | 25 | 40-60 | |
| 9 | Бассейн залдары | 25-26 | 60-70 | 0,1-0,2 |

56. Объекттерде дезинфекциялоочу жана жуучу эритмелерге туруктуу болгон, жылмакай тыштуу, ысытуучу жылыткыч приборлору колдонулат. Жылыткыч приборлоруна күнүмдүк тазалоо жана иштетүү үчүн эркин жетүү камсыз кылынат.

57. Балдардын бөлмөлөрүндө инфракызыл нурдануусу менен көтөрүп жүрүүчү жылыткыч приборлору жана жылыткычтар колдонулбайт.

## 7-глава. Бөлмөлөргө жарык берүүнүн жана инсоляциянын талаптары

58. Объекттердин бөлмөлөрүнө ар кандай функциялык (медициналык, билим берүү) багыттагы бөлмөлөр үчүн коюлган гигиеналык талаптарга ылайык табигый жана жасалма жарык берилиши керек.

59. Ар түрдүү сабактар формасында окутуунун жана тарбиялоонун уюшулган процесси жүргөн объекттерде терезеден жумушчу бетине сол тараптуу жарык түшкөнү камсыздалат.

60. Таяныч-кыймылдаткыч аппараты бузулган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн кабыл алуунун жана кароонун медициналык багыттагы бөлмөлөрүндө, турак жай жана окуу бөлмөлөрүндө комбинацияланган жарык берүү системасы каралат (дубалга жана потолокко тагылуучу чырактар).

61. Уктоо корпустарында кезектик (түнкү) жарык берүү каралат.

62. Капталдан табигый жарык берилгенде табигый жарык берилишинин коэффициенти төмөндөгүдөн кем эмес ченемделет:

2% - сүрөт тартуу сабактары өтүүчү бөлмөлөрдө;

1,5% - окуу бөлмөлөрүндө жана процедуралык кабинеттерде (медициналык багыттагы бөлмөлөрдүн тобу);

1,0% - дарыгердин кабинетинде;

0,5% - турак жайларда.

63. Объекттердин окуу кабинеттериндеги жана турак бөлмөлөрүндөгү терезелер жөнгө салынуучу күндөн коргогон түзүлүштөр же ачык түстөгү натуралдык материалдардан жасалган пардалар менен жабдылат.

64. Сабактар үчүн кабинеттерде ушул Санитардык эрежелердин 3-таблицасындагы жарык берүүнүн гигиеналык параметрлерине ылайык бөлмөлөрдү жетиштүү жана тегиз түрдө жарык берүүнү камсыздаган люминесценттүү жана чыңалуу чырактары колдонулат.

3-таблица

Бөлмөлөргө жасалма жарык берүүнүн ченемделген параметрлери

| № | Бөлмөлөрдүн аталышы | Жарык берилиши (лк) | | Жарык берүү ченеми коюлган ар нерсенин үстү |
|---|---|---|---|---|
| | | Люминесценттүү лампалардын | Кызытма лампаларынын | |
| 1 | Оюн бөлмөлөрү жана сабактар үчүн бөлмөлөр | 300 | 150 | Столдун иштей турган бетинде |
| 2 | Уктоочу, турак бөлмөлөр | 75 | 30 | Полдон 0,5 м жогору |
| 3 | Дене тарбия залы | 200 | 100 | Пол |
| 4 | Рекреациялар | 150 | 75 | Пол |

65. Сабактар үчүн кабинеттерде жабык болгон кызытма лампалары менен же шыпка багытталган жарым-жартылай ачык шамчырактар, жабык же кырлары бар люминесценттүү лампалар колдонулат.

66. Турак бөлмөлөрү жана сабактар үчүн кабинеттер, оюн жайлары жана рекреациялар узактыгы күнүнө 2,5-3 сааттан тынымсыз инсоляция менен камсыздалат.

**8-глава. Бөлмөлөрдүн ички жасалгасына карата талаптар**

67. Бөлмөлөрдүн ички жасалгасы үчүн объекттерде зыяндуу заттарды бөлүп чыгарбаган курулуш материалдары пайдаланылат.

68. Өндүрүш жана кампа бөлмөлөрүнүн, ашканалардын, кир жуучу, үтүктөөчү жайлардын, санитардык тиричилик бөлмөлөрдүн (чайкануу жайлары, дааратканалар, жуунуучу жайлар, гигиена бөлмөлөрү) дубалдарынын, шыптарынын, полдорунун үстү жылмакай болуп, нымга, дезинфекциялоо жана жуучу каражаттарына туруктуу материалдар менен жасалат. Жуунуучу раковиналардын үстүндө жылтырак керамика плиткаларынан полдон 1,6 м кем эмес бийиктикте экран орнотулат.

69. Медициналык багыттагы бөлмөлөрдө дарылоо профилактикалык уюмдарга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык жасалгалар колдонулат.

70. Ашканалардын өндүрүш жана чайкануу бөлмөлөрүнүн полдору траптардын тешиктерине кыйшаюусу менен куюлуучу траптар менен жабдылат.

71. Аш блогундагы, санитардык түйүндөрдүн, чайкануу жайларынын полдору керамикалык жана мозаикалуу плиткалар менен жасалат.

**9-глава. Бөлмөлөрдү жана аймактарды санитардык күтүү**

72. Объекттердин аймактары күн сайын жыйналып турат. Жылдын жылуу мезгилинде аймак сугарылат, кышкы мезгилде муздан жана кардан тазаланып турат. Таштандылар таштанды чогулткучка чогултулат жана алардын 2/3 бөлүгү толгондо катуу тиричилик калдыктардын полигонуна чыгарылат. Бошотулгандан кийин контейнерлер (таштанды чогулткучтар) тазаланат жана дезинфекциялоочу каражаттар менен иштелет.

73. Объекттин аймагында жалбырактарды жана тиричилик таштандыларын өрттөөгө тыюу салынат.

74. Бөлмөлөрдү күн сайын жыйноо жуучу, тазалоочу, дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуп, бөлмөлөрдү желдетүү менен жүргүзүлөт. Жалпы тазалоо ден соолукту чыңдоо сезонунун алдында жана ден соолукту чыңдоо кезегинин аягында жүргүзүлөт. Терезенин айнектери булганган учурларда тазаланып турат.

75. Бөлмөлөрдү жыйноо үчүн өзүнчө бөлмөлөргө бекитилген маркаланган инвентарь (чаралар, шыпыргылар, щеткалар, тряпкалар жана башкалар) бөлүнөт. Жыйноо аяктагандан кийин инвентарь жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттар менен иштелет, кургатылат жана атайын бөлүнгөн жерлерде сакталат. Дааратканаларды жыйноо үчүн дааратканада сакталуучу сигналдык (кызыл, кызгылт сары) түстөгү жыйноочу инвентарь колдонулат.

76. Тамактануу залдарын жыйноо ар бир тамактануудан кийин жүргүзүлөт. Тамактануу столдору жуучу каражаттарды колдонуп ысык суу менен жуулат.

77. Раковиналар жана унитаздар документ менен ырасталган сапаттуу жана коопсуз щеткалар, жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттар менен күн сайын жуулат.

78. Медициналык багыттагы буюмдарды, жабдууларды иштетүү, дарылоо-профилактикалык уюмдардын калдыктарын чогултуу, сактоо жана жок кылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Дарылоо-алдын алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдерине ылайык жүргүзүлөт.

79. Сүлгү жана төшөнчү кирдеген учурда алмаштырылат, бирок жети күндө бир жолудан кем эмес жана тургундар чыгып кеткенден кийин. Колдонулган төшөнчүнү чогултуу жана жуучу жайга чейин ташып баруу атайын маркаланган тарада жана каптарда жүргүзүлөт. Төшөнчү кир жуучу жайда жуулат. Кирди үйдөн жууганга болбойт.

80. Мончодо 7 күндө бир жолу, чайкануу жайларында күн сайын жуунууга болот. Жуунуу үчүн жеке бут кийим, сүлгү, самын жана жышынгыч колдонулат.

**10-глава. Сууга түшүү зоналарына жана пляждарга карата талаптар**

81. Санаторийлик-курорттук уюмдардын пляждары жана аларга туташ жээктин тилкеси (суунун деңгээлине чейин 100 метрге чейин) курортту санитардык коргоонун биринчи зонасына кирет, ал жерде пляжды эксплуатациялоого байланышпаган объекттерди курууга тыюу салынат.

82. Жээктеги пляждык зонанын аймагында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- адамдардын жашоосуна;
- кампа бөлмөлөрүн, соода түйүндөрүн, коомдук тамактануу жайларын, сауна жана мончолорду жайгаштырууга;
- сууда буукана тургузууга;
- кир жуу, жаныбарларды серүүндөтүүгө жана сууга түшүрүүгө;
- канализациянын түтүктөрүнүн чыгышына;
- сууга түшүү бассейндеринин сууларын агызууга.

83. Сууга түшүү үчүн бөлүнгөн акваториянын участогу белгиленүүгө тийиш. Акваториянын максимумдук тереңдиги: чоңдор үчүн - 3-4 метр, балдары менен ата-энелер үчүн - 2,0-2,5 метр, балдар үчүн - 1,5 метр. Сууга түшүү зонасында жээк тилкесинен калкытмакка чейинки аралыгы: чоңдор үчүн - 75 метрден, балдары менен ата-энелер үчүн - 40 метрден, балдар үчүн - 30 метрден көп ашпоого тийиш.

84. Дарылоо пляждарынын аймагында үч климаттык терапиялык зоналар бөлүнөт: жылчыксыз көлөкө зонасы (20%га жакын), туш-тушка чачыраган күн радиациясынын зонасы (40%га жакын) жана активдүү күн радиациясынын зонасы (40%га жакын). Пляждын аймагында дарылоочу дене тарбия үчүн аянтчалар бөлүнөт.

85. Пляжды тейлөө зонасы дарылоо зонасынын уландысы болуп саналат. Анын курамына пляждын коопсуз иштешин камсыз кылуучу кызматтар каралууга тийиш: медициналык пункт, радио түйүн, куткаруу пункту, жумушчулар үчүн бөлмө, тузсуз суусу менен чайкануу жайы (75 адамга 1 кабина), ичүүчү суу башаттары (10 адамга 1), бут жууган жер (50 адамга 1), жумушчулар үчүн дааратканалар, бейтаптар үчүн ажатканалар (50 адамга бир унитаз).

86. Сууга түшүү мезгилинин башталышында жана убагында сууга түшүү зонасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-мартындагы № 128 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жер үстүндөгү сууларын коргоо эрежесине ылайык сууну лаборатордопк изилдөө иштери жүргүзүлөт.

### 11-глава. Сууга түшүү жана күндө болуу режимдери

87. Сууга түшүү күн сайын эртең менен саат 11-12 чейин жүргүзүлөт. Ысык күндөрү түштөн кийин саат 16дан өткөндө сууга кайра түшүүгө уруксат берилет. Сууга түшүү күнөстүү, шамалсыз күндөрү, температура плюс 18-22° төмөн эмес, ал эми суунун температурасы плюс 20° төмөн болбогондо 2-5 минутадан кийин 10-15 минутага чейин узартылат.

88. Тамактануудан кийин жана күчтү алган оор машыгуудан кийин сууга түшүүгө уруксат берилбейт. Балдарды сууга сүзүүгө үйрөтүү ачык көлмөдө, сууга түшүү үчүн атайын бөлүнгөн жерде, чоң кишилердин көзөмөлү алдында өткөрүлөт.

89. Плюс 24° жогору эмес температурада күнгө тотугууга болот. Күндүн ваннасын алуу эртең менен же кечки убакта абанын температурасы плюс 18-25° болгондо, тамак ичкенден бир саат же бир жарым сааттан кийин же атайын аянтчаларда (солярийлерде) алууга болот. Тотугуу сеансынын узактыгы 7 минутадан башталып, күнүгө көбөйтүп жатып, 20 минутага чейин узартса болот. Оптималдуу күн нурун алуу үчүн убакыт - саат 10дон 12ге чейин.

### 12-глава. Коомдук жана дарылоо-профилактикалык тамактанууну уюштурууга карата талаптар

90. Объекттерде коомдук тамактанууну уюштуруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Коомдук тамактануу объекттерине санитардык эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдерине ылайык камсыздалат.

91. Дарылык тамактануу санаторийлик-курорттук уюмдун багытын жана стандарттуу диеталардын тизмегин эске алуу менен уюштурулат.

92. Технолог, ашкананын башчысы, өндүрүштүн жетекчиси менен бирге диетолог иштеп чыккан жана объекттин жетекчиси бекиткен эки жумалык рациондун негизинде дарылык тамактануу түзүлөт.

93. Санаторийлерде эки жумалык рациондор курагын, сунушталган тамактардын көлөмүн, тамакты канча жолу ичүү керектигин жана жыл мезгилин (жайкы-күзгү жана кышкы-жазгы) эске алуу менен калктын ар кандай топтору үчүн энергиянын жана азык заттарын физиологиялык керектөөнүн сунушталган чоңдугунун негизинде иштелип чыгат.

94. Балдар үчүн продуктулардын топтому бир күндө бир балага эсебин чыгаруу менен ушул Санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 1-таблицасына ылайык белгиленет.

95. Балдар үчүн порциянын салмагы (грамм менен) жаш курагына жараша (жыл менен) ушул Санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 2-таблицасына ылайык кабыл алынат.

96. Өспүрүм жана жаш балдар үчүн майларды, углеводдорду, белокторду керектөө ченемдери жана калориялуулугу ушул Санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 3-таблицасына ылайык аныкталат. Тамактануунун суткалык рационунун калориялары төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт: эртең мененки тамактануу - 25%, түштөнүү - 35%, түштөн кийинки тамактануу - 15%, кечки тамактануу - 20%, 5-тамак - 5%.

97. Балдардын санаторийлеринде тамак-аш продуктуларынын ченемдери (күнүгө бир балага грамм менен) ушул Санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 4-таблицасына ылайык кабыл алынат.

98. Кургак учукка каршы санаторийлерде өспүрүмдөр жана балдар үчүн энергияны, майларды, белокторду, углеводдорду керектөө чоңдугу (күнүнө/гр) ушул Санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 5-таблицасына ылайык кабыл алынат.

99. Гиповитаминоздорду профилактикалоо жана балдардын ден соолугун натыйжалуу чыңдоо максатында муздатылган суусундуктар (компот) аскорбин кислотасы менен жасалма витаминдештирилет, минералдык заттар менен витаминдештирилген жана байытылган тамак-аш продуктулары колдонулат.

100. Балдар үчүн витаминдерди керектөөнүн (күнүгө) чоңдугу ушул Санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 6-таблицасына ылайык аныкталат.

101. Үчүнчү тамактарды С витаминдештирүү диетолог же башка жооптуу адам тарабынан күн сайын жүргүзүлөт. Витаминдүү суусундуктар таратуунун алдында даярдалат. Витаминдештирүү боюнча журналда витаминдештирилген тамак, витаминдештирүү убактысы жана колдонулган С витаминдин саны ушул Санитардык эрежелердин 4-тиркемесинин 1-таблицасына ылайык көрсөтүлөт.

102. Витаминдүү жана микроэлементтүү жетишсиздикти профилактикалоо боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар тууралуу объекттин администрациясы тарабынан балдардын ата-энелери маалымдалат. Тамакты витаминдештирүүнү поливитаминдүү препараттар (таблетка, драже, пастилка жана башка түрлөрү) менен алмаштырууга тыюу салынат.

103. Санаторийлерде балдар 5 жолу тамактанат, эртең мененки же кечки кошумча экинчи тамагы берилет, тамактануунун аралыгы 3,5 сааттан ашпайт. Тамактануунун аралыгында менюга кычкыл сүт азыктары кошулат.

104. Тамак аш блогуна келүүчү азыктардын, даяр тамактардын сапаты, суткалык пробаны алуу, сакталышы, продуктуларды сактоо шарттары, сатуу мөөнөтүн жана персоналдын, ашкана боюнча кезектеги кызматкердин өздүк гигиена эрежелерин аткаруу медициналык кызматкер тарабынан контролдонот.

105. Даяр тамактардын сапатын баалоо органолептикалык көрсөткүчтөр боюнча даяр тамактын сапатын контролдоо боюнча (бракераждык) журналга тиешелүү

жазууну калтыруу менен бракераж комиссиясынын мүчөлөрү (өндүрүштүн башчысы, тамактануу боюнча жооптуу кызматкер, диетолог-медайым же дарыгер-диетолог) тарабынан жүргүзүлөт. Чийки продукцияны баалоо ушул Санитардык эрежелердин 4-тиркемесинин 2 жана 3-таблицаларына ылайык «Тамак-аш продуктуларынын жана азык-түлүк чийки заттарынын бракераж журналында» белгиленет.

106. Тамактанууга ар бир даяр тамактын партиясын бракераждоодон кийин уруксат берилет.

107. Тамак-аш блогунда ушул Санитардык эрежелердин 9-тиркемесине ылайык күн сайын технологиялык процесстердин сакталышын текшерүү максатында суткалык проба алынат.

108. Өтө тез бузула турган продуктуларды сатуу жана сактоо мөөнөтү ушул Санитардык эрежелердин 3-тиркемесинин 7-таблицасына ылайык аныкталат.

109. Инфекциялык оорулардын келип чыгышын жана таркалуусун, массалык ууланууну болтурбоо максатында ушул Санитардык эрежелердин 8-тиркемесинде көрсөтүлгөн даяр тамактарды жана продуктуларды колдонууга уруксат берилбейт.

110. Башка адамдын багып кароосун талап кылбаган пациенттер үчүн 60 адамды батыра турган түштөнүү залдары бир орунга 1,5 кв. метр эсебинде орнотулат. Түштөнүү залында 25 балага 1 жуунгуч, санитардык түйүн 40 балага 1 унитаз эсебинде каралат.

111. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жана медициналык изоляторлдогу балдардын тамактануусу турак жай секцияларында, бөлүмдөрдө, турак жай бөлмөлөрүндө (тамактануу бөлмөлөрүндө) уюштурулат.

112. Кургак учукка каршы санаторийлерде мектепке чейинки курактагы балдардын тамактануусун уюштуруу үчүн 1 балага 2 кв. метрден кем эмес эсептелген, 3 көздүү жуунуучу ванналары, идиштерди кургатуу текчелер жана аларды сактоочу шкафтар менен жабдылган буфети менен ашкана - оюн жайлары каралат.

113. Даяр тамакты ташуу үчүн (турак жай секцияларына, бөлүмдөргө, медициналык изоляторлорго) термостор, термос арабалары же туюк жабылуучу капкактары менен идиштер колдонулат.

### 13-глава. Балдардын санаторийлериндеги күн режимин уюштуруу

114. Балдардын санаторийлериндеги күн режими балдардын жаш курагын, жылдын мезгилин жана оорунун түрүн эске алуу менен ушул Санитардык эрежелердин 5-тиркемесине ылайык түзүлөт.

115. Санаторийде жүргөн мезгилде балдар үчүн режимдин үч түрү ырааттуу уюштурулат: аёо, сергитүүчү (аяп-машыктыруучу) жана жалпы (машыктыруучу).

116. Аёо режими балдарга биринчи күндөрдө каралат (кыймыл активдүүлүгүн чектөө, аёо методикасы боюнча климаттык дарылоо, тынч оюндар, окуу жүктөмүн чектөө, инфекция очокторун санациялоо, оорунун диагнозун тактоо үчүн керектүү текшерүүлөрдү жүргүзүү).

117. Сергитүүчү (аяп-машыктыруучу) режими адаптациялоо мезгилинен кийин дарылоонун жана ден соолукту чыңдоонун интенсивдүүлүгүн акырындап жогорулатууну карайт.

118. Жалпы (машыктыруучу) режим организмдин реактивдүүлүгүнүн калыбына келишине жараша дайындалат.

119. Күн режими балдардын курактык топтору үчүн иштелип чыгат: 3 жаштан 6 жашка чейин, 7 жаштан 10 жашка чейин жана 11 жаштан 17 жашка чейин.

120. 3 жаштан 6 жашка чейинки балдар үчүн күн режими Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен

бекитилген «Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерин жана ченемдерин эске алуу менен иштелип чыгат.

121. Балдар үчүн сабактар жана дарылоо-реабилитациялык процедуралардын негизги комплекси күндүн биринчи жарымында өткөрүлөт. Калган дарылоо-реабилитациялык процедуралар күндүзгү уйкудан кийин жүргүзүлөт.

122. Башталгыч класстагы окуучулар үчүн теле берүүлөрдү көрүүнүн узактыгы күнүнө 1,5 сааттан, орто жана жогорку класстагы окуучулар үчүн күнүнө 2,5 сааттан ашпайт.

123. Санаторийлик-курорттук уюмда дене тарбия - ден соолукту чыңдоо иштеринин уюштурулган түрлөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- таңкы гимнастиканы;
- ден соолук жана дене тарбия сабактарын;
- ден соолукту чыңдоону (аба, суу, күн ванналары);
- сейилдөөнү, экскурсияларды жана жөө жүрүштөрдү;
- дене тарбия менен ийримдерде, секцияларда көнүгүүнү, сууда сүзүүгө үйрөнүүнү.

124. Балдардын санаторийлеринде аларды физикалык жактан тарбиялоо жана ден соолугун чыңдоо балдардын жаш курагына, ден соолугуна, физикалык өсүү деңгээлине, физикалык даярдыгына жана ден соолугунун чыңалуусуна жараша жүргүзүлөт.

125. Дене тарбиялык көнүгүүлөрдү жасоо үчүн санаторийлик-курорттук уюмдардын медициналык кызматкерлери тарабынан балдарды төмөнкү топторго бөлүштүрөт: негизги, даярдоо, атайын жана дарылоо.

126. Медициналык жактан каршы көрсөтүүлөрү жок балдар бардык дене тарбия, ден соолукту чыңдоо иш-чараларына чектөөсүз катышат.

127. Дарылоо тобунун балдары үчүн дене тарбия көнүгүүлөрү балдар менен жекече тартипте же чакан топтор менен дарылоочу дене тарбия залдарында өткөрүлөт.

14-глава. Санаторийлик-курорттук объекттерде медициналык камсыздоону уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар

128. Санаторийлик-курорттук объекттердеги медициналык камсыздоо төмөнкүдөй иш-чараларды камтыйт:

1) жайлардын, аймактардын, сууга түшүүчү жана спорт менен көнүгүүчү жерлердин даярдыгын текшерүү;

2) объекттерди комиссиялык кабыл алууга катышуу;

3) медициналык бөлмөнү жана изоляторду керектүү дары каражаттары жана медициналык багыттагы буюмдар менен камсыздоо;

4) балдардын ден соолугун чыңдоо уюмунун ар бир кызматкеринин медициналык документтерин текшерүү;

5) балдарды кабыл алууда медициналык кароо жүргүзүү;

6) балдардын ден соолугунун абалына такай байкоо жүргүзүү;

7) дене тарбия менен көнүгүү үчүн балдарды медициналык топторго бөлүштүрүү, балдардын ден соолугунун абалы жана сунушталган спорттук көнүгүүлөрдүн режими тууралуу дене тарбия жана спорт боюнча инструкторлорду маалымдоо;

8) күндөлүк амбулатордук кабыл алуу, ооруп калган балдарга медициналык жардам көрсөтүү;

9) кырсык болгон учурларда биринчи медициналык жардамды көрсөтүү, жакынкы стационарга жеткирүү;

10) жугуштуу оору чыккан учурлар тууралуу шашылыш маалыматты берүү менен санитардык-эпидемияга каршы иш-чараларды уюштуруу;

11) балдардын тамактануусун уюштурууну контролдоо;

12) бардык бөлмөлөрдү жана аймактарды, суу менен камсыздоо булактарынын санитардык абалын жана кармалышын контролдоо;

13) балдардын жана персоналдын өздүк гигиенаны сактоосун контролдоо, санитардык агартуу иштерин жүргүзүү.

15-глава. Суу жана баткак менен дарылоо жайларына санитардык-эпидемиологиялык талаптар

129. Суу жана баткак менен дарылоо жайлары суу жана баткак менен дарылоо жайларын куруу үчүн долбоордук документтерге ылайык өзүнчө же улай курулган имараттарга жайгаштырылат.

130. Суу-баткак менен дарылоо залдары абаны жиберүүчү-чыгаруучу вентиляция, жылытуу жана саатына 3-5 жолку аба алмаштыруу менен жабдылат. Абанын температурасы плюс 23төн плюс 25 °С чейин камсыздалат, салыштырмалуу нымдуулук 65-70% ашпайт.

131. Суу менен дарылоо залдарында (бөлмөлөрүндө) дубалдар глазурь плитка, полдору метлахплитка менен капталат. Нымдуу режимдеги бөлмөлөрдүн шыптары сууга туруктуу сырлар менен сырдалат же нымга туруктуу материалдар менен жасалат.

132. Суу менен дарылоо жайларында ванналар жалпы залда же аянты 6 квадрат метр болгон, оорулуулардын чечиниши жана кийиниши үчүн аянты 2 квадрат метр болгон туташ бөлмөлөрү бар өзүнчө кабиналарда жайгаштырылат.

133. Күкүрт-суутектүү ванналар менен дарылоо өзүнчө жайда же суу менен дарылоочу жайдын туюк бөлүгүндө, башка дарылоочу-процедуралык бөлмөлөрдөн изоляцияланган жайларда жүргүзүлөт жана төмөнкүлөрдөн турат:

- залда ваннанын аянты 8 квадрат метр, залдын минималдуу аянты (бир ванна болгондо) 12 квадрат метр;
- эритиндилерди даярдоо үчүн лабораториялар, желдетүүчү шкафы менен - 10 квадрат метр;
- эритиндилерди сактоо үчүн бөлмөлөр - 8 квадрат метр;
- оорулуулардын чечиниши жана кийиниши үчүн бөлмөлөр - 1 орунга 2 квадрат метрден, ал ванна залы менен шлюз аркылуу байланышта болот.

134. Иштөөчү бөлмөлөрдүн абасындагы күкүрт-суутектин эң жогорку концентрациясы - 10 мг/куб. метрден ашык эмес.

135. Күкүрт-суутектүү жана радондуу дарылоо жайларынын желдетүү жана канализация системалары суу менен дарылоочу жайдын башка бөлмөлөрүнүн канализациясынан жана желдетүү системасынан изоляцияланат.

136. Радондуу дарылоочу жай аянты 8 кв. метр болгон ванна кабиналарынан, аянты 2 квадрат метр болгон чечинүүчү эки бөлмөдөн, радондун концентратын сактоо үчүн бөлмөдөн, персонал жана оорулуулар үчүн эс алуучу бөлмөлөрдөн, медайымдын бөлмөсүнөн/постунан турат.

137. Минералдык сууларды жана баткактарды колдонуучу процедуралар өзүнчө бөлмөлөрдө жүргүзүлөт.

138. Фито-барлар продукцияны сактоого, идиштерди жууганга, тазалоого жана сактоого шарттары, сапаты жана коопсуздугу тууралуу документтери болгон учурда уюштурулат.

139. Фито-бардын идиштери муздак жана ысык суу өткөрүлгөн 2 секциялуу жуугучта жуулат жана тазаланат.

140. Адам менен контактта болуучу жана чечилүүчү шаймандарды (желим түтүктөрдү, уч кийгизгичтер, үчилтик жана башкалар) жууш, кайнатуу, дезинфекциялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Дарылоо-алдын алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине ылайык жүргүзүлөт.

141. Ашказанды жууп-тазалоо процедурасы тиштин бүйлөсүн чайкоо менен, ичегинин душу ичегиге минералдык суу менен дары баткактын аралашмасын жиберип ичегини сифон менен тазалоо процедурасы менен бир бөлмөдө жасалышына, ошондой эле «суу астындагы душ - массаж» процедурасын радон сууда жасоого болбойт.

4,5 Радондун концентрациясы 4,5 Бк/л (1 литрге Беккерель), 120 нКи/л (1 литрге нанокюри) жана андан ашык болгон ванналар, айкаштырылган көмүр кычкыл-азот, кычкылтек-радон ванналар капталындагы соргучтар менен жабдылат. Жаңы курулган радон дарылагычтарда баардык ванналар капталындагы соргучтар менен жабдылат.

142. Концентрациясы 4,5 кБк/л аз радондуу ванналарды бир нөөмөттө процедуралардын саны 30дан ашпаган шартта, жалпы суу менен дарылоо жайларында башка процедуралар аяктагандан кийин уюштурууга уруксат берилет.

143. Топтук ванналар табигый радон сууда, түбү тектирлүү, агып туруучу атайын бассейндерде - писциналарда, ар бир оорулууга 1000 литр көлөмдөгү суу менен, 8-20 пациентке эсептелип жасалат.

144. Радондук дарылоо процедуралары үчүн радондун концентратын жасалма түрдө даярдоо радон менен дарылоо жайынын бөлүгү болгон радон лабораториялары үчүн нускамага ылайык жүргүзүлөт.

145. Радон менен дарылоочу жайларда жана радон лабораторияларында өндүрүштүк контроль Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Санитардык эрежелердин сакталышына жана санитардык-эпидемияга каршы (алдын алуучу) иш-чаралардын аткарылышына өндүрүштүк контролдоону уюштуруу жана жүргүзүү» санитардык эрежелерине ылайык ишке ашырылат.

146. Баткак менен дарылоо долбоордук документтерге ылайык 1 кушеткага 8 квадрат метр аянт, бирок процедуралык залда 1 кушетка болгон учурда 12 квадрат метрден кем эмес аянт эсебинде жабдылган ылай менен дарылоочу жайларда ишке ашырылат.

147. Дарылоо максаттары үчүн баткак табигый баткак булактардан алынган жана процедуралар үчүн ушул Санитардык эрежелердин 6-тиркемесинде айтылган көрсөткүчтөргө ылайык даярдалган ылай пайдаланылат (мындан ары - дарылык баткак).

148. Дарылык баткак ылай булактарынан ташылып келгенден кийин регенерацияланат (калыбына келтирилет).

149. Калыбына келтирилген баткак регенерациялык бассейндерде, тийиштүү микроклиматтык шарттарда 3-4 айдан көп эмес сакталат.

150. Баткак процедура бөлмөсүнө жанаша турган атайын жайдагы электр проводдуу жылыткычта (баткак жылыткычта) же жылдырып жеткирүүчү түзүлүштөрдө жылытылат. Баткак процедура бөлмөсүнө механикалаштырылган ыкма менен берилет.

151. Баткак менен дарылоо жайларында залда 1 кушеткага 2 квадрат метр аянты менен тейлөөчү персонал үчүн душ, кийим үчүн жеке шкафы бар бөлмө берилет.

Суу канализацияга тундургучу бар трап аркылуу кетет.

152. Дарылык баткакты сактоо үчүн бөлмө (баткак сактоочу жай) табигый жарык кирүүчү, абанын температурасы плюс 10 °С - 15 °С, 1 кушеткага 12 кв. метр аянты менен жасалат.

Баткак сактоочу жай плюс 2 °С температураны жана абанын саатына 10 жолу алмашуусун камсыздаган желдеткич менен жабдылат.

153. Баткак сактоочу жайлар бассейнден баткакты алуу жана аны пайдалануучу жерге жеткирүү үчүн механикалык түзүлүштөр менен жабдылат.

154. Вагинанын жана ректалдын ичин баткак менен дарылоо үчүн мурда пайдаланылбаган жаңы баткак колдонулат.

155. Ичтеги процедураларга колдонгондон кийинки баткак көп жылдар бою узак регенерация үчүн табигый чөйрөгө ташталат.

156. Баткактын негизиндеги каражаттар (баткак маскалары) даярдоочунун упаковкасында сакталат жана этикеткадагы же упаковкадагы маалыматтарга ылайык колдонулат.

## 16-глава. Ар кандай профилдеги санаторийлик-курорттук уюмдардын санитардык эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрү

### 1 §. Санаторийлердин жана курорттордун санитардык-эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрү

157. Санаторийлер жана курорттор жыл бою иштешет. Санаторийлерде жана курорттордо болгондо жаратылыштын дарылык ресурстарын пайдалануу менен ден соолукту чыңдоочу иш-чаралар, таза абада эс алуу, өз убагында тамактануу, өз убагында дарылоо, күндүзгү жана түнкү уйку караштырылган.

158. Санаторийлерде жана курорттордо болуу узактыгы дарылоо-реабилитациялоо кызматтарынын (процедураларынын), социалдык-психологиялык реабилитациянын керектүү көлөмүн эске алуу менен аныкталат жана 21 күндөн кем болбойт.

Пациенттер санаторийлик-курорттук картасын же ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык маалымкатын көрсөтүү менен кабыл алынат.

159. Жайгашууларды н ортосундагы тыным жалпы жыйноо жана бөлмөлөрдү санитардык тазалоо үчүн 48 сааттан кем эмес убакытка белгиленет.

160. Оорулардын профилине жараша санаторийлер жана курорттор кургак учукка каршы, буту-колдун, ашказан-ичеги системасынын оорулары жана башка оорулар боюнча бөлүнөт.

161. Пациенттердин жаш курагына ылайык санаторийлер жана курорттор чоңдор үчүн, балдар үчүн жана ата-энелердин балдары менен чогуу жүрүүсү үчүн болуп бөлүнөт.

162. Санаторийлерде жана курорттордо жатып калган жана жакшы кыймылдай албаган пациенттер, анын ичинде балдар үчүн 10% чейин орундар каралат.

163. Санаторийлердин жана курорттордун аймактарында турак жай, дене тарбия-ден соолукту чыңдоо, коммуналдык-чарбалык зоналар болот.

164. Турак жай зоналары жашоо жана уктоочу бөлмөлөрдөн, чоңдор жана балдар үчүн өзүнчө тамактануу залдарынан, медициналык тейлөө бөлмөлөрүнөн, маданий массалык иш-чаралар үчүн бөлмөлөрдөн турат.

165. Санаторийлердин жана курорттордун бөлмөлөрүнүн аянттары, курамы ушул Санитардык эрежелердин 4-таблицасына ылайык аныкталат.

4-таблица

**Санаторийлердин жана курорттордун аянттары, курамы**

| № | Бөлмөлөрдүн аталыштары | Бир чоң кишиге, бир балага аянттар - кв. метрден кем эмес |
|---|---|---|
| 1 | Турак бөлмөлөр, жалпы профилдеги санаторийлерде:<br>- энеси менен 7 жашка чейинки балдар үчүн;<br>- чоңдор жана 7 жаштан улуу балдар үчүн | <br>9,5<br>7,0 |
| 2 | Турак бөлмөлөр, кургак учук профилиндеги санаторийлерде:<br>- энеси менен 7 жашка чейинки балдар үчүн;<br>- чоңдор жана 7 жаштан улуу балдар үчүн | <br>12,0<br>7,5 |
| 3 | Мектеп жашына чейинки балдар үчүн оюн-ашкана (3-7 жаш) | бир балага 2,5 |
| 4 | Мектепке чейинки кенже курактагы балдар үчүн ойноочу бөлмө (6/7 -10 жаш) | бир балага 2,0 |
| 5 | Мектеп курагындагы балдар үчүн эс алуу жана сайрандоо бөлмөсү (6/7 - 17/18 жаш) | бир балага 2,0 |
| 6 | Кургатуучу шкафтары бар гардероб | бир орунга 0,6 |
| 7 | Кийим тазалоо жана үтүктөө бөлмөсү | бир орунга 0,1 |
| 8 | Буюмдарды сактоо үчүн бөлмө | бир орунга 0,2 |
| 9 | Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн буфет | 3,0 кем эмес |
| 10 | Тамактануу залы:<br>- өзүн-өзү тейлөөдө (таратуу тилкесин кошкондо);<br>- официанттар тейлегенде | <br>бир орунга 1,8<br>бир орунга 1,4 |
| 11 | Балдарды тейлөөдө тамактануу залы (бир нөөмөттө) | бир орунга 1,0 |
| 12 | Медициналык пункт:<br>дарыгердин бөлмөсү<br>процедура жайы<br>изолятор (изоляторго кирүүчү эшик өзүнчө, сыртта) | <br>12,0<br>12,0<br>тамбур - 4,0;<br>тамак жылытуучу бөлмө - 6,0;<br>палата -1 койкага 7,0;<br>санитардык түйүн - 4,0 |
| 13 | Жыйноочу шаймандарды сактоо жана тазалоо, дезинфикциялоочу эритиндилерди даярдоо үчүн бөлмө | 4,0 |
| 14 | Турак бөлмөдө санитардык түйүн жок болсо | 1 душ, 1 унитаз, ар бир 20 кишиге 1 кран |

166. Бардык турак секцияларда санитардык-тиричиликтик бөлмөлөрдүн курамында төмөнкүлөр болот: жуунгучу жана төккүч менен жабдылган кийимди тазалоо жана үтүктөө бөлмөсү жана санитардык бөлмө, ал эми жатып калган балдар болуучу санаторийлерде - суднолорду тазалоочу түзүлүштөр орнотулат.

167. Балдарга арналган санаторийлерде жана курорттордо турак зоналары өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: турак имараттары, билим берүү процессин, тамактанууну, медициналык тейлөөнү, маданий массалык иш-чараларды уюштуруу үчүн жайлар.

168. Ата-энелери менен балдар үчүн санаторийлерде жана курорттордо, ушул Санитардык эрежелердин 4-таблицасында көрсөтүлгөн бөлмөлөрдөн тышкары, жуунгучу жана ваннасы, муздаткычы жана электр кайнаткычы бар буфет каралат.

169. Балдарга билим берүү боюнча иш-чаралар жаш курак боюнча караштырылат.

170. Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн билим берүү иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине ылайык уюштурулат.

171. Мектеп курагындагы балдар үчүн билим берүү иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине ылайык уюштурулат.

172. Мектеп жашына чейинки курактагы балдар үчүн ойноочу бөлмөлөр тамактануу үчүн да пайдаланылат (мындан ары - оюн-ашкана).

173. Мектеп жашына чейинки курактагы балдар үчүн оюн ашканалары мектепке чейинки уюмдардын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык жабдылат.

174. Жаңы курулуп жана реконструкцияланып жаткан санаторийлердин жана курорттордун имараттарында тамактануу залында балдарды бир убакта 100% отургузуу, ар бир уктоочу жайда дааратканалар жана душ кабиналары каралат.

175. Таяныч-кыймыл аппараты бузулган майып балдар үчүн керебеттин жанындагы айланма үстөлдөр, кармагычтар жана башка керектүү ыңгайлуулуктар менен жабдылат.

176. Дене тарбия-ден соолукту чыңдоо зоналарында дене тарбия, ден соолукту чыңдоо аянтчалары, дене тарбия-спорт курулмалары, оюн аянттары каралат.

177. Изолятор үчүн өзүнчө кирүүчү жерди жана оорулууларды эвакуациялоо үчүн атайын жолду жасоо менен айыгып жаткан балдардын оюну жана сейилдөөсү үчүн атайын зона бөлүнөт.

178. Кум салгычтардагы кум зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес (жазгы убакта) алмаштырылып турат. Түнкүсүн кум салгычтар капкак же полимер пленкалар, тент же башка калкалоочу нерселер менен жабдылат.

179. Кум салгычка кум андагы табигый радионуклиддер, оор металлдардын (коргошун, кадмий) туздары тууралуу коштоочу документтери менен алынып келет.

180. Пайдаланылуучу кум микробиологиялык (мителик, бактериологиялык), санитардык-химиялык, радиологиялык көрсөткүчтөрү боюнча гигиеналык ченемдерге ылайык келиши керек.

### § 2. Эс алуу үйлөрүнүн жана пансионаттардын санитардык-эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрү

181. Эс алуу үйлөрүндө жана пансионаттарда жашоо, убагында туура тамактануу, таза абада эс алуу жана табигый дары ресурстарын пайдалануу караштырылат.

182. Иштөө мезгилдери боюнча объекттер жыл бою иштөөчү жана мезгилдүү иштөөчү болуп бөлүнөт.

183. Орундардын саны, бөлмөлөрдүн курамы жана көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси эс алуу үйлөрүн же пансионаттарды долбоорлоодо аныкталат.

184. Эс алуу үйлөрүнүн жана пансионаттардын бөлмөлөрүнүн аянттары ушул Санитардык эрежелердин 5-таблицасында келтирилген.

5-таблица

**Эс алуу үйлөрү жана пансионаттар**

| № | Бөлмөлөрдүн аталышы | Бөлмөлөрдүн аянттары квадрат метрде |
|---|---|---|
| 1 | Турак бөлмө:<br>1 орунга<br>2 орунга | <br>9<br>ар бир орунга 6 |
| 2 | Персоналдын бөлмөсү, жууркан-төшөк жана чарба шаймандары үчүн дубалга орнотулган шкафы менен | 12 ар биринде 100-120 орун |
| 3 | Медициналык пункт:<br>дарыгердин бөлмөсү;<br>процедура жайы;<br>изолятор (изолятордун эшиги өзүнчө, сыртынан) | <br>12<br>12<br>тамбур - 4;<br>тамак жылытуу бөлмөсү - 6;<br>палата - 1 койкага 7;<br>санитардык түйүн - 3 |
| 4 | Кийим тазалоо жана үтүктөө бөлмөсү | 6 |
| 5 | Гардероб | 1 орунга 0,6 |
| 6 | Жалпы санитардык түйүндөр | ар бир 20 кишиге 1 унитаз;<br>20 кишиге 1 душ |

**§ 3. Конок үйлөрүнүн санитардык-эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрү**

185. Конок үйлөрүнө келүү анда кыска мөөнөттүү болууну, таза абада эс алууну жана жаратылыш дары ресурстарын колдонууну, эс алуучулардын тамактануусун жана сайрандоосун уюштуруу боюнча кошумча кызматтарды карайт.

186. Конок үйдүн аймагы көрктөндүрүлөт, жашылдандырылат, сутканын түнкү убагында жарыктандырылат, катуу тыштуу жөө жүрүүчү жолдор жасалат, күн сайын тазаланып турат.

187. Аймакта эс алуу үчүн отургучтар, селкинчектер жана үймөк кум менен жабдылган жайлар болот.

188. Конок үйлөрүндө төмөнкүлөр каралган:

- автотранспорт коюлуучу жай;
- тиричилик калдыктарын чогултуу үчүн орун;
- ажаткана;
- байланыш (телефон, мобилдүү телефон, рация);
- электр жарыгы өчүп калган учурда авариялык жарык бергич же башка үзгүлтүксүз электр тогун берүү булактары (чырактар, шамдар, аккумуляторлор, дизель генератор);
- сутка бою ысык жана муздак суу менен камсыздоо (суу үзгүлтүктүү берилүүчү райондордо бир суткага жетүүчү жана жылытуу мүмкүндүгү бар суунун запасы);
- мончо жана душ пайдалануу мүмкүндүгү;
- турак бөлмөлөрдө жана/же жалпы пайдалануучу бөлмөлөрдө (холлдор, эс алуу бөлмөлөрү) телекөрсөтүүнүн болушу;
- кийимди жууп жана кургатуучу жайлар (кир жуучу кызмат жок учурда);
- кухня же ашкана-кухня, же ашкана бурч (тамактануу ишканалары жок болсо);
- медициналык аптечканын болуусу.

189. Конок үйлөрдө турак бөлмөлөрдүн изоляцияланышы каралат.

Бир жашоочуга турак бөлмөдөгү аянт 5 квадрат метрден кем болбойт.

190. Турак бөлмөлөр жууркан-төшөгү бар керебеттер (матрац, матрастын жабуусу, жууркан-төшөктүн комплектиси, 1 кишиге 2 сүлгү менен), тумбочка, отургуч (бөлмөдө жашоочулардын санына жараша), шкаф (кийим илгичтери менен), керебет жанындагы килемче, күзгү, пардалар, чиркейден тосуучу тор, фумигатор, идиш-аяктын минималдуу тобу менен жабдылат.

191. Конок үйлөрүндө тамак берүү же тамак-аш жасоо кызматтары көрсөтүлөт. Тамак жасоо үчүн аянты 6 кв. метрден кем болбогон бөлмөлөр электр/газ плиталары, ысык жана муздак суусу бар жуугучтар, муздаткыч, ашкана шаймандары (мискей, казан, чайнек, чыны, тарелка жана башкалар) менен жабдылат.

192. Бөлмөлөр күн сайын жуугуч жана дезинфекциялоочу каражаттар менен тазаланат. Жууркан-төшөктөр эс алуучулар жаңы келген сайын алмаштырылат.

17-глава. Каникул убагында балдар күндүз келүүчү билим берүүчү уюмдарга санитардык-эпидемиялык талаптар

193. Каникул убагында балдардын ден-соолугун чыңдоо иштеп жаткан билим берүүчү уюмдардын базасында уюштурулат.

194. Жалпы билим берүүчү уюмдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине ылайык чарбалык-ичүүчү суу, жылытуу, канализация, табигый жана жасалма жарык берүү системалары менен жабдылат.

195. Балдардын ден-соолугун чыңдоо каникул убагында уюштурулат.

Балдардын ден-соолугун чыңдоо топтору 1-4 класстардын окуучулары үчүн 25 кишиден көп эмес жана окуучулардын калган топтору үчүн 30 кишиден көп эмес болгон отряддарга бөлүнөт.

196. Билим берүүчү уюмдун жетекчиси ден соолукту чыңдоо мезгилинин башталаарына чейин 2 ай мурун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана Кыргыз Республикасынын калкынын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги тармагындагы ыйгарым укуктуу органга ден соолукту чыңдоо өнөктүгүн ачуунун пландалып жаткан мөөнөтү, иш режими, ден соолукту чыңдоо нөөмөттөрүнүн саны жана ден соолугун чыңдоочу балдардын саны тууралуу иш башталаарга чейин 30 күндөн кечиктирбей алдын ала маалымдайт жана ушул Санитардык эрежелердин 2-тиркемесине ылайык документтерди берет.

197. Балдардын билим берүүчү уюмда болуусунун нөөмөттөрүнүн узактыгы каникулдун узактыгына жараша аныкталат.

198. Билим берүүчү уюм санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген, каникулдун (жазгы, жайкы, күзгү, кышкы) бардык мезгилинде анын ушул Санитардык эрежелерге ылайыктыгын тастыктаган документтери болсо ачылат.

199. Билим берүүчү уюмдун иши балдардын келүү режимине жараша уюштурулат:

- саат 8.30дан 14.30га чейин, эки жолку тамактанууну уюштуруу менен (эртең мененки жана түшкү тамактануу);
- саат 8.30дан 18.00 чейин, 10 жашка чейинки балдар үчүн күндүзгү уктоону жана үч жолку тамактанууну уюштуруу менен (эртең мененки, түшкү, дигердеги тамактануу).

200. Күндүн режиминде балдардын таза абада максималдуу болуусун, ден соолукту чыңдоочу, спорттук, маданий иш-чараларды өткөрүү, экскурсияларды, жүрүштөрдү, оюндарды уюштуруу, эки жана үч жолку тамактануу жана ушул Санитардык эрежелердин 6-таблицасына ылайык күндүзгү уктоо каралат.

6-таблица

**Каникул убагында балдар күндүз келүүчү билим берүүчү уюмдардагы күн режими**

| № | Күн режиминин элементтери | Балдардын болуусу | |
|---|---|---|---|
| | | **Саат 8.30дан 14.30га чейин** | **Саат 8.30дан 18.00гө чейин** |
| 1 | Балдарды чогултуу, зарядка | 8.30-9.00 | 8.30-9.00 |
| 2 | Эртең мененки тизилүү | 9.00-9.15 | 9.00-9.15 |
| 3 | Эртең мененки тамактануу | 9.15-10.00 | 9.15-10.00 |
| 4 | Отряддардын планы боюнча иштөө, коомдук пайдалуу эмгек, ийримдердин жана секциялардын иштери | 10.00-12.00 | 10.00-12.00 |
| 5 | Ден соолукту чыңдоо процедуралары | 12.00-13.00 | 12.00-13.00 |
| 6 | Түштөнүү | 13.00-14.00 | 13.00-14.00 |
| 7 | Бош убакыт | 14.00-14.30 | 14.00-14.30 |
| 8 | Үйгө кетүү | 14.30 | |
| 9 | Күндүзгү уктоо | | 14.30-15.30 |
| 10 | Түштөн кийинки тамактануу | | 16.00-16.30 |
| 11 | Отряддардын планы боюнча иштөө, ийримдердин жана секциялардын иштери | | 16.30-18.00 |
| 12 | Үйгө кетүү | | 18.00 |

201. Ийримдеги иш активдүү эс алууну жана спорттук иш-чараларды кезектештирүү менен кыймыл активдүүлүгүн чектөөнү карайт.

202. Ийримдердеги жана спорт секцияларындагы сабактар 7 жашка чейинки балдар үчүн 35 мүнөттөн ашпаган жана 7 жаштан улуу балдар үчүн 45 мүнөттөн ашпаган убакытка белгиленет. Ийримдердин айрым түрлөрү үчүн сабактардын узактыгы 1,5 саатка чейин болот (туристтик, жаш натуралисттер, өлкө таануу ж.б.).

203. Ийримдерде, секцияларда, клубдарда сабактарды уюштурууда топтор 15-20дан көп эмес баладан түзүлөт (хор, бий, оркестр жана башка сабактардан башкалары).

204. Дене тарбия боюнча иш-чаралар балдардын жашына, ден соолугунун абалына, дене-боюнун өсүү деңгээлине ылайык, дарыгердин корутундусун эске алуу менен уюштурулат.

205. Спорттук-ден соолукту чыңдоо иш-чараларын жалпы билим берүүчү уюмдардын стадионунун жана спорт залынын, башка объекттердин билим берүү уюмдары үчүн бөлүнгөн спорттук курулмаларынын базасында өткөрүүгө уруксат берилет.

206. Денени чыңдоо процедураларын (суу, аба жана күн ванналары) өткөрүүнү медициналык кызматкер контролдойт. Денени чыңдоо такай, чыңдоочу факторлорду бара-бара көбөйтүү менен жүргүзүлөт.

207. Билим берүүчү уюмдун аймагында эс алуу зонасы жана (же) дене тарбия-спорт зонасы жок болсо, дене тарбия боюнча ден соолукту чыңдоочу программаларды аткаруу үчүн маданий жана эс алуучу парктарды, жашыл массивдерди, спорт курулмаларын, анын ичинде жакын жайгашкан сууда сүзүүчү бассейндерди жана көлмөлөрдү пайдаланууга уруксат берилет.

208. Кене энцефалит оорусун алдын алуу максатында, эпидемиологиялык жактан начар райондордо балдардын келүүсү пландаштырылган жайларда (парктарда, токой-парк зоналарында жана башка жашыл массивдерде) кенеге каршы дарылоо жүргүзүлөт.

209. Билим берүүчү уюмдар үчүн бөлмө-жайлар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: оюн-ашкана бөлмөлөрү, ийримдердин сабактары үчүн бөлмөлөр, уктоочу бөлмөлөр, медициналык багыттагы бөлмөлөр, спорттук зал, тамак-аш блогу/таркатуучу-буфет, сырткы кийим үчүн чечинүүчү жай, спорт, оюн жана ийрим шаймандарын коюучу жай, санитардык бөлмө, санитардык жана жуунуучу жайлар, дезинфекциялоочу эритмелерди даярдоочу жай.

210. Уктоочу бөлмөлөр (1 кишиге 3 метр$^2$, бирок 1 бөлмөдө 15 кишиден көп эмес) стационар керебеттер (жаймалар) жана керебеттин жанындагы отургучтар (керебеттердин санына жараша) менен жабдылат.

211. Ар бир уктоочу орун жууркан-төшөктүн комплектиси (матрац, матрас жапкыч, жаздык, жууркан) жана (жаздык кап, үстүңкү шейшеп, 2 сүлгү) менен камсыздалат. Шейшептер кирдегенине жараша, бирок 7 күндө 1 жолудан кем эмес алмаштырылат.

212. Билим берүүчү уюмдарда балдардын тамактануу жана ичүү режими сырье менен иштеген ашканалардын, иштеп жаткан уюмдардын даярдыкка жеткирип бышыруучу ашканаларынын же буфетинин-таркатуучу жайынын, ошондой эле жакын жерде жайгашкан коомдук тамактануу объекттеринин базасында, тамак-аштын сапатын жана коопсуздугун кепилдеген документтери болгон шартта уюштурулат. Тамак-аштын сапатын жана коопсуздугун тастыктаган документтер продукцияны пайдаланып бүткөнгө чейин сакталат.

213. Балдар үчүн ичүү режими төмөнкү формаларда уюштурулат: суу ичүүчү майда туруктуу фонтандар; Бөтөлкөгө куюлган ичүүчү суу жана кайнатылган ичүүчү суу. Кайнатылган суу үч сааттан ашпастан сакталат.

214. Бөтөлкөгө куюлган суу анын чыгарылган жерин, сапатын жана коопсуздугун тастыктаган документтери менен берилет.

215. Идиштеги ичүүчү сууну өлчөмү менен куюучу түзүлүштөрдү колдонгондо идишин зарылдыгына жараша, бирок жумасына 1 жолудан кем эмес алмаштырып туруу каралат.

216. Тамактануу рационунда балдардын азык заттарга физиологиялык керектөөлөрүнүн жана сунушталган азыктардын тобунун негизинде, ушул Санитардык эрежелердин 7-тиркемесинин 1 жана 2-таблицаларына ылайык балдардын жаш курагына жараша продуктулардын тобун алуу караштырылат.

217. Тамактанууда айыл чарба багытындагы уюмдарда, билим берүү мекемелеринин окуу-тажрыйбалык жана бакча участокторунда, күнөсканаларында өстүрүлгөн продукциянын сапатын жана коопсуздугун тастыктаган лабораториялык-инструменттик изилдөөнүн жыйынтыктары бар өсүмдүктөрдөн алынган азык-түлүк сырьену пайдаланууга уруксат берилет. Өткөн жылдагы жашылчаларды (капуста, сабиз) 1-марттан кийинки мезгилде бышырып иштетүүдөн кийин гана пайдаланууга жол берилет.

218. Түзүлгөн тамактануу рационунун негизинде тамактардын, кулинардык, ундан жасалган, кондитердик жана нан азыктарынын тизмесин бөлүштүрүү менен тамактануу учурларына (эртең мененки, түшкү, түштөн кийинки тамактануу) карата меню иштелип чыгат.

219. Туура тамактанууну камсыздоо үчүн ден соолукту чыңдоо нөөмөтүнүн алдыдагы мезгилге карата менюсу, ошондой эле тамактардын рецепттери жөнүндө сандык маалыматтарды камтыган меню-баяндама түзүлөт.

220. Тамактануунун фактылык рациону бир нече күнгө алдын ала түзүлүп, бекитилген келечектик менюга ылайык келиши керек. Керектүү продуктулар жок болсо аларды химиялык курамы (азыктык баалуулугу) боюнча бирдей башка продуктулар менен алмаштырууга уруксат берилет.

221. Келечек менюда бир эле тамакты же кулинардык азыкты ошол эле күнү же кийинки 2-3 күндө кайталоого уруксат берилбейт.

222. Тамактын суткалык рационунда азык заттардын: белоктордун, майлардын жана углеводдордун оптималдуу катышы 1:1:4 болууга тийиш.

Тамак ичүүдө анын калориялуулугу суткалык рационго карата пайыздык бөлүштүргөндө төмөнкүдөй болушу керек: эртең мененки тамакта - 25%, түшкү тамакта - 35%, түштөн кийинки тамакта - 15%.

223. Билим берүүчү уюмдарда ушул Санитардык эрежелердин 8-тиркемесинде көрсөтүлгөн продуктуларды пайдаланууга жана тамактарды жасоого уруксат берилбейт.

224. Медициналык тейлөө медициналык пунктта же медициналык бөлмөдө болот. Медициналык бөлмө жок болсо, медициналык тейлөө дарылоочу-алдын алуучу уюмдарда уюштурулат.

18-глава. Каникул убагында балдар күндүз келүүчү санаторийлик-курорттук жана билим берүүчү уюмдарда кызматкерлердин өздүк гигиенаны сактоосуна талаптар

225. Каникул убагында балдар күндүз келүүчү санаторийлик-курорттук жана билим берүүчү уюмдарда жугуштуу оорулардын чыгышын жана таркашын болтурбоо максатында төмөнкүлөр зарыл:

- кызматкерлерди үч комплекттен кем эмес атайын санитардык кийим (халат же күрмө, шым, жоолук же калпак түрүндөгү баш кийим) жана бут кийим менен камсыздоо;
- кирдеген атайын кийимди таза кийимге өз убагында алмаштыруу;
- колду самын менен жууп, бир жолку колдонуучу сүлгүнү пайдалануу талабын аткаруу;
- атайын санитардык кийимди борборлоштуруп жууганды уюштуруу;
- атайын санитардык кийим менен дааратканага барууга жана эшикке чыгууга тыюу салуу;
- иш ордунда тамеки тартууга жана тамак ичүүгө тыюу салуу;
- кызматкерлердин санитардык кийимдерин жана жеке буюмдарын өзүнчө бөлүп (ар кайсы шкафтарда) сактоону камсыздоо;
- ичеги-карын инфекциясы, теринин ириңдүү оорулары, жогорку дем алуу жолдорунун сезгенүү оорулары, күйүк же кесилген жаракаты бар кызматкерлерди жумуштан убактылуу четтетип, айыккан соң медициналык текшерүүдөн жана дарыгердин корутундусунан кийин, анан ишке уруксат берүү.

19-глава. Санаторийлик-курорттук жана билим берүүчү уюмдардын кызматкерлеринин эмгек шарттарына талаптар

226. Санаторийлик-курорттук жана билим берүүчү уюмдардын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-апрелиндеги № 225 «Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо жаатындагы нормативдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген Кызматкерлерди ишке кирүүдө милдеттүү түрдө алдын-ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өткөрүү жөнүндө нускамага ылайык милдеттүү медициналык кароодон өтүүгө тийиш.

227. Медициналык кароодон өтүүгө тийиш болгон ар бир кызматкерге белгиленген үлгүдөгү өздүк медициналык китепче ачылат, ага медициналык кароолордун, лабораториялык изилдөөлөрдүн жана гигиеналык билимди аттестациялоонун жыйынтыктары жазылат.

228. Кызматкерлердин иш орундарында тийиштүү гигиеналык ченемдердин (микроклимат, жарык, иондоштуруучу жана иондоштурбаган нурлар, иш

зонасындагы абанын тазалыгы, ошондой эле ызы-чуунун, ультра-үндүн, титирөөнүн, электромагнит талаанын жана ультрафиолет нурлардын ченеми) сакталышы камсыздалат.

229. Кызматкерлер аткарылуучу иштин мүнөзүнө жараша тийиштүү өлчөмдөгү атайын кийим жана жетиштүү сандагы жеке коргонуу каражаттары (халаттар, фартуктар, кол каптар, бет каптар, респираторлор) менен камсыздалат.

230. Кызматкерлер үчүн үй кийимин иш кийиминен өзүнчө сактоо үчүн гардеробдор, душ жана ааратканалар каралат.

«Калктын эс алуу жана ден соолугун чыңдоо уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдерине
1-тиркеме

Форма

**Санаторийлик-курорттук жана билим берүүчү уюмдарды кабыл алуу АКТЫСЫ**

20__-жылдын «__» ________________

1.Комиссия төмөнкү курамда:______________________________________________

___________________________________________________________________________
санаторий-курорттук жана билим берүүчү уюмдарга (мындан ары - объект) текшерүү жүргүздү.

2.Уюм: балдар каникулу багында келүүчү санаторий, профилакторий, пансионат, эс алуучу үй, эс алуучу база, туристтик база, спорттук-ден соолукту чыңдоочу лагерь, балдардын лагери, конок үй, жалпы билим берүүчү мектеп, окутуучу-тарбиялоочу комплекс, автордук окутуучу-тарбиялоочу комплекс, гимназия-мектеп, лицей-мектеп (керектүүсү асты сызылат).

3. Толук дареги, темир жолдон, калктуу конуштардан, ооруканадан алыстыгы ___________________________________________________________________________.

4. Аймактын абатталышы: жашылдандыруу, тосмо, аймакты зоналарга бөлүү, балдардын оюн аянттары, дене тарбия аянттары, чарбалык аянттар (керектүүсүнүн алды сызылат).

5. Борборлоштурулган суу менен камсыздоо булактары жана канализация, бардык жуунуучу ванналарга, раковиналарга муздак жана ысык суунун дайыма келиши (керектүүсүнүн алды сызылат).

6. Ысык суу _____________________________________________________________.

7. Жылуулук-энергия борборунан, жергиликтүү отказандан жылытуу (керектүүсүнүн алды сызылат).

8. Канализация борборлоштурулган, тазалап туруучу өзүнчө курулмалар, септик (керектүүсүнүн алды сызылат).

9. Канализация системасынын абалы: ________________________________________

___________________________________________________________________________

10. Уюмдун эсептелген сыйымдуулугу ______, иш жүзүндө _______, нөөмөттөрдүн саны ______________________________.

11. Имараттардагы, корпустардагы (жылытылган, жылытылбаган) уктоочу жайлардын жайгашуусу, (керектүүсү алды сызылат), алардын саны) _______________

___________________________________________________________________________.

12. Турак бөлмөдө (уктоочу бөлмөдө) бир кишиге квадрат метр аянт, орундардын саны _______________________________________________________________________.

13. Негизги жана кошумча бөлмөлөрдүн бар болуусу жана эксплуатацияга даярдыгы, алардын курамынын жана аянттарынын колдонуудагы ченемдерге ылайык келүүсү (ар бири өзүнчө):

- турак бөлмө, уктоочу жай; гардероб;
- кийимди жана бут кийимди кургатуу, чемодандарды/жол баштыктарын сактоо үчүн бөлмө;
- күндүз болуучу бөлмө;
- педагогдун бөлмөсү;

- буттуу ванналары бар жуунуучу жай;
- дааратканалар;
- ийримдердин иштери үчүн бөлмөлөр;
- клуб, эстрада.

14. Тамак-аш блогу: тамактануучу залдагы орундардын саны _______, бир кишиге аянты _______, алардын ченемдерге ылайыктыгы (ооба/жок, керектүүсүнүн алды сызылат).

15. Тамактануучу залдардын эмерек менен жабдылышы (ооба/жок, керектүүсүнүн алды сызылат).

16. Объекттин тибине жараша бөлмөлөрдүн болушу (тизмеси жана ар биринин аянты) жана алардын эксплуатацияга даярдыгы:

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________.

17. Медициналык багыттагы бөлмөлөр (аянты жана алардын эксплуатацияга даярдыгы):
- келгендер кабыл алууну күтүүчү жай (сере) ______________________________
- дарыгердин бөлмөсү ________________________________________________
- кароочу жай ______________________________________________________
- стоматологдун бөлмөсү ______________________________________________
- процедура бөлмөсү _________________________________________________
- кабыл алуучу бөлмө ________________________________________________
- өзүнчө жуунгучу бар даараткана ______________________________________
- изолятор: палата (саны, аянты) _______________________________________

18. Мончо, гигиеналык душ (канчоо), жеке гигиена кабиналары барбы жана эксплуатацияга даярбы:

______________________________________________________________________________.

19. Кир жуучу жай барбы жана эксплуатацияга даярбы ______________________.

20. Электр кайнаткычы барбы (ооба/жок, керектүүсүнүн алды сызылат).

21. Көлмө, бассейн барбы: (ооба/жок, керектүүсүнүн алды сызылат)

______________________________________________________________________________.

22. Сууга түшүүчү жайлардын уюштурулушу ________________________________
_____________.

23. Ашкана блогунун шаймандар, жабдуулар жана идиштер менен жабдылышы

______________________________________________________________________________.

24. Азык блогунун эксплуатацияга даярдыгы (ооба/жок, керектүүсүнүн алды сызылат)

______________________________________________________________________________.

25. Азыктарды сактоо шарттары (тез бузула турган, кургак, жашылчалар)

______________________________________________________________________________.

26. Муздаткыч түзүлүштөрдүн болуусу (муздатуучу камералар, тиричилик муздаткычтары), алардын ишке даярдыгы жана температуралык режими

______________________________________________________________________________.

27. Дене тарбия жана спорт курулмалары, алардын жабдуулары (тизмеси, саны, белгиленген ченемдерге жана санитардык эрежелерге ылайыктыгы

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________.

28. Оюн аянттарынын, аттракциондордун бар болуусу, алардын жабдуулары, эксплуатацияга даярдыгы

______________________________________________________________________________.

29. Тейлөө персоналынын жайгашуу шарты

_______________________________________________

_______________________________________________.

30. Жумшак жана катуу жабдыктар менен камсыз болушу (жууркан-төшөктөрдү алмаштыруу саны), ийрим иштери үчүн эмеректер менен камсыз болушу (кандай, саны)

_______________________________________________.

31. Тарбиячылардын, педагогдордун, медициналык кызматкерлердин, административдик-чарбалык жана тейлөөчү персоналдын штатынын толуктугу

_______________________________________________.

32. Персоналдын медициналык кароодон жана гигиеналык окуудан өткөндүгү жөнүндө белгилери бар медициналык китепчелердин бар болуусу

_______________________________________________.

33. Тамак-аштын калдыктарын, таштандыларды чыгаруу, даараткаааларды тазалоо тууралуу келишимдердин бар болуусу

_______________________________________________.

34. Комиссиянын корутундусу ___________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

Колу:

_______________________________________________.

_______________________________________________.

«Калктын эс алуу жана ден соолугун
чыңдоо уюмдарына карата сани-
тардык-эпидемиологиялык талаптар»
санитардык-эпидемиологиялык
эрежелери жана ченемдерине
2-тиркеме

**Санаторийлик-курорттук жана билим берүүчү уюмду ачуу үчүн керектүү документтер**

1. Каникул убагында балдар күндүз келүүчү уюмду уюштурууга база болгон объектти санитардык-эпидемиологиялык текшерүүнүн актысы.

2. Балдар күндүзгү келүүчү билим берүүчү уюмдун иши жөнүндө буйруктун ар бир нөөмөттүн иштөө убактысы көрсөтүлгөн көчүрмөсү.

3. Бекитилген штаттык бирдик жана кызматкерлердин тизмедеги курамы.

4. Тизмедеги курамга ылайык кызматкерлердин өздүк медициналык китепчелери (медициналык кароодон, флюорографиядан, профилактикалык эмдөөлөрдөн, гигиеналык окуулардан өткөндүгү тууралуу белгилери менен).

5. Алдыда болуучу меню.

6. Күн режими.

7. Тамак-аш продуктуларын, даяр тамактарды, бөтөлкөдөгү (идиштерге куюлган) ичүүчү суу берүүчүлөр менен келишимдер.

8. Сууда сүзүүчү бассейн бар болгон учурда бассейндин суусун лабораториялык-инструменттик изилдөөнүн жыйынтыгы, мезгилдүү ден соолукту чыңдоочу уюмдагы ичүүчү, көлмө сууларды, пляждагы кумду изилдөөнүн жыйынтыктары.

9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Санитардык эрежелердин сакталышына жана санитардык-эпидемияга каршы (алдын алуучу) иш-чаралардын аткарылышына өндүрүштүк контролдоону уюштуруу жана жүргүзүү» санитардык эрежелерине ылайык Жасалуучу тамактардын сапатына жана коопсуздугуна өндүрүштүк контролдун программасы.

«Калктын эс алуу жана ден соолугун
чыңдоо уюмдарына карата санитардык-
эпидемиологиялык талаптар»
санитардык-эпидемиологиялык
эрежелери жана ченемдерине
3-тиркеме

1-таблица

**Күнүгө 1 балага керектүү продуктулардын топтому**

| | **Продуктулардын аталышы** | **Продуктулардын саны грамм менен** |
|---|---|---|
| 1 | Сүт | 500 |
| 2 | Жарым майлуу быштак | 40 |
| 3 | Каймак | 10 |
| 4 | Сыр | 10 |
| 5 | Эт | 160 |
| 6 | Балык | 60 |
| 7 | Жумуртка | 1 шт. |
| 8 | Кара нан | 100 |
| 9 | Буудай наны (анын ичинде токоч) | 250 |
| 10 | Буудай уну | 10 |
| 11 | Макарон азыктары | 20 |
| 12 | Таруу | 45 |
| 13 | Буурчак | 10 |
| 14 | Шекер жана кондитер азыктары | 70 |
| 15 | Картошка уну | 8 |
| 16 | Ачытма | 2 |
| 17 | Каймак май | 45 |
| 18 | Өсүмдүк майы | 15 |
| 19 | Картошка | 350 |
| 20 | Жашылча-жемиштер | 400 |
| 21 | Жаңы жашылчалар | 100 |
| 22 | Кургатылган жемиштер | 15 |
| 23 | Чай | 0,2 |
| 24 | Кофе, какао | 2,5 |
| 25 | Туз | 6 |
| 26 | Специялар | 1 |

2-таблица

**Абалдар үчүн продуктулардын жана өзүнчө тамактардын сунушталган көлөмү**

| № | Тамактардын аталыштары | Өзүнчө тамактардын сунушталган көлөмдөрү | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 6 жаш | 7-10 жаш | 11-18 жаш |
| 1 | Эртең мененки тамак | | | |
| | Каша, жашылчадан жасалган тамактар | 200 | 200 | 250 |
| | Жумурткадан, эттен, быштактан, балыктан жасалган тамактар | 60 | 80 | 100 |
| | Жашылча салат | 50 | 50-75 | 80-100 |
| | Суусундук | 200 | 200 | 200 |
| 2 | Экинчи таңкы тамак | | | |
| | Жаңы жемиштер/жашылчалар | 200 | 200 | 200 |
| | Кефир, сүт, биолакт, айран | 200 | 200 | 200 |
| 3 | Түштөнүү | | | |
| | Салат, закуска | 50 | 50-75 | 75-100 |
| | Биринчи тамак | 190 | 250 | 300 |
| | Эттен, балыктан, канаттуудан жасалган тамак | 80 | 80-130 | 100-170 |
| | Гарнир | 140 | 150-200 | 200-270 |
| | Суусундук | 200 | 200 | 200 |
| | Мусс, желе | 150 | 150-200 | 200 |
| 4 | Түштөн кийинки тамактануу | | | |
| | Кефир, сүт, биолакт, айран | 200 | 200 | 200 |
| | Токоч (печенье) | 90 (30) | 100 (40) | 120 (50) |
| | Быштактан, таруудан, жашылчалардан жасалган тамак | 100 | 100-150 | 150-200 |
| 5 | Кечки тамак | | | |
| | Жашылчадан, быштактан жасалган тамак, каша | 250 | 250 | 300 |
| | Сүт, кефир, айран | 200 | 200 | 200 |
| | Жаңы жемиштер | 150 | 180 | 200 |
| | Буудай наны (суткалык норма) | 150 | 180 | 200 |
| | Кара нан (суткалык норма) | 100 | 130 | 150 |

3-таблица

**Белокторду, майларды, углеводдорду керектөө ченемдери жана калориясынын чоңдугу (грамм/күндө)**

| № | Жаш курак/жыл | Энергетикалык баалуулугу (килокалория) | Белок-тор | Майлар | Углевод-дор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 6 жаш | 2000 | 69 | 67 | 285 |
| 2 | 6дан 10 жашка чейин | 2350 | 77 | 79 | 335 |
| 3 | 11ден 13 жашка чейин | 2750/2500 | 90/82 | 92/84 | 390/355 |
| 4 | 14төн 18 жашка чейин | 3000/2600 | 98/90 | 100/90 | 425/360 |

Эскертүү: бөлчөк менен балдардын (алымча) жана кыздардын (бөлүүчү) ккал болгон керектөөсү көрсөтүлгөн.

4-таблица

**Балдардын санаторийлеринде оорулуулар үчүн тамак-аш продуктуларынын ченеми (бир балага күнүнө грамм менен)**

| № | Продуктулардын аталыштары | Балдардын жаш курак топтору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 1-3 жаш | 3-7 жаш | 7-14 жаш |
| 1 | Буудай наны | 100 | 100 | 150 |
| 2 | Кара нан | 50 | 100 | 100 |
| 3 | Буудай уну | 40 | 50 | 80 |
| 4 | Картошка уну | 2 | 5 | 5 |
| 5 | Таруу, макарон азыктары, буурчак | 30 | 60 | 75 |
| 6 | Картошка | 80 | 300 | 400 |
| 7 | Жашылча жемиштер | 200 | 300 | 300 |
| 8 | Жаңы жемиштер | 100 | 100 | 100 |
| 9 | Кургатылган жемиштер | 5 | 10 | 10 |
| 10 | Шекер жана кондитер азыктары | 100 | 100 | 100 |
| 11 | Эт, канаттуулар | 100 | 150 | 200 |
| 12 | Балык | 20 | 50 | 60 |
| 13 | Сүт | 500 | 500 | 500 |
| 14 | Каймак | 20 | 20 | 30 |
| 15 | Быштак (майлуу) | 50 | 50 | 60 |
| 16 | Каймак майы | 40 | 50 | 60 |
| 17 | Селдь | 3 | 6 | 10 |
| 18 | Жумуртка (бирдик) | 1 | 1 | 1 |
| 19 | Сыр (40% майлуу) | 5 | 10 | 10 |
| 20 | Чай | 0,5 | 0,5 | 0,5 |
| 21 | Какао, кофе | 0,5 | 0,5 | 1 |
| 22 | Өсүмдүк майы | - | 5 | 10 |
| 23 | Туз жана специялар | 1 | 1 | 1 |

5-таблица

**Кургак учукка каршы санаторийлердеги балдар үчүн белокторду, майларды, углеводдорду керектөөнүн чоңдугу (гр./күндө)**

| № | Аталышы | Чен. бирд. | Белоктор | Майлар | Углеводдор | Ккал |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Таруу | 0,50 | 6,0 | 1,4 | 34,6 | 167,0 |
| 2 | Эт | 0,200 | 37,8 | 24,8 | - | 374,0 |
| 3 | Сыр | 0,15 | 4,02 | 4,09 | - | 54,1 |
| 4 | Селдь | 0,20 | 2,94 | 10,6 | - | 21,4 |
| 5 | Туз | 0,10 | - | - | - | - |
| 6 | Томат | 0,20 | 0,72 | - | 2,36 | 12,6 |
| 7 | Шире | 100 | 0,5 | - | 14,0 | 56,0 |
| 8 | Кымыз | 200 | 3,8 | 2,0 | 5,0 | 84,0 |
| 9 | Каймак | 0,50 | 1,4 | 10,0 | 1,8 | 102,0 |
| 10 | Өсүмдүк майы | 0,10 | - | 9,9 | - | 89,9 |
| 11 | Каймак майы | 0,10 | 0,06 | 8,25 | 0,09 | 74,8 |
| 12 | Майонез | 0,30 | 0,9 | 20,10 | 1 | 188,1 |

6-таблица

**Балдар үчүн витаминдерди керектөөнүн сунушталган чоңдугу (күндө)**

| Жаш курак | Витаминдер | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Тиамин В1 (мг) | Рибофлавин В2 (мг) | Витамин В6 (мг) | Витамин В12 (мг) | Фолацин (мкг) | Ниацин РР (мг) | Аскорбин кислотасы (мг) | Витамин А (ретинолдуу экв. мкг) | Витамин Е (МЕ) | Витамин Д (МЕ) |
| 1-3 жаш | 0,8 | 0,9 | 0,9 | 1,0 | 100 | 10 | 45 | 450 | 7,0 | 400 |
| 4-6 жаш | 1,0 | 1,3 | 1,3 | 1,5 | 200 | 12 | 50 | 500 | 10 | 100 |
| 7-10 жаш | 1,4 | 1,6 | 1,6 | 2,0 | 200 | 15 | 60 | 700 | 10 | 100 |
| 11-13 жаштагы балдар | 1,6 | 1,9 | 1,9 | 3,0 | 200 | 18 | 70 | 1000 | 12 | 100 |
| 11-13 жаштагы кыздар | 1,5 | 1,7 | 1,7 | 3,0 | 200 | 16 | 50 | 1000 | 10 | 100 |
| 14 жаштагы балдар | 1,7 | 2,0 | 2,0 | 3,0 | 200 | 19 | 75 | 1000 | 15 | 100 |
| 14 жаштагы кыздар | 1,6 | 1,8 | 1,8 | 3,0 | 200 | 17 | 65 | 1000 | 12 | 100 |

7-таблица

**Өтө тез бузулуучу продуктуларды сактоо жана сатуу мөөнөтү**

| № | Продуктунун аталышы | +2 -6 °С, ап... сактоо ... |
|---|---|---|
| 1 | Чоң кесек эттин жарым фабрикаттары | |
| 2 | Тоңдурулган боор | |
| 3 | Муздатылган боор | |
| 4 | Коёндун, канаттуунун муздатылган эти | |
| 5 | Коёндун, канаттуунун тоңдурулган эти | |
| 6 | Пастеризацияланган сүт, каймактар, ацидофилин | |
| 7 | Кефир | |
| 8 | Майлуу, майсыз, диеталык быштак | |
| 9 | Каймак | |
| 10 | Сыр-быштак азыктары | 0 - +2 |
| 11 | Полистиролдон коробкаларда жана башка полимер материлдарда каймак таттуу жана жемиштүү сыр | |
| 12 | Бардык аталыштагы муздатылган балыктар | 0 - + |
| 13 | Балык жана бардык аталыштагы тоңдурулган балык товарлары | 0 - + |
| 14 | Тазаланбаган кайнатылган жашылчалар | |
| 15 | Муздатылган эт фарштары | 0 - + |
| 16 | Каймак май фасовкаланган | |
| 17 | Картошка, сабиз, кызылча, пияз (чийки тазаланган) | |
| 18 | Пельмендер, мантылар, фрикаделькалар, голубцылар, фаршталган перец (тоңдурулган) | 0 - + |

«Калктын эс алуу жана ден соолугун чыңдоо уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдерине
4-тиркеме

1-таблица

**Тамактарды витаминдештирүүнүн журналы**

| Датасы | Препараттардын аталыштары | Тамактын аталыштары | Тамактануучулардын саны | Киргизилген витаминдүү препараттын жалпы саны (гр.) | Препаратты киргизүү убактысы же витаминдештирилген тамакты даярдоо убактысы | Тамактануу убактысы | Эскертмелер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

2-таблица

**Тамак-аш продуктуларын жана азык-түлүк сырьесун бракераждоо журналы**

| Продуктардын келген убактысы жана датасы | Продукттун аталышы жана анын саны (салмак, бирд.) | Кабыл алынган продуктунун коопсуздугун ырастаган документтин номери | Продуктунун сапаты тууралуу белги | Продуктуну сатуунун акыркы мөөнөтү | Продуктуну иш жүзүндө сатуу (күндөр боюнча) | Продуктуну кабыл алуучу жактын колу | Эскертмелер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

3-таблица

**Даяр тамакты бракераждоо журналы**

| Тамакты даярдоонун сааты жана датасы | Бракеражды чечүү убактысы | Кулинардык азыктын, тамактын аталышы | Органолептикалык баалоонун жыйынтыктары | Кулинардык азыкты, тамакты сатууга уруксат берүү | Жооптуу жактын колу | Эскертүүлөр (*) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |

Эскертүү.
(*) Даяр продукцияны сатууга тыюу салынган фактылар көрсөтүлөт.

«Калктын эс алуу жана ден соолугун
чыңдоо уюмдарына карата санитардык-
эпидемиологиялык талаптар»
санитардык-эпидемиологиялык
эрежелери жана ченемдерине
5-тиркеме

**Санаторийлик-курорттук уюмдардагы балдардын күн режимине карата негизги талаптар**

| № | Негизги режимдер<br>Мектеп курагындагы балдар үчүн | | Күндүн болжолдуу тартиби | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жай мезгилине карата мектеп курагындагы балдар үчүн | | Окуу жылдын мезгилинде мектеп курагындагы балдар үчүн | | |
| | | | 6-10 жаш | 11-17 жаш | 6-10 жаш | 11-17 жаш | |
| 1 | Тамактануу | негизги тамактануунун саны | 4(*) | 4(*) | 4(*) | 4(*) | 4(*) |
| | | тамактануу аралыктары саат менен | 3,5-4,5 | 3,5-4,5 | 3,5-4,5 | 3,5-4,5 | 3,5-4,5 |
| 2 | Уктабаган мезгили (дене тарбия, ден соолукту чыңдоо жана башка иш-чаралар, дарылоо-реабилитациялык процедуралар) саат боюнча | | 5-6 | 6,5-7,5 | 7-8 | 4-5,5 | 4,5-5,5 |
| 3 | Билим берүү процесси (күнүнө саат менен танапис убактарын эске албаганда) | | - | - | - | 1,5-2 | 2-2,7 |
| 4 | Уйку, узактыгы саат менен | күндүзгү | 2 | 1,5-2 | 1,5 | 1,5 | 1,5 |
| | | түнкү | 10,5 | 9,5 | 9 | 10 | 9,5 |
| | | суткалык | 12,5 | 11-11,5 | 10,5 | 11,5-12 | 11 |

(*) Негизги тамактануудан тышкары (таңкы тамактануу, түштөнүү, түштөн кийинки тамак, кечки тамак) тамактануу рационуна экинчи таңкы тамак жана экинчи кечки тамактар кирет.

«Калктын эс алуу жана ден соолугун чыңдоо уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдерине
6-тиркеме

1-таблица

**Табигый жана процедурага даярдалган дарылык баткактардын физикалык-химиялык жана токсикологиялык көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүч | Чөгүндүлүү сульфиддүү | Чым көңдүү | Чириндилерден пайда болгон | Сопка ылай |
|---|---|---|---|---|
| Нымдуулук, % | 25-75 | 50-85 | 60-90 | 40-80 |
| 0,25-5 мм көлөмдөгү минералдык бөлүкчөлөр, табигый затка карата % | < 3,0 | < 2,0 | < 2,0 | < 3,0 |
| 5 мм ашык көлөмдөгү катуу минералдык кошулмалар | Жок | | | |
| Чирүүнүн даражасы (чым көң, баткактар үчүн), органикалык затка карата % | 40 төмөн эмес | | | |
| Кыймылга каршылык, дин/см$^2$ | 1500-4000 | 1500-4000 | 1000-2000 | 1500- 2500 |
| Токсиндүү заттар | | | | |
| Табигый радионуклиддер (Ra226, Th232, K40), Бк/кг | Табигый фондогу максимум флуктуациядан (термелүү) көп эмес | | | |
| Оор металлдар (Hg, Pb, Zn, Cu, Cd), мг/кг | Кыртыштын жергиликтүү табигый фонунан көп эмес | | | |
| Пестициддер, мг/кг | Жергиликтүү кыртыштар үчүн белгиленген ченемден көп эмес | | | |

2-таблица

**Дарылык баткактардын микробиологиялык көрсөткүчтөрү**

| Объект | Анализдин жыштыгы | Көрсөткүчтөр жана алардын ченемдик деңгээлдери* | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Негизги көрсөткүчтөр | | | Патогендүү стафилококктор | Ps. Aeruginosa (көк ириң таякчасы) |
| | | МЖС (микробдордун жалпы саны) | Титр ЛКП | Титр клостридий | | |
| Баткак булактары | Жылына 2 жолу | 5х10$^5$ | 10 | 0,1 | 10 гр. жок | 10 гр. жок |
| Процедура үчүн дарылык баткак | Колдонуу алдында | 5х10$^5$ | 10 | 0,1 | 10 гр. жок | 10 гр. жок |

Эскертүү:

1) МЖС (1 г микроорганизмдердин жалпы саны - баткактын органикалык заттар менен канча булгангандыгын көрсөткүч);

2) титр ЛКП (коли-титр - ичеги таякчаларынын тобундагы бактериялар табылган баткактын көлөмү);

3) титр Clostridiumperfringens - Clostridiumperfringens табылган баткактын көлөмү, тигил же бул эскилик даражадагы фекалийлер менен булгануу көрсөткүчү;

4) баткактын тийиштүү көлөмүндө теринин катуу ооруларын жаратуучу микроорганизмдер катары патогендүү стафилококктордун саны, Pseudomonasaeruginosa (көк ириң таякчасы);

5) фекалдык колиформаларды, энтерококкторду аныктоо негизги ченемдик көрсөткүчтөрдөн ашык болгон учурда жүргүзүлөт. 10 г баткакта фекалдык колиформдордун жана энтерококктордун табылышы жаңы фекалий менен булганууну билдирет.

1-таблица

**Балдардын жаш курагына жараша азык заттарга жана энергияга суткалык муктаждыгы**

| № | Азык заттардын аталыштары | Балдардын жаш курактык топтору үчүн азык заттарга орточолонгон керектөө: | |
|---|---|---|---|
| | | 7 жаштан 10 жашка чейин | 11 жаш жана андан жогору |
| 1 | Белоктор (г) | 77 | 90 |
| 2 | Майлар (г) | 79 | 92 |
| 3 | Углеводдор (г) | 308 (жемиштердин эсебинен 335 жол берилет) | 360 (жемиштердин эсебинен 383 жол берилет) |
| 4 | Энергетикалык баалуулук - калориясы (ккал)(*) | 2251 (углеводдор көбөйгөн учурда 2359) | 2628 (углеводдор көбөйгөн учурда 2720) |

2-таблица

**Тамак-аш продуктуларынын сунушталган орточо суткалык топтому, анын ичинде балдар үчүн тамак жана суусундук даярдоого пайдаланылуучулар**

| | Азыктардын аталышы | Окуучулардын жаш курагына жараша азыктардын саны | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | г, мл, брутто | | г, мл, нетто | |
| | | 7-10 жаш | 11 жаш жана жогору | 7-10 жаш | 11 жаш жана жогору |
| 1 | Кара буудай наны (кара буудай - буудай) | 80 | 120 | 80 | 120 |
| 2 | Буудай наны | 150 | 200 | 150 | 200 |
| 3 | Буудай уну | 15 | 20 | 15 | 20 |
| 4 | Дан буурчактар | 45 | 50 | 45 | 50 |
| 5 | Макарон азыктары | 15 | 20 | 15 | 20 |
| 6 | Картөшкө | 250(*) | 250(*) | 188 | 188 |
| 7 | Жаңы жашылчалар, көк | 350 | 400 | 280(**) | 320(**) |
| 8 | Жемиштер (мөмөлөр) жаңы | 200 | 200 | 185(**) | 185(**) |
| 9 | Кургатылган жемиштер (мөмөлөр), а.и. итмурун | 15 | 20 | 15 | 20 |
| 10 | Витаминдештирилген жашылча - жемиш ширелери | 200 | 200 | 200 | 200 |
| 11 | 1 категориядагы сулп эт (сөөктүү эт) | 77 (95) | 86 (105) | 70 | 78 |
| 12 | 1 категориядагы, жиликтелген, ичеги-карыны алынган жөжөлөр (1-категориядагы тооктор (толук эмес жиликтелген, ичеги-карыны алынган) | 40 (51) | 60 (76) | 35 | 53 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13 | Балык-филе | 60 | 80 | 58 | 77 |
| 14 | Сүт (майдын жалпы үлүшү 2,5%, 3,2%) | 300 | 300 | 300 | 300 |
| 15 | Ачытылган сүт азыктары (массадагы майдын үлүшү 2,5%, 3,2%) | 150 | 180 | 150 | 180 |
| 16 | Быштак (массадагы майдын үлүшү 9% көп эмес) | 50 | 60 | 50 | 60 |
| 17 | Сыр | 10 | 12 | 9,8 | 11,8 |
| 18 | Сметана (массадагы майдын үлүшү 15% көп эмес) | 10 | 10 | 10 | 10 |
| 19 | Каймак май | 30 | 35 | 30 | 35 |
| 20 | Өсүмдүк майы | 15 | 18 | 15 | 18 |
| 21 | Диеталык жумуртка | 1 шт. | 1 шт. | 40 | 40 |
| 22 | Кант(***) | 40 | 45 | 40 | 45 |
| 23 | Кондитер азыктар | 10 | 15 | 10 | 15 |
| 24 | Чай | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,4 |
| 25 | Демделген кофе, какао | 1,2 | 1,2 | 1,2 | 1,2 |
| 26 | Ачыткылар | 1 | 2 | 1 | 2 |
| 27 | Туз | 5 | 7 | 5 | 7 |

Эскертүү.

(*) Масса брутто калдыктардын 25% ченеми үчүн келтирилет.

(**) Масса нетто жашылча, жемиштердин баштапкы түрүнө жана жылдын мезгилине жараша өзгөрүүсү мүмкүн болгон орточо көлөм болуп саналат. Менюну түзүүдө «нетто» тилкесинде көрсөтүлгөн маалыматтарга ылайык тамактануунун натуралай ченемдерин аткаруу максатка ылайыктуу.

(***) Анын ичинде тамактарды жана суусундуктарды жасоого өнөр жайда чыгарылган, канты бар продуктуларды (коюлтулган сүт, кисель ж.б.) пайдаланган учурда кантты берүү анын пайдаланылуучу даяр продуктудагы өлчөмүнө жараша азайтылышы керек.

«Калктын эс алуу жана ден соолугун
чыңдоо уюмдарына карата санитардык-
эпидемиологиялык талаптар» санитардык-
эпидемиологиялык эрежелери жана
ченемдерине
8-тиркеме

**Реализацияга болбоочу азыктардын жана тамактардын тизмеси**

1. Жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен жана сапаты жаман экени көрүнүп турган тамак-аш продуктулар.

2. Жумшак тарадагы ным болгон азыктар (ун, таруу, шекер жана башка продуктулар).

3. Мурдагы тамактануудан калган тамактын калдыктары жана мурда жасалган тамактар.

4. Бузулуу белгилери көрүнүп турган жашылча-жемиш продуктулар.

5. Ветеринардык контролдон өтпөгөн эт, айыл чарба жаныбарларынын бардык түрлөрүнүн субпродуктулары, балык, айыл чарба канаттуулары.

6. Боор, тил, жүрөктөн башка субпродуктулар.

7. Тазаланып, жиликтелбеген канаттуулар.

8. Жапайы жаныбарлардын эти.

9. Сууда сүзүүчү канаттуулардын эти жана жумурткасы.

10. Кабыгы булганган жумуртка, жаракалуу, «аккан», «сынган» жумурткалар, ошондой эле сальмонеллез боюнча начар абалдагы чарбалардын жумурткалары.

11. Банкасы жылчыктуу, капкагы көөп чыккан, «тырсылдаган», дат баскан, бырыйган, этикеткасы жок банкалардагы консервалар.

12. Ар кандай аралашмалар менен булганган же кампа зыянкечтери менен булганган дан, акшактар, ун, кургатылган жемиштер жана башка продуктулар.

13. Үйдө жасалган (өнөр жайлык эмес) баардык тамак-аш продуктулары.

14. Кремдүү кондитердик азыктар (пирожныйлар, торттор).

15. Тууралган сулп эттен, боор эттен жасалган зельцтер, тамактар; баш эттен жасалган рулеттер, кан жана ливер колбасалары.

16. Пастерленбеген сүттөн жасалган быштак, флягадагы быштак, ысытып иштетилбеген флягадагы сметана.

17. Простокваша.

18. Козу карындар жана алардан жасалган продуктулар (кулинардык азыктар).

19. Квас.

20. Айыл чарба жаныбарларынын оорулары боюнча абалы начар чарбалардын, ошондой эле жана баштапкы иштетүүдөн жана пастерлөөден өтпөгөн сүт, сүт продуктулары.

21. Ышталган эттен жасалган гастрономиялык тамак-аш жана колбасалар.

22. Фритюрда куурулган тамак-аш продуктулары жана азыктар.

23. Уксус, горчица, ачуу калемпир (кызыл, кара) жана башка ачуу (күйгүзүүчү) татымалдар.

24. Накта кофе, сергитүүчү, анын ичинде энергетикалык суусундуктар, алкоголь.

25. Кулинардык майлар, чочконун жана койдун майы.

26. Өрүктүн данеги, жер жаңгак.

27. Газдалган суусундуктар.

28. Өсүмдүк майларынын негизинде жасалган сүт азыктары жана балмуздактар.

29. Маринаддалган, анын ичинде салат түрүндөгү жашылча жана жемиштер.

30. Кымыз жана башка этанол бар (0,5% ашык) ачытылган сүт азыктары.

31. Заливной (эт жана балык менен) тамактар, студень, сельдден жасалган форшмак.

32. Мөмө-жемиштерден (ысытып иштетилбестен) жасалган муздак суусундуктар жана морстор.

33. Окрошка жана муздак шорполор.

34. Флот макарону (эт фарш менен), тууралган жумуртка менен макарондор.

35. Аралаштырбай куурулган жумуртка.

36. Паштеттер.

37. Эт жана быштак менен куймактар.

38. Тез даяр болуучу кургак тамак концентраттарын колдонуп жасалган биринчи жана экинчи тамактар.

39. Кытырактар, гамбургерлер, чипстер, хот-догдор, гарнир катары кургак концентраттар.

40. Тамакка кошулуучу кошундулар, гени модификацияланган организмдер, ароматизаторлор, жасалма боёктор, сагыздар бар продуктулар.

«Калктын эс алуу жана ден соолугун
чыңдоо уюмдарына карата санитардык-
эпидемиологиялык талаптар» санитардык-
эпидемиологиялык эрежелери жана
ченемдерине
9-тиркеме

**Медициналык кызматкердин суткалык сынамды алуусу боюнча сунуштар**

1. Порциялык тамактар толук көлөмдө алынат; салаттар, биринчи жана үчүнчү тамактар, гарнирлер - 100 гр. кем эмес.

2. Сынамдар айнек же металл капкактуу, тыгыз жабылуучу, стерилдүү (же кайнатылган) маркерленген айнек идишке казандан стерилдүү (же кайнатылган) кашыктар менен салынат.

3. Алынган сынамдар атайын муздаткычта же муздаткычтын атайын бөлүнгөн жеринде плюс 2 - плюс 6 °С температурада 48 сааттан кем эмес убакыт (дем алыш жана майрам күндөрдү эсептебегенде) сакталат.».

# Бөлүм IV.
# Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар укук бузууларды алдын алуу жөнүндө мыйзамдарда

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2015-жылдын 21-июлу № 185*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БАЛДАРДЫН ДЕН СООЛУГУНА, ДЕНЕ БОЙ, ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК, ПСИХИКАЛЫК, РУХАНИЙ ЖАНА АДЕПТИК ӨНҮГҮҮСҮНӨ ЗЫЯН КЕЛТИРҮҮНҮН АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чараларды белгилейт.

**1-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

1) **балдар** (жашы жетпегендер) - 18 жаш куракка чыга элек балдар;

2) **ата-энелерди алмаштыруучу адамдар** - жакын туугандары (жашы жеткен ага-инилери жана эже-сиңдилери, карындаштары, чоң-атасы, чоң-энеси, таятасы, таенеси, ата-энелеринин ага-инилери жана эже-сиңдилери, карындаштары) асырап алуучулары, багуучу ата-энелери, камкорчулары, көзөмөлчүлөрү, жашы жетпеген камкордугунда же көзөмөлүндө турган мекеменин кызмат адамдары;

3) **балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдар** - балдарга билим берүү, алардын ден соолугун коргоо, аларды тарбиялоо, өнүктүрүү, сактоо, социалдык коргоо жана социалдык тейлөө боюнча, балдардын социалдык ыңгайланышуусуна, социалдык реабилитацияланышына көмөктөшүү боюнча иш-чараларды, балдардын катышуусу менен өткөрүлүүчү башка иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдар;

4) **балдардын болуусуна тыюу салынган жерлер** - ушул Мыйзамга ылайык белгиленген жана аныкталган, балдардын ден соолугуна, алардын дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүү мүмкүн болгон коомдук жерлер;

5) **балдардын болуусу чектелген жерлер** - ушул Мыйзамга ылайык белгиленген жана аныкталган, балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу максатында, алардын ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу адамдардын) коштоосусуз же болбосо балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдардын коштоосусуз түнкү мезгилдерде жүрүүсүнө тыюу салынган коомдук жерлер;

6) **түнкү убакыт** - жай мезгилинде (1-июндан 31-августка чейин) саат 23.00дөн саат 06.00гө чейинки, жылдын калган мезгилинде - саат 22.00дөн саат 06.00гө чейинки убакыт аралыгы;

7) **укук бузуулардын алдын алуу субъекттери** - мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, менчигинин түрүнө карабастан чарбакер субъекттер, кызмат адамдары, Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар.

**2-берене. Балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлер**

1. Сутканын убактысына карабастан төмөнкүдөй жерлерде балдардын болуусуна тыюу салынат:

1) юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин сексуалдык мүнөздөгү гана товарларды сатууга арналган объекттеринде (аймактарында, орун-жайларында);

2) пиво сатуучу ресторандарда, сыра, шарап барларында, алкоголдук азыктарды, анын негизинде даярдалуучу пивону жана башка ичимдиктерди гана сатууга арналган башка орун-жайларда.

2. Түнкү убакытта ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) коштоосусуз, балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдардын коштоосусуз балдардын болушуна төмөнкүдөй жерлерде тыюу салынат:

1) көчөлөрдө, стадиондордо, парктарда, гүл бакчаларда;

2) жалпы пайдалануудагы транспорттук каражаттарда;

3) балдар жүргүнчү болгон учурларды кошпогондо, вокзалдардын жана аэропорттордун аймактарында;

4) көлмөлөрдө жана аларга жанаша аймактарда;

5) көп батирлүү турак үйлөрдүн жалпы колдонуудагы жерлеринде, көп батирлүү турак үйлөргө жанаша аймактарда, анын ичинде балдар жана спорт аянтчаларында;

6) мыйзам менен белгиленген тартипте алкоголдук продукцияларды, анын негизинде даярдалган пивону жана ичимдиктерди чекене сатуу каралган, соода кылуу жана коомдук тамактануу чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашырууга арналган (уюмдар же пункттар), көңүл ачууларга, бош убакытты өткөрүүгө арналган (анын ичинде оюн-зоок борборлору, түнкү клубдар, мончолор, сауналар) юридикалык жактардын же жеке ишкерлердин объекттеринде (аймактарында, орун-жайларында);

7) «Интернет» маалыматтык-телекоммуникациялык тармакка жетүүнү камсыз кылууга арналган (анын ичинде интернет-кафе, интернет-клубдар) юридикалык жактардын же жеке ишкерлердин объекттеринде (аймактарында, орун-жайларында).

3. Ушул берененин колдонулушу төмөндөгү учурларга жайылтылбайт:

1) 31-декабрдан 1-январга караган түнкү убакытка;

2) негизги жалпы, орто жалпы билим берүү, баштапкы кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуунун аякташына арналып, жалпы билим берүүчү мекемелерде жана баштапкы кесиптик билим берүүчү мекемелерде көрсөтүлгөн мекемелердин бүтүрүүчүлөрү үчүн салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү мезгилине;

3) мамлекеттик органдар уюштурган майрамдык иш-чараларды өткөргөн убакытка.

**3-берене. Балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча негизги чаралар**

1. Ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдар балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдардын болуусуна жол бербөө боюнча талаптарды сактоону камсыз кылууга милдеттүү.

2. Балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген жерлерге киргизилген объекттерди (аймактарды, орун-жайларды) пайдалануучу юридикалык жактар жана жеке ишкерлер көрсөтүлгөн объекттерде (аймактарда, орун-жайларда) балдардын болуусунун алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү, анын ичинде:

1) тиешелүү объектке (аймакка, орун-жайларга) кире бериште алар пайдаланган, балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген жерлерге киргизилген объекттерде (аймактарда, орун-жайларда) балдардын болуусуна тыюу салынгандыгы же болуусу чектелгендиги жөнүндө эскертүү жазууларын (маалыматты) жайгаштырууга;

2) баланын 18 жаш куракка жеткендигинин фактысына шектенүүлөр болгондо андан паспортун же өздүгүн тастыктаган башка документин көрсөтүүсүн талап кылууга.

3. Балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча негизги чаралар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) балдарды, ата-энелерди (аларды алмаштыруучу адамдарды), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдарды, башка жарандарды, юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдардын болуусуна жол берилбей тургандыгы жөнүндө кабардар кылуу;

2) балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдардын болуусун контролдоону жүзөгө ашыруу;

3) балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдарды айкындап табуу;

4) ата-энелерди (аларды алмаштыруучу адамдарды), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдарды, ички иштер органдарын балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерде баланын табылгандыгы жөнүндө кабардар кылуу;

5) балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерден табылган балдарды алардын ата-энелерине (аларды алмаштыруучу адамдарга), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдарга же болбосо калыбына келтирилүүгө муктаж жашы жетпегендер үчүн адистештирилген мекемелерге жеткирүү;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдардын болуусуна жол берилбестиги жөнүндө балдар, ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) менен жеке алдын алуу иштерин жүргүзүү;

7) ушул Мыйзамдын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти белгилөө.

**4-берене. Балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдардын болуусуна жол берилбестиги жөнүндө маалымдоо**

Укук бузуулардын алдын алуу субъекттери өз компетенциясынын чектеринде жана «Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, балдарга, ата-энелерге (аларды алмаштыруучу адамдарга), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдарга, башка жарандарга, юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген жерлерде болушуна жол берилбестиги жөнүндө жана ушул Мыйзамда белгиленген талаптарды бузгандыгы үчүн административдик жоопкерчилик тууралуу үзгүлтүксүз маалымдоону, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары жана «Интернет» маалыматтык-коммуникациялык тармагы аркылуу маалымдоону жүзөгө ашырат.

**5-берене. Балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдардын табылгандыгы жөнүндө ата-энелерге (аларды алмаштыруучу адамдарга), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдарга кабар кылуунун тартиби жана аларды ата-энелерге (аларды алмаштыруучу адамдарга), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдарга жеткирүүнүн тартиби**

1. Балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде балдарды айкындап табууну балдардын арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш-аракет жүргүзүүчү органдар жана уюмдар, «Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жашы жетпегендердин укук бузууларынын алдын алуу боюнча иш-аракетке өз компетенциясынын чегинде катышуучу башка органдар, мекемелер жана уюмдар жүзөгө ашырат.

2. Балдардын арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш-аракет жүргүзүүчү органдардын кызмат адамдары, ошондой эле юридикалык жактардын кызмат адамдары, жеке ишкерлер, алардын өкүлдөрү алар пайдаланган, балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген жерлерге киргизилген объекттерде (аймактарда, орун-жайларда) балдар айкындалып табылганда төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) баланы ата-энесине (аларды алмаштыруучу адамдарга), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдарга же ички иштер органдарына өткөрүп бергенге чейин анын табылган объектте (аймакта, орун-жайда) коопсуз болушунун шарттарын камсыз кылууга;

2) балага өзүнүн ысымын жана фамилиясын, жаш курагын, жашаган жеринин дарегин, ошондой эле ата-энесинин (аларды алмаштыруучу адамдардын) же балдардын катышуусу менен иш-чараны жүзөгө ашыруучу адамдардын ысымын жана фамилиясын, байланыш телефондорун, балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерде болушунун себебин айтууну сунуш кылууга;

3) ушул Мыйзамды бузуунун болгондугу жөнүндө ички иштер органдарына токтоосуз кабарлоого, мында төмөнкүдөй маалыматтар билдирүүгө:

а) бала табылган жерди жана убакытты;

б) баланын, анын ата-энесинин ((аларды алмаштыруучу адамдардын) же балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдардын өздүгү жөнүндө маалыматтарды (эгерде бар болсо) жана (же) баланы идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү маалыматтарды (болжолдуу жаш курагы, жынысы, чачынын түсү, кийиминин сыпаттамасы, өзгөчө белгилери), алкоголдук, баңгизаттык, уулуузаттык мас болгондугу же болбогондугу тууралуу маалыматтарды;

в) жашы жетпеген адам табылганда аны менен кошо жүргөн жашы жеткен адамдар жөнүндө маалыматтарды (эгерде бар болсо);

г) билдирмени берген адамдын фамилиясын, ысмын, ата ысмын, байланыш телефонун.

3. Ички иштер органдарынын кызмат адамдары балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлерде баланын табылуу фактысы айкындалганда бул тууралуу ата-энесине (аларды алмаштыруучу адамдарга) же балдардын катышуусу менен иш-чараны жүргүзүүчү адамдарга токтоосуз кабарлайт, бала табылган жерди билдирет, алар менен баланы жеткирип берүү боюнча аракеттерди макулдашат, ал эми зарыл болгондо баланы аталган адамдарга токтоосуз жеткирүүнү жана өткөрүп берүүнү камсыз кылат.

4. Ата-энеси (аларды алмаштыруучу адамдар) же балдардын катышуусу менен иш-чараны жүргүзүүчү адамдар болбогондо же алардын кайда экенин аныктоо мүмкүн болбогондо же болбосо баланы көрсөтүлгөн адамдарга тезинен жеткирүүгө тоскоол болгон башка жагдайлар болгондо бала ал табылган жердеги социалдык жактан калыбына келтирүүгө муктаж балдар үчүн адистештирилген мекемеге жеткирилет.

5. Баңгизаттык, уулуузаттык же алкоголдук мас абалындагы же медициналык жардамга муктаж балдар медициналык уюмдарга жеткирилет.

**6-берене. Ушул Мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

Балдардын дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө көмөктөшүү жана аларга залал келтирүүнүн алдын алуу боюнча чараларды камсыз кылууга карата белгиленген талаптарды ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын), балдардын катышуусу менен иш-чараларды жүзөгө ашыруучу адамдардын, юридикалык жактардын же жеке ишкерлердин сактабоосу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

**7-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2015-жылдын 28-июлунда № 68 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин жана ушул Мыйзамдан улам келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Атамбаев**

**2015-жылдын**
**18-июнунда**

**Кыргыз**
**Республикасынын**
**Жогорку Кеңеши**
**тарабынан кабыл**
**алынган**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин буйругу**

*Бишкек шаары,*

| | |
|---|---|
| *2016-жылдын 30-августу № 661* | *2016-жылдын 30-августу № 791* |
| *2016-жылдын 30-августу № 1230/1* | *2016-жылдын 30-августу № 442* |
| *2016-жылдын 30-августу № 142* | *2016-жылдын 30-августу № 508* |
| *2016-жылдын 30-августу № 01-24/140* | *2016-жылдын 30-августу № 254* |

Кыргыз Республикасында 2016-2017-жылдарда жаштар жана жаш-өспүрүмдөр арасындагы укук-бузууларды жана кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ведомстволор арасындагы биргелешкен иш-чараларды күчөтүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 25-июнундагы «Кыргыз Республикасында укук бузууларды алдын алуу жөнүндө» № 82 Мыйзамын аткарууда, билим берүү мекемелеринин окуучуларынын жана жаштардын арасында укук бузууларды жана кылмыштарды алдын алууда Кыргыз Республикасынын ички иштер, билим берүү, социалдык өнүгүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана маалымат министрликтеринин жана коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин, жаштар иштери, дене тарбия жана спорт, жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттик агенттиктеринин биргелешип иш алып баруусун уюштуруу максатында,

БУЙРУК КЫЛАБЫЗ:

1. 2016-2017-окуу жылына республиканын жалпы билим берүү мекемелеринин окуучуларынын жана жаштардын арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча иш-чаралардын биргелешкен мерчеми бекитилсин жана аталган мерчемде каралган иш-чаралардын натыйжалуу аткарылышы боюнча чаралар көрүлсүн (1-тиркеме).

2. Ар бир чейректин кийинки айынын 15-күнүнөн кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгына биргелешкен мерчемдин ишке ашышы жөнүндө маалымат берип турсун, т./факс (0312) 26-62-75.

3. Бишкек ш., Чүй облустук ИИББнын облустардын жана Ош ш. ИИБнын башчыларына:

3.1. Жашы жетпегендердин укук бузууга жөндөмдүү болгон шарттарды жана себептерди, аймактык өзгөчөлүктөрдү, жашы жетпегендердин арасындагы кылмыштуулуктун абалын талдоо жүргүзүүнү эске алуу менен биргелешкен мерчемдин аткарылышын камсыз кылышсын, иш-чаралардын деталдашкан биргелешкен мерчемин иштеп чыгышсын.

3.2. Ушул буйруктун аткарылышы жөнүндө ар бир айдын 5-күнүнө жүргүзүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы тууралуу тиркелген отчеттук форма боюнча (2-тиркеме), (0312) 26-62-75 факс менен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгына маалымат берип турушсун.

4. Ушул буйруктун аткарылышына жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын ИИМнин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгынын, Бишкек ш., Чүй облусунун ИИББнын, облустардын жана Ош ш. ИИБнын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Мектепке чейинки, мектептеги жана мектептен тышкаркы башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин Балдарды коргоо боюнча башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлигинин Маалымат жана массалык коммуникациялар департаментинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин Дарылоо - алдын ала жардам көрсөтүү башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин Аскердик башкаруунун жергиликтүү органдарынын башкы башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин Жаштар саясаты бөлүмүнүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын башчыларына жүктөлсүн.

5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Ички иштер министринин орун басары милициянын полковниги А.К.Орозалиевге, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Т.А.Ашымбаевага, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министринин орун басары Ж.А.Полотовага, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министринин орун басары А.Дж.Мурзалиевге, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары А.К.Темирбековага, Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин Аскердик башкаруунун жергиликтүү органдарынын башкы башкармалыгынын башчысы полковник Р.И.Абдрахмановко, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары М.Г.Халитовго Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары Б.Дж.Эгенбердиевке жүктөлсүн.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министри** | **Т.Батыралиев** |
| **Кыргыз Республикасынын ички иштер министри** | **К.Джунушалиев** |
| **Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министри** | **Э.Сариева** |
| **Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министринин милдетин аткаруучу** | **Т.Казаков** |
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министри** | **К.Базарбаев** |
| **Кыргыз Республикасынын коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасы** | **М.Кенжисариев** |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин директору** | **Б.Рыспаев** |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин директору** | **К.Аманкулов** |

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2016-жылдын 30-августундагы № 661, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2016-жылдын 30-августундагы № 791, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2016-жылдын 30-августундагы № 1230/1, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин 2016-жылдын 30-августундагы № 442, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2016-жылдын 30-августу № 142, Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитетинин 2016-жылдын 30-августундагы № 508, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 30-августундагы № 01-24/140 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 30-августу № 254 буйругуна
1-тиркеме

**2016-2017-окуу жылдарында Кыргыз Республикасынын жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ведомстволор арасындагы ИШ МЕРЧЕМИ**

Жаш өспүрүмдөр арасындагы укук бузууну жана кылмыштуулуктун талдоосу көрсөткөндөй 2016-жылдын 7 ай аралыгында өспүрүмдөр тарабынан жасалган жана мектеп окуучуларынын кылмыш жасоого катышуусу жогорулап жатат. Ошол себептен 2016-2017-окуу жылында жалпы билим берүүчү мекемелеринин окуучуларынын жана жаштардын арасында укук бузууларды алдын алуу максатында төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу зарыл:

| № | Иш-чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүү уюмдарынын окуучуларынын арасында укук бузууларды алдын алуу максатында мектеп администрациясынын өкүлдөрүнөн, педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнөн, ЖӨИИ тескөөчүлөрүнөн, педагог-тарбиячылардан, коомчулуктун жана аймактык коомдук алдын алуу борборунун (КАБ) өкүлдөрүнөн, ата-энелерден, жогорку класстардан, ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнөн турган мектептин Алдын алуу кеңешин түзүү | сентябрь 2016-ж. | КР ББжИМ, ИИМ, ЭжСӨМ, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен) | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Мектеп окуучуларынын кылмыштарын жана укук бузууга жөндөмдүү шарттарын, себептерин табуу менен билим берүү уюмдарында алдын алуу иштеринин абалын иликтөө жана талдоо, ушунун негизинде аларды жоюу боюнча айкын чараларды кабыл алуу | сентябрь-октябрь 2016-ж. | КР ИИМ, ББжИМ, ЭжСӨМ, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен) | |
| 3 | Билим берүү уюмдарынын окуучуларынын арасында опузалоо жана зомбулук көрсөтүү фактыларына бөгөт коюу, алдын алуу боюнча иш-чаралардын биргелешкен мерчемин иштеп чыгуу | сентябрь-октябрь 2016-ж. | КР ИИМ, ББжИМ, ЭжСӨМ, КИМК | |
| 4 | Жаңжалдар (конфликт) болуучу жалпы билим берүүчү уюмдардын карта-схемасын түзүү | сентябрь 2016-ж. | КР ИИМ, ББжИМ, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен) | |
| 5 | Кызыкдар мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар менен биргеликте «Жаш өспүрүмдөр арасындагы укук бузууну алдын алып, тарбия иштерин уюштуруу» маселелери боюнча алдыңкы тажрыйбаларды өнүктүрүү | ай сайын | КР ББжИМ, ИИМ | |
| 6 | Билим берүү уюмдарынын окуучуларынын жана жаштардын арасында тарбия, алдын алуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн укуктук билимдерин жогорулатуу жана мыйзамды угуу жүрүм-турумун калыптандыруу: | | | |
| | - мектептик «Алдын алуу бөлмөсүн» түзүү; | сентябрь-октябрь 2016-ж. | КР ББжИМ, ИИМ | |
| | - аскердик-патриоттук темада дубал гезит чыгарууну уюштуруу; | 20.09.2016-ж. | КР ББжИМ, ИИМ | |
| | - укуктук жана аскердик-патриоттук темада, ошондой эле сергек жашоо образынын маселеси боюнча олимпиадаларды, сынактарды, викториналарды өткөрүү; | ай сайын | КР ББжИМ, ИИМ, КИМК, ССМ | |
| | - жергиликтүү Мамлекеттик администрациялар жана өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте жаштардын жана жашы жетпегендердин аң-сезимине оң таасирин тийгизген патриоттук фильмдерди көрсөтүү менен жалпы-маданий жана аскердик-патриоттук иш-чараларды уюштуруу | 16.10.2016-ж. 08.04.2016-ж. | КР ББжИМ, ИИМ, КИМК, ССМ, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен) | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Жалпы билим берүү уюмдарындагы жана кесипчилик техникалык окуу жайындагы өтүлүүчү Аскерге чейинки даярдык сабагында «Эрктүүлүк» боюнча сабактарды өткөрүү | чейрек сайын | КР ББжИМ | |
| 8 | Билим берүү уюмдарында окуучуларды аскердик-патриоттук жактан тарбиялоо максатында мекенди коргоодогу кыргызстандык баатырлардын эрдиктеринин сүрөттөрүн, Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагерлеринин, Афганистан Демократиялык Республикасында интернационалдык милдетин аткарган ардагерлердин жана Баткен окуясынын катышуучуларынын сүрөттөрүн стенддерге жайгаштыруу менен аскердик-патриоттук бурчтарды түзүү | сентябрь-октябрь 2016-ж. | КР ББжИМ, КИМК, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен), ЖДТжСМА | |
| 9 | Коомдук жана бейөкмөт уюмдардын көмөгүнүн алдында жаштардын жана окуучулардын арасындагы жаңжалдарды, өзгөчө «тобокел тобундагы», мектеп ичинде каттоодо турган жана ынтымагы жок үй-бүлөлөрдүн балдары менен тарбиялык-алдын алуу иштерин жөнгө салуу, алдын алуу боюнча ишмердикке «социалдык педагогдорду» тартуу | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ББжИМ, ЭжСӨМ, ИИМ | |
| 10 | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өкүлдөрүн тартуу менен жалпы билим берүү уюмдарында өзгөчө кырдаалдарды (бөөдө кырсыктарды, өрт кырсыктарын, жаратылыш кырсыктарын) алдын алуу боюнча сабактарды уюштуруу | чейрек сайын | КР ББжИМ | |
| 11 | Бардык билим берүү уюмдарында ата-энелерди, активдүү окуучуларын жана студенттерин тартуу менен жаштарды жана окуучуларды укуктук, адеп-ахлактык жана аскердик патриоттук жактан тарбиялоо, укук бузууларды, коомго жат көрүнүштөрдү эрте алдын алуу үчүн «Манас», «Семетей», «Сейтек», «мектеп парламенти» сыяктуу окуучулук коомдук түзүлүштөрдү жана ар кандай бирикмелерди түзүү | сентябрь-октябрь 2016-ж. | КР ББжИМ, ЖДТжСМА, КИМК, ИИМ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 | Мектепте жана ага тиешелүү аймакта жашы жетпегендер тарабынан жасалган укук бузууларга жол бербөө жана бөгөт коюу боюнча мектептин коопсуздук кызматынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү. Мектептин коопсуздук кызматы, коомдук түзүлүштөрдүн өкүлдөрү, ата-энелер комитети жана мектептин администрациясы менен биргеликте иштелип чыккан графикке ылайык билим берүү мекемелеринин аймагына кайгуул жүргүзүүнү уюштуруу | ар дайым | КР ББжИМ, ИИМ | |
| 13 | Окуучулардын арасында «мектеп рэкети» фактыларын алдын алуу боюнча ЖӨИИ тескөөчүлөрү менен биргеликте иштерди жүргүзүү үчүн ар бир билим берүү мекемелерине ИИОнун кызматкерлерин кошумча бекитүү | сентябрь 2016-ж. | КР ИИМ, ББжИМ | |
| 14 | Мектеп рэкетин алдын алуу максатында, балдар маселелери боюнча көз карандысыз эксперттерди тартуу менен жаппы билим берүү уюмдарынын окуучулары арасында сурамжылоо жана анкета жүргүзүү, уюштурулган иш-чаранын жыйынтыгы менен мектеп окуучуларынын арасындагы опуза талап кылуу фактыларын болтурбоо жана алдын алуу боюнча иш-чараларды кабыл алуу | сентябрь-октябрь 2016-ж. | КР ББжИМ, ИИМ, | |
| 15 | Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодекстин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза, Административдик кодекстердин жоболорун түшүндүрүү максатында жаштар, окуучулар жана алардын ата-энелери, билим берүү уюмунун администрациясы үчүн семинарларды, жолугушууларды өткөрүү | ай сайын | КР ББжИМ, ЖӨАБО, ЭжСӨМ, ИИМ | |
| 16 | Мектеп ийримдерин жана спорттук секциялардын иштерин активдештирүү жана жаңы түзүү боюнча мүмкүнчүлүктөрдү карап чыгуу, жергиликтүү өз алдынча органдары менен биргеликте жаштардын, ошондой эле окуучулардын сабактан тышкаркы мезгилинде эс алууларын уюштуруу боюнча иш-чараларды өткөрүү | 2014-2015-окуу жылынын ичинде | КР ББжИМ, ЖДТжСМА, ИИМ, ЖӨАБО (макулдашуу менен) | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 17 | Мектеп окуучуларына, ИИОнун ЖӨИИде каттоодо турган жашы жетпегендерге тааныштыруу экскурсиясын уюштуруу, анын жүрүшүндө төмөнкүдөй иш-чараларды өткөрүү:<br>- жогорку жана орто атайын окуу жайларга, кесиптик лицейлерге экскурсия, келечекте кесип тандоо максатында ошол окуу жайлардын окуу процесстери менен тааныштырууну;<br>- окуу жайларында таанышуу лекциялары, аңгемелешүүлөр, студент жаштар менен биргеликте спорттук мелдештерди;<br>- жогорку жана орто атайын окуу жайлардын жетекчилери менен жолугушууну | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ББжИМ, ИИМ | |
| 18 | «Ачык эшиктер күнү» иш-чарасынын алкагында Киргиз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин аскердик бөлүктөрүнө, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын бөлүктөрүнө жаштарды жана билим берүү мекемелеринин окуучуларын алып баруу | 2016-ж. декабрь айы жана 2017-ж. май айларында | КР ББжИМ, ИИМ, КИМК, ЖДТжСМА | |
| 19 | Республиканын айылдык мектептеринин 6-11-класстарынын окуучуларынын арасында «Коопсуз багыт (маршрут)» программасын жайылтуу (ВИЧ, баңгиликти жана спирт ичимдиктерин ичүүнү алдын алуу) | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ССМ, ББжИМ, ИИМ | |
| 20 | Кароосуз жана көзөмөлсүз калган жашы жетпегендерди, ынтымагы жок үй-бүлөлөрдү табуу максатында билим берүү, саламаттыкты сактоо органдарынын (эксперттик жардам), жаштар иштери боюнча аймактык бөлүмдөрдүн, балдардын иши боюнча комиссиянын (БИК), үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүнүн (ҮБКБ), коомчулуктун жана ЖМКнын өкүлдөрү менен биргеликте «Багуусуз бала», «Камкордук», «Өспүрүм» аттуу алдын алуу иш-чараларын өткөрүү | ай сайын | КР ИИМ, ББжИМ, ССМ, ЭжСӨМ, ЖДТжСМА | |
| 21 | Компетенциянын чегинде катаал турмуштун кырдаалында, анын ичинен кыйын шартта эмгектенген, окубаган жашы жетпегендерди жана катаал турмуштун кырдаалындагы үй-бүлөлөрдү табуу боюнча чараларды көрүү | чейрек сайын | КР ЭжСӨМ, ИИМ, ББжИМ, ЖӨАБО | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 22 | Зордук зомбулукка кабылган жаш өспүрүмдөрдү реабилитациялоо боюнча атайын алдын ала иш-мерчемдерин уюштуруу | квартал сайын | КР ИИМ, ЭжСӨМ, ББжИМ, ЖДТжСМА | |
| 23 | «Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 12-беренелеринин талаптарын натыйжалуу аткарылышын камсыздоо | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ССМ, ББжИМ, ИИМ, ЖДТжСМА | |
| 24 | Темир жолдордо укук бузууларга жол бербөө, темир жолго жакын жерлерде жаштардын жана жашы жетпегендердин коопсуздугун сактоо максатында ИИОнун ЖӨИИ билим берүү уюмдары жана жаштар иштери боюнча аймактык бөлүмдөрү менен биргеликте иш-чараларды өткөрүү | ай сайын | КР ИИМ, ББжИМ, ЖДТжСМА | |
| 25 | Экстремизмдин коомдогу коркунучун, өзгөчө улуттар аралык, диндер аралык арыздашуулардын коркунучтуулугун түшүндүрүү боюнча баардык типтеги билим берүү мекемелеринде класстык сааттарды мезгилдүү өткөрүүнү уюштуруу | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ИИМ, ББжИМ, ЖДТжСМА | |
| 26 | Өз өмүрүн кыюунун факторлорун таанып билүү боюнча социалдык багыт боюнча иш жүргүзгөн, психологдорду, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүн жана башка адистерди окутуу | чейрек сайын | КР ССМ | |
| 27 | Психоактивдүү заттарды колдонуучу окуучуларды аныктап, аларды «тобокел тобуна» киргизүү менен психокоррекциялык иштерди жүргүзүү | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ССМ | |
| 28 | Жүрүм-турумунда өз өмүрүн кыюу белгилери байкалса, эффективдүү жана жеткиликтүү психолог-психиатрдын жардамын уюштуруу | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ССМ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 29 | Алгачкы алдын алуунун алкагында Республикалык наркология борбордун базасында адистер тарабынан төмөнкүлөргө окутуучу семинарлардын жана тренингдердин циклин өткөрүүнү уюштуруу:<br>- билим берүү уюмдарынын жаштар лидерлерине;<br>- педагогдорго;<br>- психологдорго;<br>- социалдык кызматкерлерге;<br>- ЖӨИИ тескөөчүлөрүнө;<br>- Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медицина кызматкерлерине;<br>- жаштар менен иштеген бей өкмөт уюмдарынын кызматкерлерине | өзүнчө графикке ылайык макул-дашуу боюнча | КР ССМ, ИИМ, ББжИМ, ЭжСӨМ, ЖДТжСМА | |
| 30 | Окуучулар арасындагы өз өмүрүн кыюу белгилерин жана дистресс абалын аныктоо боюнча мектеп психологдорун окутуу үчүн семинар-тренинг өткөрүү | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ССМ | |
| 31 | Жашы жетпегендердин арасында укук бузууларды алдын алуу, сергек жашоо образын үгүттөө жана психоактивдүү заттарды колдонууну алдын алуу боюнча жаштардын жана жашы жетпегендердин арасында маалыматтык-билим берүү материалдарын иштеп чыгуу жана жайылтуу | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ССМ, ИИМ, ББжИМ, ЖДТжСМА | |
| 32 | Менчиктик түрүнө карабастан социалдык балдар мекемелерине жеткирилген жашы жетпегендерге көрсөтмөлөрү боюнча медициналык-психологиялык текшерүү жүргүзүү | өзүнчө графикке ылайык макул-дашуу боюнча | КР ССМ, ББжИМ, ЭжСӨМ, ИИМ | |
| 33 | Балдарды жол-унаа кырсыктарынан алдын алуу үчүн жол кыймылынын эрежелерин пропагандалоо иш-чараларын, ЖКЖТ (ЮИДД) кошуунунун кароо-сынактарын, «Көңүл бургула балдар!» бир айлыгын өткөрүү | квартал сайын | КР ИИМ, ББжИМ, ССМ | |
| 34 | «Мен - Мекендин коргоочусумун» республикалык аскердик-патриоттук сынагын өткөрүү | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР КИМК, ББжИМ, ИИМ, ЭМжЖМ | |
| 35 | Ички жана тышкы мигранттардын балдарын аныктоо боюнча тиешелүү иш-чараларды өткөрүү | октябрь 2016-ж. | КР ИИМ, ЭжСӨМ, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен) | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 36 | Жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы энергетикалык суусундуктарды, насвай, тамеки тартууну, алкоголдук ичимдиктерди, СПАЙС, баңги заттарын пайдалануу маселелери боюнча алдын алуу иштерин уюштуруу | ар дайым | КР ББжИМ, ССМ, ИИМ, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен) | |
| 37 | Жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун кесепеттери тууралуу, социалдык роликтерди даярдоо жана жергиликтүү телеканалдардан көрсөтүү | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ЖДТжСМА, ММжТМ | |
| 38 | Жаштар борборлорунун базасында жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту болтурбоо жана алдын алуу боюнча семинар, тегерек столдорду уюштуруу | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ЖДТжСМА | |
| 39 | Өспүрүмдөр арасындагы өз өмүрүн кыюунун жана кылмыштуулуктун себептерин аныктоо боюнча республикалык изилдөө иштерин өткөрүү | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ЖДТжСМА, ССМ, ИИМ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу СИУИ (макулдашуу менен) | |
| 40 | Жүрүм-туруму оор өспүрүмдөрдүн эс алуусун камсыз кылуу максатында жалпы-спорттук мелдештерди жана иш-чараларды уюштуруу | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ЖДТжСМА, ЖМА, ЖӨАБО (макулдашуу менен), ББжИМ | |
| 41 | Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен мамлекеттик агенттиктин спорттук окуу жайларында жана Ш.Сыдыков атындагы ОРРОЖдо (РУОР) «Ювеналдык юстиция» боюнча семинар өткөрүү | ноябрь 2016-ж. | КР ЖДТжСМА, ББжИМ | |
| 42 | Жаштардын жана жашы жетпегендердин арасында баңги заттарды, аракты жана тамекини колдонуу көйгөйлөрү тууралуу ЖМКга кеңири чагылдыруу | 2016-2017-окуу жылынын ичинде | КР ССМ, ИИМ, ББжИМ, ЖДТжСМА | |
| 43 | Билим берүүчү уюмдарынын окуучулары ортосунда аскердик патриоттук ырларды өткөрүүгө республикалык конкурсту өткөрүү | апрель 2015-ж. | КР КК ГШ, ББжИМ, ЭМжЖМ | |

# Бөлүм V.
# Өрт коопсуздугуна, эмгек коопсуздугуна жана жарандык коргоо боюнча ишмердикти уюштурууга талаптар

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2018-жылдын 24-майы № 54*

## Жарандык коргонуу жөнүндө

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамды жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам тынчтык жана согуш мезгилиндеги өзгөчө кырдаалдарда Кыргыз Республикасынын калкын жана аймагын жарандык коргонуу жаатында келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салат.

Кыргыз Республикасынын бардык жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар жүргөн убактысына карабастан өзгөчө кырдаалдардан корголууга тийиш.

**2-берене. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

1) **Жарандык коргонуу** - Кыргыз Республикасынын калкын, материалдык жана маданий баалуулуктары менен аймактарын тынчтык жана согуш мезгилинде өзгөчө кырдаалдардан коргонууга даярдоо боюнча жана коргонуу боюнча мамлекеттик жалпы иш-чаралар тутумунун курамдык бөлүгү;

2) **Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму** - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, коомдук бирикмелеринин жана ыктыярдуу уюмдарынын башкаруу органдары, күчтөрү жана каражаттары анын элементи болуп саналган, тынчтык жана согуш мезгилдерде калкты жана өлкөнүн аймагын өзгөчө кырдаалдардан коргоо боюнча функцияларды аткаруучу жалпы мамлекеттик тутум. Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму өзүнө Кыргыз Республикасынын Кырсыктын тобокелдигин азайтуу боюнча улуттук платформасын камтыйт;

3) **Кыргыз Республикасынын Кырсыктын тобокелдигин азайтуу боюнча улуттук платформасы** - мамлекеттик түзүмдөрдү, жеке секторду жана жарандык коомду кошуп алганда бардык кызыкдар тараптардын катышуусу менен көп тармактуу жана дисциплиналар аралык мүнөзгө ээ болгон кырсыктын тобокелдигин азайтуу чөйрөсүндөгү координациялоонун жана стратегиялык жетектөөнүн улуттук механизми;

4) **өзгөчө кырдаал** - адам курмандыктарына, адамдардын саламаттыгына же айлана-чөйрөгө зыян келтирүүгө, олуттуу материалдык чыгымдарга жана адамдардын жашоо аракет шартынын бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон же алып келген коркунучтуу жаратылыш же техногендик кубулуштун, авариянын, апааттын, табигый же башка кырсыктын, учурдагы кыйратуу каражаттарынын натыйжасында Кыргыз Республикасынын белгилүү бир аймагында түзүлгөн кырдаал;

5) **өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу** - өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу тобокелдигин мүмкүн болушунча максималдуу азайтууга, адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоого, алар түзүлгөн учурда зыяндын өлчөмүн азайтууга багытталган күн мурунтан жүргүзүлүүчү иш-чаралардын комплекси;

6) **өзгөчө кырдаалдарды жоюу** - өзгөчө кырдаалдарды пайда кылган факторлордун аракетин чектөө жана токтотуу, өзгөчө кырдаалдар келип чыккан

учурда жүргүзүлүүчү жана адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоого, зыяндын өлчөмүн азайтууга багытталган авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштар;

7) **өзгөчө кырдаал зонасы** - өзгөчө кырдаал келип чыккан аймак;

8) **өзгөчө жана кризистик кырдаалдардагы коопсуздук** - өлкөнүн калкын, аймактарын, объекттерин жана инфратүзүмүн тынчтык жана согуш мезгилиндеги өзгөчө кырдаалдын таасиринин натыйжасында келип чыгуучу коркунучтардан коргогон, гендердик жана демографиялык муктаждыктарды эске алуу менен калктын жашоо-тиричилигин биринчи кезекте камсыз кылган абал;

9) **Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу Жарандык коргонуу жаатындагы милдеттерди чечүүгө атайын ыйгарым укуктуу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы;

10) **уюмдар** - коргоо, экономикалык жана социалдык мааниге ээ же тынчтык жана согуш мезгилинде өзгөчө кырдаалдын келип чыгуу тобокелдигинин жогорку даражадагы коркунучун билдирген объекттери бар уюмдар (менчигинин түрүнө карабастан мекемелер, ишканалар, чарба жүргүзүү объекттери);

11) **Жарандык коргонуу боюнча комиссия** - Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды уюштурууга жана аткарууга арналган Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумунун туруктуу иштеген координациялоочу органы;

12) **Жарандык коргонуу кызматы** - ишинин тармагы бирдей жана Жарандык коргонуунун атайын иш-чараларынын конкреттүү түрүн биргеликте өткөрүүгө жарамдуу болгон башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын, менчигинин түрүнө жана ведомстволук тиешелүүлүгүнө (баш ийүүчүлүгүнө) карабастан уюмдардын жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн күчтөрүнүн жана каражаттарынын уюштуруу-техникалык бирикмеси;

13) **Жарандык коргонуу күчтөрү** - Жарандык коргонуунун аскерлери, бөлүмдөрү жана түзүлүштөрү;

14) **Жарандык коргонуу каражаттары** - адамдарды куткаруу жана авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды аткарууга арналган атайын курулмалар, техникалар, шаймандар, жабдуулар, жабдыктар, байланыш, коргонуу жана жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүү каражаттары, материалдык-техникалык каражаттардын запастары;

15) **Жарандык коргонуу аскерлери жана бөлүмдөрү** - тынчтык жана согуш мезгилинде Жарандык коргонуу маселелерин чечүү үчүн атайын даярдалган Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аскердик бөлүктөрү, бирикмелери жана бөлүмдөрү;

16) **Жарандык коргонуу түзүлүшү** - аймактык-тармактык принцип боюнча уюмдардын базасында түзүлүүчү, атайын техникасы жана мүлкү бар, тынчтык жана согуш мезгилиндеги өзгөчө кырдаалдарда алдын алуучу, авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды аткаруу үчүн даярдалган түзүлүштөр, анын ичинде ыктыярдуу негизде түзүлүүчү коомдук бирикмелер;

17) **согуш мезгилинде Жарандык коргонуу боюнча топко киргизилген аймак** - Жарандык коргонуу жаатында олуттуу коргоо, экономикалык мааниге ээ болгон шаар же башка калктуу конуш жайгашкан аймак;

18) **өзгөчө кырдаал зонасында калктын жашоо-тиричилигин биринчи кезекте камсыз кылуу** - калктын сууга, тамак-аш азыктарына, өтө керектүү буюмдарга, медициналык кызмат көрсөтүүлөргө жана каражаттарга, коммуналдык-тиричилик кызмат көрсөтүүлөрүнө, турак жайга, транспорттук жана маалыматтык камсыз кылууга болгон биринчи кезектеги муктаждыктарын өз убагында канааттандыруу;

19) **Жарандык коргонуунун башкаруу органдары** - тынчтык жана согуш мезгилинде Жарандык коргонуу иш-чараларын жетектөөнү жүзөгө ашыруучу жана аткарууну камсыз кылуучу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, уюмдар;

20) **кырсык** - адамдардын алсыздыгын күчөтүүчү, көптөгөн адам курмандыктарына жана масштабдуу экологиялык зыяндарга алып келүүчү, коомдун мүмкүнчүлүктөрүн өзүнүн ресурстарынын эсебинен гана чечүүнү арттыруучу коомдун иштешинин олуттуу бузулушу;

21) **кырсык тобокелдиги** - кырсыктын натыйжасында адамдарды жоготууну, материалдык, экономикалык жана экологиялык чыгымдарды билдирген мүмкүн болгон жоготуулар;

22) **кырсык тобокелдигин азайтуу** - калктын жана аймактардын кырсыктын коркунучтарына кабылуусун азайтуу боюнча чаралардын комплекси, тобокелдиктин жана жаратылышты рационалдуу пайдалануунун себептүү факторлорун системалуу, талдоонун жана контролдоонун негизинде өзгөчө кырдаалдарга даярдыкты жогорулатуу;

23) **эвакуация** - өзгөчө кырдаалдын же өзгөчө кырдаал болушу мүмкүн болгон зоналардан калкты уюшкандыкта ташып чыгаруу (чыгып кетүү) жана аны биринчи кезектеги жашоо-тиричилик жагын камсыз кылуу шарттары боюнча күн мурунтан даярдалып коюлган (өзгөчө кырдаалдар булагынын зыян келтирүүчү факторлорунун аракет зоналарынан тышкары) коопсуз райондорго (жерлерге) кыска мөөнөттө жайгаштыруу боюнча иш-чаралар комплекси;

24) **калкты башка жерге көчүрүү** - өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана ал келип чыкканда адамдарды түпкүлүгү кооптуу участоктордон коопсуз райондорго убактылуу же жаңы жашай турган жерге көчүрүүнү жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар комплекси;

25) **өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү жана божомолдоо** - жаратылыш, техногендик процесстердин, кубулуштардын абалын жана өзгөрүүлөрүн байкоого алуу, талдоо, баалоо жана алардын өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга багытталган өнүгүүсүн божомолдоо боюнча иш-чаралардын жыйындысы;

26) **өзгөчө кырдаалдарга комплекстүү мониторинг жүргүзүүнүн жана аларды божомолдоонун тутуму** - өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү жана аларды божомолдоо боюнча функционалдуу-тармактык түзүмдөрдү жана кызматтарды бириктирүүчү тутум;

27) **түпкүлүгү кооптуу объект** - өзгөчө кырдаалдар булагынын келип чыгышынын реалдуу коркунучун жаратуучу өрткө жана жарылуу жагынан кооптуу, радиоактивдүү, химиялык, биологиялык жана уулуу коркунучтуу заттарды анда пайдалануучу, өндүрүүчү, кайра иштетүүчү, сактоочу же ташуучу объект, белгилүү бир жагдайларда өзгөчө кырдаалдын келип чыгышынын реалдуу коркунучун түзүшү мүмкүн болгон инженердик-техникалык, ошондой эле башка курулмалар жана объекттер;

28) **түпкүлүгү кооптуу участок** - тез өөрчүй турган кооптуу жаратылыш кубулуштарынын келип чыгуу тобокелдигине дуушарлануучу, өзгөчө кырдаалдар келип чыгышынын коркунучун божомолдоо жана өзгөчө кырдаалдардын социалдык-экономикалык кесепеттерине баа берүү аркылуу көрсөтүлгөн аймакка киргизилген аймак (жер, суу же аба мейкиндиги);

29) **авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштар** - өзгөчө кырдаалдар зонасында адамдарды куткарууга жана аларга жардам көрсөтүүгө, зыян келтирүүчү таасирлердин очогун чектөөгө жана токтотууга, экинчи зыян келтирүүчү факторлордун келип чыгышынын алдын алууга, материалдык жана маданий баалуулуктарды коргоого жана куткарып калууга багытталган биринчи кезектеги жумуштар;

30) **Жарандык коргонуу жаатында калкты даярдоо** - калктын бардык топторунун өзгөчө кырдаалдарда жана согуштук жаңжалдарда келип чыгуучу коркунучтардан коргоо боюнча билимдерге жана ыктарга үйрөнүү, ошондой эле практикалык көндүмдөргө ээ болуу боюнча ишин уюштуруунун максатка багытталган процесси.

**3-берене. Жарандык коргонууну уюштуруу жана жүргүзүү принциптери**

1. Жарандык коргонуу ишин уюштуруу жана жүргүзүү мамлекеттин бирден бир өтө маанилүү иш-милдеттеринин бири, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуунун курамдык бөлүгү болуп саналат. Кыргыз Республикасында Жарандык коргонуу аймактык-тармактык принцип боюнча уюштурулат жана жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында Жарандык коргонууну уюштуруу жана жүргүзүү Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму администрациялык-аймактык бирдиктердин базасында түзүлүүчү аймактык тутумчадан, министрликтердин жана ведомстволордун базасында түзүлүүчү тармактык тутумчадан, Жарандык коргонуу жаатында атайын милдеттерди чечүү үчүн түзүлүүчү атайын тутумчалардан турат.

2. Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды пландоо жана жүзөгө ашыруу Жарандык коргонуунун башкаруу органдары тарабынан экономикалык, жаратылыш жана башка мүнөздөмөлөрдү, калктын ар кандай топторунун демографиялык, гендердик, маданий өзгөчөлүктөрүн, аймактардын өзгөчөлүктөрүн жана өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучунун даражасын эске алуу менен жүргүзүлөт.

Жарандык коргонуу боюнча иш-чаралар планы бар болгон күчтөрдүн жана каражаттардын зарыл жетиштүүлүк жана пайдалануу принциптерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Жарандык коргонуу боюнча иш-чаралар мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын күчтөрү жана каражаттары менен жүзөгө ашырылат.

Согуш мезгилинде мамлекетти Жарандык коргонууга даярдоо Жарандык коргонуунун башкаруу органдары тарабынан күн мурунтан, тынчтык мезгилинде - куралдардын, аскердик техниканын жана согуш аракеттерин жүргүзүүдө же ушул аракеттердин натыйжасында пайда болуучу коркунучтардан калкты коргонуу каражаттарынын өнүккөндүгүн эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында же айрым жерлеринде Жарандык коргонууну тынчтык мезгилден согуш мезгилине которуу Кыргыз Республикасынын Президенти согуш абалын жарыялаган учурдан же согуш аракеттери иш жүзүндө башталган учурдан тартып башталат.

**4-берене. Жарандык коргонуу жаатындагы укуктук жөнгө салуу**

Жарандык коргонуу жаатындагы укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылат.

**5-берене. Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму**

1. Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумунун иштөө тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

2. Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумунун милдеттери:

1) өзгөчө кырдаалдардан Кыргыз Республикасынын калкын жана аймактарын коргоону камсыз кылуу боюнча ар түрдүү топтордун демографиялык жана гендердик өзгөчөлүктөрүн эске алган укуктук ченемдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

2) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга, өндүрүштүк жана социалдык багыттагы объекттердин өзгөчө кырдаалдарда иштөөгө туруктуулугун жогорулатууга багытталган максаттуу жана илимий-техникалык программаларды жүзөгө ашыруу;

3) Жарандык коргонууну башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын күчтөрүнүн жана каражаттарынын даярдыгын камсыз кылуу;

4) өзгөчө кырдаалдардын социалдык-экономикалык кесепеттерин божомолдоо жана аларга баа берүү;

5) Жарандык коргонуу жаатындагы маалыматтарды чогултуу, иштетүү, алмашуу жана берүү;

6) мамлекеттик органдардын, бардык деңгээлдердеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын жетекчилерин, кызматкерлерин даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

7) калкты өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүүгө үйрөтүү;

8) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кырсык тобокелдигин азайтуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

9) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу үчүн финансылык жана материалдык резервдерди караштыруу;

10) Жарандык коргонуу жаатында контролду жана мамлекеттик экспертизаны, өнөр жай, тоо-кен, өрт коопсуздугун контролдоону жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу;

11) Кыргыз Республикасынын калкын жана аймактарын өзгөчө кырдаалдардан коргоо жаатындагы эл аралык кызматташуу;

12) баш калканчтарды жана радиацияга каршы калканчтарды, башкаруунун запас пункттарын, тынчтык жана согуш мезгилинде келип чыгуучу коркунучтар тууралуу сигналдарды калкка өз убагында жеткирүү үчүн байланыш жана кабарлоо тутумдарын түзүү жана даярдыкта кармоо;

13) өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда мал чарбачылыгын, өсүмдүктөрдү, азык-түлүктөрдү, тамак-аш чийки затын, жем-чөптү, суу булактарын жана суу менен камсыз кылуу тутумдарын коргоо;

14) өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу;

15) калкты, материалдык жана маданий баалуулуктарды коопсуз райондорго эвакуациялоо;

16) өзгөчө кырдаалдар мезгилинде, ошондой эле убактылуу жайгаштыруу жерлеринде аялдардын жана балдардын аялуулугун азайтуу жана аларга карата зомбулуктун алдын алуу;

17) коммуналдык-техникалык кызматтарды жана коммуникацияларды калыбына келтирүү;

18) медициналык жардам көрсөтүү, калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;

19) өзгөчө кырдаалдарда авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүү;

20) радиоактивдүү, химиялык, биологиялык жана башка ууланууга кабылган райондорду табуу жана белгилөө;

21) калкты санитардык тазалоо, техниканы, имараттарды жана башка объекттерди зыянсыздандыруу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

22) жарык жана маскировкалоонун башка түрлөрү боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

23) жаратылыш жана техногендик мүнөздөгү мүмкүн болгон өзгөчө кырдаалдардан калк жана аймактар үчүн тобокелдикти баалоо боюнча изилдөөлөрдү жүзөгө ашыруу;

24) өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү жана аны божомолдоо;

25) Кыргыз Республикасынын Кырсыктын тобокелдигин азайтуу боюнча улуттук платформанын алкагында кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча иш-чараларга бардык кызыкдар тараптарды тартууну уюштуруу;

26) калкты жана аймактарды өзгөчө кырдаалдардан коргоо максатында башка иш-чараларды жүргүзүү.

3. Тынчтык убагында Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумунун төмөнкүдөй иштөө режими белгиленет:

1) күндөлүк иш режими - нормалдуу өндүрүштүк, радиациялык, химиялык, биологиялык (бактериологиялык), сейсмикалык жана гидрометеорологиялык кырдаалда;

2) күчөтүлгөн даярдык режими - өндүрүштүк, радиациялык, химиялык, биологиялык (бактериологиялык), сейсмикалык жана гидрометеорологиялык кырдаал начарлаганда же өзгөчө кырдаалдын келип чыгуу мүмкүндүгү тууралуу божомол алынганда;

3) өзгөчө кырдаал режими - өзгөчө кырдаал пайда болгондо жана анын кесепеттерин жоюу учурунда.

Жарандык коргонуунун тынчтык жана согуш мезгилиндеги иштөө режимин киргизүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**6-берене. Жарандык коргонуунун байкоо жана лабораториялык контролдоо тармагы**

Айлана-чөйрөнүн (ачык көлмөлөрдүн, абанын, кыртыштын жана өсүмдүктөрдүн), тамак-аш азыктарынын, тамак-аш чийки заттарынын, жем-чөптөрдүн жана суунун радиоактивдүү, ууландыруучу жана күчтүү таасир этүүчү уу заттар, биологиялык (бактериологиялык) жана башка заттар менен булганышына байкоо жана лабораториялык контролдоо үчүн, ошондой эле эпидемиялардын, эпизоотиялардын, эпифитотиялардын жана башка жугуштуу оорулардын келип чыгышын контролдоо үчүн Жарандык коргонуунун байкоо жана лабораториялык контролдоо тармагы түзүлөт.

Жарандык коргонуунун байкоо жана лабораториялык контролдоо тармагынын курамына гигиеналык жана эпидемиологиялык борборлор, ветеринардык лабораториялар жана станциялар, агрохимиялык лабораториялар, айлана-чөйрөнү аналитикалык контролдоо боюнча лабораториялар, радиациялык жана химиялык байкоо посттору, ошондой эле объект лабораториялары жана башка уюмдар кирет.

Жарандык коргонуунун байкоо жана лабораториялык контролдоо тармагын түзүү жана анын иш тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

## 2-глава. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктары, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын милдеттери, калктын Жарандык коргонуу жаатындагы укуктары жана милдеттери

**7-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктары**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) Жарандык коргонуу жаатындагы мамлекеттик бирдиктүү саясатты аныктайт;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик программаларын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзам-

дарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорунун негизинде жана аларды аткаруу үчүн Жарандык коргонуу жаатындагы концепцияларды, стратегияларды жана программаларды бекитет;

3) Жарандык коргонуу жаатында илимий изилдөөлөрдү иштеп чыгууну жана жүргүзүүнү, атайын программаларды аткарууну уюштурат;

4) Жарандык коргонуу кызматтарынын тизмегин аныктайт жана алардын милдеттерин, иш-милдеттерин, иш тартибин, Жарандык коргонуу жаатында аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана уюмдардын укуктарын жана милдеттерин аныктайт, Жарандык коргонуунун республикалык кызматтарын түзүү жөнүндө чечим кабыл алат;

5) Жарандык коргонуунун муктаждыктары үчүн мамлекеттик финансылык жана материалдык резервдерди түзүүнү камсыз кылат, ошондой эле аларды пайдалануу тартибин аныктайт;

6) республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен Жарандык коргонуунун кечиктирилгис иш-чараларын каржылоо маселелерин чечет;

7) ири масштабдуу өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуга жетекчилик кылуу жөнүндө жана алар келип чыккан учурда мамлекеттик жардам көрсөтүү жөнүндө чечим кабыл алат;

8) аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын жана Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосунда Жарандык коргонуу жаатындагы маалыматтарды топтоо жана алмашуу тартибин аныктайт;

9) Жарандык коргонуу түзүлүштөрүн түзүү жана иш тартибин аныктайт;

10) өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдарга жана балдарга карата зомбулук тобокелдиктерин азайтуу боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле башка уюмдардын жана жарандардын өз ара аракеттенүү тартибин аныктайт;

11) аймактардын анда жашап жаткан калктын санына жана өлкөнүн экономикасында олуттуу роль ойногон же калктын коопсуздугуна таасирин тийгизген уюмдардын, ошондой эле мамлекеттин экономикасындагы ролуна же калктын коопсуздугуна тийгизген таасирине жараша, Жарандык коргонуу боюнча категориялардагы уюмдардын бар болуусуна жараша Жарандык коргонуу боюнча топторго киргизүү тизмегин жана тартибин аныктайт;

12) калкты, материалдык жана маданий баалуулуктарды коопсуз райондорго эвакуациялоо жана көчүрүү тартибин аныктайт;

13) Жарандык коргонуу жаатындагы маселелерге калкты үйрөтүү тартибин аныктайт;

14) Жарандык коргонуунун коргоо курулмаларын жана башка объекттерин куруу тартибин, ошондой эле Жарандык коргонуу максатында материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык жана башка каражаттардын запастарын топтоо, сактоо жана пайдалануу тартибин аныктайт;

15) Жарандык коргонууну даярдыкка келтирүү тартибин аныктайт;

16) өзгөчө кырдаалдардын классификациясын жана аларды баалоо критерийлерин белгилейт;

17) Жарандык коргонуу аскерлеринин аскер кызматчыларынын штаттык санын жана Жарандык коргонуу аскерлери жөнүндө жобону бекитет;

18) өзгөчө кырдаалдардан тобокелдиктерди жана зыянды баалоо тартибин аныктайт;

19) өзгөчө кырдаалдарга комплекстүү мониторинг жүргүзүү жана божомолдоо тутумун түзүү жана иштөө тартибин аныктайт;

20) авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүүгө чыгымдарды компенсациялоо тартибин аныктайт;

21) Жарандык коргонуу жаатында мамлекеттик экспертизаны, контролду жана көзөмөлдү жүзөгө ашыруу тартибин белгилейт;

22) Жарандык коргонуу жаатында эскертүүлөрдү берүү тартиби жөнүндө жобону бекитет;

23) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуу жаатындагы башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**8-берене. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары**

1. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аскердик мекеме болуп саналат жана аскер кызматчылары, мамлекеттик кызматчылар, кызматчылар (мындан ары - Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлер) жана тейлөөчү кенже персонал менен комплекттелет.

2. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери символикасы жана айырмалоо белгилери бар атайын жана ведомстволук форма менен камсыз кылынат. Атайын техника Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү символика жана атайын сигналдар менен жабдылат.

3. Дайыма даярдыктагы күчтөр болуп Жарандык коргонуунун аскерлери жана Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмдөрү саналат.

4. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:

1) Жарандык коргонуу жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашырууга катышат;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча Жарандык коргонууну уюштуруу жана жүргүзүү боюнча чараларды жүзөгө ашырат;

3) министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана менчигинин түрүнө карабастан уюмдар тарабынан аткарууга милдеттүү болуп саналган Жарандык коргонуу жаатындагы жазма буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү берет;

4) Жарандык коргонуу жаатында берилген жазма буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү аткарбоо фактысы боюнча күнөөлүү жеке жана юридикалык жактарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө тиешелүү органдарга кабарлайт;

5) Жарандык коргонуу жаатында, ошондой эле өзгөчө кырдаалдар учурунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ченемдерди, эрежелерди жана стандарттарды бузгандыгы үчүн кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жана укук коргоо органдарына сунуш киргизет;

6) Жарандык коргонуу жаатында бардык деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын ишин мамлекеттик башкарууну жана координациялоону жүзөгө ашырат;

7) Жарандык коргонуу жаатындагы маалыматтарды чогултууну жана иштеп чыгууну, ошондой эле аларды алмашууну белгиленген тартипте жүзөгө ашырат;

8) Жарандык коргонуу жаатында Жарандык коргонуунун башкаруу органдарын, күчтөрүн, уюмдарды жана калкты даярдоону жана кайра даярдоону уюштурат жана координациялайт;

9) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кырсыктын тобокелдигин азайтуу боюнча иш-чараларды координациялайт жана жүргүзөт;

10) Жарандык коргонуу жаатындагы концепцияларды, стратегияларды, максаттуу программаларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну уюштурат;

11) калкты жана аймактарды коргоо боюнча атайын превентивдүү иш-чараларды, авариялык-калыбына келтирүү жумуштарын жана башка иш-чараларды жүргүзөт;

12) жеке коргонуу каражаттарын, химиялык жана дозиметриялык контролдоо приборлорун түзөт жана урунат;

13) жаратылыш, техногендик жана башка коркунучтарга комплекстүү мониторинг жүргүзүү жана божомолдоо тутумунун иштөөсүн уюштурат;

14) калктын жашоо-тиричилигин, ошондой эле эл аралык уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын аймагында Кырсыктын тобокелдигин азайтуу боюнча улуттук платформанын катышуучуларынын ишин координациялайт жана камсыз кылат;

15) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлерин социалдык жактан коргоону жана камсыздандырууну мыйзамдарга ылайык камсыз кылат;

16) өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда Кыргыз Республикасынын Бирдиктүү маалыматтык-башкаруу тутумун, өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу же келип чыгышы жөнүндө кабарлоо тутумун түзөт жана туруктуу даярдыкта кармайт.

5. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын билим берүү уюмдары Жарандык коргонуу жаатындагы адистерди окутуу, даярдоо жана кайра даярдоо максатында түзүлөт.

6. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын билим берүү уюмдарынын башкы милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Жарандык коргонуу жаатындагы адистерди окутуу, даярдоо жана кайра даярдоо;

2) Жарандык коргонуу жаатындагы адистердин кесиптик жактан өсүшү жана квалификациясын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү;

3) Жарандык коргонуу жаатындагы ишти өркүндөтүүнүн актуалдуу көйгөйлөрү боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү.

7. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана анын аймактык органдарынын ыйгарым укуктары, укуктары жана милдеттери, алар Жарандык коргонуу жаатындагы ченемдик жөнгө салууну, ошондой эле атайын, уруксат берүүчү, көзөмөлдөөчү жана контролдоочу иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү ушул орган жөнүндө Жобо менен аныкталат.

**9-берене. Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин жана администрациялык ведомстволорунун Жарандык коргонуу жаатындагы милдеттери**

1. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери жана администрациялык ведомстволору Жарандык коргонуу жаатындагы маселелерди чечүү үчүн өздөрүнө бөлүнгөн акча каражаттарынын жана штаттык сандын чегинде бөлүмдөрдү (адистерди) түзөт.

2. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери жана администрациялык ведомстволору:

1) тынчтык жана согуш мезгилине карата Жарандык коргонуу планын иштеп чыгат жана ишке ашырат, аларды Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;

2) бардык деңгээлдерде жана бардык түзүмдүк бөлүмдөрдө Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзөт, алардын курамын, милдеттерин аныктайт жана алардын ишин координациялайт;

3) тынчтык жана согуш мезгилинде Жарандык коргонууну жүргүзүү үчүн керектүү күчтөрдү жана каражаттарды даярдоону, өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана келип чыккан учурда Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте кызматкерлерди аракеттенүү эрежелерине үйрөтүүнү жүзөгө ашырат;

4) өзгөчө кырдаалдарда тармактардын иштөөсүнүн туруктуулугун жогорулатуу боюнча уюштуруучу жана инженердик-техникалык иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

5) радиациялык, химиялык, медициналык-биологиялык, жарылуу, өрт, экологиялык коопсуздукту, суудагы коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну жана жүзөгө ашырууну, ошондой эле Жарандык коргонуунун инженердик-техникалык иш-чараларын аткарууда өндүрүштүк жана социалдык багыттагы объекттерди долбоорлоодо, курууда жана пайдаланууда ченемдерди жана эрежелерди сактоону камсыз кылат;

6) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана өзгөчө кырдаалдарда авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүү боюнча чараларды республикалык бюджеттин жана жеке каражаттардын эсебинен каржылоону алдын ала караштырат;

7) тынчтык жана согуш мезгилинде экономиканын туруктуу иштөөсү жана калкты коргоо үчүн зарыл болгон объекттерди сактоого багытталган чараларды жүзөгө ашырат;

8) Жарандык коргонуунун башкаруусунун техникалык тутумдарын түзөт жана дайыма даярдыкта кармайт;

9) Жарандык коргонуу максатында тынчтык мезгилде алардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленүүчү материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык жана жеке коргонуу каражаттарынын запастарын түзөт жана кармайт;

10) тармактык чөйрөдө жаратылыш жана техногендик процесстерге мониторинг жүргүзүү, аларды божомолдоо боюнча ишти жүзөгө ашырат;

11) ведомствого караштуу объекттерде келип чыккан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрөт;

12) өзгөчө кырдаалдарда уюмдардын кызматкерлерин коргоо, уюмдардын иштөө коопсуздугун жана туруктуулугун жогорулатуу маселелерин чечүүдө усулдук колдонмону жүзөгө ашырат;

13) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу, уюмдардын кызматкерлерин жана калкты коргоо маселелери боюнча тармактык талаптарды, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгат жана уюмдарга жеткирет.

**10-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Жарандык коргонуу жаатындагы милдеттери**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:

1) Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзөт жана алардын ишин координациялайт;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуу жаатындагы чечимдерди кабыл алат;

3) тынчтык жана согуш мезгилине Жарандык коргонуу пландарын иштеп чыгат жана ишке ашырат жана аларды Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;

4) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте ведомствого караштуу аймакта кырсыктын тобокелдигине мониторинг жүргүзүү, божомолдоо, баалоо жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

5) кооптуу жаратылыш процесстеринин зоналарында жер участокторун бөлүп берүүнүн алдын алуу максатында турак үйлөрдү, администрациялык жана өндүрүштүк имараттарды жана курулмаларды курууга жер участокторун бөлүп берүү жөнүндө чечимди Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;

6) Жарандык коргонууну жүргүзүү үчүн зарыл болгон күчтөрдү жана каражаттарды даярдоону жана даярдыкта кармап турууну жүзөгө ашырат;

7) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте калкты коргонуу ыкмаларына жана өзгөчө кырдаалдардагы аракеттерге үйрөтүүнү уюштурат;

8) өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана ал келип чыкканда эвакуациялоо иш-чараларын жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат жана аларды өткөрүүнү уюштурат;

9) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазма буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыз кылат;

10) түпкүлүгү кооптуу участоктордон калкты көчүрүү боюнча комплекстүү чараларды күн мурунтан көрөт;

11) өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу же келип чыгышы жөнүндө калкка өз убагында кабарлоону камсыз кылат;

12) ведомствого караштуу объекттерде жана аймактарда келип чыккан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрөт;

13) тынчтык мезгилде материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык, жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарынын запастарын түзүү жана даярдыкта кармоо үчүн жыл сайын республикалык бюджетте финансылык каражаттарды караштырат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттери:

1) Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзөт жана алардын ишин координациялайт;

2) Жарандык коргонууну уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жооптуу кызматкерлерди дайындайт;

3) өз компетенцияларынын чектеринде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуу жаатындагы чечимдерди кабыл алат;

4) Жарандык коргонуу пландарын иштеп чыгат жана ишке ашырат, аларды Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;

5) ведомствого караштуу аймакта кырсыктардын тобокелдиктерин божомолдоо, баалоо жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

6) кооптуу жаратылыш процесстер зонасында жер участокторунун бөлүп берилишинин алдын алуу максатында турак үйлөрдү, администрациялык жана өндүрүштүк имараттарды жана курулмаларды курууга жер участокторун бөлүп берүү жөнүндө чечимдерди Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;

7) Жарандык коргонууну жүргүзүү үчүн зарыл күчтөрдү жана каражаттарды даярдоону жана даярдыкта кармоону жүзөгө ашырат;

8) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте калкка өзгөчө кырдаалдарда коргоо жана аракеттенүү ыкмаларын маалымдоону жана үйрөтүүнү жүзөгө ашырат;

9) өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана ал келип чыкканда эвакуациялоо иш-чараларын жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат жана алардын аткарылышын уюштурат;

10) калкты түпкүлүгү кооптуу участоктордон көчүрүү боюнча комплекстүү чараларды күн мурунтан көрөт;

11) өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу жөнүндө же келип чыгышы жөнүндө калкка өз убагында кабарлоону Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте камсыз кылат;

12) ведомствого караштуу объекттерде жана аймактарда келип чыккан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрөт;

13) Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө финансылык каражаттарды жергиликтүү бюджетте караштырат жана бөлүп берет;

14) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазма буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыз кылат.

**11-берене. Жарандык коргонуу жаатындагы уюмдардын милдеттери**

Уюмдар өздөрүнүн объекттеринде:

1) өзүнүн штатында Жарандык коргонуу боюнча адистин кызмат ордун кармайт;

2) Жарандык коргонуу түзүлүштөрүн жана аларды Жарандык коргонуу иш-чараларын жүргүзүүгө даярдыкта кармап турат;

3) тынчтык жана согуш мезгилинде Жарандык коргонуу пландарын иштеп чыгат жана ишке ашырат;

4) түпкүлүгү кооптуу объекттерде кырсыктарга мониторинг жүргүзүү, аларды божомолдоо жана тобокелдигине баа берүү боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

5) тынчтык жана согуш мезгилинде өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, уюмдун туруктуу иштеши боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

6) тынчтык жана согуш мезгилинде өзгөчө кырдаалдар келип чыккан учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте өзүнүн кызматчыларына коргонуу ыкмаларын үйрөтүүнү жүзөгө ашырат;

7) өзгөчө кырдаал келип чыккан учурга карата кабарлоо тутумун түзөт жана алардын туруктуу иштешин камсыз кылат;

8) материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык, жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарынын запастарын түзөт;

9) түпкүлүгү кооптуу объекттерде өзгөчө кырдаалдын жайылуусунун эсептик зонасында жашаган персоналды жана калкты жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылат;

10) өзгөчө кырдаал коркунучу жана анын келип чыгышы тууралуу Жарандык коргонуунун башкаруу органдарына жана калкка токтоосуз маалымдайт;

11) өзүнүн объекттеринин аймагында өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрөт;

12) зарыл болгон учурда Жарандык коргонуунун башкаруу органынын чечими боюнча өзүнүн менчигинде болгон транспорт каражаттарын, шаймандарды жана жабдууларды калкты жана аймакты өзгөчө кырдаалдардан коргоо боюнча милдеттерди аткаруу үчүн берет.

**12-берене. Кыргыз Республикасынын калкынын Жарандык коргонуу жаатындагы укуктары жана милдеттери**

1. Кыргыз Республикасынын калкы төмөнкүдөй укуктарга ээ:

1) өзгөчө кырдаал келип чыккан учурда өмүрүн, саламаттыгын жана жеке мүлкүн сактоого;

2) өзгөчө кырдаалдар зоналарында жүргөн учурда акысыз медициналык тейленүүгө жана дарылануугa;

3) жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын Жарандык коргонуу иш-чараларын аткарууга багытталган мүлкүн пайдаланууга;

4) ыктыярдуу (коомдук) куткаруучу түзүлүштөрүнүн курамына кирүүгө;

5) Кыргыз Республикасынын аймагындагы белгилүү бир жерлерде калктын кабылышы мүмкүн болгон тобокелдиктер жана зарыл коопсуздук чаралары жөнүндө маалымдалууга;

6) Жарандык коргонуу иш-чараларына катышууга.

2. Өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюуга түздөн-түз катышкан калкка өзгөчө кырдаал зоналарындагы жумуштары үчүн компенсацияларды жана жеңилдиктерди алууга белгиленген тартипте укук берилет.

Кыргыз Республикасынын калкына компенсацияларды жана жеңилдиктерди берүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

3. Кыргыз Республикасынын калкы төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) өзгөчө кырдаал коркунучунун учурунда өзүнүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча күн мурунтан чара көрүүгө;

2) күндөлүк иште коопсуздук чараларын сактоого, өзгөчө кырдаалдын келип чыгышына алып келүүчү бузууларга жол бербөөгө;

3) калкты жана аймактарды өзгөчө кырдаалдан коргоо ыкмаларын, алгачкы медициналык жардам көрсөтүү ыктарын, коргонуунун жамааттык жана жеке каражаттарын пайдалануу эрежелерин үйрөнүүгө;

4) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууда жана кесепеттерин жоюуда мамлекеттик бийлик органдарына жана уюмдарга көмөк көрсөтүүгө;

5) Жарандык коргонуунун тиешелүү башкаруу органдарына өзгөчө кырдаалдардын коркунучу же келип чыгышы тууралуу маалымдоого.

### 3-глава. Жарандык коргонуунун башкаруу органдары, Жарандык коргонуу боюнча комиссиялар, Жарандык коргонуу кызматтары

**13-берене. Жарандык коргонуунун башкаруу органдары**

1. Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму үч: республикалык, аймактык жана объекттик деңгээлден турат.

2. Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумуна жетекчилик кылуу төмөнкүдөй жүзөгө ашырат:

1) республикалык деңгээлде - Кыргыз Республикасынын Премьер-министри - Кыргыз Республикасынын Жарандык коргоосунун начальниги. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси Кыргыз Республикасынын Жарандык коргоосунун начальнигинин орун басары болуп саналат;

2) аймактык деңгээлде - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери, мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары - өз аймактарындагы Жарандык коргонуунун начальниктери. Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери аймактык деңгээлдеги Жарандык коргонуунун начальниктеринин орун басарлары болуп саналат;

3) объекттик деңгээлде - уюмдардын жетекчилери - Жарандык коргонуунун начальниктери;

4) тармактык чакан тутумдарда - аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жетекчилери - Жарандык коргонуунун начальниктери.

3. Жарандык коргонуунун башкаруу органдары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) республикалык деңгээлде - Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ошондой эле аткаруу бийлигинин борбордук органдарынын Жарандык коргонуу бөлүмдөрү (кызматкерлери);

2) аймактык деңгээлде - Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү, ошондой эле областтардагы, шаарлардагы аткаруу бийлигинин жергиликтүү органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Жарандык коргонуу бөлүмдөрү (кызматкерлери);

3) объекттик деңгээлде (уюмдарда) - уюмдун жетекчисине түздөн-түз баш ийген, Жарандык коргонуу жаатындагы милдеттерди чечүүгө атайын ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмдөр (айрым кызматкерлер).

Жарандык коргонуунун тармактык тутумчаларында ушул сыяктуу башкаруу органдары менчигинин түрүнө карабастан жетекчинин чечими менен түзүлөт.

**14-берене. Жарандык коргонуу боюнча комиссиялар**

1. Тиешелүү деңгээлдеги, тармактагы жана объекттердеги Жарандык коргонуу боюнча комиссиялар Жарандык коргонуунун туруктуу иштөөчү координациялык органы болуп саналат.

Жарандык коргонуу боюнча комиссия өзүнүн ишин тиешелүү аймакта жайгашкан уюмдардын администрациялары, коомдук уюмдар же алардын калктын, экономиканын, айлана-чөйрөнүн коопсуздугу жаатындагы түзүмдөрү менен тыгыз өз ара аракеттенүү принцибинде курат.

2. Жарандык коргонуу боюнча комиссиянын өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча чечимдери ведомстволук тиешелүүлүгүнө жана менчигинин уюштуруу-укуктук формасына карабастан бардык ведомстволук же тиешелүү аймакта жайгашкан уюмдар, ошондой эле тиешелүү аймакта жашаган калк тарабынан аткарылууга милдеттүү.

3. Жарандык коргонуу боюнча комиссиянын түзүмү жана курамы, анын иш милдеттери ага жүктөлүүчү милдеттерди, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана уюмдун штаттык санын эске алуу менен, ошондой эле тиешелүү аймакта жайгашкан түпкүлүгү кооптуу объекттердин санына, өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу тобокелдигине жана алардын мүмкүн болуучу кесепеттерине жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Жарандык коргонуу боюнча комиссиялар жөнүндө типтүү жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

**15-берене. Жарандык коргонуу кызматтары**

1. Тынчтык жана согуш мезгилдеринде Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды аткаруу үчүн Жарандык коргонуунун республикалык, облустук, райондук жана шаардык кызматтары түзүлөт.

2. Жарандык коргонуу кызматтары төмөнкүлөргө арналган:

1) Жарандык коргонуунун инженердик-техникалык, медициналык жана башка атайын иш-чараларын аткарууга;

2) өздөрүнүн күчтөрүн жана каражаттарын даярдоого;

3) авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис иштерди жүргүзүүдө Жарандык коргонуунун башкаруу органдарынын жана күчтөрүнүн аракетин камсыз кылууга;

4) Жарандык коргонуу боюнча комиссиянын чечимине ылайык атайын тапшырмаларды аткарууга.

3. Жарандык коргонуу кызматтарын түзүү жөнүндө чечимдер, алардын тизмеги жана алар жөнүндө жоболор тиешелүү деңгээлдерде өздөрүнүн ыйгарым укуктарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик органдар,

жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана уюмдардын жетекчилери тарабынан кабыл алынат.

**4-глава. Жарандык коргонуу күчтөрү**

**16-берене. Жарандык коргонуу күчтөрү**

1. Жарандык коргонуу аскерлери жана бөлүмдөрү көп тармактуу, жогорку натыйжалуу, оптималдуу сандагы, куткаруучу күчтөрдүн уюштуруучу өзөгүн түзүүчү куткаруучу тутум болуп саналат.

2. Жарандык коргонуу аскерлеринин жана бөлүмдөрүнүн милдеттери:

1) Жарандык коргонуу аскерлерин жана бөлүмдөрүн өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, чара көрүү жана кесепеттерин жоюу боюнча милдеттерди аткарууга дайыма даярдыкта кармоо;

2) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабы менен өз ара аракетте согуш мезгилине карата даярдык жана жайгаштыруу боюнча мобилизациялык иш-чараларды уюштуруу жана жүргүзүү;

3) кесипкөй жана ыктыярдуу куткаруучу түзүлүштөрдү түзүү, даярдоо;

4) тынчтык жана согуш мезгилинде авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды кеңитип түзүүгө жана жүргүзүүгө арналган курал-жаракты, техниканы, башка материалдык-техникалык каражаттарды топтоо, жайгаштыруу, сактоо жана өз убагында жаңылоо;

5) өзгөчө кырдаал зоналарында жана аларга алып баруучу багыттарда чалгындоонун ар кандай түрлөрүн жүргүзүү;

6) Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык чет мамлекеттердин аймактарында ар кандай мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарды чектөө жана кесепеттерин жоюу боюнча алдын алуучу, авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүү;

7) жабыр тарткан калкты биринчи кезектеги жашоо-тиричилик каражаттары менен камсыз кылууга катышуу;

8) ведомстволук, ыктыярдуу өрт өчүрүүчү, тоо, суу кырсыктарынан куткаруучу түзүлүштөрдү, ошондой эле авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарга тартылуучу башка күчтөрдү жана каражаттарды ыкчам башкаруу;

9) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана уюмдар менен авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүүгө алардын күчтөрүн жана каражаттарын тартуу жагынан өз ара аракеттенүү;

10) авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүү жаатында илимий-изилдөөчү жана тажрыйба-конструктордук иштерди жүзөгө ашыруу;

11) Жарандык коргонуу аскерлеринин жана бөлүмдөрүнүн кадрларын даярдоону жана кайра даярдоону уюштуруу жана жүзөгө ашыруу, алардын квалификациясын жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, окуу процессинин программалык-усулдук камсыз кылышын жүзөгө ашыруу;

12) Жарандык коргонуу аскерлеринин жана бөлүмдөрүнүн аскердик жана атайын даярдыгын өркүндөтүүгө багытталган эл аралык машыгууларга, мелдештерге, жыйындарга, семинарларга жана башка иш-чараларга катышуу;

13) ушул Мыйзамдын 5-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган Жарандык коргонуу жаатындагы башка милдеттерди аткаруу.

3. Жарандык коргонуу аскерлеринин согуш мезгилиндеги ишинин өзгөчөлүктөрү:

1) бөлүктөрдү жана бирикмелерди согуш мезгилиндеги штат боюнча кайра мобилизациялоо жана кеңитип түзүү;

2) согуш аракеттерин жүргүзүүнүн натыйжасында келип чыккан кыйроо очокторуна жана өзгөчө кырдаал зоналарына Жарандык коргонуу күчтөрүн киргизүүнү камсыз кылуу;

3) Жарандык коргонуу күчтөрү жүрүүчү багыттарда жана өзгөчө кырдаал зоналарында чалгындоонун ар кандай түрлөрүн жүргүзүү;

4) калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуучу объекттерди калыбына келтирүү боюнча жумуштарды жүргүзүүгө катышуу, аэродромдорду, жолдорду, өткөөлдөрдү жана ооруктун инфратүзүмүнүн башка маанилүү элементтерин калыбына келтирүүгө байланышкан аймактык коргоонун айрым милдеттерин аткаруу;

5) курман болгондорду көмүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү.

4. Согуш аракеттери жүргүзүлүп жаткан убакта Жарандык коргонуу аскерлеринин өздүк курамы Жарандык коргонууну жүргүзүү милдеттери менен байланышпаган кандайдыр бир аскердик милдеттерди аткарууга тартылбайт. Жарандык, аймактык жана жергиликтүү коргоо милдеттерин кошпогондо, Жарандык коргонуу аскерлери жана аларда кызмат өтөп жүргөн аскер кызматчылары согуш аракеттерине катышпайт жана кандайдыр бир милдеттерди аткарбайт.

5. Жарандык коргонуу аскерлеринин бөлүктөрүнүн жана бөлүмдөрүнүн штаттык-уюштуруу түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген сандын чегинде Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан бекитилет.

**17-берене. Жарандык коргонуунун түзүлүштөрү**

1. Базасында Жарандык коргонуу түзүлүштөрү түзүлүүчү уюмдардын тизмегин Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү аныктайт жана Жарандык коргонуунун тиешелүү начальниги бекитет.

2. Жарандык коргонуу түзүлүштөрүнө Кыргыз Республикасынын төмөнкүдөй жарандары кире алат:

1) 18 жаштан 60 жашка чейинки курактагы эркектер;

2) мобилизациялык тапшырмасы бар аскерге милдеттүүлөрдү, I, II же III топтогу майыптарды (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды), кош бойлуу аялдарды, 8 жашка чейинки балдары бар аялдарды, ошондой эле орто же жогорку медициналык билимдүү, 3 жашка чейинки балдары бар аялдарды кошпогондо, 18 жаштан 55 жашка чейинки курактагы аялдар.

## 5-глава. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу

**18-берене. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу**

1. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чаралар алардын келип чыгуу тобокелдиктерин жана алардын ыктымалдуу чыгымын эске алуу менен күн мурунтан жүргүзүлөт. Зарыл болгон учурда калк коопсуз аймактарга эвакуацияланат жана/же көчүрүлөт.

Калкты эвакуациялоо жана/же көчүрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

2. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды пландоо жана жүзөгө ашыруу мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын башкаруу органдарына жана күчтөрүнө алардын Жарандык коргонуу жаатындагы иш-милдеттерине, тапшырмаларына, ыйгарым укуктарына жана милдеттерине ылайык жүктөлөт.

Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды координациялоону Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүзөгө ашырат.

3. Өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуга жетекчилик кылуу өзгөчө кырдаалдын кимдин аймагында болгондугуна жана анын оордугунун даражасына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген өзгөчө кырдаалдын классификациясына жараша мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын жетекчилерине жүктөлөт.

Республикалык жана чек ара аралык өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюу учурунда жетекчилик кылууну Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси өзүнө алат.

Өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюу боюнча иштердин жетекчиси өзүнүн буйругу менен өзгөчө кырдаалдын зонасынын чектерин, авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүүнүн, өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюу, ошондой эле зарыл болгон учурда калкты коопсуз аймактарга эвакуациялоо жана/же көчүрүү боюнча аракеттердин тартибин белгилейт.

Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюу боюнча жумуштардын жетекчисинин чечимдерин өзгөчө кырдаал зонасында жүргөн бардык жарандар жана уюмдар аткарууга милдеттүү.

4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлигинин бардык органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, калкы жана мекемелери өзгөчө кырдаал зонасына күчтөрдү жана каражаттарды, гуманитардык жардамды тоскоолдуксуз өткөрүүгө жана ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

5. Авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис жумуштарды жүргүзүүгө тартуу жана чыгымдарды компенсациялоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

### 6-глава. Жарандык коргонуу жаатындагы мамлекеттик экспертиза, көзөмөл жана контроль

**19-берене. Жарандык коргонуу жаатындагы мамлекеттик экспертиза, көзөмөл жана контроль**

Жарандык коргонуу жаатындагы мамлекеттик экспертиза, көзөмөл жана контроль Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумуна жүктөлгөн милдеттерге ылайык мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлөт.

### 7-глава. Жарандык коргонуу жаатындагы эл аралык кызматташуу жана эл аралык келишимдер

**20-берене. Жарандык коргонуу жаатындагы эл аралык кызматташуу жана эл аралык келишимдер**

Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен Жарандык коргонуу жаатында эл аралык кызматташуусу мамлекеттик органдар тарабынан Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык жүзөгө ашырылат.

### 8-глава. Жарандык коргонуу жаатындагы иш-чараларды каржылоо

**21-берене. Жарандык коргонуу жаатындагы иш-чараларды каржылоо**

1. Жарандык коргонуу жаатындагы иш-чаралар Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржыланат.

2. Жарандык коргонуу жаатындагы иш-чараларды жүргүзүүгө чыгымдар республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте орду толтурулат.

Жарандык коргонуу жаатындагы иш-чараларды каржылоо мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринде жыл сайын бекитилүүчү бюджеттин каражаттарынын чегинде каралат.

**22-берене. Өзгөчө кырдаалдарды жоюу үчүн каржылык жана материалдык резервдерди түзүү жана пайдалануу**

Каржылык жана материалдык резервдерди түзүү, пайдалануу жана ордун толтуруу тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

**23-берене. Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу жаатындагы мыйзамдарын бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын кызмат адамдарынын жана калкынын Жарандык коргонуу жаатындагы милдеттерди аткарбагандыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

**24-берене. Корутунду жоболор**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2018-жылдын 5-июнундагы № 47 жарыяланды

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- «Жарандык коргонуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы № 239 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 749-ст.);
- «Кыргыз Республикасынын «Жарандык коргонуу жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 13-июлундагы № 108 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2719-ст.);
- «Коргоо жана коопсуздук чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 18-мартындагы № 46 Мыйзамынын (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., № 3, 178-ст.) 3-беренеси.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Жээнбеков**

**2018-жылдын**
**19-апрелинде**

**Кыргыз**
**Республикасынын**
**Жогорку Кеңеши**
**тарабынан кабыл**
**алынган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

*Бишкек шаары, 2003-жылдын 1-августу № 167*

**Эмгекти коргоо жөнүндө**

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127, 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*(Преамбула КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

## I Глава
## Жалпы жоболор

**1-статья. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкү негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

**эмгекти коргоо** - өзүнө укуктук, социалдык-экономикалык, уюштуруу-техникалык, санитардык-гигиеналык, дарылоо-профилактикалык, реабилитациялык жана башка чараларды камтуучу эмгек процессинин жүрүшүндө кызматкерлердин өмүрүн жака ден соолугун сактоо боюнча чаралардын тутуму;

**эмгек шарттары** - кызматкердин эмгекке жарамдуулугуна жана ден соолугуна таасир берүүчү өндүрүштүк чөйрө менен эмгек процессиндеги факторлордун жыйындысы;

**зыяндуу өндүрүштүк фактор** - кызматкердин ооруугa дуушар болушуна же эмгекке жарамдуулугунун төмөндөшүнө таасир берүүчү өндүрүштүк фактор;

**коркунучтуу өндүрүштүк фактор** - кызматкерди жаракатка же күтүүсүздөн ден соолугунун кескин начарлашына, өлүмгө дуушар кылуучу өндүрүштүк фактор;

**коопсуз эмгек шарттары** - иштеп жаткандарга зыяндуу же коркунучтуу таасири жок болбосо таасир этүү деңгээли белгиленген ченемдек ашпаган эмгек шарттары;

**жумуш орунy** - иштөөчүлөрдүн эмгек процессинде туруктуу же убактылуу орду;

**кызматкерлердин жекече жана жамааттык коргонуу каражаттары** - кызматкерлерге зыяндуу же коркунучтуу өндүрүштүк факторлордун таасирин болтурбоо же азайтуу, ошондой эле булгануудан коргоо үчүн пайдаланылуучу техникалык каражаттар;

**кызматкердин жекече коргонуу каражаттары** - кызматкердин дем алуу, угуу, көрүү органдарын жана терисинин сыртын жагымсыз факторлордун таасиринен коргоого багытталган каражаттар;

**кесиптик оору** - кызматкердин өз эмгектик (кызматтык) милдеттүүлүктөрүн аткаруусуна байланыштуу зыяндуу өндүрүштүк факторлордун кызматкерге тийгизген таасиринен улам келип чыккан өнөкөт же катуу оору;

**кесиптик тобокелдик** - өндүрүштүк чөйрө жана эмгек процессиндеги жагымсыз факторлордун кесепеттеринин натыйжасында ден соолукка зыян келтирүү мүмкүндүгүнүн өлчөмү;

**эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аттестациялоо** - айкын жумуш орунундагы эмгек процессинде ден соолукту чыңдоочу иш-чараларды жүргүзүү же иштеген кызматкерлерге зыяндуу жана оор эмгек шарттары үчүн жеңилдиктер менен компенсацияларды берүү укугун тастыктоо же жокко чыгаруу үчүн адамдын ден соолугуна жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү өндүрүштүк чөйрө менен эмгек процессинин бардык факторлорунун эсебин алуу, талдоо жана комплекстүү баалоо тутуму;

**өндүрүштүк иш** - керектүү эмгек куралдарын пайдалануу менен адамдардын өзүнө өндүрүштү жана ар түрдүү чийки заттарды кайра иштетүүнү, курулушту, ар кандай кызмат көрсөтүүнү камтыган ресурстарды даяр продукцияга айландыруу үчүн жасаган адамдардын иш-аракеттеринин жыйындысы;

**өндүрүштүк жаракат** - кызматкердин, анын өндүрүштук ишине байланыштуу ордуна, убактысына жана кызматкердин катышуу даражасына карабастан, алган кандай болбосун жаракаты.

*(он бешинчи абзац КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(он алтынчы абзац КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**эмгек гигиенасы** - кызматкерлердин ден соолугун сактоо, өндүрүштүк чөйрөнүн жана эмгек процессинин жагымсыз таасирлеринин алдын алуу боюнча санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы чаралардын жана каражаттардын комплекси;

**өндүрүштүк санитария** - өндүрүштүк факторлордун кызматкерлерге тийгизген зыяндуу таасирине бөгөт коюучу же аны азайтуучу санитардык-гигиеналык уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын системасы;

**атайын кийим** - кызматкерди зыяндуу жана (же) кооптуу өндүрүштүк факторлордон коргоого арналган жекече коргоо каражаты, кийим, баш кийим, мээлей, бөлөк предметтер.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**1-1-статья. Жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам жумуш берүүчүлөрдүн жана кызматкерлердин ортосунда эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуунун укуктук негиздерин белгилейт жана эмгек процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоонун талаптарына туура келүүчү эмгек шарттарын түзүүгө багытталган.

*(КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-статья. Эмгекти коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана аны колдонуу чөйрөсү**

Эмгекти коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинен, ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

Ушул Мыйзамдын иш-аракети төмөнкүлөргө караштуу:

- иш берүүчүлөргө;
- иш берүүчүлөр менен эмгектик мамиледе турган кызматкерлерге;
- өздөрүнүн жеке эмгектик катышы аркылуу биргелешкен өндүрүштүк жана башка чарбалык иштерге катышкан кооперативдин мүчөлөрүнө;
- өндүрүштүк практиканы өтөп жаткан же курулуш, айыл чарба жана башка жумуштарга тартылышкан кесиптик жогорку жана орто билим берүү уюмдарынын студенттерине, кесиптик башталгыч жана орто билим берүү уюмдарынын жана жалпы орто, жалпы негизги билим берүүчү уюмдардын окуучуларына;
- бул уюмдардын кызматкери болуп саналбаган, майыптыктан кийин уюмга окууга же эмгектик реабилитациялоо максатында жиберилген адамдарга;
- коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн уюштурулуучу эмгек ишмердигинин башка түрүнүн катышуучуларына;
- уюмга иштөө үчүн жиберилген аскер кызматчыларына;

- соттун өкүмү боюнча жазасын уюмдарда иштеп өтөп жүргөн жарандарга;
- толугу менен же жарым-жартылай чет өлкөлүк юридикалык же жеке жактарга таандык жана Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан ишканаларда иштеп жатышкан Кыргыз Республикасынын жарандарына.

Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттерде жалданып иштеген жарандарына, иш берүүчү мамлекеттин эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдары, ал эми Кыргыз Республикасынын юрисдикциясында турган уюмдарда иштөөчү чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга, - Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдары жайылтылат. Андан тышкары, аларга жана башкаларга да Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин жоболору жайылтылат.

*(Төртүнчү бөлүк КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Эмгекти коргоонун талаптары**

Эмгек процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоого багытталган эрежелер, жол-жоболор жана критерийлер (мындан ары - эмгекти коргоо талабы) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Эмгекти коргоо талаптары ушул Мыйзамдын 2-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн юридикалык жана жеке жактар тарабынан иштин кайсы түрү болбосун жүзөгө ашырууда, анын ичинде объекттерди долбоорлоодо, курууда, реконструкциялоодо жана пайдаланууда, машиналарды, механизмдерди жана башка жабдууларды конструкциялоодо, технологиялык процесстерди иштеп чыгууда, өндүрүштү жана эмгекти уюштурууда камсыз кылынат.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**4-статья. Эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары**

Эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- иш берүүчүнүн өндүрүштүк иштеринин натыйжасына жараша кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо артыкчылыгын камсыздоо;
- Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле эмгек шарттарын жакшыртуунун жана коргоонун республикалык жана аймактык максаттуу программаларын кабыл алуу жана ишке ашыруу;
- эмгекти коргоону мамлекеттик башкаруу;
- эмгекти коргоо жана өндүрүштүк санитария талаптарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо;
- өндүрүштүк кырсыктарды жана кесиптик ууулануу жана оору-сыркоолорду териштирүү;
- кызматкерлерди өндүрүштүк кырсыктан жана кесиптик оорулардан милдеттүү социалдык камсыздандыруунун негизинде, өндүрүштөгү кырсыктан жана кесиптик оорулардан жапа чеккен кызматкерлердин, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- өндүрүштүн учурдагы техникалык деңгээли жана эмгекти уюштуруу менен четтетүүгө болбогон оор, татаал жана зыяндуу же коркунучтуу эмгек шарттары үчүн компенсацияларды белгилөө;
- эмгекти коргоо жаатындагы иш-аракеттерди координациялоо;
- эмгек шарттарын жакшыртуу жана коргоо боюнча ата-мекендик жана чет мамлекеттик алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу;
- мамлекеттин эмгекти коргоо иш-чараларын каржылоого катышуусу;

- эмгекти коргоо боюнча адистерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;
- эмгек шарттары жөнүндө, өндүрүштүк жаракат алуулар, кесиптик ооруга чалдыгуулар тууралу жана алардын материалдык кесепеттери жөнүндө мамлекеттик статистикалык отчеттуулукту уюштуруу;
- эмгекти коргоонун бирдиктүү маалымат тутумунун иштөөсүн камсыз кылуу;
- эмгекти коргоо жаатындагы эл аралык кызматташтык;
- коопсуз эмгек шарттарын түзүүгө, коопсуз технологияларды жана техниканы иштеп чыгууга жана киргизүүгө, кызматкерлердин жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын өндүрүүгө дем берүүчү майнаптуу салык саясатын жүргүзүү;
- кызматкерлерди жекече жана жамааттык коргонуу каражаттары, ошондой эле санитардык-тиричилик жайлар жана курулуштар, дарылоо-профилактикалык каражаттар менен жумуш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен камсыз кылуу тартибин белгилөө.

Эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, иш берүүчүлөрдүн, иш берүүчүлөр бирикмелеринин, ошондой эле кесиптик бирликтеринин, алардын бирикмелеринин жана эмгекти коргоо маселелери боюнча кызматкерлер ыйгарым укук берген дагы башка өкүлчүлүктүү органдарынын макулдашылган иш-аракеттери менен камсыз кылынат.

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-статья. Эмгекти коргоо чөйрөсүндө аткаруу бийлик органдарынын тутуму**

Кыргыз Республикасында эмгекти коргоону мамлекеттик башкаруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жүзөгө ашырылат.

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгуу жана контролдук-көзөмөлдүк функцияларды жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан ишке ашырылат.

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-1-статья. Эмгекти коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктары**

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- эмгекти коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- эмгекти коргоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарды аныктоо;
- эмгекти коргоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук актыларды өз компетенциясынын чегинде кабыл алуу, ошондой эле алардын сакталышын контролдоо.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-2-статья. Эмгекти коргоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары**

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- эмгекти коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- эмгекти коргоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун

иштеп чыгуу жана алардын ишке ашырылышын камсыз кылуу;
- өндүрүштүк жаракаттардын жана кесиптик оорулардын абалын жана себептерин талдоого катышуу, аларды алдын алуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- кызматкерлердин эмгек укуктары жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, иш берүүчүлөрдү жана кызматкерлерди эмгекти коргоо боюнча окутууга көмөк көрсөтүү.

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын жана эмгекти коргоо маселелери боюнча башка ченемдик укуктук актылардын сакталышына белгиленген тартипте көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу;
- балдар эмгегинин пайдаланылышына белгиленген тартипте контролдоону жүзөгө ашыруу;
- табылган тартип бузуулардын жагдайларын, себептерин талдоо, аларды четтетүү жана эмгекти коргоо чөйрөсүндө жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча контроль жүргүзүү;
- менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандуулугуна карабастан өнөр жай коопсуздугу жана энергетикалык коопсуздук жаатындагы билимдеринин маселелери боюнча кооптуу өндүрүш объекттеринин, энергия менен камсыз кылуучу уюмдардын жетекчилеринин жана персоналынын билимдерин текшерүү.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## II Глава
## Эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген шарттардагы кызматкерлердин эмгекке болгон укугу жана укук кепилдиктери

**6-статья. Кызматкерлердин эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген шарттардагы эмгекке болгон укугу**

Ар бир кызматкер төмөнкүлөргө укуктуу:
- эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген жумуш орунга;
- Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык өндүрүштөгү кырсыктардан жана кесиптик оорулардан милдеттүү социалдык камсыздандырууга;
- жумуш орунундагы эмгекти коргоо жана анын шарттары жөнүндө, ден соолукка зыян келүү тобокелдигинин орун алгандыгы тууралу, ошондой эле зыяндуу жана коркунучтуу өндүрүштүк факторлордун таасиринен коргонуу жайлары жөнүндө иш берүүчүдөн, тиешелүү мамлекеттик органдардан жана коомдук уюмдардан такталган маалымат алууга;
- кызматкерлердин эмгекти коргоо талаптарына ылайык жекече жана жамааттык коргонуу каражаттары менен иш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен камсыз болууга;
- мыйзамда каралган учурлардан тышкары, эмгекти коргоо талаптарынын бузулушунун кесепетинен кызматкердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болгон учурда, мындай коркунуч четтетилгенге чейин жумушта иштөөдөн баш тартууга;
- эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук талаптарына ылайык келбегендиктин кесепетинен жумуш орду жоюлган учурда, иш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен кесиптик даярдыктан кайра өтүүгө;

- өзүнүн жумуш ордундагы эмгектин шарттарын жана корголушун текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө суроо-талап берүүгө;
- эмгекти коргоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, иш берүүчүгө, иш берүүчүлөр бирикмелерине, ошондой эле кесиптик бирликтерге, алардын бирикмелерине жана кызматкерлердин башка өкүлчүлүктүү органдарына кайрылууга;
- жеке катышууга же өзүнүн ишенимдүү адамдары аркылуу, анын жумуш ордунда коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылууга байланышкан маселелерди кароого, жана ал чалдыккан өндүрүштүк кырсыкты же кесиптик ооруну териштирүүгө катышууга;
- медициналык сунуштоолорго ылайык көрсөтүлгөн медициналык кароодон, жумуш орду (кызматы) жана орточо эмгек акысы сакталуу менен, кезексиз медициналык кароодон (текшерүүдөн) өтүүгө;
- эгерде ал эмгек шарттары оор жумуштарда жана эмгектин зыяндуу же кооптуу шарттарындагы жумуштарда иштесе, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында, жамааттык келишимде (макулдашууда), эмгек келишиминде белгиленген жеңилдиктерди жана компенсацияларды алууга.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**7-статья. Эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген шарттарда кызматкерлердин эмгекке болгон укуктук кепилдиктери**

Мамлекет эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген жана өндүрүштүк санитария шарттарында кызматкерлердин эмгекке болгон укугун коргоого кепилдик берет.

Эмгек келишиминде каралган эмгек шарттары эмгекти коргоо боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

Эмгекти коргоо талаптары кызматкердин күнөөсү боюнча эмес бузулушунун кесепетинен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу орган тарабынан иш токтотулган убакытка анын иш орду (кызматы) жана орточо эмгек акысы сакталат.

Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралгандан башка учурларда, кызматкердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болуудан улам, ал жумуш аткаруудан баш тартса, бул коркунуч четтетилгенге чейин иш берүүчү кызматкерге башка иш берүүгө милдеттүү. Эгерде объективдүү себептер боюнча башка иш берүү мүмкүн болбогон учурда, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык, кызматкердин өмүрүнө жана ден соолугуна болгон коркунуч четтетилгенге чейинки токтоп туруу убактысына иш берүүчү тарабынан акы төлөнүп берилет.

Кызматкер жекече же жамааттык коргонуу каражаттары (ченемдерге ылайык) менен камсыз болбогон учурда, иш берүүчү кызматкердин эмгек милдеттерин аткарууну талап кылууга укуксуз жана ушул себептерге байланыштуу токтоп калуу убактысы үчүн Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык акы төлөп берүүгө милдеттүү.

Кызматкер, эмгекти коргоо талаптарынын бузулушунун болбосо эмгек келишиминде каралбаган эмгек шарттары оор жана зыяндуу же коркунучтуу иштерди аткаруунун кесепетинен анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болгон учурда иш аткаруудан баш тартса, бул учурда аны дисциплинардык жоопкерчиликке тартууга, болбосо иш берүүчүнүн демилгеси боюнча эмгек келишимин бузууга алып келбейт.

Эмгек милдеттерин аткаруу мезгилинде кызматкердин өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келген учурда, келтирилген зыяндын ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо мыйзамдарынын бузулушун алдын-алуу жана четтетүү максатында мамлекет эмгекти коргоо талаптарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо жагын уюштурууну жана жүзөгө ашырууну камсыз кылат жана көрсөтүлгөн талаптарды бузгандык үчүн иш берүүчү менен кызмат адамдарынын жоопкерчилигин белгилейт.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**8-статья. Оор жумуштарды жана эмгек шарттары зыяндуу же коркунучтуу жумуштарды аткарууну чектөө**

Оор жумуштарда жана эмгек шарттары зыяндуу же коркунучтуу жумуштарда аялдар менен жашы он сегизге жетпеген адамдардын, ошондой эле ден соолугуна байланыштуу аталган жумуштарда иштөөгө мүмкүн болбогон адамдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

Аялдар менен жашы он сегизге жетпеген адамдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынуучу оор жумуштардын жана эмгек шарттары зыяндуу же коркунучтуу жумуштардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

## III Глава
## Эмгекти коргоону камсыз кылуу

**9-статья. Эмгекти коргоо кызматы**

Кызматкерлеринин саны 50дөн ашкан өндүрүштүк иш жүргүзүүчү ар бир уюмда эмгекти коргоону жана өндүрүштүк санитария талаптарын сактоону, анын аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында эмгекти коргоо кызматы түзүлөт же бул жаатында тиешелүү даярдыгы же иш тажрыйбасы бар эмгекти коргоо адисинин кызматы киргизилет.

50 жана андан кем кызматкерлери бар уюмдарда эмгекти коргоо кызматын түзүү же эмгекти коргоо боюнча адистин кызматын киргизүү, бул уюмдун өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен иш берүүчү тарабынан кабыл алынат.

Уюмда эмгекти коргоо кызматы (эмгекти коргоо боюнча адис) жок болгон учурда, иш берүүчү адистер же эмгекти коргоо жаатында кызмат көрсөтүүчү уюмдар менен келишим түзө алат.

Уюмдагы эмгекти коргоо кызматынын түзүмү жана эмгекти коргоо кызматынын кызматкерлеринин саны иштегендердин санына, өндүрүштүн коркунучтуулугуна, зыяндуулук даражасына жана башка факторлорго жараша иш берүүчү тарабынан аныкталат. Эмгекти коргоо кызматы жөнүндө типтүү жобо жана эмгекти коргоо боюнча ишти уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*Эмгекти коргоо кызматы жөнүндө жана эмгекти коргоо ишин уюштуруу тууралуу Типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 5-апрелиндеги № 225 токтому менен бекиткен)*

**10-статья. Жумуш берүүчүнүн эмгекти коргоону камсыз кылуу боюнча укуктары**

Жумуш берүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу

мамлекеттик органга эмгек коопсуздугу жана гигиенасы боюнча эрежелерди же нормаларды иштеп чыгуу же өзгөртүү жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан маалыматтарды, анын ичинде өзүнүн уюмунда өткөрүлгөн текшерүүлөрдүн жана териштирүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды алууга;
- өндүрүштүк кооптуулуктун мүмкүн болуучу булактары катары технологиялык жабдууларды орнотууда, чийкизаттарды жана материалдарды пайдаланууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдын текшерүүлөрдү, териштирүүлөрдү жана экспертизаларды жүргүзүшүнө;
- текшерүүлөрдү жүргүзүүгө, уюмда, ишканада эмгекти коргоого тиешелүү маселелерди карап жатканда эмгек шарттарына, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамсыз аракеттерине карата даттанууларды кароого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдар өткөрүүчү кеңешмелерге катышууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдардын чечимдерине мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга;
- эмгекти коргоону башкарууда, окутуп-үйрөтүүдө жана уюштурууда мамлекеттик органдардын кызмат көрсөтүүлөрүн жана көмөгүн алууга.

*(КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**11-статья. Коопсуз эмгек шарттарын жана эмгекти коргоону камсыз кылуу боюнча иш берүүчүнүн милдеттери**

Уюмда коопсуз эмгек шарттарын жана эмгекти коргоону камсыз кылуу боюнча милдеттер иш берүүчүгө жүктөлөт.

Иш берүүчү төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:
- имараттарды, курулуштарды, жабдууларды технологиялык процесстерди ишке ашырууда, ошондой эле өндүрүштө колдонулуучу чийки заттар менен материалдардын пайдаланууда кызматкерлердин коопсуздугун;
- кызматкерлердин жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын пайдалануусун;
- ар бир жумуш орунунда эмгекти коргоо талаптарына ылайык эмгек шарттарын;
- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык кызматкерлердин эмгек жана эс алуу режимин;
- зыяндуу же коркунучтуу эмгек шарттарында, ошондой эле бөтөнчө температуралык шарттарда аткарылуучу же булганууга байланышкан жумуштарда иштешкен кызматкерлерге белгиленген ченемдерге ылайык атайын кийим, атайын бут кийим жана башка жекече коргонуу каражаттарын, сүт жана башкаларга тете тамак-аш азыктарын, жууп-тазалоочу жана зыянсыздандыруучу каражаттарды өз каражаттарынын эсебинен сатып алууга жана берүүгө;
- иш аткаруунун коопсуз усулдарын жана окутууга, эмгекти коргоо боюнча нусколоого, кызматкерлерди жумуш орундарында стажировкалоого жана алардын эмгекти коргоо эрежелери менен ченемдери боюнча билимин текшерүүгө;
- белгиленген тартипте окуудан, нускоодон, стажировкадан жана эмгекти коргоо талаптары боюнча билимин текшерүүдөн өтпөгөн, ошондой эле талап кылынуучу жекече коргонуу каражаттарын пайдаланбаган адамдарды ишке киргизбөөгө;

- жумуш орундарындагы эмгек шарттарынын абалына, ошондой эле кызматкерлердин жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын туура колдонуусуна контролдукту уюштурууга;
- эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын, кийин уюмда эмгекти коргоо боюнча иштерди сертификациялоо менен аттестация жүргүзүүгө;
- кызматкерлерди өз каражаттарынын эсебинен милдеттүү түрдө алдын-ала (ишке кирерде) жана мезгил-мезгили менен (иш процессинин жүрүшүндө) медициналык кароодон (текшерүүдөн), медициналык сунуштоолорго ылайык кезексиз медициналык кароодон (текшерүүдөн) өткөрүүгө, алардын өтүнүчү боюнча жумуш ордун (кызматын) жана орточо эмгек акысын, аталган медициналык кароодон өтүү учурунда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте сактоого;
- кызматкерлерди милдеттүү медициналык кароодон өтмөйүнчө, ошондой эле медицикалык каршы көрсөтмөсү болгон учурда, алардын эмгек милдеттерин аткарууга киргизбөөгө;
- кызматкерлерге, жумуш орундагы эмгек шарттары жана эмгекти коргоо, ден соолугуна келүүчү коркунучтуу зыяндар, жана аларга тиешелүү компенсациялар жана жекече коргонуу каражаттары жөнүндө маалымат берүүгө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органга ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн зарыл маалыматтарды жана документтерди берүүгө;
- кырсыктуу жагдайларды болтурбоо, мындай жагдайлар болгон учурларда кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо, анын ичинде жапа чеккендерге биринчи жардам көрсөтүү чараларын көрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгилеген тартипте өндүрүштөгү кырсыктарды жана кесиптик ооруларды териштирүүгө;
- эмгекти коргоо талаптарына ылайык кызматкерлерди санитардык-тиричилик жана дарылоо-профилактикалык жагынан тейлөөгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдын кызмат адамдарын, ошондой эле коомдук контролдоо органдарынын өкүлдөрүн уюмдагы эмгек шарттарын жана корголушун текшерүүлөрдү жүргүзүү, өндүрүштө болгон кырсыктарды жана кесиптик ооруларды иликтөө үчүн тоскоолдуксуз киргизүүгө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдын кызмат адамдарынын жазма буйруктарын аткарууга жана коомдук контролдоо органдарынын сунуштоолорун мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө кароого;
- кызматкерлерди өндүрүштөгү кырсыктардан жана кесиптик оорулардан милдеттүү социалдык камсыздандырууга;
- кызматкерлерди эмгекти коргоо талаптары менен тааныштырууга;
- мамлекеттик статистика органдарына шарттардын абалы, эмгекти коргоо жана өндүрүштүк жаракаттар жөнүндө бекитилген мамлекеттик статистикалык отчет берүүгө.

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127, 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**12-статья. Кызматкердин эмгекти коргоо жаатындагы милдеттери**

Кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- эмгекти коргоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоого;

- иш берүүчү тарабынан белгиленген Эмгектик ички тартип эрежелерин сактоого;
- жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын туура колдонууга;
- иштерди аткаруунун коопсуз усулдары менен ыктарын окуп-үйрөнүүгө, эмгекти коргоо боюнча нускоодон, жумуш орунунда стажировкадан жана эмгекти коргоо эрежелери жана ченемдери боюнча билимин текшерүүдөн өтүүгө;
- адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган кандай гана кырдаал болбосун, өндүрүштө болуп өткөн ар бир кырсык жөнүндө, же өзүнүн ден соолугунун начарлашы тууралу, анын ичинде кесиптик оорунун курч мүнөздөгү белгилеринин пайда болушу жөнүндө түздөн-түз өзүнүн же жогоруда турган жетекчисине ошол замат билдирүүгө;
- алдын-ала (ишке кирерде) же мезгилдүү (иштин жүрүшүндө) медициналык кароолордон (текшерүүлөрдөн) милдеттүү түрдө өтүүгө.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-статья. Өндүрүштүк объекттердин жана продукциянын техникалык жөнгө салуу жаатындагы ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык келиши**

Өндүрүштүк объекттердин, ошондой эле машиналардын, механизмдердин жана башка өндүрүштүк жабдуулардын, технологиялык процесстердин курулуш жана реконструкциялоо долбоорлору эмгекти коргоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга ылайык келүүгө тийиш.

Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн долбоорлордун эмгекти коргоо талаптарынын долбоорлоруна ылайык келиши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдын корутундусуз өндүрүштүк объекттерди курууга, реконструкциялоого, техникалык жактан кайра жабдууга, жаңы техниканы өндүрүүгө жана ишке киргизүүгө, жаңы технологияларды ишке киргизүүгө тыюу салынат.

Жаңы же реконструкцияլануучу өндүрүштүк обьекттер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдын корутундуларысыз пайдаланууга кабыл алынбайт.

Өндүрүштө зыяндуу же коркунучтуу заттарды, материалдарды, продукцияларды, товарларды колдонууга жана тиешелүү техникалык регламенттерде белгиленген талаптарга ылайык келбеген кызмат көрсөтүүлөргө тыюу салынат.

Иш берүүчү жаңы, мурда уюмда пайдаланылбаган зыяндуу же коркунучтуу заттарды пайдаланган учурда, аталган заттарды пайдаланганга чейин кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо боюнча чараларды иштеп чыгууга жана аларды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу орган менен макулдашууга милдеттүү.

Машиналар, механизмдер жана башка өндүрүштүк жабдуулар, транспорттук каражаттар, технологиялык процесстер, материалдар жана химиялык заттар, кызматкерлердин жеке жана жамааттык коргонуу каражаттары, анын ичинде чет өлкөдө чыгарылгандары тиешелүү техникалык регламенттерде белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**14-статья. Кызматкерлерди жекече коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу**

Зыяндуу жана коркунучтуу эмгек шарттарында, ошондой эле өзгөчө температуралык режимде же булганууга байланыштуу шарттарда аткарылуучу

жумуштарда иштешкен кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бекитилген ченемдерге ылайык сертификацияланган жекече коргонуу каражаттары, жууп-тазалоочу жана зыянсыздандыруучу каражаттар берилет.

Кызматкерлердин жекече коргонуу каражаттарын сатып алуу, сактоо, жууп-тазалоо, оңдоо, дезинфекциялоо жана зыянсыздандыруу иш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен ишке ашырылат.

**15-статья. Эмгекти коргоо боюнча окутуп-үйрөтүү жана кесиптик даярдык**

Уюмдун бардык кызматкерлери, анын ичинде жетекчиси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталтан тартипте эмгекти коргоо боюнча окуудан жана эмгекти коргоо талаптары боюнча билимин текшерүүдөн өтүүгө милдеттүү.

Бардык жумушка кирүүчү жактар, ошондой эле башка ишке которулуучу адамдар үчүн, иш берүүчү (же анын ыйгарым укуктуу өкүлү) эмгекти коргоо боюнча нускалоо жүргүзүүгө, иш аткаруунун коопсуз усулдары менен ыктарын жана жапа чеккендерге биринчи жардам көрсөтүүлөрдү окутуп-үйрөтүүнү уюштурууга милдеттүү.

Иш берүүчү, эмгекти коргоо мыйзамдарына ылайык кесиптик тандоо талап кылынган эмгек шарттары зыяндуу жана коркунучтуу ишке кирүүчүлөр үчүн, жумуш орунунда иштин коопсуз усулдары менен ыктарын окутуп-үйрөтүүнү, стажировкадан өтүүнү жана экзамен тапшырууну, ал эми эмгек процессинин жүрүшүндө - эмгекти коргоо боюнча мезгил-мезгили менен окутуп-үйрөтүүнү жана эмгекти коргоо талаптары боюнча билимин текшерүүнү камсыз кылат.

Мамлекет, жалпы башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүү жана башталгыч, орто, жогорку жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү уюмдарында эмгекти коргоо боюнча окутууну уюштурууга көмөк көрсөтөт.

Мамлекет орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарында эмгекти коргоо боюнча адистердин кесиптик даярдыгын камсыз кылат.

*Караңыз:*

*Эмгекти коргоо боюнча уюмдун жумушчуларын окутуу жана эмгекти коргоо талаптары боюнча билимдерин текшерүү тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 5-апрелиндеги № 225 токтому менен бекиткен)*

**16-статья. Эмгекти коргоо жана шарттарын жакшыртуу боюнча иш-чараларды каржылоо**

Эмгекти коргоо жана шарттарын жакшыртуу иш-чараларын каржылоо, республикалык жана аймактык эмгекти коргоо жана шарттарын жакшыртуунун максаттуу программаларынын алкагында, республикалык бюджеттин, жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын, бюджеттен тышкаркы булактардын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актыларында каралган тартипте, ошондой эле уюмдар менен жеке жактардын ыктыярдуу салымдарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Уюмдарда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте эмгекти коргоо фондулары түзүлөт.

Кызматкер эмгекти коргоо жана шарттарын жакшыртуу иш-чараларын каржылоо чыгашаларын көтөрбөйт.

## IV Глава
## Эмгекти коргоо мыйзамдарынын сакталышына мамлекеттик көзөмөл жана контроль

**17-статья. Мамлекеттик көзөмөл жана контроль**

Эмгекти коргоонун талаптарынын сакталышына мамлекеттик көзөмөл жана контроль эмгекти коргоо чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары өз милдеттерин аткарууда төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрүн жана белгиленген үлгүдөгү текшерүү жүргүзүүгө жолдомосу менен бардык укуктук-уюштуруу формаларындагы, анын ичинде чет өлкөлүк уюмдарды инспекция жүргүзүү максатында тоскоолдуксуз кирүүгө;
- уюмдардын жетекчилеринен жана башка кызмат адамдарынан, аткаруу бийлик органдарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, иш берүүчүлөрдүн көзөмөлдөө жана контролдоо иштерин аткарууга зарыл болгон документтерди, түшүндүрмөлөрдү, маалыматтарды суратууга жана кайтарымсыз алууга;
- пайдаланылуучу жана иштетилүүчү материалдар менен заттардын үлгүлөрүн анализ үчүн алып коюуга;
- белгиленген тартипте өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүүгө;
- уюмдардын жетекчилерине жана башка кызмат адамдарына эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдардын бузулушун четтетүү тууралу, көрсөтүлгөн бузууларга күнөөлүүлөр тартип жоопкерчилигине тартуу же аларды белгиленген тартипте кызматтан четтетүү жөнүндө аткарууга милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берүүгө;
- кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч түзгөн эмгекти коргоо талаптарынын бузулушу байкалганда, мыйзамда белгиленген тартипте көрсөтүлгөн бузуулар четтетилгенге чейин, уюмдардын, айрым өндүрүштүк бөлүмдөрдүн жана жабдуулардын ишин убактылуу токтотууга;
- белгиленген тартипте иш аткаруунун коопсуз усулдары менен ыктары окуп-үйрөтүүдөн, эмгекти коргоо боюнча нускоодон, жумуш орундарында стажировкадан өтпөгөн адамдарды иштен четтетүүгө;
- ылайыктуулук сертификаты болбогон же эмгекти коргоо талаптарына ылайык келбеген кызматкерлердин жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын өндүрүштө пайдаланууга жана өндүрүүгө тыюу салууга;
- эмгекти коргоо талаптарынын бузулушуна күнөөлүү адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте административдик жоопкерчиликке тартууга, ошондой эле көрсөтүлгөн адамдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу жөнүндө материалдарды укук коргоо органдарына жиберүүгө;
- сотто эмгекти коргоо мыйзамдарын бузуу жана өндүрүштө кызматкердин ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү доо боюнча эксперт катары чыгууга.

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары мамлекеттик кызматчылар болуп саналышат.

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары мыйзамга каршы аракеттери же

аракетсиздиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127, 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**18-статья. Эмгек шарттарын мамлекеттик экспертизалоо**

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127 Мыйзамына ылайык алынып салынды)*

**19-статья. Эмгекти коргоого коомдук контроль**

Эмгекти коргоо жаатындагы кызматкерлердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун коомдук контролу, бул максаттарда техникалык эмгек инспекцияларын түзүүгө, ошондой эле кесиптик бирликтердин эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укуктуу (ишенимдүү) адамдарын жана кызматкерлердин ыйгарым укуктуу башка өкүлчүлүктүү органдарын шайлоого укуктуу кесиптик бирликтер жана кызматкерлердин дагы башка өкүлчүлүктүү органдарынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кесиптик бирликтердин аларга караштуу тиешелүү органдары жана кызматкерлердин дагы башка ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктүү органдары төмөнкү укуктарга ээ:

- иш берүүчүлөр тарабынан эмгекти коргоо мыйзамдарынын сакталышына контролдукту жүзөгө ашырууга;
- эмгек шарттарын көз карандысыз экспертизадан өткөрүүгө жана уюмдун кызматкерлеринин коопсуздугун камсыз кылууга;
- өндүрүштөгү кырсыктарды же кесиптик ооруларды териштирүүгө катышууга;
- эмгекти коргоо жана анын шарттары, ошондой эле өндүрүштөгү кырсыктар менен кесиптик оорулар жөнүндө уюмдун жетекчилеринен жана башка кызмат адамдарынан маалымат алууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органга кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч болгон учурларда ишти токтотуп туруу жөнүндө сунуш киргизүүгө;
- иш берүүчүлөргө эмгекти коргоо талаптарынын бузулушун четтетүү жөнүндө кароого милдеттүү болгон сунуштамаларды берүүгө;
- эмгек шарттарын жана аны коргоону, иш берүүчүлөрдүн жамааттык келишимдерде жана макулдашууларда каралган милдеттеринин аткарылышын текшерүүнү жүзөгө ашырууга;
- өндүрүш объектилерин жана өндүрүш каражаттарын пайдаланууга берүү сыноолорунда жана кабыл алуу боюнча көз карандысыз эксперт катары комиссиянын ишине катышууга;
- эмгекти коргоо боюнча ченемдик укуктук актыларга караштуу долбоорлорду иштеп чыгууга катышууга, ошондой эле аларды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте макулдашууга;
- тиешелүү органдарга эмгекти коргоо талаптарын бузган, өндүрүштөгү кырсыктарды жаап-жашырган күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө талаптар менен кайрылууга;
- эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдарды, жамааттык келишимдерде жана макулдашууларда каралган милдеттерди бузууга, ошондой эле эмгек шарттарынын өзгөрүшүнө байланышкан эмгек талаш-тартыштарын кароого катышууга.

Кесиптик бирликтердин эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укуктуу (ишенимдүү) адамдары жана башка ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктүү органдарынын кызматкерлердин кесиптик бирикмелерине кирген уюмдарда эмгекти коргоо

талаптарынын сакталышын текшерүүгө жана эмгекти коргоо талаптарынын бузулушунун четтетүү жөнүндө кызмат адамдары тарабынан каралууга милдеттүү болгон сунуштарды киргизүүгө укуктуу.

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127, 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## V Глава
## Эмгекти коргоо талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

**20-статья. Эмгекти коргоо талаптарына ылайык келбеген продукция чыгаргандыгы жана жөнөткөндүгү үчүн уюмдардын жоопкерчилиги**

Эмгекти коргоо талаптарына жооп бербеген продукция чыгарган, жөнөткөн уюмдар Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык керектөөчүлөргө келтирилген зыяндын ордун толтурушат.

*(КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**21-статья. Эмгекти коргоонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бузууга, жамааттык келишимдерде жана макулдашууларда, эмгек келишимдеринде каралган эмгекти коргоо боюнча милдеттенмелерин аткарбоого күнөөлүү болгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, ошондой эле коомдук контролдоо органдарынын өкүлдөрүнүн иш-аракетине тоскоолдук кылган адамдар Кыргыз Республикасынын административдик жана жазыктык мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

*(КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**22-статья. Эмгекти коргоо талаптарын бузгандыктын натыйжасында уюмдардын же алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин убактылуу токтотуу**

Эгерде уюмдардын же алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иши, жабдууларды пайдалануу, эмгекти коргоо талаптарын бузуу менен кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирүү аркылуу ишке ашырылып жаткан учурларда, аталган иштер, бул бузуулар четтетилгенге чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу органдын жазма көрсөтмөсүнө ылайык токтотулуп турат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу орган кабыл алган чечимдер административдик (сотко чейинки) тартипте, андан кийин - сот тартибинде даттанылат.

Административдик же сот тартибинде даттануу, чечим кабыл алынганга чейин берилген жолдомокатынын аткарылышын токтото албайт.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**23-статья. Эмгекти коргоо талаптарынын бузулушунун кесепетинен уюмду жоюу же анын түзүмдүк бөлүмүнүн ишин токтотуу**

Эмгек шарттарынын мамлекеттик экспертизасынын корутундусу болгондо, эмгекти коргоо чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сунуштоосу боюнча соттун чечими менен уюм жоюлушу же болбосо уюмдун түзүмдүк бөлүмүнүн иши токтотулушу мүмкүн.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## VI Глава
## Корутунду жоболор

**24-статья. Айрым ченемдик укуктук актыларды күчүн жоготту деп табуу жөнүндө**

Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- «Эмгекти коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1992-ж. № 4/1,152-ст.);
- «Эмгекти коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке киргизүү тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1992-жыл, № 4/1,153-ст.);
- «Эмгекти коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж. № 4, 196-ст.).

**25-статья. Ченемдик укуктук актыларды ушул Мыйзамга ылайык келтирүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айдын ичинде өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**26-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*«Эркин Тоо» газетасынын 2003-жылдын 8-августунда № 59-60 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** — **А.Акаев**

**2003-жылдын 19-июнунда**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2016-жылдын 7-июну № 78*

# ӨРТ КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖӨНҮНДӨ

## I БӨЛҮМ. ӨРТ КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамдын максаты жана колдонуу чөйрөсү**

1. Ушул Мыйзам жарандардын өмүрүн жана ден соолугун, жеке жана юридикалык жактардын мүлкүн, мамлекеттик жана муниципалдык мүлктү өрттөн сактоого багытталган, өрт коопсуздугу жаатында техникалык жөнгө салуунун негизги жоболорун аныктайт жана продукцияларга, коргоо объекттерине, анын ичинде имараттар менен курулмаларга, өндүрүш объекттерине, өрт-техникалык продукцияларына жана жалпы арналыштагы продукцияларга карата өрт коопсуздугунун жалпы талаптарын белгилейт.

2. Ушул Мыйзамдын талаптары төмөнкүлөрдү аткаруу үчүн милдеттүү болот:

1) курулуш объекттерин долбоорлоодо, курууда, профилин кайра өзгөртүүдө, кайра пландаштырууда же реконструкциялоодо, капиталдык оңдоодо, коргоо объекттерин техникалык кайра жабдууда, техникалык тейлөөдө, эксплуатациялоодо жана утилдештирүүдө;

2) өрт коопсуздугунун талаптарын камтыган коргоо объекттерине ченемдик укуктук актыларды, техникалык документтерди иштеп чыгууда, кабыл алууда, колдонууда жана аткарууда.

3. Аскердик арналыштагы объекттерге, радиоактивдүү жана жарылуучу заттар менен материалдарды өндүрүү, кайра иштетүү, сактоо объекттерине, куралдарды жана жардыруучу каражаттарды жок кылуу жана сактоо, тоо-кен иштетүү, токой объекттерине ушул Мыйзам менен катар Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актыларынын талаптары да сакталууга тийиш.

**2-берене. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

1) **авариялык чыгуучу жер** - эвакуация жолуна түздөн-түз сыртка же коопсуз зонага алып баруучу чыгуучу жер (эшик, люк, терезе) жана ал адамдарды куткаруу үчүн кошумча чыгуучу жер катары колдонулат, бирок өрт болгондо адамдарды коопсуз эвакуациялоо шарттарына зарыл сандагы жана өлчөмдөгү эвакуация жолдорунун жана чыгуучу жерлердин ылайыктуулугун баалоодо эсепке алынбайт;

2) **коопсуз зона** - адамдар өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасирлеринен корголгон же өрттүн коркунучтуу факторлору жок зона;

3) **жарылуу** - чөйрөгө энергиянын бөлүнүп чыгышы жана кысылган газдардын пайда болушу менен коштолгон химиялык тез айлануу;

4) **жарылууга коркунучтуу аралашма** - аба менен күйүүчү газдардын, оңой жалындоочу суюктуктардын, күйүүчү чаң же буланын абада тең салмак абалга кыймылсыз бөлүштүрүлгөн абалга өткөндө от алуунун төмөнкү концентрациялык чеги 65 г/куб.м чейин жеткен аралашмасы, ал белгилүү концентрацияда жана жарылууга түрткү берүүчү булак пайда болгондо жарылууга жөндөмдүү;

5) **коргоо объектинин жарылуу - өрт коркунучу** - коргоо объектинин жарылуу пайда болуу жана өрттүн өнүгүү ыктымалдыгы менен мүнөздөлгөн абалы;

6) **күйүүчү чөйрө** - тутануу булагынын таасиринен от чыгып кетүүгө жөндөмдүү чөйрө;

7) **тутануу булагы** - күйүүнүн келип чыгышына түрткү болуучу энергиялык таасир этүүчү каражат;

8) **имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин конструктивдүү өрт коркунучунун классы** - имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин өрттүн күчөшүнө жана өрттүн коркунучтуу факторлорунун пайда болушуна курулуш конструкцияларынын катыш деңгээли менен аныкталуучу классификациялык мүнөздөмөсү;

9) **имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин функционалдык өрт коркунучунун классы** - имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин арналышы жана эксплуатациялоонун өзгөчөлүктөрү, анын ичинде аларда жүрүүчү өндүрүштүн технологиялык процесстеринин өзгөчөлүктөрү менен аныкталуучу классификациялык мүнөздөмөсү;

10) **сырткы орнотмо** - имараттардан сырткары жайгашкан аппараттардын жана технологиялык жабдуулардын комплекси;

11) **эвакуацияга зарыл убакыт** - өрт чыккан учурдан тартып өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринин натыйжасында өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирбестен адамдардын коркунучсуз зонага эвакуацияланууга тийиш болгон убактысы;

12) **коргоо объекти** - аларга карата өрт коопсуздугунун талаптары белгиленген же белгиленүүгө тийиш болгон жеке жана юридикалык жактардын мүлкү, мамлекеттик же муниципалдык мүлк (аймакты, имараттарды, курулмаларды, транспорт каражаттарын, технологиялык түзүлүштөрдү, жабдууларды, агрегаттарды, буюмдарды жана башка мүлктөрдү кошкондо);

13) **кычкылдандыргычтар** - алардын күйүүсүн пайда кылуучу, ошондой эле анынургалдуулугун көбөйтүүчү күйүүчү заттар менен реакцияга кирүү жөндөмүнө ээ болгон заттар менен материалдар;

14) **өрттүн коркунучтуу факторлору** - алардын таасири адамдын жаракат алышына, ууланышына же өлүмүнө жана (же) материалдык зыянга алып келиши мүмкүн болгон өрт факторлору;

15) **жарылуунун коркунучтуу факторлору** - алардын таасири объекттердин (курулуштардын) бузулушуна (кыйрашына), адамдардын жаракат алышына, өлүмүнө жана (же) материалдык зыянга алып келиши мүмкүн болгон жарылуу факторлору;

16) **өрттүн очогу** - өрттүн алгачкы чыккан жери;

17) **өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары** - өрттүн алгачкы стадиясында өрт өчүрүү үчүн пайдаланылуучу өрт өчүрүүнүн алып жүрмө же көчмө каражаттары;

18) **өрт** - материалдык зыян, жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына залал келтирүүчү контролдонбоочу күйүү;

19) **өрт маалымдагыч** - өрт жөнүндө белги берүүгө арналган техникалык каражат;

20) **өрт кабарлагыч** - адамдарга өрт жөнүндө кабар берүүгө арналган техникалык каражат;

21) **коргоо объектинин өрт коркунучтуулугу** - коргоо объектинде өрт чыгуу жана өрттүн күчөө мүмкүнчүлүгү, ошондой эле адамдарга жана материалдык баалуулуктарга өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасир тийгизүүсү менен мүнөздөлгөн абалы;

22) **заттар менен материалдардын өрт коркунучтуулугу** - заттар менен материалдардын күйүүсүнүн же жарылуусунун чыгуу коркунучу;

23) **коргоо объектинин өрт коопсуздугу** - өрттүн келип чыгуусун жана күчөөсүн болтурбоо, ошондой эле өрттүн коркунучтуу факторлорунун адамдарга жана материалдардын баалуулуктарга таасир тийгизүүсүнүн мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлгөн коргоо объектинин абалы;

24) **өрт депосу** - өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл өрт техникасын сактоо жана аны техникалык тейлөө үчүн жайлар, жеке курамды жайгаштыруу үчүн кызмат жайлары, өрт жөнүндө кабарларды кабыл алуу үчүн жай, техникалык жана көмөкчү жайлар жайгашкан өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарынын объекти;

25) **өрт отсеги** - өрткө каршы дубал жана өрткө каршы калканч же өрткө туруктуулук чеги бар жабуу менен бөлүнгөн, өрттүн узактыгынын ичинде өрттүн анын чегинен тышкары таралып кетпешин камсыз кылуучу имараттын (курулманын) бөлүгү;

26) **заттар менен материалдардын орт-жарылуу коркунучу** - заттар менен материалдардын алардын физикалык-химиялык касиеттери жана (же) өрт шартындагы аракеттери менен мүнөздөлгөн, күйүүчү (өрттөнүү коркунучу же жарылуу коркунучу бар) чөйрөнү пайда кылуу жөндөмдүүлүгү;

27) **өрт коркунучу (жарылуу коркунучу) бар зона** - туюк же ачык мейкиндиктин бөлүгү, анын чектеринде күйүүчү заттар (жарылууга кооптуу аралашмалар) дайыма же мезгил-мезгили менен өтүп турат жана алар мында технологиялык процесстин нормалдуу же өрттүн келип чыгышына өтө кооптуу бузулуу (авария) режиминде болушу мүмкүн;

28) **өрт-техникалык изилдөө** - өрт коопсуздугунун талаптарынын бузулушун табуу жана аларды жоюу боюнча чараларды көрүү максатында жүргүзүлүүчү изилдөө;

29) **долбоордук документтерди өрт-техникалык экспертизалоо** - тиешелүү корутунду берүү менен долбоорлоодо ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузууларды (четтөөлөрдү) болтурбоо максаттарында коргоо объекттеринин долбоордук документтерин карап чыгуу жана макулдашуу;

30) **өрт автоматикасын башкаруу прибору** - өрт өчүрүүнүн жана (же) түтүндү жок кылуунун жана (же) кабарлоонун автоматтык каражаттарын башкаруу жана (же) башка түзүлүштөр менен сигналдарды берүү үчүн арналган техникалык каражат;

31) **өрт автоматикасынын кабыл алуучу-контролдоочу прибору** – өрт кабарлагычтарынан сигналдарды кабыл алуу, өрт сигналдарынын шлейфинин бүтүндүгүн, окуялардын жарык индикациясын жана үн сигналын, өрт автоматикасын башкаруу приборун иштетүүнүн баштапкы импульсун калыптандырууну жүзөгө ашыруу үчү арналган техникалык каражат;

32) **конструкциянын отко туруктуулук чеги** - өрт таасири башталгандан тартып ал конструкция үчүн отко туруктуулугу боюнча четки абалдар үчүн ченемделгендин ичинен бири болгонго чейинки убакыт;

33) **өндүрүш объекттери** - өнөр жайлык жана айыл чарбалык арналыштагы объекттер, анын ичинде кампалар, инженердик жана транспорт инфратүзүмүнүн (темир жол, автомобиль, аба жана өткөрмө түтүк транспорту), байланыш объекттери;

34) **өрткө каршы бөгөт** - өрткө туруктуулуктун ченемделген чеги жана өрт коопсуздугунун конструкциялык классы бар курулуш конструкциясы, имараттын (курулманын) бир бөлүгүнөн башка бөлүгүнө же имараттардын (курулмалардын, бак-дарактардын) ортосунан өрттүн таралуусун болтурбоо үчүн арналган имараттын көлөмдүк элементи же башка инженердик чечим;

35) **өрткө каршы ажырым (өрткө каршы аралык)** - имараттардын жана (же) курулмалардын ортосундагы өрттүн таралышын болтурбоо үчүн белгиленген ченемделүүчү аралык;

36) **өрткө каршы коргонуунун автоматтык тутумдары** - өрт чыкканда адамдарга өз убагында кабарлоо, адамдарды эвакуациялоону, эвакуациялык жолдорду жана жайларды түтүндөн коргоону, өрттү табууну жана өчүрүүнү башкаруу үчүн арналган техникалык орнотмолордун, тутумдардын, приборлордун жана жабдуулардын жыйындысы;

37) **өрт жөнүндө кабарлоолорду берүү тутуму** - кайтарылуучу объекттеги өрт жөнүндө маалымдоолорду борборлоштурулган байкоо пунктунда байланыш жана кабыл алуу каналдары боюнча кызматтык жана контролдук-диагностикалык маалымдоолорду берүү үчүн, ошондой эле телебашкаруунун командаларын берүү жана кабыл алуу үчүн (кайра берүү каналы болгондо) арналган биргелешип иштөөчү техникалык каражаттардын жыйындысы;

38) **өрт сигналдарынын тутуму** - бир объектке орнотулган жана жалпы өрт постунан контролдонуучу өрт сигналдарынын орнотмолорунун жыйындысы;

39) **өрттү болтурбоо тутуму** - коргоо объектинде өрттүн чыгуусунун мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын комплекси;

40) **өрткө каршы коргонуу тутуму** - адамдарды жана мүлктү өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен коргоого жана (же) коргоо объектине алардын тийгизген таасиринин кесепеттерин чектөөгө багытталган уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын комплекси;

41) **түтүнгө каршы коргонуу тутуму** - өрттө имараттарды жана курулмаларды түтүн басуу коркунучун, ошондой эле анын кооптуу факторлорунун адамдарга жана материалдык баалуулуктарга таасир тийгизүүсүн болтурбоого же чектөөгө багытталган уюштуруу иш-чараларынын, көлөмдүк-пландаштыруучу чечимдердин, инженердик тутумдардын жана техникалык каражаттардын комплекси;

42) **курулма** - тиреп турууучулардан, ал эми айрым учурларда тосмо конструкциялардан да турган жана ар түрдүү өндүрүштүк процесстерди аткаруу, материалдарды, буюмдарды, жабдууларды сактоо, адамдардын убактылуу болуусу, адамдардын, жүктөрдүн ж.б.у.с. орун которуу үчүн арналган көлөмдүү, жалпак же узунунан кеткен, жердеги, жер үстүндөгү же жер астындагы курулуш тутуму;

43) **имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин отко туруктуулугунун даражасы** - имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин колдонулуучу курулуш конструкцияларынын отко туруктуулугунун чектерин аныктоочу классификациялык мүнөздөмө;

44) **кабарлоо жана эвакуацияны башкаруунун техникалык каражаттары** - өрт жөнүндө адамдарга кабарлоо үчүн арналган техникалык каражаттардын (кабарлоочулар, өрт кабарлоочулары тарабынан башкарылуучу приборлор) жыйындысы;

45) **технологиялык чөйрө** - технологиялык аппараттарда (технологиялык тутумда) жүгүртүлүүчү заттар менен материалдар;

46) **өрттө коргоо объектинин туруктуулугу** - коргоо объектинин өрттүн коркунучтуу факторлорунун жана алардын экинчи кубулуштарынын таасиринде конструкциялык бүтүндүктү жана (же) функционалдык арналышын сактап калуу касиети;

47) **өрт сигнализациясын орнотуу** - өрттү табуу, өрт жөнүндө кабарды берилген түрдө иштеп чыгуу, берүү жана өрт өчүрүүнүн жана түтүндү басуунун автоматтык орнотмолорун, технологиялык жана инженердик жабдууларды, ошондой эле өрткө каршы коргоонун башка түзүлүштөрүн иштетүүгө атайын маалымат жана (же) команда берүү үчүн арналган техникалык каражаттардын жыйындысы;

48) **эвакуация** - өрттүн коркунучтуу факторлорунун аларга таасир тийгизүүсүнүн мүмкүнчүлүгү болгон жайлардан адамдарды тышка же коопсуз зонага уюштурулган өз алдынча (өз алдынча эмес) кыймылынын (орун которуусунун) процесси;

49) **эвакуациялоо жолу (эвакуациялык жол)** - адамдардын өрттө түздөн түз тышка же коопсуз зонага алып барган кыймылынын жана (же) орун которуусунун жолу;

50) **эвакуациялык чыгуучу жер** - эвакуациянын түздөн түз тышка же коопсуз зонага алып баруучу жолуна чыгуучу жер;

51) **байланыш кызматы** - өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарынын мамлекеттик өрткө каршы кызматынын (мындан ары - МӨК) бөлүмдөрүнүн тутуму, ошондой эле өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарындагы байланышты камсыз кылуу, байланыш каражаттарын натыйжалуу комплекстүү колдонуу жана башкаруу органдарында жана бөлүмдөрүндө ал каражаттарды квалификациялуу техникалык эксплуатациялоо боюнча иштин түрү;

52) **байланыш** - Кыргыз Республикасынын аймагында МӨК тутумундагы башкарууну камсыз кылуучу бирдиктүү уюштуруучулук-техникалык комплекс катары иштеген байланыш тармактарынын жана кызматтарынын жыйындысы;

53) **байланыш каражаттары** - маалыматты жыйноо, иштетүү, топтоо жана бөлүштүрүү процессин камсыз кылуу үчүн техникалык база.

**3-берене. Өрт коопсуздугу жаатында техникалык жөнгө салуунун укуктук негиздери**

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер жана коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары өрт коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук негизи болуп саналат.

**4-берене. Өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдары**

1. Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдары, ошондой эле Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугу жаатында саясатты жүзөгө ашыруучу өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча негизги орган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

2. Өрт өчүрүү жана авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүү үчүн бардык шарттарды камсыз кылуучу өрткө каршы алдын алуу жана өрткө каршы ченемдөө мүмкүн болуучу өрттү болтурбоонун негизи болуп саналат.

3. Жеке жана юридикалык жактар, менчигинин формасына карабастан чарба жүргүзүү объекттери тарабынан өрт коопсуздугу жаатындагы мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын талаптарынын аткарылышын контролдоо максатында өрт коопсуздугун сактоого мамлекеттик өрт көзөмөлү жүргүзүлөт.

4. Өрткө каршы объекттик бөлүмү бар ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын аймагында чыккан өрт, бул бөлүмдөрдүн өз күчү жана каражаттары менен өчүрүлүшү мүмкүн.

5. Өрт өчүрүү жана авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүү үчүн мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын объекттик (ведомстволук) өрткө каршы бөлүмдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыктыярдуу өрттөн куткаруучу түзүлүштөрү, ошондой эле айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүү тартибинде мыйзамдарга ылайык аларга берилген ыйгарым укуктардын чектеринде муниципалдык өрттөн куткаруу түзүлүштөрү тартылышы мүмкүн.

**5-берене. Коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу**

1. Ар бир коргоо объектинин өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутуму болууга тийиш.

2. Коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумун түзүүнүн максаты өрттү болтурбоо, адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу жана өрттө мүлктү коргоо болуп саналат.

3. Коргоо объектинин өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутуму милдеттүү түрдө өрттү болтурбоо тутумун, өрткө каршы коргоо тутумун, өрттүн чыгуу мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу жана өрттүн натыйжасында адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү коркунучун болтурбоого багытталган, ошондой эле чыккан өрттү ойдогудай жоюуга, адамдарды жана материалдык баалуулуктарды өз убагында жана коопсуз эвакуациялоого өбөлгө болуучу өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча уюштуруу-техникалык иш-чаралардын комплексин өзүнө камтыйт.

**6-берене. Коргоо объектинин өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келүү шарттары**

1. Эгер ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларынын милдеттүү талаптары толук көлөмдө аткарылса, коргоо объектинин өрт коопсуздугу камсыз кылынды деп эсептелет.

2. Шаардык, айылдык калктуу конуштарда, жабык объекттерде жана менчигинин формасына карабастан коргоо объекттеринде өрт коопсуздугунун чараларын ишке ашыруу бардык юридикалык жана жеке жактар тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Карамагында коргоо, улуттук коопсуздук, жазык-аткаруу тутумунун, мамлекеттик чек араны коргоо маселелери болгон Кыргыз Республикасынын эксаймактык объекттеринин, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын, ошондой эле жер астындагы иштеп чыгуу жана шахталардын объекттериндеги, темир жол объекттериндеги өрт коопсуздугу өз күчтөр жана каражаттар же өрт коопсуздугунун чараларын ишке ашыруунун алкактарында - өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүүнүн макулдашылган пландарына ылайык камсыз кылынат.

4. Токой жана тоо массивдериндеги өрт коопсуздугу өз күчтөрү жана аларга өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген учурларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана токой чарба органдарынын каражаттары менен же өрт коопсуздугунун чараларын ишке ашыруунун алкактарында - өрттүн алдын алуу жана өчүрүү жаатындагы, ошондой эле өрт коопсуздугу жаатындагы көзөмөл жана контроль Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүүнүн макулдашылган пландарына ылайык камсыз кылынат.

## 2-глава. Өрттөрдү жана өрттүн коркунучтуу факторлорун классификациялоо

**7-берене. Өрттөрдү жана өрттүн коркунучтуу факторлорун классификациялоонун максаты**

1. Өрттөрдү күйүүчү материалдардын түрлөрү боюнча классификациялоо өрттү өчүрүү каражаттарын колдонуу жаатын белгилөө үчүн пайдаланылат.

2. Өрттөрдү өчүрүү кыйынчылыгына жараша классификациялоо өрткө каршы бөлүмдөрдүн жана өрттөрдү өчүрүү үчүн зарыл башка кызматтардын курамынын күчүн жана каражаттарын аныктоодо пайдаланылат.

3. Өрттүн коркунучтуу факторлорун классификациялоо өрттө адамдарды жана мүлктү коргоо үчүн зарыл өрт коопсуздугунун чараларын негиздөөдө пайдаланылат.

**8-берене. Өрттөрдү классификациялоо**

Өрттөр күйүүчү материалдардын түрлөрү боюнча классификацияланат жана төмөнкү класстарга бөлүнөт:

1) күйүүчү катуу заттар менен материалдардын өрттөнүшү - «А» классы;

2) күйүүчү суюктуктардын же эрүүчү катуу заттар менен материалдардын өрттөнүшү - «В» классы;

3) газдардын өртү - «С» классы;

4) металлдардын өртү – «D» классы;

5) чыңалуудагы электр орнотмолорунун күйүүчү заттар менен материалдарынын өрттөнүшү - «Е» классы;

6) ядролук материалдардын, радиоактивдүү калдыктардын жана радоактивдүү заттардын өрттөнүшү - «Р» классы.

**9-берене. Өрттүн жана жарылуунун коркунучтуу факторлору**

1. Өрттүн адамдарга жана материалдык баалуулуктарга таасир этүүчү коркунучтуу факторлоруна төмөнкүлөр кирет:

1) жалын жана учкун;

2) жылуулук агымы;

3) айлана-чөйрөнүн жогору температурасы;

4) күйүүнүн жана заттардын термикалык ажыроосунун уулуу продуктуларынын жогорку концентрациясы:

5) кычкылтектин төмөнкү концентрациясы;

6) түтүндөн көрүүнүн төмөндөшү.

2. Жарылуунун адамдарга жана материалдык баалуулуктарга таасир этүүчү коркунучтуу факторлоруна төмөнкүлөр кирет:

1) жарылуунун максималдуу басымы жана температурасы;

2) жарылуу басымынын өсүү ылдамдыгы;

3) жарылуу коркунучу бар чөйрөнүн майдалоочу жана фугастык касиети.

Фронттогу кысым жана согуу толкуунун кысуу фазасынын импульсу жарылуу менен коштолгон авариялар үчүн кыйла мүнөздүү жабыркатуучу факторлор болуп саналат.

3. Өрттүн жана жарылуунун коркунучтуу факторлорун коштоочу көрүнүштөргө төмөнкүлөр кирет:

1) талкаланган аппараттардын, агрегаттардын, түзүлүштөрдүн жана конструкциялардын сыныктары, бөлүктөрү;

2) талкаланган аппараттардан жана орнотмолордон айлана-чөйрөгө тараган радиоактивдүү жана уулуу заттар менен материалдар;

3) конструкциялардын, аппараттардын жана агрегаттардын ток өткөрүүчү бөлүктөрүнө жогорку чыңалууну чыгаруу;

4) өрттүн кесепетинен болгон жарылуунун коркунучтуу факторлору;

5) өрт өчүрүүчү заттардын таасири.

## 3-глава. Заттар менен материалдардын өрт-жарылуу коркунучунун жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү жана классификациясы

**10-берене. Заттар менен материалдарды өрт-жарылуу коркунучу жана өрт коркунучу боюнча классификациялоонун максаты**

1. Заттар менен материалдарды өрт-жарылуу коркунучу жана өрт коркунучу боюнча классификациялоо заттар менен материалдарды алууда, пайдаланууда, сактоодо, ташууда, кайра иштетүүдө жана аларды утилдештирүүдө өрт коопсуздугунун талаптарын белгилөө үчүн пайдаланылат.

2. Имараттардын, курулмалардын конструкцияларына жана өрткө каршы коргоо тутумдарына карата өрт коопсуздугунун талаптарын белгилөө үчүн курулуш материалдарын өрт коркунучу боюнча классификациялоо пайдаланылат.

**11-берене. Заттар менен материалдардын өрт-жарылуу коркунучунун жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү**

1. Заттар менен материалдардын өрт-жарылуу коркунучу тандап алуу заттардын (материалдардын) колдонуу шарттарына жана агрегаттык абалына көз каранды көрсөткүчтөр менен аныкталат:

1) газдар - 25ºС температурада жана 101,3 кПа (килопаскаль) басымда каныккан буулардын басымы 101,3 кПа ашкан заттар;

2) суюктуктар - 25ºС температурада жана 101,3 кПа басымда каныккан буулардын басымы 101,3 кПа жетпеген заттар. Суюктуктарга ошондой эле эрүүчү катуу заттар да кирет, алардын эрүү же тамчы тамуу температурасы 50ºСдан төмөн;

3) катуу заттар менен материалдар - эрүү же тамчы тамуу температурасы 50ºСдан жогору болгон жеке заттар жана алардын аралашмалык композициялары, ошондой эле эрүү температурасы болбогон заттар (мисалы, жыгач, кездемелер ж.б.у.с.);

4) чаңдар - бөлүкчөлөрүнүн өлчөмү 850 мкм (микромиллиметр) кичине болгон майдаланган катуу заттар менен материалдар.

2. Көрсөткүчтөрдүн номенклатурасына ылайык өрт коопсуздугун жана жарылуу коопсуздугун камсыз кылуу боюнча тутумдарды иштеп чыгуу үчүн алгачкы маалыматты алуу максатында көрсөткүчтөрдүн классификациясын белгилөөнүн жана алар боюнча ченемдик талаптарды киргизүүнүн мерчеми боюнча заттар менен жана материалдардын өрт-жарылуу коркунучунун жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү курулуш материалдары үчүн колдонулуучу усулдар менен аныкталат.

Көрсөткүчтөрдүн номенклатурасы жана заттар менен материалдардын өрт-жарылуу жана өрт коркунучун мүнөздөө үчүн аларды колдонуу белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайык аныкталат.

Өндүрүш, кайра иштетүү, ташуу жана сактоо шарттарында заттар менен материалдардын өрт-жарылуу жана өрт коркунучун мүнөздөө үчүн көрсөткүчтөрдүн зарыл жана жетиштүү санын объектинин өрт-жарылуу коопсуздугун камсыз кылуу тутумун иштеп чыгуучу же затка (материалга) стандартты жана техникалык шарттарды иштеп чыгуучу аныктайт.

**12-берене. Заттар менен материалдарды өрт коркунучу боюнча классификациялоо**

1. Заттар менен материалдарды өрт коркунучу боюнча классификациялоо алардын өрттүн же жарылуунун коркунучтуу факторлорун пайда кылуу касиеттерине жана жөндөмдүүлүгүнө негизделет.

Күйгүчтүгү боюнча заттар менен материалдар (курулуш жана текстиль материалдарын кошпогондо) төмөнкү топторго бөлүнөт:

- күйбөөчү - абада күйүүгө жөндөмсүз заттар менен материалдар. Суу, абадагы кычкылтек же бири-бири менен өз ара аракеттенүүдө күйүүчү продуктуларды бөлүп чыгаруучу күйбөөчү заттар менен материалдар өрт-жарылуу коркунучтуу болушу мүмкүн;
- кыйындык менен күйүүчү - тутануу булагынын таасиринде абада күйүүгө жөндөмдүү, бирок аны четтеткенден кийин өз алдынча күйүүгө жөндөмсүз заттар менен материалдар;
- күйүүчү (күйүп кетүүчү) - өзүнөн өзү от алып кетүүгө, ошондой эле тутануу булагынын таасири астында тутанууга жана аны четтеткенден кийин өз алдынча күйүүгө жөндөмдүү заттар менен материалдар. Күйүүчү суюктуктар оңой жалындап кетүүчү жана өзгөчө коркунучтуу оңой жалындап кетүүчү деген топторго бөлүнөт, алардын буулары Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы ченемдик укуктук актылар менен аныкталган төмөн температурада от алып кетет.

2. Заттар менен материалдардын күйгүчтүгүнүн топторун аныктоо белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

**13-берене. Курулуш, текстиль жана булгаары материалдарын өрт коркунучу боюнча классификациялоо**

1. Курулуш, текстиль жана булгаары материалдарын өрт коркунучу боюнча классификациялоо алардын өрттүн коркунучтуу факторлорун пайда кылуу касиеттерине жана жөндөмдүүлүгүнө негизделет.

2. Курулуш жана текстиль материалдарынын өрт коркунучу төмөнкү касиеттер менен мүнөздөлөт:

1) күйгүчтүгү;
2) жалындагычтыгы;
3) үстүңкү бетинде жалындын таралуу ылдамдыгы;
4) түтүн пайда кылуу жөндөмдүүлүгү;
5) күйүү продукттарынын уулуулугу.

3. Күйгүчтүгү боюнча курулуш материалдары төмөнкүлөргө бөлүнөт:

1) «Г» - күйүүчү;
2) «НГ» - күйбөөчү.

Күйүүчү курулуш материалдары төмөнкү топторго бөлүнөт:

- «Г1» - начар күйүүчү;
- «Г2» - солгун күйүүчү;
- «Г3» - нормалдуу күйүүчү;
- «Г4» - күчтүү күйүүчү.

4. Күйүүчү курулуш материалдары (анын ичинде килем түрүндөгү полго төшөгүчтөр) жалындагычтыгы боюнча төмөнкү топторго бөлүнөт:

1) «В1» - кыйындык менен от алуучу;
2) «В2» - солгун от алуучу;
3) «В3» - оңой от алуучу.

5. Үстүңкү бети боюнча жалындын таралыш ылдамдыгы боюнча күйүүчү курулуш материалдары (анын ичинде килем түрүндөгү полго төшөгүчтөр) жылуулук агымынын беттик тыгыздыгынын чектүү чоңдугуна жараша төмөнкү топторго бөлүнөт:

1) «РП1» - таралбоочу;
2) «РП2» - начар таралуучу;
3) «РП3» - солгун таралуучу;
4) «РП4» - күчтүү таралуучу.

6. Түтүн пайда кылуу жөндөмдүүлүгү боюнча күйүүчү курулуш материалдары түтүн пайда кылуу коэффициентинин маанисине жараша төмөнкү топторго бөлүнөт:

1) «Д1» - түтүндү аз пайда кылуучу жөндөмдүүлүктөгү;
2) «Д2» - түтүндү солгун пайда кылуучу жөндөмдүүлүктөгү;
3) «Д3» - түтүндү күчтүү пайда кылуучу жөндөмдүүлүктөгү.

7. Күйүүчү продуктулардын уулуулугу боюнча күйүүчү курулуш материалдары төмөнкү топторго бөлүнөт:

1) «Т1» - аз коркунучтуу;
2) «Т2» - солгун коркунучтуу;
3) «Т3» - жогорку коркунучтуу;
4) «Т4» - өзгөчө коркунучтуу.

8. Курулуш конструкцияларынын өрт коркунучунун класстары курулуш материалдарынын өрт коркунучунун топторуна жараша белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен аныкталат.

9. Килем сымал полго төшөгүчтөр үчүн күйгүчтүк тобу аныкталбайт.

10. Текстиль материалдары жалындагычтыгы боюнча тез жалындоочу жана кыйындык менен жалындоочу болуп бөлүнөт.

Курулуш жана текстиль материалдарынын өрт коркунучунун классификациялык көрсөткүчтөрү белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен аныкталат.

## 4-глава. Жарылуу-өрт жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү жана технологиялык чөйрөлөрдүн жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча классификациясы

**14-берене. Технологиялык чөйрөлөрдү жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча классификациялоонун максаты**

Технологиялык чөйрөлөрдүн жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча классификациясы технологиялык процессти жүргүзүүнүн коопсуздук параметрлерин аныктоо үчүн пайдаланылат.

**15-берене. Технологиялык чөйрөлөрдүн жарылуу-өрт жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү**

1. Технологиялык чөйрөлөрдүн жарылуу-өрт жана өрт коркунучу технологиялык процессте катышкан заттардын жарылуу-өрт жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү жана алардын параметрлери менен мүнөздөлөт.

2. Заттардын жарылуу-өрт жана өрт коркунучун баалоо үчүн зарыл көрсөткүчтөрдүн тизмеги белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен аныкталат.

**16-берене. Технологиялык чөйрөлөрдү жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча классификациялоо**

1. Технологиялык чөйрөлөр жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча төмөнкү топторго бөлүнөт:

1) өрт коркунучу бар;

2) жарылуу-өрт коркунучу бар;

3) жарылуу коркунучу бар;

4) өрт коркунучу жок.

2. Эгерде күйүүчү чөйрөнүн түзүлүшү, ошондой эле өрттүн чыгышы үчүн жетишээрлик кубаттуулуктагы тутануу булагынын пайда болушу мүмкүн болсо чөйрө өрт коркунучу бар чөйрөгө кирет.

3. Эгерде кычкылдандыргычтын күйүүчү газдар, буулар, чаңдар жана аэрозолдор менен түзүлүп, тутануу булагынын пайда болушу жарылууга жана (же) өрткө алып келүүчү аралашмаларынын пайда болушу мүмкүн болсо чөйрө өрт жарылуу-коркунучу бар чөйрөгө кирет.

4. Эгерде абанын күйүүчү газдар, буулар, тез жалындоочу суюктуктар жана күйүүчү суюктуктар, күйүүчү аэрозолдор, чаңдар жана булалар менен аралашмасынын пайда болушу мүмкүн болсо, ошондой эле күйүүчү заттар менен болгон белгилүү концентрациясында жана жардыруу булагы пайда болгондо жарылууга жөндөмдүү чөйрө жарылуу коркунучу бар чөйрөгө кирет.

5. Күйүүчү чөйрөсү жана кычкылдандыргычы болбогон мейкиндик өрт коопсуз чөйрөгө кирет.

## 5-глава. Өрт коркунучу жана жарылуу коркунучу бар зоналарды классификациялоо

**17-берене. Классификациялоонун максаты**

Өрт коркунучу жана жарылуу коркунучу бар зоналарды классификациялоо электротехникалык жана башка жабдыктарды көрсөтүлгөн зонада өрт-жарылуу коопсуздугу жок эксплуатациялоону камсыз кылуучу аларды коргоо даражасы боюнча тандоо үчүн пайдаланылат.

**18-берене. Өрт коркунучу бар зоналарды классификациялоо**

1. Жайлардын ичинде жана сыртында жайгаштырылуучу, алардын чегинде дайыма же маал-маалы менен күйүүчү (өрттөнүүчү) заттар жүгүртүлгөн жана нормалдуу технологиялык процессте же анын бузулушунда орун алышы мүмкүн

электр орнотмолорунун колдонуу жаатын аныктоо максатында өрт коркунучу бар зоналарды классификациялоо белгиленет.

Объекти өрт коркунучу бар зоналардын классына киргизүү жана өрт коркунучу бар зоналардын чек араларын аныктоо долбоордук документтерге ылайык, ал эми эксплуатациялануучу объекттер боюнча - объекттин менчик ээси тарабынан жүргүзүлөт.

Өрт коркунучу бар зоналар төмөнкү класстарга бөлүнөт:

- «П-I» классындагы өрт коркунучу бар зона - от алуу температурасы +61ºС жогору күйүүчү суюктуктар бар жайлардагы мейкиндик;
- «П-II» классындагы өрт коркунучу бар зона - күйүүчү чаң же була топтолушу жана бөлүнүп чыгышы мүмкүн болгон жайлардагы мейкиндик;
- «П-IIа» классындагы өрт коркунучу бар зона - күйүүчү катуу заттар менен материалдар бар жайлардагы мейкиндик;
- »П-III» классындагы өрт коркунучу бар зона - от алуу температурасы 61ºС жогору күйүүчү суюктуктар же күйүүчү катуу заттар бар жайлардан сырткары мейкиндик. Күйүүчү заттар болгон аппараттан туурасынан жана тикесинен 5 метрге чейинки жайлардагы же алардын чегинен сырткары, бирок технологиялык процесс ачык отту, ысыган бөлүктөрдү колдонуу менен жүргүзүлгөн зоналар же ысык буулардын, чаңдын же булалардын өзүнөн өзү күйүп кетүүчү температурага чейин ысытылган сырты бар технологиялык аппараттар алардын электр жабдуулар бөлүгүндө өрткө коркунучтуу зоналарга таандык болбойт.

2. Өрт коркунучу бар зоналарды классификациялоо электр орнотмолорунун түзүлүшүнүн эрежелерине ылайык классификациялык көрсөткүчтөргө жараша белгиленет.

**19-берене. Жарылуу коркунучу бар зоналарды классификациялоо**

1. Жарылууга коркунучтуу аралашмалардын болушунун жыштыгына жана узактыгына жараша жарылуу коркунучу бар зоналар төмөнкү класстарга бөлүнөт:

0 класс - жарылууга коркунучтуу газ аралашмасы дайыма же бир саат бою бар болуучу зоналар;

1 класс - жабдуулар иштин демейки режимдеринде иштегенде ысык газдар же аба менен жарылуу коркунучу бар аралашмаларды түзгөн оңой от алуучу суюктуктардын буулары бөлүнүп чыкккан жайларда жайгашкан зоналар;

2 класс - жабдуулар иштин демейки режимдеринде иштегенде күйүүчү газдардын же тез от алуучу суюктуктардын бууларынын аба менен жарылуу коркунучу бар аралашмаларды түзүлбөйт, ал эми технологиялык жабдуулардын авариясынын же оң болбоосунун натыйжасында гана пайда болуучу жайларда жайгашкан зоналар;

3 класс - күйүүчү чаңдын аба менен болгон жарылууга коркунучтуу аралашмасынын төмөнкү концентрациядагы жалындоо чеги абанын көлөмүнө 65 г/м$^3$ аз болгон жана дайыма болуучу зоналар;

4 класс - жабдуулар иштин демейки режимдеринде иштегенде абада тең салмак абалга өтүүчү жана 65 г/м$^3$ жана андан аз концентрацияда аба менен жарылууга коркунучтуу аралашмаларды түзүүгө жөндөмдүү күйүүчү чаңдар же булалар бөлүнүп чыгуучу жайларда жайгашкан зоналар;

5 класс - жабдуулар иштин демейки режимдеринде иштегенде 65 г/м$^3$ жана андан аз концентрацияда аба менен күйүүчү чаңдардын же буларлардын жарылууга коркунучтуу аралашмалары түзүлбөй, бирок күйүүчү чаңдардын же булалардын жарылуу коркунучу бар мындай аралашмаларынын технологиялык жабдуунун аварияга учурашынын же оң эместигинин гана натыйжасында түзүлүшү мүмкүн болуучу жайларда жайгашкан зоналар.

2. Жарылуу коркунучу бар зоналардын көрсөткүчтөрүн классификациялоо электр түзүлүштөрдүн түзүлүш эрежелери менен аныкталат.

**6-глава. Электр жабдууларынын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча классификациялоо**

**20-берене. Классификациялоонун максаты**

Электр жабдууларын жарылуу өрт жана өрт коркунучу боюнча классификациялоо аны коопсуз колдонуу жаатын жана ошол жаатка тиешелүү электр жабдууларынын маркировкасын аныктоо үчүн, ошондой эле электр жабдууларын эксплуатациялоодо өрт коопсуздугунун талаптарын аныктоо үчүн колдонулат.

**21-берене. Электр жабдууларын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча классификациялоо**

1. Өрт жана жарылуу өрт коркунучунун даражасына жараша электр жабдуулары төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

1) жарылуу өрттөн коргоо каражаттары жок электр жабдуулары;

2) өрттөн корголгон электр жабдуулары (өрт коркунучу бар зоналар үчүн);

3) жарылуудан корголгон электр жабдуулары (жарылуу коркунучу бар зоналар үчүн).

2. Электр жабдууларынын өрт жана жарылуу өрт коркунучунун даражасы деп электр жабдууларынын ичинде тутануу булагы чыккан коркунуч жана (же) тутануу булагынын электр жабдууларынын айланасындагы күйүүчү чөйрөгө таасир этүү коркунучу түшүнүлөт.

Жарылуу өрттөн коргоо каражаттары жок электр жабдуулары өрттөн жана жарылуудан сактоо деңгээли боюнча классификацияланбайт.

**22-берене. Өрттөн корголгон электр жабдууларын классификациялоо**

1. Өрт коркунучу бар зоналарда колдонулуучу электр жабдуулары ошол электр жабдуусунун конструкциясы менен камсыз кылынуучу жабдуунун ичине суунун киришинен жана сырттан катуу нерселердин түшүп кетишинен корголуу даражасы боюнча классификацияланат.

Өрттөн корголгон электр жабдууларынын классификациясы электр орнотмолорунун түзүлүш эрежелери менен аныкталат.

2. Электр жабдууларынын кабыкчасынын коргоо даражасын маркалоо эл аралык коргоо белгисинин (IP) жана эки цифранын жардамы менен жүзөгө ашырылат, алардын биринчиси катуу нерселердин түшүп кетишинен, экинчиси - суунун киришинен коргой тургандыгын билдирет.

**23-берене. Жарылуудан корголгон электр жабдууларын классификациялоо**

1. Жарылуудан корголгон электр жабдуулары жарылуудан коргоо деңгээли, жарылуудан коргоо түрлөрү, топтору жана температуралык класстары боюнча классификацияланат.

2. Жарылуудан корголгон электр жабдуулары жарылуудан коргоо деңгээли боюнча төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

1) өзгөчө жарылуу коркунучу жок электр жабдуулары (деңгээли - 0);

2) жарылуу коркунучу жок электр жабдуулары (деңгээли - 1);

3) жарылууга каршы жогорку бекемдиктеги электр жабдуулары (деңгээли - 2).

3. Жарылуу коркунучу жок электр жабдуулары - жарылуудан коргоонун кошумча каражаттары менен жарылуу коркунучу жок электр жабдуулары.

Жарылуу коркунучу жок электр жабдуулары жарылуудан коргоо каражаттарынын бузулуусун кошпогондо, иштин демейки режиминде да, бузулууда да жарылуудан коргоону камсыз кылат.

Жарылууга каршы жогорку бекемдиктеги электр жабдуулары иштин демейки режиминде гана жарылуудан коргоону камсыз кылат (авария жана бузулуулар болбогондо).

4. Жарылуудан корголгон электр жабдууларынын температуралык классы, тобу (кичи тобу), жарылуудан коргоонун деңгээли, түрү боюнча көрсөткүчтөрү, ошондой эле электр жабдууларды маркалоо электр орнотмолорунун түзүлүш эрежелери менен аныкталат.

## 7-глава. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолорду классификациялоо

**24-берене. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолорду классификациялоонун максаты**

1. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолорду классификациялоо өрт чыгуу мүмкүндүгүн болтурбоо жана сырткы орнотмолордо өрт чыккан учурда адамдардын жана мүлктүн өрткө каршы корголушун камсыз кылууга багытталган өрт коопсуздугунун талаптарын белгилөө үчүн пайдаланылат.

2. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолордун классификациясы анын тиешелүү категорияга таандыгын аныктоого негизделет.

3. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолордун категориялары капиталдык курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин долбоордук документтеринде көрсөтүлүүгө тийиш, орнотмолордо өрт коркунучу боюнча категориялардын белгилери да көрсөтүлүүгө тийиш.

**25-берене. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолордун категорияларын аныктоо**

1. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолордун категориялары орнотмолордогу күйүүчү заттар менен материалдардын өрт коркунучунун касиеттерине, санына жана технологиялык процесстердин өзгөчөлүктөрүнө негизденип аныкталат.

2. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолордун категориялары белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен аныкталат.

3. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолордун категорияларын аныктоо алардын кыйла коркунучтуу «Ан» категориясынан коркунучтуулугу кыйла төмөн «Дн» категориясына таандуулугун ырааттуу текшерүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

4. Өрт коркунучу боюнча сырткы орнотмолор төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

1) жогорку жарылуу өрт коркунучу (Ан);
2) жарылуу өрт коркунучу (Бн);
3) өрт коркунучу (Вн);
4) орточо өрт коркунучу (Гн);
5) төмөндөтүлгөн өрт коркунучу (Дн).

## 8-глава. Имараттардын, курулмалардын жана жайлардын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча классификациялоо

**26-берене. Имараттарды, курулмаларды жана жайларды өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча классификациялоонун максаты**

Имараттарды, курулмаларды жана жайларды өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча классификациялоо өрт чыгуу мүмкүндүгүн болтурбоого жана имараттарда, курулмаларда жана жайларда өрт чыккан учурда адамдардын жана мүлктүн өрттөн корголушун камсыз кылууга багытталган өрт коопсуздугунун талаптарын белгилөө үчүн колдонулат.

**27-берене. Имараттардын, курулмалардын жана жайлардын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча категориялары**

1. Имараттардын, курулмалардын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча категориялары ошол имараттагы, курулмадагы тигил же бул коркунуч категориясындагы жайлардын үлүшүнө жана жалпы аянтына негизденип аныкталат.

Имараттардын, курулмалардын жана өндүрүштүк жана кампалык арналыштагы жайлардын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча категориялары капиталдык курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин долбоордук документтеринде көрсөтүлөт.

2. Имараттардын, курулмалардын жана жайлардын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча категориясы аппараттарда жана жайларда жайгашкан күйүүчү заттар менен материалдардын түрүнө, алардын санына жана өрт коркунучунун касиетине, ошондой эле жайлардын көлөмдүк-пландоо чечимдерине жана анда жүргүзүлүп жаткан технологиялык процесстердин мүнөздөмөсүнө жараша курулуш ченемдери жана эрежелери, белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен аныкталат.

3. Имараттардын, курулмалардын жана жайлардын категорияларын аныктоо алардын кыйла коркунучтуу «А» категориясынан коркунучтуулугу кыйла төмөн «Д» категориясына таандуулугун ырааттуу текшерүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

Имараттарды, курулмаларды жана жайларды «В1», «В2», «В3» же «В4» категорияларына киргизүү аларда өрт оорчулугунун өлчөмүнө жана жайгаштыруу ыкмасына, ошондой эле аны түзүүчү заттардын жана материалдардын өрт коркунучтуу касиетине жараша жүзөгө ашырылат.

4. Өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча өндүрүш жана кампалык арналыштагы имараттар, курулмалар жана жайлар функционалдык арналышына карабастан төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

1) «А» - жогорку жарылуу өрт коркунучу;
2) «Б» - жарылуу өрт коркунучу;
3) «В1 - В4» өрт коркунучу;
4) «Г» - орточо өрт коркунучу;
5) «Д» - төмөндөтүлгөн өрт коркунучу.

## 9-глава. Имараттарды, курулмаларды жана өрт отсектерин өрт-техникалык классификациялоо

**28-берене. Классификациялоонун максаты**

1. Имараттарды, курулмаларды жана өрт отсектерин өрт-техникалык классификациялоо функционалдык арналышын жана өрт коркунучтуулугуна жараша имараттардын, курулмалардын өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумдарына карата өрт коопсуздугунун талаптарын белгилөө үчүн колдонулат.

2. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин өрткө туруктуулук даражасы, алардын функционалдык жана конструкциялык өрт коркунучунун класстары капиталдык курулуш жана реконструкциялоо объекттерине долбоордук документтерде көрсөтүлөт.

**29-берене. Имараттарды, курулмаларды жана өрт отсектерин өрт-техникалык классификациялоо**

Имараттарды, курулмаларды жана өрт отсектерин классификациялоо төмөнкү критерийлерди эске алуу менен жүзөгө ашырылат:

1) отко туруктуулук даражасы;
2) конструкциялык өрт коркунучунун классы;
3) функционалдык өрт коркунучунун классы.

**30-берене. Имараттарды, курулмаларды жана өрт отсектерин отко туруктуулук даражасы боюнча классификациялоо**

1. Имараттар, курулмалар жана өрт отсектери отко туруктуулук даражалары боюнча I, II, III, IV жана V даражадагы отко туруктуу имараттарга, курулмаларга жана өрт отсектерге бөлүнөт.

2. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин отко туруктуулук даражасы тиешелүү курулуш ченемдери жана белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен белгиленет.

**31-берене. Имараттарды, курулмаларды жана өрт отсектерин конструкциялык өрт коркунуч классы боюнча классификациялоо**

1. Имараттар, курулмалар жана өрт отсектери конструкциялык өрт коркунуч классы боюнча төмөнкү СО, С1, С2 жана С3 класстарына бөлүнөт.

2. Имараттарда, курулмаларда жана өрт отсектеринде өрттүн тарап кетүүсүн чектөөгө карата коюлуучу талаптар ушул Мыйзамдын 75-беренесинде белгиленет.

3. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин конструкциялык өрт коркунуч классын аныктоо тартиби белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык аныкталат.

**32-берене. Имараттарды, курулмаларды жана өрт отсектерин функционалдык өрт коркунуч классы боюнча классификациялоо**

1. Имараттар (курулмалар, өрт отсектери жана имараттардын бөлүктөрү - жайлар же функционалдык жактан өз ара байланышкан жайлардын топтору) функционалдык өрт коркунуч классы боюнча арналышына, жылына, физикалык абалына жана имараттагы адамдардын санына, алардын уктоо абалында болуу мүмкүнчүлүгүнө жараша төмөнкүдөй бөлүнөт:

1) «Ф 1» - адамдардын туруктуу жашоосу жана убактылуу болуусу үчүн имараттар, анын ичинде:

а) «Ф 1.1» - мектепке чейинки билим берүүчү мекемелеринин, карылардын жана майыптардын адистешкен үйлөрүнүн (квартиралуу эмес) имараттары, ооруканалар, интернат тибиндеги билим берүүчү мекемелердин жана балдар мекемелеринин уктоочу корпустары;

б) «Ф 1.2» - мейманканалар, жатаканалар, санаторийлер жана жалпы типтеги эс алуу үйлөрүнүн, кемпингдердин, мотелдердин жана пансионаттардын уктоочу корпустары;

в) «Ф 1.3» - көп квартиралуу турак үйлөр;

г) «Ф 1.4» - бир квартиралуу, анын ичинде тосмолонгон турак үйлөр;

2) «Ф 2» - оюн-зоок жана маданий-агартуу мекемелеринин имараттары, анын ичинде:

а) «Ф 2.1» - театрлар, кинотеатрлар, концерттик залдар, клубдар, цирктер, трибунасы менен спорттук курулмалар, китепканалар жана жабык жайларга келүүчүлөр үчүн эсептелген сандагы отуруучу орундары бар башка мекемелер;

б) «Ф 2.2» - музейлер, көргөзмөлөр, бий залдары жана ушул сыяктуу жабык жайлардагы мекемелер;

в) «Ф 2.3» - «Ф 2.1»де көрсөтүлгөн мекемелердин ачык асман астындагы имараттары;

г) «Ф 2.4» - «Ф 2.2»де көрсөтүлгөн мекемелердин ачык асман астындагы имараттары;

3) «Ф 3» - калкты тейлөө боюнча ишканалардын имараттары, анын ичинде:

а) «Ф 3.1» - соода ишканаларынын имараттары;

б) «Ф 3.2» - коомдук тамактануу ишканаларынын имараттары;

в) «Ф 3.3» - вокзалдар;

г) «Ф 3.4» - поликлиникалар жана амбулаториялар;

д) «Ф 3.5» - турмуш-тиричилик жана коммуналдык тейлөө ишканаларынын келип-кетүүчүлөр үчүн эсепке алынбаган сандагы отуруу орундары бар келип-кетүүчүлөр үчүн жайлар;

е) «Ф 3.6» - көрүүчүлөр үчүн трибуналары жок дене тарбия-ден соолукту чыңдоо комплекстери жана спорттук-машыктыруу мекемелери, турмуш-тиричиликтик жайлары, мончолор;

4) «Ф 4» - илимий жана билим берүү уюмдарынын, долбоорлоо уюмдарынын, башкаруу органдарынын мекемелеринин имараттары, анын ичинде:

а) «Ф 4.1» - жалпы билим берүү мекемелери, балдарга кошумча билим берүү мекемелери, кесиптик баштапкы жана кесиптик орто билим берүү мекемелери;

б) «Ф 4.2» - кесиптик жогорку билим берүү жана адистерге кесиптик кошумча билим берүү (квалификацияларын жогорулатуу) мекемелери;

в) «Ф 4.3» - башкаруу органдарынын мекемелери, долбоорлоо-конструктордук уюмдары, маалымат жана редакциялык-басма уюмдары, илимий уюмдар, банктар, конторалар, офистер;

г) «Ф 4.4» - өрт деполору;

5) «Ф 5» - өндүрүштүк же кампа арналышындагы имараттар, анын ичинде:

а) «Ф 5.1» - өндүрүштүк имараттар жана курулмалар, өндүрүштүк жана лабораториялык жайлар, устаканалар;

б) «Ф 5.2» - кампа имараттары жана курулмалары, техникалык тейлөө жана оңдоосуз автомобилдер токтоочу жайлар, китеп сакталуучу жайлар, архивдер, кампа жайлары;

в) «Ф 5.3» - айыл чарбалык арналыштагы имараттар.

2. Өндүрүштүк жана кампа жайлары, анын ичинде «Ф 1» - «Ф 4» класстарындагы имараттардагы лабораториялар жана устаканалар «Ф 5» классына кирет.

**33-берене. Өрт деполорунун имараттарын классификациялоо**

1. Өрт деполорунун имараттары арналышына, автомобилдердин санына, жайларынын жана алардын аянттарынын курамына жараша төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) I - шаардык калктуу конуштарды коргоо үчүн 6, 8, 10 жана 12 автомобилге өрт депосу;

2) II - шаардык калктуу конуштарын коргоо үчүн 2, 4 жана 6 автомобилге өрт депосу;

3) III - уюмдарды коргоо үчүн 6, 8,10 жана 12 автомобилге өрт депосу;

4) IV - уюмдарды коргоо үчүн 2, 4 жана 6 автомобилге өрт делосу;

5) V - айылдык калктуу конуштарды коргоо үчүн 1, 2, 3 жана 4 автомобилге өрт депосу.

2. Өрт депосунун I жана III типтеги имараттары аларда калктуу конуштун же уюмдун аймагынан орун алган өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу органдардын бөлүмдөрү жайгашкан учурда долбоорлонот.

## 10-глава. Курулуш конструкцияларын жана өрткө каршы бөгөттөрдү өрт-техникалык классификациялоо

**34-берене. Классификациялоонун максаты**

1. Курулуш конструкцияларын белгилүү даражада отко туруктуу имараттарда, курулмаларда жана өрт отсектеринде колдонуу мүмкүндүгүн белгилөө үчүн же имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин отко туруктуулук даражасын аныктоо үчүн отко туруктуулугу боюнча классификациялайт.

2. Курулуш конструкциялары өрттүн өрчүшүнө курулуш конструкцияларын катышуу даражасын жана алардын өрттүн коркунучтуу факторлорун жаратууга карата жөндөмдүүлүгүн аныктоо үчүн өрт коркунучу боюнча классификацияланат.

3. Өрткө каршы бөгөттөр өрттүн коркунуч факторлорунун жайылышын болтурбоо ыкмасы боюнча, ошондой эле отко туруктуулуктун керектүү чеги жана өрт коркунучунун классы менен курулуш конструкцияларды тандоо жана өрткө каршы бөгөттөрдүн тешиктерин толтуруу үчүн отко туруктуулугу боюнча классификацияланат.

**35-берене. Курулуш конструкцияларын отко туруктуулугу боюнча классификациялоо**

1. Имараттардын жана курулмалардын курулуш конструкциялары стандарттык сыноо шарттарында алардын өрттүн таасирине жана өрттүн коркунучтуу факторлорунун таралышына каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгүнө жараша төмөнкүдөй отко туруктуулук чегине ээ курулуш конструкцияларына бөлүнөт:

1) ченемге салынбаган;
2) 15 мүнөттөн кем эмес;
3) 30 мүнөттөн кем эмес;
4) 45 мүнөттөн кем эмес;
5) 60 мүнөттөн кем эмес;
6) 90 мүнөттөн кем эмес;
7) 120 мүнөттөн кем эмес;
8) 150 мүнөттөн кем эмес;
9) 180 мүнөттөн кем эмес;
10) 240 мүнөттөн кем эмес;
11) 360 мүнөттөн кем эмес.

2. Курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чеги стандарттык сыноолордун шарттарында аныкталат. Көтөрүүчү жана тосуучу курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чектери стандарттык сыноолордун шарттарында же эсептөөлөрдүн натыйжасында бир же чектик абалдардын төмөнкү бир нече белгилерине ырааттуу жетүү убактысы боюнча белгиленет:

1) көтөрүү жөндөмдүүлүгүн жоготушу «R»;
2) бүтүндүгүн жоготушу «E»;
3) конструкциянын ысытылбаган бетинде температуранын «I» чектик маанилерге чейин жогорулашынан улам же конструкциялардын ысытылбаган бетинен ченемделген аралыкта жылуулук агымынын тыгыздыгынын чектик «W» чоңдугуна жетишинин кесепетинен жылуулук өткөрбөө жөндөмдүүлүгүнүн жоголушу.

3. Өрткө каршы бөгөттөрдүн оюктарын толтуруу үчүн отко туруктуулук чеги бүтүндүгүн жоготкондогу «E», жылуулук өткөрбөө жөндөмдүүлүгүнүн «I», жылуулук агымынын тыгыздыгынын «W' жана (же) түтүн-газ өткөрбөстүгүнүн «S» чектик чоңдугуна жеткенде келет.

4. Курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чегин жана чектик абалдарынын белгилерин аныктоо усулдары белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык белгиленет.

5. Курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чектеринин шарттуу белгилери чектик абалынын жана тобунун тамга түрүндөгү белгилерин камтыйт.

**36-берене. Курулуш конструкцияларын өрт коркунучу боюнча классификациялоо**

1. Курулуш конструкциялары өрт коркунучу боюнча төмөнкү класстарга бөлүнөт:

1) өрт коркунучу жок «K0»;

2) өрт коркунучу аз «К1»;

3) өрт коркунучу солгун «К2»;

4) өрт коркунучтуу «К3».

2. Курулуш конструкцияларынын өрт коркунучу боюнча классы жана курулуш конструкцияларын өрт коркунучу боюнча белгилүү бир класска таандык кылуу критерийлеринин сандык маанилери белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык аныкталат.

**37-берене. Өрткө каршы бөгөттөрдү классификациялоо**

1. Өрткө каршы бөгөттөр өрттүн коркунучтуу факторлорунун таралуусун болтурбоо ыкмасына жараша төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) өрткө каршы дубалдар;

2) өрткө каршы тосмолор;

3) өрткө каршы калканчтар;

4) өрткө каршы ажырымдар;

5) өрткө каршы көшөгөлөр, шторалар жана экрандар;

6) өрткө каршы суу тосмолору;

7) өрткө каршы минералдаштырылган тилкелер.

2. Өрткө каршы дубалдар, тосмолор жана калканчтар, өрткө каршы бөгөттөрдөгү оюктарды толтуруу (өрткө каршы эшиктер, дарбазалар, люктар, клапандар, терезелер, шторалар, көшөгөлөр) алардын тосуучу бөлүгүнүн отко туруктуулук чектерине жараша, ошондой эле өрткө каршы бөгөттөрдөгү оюктар үчүн каралган тамбур-шлюздар ошол тамбур-шлюздардын элементтеринин типтерине жараша төмөнкүдөй типтерге бөлүнөт:

| | | |
|---|---|---|
| 1) | дубалдар | 1 же 2-тип; |
| 2) | тосмолор | 1 же 2-тип; |
| 3) | калканчтар | 1 же 2, же 3, же 4-тип; |
| 4) | эшиктер, дарбазалар, люктар, клапандар, экрандар, шторалар | 1 же 2, же 3-тип; |
| 5) | терезелер | 1 же 2, же 3-тип; |
| 6) | көшөгөлөр | 1-тип; |
| 7) | тамбур-шлюздар | 1 же 2-тип. |

3. Өрткө каршы бөгөттөр өрткө каршы бөгөттөрдүн элементтеринин отко туруктуулук чектерине жана оюктарды толтуруу тибине жараша тигил же бул типке таандык кылынат жана белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык аныкталат.

## 11-глава. Тепкичтерди жана тепкич клеткаларын өрт-техникалык классификациялоо

**38-берене. Классификациялоонун максаты**

Тепкичтер жана тепкич клеткалары, алардын көлөмдүк-пландоо жана конструкциялык чечилишине талаптарды аныктоо максатында, ошондой эле адамдарды эвакуациялоо жолдорунда аларды колдонуу талаптарын белгилөө үчүн классификацияланат.

**39-берене. Тепкичтерди классификациялоо**

1. Өрттө имараттардан жана курулмалардан адамдарды эвакуациялоо үчүн арналган тепкичтер төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) тепкич клеткаларында жайгаштырылуучу ички тепкичтер;

2) ички ачык тепкичтер;

3) сырткы ачык тепкичтер.

2. Өрт өчүрүүнү камсыз кылуу жана авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүү үчүн арналган өрт тепкичтери төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) тик тепкичтер - П1;

2) жантаймасы 6:1ден ашык эмес марш тепкичтери - П2.

**40-берене. Тепкич клеткаларын классификациялоо**

1. Тепкич клеткалары өрттө түтүндөн корголуу даражасына жараша төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) кадимки тепкич клеткалары;

2) түтөбөөчү тепкич клеткалары.

2. Кадимки тепкич клеткалары жарык берүү ыкмасына жараша төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) «Л1» ар бир кабаттын сырткы дубалындагы айнектелген же ачык оюктар аркылуу табигый жарык кирген тепкич клеткалары;

2) «Л2» жабык жердеги айнектелген же ачык оюктар аркылуу табигый жарык кирген тепкич клеткалары.

3. Түтөбөөчү тепкич клеткалары өрттө түтөөдөн сактоо ыкмасына жараша төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) «Н1» түтөбөөчү сырткы аба зонасы аркылуу ачык өткөөл боюнча кабаттан тепкич клеткасына чыккан жери бар тепкич клеткалары;

2) «Н2» өрттө тепкич клеткаларына абаны үйлөгөн тепкич клеткалары;

3) «Н3» ар бир кабатта дайыма же өрт учурунда аба үйлөнгөнү камсыз кылынган тамбур-шлюз аркылуу чыккан жери бар тепкич клеткалары.

4. Ушул берененин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн тепкич клеткаларын бийиктиги 28 метр же андан жогору коомдук арналышындагы турак жай арналышындагы имараттарда ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле курулуш ченемдерине жана эрежелерине ылайык караштыруу керек.

## 12-глава. Өрткө каршы техниканы, жабдууларды жана жабдыктарды классификациялоо

**41-берене. Классификациялоонун максаты**

Өрт техникасын классификациялоо анын арналышын, колдонуу жаатын аныктоо үчүн, ошондой эле өрт техникасын эксплуатациялоодо өрт коопсуздугунун талаптарын белгилөө үчүн пайдаланылат.

**42-берене. Өрткө каршы техниканы, жабдууларды жана жабдыктарды классификациялоо**

Өрт техникасы, жабдуулар жана жабдыктар арналышына жана колдонуу жаатына жараша төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары;

2) өрт өчүрүүнүн мобилдүү каражаттары;

3) өрт өчүрүүчү орнотмолор;

4) өрт автоматикасынын каражаттары;

5) өрткө каршы жабдуулар;

6) өрттө адамдарды жеке коргоонун жана куткаруунун каражаттары;

7) өрткө каршы шаймандар (механикалаштырылган жана механикалаштырылбаган);

8) өрт сигнализациясы, байланыш жана кабарлоо.

**43-берене. Өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарын классификациялоо жана аларды колдонуу жааты**

Өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары өрт менен күрөшүү максатында пайдалануу үчүн арналган жана төмөнкү типтерге бөлүнөт:

1) көтөрүп жүрмө жана жылдырылуучу өрт өчүргүчтөр;

2) өрт крандары жана алардын пайдаланылышын камсыз кылуучу каражаттар;
3) өрт инвентары;
4) тутануу очогун обочолоо үчүн жапкыч, брезент, кийиз, кум.

**44-берене. Өрт өчүрүүнүн мобилдүү каражаттарын классификациялоо**

Өрт өчүрүүнүн мобилдүү каражаттарына өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын бөлүмдөрүнүн өздүк курамы пайдалануу үчүн арналган транспорт же транспорттолуучу өрт машиналары кирет. Өрт өчүрүүнүн мобилдүү каражаттары төмөнкү типтерге бөлүнөт:
1) өрт өчүрүүчү автомобилдер (негизги жана атайын);
2) өрт өчүрүүчү поезддер;
3) өрт өчүрүүчү вертолеттор;
4) өрт өчүрүүчү кемелер;
5) өрт өчүрүүчү мотопомпалар;
6) ыңгайлаштырылган техникалык каражаттар (сүйрөгүчтөр, чиркегичтер жана тракторлор жана д.у.с.).

**45-берене. Өрт өчүрүү орнотмолорун классификациялоо**

1. Өрт өчүрүү орнотмолору - от өчүрүүчү заттарды жиберүү менен өрттү өчүрүүнүн стационардык техникалык каражаттарынын жыйындысы.

Өрт өчүрүү орнотмолору өрттү чектөөнү жана жок кылууну камсыз кылууга тийиш.

Өрт өчүрүү орнотмолору төмөнкүдөй бөлүнөт:
- конструкциялык түзүлүшү боюнча - агрегаттык жана модулдук;
- автоматташтыруу даражасы боюнча - автоматтык, автоматташтырылган жана кол менен иштетилүүчү;
- от өчүрүүчү заттардын түрү боюнча - суу, көбүк, газ, порошок колдонулуучу, аэрозолдук жана айкалышкан;
- өчүрүү ыкмасы боюнча - көлөмдүк, үстүңкү, чектелген-көлөмдүк жана чектелген-үстүңкү.

2. Өрт өчүрүү орнотмосунун типтери, өчүрүү ыкмасы жана от өчүрүүчү заттардын түрү Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

Мында өрт өчүрүү орнотмосу төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:
- өрттүн күчөшүнүн баштапкы стадиясынын узактыгынан (өрттүн эркин күчөшүнүн чектүү мезгилинен) ашпаган мезгил ичинде иштей баштоосун;
- суу жеткирүүнүн зарыл болгон ургаалдуулугун же от өчүрүүчү заттардын салыштырмалуу сарпталышын;
- ыкчам күчтөр менен каражаттарды аракетке келтирүү үчүн зарыл мезгил ичинде өрттү жок кылуу же чектөө максатында өчүрүүнү;
- иштешинин талап кылынган ишенимдүүлүгүн.

**46-берене. Өрт өчүрүү автоматикасынын (сигнализация) каражаттары**

Өрт өчүрүү автоматикасынын каражаттары өрттү автоматтык түрдө табууга, ал тууралуу адамдарды маалымдоо жана адамдардын эвакуациялоосун башкаруу, өрттү өчүрүү жана түтүндү кетирүү орнотмолорун автоматтык башкаруу, имараттардын жана объекттердин инженердик, технологиялык жана коммуникациялык жабдууларын башкаруу үчүн арналган. Өрт автоматикасынын каражаттары төмөнкүлөргө бөлүнөт:
1) өрт маалымдагычтарына;
2) кабыл алгыч-контролдоо өрт приборлоруна;
3) башкаруучу өрт приборлоруна;
4) кабарлоону жана эвакуацияны башкаруунун өрт техникалык каражаттарына;

5) өрт тууралуу маалымдоолорду берүү тутумдарына;
6) өрт автоматикасынын тутумдарын куруу үчүн башка приборлоруна жана жабдууларына.

**47-берене. Өрттө адамдарды коргоонун жана куткаруунун жеке каражаттарын классификациялоо**

1. Өрттө адамдарды коргоонун жеке каражаттары коргоо объектинин кызматкерлерин, өрттүн алдын алуу жана өчүрүү жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын бөлүмдөрүнүн жеке курамын жана эвакуацияланган жарандарды өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен коргоо үчүн арналат. Өрттө адамдарды куткаруу каражаттары өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу органдардын бөлүмдөрүнүн өздүк курамы жана күйүп жаткан имараттан, курулмадан жарандарды, жердеги, абадагы жана суудагы транспорт каражаттарын куткаруу үчүн арналат.

2. Өрттө адамдарды коргоонун жеке каражаттары төмөнкүлөргө бөлүнөт:
1) дем алуу жана көрүү органдарын коргоонун жеке каражаттары (обочолоо аракеттеги);
2) өрт өчүрүүчүлөрдүн жеке коргонуу каражаттары.

3. Өрттө адамдарды бийиктиктен куткаруу каражаттары төмөнкүлөргө бөлүнөт:
1) адамдарды куткаруунун жеке каражаттарына;
2) адамдарды куткаруунун жамааттык каражаттарына.

## 13-глава. Өрттү болтурбоо тутуму

**48-берене. Өрттү болтурбоо тутумун түзүүнүн максаты**

1. Өрттү болтурбоо тутумун түзүүнүн максаты өрттүн келип чыгуу шарттарын четтетүү болуп саналат.

Өрттүн келип чыгуу шарттарын четтетүү күйүүчү чөйрөнүн пайда болуу шарттарын жана (же) күйүүчү чөйрөдө тутануу булагынын пайда болуу (же ага киргизилүү) шарттарын четтетүү аркылуу жетишилет.

2. Коргоо объектиндеги өрттү болтурбоо тутумдарынын курамы жана функционалдык мүнөздөмөсү ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы ченемдик укуктук актылары жана тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери менен белгиленет.

3. Өрттү болтурбоо тутумдарынын мүнөздөмөлөрүн изилдөөлөрдүн (сыноолордун жана өлчөөлөрдүн) эрежелери жана усулдары белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык белгиленет.

49-берене. Күйүүчү чөйрөнүн түзүлүү шарттарын четтетүү ыкмалары

Күйүүчү чөйрөнүн түзүлүү шарттарын четтетүү төмөнкү ыкмалардын бири же бир нечеси менен камсыз кылынууга тийиш:
1) күйбөөчү заттар менен материалдарды колдонуу;
2) күйүүчү заттар менен материалдардын массасын жана (же) көлөмүн чектөө;
3) күйүүчү заттар менен материалдарды, ошондой эле бири-бири менен өз ара аракеттенгенде күйүүчү чөйрөнүн түзүлүүсүнө алып келүүчү материалдарды жайгаштыруунун кыйла коопсуз ыкмаларын пайдалануу;
4) күйүүчү чөйрөнү тутануу булагынан обочолоо (обочолонгон отсектерди, камераларды, кабиналарды колдонуу);
5) кычкылдандыргыч жана (же) күйүүчү заттардын чөйрөлөрүндө коопсуз концентрацияны кармап туруу;
6) кычкылдандыргычтын күйүүчү чөйрөдөгү концентрациясынын корголуучу көлөмдө азайтылышы;

7) чөйрөнүн температурасын жана басымын жалындын таралышы болбой тургандай кылып кармап туруу;
8) күйүүчү заттардын жүгүртүлүшү менен байланышкан технологиялык процесстерди механизациялоо жана автоматташтыруу;
9) өрт кооптуулугу жабдууларын өзүнчө жайларга же ачык аянтчага орнотуу;
10) күйүүчү заттардын жайдын көлөмүнө чыгышын чектеткен, же жайда күйүүчү чөйрөнүн түзүлүүсүн чектеткен өндүрүштүк жабдууларды коргоо түзүлүштөрүн колдонуу;
11) технологиялык жабдуулардын жана коммуникациялардын жайларынан өндүрүштүн өрт кооптуу калдыктарын, чаң басууларды, пырларды жок кылуу.

**50-берене. Күйүүчү чөйрөдө тутануу булагынын түзүлүү (же ага киргизилүү) шарттарын чектетүү ыкмалары**

1. Күйүүчү чөйрөдө тутануу булагынын түзүлүү шарттарын чектетүү төмөнкү ыкмалардын бири же бир нечеси аркылуу жетишилүүгө тийиш:
1) өрт коркунучу жана (же) жарылуу коркунучу бар зонанын классына, жарылуу коркунучу бар аралашмалын категориясына жана тобуна ылайык келген электр жабдууларын колдонуу;
2) конструкцияда электр орнотмолорунун коргоп өчүрүүчү таасири тез каражаттарды жана тутануу булагынын түзүлүүсүнө алып келүүчү башка түзүлүштөрдү колдонуу;
3) статикалык электр тогунун түзүлүүсүн чектетүүчү жабдууларды жана технологиялык процесстерди жүргүзүү режимдерин колдонуу;
4) имараттарды, курулмаларды жана жабдууларды чагылгандан коргоо (чагылган тоскуч) түзүлүшү;
5) күйүүчү чөйрө менен тийишүүчү заттардын, материалдардын жана беттердин ысыган коопсуз температурасын кармоо;
6) күйүүчү чөйрөдө учкун разрядынын энергиясын коопсуз маанилерине чейин чектөөчү ыкмалар менен түзүлүштөрдү колдонуу;
7) оңой от алуучу суюктуктар жана күйүүчү газдар менен иштегенде учкундан коркунучсуз шайманды колдонуу;
8) жүгүртүлгөн заттардын, материалдардын жана буюмдардын өзүнөн өзү ысыктан, химиялык жана (же) микробиологиялык от алып кетүүчү шарттарын жоюу;
9) пирофордук заттардын аба менен байланышын болтурбоо;
10) жалындын бир көлөмдөн чектеш турган көлөмдөргө таралуу мүмкүнчүлүгүн чектетүүчү түзүлүштөрдү колдонуу.

2. Тутануу булактарынын параметрлеринин коопсуз маанилери белгиленген тартипте бекитилген, тиешелүү улуттук стандарттар менен аныкталган, андагы жүгүртүлгөн заттар менен материалдардын өрт коркунучунун көрсөткүчтөрүнүн негизинде технологиялык процессти жүргүзүү шарттары менен аныкталат.

## 14-глава. Өрткө каршы коргоо тутуму

**51-берене. Өрткө каршы коргоо тутумун түзүүнүн максаты**

1. Өрткө каршы коргоо тутумун түзүүнүн максаты адамдарды жана мүлктү өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен коргоо жана (же) анын кесепеттерин чектөө болуп саналат.

Адамдарды жана мүлктү өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен коргоо жана (же) анын кесепеттерин чектөө өрттүн коркунучтуу факторлорунун күчөө динамикасын басаңдатуу менен, адамдарды жана мүлктү коопсуз зонага эвакуациялоо жана (же) өрттү өчүрүү менен камсыз кылынат.

2. Өрткө каршы коргоо тутуму өрт коопсуздугун камсыз кылуу максатына жетүү үчүн зарыл болгон убакыт ичинде өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасирине бекем жана туруктуу болууга тийиш.

3. Объекттердин өрткө каршы коргоо тутумунун курамы жана функционалдык мүнөздөмөсү Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актылары жана тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери менен аныкталат.

4. Өрткө каршы коргоонун автоматтык тутумдары жана өрт насостук станциялары керектөөнүн I категориясы боюнча электр жабдуу менен камсыз кылынууга тийиш.

**52-берене. Адамдарды жана мүлктү өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен коргоо ыкмалары**

Адамдарды жана мүлктү өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен коргоо же алардын таасиринин кесепеттерин чектөө төмөнкү ыкмалардын бири же бир нечеси аркылуу камсыз кылынат:

1) өрттүн очогунун чегинен сырткары таралышын чектөөнү камсыз кылуучу көлөмдүк-пландык чечимдерди жана каражаттарды колдонуу;
2) өрттө адамдарды коопсуз эвакуациялоо талаптарына жооп берген эвакуация жолдорун куруу;
3) өрттү автоматтык түрдө табуучу (өрт сигнализациясынын автоматтык орнотмолорун), өрттө маалымдоочу жана адамдардын эвакуациясын башкаруучу системаларды орнотуу;
4) өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен адамдарды жамааттык коргоо тутумдарын (анын ичинде түтүнгө каршы) жана жеке коргонуу каражаттарын колдонуу;
5) өрттө абаны көтөрмөлөп туруунун, бөлмөлөрдү түтүндөн коргоонун, адамдарды эвакуациялоо жолдорунун жана түтүндү жок кылуунун автоматикалык тутумдарын орнотуу;
6) отко туруктуулук чеги бар негизги курулуш конструкцияларын жана имараттардын (курулмалардын) талап кылынган отко туруктуулук даражасына жана алардын конструкциялык өрт коркунучунун классына жооп берүүчү өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү бар материалдарды колдонуу;
7) курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чегин жогорулатуу үчүн оттон коргоочу курамдарды (анын ичинде антипирендерди жана оттон коргогон сырларды) жана курулуш материалдарын (беттерин каптагычтарды) колдонуу;
8) темир жана темир-бетондук көтөрүүчү конструкциялардын отко туруктуулук чегин жогорулатуу үчүн термикалык коргоолорду (оттон коргоо каражаттарын) колдонуу;
9) өрт коркунучу бар суюктуктардын авариялык куйгучтарын жана күйүүчү газдарды аппараттардан авариялык чыгаргычтарды орнотуу;
10) технологиялык жабдууларда жарылууга каршы коргонуу тутумун орнотуу;
11) өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарын колдонуу;
12) өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолорун жана суу тосмосун колдонуу;
13) эвакуациялоо жолдорунда күйбөгөн жана оңой менен күйүп кетпеген конструкцияларды жана жасалгоочу материалдарды колдонуу;
14) өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруу.

**53-берене. Өрттө адамдарды эвакуациялоо жолдору**

1. Ар бир имаратта же курулмада өрттө адамдарды коопсуз эвакуациялоону камсыз кылуучу эвакуациялоо жолдорунун көлөмдүк-пландык чечилиши жана

конструкциялык аткарылышы болууга тийиш. Адамдарды коопсуз эвакуациялоо мүмкүн болбогондо, жамааттык коргоо тутумдарын колдонуу аркылуу адамдарды коргоо камсыз кылынууга тийиш.

Адамдарды коопсуз эвакуациялоону камсыз кылуу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- зарыл сандагы, өлчөмдөгү жана тиешелүү конструкциялык аткарылыштагы эвакуациялоо жолдорун жана чыгуу жерлерин орнотуу;
- эвакуациялоо жолдору боюнча жана эвакуациялык чыгуу жерлери аркылуу адамдардын тоскоолсуз кыймылын камсыз кылуу;
- маалымдоону жана эвакуациялоо жолдору боюнча адамдардын кыймылын (анын ичинде жарык көрсөткүчтөрүн, үн жана сүйлөө маалымдамаларын колдонуу менен) башкарууну уюштуруу.

2. Эгер өрт билингенден баштап адамдарды коопсуз зонага эвакуациялоо процесси аяктаганга чейинки убакыт адамдарды эвакуациялоо үчүн зарыл болгон убакыттан ашпаса, имараттардан жана курулмалардан адамдарды коопсуз эвакуациялоо камсыз кылынган болуп эсептелет.

3. Эвакуациялоо (авариялык) жолдорунун жана чыгуу жерлеринин саны жана өлчөмү боюнча конкреттүү талаптар тиешелүү (мамлекеттер аралык) курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин, белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын эсептери менен аныкталат.

**54-берене. Өрттү табуу, кабарлоо жана өрттө адамдарды эвакуациялоону башкаруу тутуму**

1. Өрттү табуу (өрт сигнализациясынын орнотмолору жана тутуму), өрттө кабарлоо жана адамдарды эвакуациялоону башкаруу тутуму конкреттүү объекттин шартында адамдарды коопсуз (жол берилген өрт тобокелдигин эске алуу менен) эвакуациялоону уюштуруу максатында өрт тууралуу кабарлоо тутумун иштетүүгө зарыл убакыттын ичинде өрттү автоматтык табууну камсыз кылууга тийиш.

2. Функционалдык арналышына жана менчигинин формасына карабастан чарба жүргүзүү объекттеринде куралган өрттү табуунун жана өчүрүүнүн автоматтык тутумдары өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын борбордук байланыш пунктуна («101» кызматына) кошулууга тийиш.

3. Өрттү табуу, ал тууралуу кабарлоо жана өрттө адамдарды эвакуациялоону башкаруунун автоматикалык тутумдары менен милдеттүү жабдылууга жаткан объекттердин тизмеги, ошондой эле аларды монтаждоо боюнча талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан, ошондой эле курулуш ченемдери жана эрежелери менен аныкталат.

**55-берене. Өрттө адамдарды жамааттык коргоо тутумдары жана жеке коргонуу каражаттары**

1. Адамдарды өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен жамааттык коргоо тутумдары жана жеке коргонуу каражаттары адамдарга өрттүн коркунучтуу факторлору таасир эткен убакытта алардын коопсуздугун камсыз кылууга тийиш.

Адамдарды жамааттык коргоо тутуму өрт мезгилинде же өрттөн коопсуз зонага адамдарды эвакуациялоо үчүн зарыл убакыт ичинде адамдардын коопсуздугун камсыз кылууга тийиш. Бул учурда адамдардын коопсуздугу имараттардагы жана курулмалардагы өрттөн коопсуз зоналардын көлөмдүк-пландоо жана конструкциялык чечилиши аркылуу (анын ичинде имараттын кабаты менен сыртка аба зонасы аркылуу байланышкан тепкич клеткаларын орнотуу аркылуу), ошондой эле эвакуациялоо жолдорунда өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен адамдарды коргоонун техникалык каражаттарын (анын ичинде түтүнгө каршы коргоочу каражаттарды) колдонуу аркылуу жетишилүүгө тийиш.

2. Адамдардын жеке коргонуу (анын ичинде көрүү жана дем алуу органдарын коргоо) каражаттары аларды өрттөн коопсуз зонага эвакуациялоо үчүн зарыл убакыт ичинде же өрттү өчүрүү боюнча атайын иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон убакыттын ичинде адамдардын коопсуздугун камсыз кылууга тийиш. Адамдардын жеке коргонуу каражаттары эвакуацияланып жана куткарылып жаткан адамдарды да, өрттү өчүрүүгө катышып жаткан өрт өчүрүүчүлөрдү да коргоо үчүн колдонулууга тийиш.

**56-берене. Түтүнгө каршы коргоо тутуму**

1. Имараттардын жана курулмалардын түтүнгө каршы коргоо тутуму күйүү продуктуларын жана ысыктан бузулган нерселерди жок кылуу жана (же) алардын жайылышын болтурбоо жолу менен адамдарды эвакуациялоо үчүн зарыл болгон убакыттын ичинде же өрт күчөгөн жана өрттү өчүрүү убагында өрттүн коркунучтуу таасирлеринен эвакуациялоо жолдорунда жана коопсуз зоналарда адамдарды коргоону камсыз кылууга тийиш.

Көлөмдүк-пландоо жана конструкциялык чечилиштерге жараша имараттардын жана курулмалардын түтүнгө каршы агымдуу-соруучу желдетүү тутуму механикалык же табигый түрдө иштей тургандай аткарылууга тийиш. Түтүнгө каршы агымдуу-соруучу желдетүү тутумунда иштөө ыкмаларына карабастан түтүнгө каршы желдетүүнүн автоматтык жана аралыктан кол менен ишке киргизүүчү аткаруу механизмдери жана орнотмолору болууга тийиш.

Имараттар менен курулмалардын көлөмдүк-пландоо чечилиштери күйүүчү продуктулардын өрт болгон жайдын, өрт отсегинин жана (же) секциясынын чегинен сырткары таралуу мүмкүнчүлүгүн четтетүүгө тийиш.

Имараттар менен курулмалардын функционалдык арналышына жана көлөмдүк-пландоо жана конструкциялык чечилиштерине жараша аларда түтүнгө каршы желдетүүнүн агымдуу-соруучу же соруучу тутуму каралууга тийиш.

Имараттар менен курулмалардын чегинен күйүү продуктуларын чыгаруу үчүн соруучу желдетүүнү механикалык же табигый соруучу түтүнгө каршы желдетүү орнотмосу жок колдонууга жол берилбейт.

Түтүнгө каршы соруучу желдетүү өрттө күйүү продуктуларын түздөн түз өрт болгон жайдан, эвакуациялоо жолдорундагы коридорлордон, холлдордон четтетүүнү камсыз кылууга тийиш.

Имараттар менен курулмалардын түтүнгө каршы тутумунун агымдуу желдетүү тутуму өрт болгон жайга жанаша жайгашкан жайларда, тепкич клеткаларында, лифт холлдорунда жана тамбур-шлюздарда аба берип турууну жана ашыкча басымды түзүүнү камсыз кылууга тийиш.

Имараттар менен курулмаларды түтүнгө каршы коргоо элементтеринин конструкциялык аткарылышы жана мүнөздөмөсү түтүнгө каршы коргоонун максаттарына жараша коопсуз зонага адамдарды эвакуациялоо үчүн зарыл убакыттын же өрт болгон мезгилдин ичинде түтүнгө каршы агымдуу-соруучу желдетүү тутумунун бузулбай иштөөсүн камсыз кылууга тийиш.

Имараттар менен курулмалардын түтүнгө каршы агымдуу-соруучу желдетүү тутумунун аткаруучу механизмдери менен түзүлүштөрүн автоматтык иштетүү автоматтык өрт сигнализациясы же автоматтык өрт өчүрүүчү орнотмолор иштегенде жүзөгө ашырылууга тийиш.

Имараттар менен курулмалардын түтүнгө каршы агымдуу-соруучу желдетүү тутумунунун механизмдери менен түзүлүштөрүн аралыктан кол менен иштетүү эвакуациялык чыгуу жерлеринде жана өрт靠 постторунун жайларында же диспетчердик персоналдын жайларында жайгашкан ишке киргизүү элементтери аркылуу жүзөгө ашырылууга тийиш.

Өрттө имараттар менен курулмалардын түтүнгө каршы агымдуу-соруучу желдетүү тутумун иштетүүдө жалпы алмаштыруу жана абаны технологиялык желдетүү менен кондиционерлөө тутумдары милдеттүү түрдө өчүрүлүшү жүзөгө ашырылууга тийиш.

Аэрозолдук, порошоктук жана газ менен өрт өчүрүүчү автоматтык түзүлүштөрдү жана түтүнгө каршы желдетүү тутумдарын өрт болгон жайда бир мезгилде иштетүүгө жол берилбейт.

2. Имараттар менен курулмалардын түтүнгө каршы коргоо тутумунун курамына, конструкциялык аткарылышына, колдонуу өзгөчөлүктөрүнө жана элементтерин иштетүүнүн ырааттуулугуна коюлуучу талаптар алардын функционалдык арналышына жана архитектуралык-пландоо чечилишине жараша ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу боюнча ченемдик укуктук актыларына жана курулуш ченемдерине жана эрежелерине ылайык долбоорлоо тапшырмасы менен аныкталат.

**57-берене. Имараттар менен курулмалардын отко туруктуулугу жана өрт коркунучу**

1. Имараттар менен курулмаларда отко туруктуулук чеги жана өрт коркунуч классы бар негизги курулуш конструкциялары жана имараттар менен курулмаларга талап кылынган отко туруктуулук даражасына жана алардын конструкциялык өрт коркунучу классына ылайык келген өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү бар курулуш материалдары колдонулууга тийиш.

2. Имараттар менен курулмалардын талап кылынган отко туруктуулук даражасы жана алардын конструкциялык өрт коркунуч классы ушул Мыйзамдын 75-беренесинде аныкталган.

**58-берене. Курулуш конструкцияларынын отко туруктуулугу жана өрт коркунучу**

1. Курулуш конструкцияларынын отко туруктуулугу жана өрт коркунуч классы алардын конструкциялык чечилиштеринин, тиешелүү курулуш материалдарын колдонуунун, ошондой эле оттон коргоо каражаттарын пайдалануунун эсебинен камсыз кылынууга тийиш.

2. Курулуш конструкцияларынын талап кылынган отко туруктуулук чеги белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык имараттар менен курулмалардын талап кылынган, отко туруктуулук даражасына ылайык келүүгө тийиш.

**59-берене. Өрттүн очогунан сырткары таралышын чектөө**

Өрттүн очогунан сырткары таралышын чектөө төмөнкүдөй ыкмалардын бири же бир нечеси аркылуу камсыз кылынууга тийиш:

1) имараттар жана курулмалардын ортосунда каралган өрткө каршы ажырым;

2) өрткө каршы бөгөттөрдү куруу;

3) өрт отсектерин жана секцияларын куруу, ошондой эле имараттар менен курулмалардын кабаттуулугун чектөө;

4) күйбөөчү жана оңой менен күйбөөчү конструкцияларды жасалгалоочу, жылуулоочу жана каптагыч материалдарды колдонуу;

5) өрттү табуунун жана өчүрүүнүн автоматтык тутумдарын колдонуу;

6) өрттө орнотмолор менен коммуникацияларды авариялык өчүрүү жана которуу түзүлүштөрүн колдонуу;

7) өрттө суюктуктардын төгүлүшүн жана жайылып кетишин болтурбоочу же чектөөчү каражаттарды колдонуу;

8) жабдууда отко бөгөт болуучу түзүлүштөрдү колдонуу.

**60-берене. Имараттар менен курулмалардагы өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары**

1. Имараттар менен курулмалар белгиленген ченемдерге ылайык өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен камсыз кылынууга тийиш жана алар колдонуу үчүн эркин жеткиликтүү болушу керек.

2. Имараттар менен курулмаларда өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарын жайгаштыруунун номенклатурасы, саны жана орду күйүүчү материалдын түрүнө, имараттын же курулманын көлөмдүк-пландоо чечилишине, айлана-чөйрөнүн параметрлерине жана тейлөөчү персоналдын жайгашуу ордуна жараша аныкталат жана Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.

Мында имараттын, курулманын өрттөн коргоо тутуму (анын ичинде өрттү табуу жана өчүрүү тутуму, адамдарды эвакуациялоо жолдору жана түтүнгө каршы коргоо тутуму) өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары иштебей калган учурда өрт өчүрүүгө өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен катышып жаткан тейлөөчү персоналдын коопсуз эвакуацияланууу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

**61-берене. Автоматтык өрт өчүрүү орнотмолору**

1. Автоматтык өрт өчүрүү орнотмолору төмөнкү максаттардын бирине же бир нечесине жетүүнү камсыз кылууга тийиш:

1) жайда (имаратта) өрттүн коркунучтуу факторлорунун чектүү маанилерине чейин жеткиче өрттү жок кылууга;
2) жайда (имаратта) курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чегине жеткиче өрттү жок кылууга;
3) жайда (имаратта) корголуучу мүлккө чоң зыян келтирбегендей кылып өрттү жок кылууга;
4) жайда (имаратта) технологиялык аппараттардын (орнотмолордун) талкалануу коркунучу келип чыкканга чейин өрттү жок кылууга;
5) электр менен жабдуу, газ менен жабдуу, ысык суу менен жабдуу, суу менен жылытуу тармактарын өчүрүүгө, ошондой эле турак үйлөрдөгү жана коомдук имараттардагы авариялык жарыкты күйгүзүүгө.

2. Автоматтык өрт өчүрүү орнотмолору менен корголууга жаткан имараттардын, курулмалардын, бөлмөлөрдүн жана жабдуулардын тизмеги, автоматтык өрт өчүрүү орнотмосунун тиби, отту өчүрүүчү заттын түрү, аны өрттүн очогуна жиберүү ыкмасы жана аларды монтаждоо боюнча талаптар көлөмдүк-пландоо чечилишине, коргоо объектинин функционалдык арналышына жана айлана-чөйрөнүн параметрлерине жараша Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актылары, курулуш ченемдери жана эрежелери менен аныкталат.

**62-берене. Өрткө каршы суу менен жабдуу булактары**

1. Имараттар менен курулмаларда, ошондой эле уюмдардын жана калктуу конуштардын аймактарында өрт өчүрүү үчүн өрткө каршы суу менен жабдуу булактары болууга тийиш.

Өрткө каршы суу менен жабдуу булактары катары табигый жана жасалма көлмөлөр, ошондой эле ички жана сырткы суу түтүктөрү (анын ичинде ичүүчү, чарбалык-ичүүчү, чарбалык жана өрткө каршы) пайдаланылышы мүмкүн.

2. Ар бир долбоорлонуучу объектте ушул Мыйзамдын 80-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык 200 метрден ашпаган аралыкта жайгашкан колдонуудагы өрткө каршы суу булагына (өрт гидрантына) же жаңы долбоорлонуп жаткан гидрантка байланыштуу болууга тийиш.

Өрт өчүрүүчү автомобилдердин сууларга, көлмөлөргө, суу сактагычтарга, жасалма көлмөлөргө жана башка суу артерияларына өтүү мүмкүнчүлүгү (атайын пирс) каралуусу зарыл.

3. Жасалма көлмөлөрдү куруу, табигый көлмөлөрдү пайдалануу жана өрткө каршы суу түтүктөрүн куруу зарылдыгы, ошондой эле алардын параметрлери Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу боюнча ченемдик укуктук актылары жана курулуш ченемдери жана эрежелери менен аныкталат.

**63-берене. Өрт коопсуздугунун баштапкы чаралары**

Өрт коопсуздугунун баштапкы чаралары төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт:

1) менчиктин формасына карабастан чарба объекттеринин өрт коопсуздугун уюштуруучулук-укуктук, финансылык, материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечүү боюнча бардык жеке жана юридикалык жактар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, чарба субъекттери, объекттердин (турак жайлардын) ээлери тарабынан өрт коопсуздугу жаатындагы мыйзамдардын талаптарынын аткарылышын ишке ашырууну;
2) аймакты өнүктүрүү пландарында жана программаларында каралууга тийиш болгон мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик объекттеринде (турак жайларда) өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну жана жүзөгө ашырууну, өрткө каршы суу менен жабдуу булактарынын талаптагыдай абалын камсыз кылууну, турак үйлөрдүн жана менчиктин формасына карабастан чарба объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу каражаттарын оң абалда кармоону;
3) өрт коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча максаттуу программаларды иштеп чыгууну жана аткарылышын уюштурууну;
4) менчиктин формасына карабастан чарба объекттеринин калктуу конуштарынын аймагында өрт өчүрүү жана авариялык-куткаруу жумуштарын жүргүзүү үчүн күчтөрдү жана каражаттарды тартуу планын иштеп чыгууну жана анын аткарылышын контролдоону;
5) өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча өрттү өчүрүүгө жана авариялык-куткаруу иштерин адамдар, чарба объектинин менчик ээси жүргүзүү үчүн күчтөрдүн жана каражаттардын эсебин чыгарууну;
6) менчигинин формасына карабастан чарба объекттеринде өрткө каршы өзгөчө режим орнотууну, ошондой эле ал колдонулган убакта өрт коопсуздугунун кошумча талаптарын коюуну;
7) өрт болгон жерге өрт техникасынын тоскоолсуз өтүшүн камсыз кылууну;
8) байланыш жана өрт жөнүндө кабарлоо ишин камсыз кылууну;
9) калктын өрт коопсуздугунун чараларына окутулушун жана өрт коопсуздугу жаатында үгүт иштерин уюштурууну, өрт-техникалык билимдерди таратууга көмөктөшүүнү;
10) жарандар жана уюмдардын ыктыярдуу өрттөн сактоо кызматына катышуусуна, анын ичинде өрт менен күрөшүүгө катышуусуна социалдык жана экономикалык жактан түрткү берүүнү.

## II БӨЛҮМ. ШААРДЫК ЖАНА АЙЫЛДЫК КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫ ДОЛБООРЛООДО ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН ТАЛАПТАРЫ

### 15-глава. Шаар куруу ишинде өрт коопсуздугунун талаптары

**64-берене. Шаардык жана айылдык калктуу конуштардын аймактарын пландоодо шаар куруу документтерине карата талаптар**

1. Шаардык жана айылдык калктуу конуштарды пландоо жана курулушу ушул Мыйзамдын, курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин жана өрт коопсуздук жаатындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын

талаптарын эске алган шаар куруу документтерине, шаарлар менен калктуу конуштардын (деталдуу пландоо долбоору менен) башкы пландарына ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

2. Шаардык жана айылдык калктуу конуштардын өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумдарын курамы жана функционалдык мүнөздөмөсү долбоордук документтерге «Өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын тизмеги» деген бөлүк түрүндө кирүүгө тийиш.

**65-берене. Шаардык жана айылдык калктуу конуштардын аймактарында өрт-жарылуу коркунучу бар объекттерди жайгаштыруу**

1. Өнөр жай коопсуздугу тууралуу декларация милдеттүү түрдө иштелип чыгуучу (мындан ары - өрт-жарылуу коркунучу бар объекттер) өрт-жарылуу коркунучу бар заттар менен материалдар өндүрүлүүчү, пайдаланылуучу, кайра иштетилүүчү, жасалуучу, сакталуучу, ташылуучу, жок кылынуучу коркунучтуу өндүрүш объекттери шаардык жана айылдык калктуу конуштардын сыртына жайгаштырылууга тийиш.

Эгер бул мүмкүн болбогон же максатка ылайык келбеген учурда, объектинин аймагынын сыртында турган адамдарды, имараттарды жана курулмаларды өрттүн жана (же) жарылуунун коркунучтуу факторлорунун таасиринен коргоо боюнча чаралар иштелип чыгууга тийиш. Аймагында «А», «Б» жана «В» категорияларындагы өрт-жарылуу жана өрт коркунучу бар имараттар жана курулмалар жайгашкан башка өндүрүш объекттери шаардык жана айылдык калктуу конуштардын аймагында да, алардын сыртында да жайгаштырылышы мүмкүн.

Көрсөтүлгөн объекттерди шаардык жана айылдык калктуу конуштардын чегинде жайгаштырууда коңшу корголуучу объекттерге өрттүн коркунучтуу факторлорунун мүмкүн болгон таасирлерин, жердин климаттык жана географиялык өзгөчөлүктөрүн, рельефин, дарыялардын агымынын багытын жана шамалдын көбүрөөк соккон багытын эске алуу зарыл. Мында өндүрүш объектинин участогунун чек арасынан «Ф1» - «Ф4» функционалдык коркунуч классындагы имараттарга, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин, жалпы билим берүүчү мекемелердин, саламаттык сактоо жана эс алуу мекемелеринин участокторуна чейинки аралык 50 метрден кем болбоого тийиш.

Курулушка жер участогун бөлүп берүүгө, жайгашуусуна жана жайгаштырууга талаптар, ошондой эле өндүрүш объекттерин коркунуч өндүрүш объекттерине таандык кылуу тартиби Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу боюнча ченемдик укуктук актылары, тиешелүү курулуш ченемдерине жана эрежелерине, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык белгиленет.

2. Шаардык жана айылдык калктуу конуштарды аймактык зоналарга бөлүштүрүүдө аларды жайгаштыруу боюнча өрт коопсуздугунун белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү стандарттарда каралган талаптары, ошондой эле турак жай, коомдук, өндүрүштүк зоналардын, инженердик жана транспорттук инфратүзүм зоналарынын, айыл чарбасында пайдаланылуучу зоналардын, рекреациялык арналыштагы зоналардын, өзгөчө кайтаруудагы аймактардын зоналарынын, атайы арналыштагы зоналардын, аскердик объекттер жайгашкан зоналардын жана аймактык зоналардын башка түрлөрүнүн ортосундагы аралыктары сакталууга тийиш.

3. Шаардык жана айылдык калктуу конуштардын турак жай, коомдук-ишкердик жана рекреациялык зоналарынын чегинде «А», «Б» жана «В» категорияларындагы өрт-жарылуу жана өрт коркунучу бар имараттар жана курулмалар аймагында орун албаган өндүрүш объекттерин жайгаштырууга жол берилет. Мында өндүрүш объектинин участкасынын чек арасынан турак жайларга, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин, жалпы билим берүүчү мекемелердин, саламаттык сактоо

жана эс алуу мекемелеринин участкаларына чейинки аралык тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы башка ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.

Адамдарга жана турак жай имараттарына турак жай курулуштарынын чегинде жайгашкан өрт-жарылуу коркунучу бар объекттердеги өрттүн жана жарылуунун коркунучтуу факторлорунун таасирин четтетүү мүмкүн болбогон учурда кубаттуулукту азайтууну, ишканалардын же өзүнчө өндүрүштүн профилин кайра өзгөртүүнү же аны турак жай курулуштарынын чегинен чыгарып кетүүнү кароо керек.

**66-берене. Имараттарга жана курулмаларга киши өтүүчү жолдор, машина өтмө жана кирме жолдор**

1. Машина өтүүчү жолдорду долбоорлоодо өрт өчүрүүчү автомобилдеринин кирүү мүмкүндүгүн төмөнкүдөй камсыз кылуу зарыл:

1) узата кеткен эки тарабынан (маңдайлаш тарабынан) - турак жай жана коомдук араналыштагы, бийиктиги 28 метрге чейин жеткен имараттарга капталдары туюк (эшиги жана терезеси жок) болсо, ошондой эле эки тарабынан батирлер менен бөлмөлөр жайгашса;

2) бардык тарабынан - бийиктиги 28 метр жана андан ашык коомдук жана турак жай имараттарга, ошондой эле алардын бийиктигине карабастан адамдардын массалык түнкү болуучу имараттарга жана курулмаларга, стационары бар дарылоо мекемелеринин, окуу жайлардын, мектепке чейинки балдар мекемелеринин имараттарына, оюн-зоок жана маданий-агартуу мекемелеринин имараттарына. Бийиктиги 28 метр же андан ашык турак жай жана коомдук имараттарда капталы туюк болгондо, өрт өчүрүүчү атайын техника өтүшүнө 6 метрден кем эмес өтүү жолу ошол туюк каптал жагынан каралышы керек;

Бийиктиги 5 кабатка чейинки имараттарда (бешинчи кабаты менен кошо) лоджиялары менен балкондорун өз ара байланыштырган тышкы тепкичтер курулган болсо же коридорлуу пландалган имараттарда 3-типтеги тепкичтер бар болсо, имараттын узатасынан кеткен бир тарабынан эле өрт өчүрүүчү автомобилдердин өтүшүнө жол кароого жол берилет.

Курулуш мезгилинде (объектти эксплуатацияга киргизүүгө чейин) объекттер тиешелүү өтмө жана кирме жолдор менен өрткө каршы бөлүкчөнүн (атайын техниканын) жаңы курулуп жаткан объекттин ар кабатына жана бөлмөсүнө өрттү жоюуда жана авариялык куткаруу иштерин жүргүзүүдө жетишүү мүмкүндүгү менен камсыз кылынууга тийиш.

Өндүрүш объекттеринин имараттары курулмаларына бүткүл узундугу боюнча өрт өчүрүүчү автомобилдеринин кирип келиши камсыз кылынууга тийиш:

бир тарабынан - имараттын же курулманын туурасынын кеңдиги 18 метрге чейин болгондо;

эки тарабынан - туурасынын кеңдиги 18 метрден ашык болгондо, ошондой эле туюк жана жарым-жартылай туюк короолордун түзүлүшүндө.

Курулуш аянты 10 га же туурасынын кеңдиги 100 метрден ашык имараттарга өрт өчүрүүчү автомобилдердин бардык тарабынан кирип келиши камсыз кылынууга тийиш.

Имараттар менен курулмаларга өрт техникасы бурула алгыдай аянтчалуу туюк жолдор салынган жана ошол аянтчага өрт гидранттары курулган шартта автомобиль жолунун машина жүрүүчү бөлүгүнүн четинен өндүрүш имараттары менен курулмаларынын четки дубалына чейинки аралыкты 60 метрге чейин узартууга жол берилет. Мында имараттардан жана курулмалардан өрт техникасы бурулуучу аянтчаларга чейинки аралык 5 метрден кем эмес жана 15 метрден ашык эмес, ал эми туюк жолдордун аралыктары 100 метрден ашпоого тийиш.

Өрт өчүрүүчү техника үчүн өтмө жолдордун кеңдиги 6 метрден кем болбоого тийиш.

Имараттын негизги кирме жолу менен бириккен өрткө каршы өтмө жолунун жалпы кеңдигине өтмө жолго кошулган тротуарды камтууга уруксат берилет.

Кирме жолдун ички четинен имараттын дубалына чейинки аралык төмөнкүдөй болууга тийиш:

5-8 м - бийиктиги 28 метрге чейинки имараттар үчүн;

8-16 м - бийиктиги 28 метрден ашык имараттар үчүн.

Бул зонада тосмолорду жайгаштырууга, электр берүүнүн абадагы линияларын тартууга жана катарлап бак-дарактарды отургузууну жүзөгө ашырууга жол берилбейт.

Өрт техникасы үчүн өтмө жолдун үстүнө төшөлүүчү катмардын конструкциясы өрт машинасынын огуна 16 тоннадан кем эмес эсептик жүктөмгө негизденип долбоорлонууга тийиш.

2. Туюк жана жарым-жартылай туюк короолордо өрт өчүрүүчү автомобилдер үчүн өтмө жол, ошондой эле токтоп туруучу жерлер каралуусу зарыл, алар атайын жарык сигналдардын белгиси (жол белгилери) менен белгиленет.

Имараттардагы өтмө жолдор (аркалар) жазылыгы 3,5 метрден кем эмес, бийиктиги - 4,5 метрден кем эмес болуп, ар бир 300 метрден ашпаган аралыкта, ал эми реконструкцияланып жаткан райондордо периметри боюнча курууда - 180 метрден ашпаган аралыкта жайгаштырылууга тийиш.

Калктуу конуштардын тарыхый курулуштарында өтмө жолдорунун (аркалардын) мурдагы өлчөмдөрүн сактоого жол берилет.

3. Туюк кирме жолдор өрт техникасы үчүн өлчөмү 15x15 м кем эмес бурулуу аянтчалары менен аяктоого тийиш, алар атайын жарык сигналдык белгилер (жол белгилери) менен белгилениши керек. Туюк өтмө жолдун эң узуну 150 метрден ашпоого тийиш.

4. Имараттардагы тепкич клеткалары аркылуу киши өтүүчү өтмө жолдорду бири-биринен 100 метрден ашпаган аралыкта жайгаштыруу керек. Имараттар бири-бирине бурчтары менен жакындашканда бет маңдайларынын периметри боюнча өрт гидранттары бар сырткы суу түтүгү орун алган тарабындагы аралык эсепке алынат.

5. Өрт техникасы кирүүсү үчүн стилобат чатырын пайдаланууда анын конструкциясы огуна 16 тоннадан кем эмес жүктөмгө эсептелүүгө тийиш.

6. Аз кабаттуу турак жай курулуштарынын (бийиктиги 3-кабатка чейинки имараттарды кошкондо) пландык чечилиши өрт техникасынын имараттар менен курулмаларга 50 метрден ашпаган аралыкка кире алышын камсыз кылууга тийиш, мында көчөнүн өтүүчү бөлүгүнүн туурасы 7 метрден кем эмес, өтмө жолу - 3,5 метрден кем болбоого тийиш.

7. Багбанчылык (дача) бирикмелеринин аймактарынын пландоо чечилиши өрт техникасынын топторго бириккен бардык бак участкаларына жана жалпы пайдалануу объекттерине кире алышын камсыз кылууга тийиш.

Багбанчылык (дача) бирикмесинин аймагында көчөнүн өтүүчү бөлүгүнүн туурасы 7 метрден кем эмес, өтмө жолу 3,5 метрден кем болбогондо кабыл алынат.

**67-берене. Шаардык жана айылдык калктуу конуштарды өрткө каршы суу менен камсыздоо**

1. Шаардык жана айылдык калктуу конуштардын аймактарын долбоорлоодо сырткы өрт өчүрүү үчүн суу менен камсыздоо булактары каралууга тийиш.

Өрткө каршы суу менен камсыздоонун сырткы булактарына өрт гидранттары бар сырткы суу түтүк тармактары, өрт көлмөлөрү (резервуарлар) кирет. Өрт көлмөлөрү жана резервуарлары суу менен камсыз кылууга ар дайым даяр болушу керек.

2. Шаардык жана айылдык калктуу конуштар өрт гидранттары бар өрткө каршы суу түтүктөрү менен жабдылууга тийиш. Мында өрткө каршы суу түтүгүн чарбалык-ичилүүчү же өндүрүштүк суу түтүгү менен бириктирүүгө жол берилет.

3. Жашоочуларынын саны 5000 адамга чейинки калктуу конуштар үчүн, ошондой эле өрткө каршы айланма суу түтүгү жок калктуу конуштарда жайгашкан көлөмү 1000 м$^3$ чейинки өзүнчө турган коомдук имараттар үчүн, жарылуу өрт жана өрт коркунучу боюнча «В», «Г» жана «Д» категорияларындагы өндүрүшү бар сырткы өрт өчүрүүгө 10 л/с (секундуна литр) суу чыгымдай турган өндүрүш имараттары үчүн, көлөмү 1000 м$^3$ чейинки кесек тоют кампалары, көлөмү 5000 м$^3$ чейинки минералдык жер семирткич кампалары, радиотелекөрсөтүүлөрдү берүү станцияларынын имараттары, муздаткычтар менен жашылча-жемиштерди сактоочу жайлардын имараттары үчүн өрткө каршы сырткы суу менен жабдуу үчүн табигый же жасалма көлмөлөрдү кароого жол берилет.

4. Жашоочуларынын саны 50 адамга чейинки калктуу конуштар үчүн, бийиктиги 2 кабатка чейинки курулуш имараттар курулганда, ошондой эле калктуу конуштардан обочо жайгашкан, имаратынын көлөмү 1000 м$^3$ чейинки коомдук тамактануу ишканалары жана калктуу конуштарда жайгашкан аянты 150 м$^2$ чейинки соода ишканалары, отко туруктуулугу I, II, III жана IV даражадагы, көлөмү 250 м$^3$ чейинки коомдук имараттар, отко туруктуулугу I жана II даражадагы, көлөмү 1000 м$^3$ чейинки (корголбогон металл же көтөрүүчү жыгач конструкциялуу, ошондой эле полимер жылуулагычтуу, көлөмү 250 м$^3$ чейинки имараттарды кошпогондо) «Д» категориясындагы өрт жана жарылуу өрт коркунучу бар өндүрүштүк имараттар, имаратынын көлөмү 1000 м$^3$ чейинки сезондук универсалдуу айыл чарба азыктарын кабыл алуу-даярдоо пункттары, аянты 50 м$^2$ чейинки кампа имараттары үчүн сырткы өрт өчүрүү үчүн суу менен камсыздоону карабоого жол берилет.

5. Шаардык жана айылдык калктуу конуштарда, ар түрдүү функционалдык арналыштагы, кабаттагы жана көлөмдөгү имараттарда жана курулмаларда сырткы өрт өчүрүүгө сууну чыгымдоо, ошондой эле өрт өчүрүү тутумун долбоорлоо жана орнотуу боюнча талаптар Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу боюнча ченемдик укуктук актыларына, курулуш ченемдерине жана эрежелерине ылайык аныкталат.

6. Жогорку басымдагы суу түтүктөрүндө стационардык өрт өчүрүү сордургучтар өрт чыккандыгы тууралуу сигнал берилгенден 5 мүнөттөн кеч эмес убакытта сордургучтун иштей башташын камсыз кылуучу түзүлүш менен жабдылууга тийиш.

Төмөнкү басымдагы өрткө каршы суу түтүктөр тармагындагы эң төмөнкү эркин суу басымы (жер бетинин деңгээлинде) өрт өчүрүүдө 10 метрден кем болбоого тийиш.

Жогорку басымдагы өрткө каршы суу түтүктөр тармагындагы эң төмөнкү эркин суу басымы өрт өчүрүүгө сууну толук чыгымдаганда жана өрт түтүгү эң бийик имараттын эң бийик жеринде турганда суунун жыйнактуу агымын 20 метрден кем эмес бийиктикке атылышын камсыз кылууга тийиш.

7. Өрт гидранттарын автомобиль жолдорун бойлото жолдун өтүүчү бөлүгүнүн четинен 2,5 метрден ашык эмес аралыкта, бирок имараттардын дубалдарына 5 метрден жакын эмес аралыкта орнотуу каралат; гидранттарды машина өтүүчү бөлүгүнө жайгаштырууга жол берилет. Мында гидранттарды суу түтүктөр тармагынан бутактап кеткен жерге орнотууга жол берилбейт.

Өрт гидранттарын суу түтүктөр тармагына жайгаштыруу ошол тармак аркылуу тейленген ар кандай имаратта, курулмада же анын бөлүгүндө сырткы өрт өчүрүүгө 15 л/с (секундуна литрден) жана андан көп сууну чыгымдоодо эки гидранттан жана 15 л/с (секундуна литрден) аз чыгымдоодо бир гидранттан камсыз кылынууга тийиш.

8. Багбанчылык (дача) бирикмесинин жалпы пайдалануу аймагында өрт өчүрүүнү камсыз кылуу үчүн участкалар 300 бирдикке чейин болсо сыйымдуулугу 25 $м^3$ кем эмес, 300 бирдиктен көп болсо сыйымдуулугу 60 $м^3$ кем эмес өрткө каршы көлмөлөр же резервуарлар (ар бири сордургуч менен суу алуу жана 2ден кем эмес өрт автомобилинин келүү мүмкүнчүлүгү бар, өрт техникасын орнотуу үчүн аянтчасы менен) каралат.

9. Сырткы өрткө каршы суу түтүктөргө талаптар, ошондой эле өрт гидранттарынын зарыл саны жана жайгаштыруу орду тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.

## 16-глава. Өрттүн алдын алуу жана өрт өчүрүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмдөрүн жайгаштыруу боюнча айылдык жана шаардык калктуу конуштарга карата өрт коопсуздугунун жалпы талаптары

**68-берене. Айылдык жана шаардык калктуу конуштарда өрттүн алдын алуу жана өрт өчүрүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмдөрүн жайгаштыруу боюнча өрт коопсуздугунун талаптары**

1. Өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмдөрүнүн айылдык калктуу конуштардын аймагына дислокациясынын чыгуу радиусу 25 км, ашык эмес аныкталат, мында биринчи бөлүмдүн жетүү убактысы 25-40 мүнөттөн ашпоого тийиш, 5 км ашпаган шаардык калктуу конуштарда жетүү убактысы 10 мүнөттөн ашпоого тийиш.

Ведомстволук өрттөн сактоо кызматтарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыктыярдуу өрттөн сактоо түзүмдөрүнүн, муниципалдык өрттөн сактоо түзүмдөрүнүн дислокациялоо орду тиешелүүлүгүнө жараша чарбалык ведомство жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталат.

2. Өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмдөрү өрт деполорунун имараттарында жайгаштырылууга тийиш. Шаардык калктуу конуштар үчүн бир кужүрмөн эсептин (бир автоцистернадагы экипаждын) саны 6 адамдан кем болбоого жана айылдык калктуу конуштар үчүн - 4 адамдан кем болбоого тийиш. Шаардык калктуу конуштарда бир өрт депо 100 миң адамды тейлейт, ал эми айылдык калктуу конуштарда - 30 миң адамды.

3. Мамлекеттик өрттүн алдын алуунун, ошондой эле мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн инспектордук курамынын саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан калктын санына жана чарба объектилеринин санына негизденип аныкталат.

69-берене. Өрт деполоруна карата өрт коопсуздугунун талаптары

1. Өрт деполору магистралдык көчөлөргө же жалпы шаардык мааниге ээ жолдорго чыгуучу жолу бар жер участкаларында жайгаштырылууга тийиш. Жер участкаларынын аянты өрт деполорунун тибине жараша долбоорлоого берилген техникалык тапшырма менен аныкталат.

2. Өрт депосунун участкасынын аймагынын чегинен коомдук же турак жай имараттарына чейинки аралык 15 метрден, ал эми жалпы билим берүүчү мекемелердин, балдар жана дарылоо мекемелеринин жер участкаларына чейинки аралык - 30 метрден кем болбоого тийиш.

3. Өрт деполорун кызыл сызыктан ары өрт автомобилдери чыгуучу маңдай жагына чейин 15 метрден кем эмес аралыктагы участкада жайгаштыруу зарыл, II, IV, V типтердеги өрт деполору үчүн көрсөтүлгөн аралыкты 10 метрге чейин кыскартууга жол берилет.

4. Өрт депосунун аймагында жайгаштырылуучу имараттар менен курулмалардын курамы, имараттар менен курулмалардын аянттары долбоорлоого берилген техникалык тапшырма менен аныкталат.

5. Өрт депосунун аймагында эки кирүүчү (чыгуучу) жери болууга тийиш. Машина кирүүчү (чыгуучу) дарбазанын туурасы 4,5 метрден кем болбоого тийиш.

6. Өрт депосунун аймагында өрт гидранты, спорттук аянтча жана өздүк курам менен окууларды өткөрүү үчүн окуу мунарасы каралууга тийиш.

7. Өрт депосунун аймагындагы жолдорго жана аянтчаларга катуу төшөлмө төшөлүүгө тийиш.

8. Өрт депосунун чыгуу аянтына каршы көчөнүн өтүүчү бөлүгү жана тротуар айгай белгиси боюнча гараждан чыгуу убагында транспорттун жана жөө жүрүүчүлөрдүн кыймылын токтотууга мүмкүндүк берүүчү светофор жана (же) үн белгиси бар жарык көрсөткүчү менен жабдылууга тийиш. Светофорду өрт депосунун байланыш пунктунан аралыктан күйгүзүү жана өчүрүү каралат.

## III БӨЛҮМ. ИМАРАТТАР МЕНЕН КУРУЛМАЛАРДЫ ДОЛБООРЛООДО ЖАНА КУРУУДА ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН ТАЛАПТАРЫ

### 17-глава. Имараттар менен курулмаларды долбоорлоодо өрт коопсуздугунун жалпы талаптары

**70-берене. Курулуш объекттеринин долбоордук документтерге карата талаптар**

1. Имараттар менен курулмалардын, курулуш конструкцияларынын, инженердик жабдуулардын жана курулуш материалдарынын долбоорлоо документтери ушул Мыйзамда, курулуш ченемдеринде жана эрежелеринде, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарда каралган өрт-техникалык мүнөздөмөлөрдү, ошондой эле мүмкүн болуучу өрттү өчүрүүгө жана авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүүгө күчтөрдүн жана каражаттардын эсебин камтууга тийиш.

2. Өрт коопсуздугунун ченемдик талаптары болбогон имараттар менен курулмалар үчүн ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык алардын өрт коопсуздугун камсыз кылуунун тиешелүү өзгөчөлүгүн чагылдырган жана зарыл инженердик-техникалык жана өрткө каршы уюштуруучулук иш-чаралардын комплексин камтыган атайын техникалык шарттар иштелип чыгууга тийиш.

**71-берене. Имараттар менен курулмаларды долбоорлоодо, реконструкциялоодо жана функционалдык арналышын өзгөртүүдө өрт коопсуздугунун талаптары**

1. Имараттар менен курулмалардын конструкциялык, көлөмдүк-пландоо жана инженердик-техникалык чечилиштери өрт учурунда төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:

1) өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринин кесепетинен адам өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирилгенге чейин аларды коопсуз зоналарга эвакуациялоону;

2) адамдарды куткаруу боюнча иш-чараларды жүргүзүү мүмкүндүгүн;

3) имараттар менен курулмалардагы кандай болбосун жайларына өрттөн сактоо бөлүмдөрүнүн өздүк курамынын жетүү жана өрт өчүрүү каражаттарын жеткирүү мүмкүндүгүн;

4) от өчүрүүчү заттарды өрттүн очогуна берүү мүмкүндүгүн;

5) өрттүн коңшулаш имараттар менен курулмаларга тарап кетпешин;

6) өрттөн коргоонун заманбап сигнализация тутуму болгон учурда электр менен жабдууну, газ менен камсыздоону, ысык суу менен камсыздоо жана суу менен жылытуу тармактарын өчүрүүнү жана авариялык жарыкты берүүнү (көп кабаттуу турак үйлөрдө - тепкич клеткаларында жана квартиралардын кире беришинде);

7) ушул Мыйзамда жана өрт коопсуздугу жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында, курулуш ченемдеринде жана эрежелеринде, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарда каралган өрт коопсуздугунун талаптарына.

2. Ушул объекттер үчүн ченемдерде жана эрежелерде жана (же) өрт коопсуздугу боюнча ченемдик укуктук актыларында айтылган учурларды кошпогондо имараттарда, курулмаларда жана өрт отсектеринде жарылуу өрт жана өрт коркунучу боюнча «А» жана «Б» категорияларындагы жайлар сырткы дубалдардын жанында, ал эми көп кабаттуу жайларда - үстүңкү кабаттарда жайгаштырылууга тийиш.

## IV БӨЛҮМ. ӨНДҮРҮШ ОБЪЕКТТЕРИНЕ КАРАТА ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН ТАЛАПТАРЫ

### 18-глава. Өндүрүш объекттерине карата өрт коопсуздугунун жалпы талаптары

**72-берене. Өндүрүш объекттеринин документтерине карата талаптар**

1. Өндүрүш объекттерине, анын ичинде имараттарга, курулмаларга жана технологиялык процесстерге документтер ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы ченемдик укуктук актыларында, курулуш ченемдеринде жана эрежелеринде, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарда каралган өрт-техникалык мүнөздөмөлөрдү камтууга тийиш.

2. Өндүрүш объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумунун курамы жана функционалдык мүнөздөмөлөрү долбоордук документтердин өз алдынча бөлүмү түрүндө жол-жоболоштурулууга тийиш.

**73-берене. Өндүрүш объекттериндеги өрт коркунучун талдоо**

1. Технологиялык процесстердин өрт коркунучун талдоо технологиялык процессте жүгүртүлүүчү заттар менен материалдардын өрт коркунучунун көрсөткүчтөрүн технологиялык процесстин параметрлери менен салыштырууну карайт.

Агрегаттык абалына жараша технологиялык чөйрөнүн өрт коркунучтуулук мүнөздөмөсү үчүн зарыл жана жетиштүү болгон технологиялык процессте жүгүртүлүүчү заттар менен материалдардын өрт коркунучтуулук көрсөткүчтөрүнүн тизмеги белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарт менен аныкталат.

Технологиялык чөйрөнүн өрт коркунучтуу тутануучу потенциалдык булактарынын тизмеги технологиялык процесстин жана башка тутануу булактарынын параметрлерин заттар менен материалдардын өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү менен салыштыруу аркылуу аныкталат.

2. Өндүрүш объектинде өрт коркунучу бар кырдаалдарды аныктоо ар бир технологиялык процесстин өрт коркунучун талдоонун негизинде жүзөгө ашырылууга тийиш жана ишке ашырууда өрттүн коркунучтуу факторлору жана өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринин экинчи кесепеттери жабыркаткан зоналардагы адамдар үчүн коркунуч келип чыгуучу кырдаалдарды тандоону карайт. Натыйжасында адамдын өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунуч пайда болбогон кырдаал өрт коркунучу бар кырдаалдарга кирбейт.

Ар бир өрт коркунучу бар кырдаал үчүн өндүрүш объектинде өрт коркунучу бар кырдаалдардын келип чыгуу жана күчөө себептерин, алардын чыгуу жерин жана ал жердеги адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирүүчү өрт факторлорду баяндоолор келтирилүүгө тийиш.

3. Өрт коркунучу бар кырдаалдардын келип чыгуу себептерин аныктоо үчүн күйүүчү чөйрөнүн пайда болушуна жана тутануу булагынын келип чыгышына алып келиши мүмкүн болгон окуялар белгиленүүгө тийиш.

## 19-глава. Имараттар менен курулмалардын конструкциялык өзгөчөлүктөрүнө коюлган талаптар

**74-берене. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин отко туруктуулугуна жана өрт коопсуздугуна карата талаптар**

1. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин отко туруктуулук даражасы алардын кабаттуулугуна, функционалдык өрт коркунучтуулугуна, өрт отсегинин аянтына жана аларда жайгаштырылган технологиялык процесстердин өрт коркунучтуулугуна жараша белгиленүүгө тийиш.

Курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чектери имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин кабыл алынган отко туруктуулук даражасына ылайык келүүгө тийиш. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин отко туруктуулук даражасынын жана аларда колдонулган курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чектеринин ылайыктуулугу курулуш ченемдери жана эрежелери, белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен аныкталат.

Өрткө каршы бөгөттөрдүн оюктарын толтурууну кошпогондо, оюктардын (эшиктердин, дарбазалардын, терезелердин жана люктардын, ошондой эле фонарлардын, анын ичинде зениттик жана башка жапма төшөлгүчтөрүнүн жарык-тунук участкаларын) толтурулушунун отко туруктуулук чектери ченемделбейт.

«Н1» тибиндеги түтөбөөчү тепкич клеткасында «К0» өрт коркунучунун «R 15» классындагы отко туруктуулук чеги менен тепкич аянтчаларын жана марштарын кароого жол берилет.

2. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин конструкциялык өрт коркунучунун классы алардын кабаттуулугуна, функционалдык өрт коркунучуна, өрт отсегинин аянтына жана аларда жайгаштырылган технологиялык процесстердин өрт коркунучуна жараша белгиленүүгө тийиш.

Курулуш конструкцияларынын өрт коркунучунун классы имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин кабыл алынган конструкциялык өрт коркунучунун классына ылайык келүүгө тийиш. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин конструкциялык өрт коркунучунун классы менен аларда колдонулган курулуш конструкцияларынын конструкциялык өрт коркунучунун классынын ылайык келүүсү белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен аныкталат.

Өрткө каршы бөгөттөрдүн оюктарын кошпогондо, имараттардын тосуучу конструкцияларынын оюктарын (эшиктерин, дарбазаларын, терезелерин жана люктарын) толтуруунун өрт коркунучу ченемделбейт.

«Ф 1.1» функционалдык өрт коркунучундагы имарат үчүн «К0» классындагы сырткы жылуулоо тутумдарын колдонгондо аларда күйбөөчү материалдарды пайдалануу керек.

3. Курулуш конструкцияларынын жол берилген отсо туруктуулук чектерин жана өрт коркунучунун класстарын аныктоо боюнча сыноолордун усулдары белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен аныкталат.

**75-берене. Имараттарда, курулмаларда жана өрт отсектеринде өрттүн таралышын чектөөгө карата талаптар**

1. Имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин бөлүктөрү, ошондой эле функционалдык өрт коркунучунун ар түрдүү класстардагы жайлары бири биринен ченемделген отко туруктуулук чеги жана конструкциялык өрт коркунучу бар тосуучу конструкциялар, түзүлүштөр жана орнотмолор же өрткө каршы бөгөттөр менен бөлүнүүгө тийиш.

Мындай тосуучу конструкцияларга, түзүлүштөргө жана орнотмолорго жана өрткө каршы бөгөттөрдүн типтерине карата талаптар жайлардын функционалдык өрт коркунучун, өрттүн жүктөмүнүн чоңдугун, имараттардын, курулмалардын жана өрт отсектеринин отко туруктуулук даражаларын жана конструкциялык өрт коркунучунун классын эске алуу менен белгиленет жана ушул Мыйзамдын, өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актылардын, курулуш ченемдердин жана эрежелердин, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

2. Өрткө каршы бөгөттөрдүн функциясын аткаруучу курулуш конструкцияларынын отко туруктуулук чектери жана типтери, оюктарды жана тамбур-шлюздарды толтуруунун аларга ылайыктуу типтери тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери, белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен аныкталат.

Өрткө каршы 1-типтеги бөгөттөр «НГ» күйүү тобундагы материалдан жасалууга тийиш. Өрткө каршы 2-4-типтеги бөгөттөр күйүү тобу «Г1»ден төмөн болбогон материалдардан жасалууга тийиш.

Өрткө каршы бөгөттөрдүн оюктарын тиешелүү толтуруу типтери үчүн отко туруктуулук чектери белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайык аныкталат.

3. Өрткө каршы бөгөттөрдөгү терезелер ачылбай турган болууга тийиш, ал эми өрткө каршы эшиктерде, дарбазаларда, люктарда жана клапандарда өзү жабылуу жана тыгыздалуу үчүн түзүлүштөр болууга тийиш.

Ачык абалда эксплуатацияlануучу өрткө каршы эшиктер, дарбазалар, люктар жана клапандар өрттө алардын автоматтык түрдө жабылышын камсыз кылуучу түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш.

4. Өрткө каршы бөгөттөрдөгү оюктардын жалпы аянты алардын аянтынын 25 пайызынан ашпоого тийиш.

«А» жана «Б» категорияларындагы жайларын башка категориядагы жайлардан, коридорлордон, тепкич клеткалары менен лифтик холлдордон аянтчаларынан бөлүп турган өрткө каршы бөгөттөрдө туруктуу атайын аба үйлөгүчү бар тамбур-шлюздар каралууга тийиш. «А» жана «Б» категорияларындагы эки же андан көп жанаша жайгашкан жайлар үчүн жалпы тамбур-шлюздарды курууга жол берилбейт.

Өрткө каршы эшиктер же дарбазалар менен жабылбай турган өрткө каршы бөгөттөрдүн оюктарында «В» же «Г» жана «Д» категорияларындагы чектеш жайларды байланыштыруучу өрттү автоматтык өчүрүүчү орнотмолор менен жабдылган ачык тамбурларды куруу же өрткө каршы эшиктердин (дарбазалардын) ордуна өрткө каршы шторалардын (экрандардын) орнотулушу каралууга тийиш. Бул тамбурлардын калкалоочу конструкциялары өрткө каршы болууга тийиш.

5. Эгерде ушул Мыйзамда башкача айтылбаса, өрткө каршы бөгөттөрдүн оюктарын толтуруу, күйбөй турган материалдар менен аткарылууга тийиш.

Өрткө каршы эшиктер, дарбазалар, люктар жана клапандар бул конструкциялардын отко туруктуулук чектеринин ченемдик маанилерин камсыз кылуучу «НГ» күйүү тобундагы материалдарды же «Г1», «Г2» жана «Г3» күйүү тобундагы материалдарды колдонуу менен аткарылууга тийиш. Өрткө каршы шторалар жана экрандар «НГ» күйүү тобундагы материалдардан жасалууга тийиш.

6. Өрткө каршы 1-типтеги дубалдар менен калканчтарды күйүүчү газдарды, чаң-аба аралашмаларын, суюктуктарды, заттар менен материалдарды ташуу үчүн каналдардын, шахталардын жана өткөрмө түтүктөрдүн кесип өтүшүнө жол берилбейт. Мындай өрткө каршы бөгөттөрдүн жогоруда көрсөтүлгөндөн айырмаланган чөйрөлөрдү ташуу үчүн каналдар, шахталар жана өткөрмө түтүктөр менен кесилишкен жерлеринде, түтүндөн коргоо тутумдарынын каналдарын кошпогондо, күйүүчү продуктулардын каналдар, шахталар жана өткөрмө түтүктөр боюнча таралышын алдын алуучу автоматтык түзүлүштөр каралуусу керек.

7. Лифт шахталарынын жана лифттердин (чатырда жайгашкандарды кошпогондо) машина бөлүмдөрүнүн, ошондой эле коммуникацияларды тартуу үчүн каналдар менен шахталардын тоскуч конструкциялары өрткө каршы 1-типтеги бөгөттөргө жана 3-типтеги калканчтарга коюлуучу талаптарга ылайык келүүгө тийиш. Лифт шахтасы менен лифттин машина бөлүмүнүн ортосун тосуучу конструкциялардын отко туруктуулук чеги ченемделбейт.

Лифт шахталарынын тоскучтарындагы эшик оюктары отко туруктуулук чеги «Е1 30»дан кем болбогон жана өрттө лифт шахталарынын эшик оюктарын автоматтык жапкан күйбөөчү материалдардан жасалган отко туруктуулук чеги «Е1 45»тен кем эмес экрандар менен корголууга тийиш, же болбосо имараттар менен курулмалардагы лифт шахталары коридорлордон, тепкич клеткаларынан жана башка жайлардан өрткө каршы 1-типтеги бөгөттөрү жана 3-типтеги калканчтары бар тамбурлар же холлдор менен бөлүнүп турууга тийиш.

Бийиктиги 28 метр жана андан жогору имараттардын чыга беришинде атайын аба үйлөткүчтүү тамбур-шлюздары жок лифт шахталары өрттө лифт шахтасына аба үйлөткүч тутуму менен жабдылууга тийиш.

Автоматтык өрт сигнализациясы же өрт өчүрүү тутумдары менен жабдылган имараттарда лифттердин блокировкасы болушу керек жана өрт болгондо автоматтык түрдө 1-кабатка түшүүгө тийиш, эшиги ачылууга жана жабылбоого тийиш.

8. Тепкичтер менен тепкич клеткаларынын көлөмдүк-пландоо чечилиши жана конструкциялык аткарылышы өрттө адамдарды имараттардан коопсуз эвакуациялоону камсыз кылууга жана кабаттардын ортосунда өрттүн таралышына тоскоол болууга тийиш.

9. Имараттар менен курулмалардын жертөлөсүндөгү жана цоколдук кабаттарында лифтке кирүү өрттө атайын аба үйлөтүлүүчү 1-типтеги тамбур-шлюздар аркылуу жүзөгө ашырылууга тийиш.

**76-берене. Эвакуациялык жолдорго, эвакуациялык жана авариялык чыгуу жерлерине карата өрт коопсуздугунун талаптары**

1. Имараттар менен курулмалардын эвакуациялык жолдору жана чыгуу жерлери адамдарды коопсуз эвакуациялоону камсыз кылууга тийиш.

Эвакуациялык жолдорду жана чыгуу жерлерин эсептөө аларда колдонулуучу өрт өчүрүү каражаттарын эсепке албастан жүргүзүлөт.

2. Эвакуация жолдорунун конструкциялык элементтеринде өрт коркунучу бар курулуш материалдарын колдонуу адамдар (балдар, улгайган жарандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар) көп топтолгон жайлар ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык аныкталууга тийиш.

3. Имараттар менен курулмалардын эвакуациялык чыгуу жерлерине төмөнкүлөр кирет:

1) 1-кабаттагы жайлардан сыртка төмөнкүдөй чыгуучу:

а) түздөн түз;

б) коридор аркылуу;

в) вестибюль (фойе) аркылуу;

г) тепкич клеткасы аркылуу;
д) коридор жана вестибюль (фойе) аркылуу;
е) коридор жана тепкич клеткасы аркылуу;
2) 1-кабаттан тышкары кандай гана болбосун кабаттын жайларынан:
а) түздөн түз тепкич клеткасына же 3-типтеги тепкичке;
б) түздөн түз тепкич клеткасына же 3-типтеги тепкичке чыгуучу коридорго;
в) түздөн түз тепкич клеткасына же 3-типтеги тепкичке чыгуучу жери бар холлго (фойеге);
г) 3-типтеги тепкичке алып баруучу эксплуатацияlануучу үй үстүнө же үй үстүнүн атайы жабдылган участогуна;

3) ушул бөлүктүн 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн чыгуу жерлери менен камсыз болгон ошол эле кабаттагы коңшу жайларга («А» жана «Б» категорияларынын «Ф 5» классындагы жайлардан тышкары). Эгерде техникалык жайларда өрт коркунучу бар ушул жайларды тейлөө үчүн жабдуулар жайгаштырылса туруктуу жумуш орундары жок техникалык жайлардан «А» жана «Б» категорияларындагы жайларга чыгуу эвакуациялык деп эсептелет.

Жертөлөдөгү жана цоколдук кабаттардын эвакуациялык чыгуу жерлери ушул Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, түздөн түз сыртка алып баруучу жана башка имараттын, курулманын жалпы тепкич клеткаларынан обочолонгон болуп каралуусу керек.

Ошондой эле эвакуациялык чыгуу жерлери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жертөлөдөн жалпы тепкич клеткалары аркылуу тамбурга чыгуу жерлери сыртка обочолонгон чыгуу менен, алар тепкич марштар менен жертөлөнүн полунан 1 жана 2-кабаттардын ортосундагы тепкич марштарынын аралык аянтчасына чейин жайгашкан 1-типтеги өрткө каршы туюк тоскуч менен тепкич клеткасынын калган бөлүгүнөн бөлүнгөн жерлери;
- «В 4», «Г» жана «Д» категорияларындагы жайлары бар жертөлөдөгү жана цоколдук кабаттардан «В4», «Г», «Д» категорияларындагы жайларга жана «Ф 5» классындагы имараттардын 1-кабатында жайгашкан вестибюлга чыгуу жерлери;
- «Ф 2», «Ф 3» жана «Ф 4» класстарындагы имараттардын жертөлөдөгү жана цоколдук кабаттарында жайгашкан фойеден, кийим илүүчү жайдан, тамеки тартуу үчүн жана санитариялык түйүндөрдөн 2-типтеги өзүнчө тепкичтер боюнча 1-кабаттагы вестибюлга чыгуу жерлери;
- өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтерде баяндалган чектөөлөр аткарылган шарттарда жайлардан түздөн түз 2-типтеги тепкичке, ушундай тепкичке алып баруучу коридорго, холлго (фойеге, вестибюлга) алып баруучу чыгуу жерлери;
- темир жол жана автомобиль транспорттору үчүн дарбазалардагы эки тарапка ачыла турган калиткалар.

4. Имараттар менен курулмалардагы авариялык чыгуу жерлерине төмөнкүдөй чыгуучу жерлер кирет:

1) балкондун (лоджиянын) капталынан айнектелген оюкка (айнектелген эшикке) чейин 1,2 метрден кем эмес же балконго (лоджияга) чыгуучу айнектелген оюктун ортосу 1,6 метрден кем эмес туюк дубалчалуу балконго же лоджияга;
2) балкондорду же лоджияларды кабат боюнча байланыштыруучу, сырткы тепкич менен жабдылган балконго же лоджияга;
3) «Ф 1.3» классындагы имараттын чектеш секциясына же чектеш өрт отсегине алып баруучу туурасы 0,6 метрден кем эмес өткөөлгө;
4) полдон - 4,5 метрден кем эмес жана + 5,0 метрден ашык эмес бийиктен өлчөмү

0,75х1,5 м терезе же эшик аркылуу, ошондой эле өлчөмү 0,6х0,8 м люк аркылуу жайдан түздөн түз сыртка. Мында чыгуу жерлери чуңкурчага чыккан тепкич менен, люк аркылуу чыкса, жайдагы тепкич менен жабдылууга тийиш. Бул тепкичтердин жантаюусу ченемделбейт;

5) коомдук арналыштагы имараттарда (кабаттарында, жайларда) биринчи кабатта жана цоколдук кабатта авариялык чыгуу жери катары пайдаланылуучу терезе оюктарында корголуучу темир торчолор болбоого тийиш;

6) өлчөмү 0,75х1,5 м кем эмес терезе же эшик аркылуу, ошондой эле өлчөмү 0,6х0,8 м кем эмес люк аркылуу тик же жантайган тепкич менен «С0» жана «С1» класстарындагы отко туруктуулугу I, II жана III даражадагы имараттардын чатырына.

5. Эвакуациялык чыгуу жерлеринин оюктарында жылдырылма, көтөрүп-түшүрмө, айланма эшиктерди жана турникеттерди орнотууга тыюу салынат.

6. Кабаттардагы жана имараттардагы жайлардан эвакуациялык чыгуучу жерлеринин саны жана кеңдиги алар аркылуу эвакуациялануучу адамдардын мүмкүн болгон эң көп санына жана адамдардын болушу мүмкүн эң четтеги жерден (жумуш ордунан) жакынкы эвакуациялык чыгуу жерине чейинки чектүү жол берилген аралыкка жараша аныкталат.

Имараттын өрткө каршы бөгөттөр менен бөлүнгөн ар кандай функционалдык өрт коркунучу бар бөлүктөрү өз алдынча эвакуациялык чыгуу жерлери менен камсыз кылынууга тийиш.

7. Кабаттан эвакуациялык чыгуу жерлеринин саны функционалдык өрт коркунучу бар төмөнкүдөй класстардагы имараттарда экиден кем эмес болууга тийиш:

1) «Ф 1.1»; «Ф 1.2»; «Ф 2.1»; «Ф 2.2»; «Ф 3»; «Ф 4»;

2) «Ф 1.3» - имараттын кабатындагы квартиралардын (секциялык типтеги имараттар үчүн секциялардын) жалпы аянты 500 м$^2$ ашык болгондо, эки тепкич клеткаларынан кем эмес;

3) «А» жана «Б» категорияларындагы «Ф 5» - иштегендердин саны кыйла көп сандагы сменада 5 адамдан көп, «В» категориясында - 25 адам болгондо;

4) эгерде кабатта экиден кем эмес эвакуациялык чыгуу жерлери болууга тийиш жайлар жайгашса, кандай гана болбосун класстардагы функционалдык өрт коркунучу бар имараттарда;

5) жертөлөдөгү төмөнкү жана цоколдук кабаттардан турган, кабаттын жалпы аянты 300 м$^2$ көп, ошондой эле эгерде аларда бир убакта 15тен көп адамдын болушу каралса, ар кандай функционалдык өрт коркунучу бар имараттарда.

бийиктиги 15 метрден бийик эмес, «Ф 1.2»; «Ф 3» жана «Ф 4.3» класстарындагы функционалдык өрт коркунучу бар имараттарда төмөнкү шарттарды бир убакта аткарганда кабаттан (же кабаттын башка бөлүктөрүнөн өрткө каршы бөгөттөр менен тосулган бөлүгүндө) бир эвакуациялык чыгуу жерин кароого жол берилет:

- кабаттын аянты 300 м$^2$ ашпаганда;
- кабатта бир убакта болуучу адамдардын саны 20 кишиден ашпаганда;
- тепкич клеткасына чыгуу жерлери 2-типтеги өрткө каршы чыгуучу эшиктер менен жабдылганда.

«Ф 1.3» классындагы функционалдык өрт коркунучу бар имараттардын кабатындагы квартиралардын (секциялык типтеги имараттар үчүн секциянын) жалпы аянты 500 м$^2$ кем эмес болсо жана бийиктиги 15 метрден жогору жайгашкан кабаттагы ар бир квартира үчүн бир эвакуациялык чыгуу жери бар болсо, эвакуациялык чыгуудан тышкары авариялык чыгуу жери каралууга тийиш.

Имараттан эвакуациялык чыгуу жерлеринин саны имараттын кандай гана болбосун кабатынан эвакуациялык чыгуу жерлеринин санынан кем болбоого тийиш.

8. Жайдын кыйла алыскы точкасынан («Ф 5» классындагы имараттар үчүн - кыйла алыскы жумуш ордунан) эвакуация жолунун огу менен ченелүүчү жакынкы эвакуациялык чыгуу жерине чейинки чектүү жол берилген аралыгы жайдын жана имараттын өрт жана жарылуу өрт коркунучу боюнча функционалдык өрт коркунучунун классына жана категориясына, эвакуацияланууучулардын санына, жайдын жана эвакуация жолдорунун геометриялык параметрлерине, имараттын конструкциялык өрт коркунучунун классына жана отко туруктуулук даражасына жараша Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.

Жайдагы 2-типтеги тепкич боюнча эвакуация жолунун узундугу анын үч эселенген бийиктигине барабар кабыл алынышы зарыл.

9. Эвакуация жолдору лифттер, эскалаторлор, ошондой эле төмөндө көрсөтүлгөн участкалар аркылуу өтпөөгө тийиш:

1) эгерде лифт шахталарынын тосуучу конструкциялары, лифт шахталарынын эшиктерин кошкондо, өрткө каршы бөгөттөргө коюлуучу талаптарга жооп бербесе, лифт шахталарынан коридорлорго чыгуу аркылуу, лифт холлдору жана лифттердин алдындагы тамбурлар аркылуу;
2) тепкич клеткасынын аянтчасы коридордун бөлүгү болуп саналганда тепкич клеткалары аркылуу, ошондой эле эвакуациялык болуп саналбаган 2-типтеги тепкич жайгашкан жай аркылуу;
3) пайдаланылуучу үйдүн үстүн же конструкция боюнча пайдалануудагы үйдүн үстүнө окшош үстүн атайын жабдылган участкасын кошпогондо имараттардын үстү боюнча;
4) экиден көп кабаттарды (ярустарды) бириктирген, ошондой эле жертөлөдөгү жана цоколдук кабаттардан чыгуучу 2-типтеги тепкичтер боюнча;
5) жер алдындагы жана жер үстүндөгү кабаттарды бириктирүү үчүн тепкичтер жана тепкич клеткалары боюнча.

**77-берене. Өрт коопсуздугун камсыздоо органдарынын ишин камсыз кылуу**

1. Имараттар менен курулмаларды долбоорлоодо төмөнкүлөр каралууга тийиш:

1) имараттар менен курулмаларга атайын же функционалдык өтмө жана кирме жолдор менен бириктирилген өрт техникасы өтүүчү өрт өтмөлөрү жана кирме жолдор;
2) сырткы өрт тепкичтери жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарынын күчтөрүн жана каражаттарын кабаттарга жана имарат үстүнө көтөрүү үчүн башка каражаттар, анын ичинде «өрт бөлүнүштөрүн ташуу» иш режиминдеги лифттер;
3) чарбалык же атайын суусуз түтүктөрү жана өрт идиштери (резервуарлар), ал эми турак үйлөрдө квартира ичинде өрт өчүрүү үчүн - чарбалык-ичилүүчү суу түтүгүнүн тармагы менен бириктирилген өрткө каршы суу түтүгү;
4) эвакуациялоо жолдорун жана имарат ичиндеги өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарынын күчтөрү жана каражаттары жүрүүчү жолдорду түтүндөн коргоо тутуму;
5) адамдарды куткаруунун жеке жана жамааттык каражаттары.

2. Бийиктиги 10 метр жана андан ашык имараттарда өрт машиналары өтүүчү жолдун бетинен үй үстүнүн кырына же сырткы дубалдын үстүнө (парапетке) түздөн түз тепкич клеткаларынан же чатыр аркылуу же болбосо 3-типтеги тепкичтер же сырткы өрт тепкичтери боюнча чыгуу жерлери каралууга тийиш.

Чатырга чыгуу жерлеринин саны (бирок бир чыгуу жеринен кем эмес) жана алардын жайгашуусу имараттын функционалдык өрт коркунучуна жана өлчөмүнө жараша каралуусу керек:

- «Ф 1», «Ф 2», «Ф 3» жана «Ф 4» классындагы имараттар үчүн ар бир толук жана толук эмес 100 метр узундугуна жана чатыры жок жабылган ар бир толук жана толук эмес 1000 $м^2$ аянтына бирден кем эмес чыгуу жери;
- «Ф 5» классындагы имараттардын периметри боюнча ар бир 200 метрде өрт тепкичтери боюнча.

Төмөнкүлөрдү карабоого жол берилет:

- эгерде имараттын туурасы 150 метрден ашпаса, ал эми башкы фасадынын тушунда өрткө каршы суу түтүгү бар болсо, имараттын башкы фасадында өрт тепкичтери;
- имараттын үстүнүн аянты 100 $м^2$ ашпаса, чатырына чыгуучу жери.

3. «Ф 1.4» классындагы имараттардан тышкары кошпогондо, имараттар менен курулмалардын чатырларында өлчөмү 0,6х0,8 метрден кем эмес эшиктер, люктар же терезе аркылуу үй үстүнө чыгуучу стационардык тепкич менен жабдылган чыгуу жери каралууга тийиш.

Тепкич клеткаларынан үй үстүнө же чатырга чыгуу жерлери чыга бериштеги аянтчалуу тепкич марштары боюнча өлчөмү 0,75х1,5 метрден кем болбогон өрткө каршы 2-типтеги эшик аркылуу каралууга тийиш. Көрсөтүлгөн марштар менен аянтчалар күйбөй турган материалдардан жасалууга жана жантаймасы 2:1ден ашпоого жана туурасы 0,9 метрден кем болбоого тийиш.

Бийиктиги 15 метрге чейинки «Ф 1», «Ф 2», «Ф 3» жана «Ф 4» классындагы имараттарда чатырга чыга турган жолдорду тепкич торчолорунан бекитилген болот шатыча боюнча өлчөмү 0,6х0,8 метрден кем эмес өрткө каршы люктар аркылуу курууга жол берилет.

4. Техникалык кабаттарда, анын ичинде техникалык жертөлөлөрдө жана чатырларда жарыкка чыгуучу өтмөлөрдүн бийиктиги 1,8 метрден, бүт имараттын узундугу боюнча чатырда 1,6 метрден кем болбоого тийиш. Бул өтмөлөрдүн туурасы 1,2 метрден кем болбоого тийиш. Аралыгы 2 метрден ашпаган айрым участкаларда өтмөнүн бийиктигин 1,2 метрге, туурасын 0,9 метрге чейин азайтууга жол берилет.

5. Мансарддары бар имараттарда чатырлардын ичиндеги тосмо конструкцияларда люктар каралууга тийиш.

6. Чатырдын бийиктигинин 1 метрден көп өйдө-төмөн болгон жерлеринде (анын ичинде имарат үстүнө аэрациялык жарык фонарларын алып чыгуу үчүн) өрт тепкичтери каралууга тийиш.

Эгерде аянты 100 метрден ашык үй үстүнүн ар бир участкасы чатырга чыгуучу жери бар болсо же үй үстүнүн төмөнкү участкасынын бийиктиги 10 метрден ашпаса, чатырдын бийиктигинин 10 метрден ашык өйдө-төмөн болгон жерлеринде өрт тепкичтери каралбоого жол берилет.

7. 10 метрден 20 метрге чейинки бийиктикке чыгуу үчүн жана чатырдын бийиктигинин 1 метрден 20 метрге чейин өйдө-төмөн болгон жерлеринде «П1» типтеги өрт тепкичтерин, 20 метрден өйдө чыгуу үчүн жана чатырдын бийиктиги 20 метрден ашык өйдө-төмөн болгон жерлеринде - «П2» типтеги өрт тепкичтерин колдонуу керек.

Өрт тепкичтери күйбөй турган материалдардан жасалууга, терезелерден 1 метрден жакын жайгашпоого жана өрттөн коргоо бөлүмдөрүнүн өздүк курамынын аскер кийимчен жана жабдыктар менен жүрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган конструкциялык аткарылышта болууга тийиш.

8. Тепкич марштарынын ортосунда жана тепкич марштарынын тосмолорунун кармоочторунун ортосунда туурасы 75 мм кем эмес бош жер каралууга тийиш.

9. Бийиктиги 5 метрден жогору «Ф 1.1» классындагы имараттар менен курулмалардын жана бийиктиги 28 метр («Ф 1.3» классындагы имараттарды

кошпогондо) функционалдык өрт коркунучу бар бардык класстардагы имараттар менен курулмалардын ар бир өрт отсегинде өрт бөлүмдөрүн транспортировкалоо үчүн лифттер каралууга тийиш. Бийиктиги 50 метр жана андан ашык «Ф 1.3» классындагы имараттарда лифтердин бири өрт бөлүмдөрүн траспортировкалоону камсыз кылууга жана атайын талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

10. Карнизге же сырткы дубалдын үстүңкү кырына (парапетке) чейинки бийиктиги 10 метрден ашык, чатыры 12 пайызга чейин жантайыңкы имараттардын, ошондой эле карнизге чейинки бийиктиги 7 метрден ашык, чатыры 12 пайызга чейин жантайыңкы имараттарда өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык тосмолордун каралуусу керек. Имараттардын бийиктигине карабастан, көрсөтүлгөн тосмолор колдонуудагы жалпак жабылган чатырларда, балкондордо, лоджияларда, сырткы галереяларда, сырткы ачык тепкичтерде, тепкич марштары менен аянтчаларда каралууга тийиш.

11. Жогорку кабаттын полунун белгиси 75 метрден ашык болгон имараттардын жабуусунда өрт вертолёту транспорттук-куткаруу кабинасы үчүн өлчөмү 5х5 метр болгон аянтчалар каралууга тийиш. Көрсөтүлгөн аянтчалардын үстүнө антенналарды, электр өткөрүүчү зымдарды, кабелдерди жайгаштырууга тыюу салынат.

78-берене. Имараттардын, курулмалардын жана орнотмолордун ортосундагы өрткө каршы аралыктарга (ажырымдарга) карата өрт коопсуздугунун талаптары

Имараттардын, курулмалардын жана түзүлүштөрдүн ортосундагы өрткө каршы аралыктар (ажырымдар) имараттардын жана курулмалардын отко туруктуулук даражасына, өрт жарылуу жана өрт коопсуздугунун категориясына, ошондой эле алардын функционалдык арналышына жараша ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү башка ченемдик укуктук актылары, ошондой эле курулуш ченемдери жана эрежелери менен белгиленет.

## 20-глава. Өрт деполорун жайгаштырууга, жолдорго, кирүүчү (чыгуучу) жана өтмө жолдорго, өндүрүш объекттериндеги суу менен камсыздоо булактарына карата талаптар

**79-берене. Өндүрүш объекттеринин аймагына өрт деполорун жайгаштыруу**

1. Өндүрүш объекттеринин аймагында өрт деполору жалпы колдонуудагы жолдорго жанаша жаткан жер участкаларында жайгашууга тийиш.

Өрт деполорунан чыгуучу жолдору чыгып бараткан өрт автомобилдери негизги транспорт агымын кесип өтпөгөндөй жайгаштырылууга тийиш.

2. Өрт деполорунун жайгашкан орундарына жана өрт деполорунун тейлөө радиустарына карата талаптар ушул Мыйзамдын 68-беренеси менен белгиленген.

**80-берене. Өндүрүш объекттеринин аймагындагы жолдорго, кирүүчү (чыгуучу) жана өтмө жолдорго карата талаптар**

1. I жана II категориядагы мунайзат жана мунайзат продуктуларынын кампалары кошпогондо, аянты 5 га жана андан ашык өндүрүш объекттеринин экиден кем эмес кирүүчү жолу болууга тийиш, аларда аянтынын өлчөмүнө карабастан жалпы тармактагы автомобиль жолуна же кампанын, ишкананын кирүүчү жолдоруна экиден кем эмес чыгуу жолу болууга тийиш.

Өндүрүштүк объекттин аянтчасынын бир тарабы 1000 метр жана андан ашык болгондо жана ал көчөгө же автомобиль жолуна бойлой жайгашканда, ошол тарабынан аянтчага экиден кем эмес кирүүчү жолу каралууга тийиш. Кирүү жолдорунун ортосундагы аралык 1500 метрден ашпоого тийиш.

Аянты 5 га жана андан ашык өндүрүш объекттеринин аянтчаларынын ичиндеги тосулган участкалардын (ачык трансформатордук станциялар, кампалар жана д.у.с.) экиден кем эмес кирүүчү жолу болууга тийиш.

Имараттар менен курулмаларга алардын бүт узундугу боюнча имарат же курулманын туурасы 18 метрге чейин болгондо бир жагынан, ал эми 18 метр жана андан ашык болгондо, ошондой эле туюк жана жарым туюк короолорду курууда эки жагынан өрт автомобилдеринин кирип келиши камсыз кылынууга тийиш.

Курулуш аянты 10 гадан ашык же туурасы 100 метрден ашык болгон имараттарга бардык тараптардан өрт автомобилдеринин кирип келиши камсыз кылынууга тийиш.

Өндүрүш шарттары боюнча жол куруу талап кылынбаган учурларда туурасы 3,5 метр келген, чополуу жана кумдак (чаңдуу) кыртыш ар түрдүү жергиликтүү материалдар менен бекемделип, үстүңкү суулар агып кетсин үчүн жантайыңкы кылып пландалган жер боюнча өрт автомобилдеринин кирип келүүсүн кароого жол берилбейт.

Өрт автомобилдеринин өтүшүн камсыз кылуучу жолдун өтүүчү бөлүгүнүн же пландалган жердин четинен бийиктиги 12 метрге чейинки имараттардын дубалына чейинки аралык 25 метрден, бийиктиги 12 метрден 28 метрге чейинки имараттарда 8 метрден, ал эми бийиктиги 28 метрден жогору имараттарда 10 метрден ашпоого тийиш.

2. Өрткө каршы суу менен камсыздоо булагы болуп саналган көлмөлөргө, ошондой эле градирняларга, бассейндерге жана суусу өрт өчүрүү үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон башка курулмаларга өрт автомобилдери бурула алгыдай, аларды токтотуу жана суу алуу үчүн өлчөмү 15х15 метр болгон аянтчалары менен кирүүчү жолдор каралууга жатат.

Өрт гидранттарын автомобиль жолдорун бойлото, жолдун өтүүчү бөлүгүнүн четинен 2,5 метрден ашпаган, ал эми имараттын дубалына 5 метрден жакын эмес аралыкта жайгаштыруу керек.

Объекттердин ичиндеги темир жолду машина жана жөө адамдар өтүүчү жолдор кесип өткөн жерлер өрт автомобилдерин өткөрүү үчүн дайыма бош болууга жана рельстин кыры менен тең туташ төшөлмөсү болууга тийиш.

Өндүрүш объекттеринин аянтчасына кирүүчү автомобиль жолунун дарбазасынын кеңдиги негизги жана атайын өрт автомобилдеринин тоскоолдуксуз өтүшүн камсыз кылууга тийиш.

**81-берене. Өндүрүш объекттериндеги суу менен камсыздоо булактарына карата талаптар**

1. Өндүрүш объекттери сырткы өрткө каршы суу менен (өрткө каршы суу түтүгү, табигый жана жасалма көлмөлөр менен) камсыз болууга тийиш. Өрт гидранттарын суу түтүктөр тармагындагы жайгаштырылышы ошол тармак тейлеген кандай гана болбосун имараттардагы, курулмалардагы же алардын бөлүгүндөгү өрт өчүрүүнү камсыз кылууга тийиш.

2. Өрт өчүрүү максаттары үчүн суунун жасалма көлмөлөрдөгү запасы сырткы өрт өчүрүүгө жана өрт өчүрүүнүн узактыгына эсептелген сарпталуучу сууга негизделип тиешелүү курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык аныкталууга тийиш.

**82-берене. Өндүрүш объекттеринде өрттүн таралышын чектөөгө карата талаптар**

1. Имараттар менен курулмалардын ортосундагы, кампалардан имараттар менен курулмаларга чейинки, кампалардын, технологиялык ачык түзүлүштөрдүн, агрегаттар менен жабдуулардын ортосундагы, ошондой эле алардан имараттар менен курулмаларга чейинки, күйүүчү газдар үчүн газгольдерлерден өндүрүш объектинин

аймагындагы имараттар менен курулмаларга чейинки аралыктар имараттардын отко туруктуулук даражасына, жарылуу жана өрт коркунучунун категориясына жана башка мүнөздөмөлөрүнө жараша өрттүн бир имараттан же курулмадан башкасына өтүү мүмкүнчүлүгүн четтетүүгө тийиш.

Өндүрүш объекттеринин резервуар парктары же өзүнчө турган мунай продуктулар, суюлтулган газ, уулу заттар резервуарлары өндүрүш объекттеринин имараттары менен курулмаларына карата кыйла төмөн белгилерде жайгаштырылууга жана күйбөй турган материалдардан салынган туташ дубал менен же топурак жал менен (жердин рельефин эске алуу менен) тосулууга тийиш.

Көрсөтүлгөн курулмаларды кыйла бийик белгилерде жайгаштырган учурда, жер үстүндөгү резервуарларда авария болгондо төгүлгөн күйүүчү суюктуктардын тосуучу курулмалардын чегинен өтүп кетүү мүмкүнчүлүгүн болтурбоо үчүн кошумча чаралар каралууга тийиш.

Күйүүчү суюктуктар менен газдардын сырткы тармактарын өндүрүш объекттеринин имараттар менен курулмаларынын алдында жайгаштырууга жол берилбейт.

Идиштеги мунай продуктуларын сактоонун өндүрүштүк объекттериндеги аянтчалардын периметри боюнча туюк жал же күйбөй турган материалдардан тосмо дубал салынышы каралууга тийиш.

Андан тышкары, туюк жал же күйбөй турган материалдардан салынган тосмо дубал жер үстүндөгү резервуарлардын ар бир тобунун периметри боюнча каралууга жана төгүлүүчү суюктуктун гидростатикалык басымына эсептелүүгө тийиш.

Жер үстүндөгү резервуарлардын бир тобунун чегинде көлөмү 20000 $м^3$ же андан ашык ар бир кийинки резервуар же көлөмдөрүнүн жалпы суммасы 20000 $м^3$ болгон кичине резервуарлардын тобу ички туюк жал же күйбөй турган материалдардан салынган тосмо дубал менен төмөнкүдөй бөлүнүүгө тийиш:

- май жана мазут резервуары башка мунай продукттарынын резервуарларынан;
- этил кошулган бензиндер сакталуучу резервуар топтун башка резервуарларынан.

Жал менен тосулган аймактын жалдардын жантайыңкы капталдары же тосмо дубалдар пайда кылуучу курулуш жок бош жерлеринин көлөмүн топтогу кыйла чоң резервуардын же өзүнчө турган резервуардын номиналдык көлөмүнө барабар төгүлүүчү суюктуктун эсептелген көлөмү боюнча аныктоо керек.

Резервуарлардын ар бир тобундагы жалдардын жана тосмо дубалдардын бийиктиги, резервуарлардын капталдарынан жалдардын ички жантайыңкы капталдарынын же тосмо дубалдардын түбүнө чейинки аралык Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

Жер алдындагы резервуарларды жал менен тосуу ал резервуарларда мунай жана мазут сактоодо гана каралат. Жалдардын ички жантайыңкы капталдарынын ортосунда пайда болуучу боштуктун көлөмү топтогу кыйла чоң резервуардагы суюктуктун 10 пайыз көлөмүнө барабар төгүлүүчү суюктукту кармап туруу шартына негизденип аныктоо керек.

2. Күйүүчү суюктуктар жана газдар бар өткөрмө түтүктөрдүн жер үстүндөгү тармагын өндүрүш объектинин аймагында жайгаштыруу төмөнкүлөр үчүн тыюу салынат:

1) күйүүчү суюктуктар жана газдар бар транзиттик ички аянтчалуу өткөрмө түтүктөрдү - эстакадалар, күйүүчү материалдардан курулган өзүнчө турган колонналар жана түркүктөр боюнча, ошондой эле отко туруктуулугу I жана II даражадагы имараттарды кошпогондо, имараттардын дубалдары менен чатырлары боюнча;

2) күйүүчү суюктуктар жана газдар бар өткөрмө түтүктөрдү - галереяларда, эгер бул продуктулардын аралашуусу жарылууну же өрттү пайда кылышы мүмкүн болсо;
3) күйүүчү суюктуктар жана газдар бар өткөрмө түтүктөрдү - күйө турган жабуулары жана дубалдары боюнча «А» жана «Б» категорияларындагы жарылуу өрт жана өрт коркунучу боюнча имараттардын жабдуулары жана дубалдары боюнча;
4) күйүүчү газдардын газ түтүктөрүн - күйүүчү катуу жана суюк материалдардын кампаларынын аймактары боюнча.

Өзүнчө таянычтарга жана эстакадаларга орнотулуучу күйүүчү суюктуктар үчүн өткөрмө түтүктөрдүн жер үстүндөгү тармагын оюктары бар дубалдардан 3 метрден кем эмес, оюктары жок дубалдардан 0,5 метрден кем эмес аралыкта жайгаштыруу керек.

3. Мунай кайра иштетүүчү заводдордун, мунай базаларынын мунай жана мунай заттарын сактоо кампаларынын, ошондой эле май куюучу станциялардын аймагында өрттү өчүрүүгө тиешелүү запасы бар, көбүк түзүүчү талаптагыдай запасы, суунун зарыл запасы, чагылган тоскуч жана өрттү табуучу, өчүрүүчү жана өрттө муздатып туруучу автоматтык тутуму каралууга тийиш.

## V БӨЛҮМ. ӨРТКӨ КАРШЫ ТЕХНИКАГА, ЖАБДУУГА ЖАНА ШАЙМАНГА КАРАТА ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН ТАЛАПТАРЫ

### 21-глава. Жалпы талаптар

**83-берене. Өрт техникасына карата талаптар**

1. Өрт техникасы ташууда, сактоодо жана эксплуатациялоодо коопсуздукту камсыз кылуучу белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

2. Өрт техникасында буюмдун идентификациялоосуна мүмкүндүк берүүчү маркалоосу болууга тийиш.

3. Өрткө каршы техникага техникалык документтер аны натыйжалуу колдонуу жана эксплуатациялоо эрежелери жана эксплуатациялоо мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтарды камтууга тийиш.

4. Өрткө каршы техниканын белгиленген эксплуатациялык мүнөздөмөлөргө ылайыктуулугун аныктоо үчүн сыноолор жүргүзүлөт. Өрткө каршы техниканы сыноо усулдары белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен аныкталат.

**84-берене. От өчүрүүчү заттарга карата талаптар**

1. От өчүрүүчү заттар өрт өчүрүүнүн тактикасына ылайык берүү мүнөздөмөлөрүнө жараша аларды көлөмдүк же үстүртөн жиберүү ыкмасы менен берүүдө өрттү өчүрүүнү камсыз кылууга тийиш.

2. От өчүрүүчү заттар күйүүчү заттар менен материалдардын физикалык-химиялык касиеттерине жараша колдонулууга тийиш.

3. От өчүрүүчү заттар ташуу жана сактоо мөөнөтүнүн мезгилинде өрт өчүрүү үчүн зарыл касиеттерин сактоого тийиш.

4. От өчүрүүчү заттар адамдардын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө жол берилген маанилеринен ашуучу зыяндуу таасир тийгизбөөгө тийиш.

5. От өчүрүүчү каражаттардын от өчүрүүчү жөндөмдүүлүгү, физикалык-химиялык касиеттери, ошондой эле алардын сапаты белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар белгилеген сыноолор менен аныкталат.

**85-берене. Өрт сигнализациясынын автоматтык орнотмолоруна карата талаптар**

1. Өрт сигнализациясынын автоматтык орнотмолорунун техникалык каражаттары бири-бири менен, ошондой эле алар менен өз ара аракеттенүүчү башка техникалык каражаттар менен электрдик жана маалыматтык шайкештикти камсыз кылууга тийиш.

2. Өрт сигнализациясынын автоматтык орнотмолорунун техникалык каражаттарынын ортосундагы байланыш линиясы өрттө өрттү табуу, эвакуация, эвакуациянын убактысы, ошондой эле башка техникалык каражаттарды башкаруу үчүн зарыл убакыт жөнүндө сигналдарды берүү үчүн зарыл убакыттын ичинде алардын иштешин камсыз кылууну эске алуу менен аткарылууга тийиш.

3. Өрт сигнализациясынын автоматтык орнотмолорунун өрт жабдууларын башкаруу приборлору башкарылуучу жабдуунун тибине жана конкреттүү объекттин талаптарына ылайык башкаруу принцибин камсыз кылууга тийиш.

4. Өрт сигнализациясынын автоматтык орнотмолорунун техникалык каражаттары алар өз функциясын аткарып жаткан убакта электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз болууга тийиш.

5. Өрт сигнализациясынын автоматтык орнотмолорунун техникалык каражаттары корголуучу объект үчүн мүнөздүү болгон чектүү жол берилген деңгээлдеги электр-магниттик кедергилердин таасирине туруктуу болууга тийиш. Мында алар электр-магниттик кедергилер менен корголуучу объекттеги техникалык каражаттарга терс таасирин тийгизбеши керек.

6. Өрт сигнализациясынын автоматтык тутумдарын долбоорлоо жана монтаждоо боюнча талаптар тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

**86-берене. Өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолоруна карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолору күйүү процессинин келип чыгышына жана күчөөсүнө тоскоол болуучу шарттарды түзүү максатында от өчүрүүчү заттарды көлөмдүк же үстүнө жиберүү ыкмасы менен өрт өчүрүүнү камсыз кылууга тийиш.

2. Өрттү көлөмдүк ыкма менен өчүрүү корголуучу жайдын (имараттардын, курулмалардын) бүткүл көлөмүндө күйүүгө өбөлгө болбой турган чөйрөнүн түзүлүшүн камсыз кылууга тийиш.

3. Өрттү үстүнө жиберүү ыкмасы менен өчүрүү корголуучу аянтка от өчүрүүчү заттарды жиберүү жолу менен күйүү процессин жоюуну камсыз кылууга тийиш.

4. Өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолорунун иштеши имараттар менен курулмалардын жайларында жана ачык аянтчаларда өрттүн келип чыгышына жана (же) күйүүчү материалдардын жарылуусуна алып келбөөгө тийиш.

5. Өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолорун долбоорлоо жана монтаждоо боюнча талаптар тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.

## 22-глава. Өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарына карата талаптар

**87-берене. От өчүргүчтөргө карата талаптар**

1. Алып жүрмө жана жылдырма от өчүргүчтөр аларды жасап чыгарган ишкананын техникалык документтеринде көрсөтүлгөн аянттарда өрттү бир киши өчүрүүсүн камсыз кылууга тийиш.

2. Алып жүрмө жана жылдырма от өчүргүчтөрдөн чыккан от өчүрүүчү заттардын агымынын узундугу өрт өчүрүүдө адамдын коопсуздугун камсыз кылууга тийиш.

3. Алып жүрмө жана жылдырма от өчүргүчтөрдүн конструкциялык элементтеринин бекемдик мүнөздөмөсү аларды өрт өчүрүүдө коопсуз колдонуусун камсыз кылууга тийиш.

4. От өчүргүчтөрдүн техникалык параметрлери жана алардын от өчүрүү жөндөмдүүлүгү белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттын талаптарына ылайык лабораториялык сыноолор менен аныкталат.

**88-берене. Өрт өчүрүүчү крандарга карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү крандардын конструкциясы бекиткич түзүлүштү бир киши ачып алгыдай кылып жана өрт өчүрүүнү камсыз кылуучу суунун берилишин камсыз кылууга тийиш.

2. Өрт өчүрүүчү крандардын бириктиргич бөрктөрүнүн конструкциясы аларга өрттүн алдын алуу жана өчүрүү жаатындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын бөлүмдөрүндө колдонуучу өрт өчүрүү түтүктөрүн бириктирүүгө мүмкүндүк берүүгө тийиш.

3. Өрт өчүрүүчү крандардагы суунун талап кылынган басымы жогорулатуучу насос менен, анын кошулуусу - аралыктан туташтыруу кнопкалары менен камсыз кылынат. Өрт крандарын коюу комплектациясы жана суунун талап кылынган чыгымдалышы өрт коопсуздугу жаатындагы тиешелүү ченемдик укуктук актылар, ошондой эле тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери менен белгиленет.

## 23-глава. Өрт өчүрүүнүн мобилдүү каражаттарына карата талаптар

**89-берене. Өрт өчүрүүчү автомобилдерге карата талаптар**

Негизги жана атайын өрт өчүрүүчү автомобилдер төмөнкү функциялардын аткарылышын камсыз кылууга тийиш:

1) өрт өчүрүү кызматынын өздүк курамын, от өчүрүүчү заттарды, өрт жабдууларын, жеке коргоо жана куткаруу каражаттарын, өрт шаймандарын өрт чыккан жерге жеткирүүнү;

2) авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүүнү;

3) өрттүн очогуна от өчүрүүчү заттарды берүүнү;

4) өрттү өчүрүүгө байланышкан авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүүнү;

5) өрттөрдү өчүрүү жана авариялык-куткаруу иштери жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөлгөн милдеттерди аткаруунун коопсуздугун камсыз кылууну.

Негизги жана атайын өрт өчүрүүчү автомобилдерди эксплуатациялоо мөөнөтү завод-даярдоочу тарабынан белгиленген мөөнөттөрдөн ашпоого тийиш. Мөөнөттөр аларды күжүрмөн эсепке коюу күнүнөн тартып саналат.

**90-берене. Өрт өчүрүүчү поезддерге карата талаптар**

Өрт өчүрүүчү поезддер өрттү өчүрүүнү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү жабдуу менен жабдылууга тийиш.

**91-берене. Өрт өчүрүүчү вертолетторго карата талаптар**

Өрт өчүрүүчү вертолеттор токойлордогу жана тоолордогу өрттү өчүрүүгө, бийик имараттардан чыккан өрттү өчүрүүнү жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү, ошондой эле бийик имараттардагы авариялык-куткаруу иштерин (адамдарды эвакуациялоо) жүргүзүү үчүн арналган жабдыктар менен жабдылууга тийиш.

**92-берене. Өрт өчүрүүнү мотопомпаларга карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү мотопомпалар өрт өчүрүү милдетин аткарууну камсыз кылган чыгымдалышы жана күчү менен суу түтүктөр тармагынан, идиштерден жана (же) ачык суу булактарынан суу алууну жана өрттүн очогуна суу берүүнү камсыз кылууга тийиш.

2. Алып жүрмө өрт өчүрүүчү мотопомпалардын конструкциясы аны эки оператор көтөрүп жүрүшүн жана топурак кыртышына орнотулушун камсыз кылууга тийиш.

3. Чиркелгич өрт өчүргүчү мотопомпалар автомобиль чиркегичтерине стационардуу чиркелүүгө тийиш. Чиркегичтердин конструкциясы мотопомпаны өрт чыккан жерге коопсуз жеткирүүнү жана суу алууда жана берүүдө анын туруктуу жайгаштырылышын камсыз кылууга тийиш.

**24-глава. Өрттө өрт өчүрүүчүлөрдүн жана адамдардын жеке коргоо каражаттарына карата талаптар**

**93-берене. Өрт өчүрүүчүлөрдүн жеке коргоо каражаттарына карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчүлөрдүн жеке коргоо каражаттары өрттөн коргоо бөлүмдөрүнүн өздүк курамын өрттүн коркунучтуу факторлорунун таасиринен, климаттык таасирлерден жана өрт өчүрүүдө жана авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүүдө жаракат алуудан коргоого тийиш.

2. Өрт өчүрүүчүлөрдүн жеке коргоо каражаттары өз ара эргономикалык шайкештикке жана көрүү начар болгон шарттарда өрт өчүрүүчүлөрдү байкап турууга жана издөөгө мүмкүндүк берүүчү жарык сигналынын элементтерине ээ болууга тийиш.

**94-берене. Өрт өчүрүүчүлөрдүн дем алуу жана көрүү органдарын жеке коргоо каражаттарына карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчүлөрдүн дем алуу жана көрүү органдарын жеке коргоо каражаттары дем алууга жарамсыз жана көздүн былжыр челин дүүлүктүрүүчү чөйрөдө иштегенде өрт өчүрүүчүлөрдү коргоону камсыз кылууга тийиш.

2. Дем алуу жана көрүү органдарын жеке коргоо каражаттары механикалык жана климаттык таасирлерге туруктуулугунун талаптарына, эргономика көрсөткүчтөрүнө жооп берүүгө тийиш, алардын маанилери өрттө авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүү, адамдарды куткаруу тактикасына жана өрт өчүрүүчүлөрдүн эмгегинин коопсуз шарттарын камсыз кылуу зарылдыгына ылайык аныкталат.

3. Кысылган абасы бар дем алуу аппараттары маска алдындагы боштукта адамдын дем алуу процессинде ашыкча басымдын кармалып турушун камсыз кылууга тийиш.

4. Кысылган абасы бар дем алуу аппараттарынын коргоо убактысы (өпкөдө абанын айлануусу 30 *л*/мүнөт болгондо) 1 сааттан, кычкылтектик-обочолоо аппараттардыкы - 4 сааттан кем болбоого тийиш.

5. Өрт өчүрүүчүлөрдүн дем алуу органдарын жеке коргоо каражаттарынын конструкциялык аткарылышы дем алуучу аралашмасы бар баллонду жана регенерациялык патронду тез алмаштырууну (атайы аспаптарды колдонбостон) кароого тийиш.

6. Өрт өчүрүүчүлөрдүн дем алуу жана көрүү органдарын жеке коргоо каражаттарын колдонуу, техникалык тейлөө жана ондоо өрт өчүрүүчүлөрдүн эмгегинин коопсуз шарттарын камсыз кылуу зарылдыгына ылайык жүзөгө ашырылат.

7. Өрт өчүрүүчүлөрдү коргоо үчүн дем алуу органдарынын чыпкалоочу таасириндеги жеке коргоо каражаттарды (противогаздарды) өрт өчүрүү убагында колдонууга тыюу салынат.

8. Кычкылтектик дем алуу аппараттарын жогорку жылуулуктун таасиринен коргоочу атайын кийимдер жана изоляциялоочу типтеги атайын кийимдер менен бир комплектте колдонууга тыюу салынат.

**95-берене. Өрт өчүрүүчүлөрдүн коргоочу атайын кийимдерине карата талаптар**

1. Коргоочу (жалпы арналыштагы, жылуулуктун таасиринен коргоочу жана изоляциялоочу типтеги) атайын кийимдер өрт өчүрүүчүлөрдүн эмгегинин коопсуз

шарттарын жана өрттүн кооптуу факторлорунан же башка өзгөчө кырдаалдардан коргоону камсыз кылууга тийиш.

2. Коргоочу атайын кийимдерде пайдаланылган материалдар жана конструкциялык аткарылышы кийимдин ичине от өчүргүчү заттардын киришине тоскоол болууга жана кийимди шашылыш чечүү мүмкүнчүлүгүн, дем алуу аппаратынын баллонундагы басымды контролдоону жана маалыматты (добуштук, көрүнүүчү же атайын түзүлүштөрдүн жардамы менен) кабыл алууну жана берүүнү камсыз кылууга тийиш.

3. Изоляциялоочу типтеги коргоочу атайын кийимдердин конструкциясы жана колдонулуучу материалдар изоляциялоочу типтеги коргоочу атайын кийим кийип иштеп жаткан өрт өчүргүчүлөрдүн эмгегинин коопсуз шарттарын камсыз кылуучу ашыкча аба басымын кийим ичинде кармап турууга тийиш.

Кооптуу өндүрүштүк объекттердеги өрттөрдү өчүрүүдө пайдаланылуучу изоляциялоочу типтеги коргоочу атайын кийим адамдын терисин жана ички органдарын агрессиялуу жана (же) радиоактивдүү заттардан коргоону камсыз кылууга тийиш.

Радиациялык кооптуу объекттердеги өрттөрдү өчүрүүдө жана авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүүдө пайдаланылуучу изоляциялоочу типтеги коргоочу атайын кийим мындан сырткары адамдын жашоосу үчүн маанилүү органдарын иондоштуруучу нурлануудан коргоону камсыз кылууга тийиш.

4. Изоляциялоочу типтеги коргоочу атайын кийимдин салмагы өрт өчүрүүчүлөрдүн эмгегинин коопсуз шарттарын камсыз кылууга тийиш.

**96-берене. Колду, бутту жана башты коргоо каражаттарына карата талаптар**

1. Колду коргоо каражаттары өрттү өчүрүүдө жана авариялык-куткаруу иштерин аткарууда адамдын колунун манжаларын жылуулук, механикалык жана химиялык таасирлерден коргоону камсыз кылууга тийиш.

2. Башты (анын ичинде каскалар, шлемдер, шлем ичинен кийилүүчү топу) жана бутту коргоо каражаттары өрттү өчүрүүдө жана авариялык-куткаруу иштерин аткарууда адамды суудан, жылуулук, механикалык жана химиялык таасирлерден, ошондой эле климаттык жагымсыз таасирлерден коргоону камсыз кылууга тийиш.

**97-берене. Өрт өчүрүүчүлөрдүн өзүн куткаруу каражаттарына карата талаптар**

Өрт өчүрүүчүлөрдүн өзүн куткаруу каражаттары (өрт арканы, өрт куру жана өрт карабини) 12,0 кН кем эмес статикалык жүктү көтөрө алууга, өрт өчүрүүчү бийиктикте иштеген учурда коопсуздукту жана бийиктиктен өрт өчүрүүчүнүн өз алдынча түшүп келүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

**98-берене. Өрттө жарандарды жеке коргоо жана куткаруу каражаттарына карата талаптар**

1. Өрттө жарандарды жеке коргоо жана куткаруу каражаттары эвакуациянын коопсуздугун же адамдардын өзүн-өзү сактап калышын камсыз кылууга тийиш. Мында ушул функциялардын аткарылышынын камсыз болуу деңгээли механикалык жана климаттык таасирлерге туруктуулук көрсөткүчтөрү, өрт убагында адамдарды түтүн каптаган жайдан эвакуациялоодо күйүүнүн уулуу продуктуларынан коргоочу жана ар кандай арналыштагы имараттар менен курулмалардын бийиктик деңгээлдеринен адамдардын куткарылышын камсыв кылуучу шарттарга жараша аныкталган эргономикалык жана коргоочу көрсөткүчтөрү менен мүнөздөлөт.

Өрттө жарандарды жеке коргоо жана куткаруу каражаттарынын конструкциясы эксплуатациялоодо ишенимдүү жана жөнөкөй болууга жана ким болбосун аларды алдын ала даярдыксыз пайдалана алуусуна мүмкүндүк берүүгө тийиш.

2. Жеке коргоо каражаттарынын колдонуу жааты, функционалдык арналышы, техникалык мүнөздөмөлөрү жана коопсуздук талаптары белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен белгиленет.

### 25-глава. Өрт өчүрүүчү аспапка жана өрт өчүрүүчүлөрдүн кошумча шаймандарына карата талаптар

**99-берене. Өрт өчүрүүчү аспапка карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү аспап функционалдык арналышына жараша төмөнкүлөрдүн аткарылышын камсыз кылууга тийиш:

1) ар кыл курулуш конструкцияларын кесүү, көтөрүү, жылдыруу жана бекитүү боюнча жумуштарды;

2) тешиктерди жана оюктарды жасоо, курулуш конструкцияларын жана материалдарын майдалоо боюнча жумуштарды;

3) ар түрдүү диаметрдеги түтүктөрдүн көзөнөктөрүн тыгындоо, идиштердеги жана өткөрмө түтүктөрдөгү тешиктерди бүтөө боюнча жумуштарды.

2. Механикалаштырган кол аспабы адам денесинин бөлүктөрү жана кийими кыймылдуу механизмдери кокус алдыруудан сактоочу түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш.

Механикалаштырылган өрт өчүрүүчү аспапты башкаруу органдары ага киргизилген маалыматтарды арсар чечмелөөнү четтетүүчү көрсөткүчтөр менен жабдылууга тийиш.

3. Механикалаштырылган жана механикалаштырылбаган өрт өчүрүүчү аспаптардын конструкциясы жумушчу элементтерин ылдам алмаштыруу мүмкүндүгүн камсыз кылууга тийиш.

4. Өрт өчүрүүчү аспаптын ашташкан түйүндөрүнүн конструкциясы ачкычтарды же слесардык башка аспаптарды колдонбостон, кол менен эле алардын ишенимдүү бириктирилишин камсыз кылууга тийиш.

5. Өрт өчүрүүчү аспаптын конструкциясы авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүүдө оператордун электр коопсуздугун камсыз кылууга тийиш.

**100-берене. Өрт өчүрүүчүлөрдүн кошумча шаймандарына карата талаптар**

Өрт өчүрүүчүлөрдүн кошумча шаймандары (анын ичинде өрт фонарлары, жылуулук көрсөткүчтөр, радио- жана добуш, жарык-добуш маяктары, кыймылсыз абалдын датчиктери) арналышына жараша өрт чыккан жерди жарык кылууну, күйүү очокторун жана түтүн каптаган ободо адамдарды издөөнү, өрт өчүрүүчүлөрдүн жайгашкан жерин белгилөөнү жана өрт өчүрүүдөгү жумуштардын башка түрлөрүн аткарууну камсыз кылууга тийиш. Мында көрсөтүлгөн функциялардын аткарылышын камсыз кылуу даражасы өрттө авариялык-куткаруу иштерин аткаруу үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөр менен мүнөздөлүүгө тийиш.

### 26-глава. Өрт өчүрүүчү жабдууларга карата талаптар

**101-берене. Өрт өчүрүүчү жабдууларга карата жалпы талаптар**

Өрт өчүрүүчү жабдуулар (өрт гидранттары, колонка гидранты, колонкалар, кысуучу жана соруучу түтүктөр, найлар, гидроэлеваторлор жана соруучу торлор, түтүктүн бутактануулары, бириктиргич бөрктөр, өрт кол шатылары) жумуштарды жүргүзүү тактикасына ылайык өрт өчүрүү үчүн зарыл болгон от өчүрүүчү заттарды өрт болгон жерге талап кылынган чыгымда жана жумушчу басымда берүү мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле өздүк курамдын имараттар менен курулмалардын жайларына киришин камсыз кылууга тийиш.

**102-берене. Өрт өчүрүүчү гидранттарга жана колонкаларга карата жалпы талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү гидранттар диаметри 100 мм кем эмес сырткы суу түтүк тармактарына орнотулууга жана өрт өчүрүү максаты үчүн суу берүүнү камсыз кылууга тийиш.

2. Өрт өчүрүүчү колонкалар жер алдындагы гидранттардын ачылуу (жабылуу) мүмкүндүгүн жана суу түтүк тармактарынан суу алуу жана аны өрт өчүрүү бутасына берүү үчүн өрт түтүктөрүнүн бириктирилишин камсыз кылууга тийиш.

3. Өрт өчүрүчү колонканын жабуучу түзүлүштөрүн башкаруу органдарындагы механикалык күч келүүсү жумушчу басымында 150 ньютондон ашпоого тийиш.

**103-берене. Өрт өчүрүүчү түтүктөргө жана бириктиргич бөрктөргө карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү түтүктөр (соруучу, кысуучу-соруучу жана кысуучу) от өчүрүүчү заттарды өрт болгон жерге жеткирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

2. Бириктиргич бөрктөр өрт өчүрүүчү түтүктөрдүн бири-бири жана башка өрт өчүрүүчү жабдуулар менен ылдам, жылчыксыз жана бекем бириктирилишин камсыз кылууга тийиш.

3. Өрт өчүрүүчү түтүктөрдүн жана бириктиргич бөрктөрдүн бышыктык жана эксплуатациялык мүнөздөмөлөрү коюлган талаптарга жооп берүүгө жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмдөрүндө пайдаланылган гидравликалык жабдуунун техникалык параметрлерине ылайык келүүгө тийиш.

**104-берене. Өрт найларына, көбүк генераторлоруна жана көбүк аралаштыргычтарга карата талаптар**

1. Өрт найларынын (кол жана лафеттик) конструкциясы төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:

1) чоргодон чыкканда от өчүрүүчү заттардын (анын ичинде төмөнкү бөлүштүрүлүштөгү аба-механикалык көбүктүн) туташ же чачыраган агымын калыптандырууну;
2) чачыраган агым факелинин конусу боюнча от өчүрүүчү заттардын тегиз бөлүштүрүлүшүн;
3) агымдын туташ түрүнөн чачыраган түрүнө чейин үзгүлтүксүз өзгөрүшүн;
4) от өчүрүүчү заттарды (универсал типтеги найлар үчүн) берүүнү токтотпостон, алардын чыгымдалышынын өзгөрүшүн;
5) найдын бекемдигин, бириктирүүнүн жана жабуучу түзүлүштүн жумушчу басымында жылчыксыз болушун;
6) тике жайгашкан жалпак беттерде берилген бурчтарда лафеттик найлардын абалын бекемдөөнү;
7) тике жана туурасынан жайгашкан жалпак беттерде лафеттик найлардын буруучу механизмдерин гидроиштеткич жана электриштеткич аркылуу кол менен жана аралыктан башкаруу мүмкүндүгүн.

2. Көбүк генераторлорунун конструкциясы төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:

1) орто жана жогорку бөлүштүрүлүштөгү аба-механикалык көбүктүн агымын калыптандырууну;
1) найдын бекемдигин, бириктирүүнүн жана жабуучу түзүлүштүн жумушчу басымында жылчыксыз болушун;

3. Көбүк аралыштыргычтар (жөндөлүүчү жана жөндөлбөөчү дозалагычы менен) аба-көбүк найларында жана көбүк генераторлорунда белгилүү бөлүнүштө көбүк алуу үчүн көбүк жаратуучудан берилген концентрациядагы суу эритмесин алууну камсыз кылууга тийиш.

**105-берене. Өрт өчүрүүчү түтүк суу жыйнагычтарына жана өрт бутактануулары на карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү түтүк суу жыйнагычтары суунун эки же андан көп агымын өрт насосунун соруучу келте түтүгүнүн кире беришинде бириктирүүнү камсыз кылууга тийиш.

Өрт өчүрүүчү түтүк суу жыйнагычтары ар бир бириктирилген келте түтүктөн кайтарып берме клапандар менен жабдылууга тийиш.

2. Өрт бутактануулары суунун же көбүк жаратуучу эритмесинин магистралдык агымын жумушчу өрт түтүктөрүнүн линияларына бөлүштүрүүнү жана бул линияларда от өчүрүүчү заттардын чыгымдалышын жөнгө салууну камсыз кылууга тийиш.

Өрт өчүрүүчү түтүк бутактанууларынын жабуучу түзүлүштөрүн башкаруу органдарындагы механикалык күч келүү жумушчу басымында 100 ньютондон ашпоого тийиш.

**106-берене. Өрт өчүрүүчү гидроэлеваторлорго жана соруучу торлорго карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү гадроэлеваторлор суунун бети менен өрт сордургучтун жайгашуу деңгээлинин ортосундагы айырма сордургучтун эң жогорку суу соруу бийиктигинен ашык болгон ачык көлмөлөрдөн суу алууну камсыз кылууга, ошондой эле жайдан өрт өчүрүүдө төгүлгөн суунун чыгарылышын камсыз кылууга тийиш.

2. Соруучу өрт торлору ачык көлмөлөрдөн алынуучу сууну чыпкалоону жана сордургучтун иштешинин бузулушуна алып келүүчү өлчөмдөгү катуу бөлүкчөлөрдүн өтүп кетишин болтурбоону камсыз кылууга тийиш.

Соруучу өрт торлору кайтарып берме клапандар менен жабдылууга тийиш.

**107-берене. Өрт өчүрүүчү кол шатыларына карата талаптар**

1. Өрт өчүрүүчү кол шатылары өрт өчүрүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өздүк курамына жайларга жана имараттар менен курулмалардын чатырына кирүүгө, көрсөтүлгөн жайларга от өчүрүүчү каражаттар менен заттарды берүүгө, ошондой эле ушул жайлардан эвакуация жолдоруна кайрылбастан эле, адамдарды куткарууну камсыз кылууга тийиш.

2. Өрт өчүрүүчү кол шатыларынын габариттик өлчөмдөрү жана конструкциясы аларды өрт автомобилдеринде ташуу мүмкүндүгүн берүүгө тийиш.

3. Өрт өчүрүүчү кол шатыларынын механикалык бекемдиги, өлчөмдөрү жана эргономикалык мүнөздөмөсү бийиктик деңгээлдерден адамдарды куткаруу мүмкүндүгүн жана зарыл өрт-техникалык куралдарды жана жабдууларды өйдө чыгарууну камсыз кылууга тийиш.

## 27-глава. Өрттөгү байланыш каражаттарына карата талаптар

**108-берене. Өрттөгү байланыш каражаттары**

1. Өрттөгү байланыш каражаттары өрт чыккан жерден күчтөрдү жана каражаттарды так жана үзгүлтүксүз башкарууну, алардын аракеттенүүсүн жана маалымат берүүнү камсыз кылууга тийиш.

2. Байланыш каражаттарына: байланыш техникасы (радиостанциялар, радио өткөргүчтөр, радиоретрансляторлор, телефондук, үндү бийик чыгаруучу байланыш, кабарлоочу жана башка маалымат берүү, кабыл алуу жана өзгөртүү үчүн, ошондой эле байланыш каналдарын жана линияларын түзүү, GPS-тутуму (өрт автомобилдеринин жайгашкан жерин аныктоочу навигация тутуму) үчүн арналган башка техника кирет).

3. Радио байланыш гарнизондун күчтөрүн ыкчам башкарууну, өрткө каршы мамлекеттик кызматтын (ӨМК) бөлүмдөрү жана өрт автомобилдери менен

байланышууну, өрт чыккан жерде бөлүмдөр ортосундагы билдирүүлөр менен өз ара алмашууну, байланыштын проводдук каналдарын кайталоону (резервдөө) камсыз кылуу үчүн арналат.

4. Гарнизондун радиостанциялары стационардык, ташып жүрүүчү жана алып жүрүүчү болуп бөлүнөт. Станционардык радиостанциялар Бирдиктүү нөөмөт-диспетчердик кызматында (мындан ары - БНДК), бөлүктүн байланыш пункттарында (мындан ары - ББП) орнотулат, ал эми ташып жүрүүчүлөр - табелдик белгиленгендигине ылайык өрт автомобилдерине орнотулат.

**109-берене. Байланыш каражаттарына карата негизги талаптар**

1. Байланыш каражаттарынын оң абалда болушу, ишеничтүүлүгү, ар дайым колдонууга даяр болушу, тейлөөнүн жогорку тартиби, ошондой эле GPS-кабылдагычы менен координаттарды аныктоону тездеткен тутумду орнотуу өрттөн сактоо кызматынын байланышына карата коюлуучу негизги талаптар болуп саналат.

2. Байланыш каражаттары ар дайым оң абалда жана колдонууга даяр болууга тийиш, өрттөн сактоо бөлүмдөрүнүн иш-аракеттерин кандай гана болбосун шартта ишенимдүү жана үзгүлтүксүз башкарылышын камсыз кылууга тийиш.

3. GPS-кабылдагычы менен координаттарды аныктоону тездеткен тутум чакырган жерге минимумдук кыска мөөнөттө келүү үчүн арналат.

**110-берене. Байланыш каражаттарын эксплуатациялоону, техникалык тейлөөнү жана оңдоону пландаштыруу**

1. Байланыш каражаттарын орточо жана капиталдык оңдоону жүргүзүүнү пландаштырууда алардын техникалык абалы жана оңдоо жүргүзүүнүн зарылчылыгы каралат.

2. Байланыш каражаттарын эксплуатациялоону пландаштыруу, техникалык тейлөө жана оңдоо бир жылдык иштетүү ченемдерин аныктоону; техникалык тейлөө боюнча иш-чараларды; байланыш каражаттарын оңдоону; техникалык абалын контролдоону; байланыш каражаттарын сактоону; байланыш каражаттарын материалдык камсыз кылууну камтыйт.

3. Байланыш каражаттарын өрттө эксплуатациялоо мөөнөттөрү даярдоочу ишкана тарабынан белгиленген мөөнөттөрдөн ашпоого тийиш. Байланыш каражаттарын эксплуатациялоо мөөнөтү аларды күжүрмөн эсепке койгон күндөн баштап эсептелет.

## VI БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ АРНАЛЫШТАГЫ ПРОДУКЦИЯГА КАРАТА ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН ТАЛАПТАРЫ

### 28-глава. Заттар менен материалдарга карата өрт коопсуздугунун талаптары

**111-берене. Заттар менен материалдардын өрт коркунучу жөнүндө маалыматтарга карата талаптары**

Заттар менен материалдардын жарылуу-өрт жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү жөнүндө маалымат белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандартка ылайык маркалоого ылайык келүүгө тийиш.

**112-берене. Имараттар менен курулмаларда курулуш материалдарын колдонууга карата өрт коопсуздугунун талаптары**

1. Имараттар менен курулмаларда курулуш материалдары алардын функционалдык арналышына жана өрт коркунучуна жараша колдонулат.

Имараттар менен курулмаларда курулуш материалдарын колдонууга карата өрт коопсуздугунун талаптары ошол материалдардын өрт коркунучунун

көрсөткүчтөрүнө карата белгиленет жана белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен белгиленет.

Заттар менен материалдардын жарылуу-өрт жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү жөнүндө маалымат белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттарга ылайык маркалоого ылайык келүүгө тийиш.

2. «А», «Б» жана «В1» категорияларынын «Ф 5» классындагы оңой от алуучу суюктуктар чыгарылуучу, колдонулуучу же сакталуучу жайлардын полу күйбөй турган материалдардан же «Г1» күйүү тобундагы материалдардан салынышы керек.

Жайлардагы же адамдарды эвакуациялоо жолдорундагы асма шыптардын каркастары күйбөй турган материалдардан гана жасалышы керек.

Турак жай жана коомдук имараттарды күйүүчү материалдар менен жасалгалоо жана жылуулоо боюнча иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат.

Ар түрдүү функционалдык арналыштагы, кабаттуулуктагы жана сыйымдуулуктагы имараттарда жасалгалоо-кооздоо, каптоочу материалдардын жана эвакуация жолдорунун полуна төшөгүчтөрдүн колдонуу жааты белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттары жана курулуш ченемдери жана эрежелери менен белгиленет.

3. Уктоочу бөлмөлөрдө жана палаталарда, ошондой эле «Ф 1.1» классчасындагы балдар топторунун жайларында «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы жасалгалоо-кооздоо материалдарын жана полго төшөгүчтөрдү колдонууга жол берилбейт.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин музыкалык жана дене тарбия залдарындагы дубалдардын жана шыптардын жасалгасы «КМ0» классындагы материалдардан жасалууга тийиш.

Физиотерапиялык процедура бөлмөлөрүндө дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

Диагностикалык жайларда дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

Операциялык жана реанимациялык жайларда дубалдын, шыптын жана асма шыптардын толтурууларынын жасалгасы үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

«Ф 1.2» классчасындагы имараттардын турак жайларында дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ4» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ4» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

«Ф 2.1» классчасындагы имараттардын кийим чечүүчү жайларында дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ1» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

Окуу залдарында дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

Китеп сактоочу жайларда жана архивдерде, ошондой эле кызматтык каталогдордун жана дубалдарынын жана шыптарынын жасалгасы үчүн «КМ0» классындагы материалдардан кароо керек.

«Ф 2.2» классчасындагы имараттардын демонстрациялык залдарында дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

Бий залдарында дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

«Ф 3.1» классчасындагы имараттардын жайларынын соода залдарында дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

«Ф 3.3» классчасындагы имараттардын күтүү залдарында дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулар «КМ0» классындагы материалдардан аткарылууга тийиш.

«Ф 3.4» классчасындагы имараттардын диагностика жана процедура кабинеттеринде дубалдын, шыптын жасалгасы жана асма шыптардын толтуруулары үчүн «КМ2» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды жана полго төшөө үчүн «КМ3» классынан жогорку өрт коркунучундагы материалдарды колдонууга жол берилбейт.

**113-берене. Текстиль жана булгаары материалдарын колдонууга карата талаптар жана алардын өрт коркунучу жөнүндө маалыматтар**

1. Текстиль жана булгаары материалдары имараттардын, курулмалардын функционалдык арналышына жана өрт коркунучуна же аларды жасоо үчүн пайдаланылган буюмдардын арналышына жараша колдонулат.

2. Текстиль жана булгаары материалдарын колдонуу боюнча өрт коопсуздугунун талаптары ошол материалдардын өрт коркунучунун көрсөткүчтөрүнө карата белгиленет.

Атайын коргоочу кийимдердин материалдарынын классификациялык жалындагыч белгилерин аныктоо усулдары белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен белгиленет.

3. Атайын коргоочу кийимдердин материалдары атайын коргоочу кийимдердин типтерине жараша 5тен 40 кВт/м$^2$ чейинки кубаттуулуктагы жылуулук агымы таасир эткенде үлгүнүн (материалдардын пакетинин) аркы бетинде 50ºС температурага жетүү убактысы менен мүнөздөлүүчү жылуулуктан коргоону камсыз кылууга тийиш.

4. Материалдардын, коргоочу кийимдердин жылуулуктан коргоо натыйжасынын классификациялык белгилерин аныктоо усулдары белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен аныкталат.

5. Атайын коргоочу кийимдердин материалдары ачык жалындын таасирине туруктуулугу боюнча үлгүгө келген жылуулук агымынын тыгыздык мааниси 80 кВт/м$^2$ болгондой газ берүүнүн жана анын чыгымдалышын жөнгө салуунун газ горелкасынын жалынына таасир көрсөткөндө температуранын 240ºС көбөйгөн убакыт менен мүнөздөлөт.

6. Материалдардын, атайын коргоочу кийимдердин ачык жалындын таасирине туруктуулугунун классификациялык белгилерин аныктоо усулдары белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттарга ылайык менен белгиленет.

7. Текстиль жана булгаары материалдарынан жасалган театрдык жумшак декларациялар өрттөн коргоочу курам менен терең сиңирилип иштетилүүгө тийиш.

8. Текстиль жана булгаары буюмдарына карата коштомо документтерде алардын өрт коркунучу жана имараттар менен курулмаларда же ар түрдүү функционалдык арналыштагы буюмдарда колдонулушу жөнүндө маалыматты көрсөтүү зарыл.

**114-берене. Оттон коргоо каражаттарынын өрт коопсуздугу жөнүндө маалыматтарга карата талаптар**

1. Оттон коргоо каражаттарына техникалык документтер колдонуу жаатын, өрт коркунучунун, үстүңкү бетти даярдоо ыкмаларын, топурактын түрлөрү менен маркаларын,корголуучубеткежабууыкмаларын,кургатуушарттарын,булкаражаттардын оттон коргоо натыйжалуулугун, атмосфералык таасирлерден коргоо ыкмаларын, оттон коргоочу жабууларды эксплуатациялоо шарттарын жана мөөнөттөрүн, ошондой эле оттон коргоо жумуштарын жүргүзүүдө коопсуздук чараларын мүнөздөөчү техникалык көрсөткүчтөрдүн номенклатурасын камтууга тийиш.

2. Оттон коргоо каражаттарын оттон коргоочу катмарга көрк берүүчү же анын атмосфералык таасирлерге туруктуулугун камсыз кылуучу материалдар (кошумча жабуулар) менен колдонууга жол берилет. Бул учурда оттон коргоо натыйжалуулугу белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык аныкталууга тийиш.

## 29-глава. Имараттар менен курулмалардын курулуш конструкцияларына жана инженердик жабдууларына карата өрт коопсуздугунун талаптары

**115-берене. Курулуш конструкцияларына карата өрт коопсуздугунун талаптары**

1. Имараттардын (курулмалардын) курулуш элементтеринин конструкциялык аткарылышы күйүүнүн имарат (курулма) боюнча тымызын таралышынын себеби болуп саналбоого тийиш.

2. Курулуш конструкцияларынын өз ара бекүү жана жалгашуу түйүндөрүнүн отко туруктуулук чеги жалгашуучу курулуш элементтеринин отко туруктуулук чектеринен кем болбоого тийиш.

3. Имараттардын (курулмалардын) залдарында полду жантайтуучу конструкциялык элементтери ошол имараттардын кабаттарынын ортосунун калкаларынан төмөн эмес отко туруктуулук чегине ээ болууга тийиш.

4. Курулуш конструкцияларында кабелдер, өткөрмө түтүктөр жана башка технологиялык жабдуулар кесип өткөн жерлердеги көзөнөктөр толтурулуучу материалдар ошол конструкциялар үчүн белгиленген маанилерден төмөн эмес отко туруктуулуктун тиешелүү чегине ээ болууга тийиш.

5. Калкалар менен жабуулардын отко туруктуулук чектерин жогорулатуу үчүн колдонулуучу асма шыптардын конструкциялык элементтеринин отко туруктуулук чеги жана өрт коркунучтуулук классы ошол калкалар менен жабуулардын отко туруктуулук чегине жана өрт коркунучунун классына карата коюлуучу талаптарга жооп берүүгө тийиш.

6. Асма шыптуу жайлардагы өрткө каршы тосмолор алардын үстүндөгү жерди да бөлүүгө тийиш.

7. Чатырдагы жайлардын жыгач конструкциялары, (стропила, обрешетка, тирөөчтөр жана д.у.с.) жыгач поддондор, жыгач стеллаждары оттон коргоо каражаттары менен иштетилүүгө тийиш.

8. Асма шыптардын үстүндөгү боштуктарда күйүүчү газдарды, чаң-аба аралашмаларын, суюк жана катуу материалдарды ташуу үчүн каналдар менен өткөрмө түтүктөрдү жайгаштырууну кароого жол берилбейт.

9. Жарылуу-өрт жана өрт коркунучу боюнча «А» жана «Б» категорияларындагы жайларда асма шыптарды кароого жол берилбейт.

**116-берене. Желдетүү, кондиционерлөө жана түтүндөн коргоо тутумдарынын конструкцияларына жана жабдууларына карата өрт коопсуздугунун талаптары**

1. Ар түрдүү арналыштагы желдетүү тутумунун каналдарынын (анын ичинде аба өткөргүчтөр, коллекторлор, шахталар) конструкциялары отко туруктуу болууга жана газ өткөргүчтүгүнө карта талап кылынган тыгыздыктагы күйбөй турган материалдардан жасалууга тийиш. Желдетүү тутумдарынын каналдарынын бекитүү (илинүүчү) түйүндөрү жана алардын тосуучу курулуш конструкциялары менен кесилиштери бул каналдар үчүн талап кылынгандан төмөн эмес отко туруктуулук чектерине ээ болууга тийиш. Түтүнгө каршы желдетүүнүн тартуучу каналдары линиялык жылуулук кеңейүүлөрүнүн компенсаторлору менен жабдылууга тийиш.

Өрткө каршы нормалдуу ачык клапандар автоматтык жана аралыктан башкарылуучу иштеткичтер менен жабдылууга тийиш. Мындай иштеткичтердин курамында жылуулукту сезгич элементтерди алмаштыргыч катары гана пайдалануу каралышы керек. Өрткө каршы нормалдуу жабык жана түтүн клапандары үчүн жылуулукту сезгич элементтери менен иштеткичти колдонууга жол берилбейт. Ар түрдүү типтеги өрткө каршы жана түтүн клапандарынын конструкцияларынын бири-бирине кыналуу тыгыздыгы түтүн-газдын өтүшүнө минималдуу зарыл каршылыкты камсыз кылууга тийиш.

Табигый түрткүдөн иштөөчү тартуучу желдеткичтин түтүн люктарынын механикалык жүктөмдү (анын ичинде шамалдын жана кардын) жеңүүсү үчүн тартуу күчүн камсыз кылуучу автоматтык жана аралыктан башкарылуучу иштеткичтерди (жылуулук элементтери менен коштоо мүмкүндүгү менен) колдонуу керек.

Имараттар менен курулмалардын түтүндөн коргоо системаларынын тартуучу желдеткичтери күйүүнүн жогорку температуралуу продуктуларынын орун которууларында адамдарды эвакуациялоо үчүн (эвакуация жолдорунда адамдарды коргоодо) зарыл болгон убакыт ичинде же өрттүн күчөө жана өчүрүү мезгилинде (адамдарды өрттөн коопсуз зоналарда коргоодо) иштөө жөндөмдүүлүгүн сактоого тийиш.

Өрткө каршы түтүн-газ өткөрбөөчү эшиктер бири-бири менен кыналуу жерлеринде талап кылынган отко туруктуулук чектеринде түтүн-газдын өтүшүнө жол бербеген зарыл минимумдук маанисин камсыз кылуучу тыгыздоо түйүндөрү менен жабдылууга тийиш.

Түтүнгө каршы экрандар (шторалар, тосмо көшөгөлөр) автоматтык жана аралыктан башкарылуучу иштеткичтер (жылуулук элементтерисиз) менен жабдылууга жана кызмат бөлүгүнүн чыгарылган узундугу өрт учурунда бөлмөдө пайда болуучу түтүн катмарынын калыңдыгынан кем болбогон күйбөй турган материалдардан жасалууга тийиш.

2. Желдетүү, кондиционерлөө жана түтүндөн коргоо тутумдарынын иш жүзүндөгү мааниси (анын ичинде отко туруктуулук чектери жана түтүн-газдын өтүшүнө каршылык көрсөтүүсү) тиешелүү ченемдик укуктук актылар, курулуш ченемдери жана эрежелери менен белгиленет.

**117-берене. Таштанды чыгаруу тутумдарынын конструкцияларына жана жабдууларына карата өрт коопсуздугунун талаптары**

1. Таштанды чыгаруу тутумдарынын найлары күйбөй турган материалдардан жасалууга жана талап кылынган отко туруктуулук жана түтүн-газдын өтүшүнө каршылык көрсөтүү чектерин камсыз кылууга тийиш. Таштанды чыгаруу тутумунун найларынын конструкцияларынын курамына өрттө жарылуу менен бузулууга жөндөмдүү материалдарды колдонууга жол берилбейт.

2. Таштанды чыгаруучу найлардын жүктөөчү клапандары күйбөөчү материалдардан жасалууга жана түтүн-газдын өтүшүнө жол бербеген зарыл минимумдук маанилерин камсыз кылууга тийиш.

3. Таштанды чыгаруучу найлардын таштанды жыйналуучу камераларга орнотулуучу тосмолору өрттө өзү жабылуучу иштеткич менен жабдылууга тийиш. Мындай тосмолордун талап кылынган отко туруктуулук чектери таштанды чыгаруучу найлар үчүн белгиленгенден кем болбоого тийиш.

4. Таштанды жыйналуучу камера бардык аянты боюнча спринклердик суу түтүктөр менен корголгон болууга тийиш. Суу түтүктөрүнүн суу бөлүштүрүүчү участогу айланма түрдө болууга, имараттын чарбалык суу ичүү тутумуна кошулууга, суу түтүктөрүнүн сырты күйбөй турган, жылуулукту сактоочу материалдар менен капталууга тийиш. Камеранын эшиги жылууланган болууга тийиш.

**118-берене. *Лифттерге карата өрт коопсуздугунун талаптары***

1. Кыймылынын ылдамдыгы 1 м/сек жана андан ашык болгон автоматтык жылма эшиктери бар жүргүнчүлөр лифттеринин имараттын автоматтык өрт сигнализация тутумдарынан келген сигнал боюнча ишке киришүүчү жана кабинанын кыймылын жүккө жана багытка карабастан, анын негизги токтоочу аянтчасына кайтып келүүсүн, кабинанын жана шахтанын ачылышын жана эшиктердин ачылышын жана ачык абалда кармалып турушун камсыз кылган «өрт коркунучу» иш режими болууга тийиш.

Лифт шахталарындагы эшиктердин өрткө каршылыгы 2-типтен төмөн болбоого тийиш.

2. Бийиктиги 50 метрден жогору турак жай имараттарында өрт кызматынын бөлүмдөрүн ташууга арналган лифттер каралууга тийиш жана алардын коопсуздугун камсыз кылууга жана атайын талаптарга жооп берүүгө тийиш.

3. Лифт жабдууларына, түзүлүштөрүнө, отко туруктуулугуна, материалдарына, ошондой эле башкаруу, сигнализация, байланыш жана энергия менен камсыздоо тутумдарына карата талаптар тиешелүү ченемдик укуктук актылардын, курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин талаптарына жооп берүүгө тийиш.

## 30-глава. Электр техникалык продукцияга карата өрт коопсуздугунун талаптары

**119-берене. Электр техникалык продукциянын өрт коркунучу жөнүндө маалыматынан карата талаптар**

1. Электр техникалык продукцияны өндүрүүчү бул продукциянын коопсуз колдонулушу үчүн зарыл маалыматты камтыган эксплуатациялоо документтерин иштеп чыгууга милдеттүү.

2. Электр техникалык продукцияга эксплуатациялоо документтери (анын ичинде паспорттор жана эксплуатациялоо боюнча колдонмо жана д.у.с.) анын өрт коркунучу жөнүндө маалыматты камтууга тийиш.

3. Электр техникалык продукция коргоо даражасынын класстары боюнча аны колдонуу жаатына ылайык келүүгө тийиш.

**120-берене. Электр техникалык продукциянын өрт коопсуздугуна карата талаптар**

1. Электр техникалык продукция тутандыруу булагы болбоого тийиш жана күйүүнүн анын чегинен сырткары таралуусун болтурбоого тийиш.

2. Электр техникалык продукцияга карата өрт коопсуздугунун талаптары алардын конструкциялык өзгөчөлүктөрүнө жана колдонуу жаатына негизденүү менен тиешелүү ченемдик укуктук актылар жана белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен белгиленет.

Электр техникалык продукцияда пайдаланылуучу конструкциянын элементтери жалындын, ысыган элементтердин, электр жааларынын, кошуучу бириктирүүлөрдөгү жана ток өткөрүүчү көпүрөчөлөрдөгү ысуунун таасирине туруктуу болууга тийиш (трекинг туруктуулук).

Электр техникалык продукция иштин авариялык режимдеринде (чукул туташуу, ашыкча күч келүү) күйүүнүн келип чыгышына жана таралышына бөгөт коюуга тийиш.

Электр техникалык продукциянын кабыгын күйүүнүн ошол кабыктын чегинен тышкары таралышынан коргоо даражасы продукциянын колдонуу жааты менен аныкталышы керек.

Коргоо аппараттары иштин авариялык режимдери келип чыкканда күйүү пайда болгонго чейин электр тармагынын участкасын электр энергиясынын булагынан ажыратууга тийиш.

3. Электр техникалык продукциянын конкреттүү түрлөрүнө карата өрт коопсуздугунун талаптары белгиленген тартипте бекитилген тиешелүү улуттук стандарттар менен белгиленет.

**121-берене. Электр жабдуусуна карата өрт коопсуздугунун талаптары**

Электр жабдуусу күйүүнүн келип чыгышына жана таралышына туруктуу болууга, өрттүн чыгып кетүү ыктымалын жокко чыгарууга жана белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык келүүгө тийиш.

## VII БӨЛҮМ. КОРГОО ОБЪЕКТТЕРИНИН ӨРТ КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ЖАНА АЛАРДЫН ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН ТАЛАПТАРЫНА ЫЛАЙЫКТЫГЫН АНЫКТООНУН НЕГИЗГИ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА УСУЛДАРЫ

### 31-глава. Коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуунун жана алардын өрт коопсуздугунун талаптарына ылайыктыгын аныктоонун негизги формалары жана усулдары

**122-берене. Коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуунун жана алардын өрт коопсуздугунун талаптарына ылайыктыгын аныктоонун негизги формалары жана усулдары**

Коргоо объекттеринин, продукциянын, долбоорлоо, өндүрүш, курулуш, монтаждоо, жөнгө салуу, эксплуатациялоо, сактоо, ташуу, сатуу жана утилдештирүү процесстеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуунун негизги формалары жана усулдары жана алардын ушул Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын, курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайыктыгын аныктоо төмөнкүлөр болуп саналат:

1) өрткө каршы мамлекеттик алдын алуу;
2) экспертиза;
3) мамлекеттик өрт көзөмөлү;
4) объекттерди кабыл алуу жана эксплуатациялоого киргизүү;
5) өндүрүштүк контролдоо;
6) ылайыктуулугун ырастоо;
7) сыноо жана изилдөө;
8) өрт коопсуздугу жаатындагы иштердин айрым түрлөрүн лицензиялоо.

**123-берене. Өрткө каршы мамлекеттик алдын алуу**

1. Өрткө каршы мамлекеттик алдын алуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тартипте жүзөгө ашырылат жана төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт:

1) өрт коопсуздугу жаатындагы негиз болуучу ченемдик укуктук актыларды, шаардык жана айылдык калктуу конуштардын, ошондой эле чарба жүргүзүү объекттеринин өрт коопсуздугун жогорулатуу боюнча негизделген сунуштоолорду иштеп чыгууну;

2) өрттөрдүн келип чыгуу себептерин жоюуга багытталган иш-чараларды жүзөгө ашырууну;

3) мүмкүн болуучу өрттөрдүн таралышын чектөөнү, өрт чыккан учурда адамдарды жана мүлктү ийгиликтүү эвакуациялоо үчүн шарттарды түзүүнү;

4) келип чыккан өрттү өз убагында табууну жана өрт жөнүндө адамдарга тез маалымдоону камсыз кылууну;

5) өрткө каршы кызматтын бөлүмдөрүнүн ыкчам чакырылышын камсыз кылууну жана өрттү ийгиликтүү өчүрүү үчүн шарт түзүүнү.

2. Өрткө каршы мамлекеттик алдын алуу төмөнкү жолдор менен жүзөгө ашырылат:

1) өрт коопсуздугу жаатында илимий изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшүн координациялоо жана уюштуруу;

2) өрттөрдү жана аларга байланыштуу кокустук учурларды териштирүү жана алгачкы текшерүү, болгон өрттөр боюнча эсепке алууну, статистиканы жана тиешелүү талдоону жүргүзүү;

3) окуу сабактарын, тактикалык машыгууларды өткөрүү, кадрларды даярдоо, бөлүмдөргө, ведомстволук жана ыктыярдуу өрттөн коргоо уюмдарына өрттүн алдын алуу иштерин жана күжүрмөн даярдыкты уюштурууга жардам көрсөтүү;

4) өрт коопсуздугу жаатында үгүттөө жана пропагандалоо үчүн багытталган окуу куралдарын жана плакаттарды, буклеттерди, китепчелерди иштеп чыгуу, басып чыгаруу, видеороликтерди, фильмдерди жана анимациялык фильмдерди тартууларды жүргүзүү.

3. Өрткө каршы мамлекеттик алдын алуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

1) курулушка жер участогун бөлүп берүү, коргоо объекттерин долбоорлоо, куруу, багытын кайра өзгөртүү, кайра пландоо, реконструкциялоо, капиталдык оңдоо, техникалык жактан кайрадан жабдуу жана функционалдык арналышын өзгөртүү стадиясында «Өрткө каршы иш-чаралар» долбоордук документтер бөлүмүн милдеттүү макулдашуу жолу менен андан ары долбоорлоо жана куруу үчүн тиешелүү корутунду берүү менен;

2) чарба жүргүзүү жана турак жай объекттерин эксплуатациялоо стадиясында жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, өлкөбүздөгү өрткө каршы жагдай жөнүндө калкты маалымдоо жолу менен;

3) өрткө каршы коргоонун автоматтык тутумдарын долбоорлоо стадиясында долбоордук документтерди макулдашуу жолу менен, ошондой эле аларды туташтыруу жөнүндө тиешелүү актыны жана ошол тутумдарды сыноо протоколун түзүү жолу менен «101» ыкчам шашылыш кызматынын борбордук пунктуна милдеттүү туташтырууда.

**124-берене. Экспертиза**

1. Коргоо объекттеринин, өрткө каршы коргоо тутумдарынын, өрт техникасынын, өрткө каршы жабдуулардын жана өрт-техникалык куралдарын өндүрүш, эксплуатациялоо, сактоо, ташуу, сатып өткөрүү жана утилдештирүү процесстеринин (эксплуатациялоодон чыгаруунун) долбоордук документтеринин экспертизасы шаардык жана айылдык калктуу конуштарды пландоодо, имараттарды, курулмаларды, жеке турак үйлөрдү жана башка коргоо объекттерин долбоорлоодо ушул Мыйзамдын жана Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы

ченемдик укуктук актыларынын, курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин, белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайыктуулугуна жүргүзүлөт.

2. Коргоо объекттерин, коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумдарын, өндүрүш, эксплуатациялоо, сактоо, ташуу, сатып өткөрүү жана утилдештирүү (эксплуатациялоодон чыгаруу) процесстерин ушул Мыйзамдын жана Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы ченемдик укуктук актыларынын, курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин, белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайыктыгын баалоо үчүн экспертизалар, текшерүүлөр, изилдөөлөр, сыноолор төмөнкүлөр тарабынан жүргүзүлөт:

1) өрткө каршы мамлекеттик алдын алуу органдары;

2) мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн органдары;

3) өрт коопсуздугу жаатындагы аккредитацияланган сыноо лабораториялары.

3. Жер астындагы иштетүүлөр жана шахталар объекттеринде, темир жол объекттеринде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан эксаймактык объекттерде коргоонун, улуттук коопсуздуктун, жазык-аткаруу тутумунун, мамлекеттик чек араны коргоонун маселелерин караган Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын коргоо объекттеринин, алардын өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумдарынын, өндүрүш, эксплуатациялоо, сактоо, ташуу, сатып өткөрүү жана утилдештирүү процесстеринин экспертизалары, текшерүүлөрү, изилдөөлөрү жана сыноолору тиешелүү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

**125-берене. Өрт коопсуздугунун талаптарын сактоого мамлекеттик өрт көзөмөлү**

1. Өрт коопсуздугун сактоого мамлекеттик өрт көзөмөлү, ушул Мыйзамдын жана өрт коопсуздугу жаатындагы башка ченемдик укуктук актылардын, улуттук стандарттардын, курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин талаптарынын менчиктик түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактар, чарба жүргүзүү объекттери тарабынан аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.

2. Мамлекеттик өрт көзөмөлү төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

1) коргоо объектин куруу, багытын кайра өзгөртүү, кайра пландоо, реконструкциялоо, капиталдык оңдоо, техникалык кайра жабдуу жана функционалдык арналышын өзгөртүү стадиясында алардын ушул Мыйзамга, өрт коопсуздугу жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларга, улуттук стандарттарга, курулуш ченемдерине жана эрежелерине ылайык келүүсүн аныктоо жолу менен, ошондой эле долбоордук документтерди макулдашуу боюнча корутундуларда жана талап каттарда баяндалган чараларды аткаруу жолу менен. Мамлекеттик өрт көзөмөлүн жүргүзүүдө курулуш объекттерин долбоорлоо документтери инспекцияланат.

2) коргоо объекттерин эксплуатациялоонун (турак жай фондун, анын ичинде дачалык багбанчылык бирикмелерин кошпогондо), ошондой эле аларды өрт коопсуздугуна жана ишке жөндөмдүү абалга келтирүү боюнча чараларды көрүү менен өрт-техникалык текшерүүлөрдү жүргүзүү жолу менен өрт коопсуздугун камсыз кылуунун автоматтык тутумдарын эксплуатациялоонун стадиясында. Өрткө каршы коргоонун автоматтык тутумдары эксплуатацияга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгилеген тартипте кабыл алынат.

3. Ушул Мыйзамда, өрт коопсуздугу боюнча Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларында белгиленген ченемдерди бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазык жана административдик жоопкерчиликке алып келет.

4. Өрт коопсуздугунун талаптарын сактоо үчүн төмөнкүлөр жоопкерчилик тартышат:

1) долбоорлоодо - объектти түздөн түз долбоорлогон адамдар жана долбоорлоо уюму;
2) долбоорлоо документтерине мамлекеттик өрт-техникалык экспертизасын жүргүзүүдө - экспертиза жүргүзгөн адам жана экспертиза жүргүзгөн мамлекеттик органдын жетекчилиги;
3) курууда - курулуш уюму, архитектуралык-курулуш жана өрт көзөмөлүн жүзөгө ашырган мамлекеттик органдар жана бул көзөмөлдү түздөн түз жүзөгө ашыруучу адам;
4) эксплуатациялоодо - жеке жак, чарба жүргүзүүчү субъект, объектти эксплуатациялоочу адам, мамлекеттик өрт көзөмөлүн жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган жана бул көзөмөлдү түздөн түз жүзөгө ашыруучу адам.

**126-берене. Коргоо объекттерин кабыл алуу жана эксплуатациялоого киргизүү**

1. Коргоо объекттерин кабыл алуу жана эксплуатациялоого киргизүү мамлекеттик комиссиянын эксплуатациялоого кабыл алуу актысынын негизинде жүзөгө ашырылат, анын курамы жана иш тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

2. Коргоо объекттерин кабыл алууда жана эксплуатациялоого киргизүүдө ушул Мыйзамдын талаптарынын, ошондой эле өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдар тарабынан берилген корутундулардын жана талап каттардын аткарылышы текшерилет.

3. Коргоо объекттерин кабыл алуу жана эксплуатациялоого киргизүү тартиби жана жол-жобосу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**127-берене. Өрт коопсуздугунун талаптарын сактоого өндүрүштүк контроль**

1. Продукцияны өндүрүү, сактоо, ташуу жана сатып өткөрүү, жумуш аткаруу жана кызмат көрсөтүүлөр процессинде ушул Мыйзамдын жана өрт коопсуздугу жаатындагы башка ченемдердин жана эрежелердин, техникалык регламенттердин талаптарынын сакталышын өндүрүштүк контролдоо жеке ишкерлер жана менчигинин формасына карабастан, мекемелердин, ишканалардын, уюмдардын жооптуу адамдары тарабынан өз алдынча жүзөгө ашырылууга тийиш.

2. Коргоо объекттеринде өндүрүштүк контролдоо төмөнкү максаттарда жүзөгө ашырылууга тийиш:

1) өрт коопсуздугунун абалын баалоо;
2) өрттөн коргоо тутумдарынын, жабдуулардын жана инвентарлардын иштешин аныктоо;
3) продукциянын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, аларды өндүрүү процесстеринин өрт коопсуздугунун талаптарына шайкештиги ылайыктыгын камсыз кылуу;
4) өрт коопсуздугунун талаптарын сактоо;
5) мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн талап каттарында каралган иш-чараларды аткаруу.

3. Өндүрүштүк контролдоо төмөнкүлөрдү караган программа боюнча жүргүзүлөт:

1) уюмдарда алардын ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл өрт коопсуздугу жаатындагы ченемдик укуктук актылардын, расмий басып чыгарылган жана актуалдаштырылган версияларынын болушун;

2) зарыл сыноолорду (лабораториялык изилдөөлөрдү) жүргүзүүнү;

3) чийки заттардын, жарым фабрикаттардын, даяр продукциянын өндүрүү, сактоо, ташуу, сатып өткөрүү жана утилдештирүү процесстеринин ушул Мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актылардын жана белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттардын талаптарына ылайык келүүсүн;

4) ылайыктыгын баалоонун тиешелүү формаларынын натыйжалары боюнча зарыл документтердин (продукциянын катталгандыгы жөнүндө күбөлүктөрдүн, сыноо протоколдорунун, ылайыктыгы жөнүндө декларациянын, өрт коопсуздугуна декларацияларынын, сертификаттарынын жана белгилүү продукция үчүн аныкталган ылайыктыгы жөнүндө башка күбөлүктөрдүн) болушун;

5) кызмат адамдарына жана жумушчуларга өрт коопсуздугунун чараларын үйрөтүүнү уюштурууну жана алардын белгиленген талаптарга ылайыктыгын аттестациялоону;

6) эвакуациялоо боюнча, айрыкча мектепке чейинки жана билим берүү мекемелеринде, ооруканаларда, административдик жана коомдук ири имараттарда окуу айгайын өткөрүүнү;

7) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык өрт коопсуздугун камсыз кылуу жаатында эсеп жүргүзүүнү жана отчеттуулукту.

4. Өндүрүштүк контролду жүзөгө ашыруучу адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, анын өз убагында жүргүзүлүшү, толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартылат.

**128-берене. Ылайыктыгын ырастоо**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында коргоо объекттеринин өрт коопсуздугунун талаптарына ылайыктыгын ырастоо Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте ыктыярдуу же милдеттүү тартипте жүзөгө ашырылат.

2. Өрт коркунучу бар продукция, коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумдары жана каражаттары, имараттар менен курулмалардын конструкциялык жана көлөмдүк-пландык чечилиштери, өрт техникасы, жабдуулар жана өрт-техникалык куралдар өрт коопсуздугунун талаптарына ылайыктыгына милдеттүү түрдө ырасталууга тийиш, буларга карата талаптар ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы башка ченемдик укуктук актылары, курулуш ченемдери жана эрежелери, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттар менен белгиленет.

Кыргыз Республикасынын аймагында ушул бөлүктө көрсөтүлбөгөн коргоо объекттеринин өрт коопсуздугунун талаптарына ылайыктыгын ырастоо Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы мыйзамдары аныктаган тартипте ыктыярдуу тартипте жүзөгө ашырылат.

3. Коргоо объекттеринин, продукциянын жана жабдуулардын ылайыктыгын ырастоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

**129-берене. Изилдөө (сыноо)**

Изилдөө (сыноо) өрт-жарылуу коркунучу жана өрт кооптуулугу бар заттар менен материалдардын; курулуш, текстиль жана булгаары материалдарынын көрсөткүчтөрүн жана классификациясын аныктоого багытталган техникалык иш-чаралардын комплексин; курулуш конструкцияларынын, өрткө каршы бөгөттөрдүн өрт-техникалык классификациясын; өрт коопсуздугун камсыз кылуу тутумдарынын колдонуудагы стандарттарга жана ченемдерге ылайыктыгын аныктоону; ушул

Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына жана белгиленген тартипте бекитилген улуттук стандарттарга ылайык илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү өзүнө кашыйт.

**130-берене. Лицензиялоо**

Өрт коопсуздугу жаатындагы иш процессинде иштин айрым түрлөрүн жана иш-аракеттерди лицензиялоо Кыргыз Республикасынын лицензиялык уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

**32-глава. Корутунду жоболор**

**131-берене. Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларын күчүн жоготту деп таануу**

Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Техникалык регламент» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1045-ст.);

2) «Өрт коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламент» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 2-июлундагы № 109 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 7, 685-ст.).

**132-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*«Эркин Тоо» газетасынын 2016-жылдын 17-июнунда № 53 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын
Президенти** **А.Атамбаев**

**2016-жылдын 28-апрелинде**

**Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңеши
тарабынан кабыл алынган**

# Бөлүм VI.
# Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна карата талаптар экономикалык ишмердикти жана курулушту жөнгө салуу жөнүндө мыйзамдарда

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

*Бишкек шаары, 2011-жылдын 15-июлу № 101*

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө**

*(Үзүндү)*

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2012-жылдын 17-мартындагы № 20, 2012-жылдын 19-июнундагы № 87, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2012-жылдын 10-августундагы № 164, 2013-жылдын 14-февралындагы № 16, 2013-жылдын 25-апрелиндеги № 59, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2013-жылдын 15-ноябрындагы № 201, 2014-жылдын 13-январындагы № 10, 2014-жылдын 18-февралындагы № 35, 2014-жылдын 15-майындагы № 67, 2014-жылдын 17-июлундагы № 138, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2015-жылдын 17-февралындагы № 34, 2015-жылдын 17-апрелиндеги № 85, 2016-жылдын 21-апрелиндеги № 48, 2016-жылдын 7-майындагы № 56, 2016-жылдын 14-майындагы № 58, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196, 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64, 2017-жылдын 1-июнундагы № 95, 2017-жылдын 28-июлундагы № 163, 2018-жылдын 27-январындагы № 16, 2018-жылдын 15-февралындагы № 21 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**10-берене. Мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы ыйгарым укуктары**

Мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагында мыйзамдарды кабыл алуу жана алардын бир түрдүү аткарылышын жана сакталышын көзөмөлдөө;

2) жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын кабыл алуу;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясында (мындан ары - Конституция) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мамлекеттин милдеттерин жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин камсыз кылуу;

4) мамлекеттик менчик объекттерин муниципалдык менчикке өткөрүп берүүнүн тартибин мыйзамдарга ылайык жөнгө салуу;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү, ошондой эле аларга мыйзамга же келишимге ылайык айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды, көрсөтүлгөн мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана финансылык каражаттарды өткөрүп берүү, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жана каражаттардын ишке ашырышын көзөмөлдөө;

6) мамлекеттик минималдуу социалдык ченемдерди белгилөө жана камсыз кылуу;

7) мектепке чейинки билим берүүнү, мектептик жана кесиптик билим берүүнү мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык камсыз кылуу;

8) саламаттык сактоону мамлекеттик стандарттарга ылайык камсыз кылуу;

9) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу, максималдуу бюджеттик камсыз кылуунун негизинде жергиликтүү бюджеттердин тең салмактуулугун камсыз кылуу;

10) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мамлекеттик бийлик органдары тарабынан кабыл алынган чечимдердин натыйжасында пайда болгон кошумча чыгымдарынын ордун толтуруу;

11) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык өз алдынчалыгынын мамлекеттик кепилдиктерин камсыз кылуу;

12) администрациялык-аймактык бирдиктерди түзүүнүн, бириктирүүнүн, кайра түзүүнүн жана жоюунун тартибин белгилөө жана өзгөртүү, мамлекеттин администрациялык-аймактык түзүлүшүн эске алуу менен алардын чек араларын, ошондой эле алардын аталыштарын белгилөө жана өзгөртүү;

13) мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, анын ичинде ар кыл аймактык деңгээлдердин ортосундагы чектөөнүн жана алып баруу предметтерин жана ыйгарым укуктарды чектөөнүн тартибин белгилөө;

14) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу укугун камсыз кылуу жана коргоо;

15) жергиликтүү шайлоолорду өткөрүүнүн тартибин жана аларды өткөрүүдө жарандардын шайлоо укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилөө;

16) соттук коргоонун тартибин белгилөө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктарын соттук коргоо;

17) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтерин жөнгө салуу жана белгилөө;

18) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинде мыйзамдуулуктун сакталышына прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

19) мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуунун зарылдыгы менен шартталган өзгөчө статусу бар аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн мыйзамга ылайык жөнгө салуу;

20) тиешелүү тарыхый жана башка жергиликтүү салттар менен шартталган айрым аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн мыйзамдарга, ошондой эле ушул Мыйзамга ылайык жөнгө салуу;

21) жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга байланышкан маселелер боюнча администрациялык укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарды кабыл алуу жана өзгөртүү;

22) жергиликтүү жамааттардын уставдарын каттоонун тартибин белгилөө;

23) мамлекеттик жана гуманитардык жардамдын материалдык, акчалай, жана башка түрлөрүн бөлүштүрүүнү уюштуруу;

24) ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин курчап турган чөйрөнү сактоо жөнүндө мыйзамдарды аткаруулары, жерди жана жаратылыш ресурстарын пайдалануулары, шаар куруу жана архитектура ченемдерин жана эрежелерин, санитардык ченемдерди сактоолору, экологиялык иш-чараларды жүргүзүүлөрү боюнча иштерин мыйзамдарда белгиленген тартипте көзөмөлдөө;

25) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**20-берене. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик укуктар таандык кылынышы мүмкүн.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү берилип жаткан ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун шарттарын зарыл болгон материалдык жана каржылык каражаттар менен бир эле убакта мамлекеттик камсыз кылуунун тартибин белгилеп, мыйзамдын же келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосундагы келишимдин негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген учурда келишимдин шарттары тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүгө тийиш.

3. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүгө мамлекет бир эле убакта мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү менен жергиликтүү бюджетке республикалык бюджеттен максаттуу трансферттерди караган же берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка каржылоо булактарын аныктаган учурларда гана жол берилет.

4. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органдарына отчет берет.

5. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамдар жана келишимдер төмөнкүлөрдү кароого тийиш:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилүүчү мамлекеттик ыйгарым укукту;

2) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылышында мамлекеттик бийлик органдарынын усулдук, уюштуруучулук, консультациялык жана көмөк көрсөтүүнүн башка формаларын;

3) отчеттуулукка карата талаптарды;

4) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга мамлекет тарабынан контролдонушунун механизмин.

6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга төмөнкүлөр кирет:

1) калктын жумуштуулугунун жана миграциясынын программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу;

2) жарандардын эсебин алуу каттоосу, паспорт режиминин эрежелерин аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу, жарандарды белгиленген тартипте эсепке коюуну жана эсептен чыгарууну жүргүзүү, шайлоочулардын тизмелерин түзүү;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык абалдын актыларын каттоо;

4) мектептик, мектепке чейинки жана кесиптик билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызматтарды көрсөтүү үчүн имараттар жана башка объекттер менен камсыз кылуу;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык нотариаттык аракеттерди жасоо;

6) жарандарга инсандык, үй-бүлөлүк, мүлктүк абалын ырастоочу документтерди жана мыйзамдар менен каралган башка документтерди берүү;

7) аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскерге чакырылуучулардын алгачкы эсепке алынышын жүргүзүү, аларды аскердик эсепке кабыл алуу жана эсептен чыгаруу, аскердик кызматка чакырууну уюштурууга көмөктөшүү;

8) Айыл чарбасына жарактуу жерлердин Мамлекеттик фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;

9) айыл чарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды жалпылоо, айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча экономикалык божомолдорду түзүү;

10) ветеринардык-санитардык, эпизоотияга каршы иш-чараларды жана мал чарбачылыкта селекциялык-асыл тукум жумуштарын өз убагында жүргүзүүнү уюштурууга көмөктөшүү;

11) айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүндүлөрүн тепсетүүгө каршы күрөшүү, токой коргоо тилкелерин жана токой массивин сактоо боюнча тиешелүү чараларды камсыз кылуу;

12) алымдарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салыктык укук мамилелер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктар;

13) курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

14) керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону камсыз кылуу;

15) тиешелүү аймакта жылуулук менен жабдууну уюштуруу;

16) даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү иликтеп билүү;

17) (КР 2017-жылдын 28-июлундагы № 163 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

17-1) этностор аралык мамилелерди чыңдоо боюнча, ошондой эле этностор аралык кагылышуулардын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;

18) мыйзам менен белгиленген башка ыйгарым укуктар.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2015-жылдын 17-апрелиндеги № 85, 2016-жылдын 21-апрелиндеги № 48, 2017-жылдын 28-июлундагы № 163 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 1997-жылдын 10-декабры № 90*

## Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2003-жылдын 17-февралындагы № 37, 2008-жылдын 18-июлундагы № 158, 2009-жылдын 8-декабрындагы № 307, 2013-жылдын 13-февралындагы № 15, 2013-жылдын 30-июлундагы № 178, 2013-жылдын 3-августундагы № 185, 2015-жылдын 21-январындагы № 22, 2015-жылдын 31-январындагы № 29, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38, 2015-жылдын 2-июлундагы № 142, 2015-жылдын 24-июлундагы № 188 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам товарларды сатууда (иш аткарууда, кызмат көрсөтүүдө) керектөөчүлөр менен даярдоочулардын, аткаруучулардын, сатуучулардын ортосунда пайда болуучу мамилелерди жөнгө салат, сапаты жакшы жана керектөөчүлөрдүн өмүрү жана ден соолугу үчүн коопсуз товарларды (иштерди, кызматтарды) сатып алууга, товарлар (иштер, кызматтар) жөнүндө жана аларды даярдоочулар (аткаруучулар, сатуучулар) жөнүндө маалымат алууга, агартууга алардын таламдарын мамлекет жана коомдук деңгээлде коргоого керектөөчүлөрдүн укуктарын белгилейт, ошондой эле ушул укуктарды жүзөгө ашыруу механизмин аныктайт.

Мыйзам коомду соодадагы монополиянын түзүлүшүнөн жана өнүгүшүнөн сактайт, ошондой эле кесепетинен адилет жана ак ниет атаандаштык нөлгө теңелип же тоскоолдукка учурай турган мыйзамсыз жана кемсинтүүчү практикага тыюу салган шарттарда атаандаштыкты сүрөйт жана колдойт.

*(3-14-абзацтар КР 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### I глава
### Жалпы жоболор

*(Главанын аталышы КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**1-берене. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагынан мамилелерди укуктук жөнгө салуу**

1. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагындагы мамилелер Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси, ушул Мыйзам жана ага ылайык кабыл алынуучу башка мыйзамдар жана Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аткаруу бийлигинин органдарына керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө нормалар камтылган актыларды кабыл алууну тапшыра албайт.

**1-1-берене. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкү негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

**керектөөчү** - тапшырык берүүгө же сатып алууга ниеттенген же болбосо пайда көрүү менен байланышпаган, жеке (тиричилик) муктаждыктары үчүн гана товарды (ишти, кызмат көрсөтүүнү) тапшырык берүүчү, сатып алуучу же пайдалануучу жаран;

**даярдоочу** - менчигинин түрүнө карабастан керектөөчүлөргө сатуу үчүн товар өндүрүүчү уюм, ошондой эле жеке ишкер;

**аткаруучу** - менчигинин түрүнө карабастан кайтарымдуу келишим боюнча иш аткарган же керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүүчү уюм, ошондой эле жеке ишкер;

**сатуучу** - менчигинин түрүнө карабастан сатып алуу-сатуу келишими боюнча керектөөчүлөргө товар сатып өткөрүүчү уюм, ошондой эле жеке ишкер, ошондой эле иш аткаруучу, башка жакка таандык болгон ар кандай жеке мүлктү калыбына келтирүүчү же жакшыртуучу ар кандай адам;

**ылайыктуулук сертификаты** - продукциянын же долбоорлоо (иликтөөнү кошкондо), өндүрүү, куруу, монтаждоо, жөндөө, сактоо, ташуу, сатуу, ишке киргизүү, утилге чыгаруу процесстеринин, иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн техникалык регламенттердин белгиленген талаптарына, стандарттардын жоболоруна, эрежелердин жыйындысына же келишимдин шарттарына ылайык келүүсүн ырастоочу документ;

**стандарт** - көп жолку ыктыярдуу пайдалануу үчүн продукциянын же долбоорлоо (иликтөөнү кошкондо), өндүрүү, куруу, монтаждоо, жөндөө, сактоо, ташуу, сатуу, ишке киргизүү, утилдештирүү процесстеринин, иштерди аткаруунун, кызмат көрсөтүүлөрдүн эрежелери, жалпы принциптери, мүнөздөмөлөрү белгиленген, консенсустун негизинде иштелип чыккан документ. Стандарт терминологияга, символикага, таңгактоого, маркировкалоого жана/же этикеткалоого карата коюлуучу талаптарды да камтышы мүмкүн;

**товардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) кемчилиги же талаптагыдай эмес сапаттагы товар** - товардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) стандартка, келишимдин шарттарына же товардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына карата адатта коюлуучу талаптарга ылайык келбегендиги;

**товардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) олуттуу кемчилиги** - товарлардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) максаттуу багытына ылайык пайдаланылышына мүмкүндүк бербеген же жол бербеген же болбосо четтетүү мүмкүн болбогон, же болбосо четтеткенден кийин деле кайрадан пайда боло берген, же болбосо аны четтетүү үчүн чоң чыгымдар талап кылынган, же болбосо келишим түзүүдө анын кесепетинен керектөөчү эсептөөгө укуктуу болгондордун кыйласынан ажырап калган кемчилик;

**товардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугу** - кадимки шартта пайдаланууда, сактоодо, ташууда жана утилдештирүүдө керектөөчүнүн өмүрү, ден соолугу, мүлкү жана айлана-чөйрө үчүн товардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугу, ошондой эле ишти (кызмат көрсөтүүнү) аткаруу процессинин коопсуздугу;

соода предмети ар кандай товарды, продукцияны, кызмат көрсөтүүнү же соода кызмат көрсөтүүлөрүн чыгарууну камтыйт, бирок чектебейт;

**сатып алуу-сатуу келишими** - товардын сапаты, мөөнөтү, баасы жана сатып алуу-сатуунун башка шарттары, иштердин аткарылышы, кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө сатуучу (аткаруучу) менен керектөөчүнүн ортосундагы макулдашуу;

**мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик башкаруу органы** - техникалык регламенттердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган.

*(КР 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-берене. Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери**

Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ратификациялаган эл аралык келишимде керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө ушул Мыйзамда каралгандагыдан башкача эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

**3-берене. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жагынан агартууга керектөөчүлөрдүн укугу**

Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жагынан агартууга керектөөчүлөрдүн укугу мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана жалпы билим берүү жана кесиптик

программаларга тийиштүү талаптарды киргизүү жолу менен, ошондой эле өз укуктары жөнүндө жана ушул укуктарды коргоо боюнча зарыл аракеттер жөнүндө керектөөчүлөргө маалымат берип туруу системасын уюштуруу аркылуу камсыз кылынат.

**4-берене. Товардын (иштин, кызматтын) сапаты жана саны**

1. Сатуучу (аткаруучу) керектөөчүгө сапаты жана саны келишимге ылайык келген товарды берүүгө (ишти аткарууга, кызмат көрсөтүүгө) милдеттүү.

2. Келишимде товардын (иштин, кызматтын) сапаты жөнүндө шарттар айтылбаса сатуучу (аткаруучу) керектөөчүгө адатта ошол максатта пайдаланылуучу товарды (ишти, кызматты) берүүгө (ишти аткарууга, кызмат көрсөтүүгө) милдеттүү.

3. Эгерде сатуучу, аткаруучу келишим түзгөн учурда товарды сатып алуунун (ишти аткаруунун, кызмат көрсөтүүнүн) конкреттүү максаттары жөнүндө керектөөчү тарабынан кабарландырылса сатуучу (аткаруучу) керектөөчүгө ушул максатка ылайык пайдалануу үчүн жарактуу болгон товарды берүүгө (ишти аткарууга, кызмат көрсөтүүгө) милдеттүү.

4. Үлгүсү жана (же) сүрөттөлүшү боюнча товарды сатууда сатуучу керектөөчүгө үлгүгө жана (же) сүрөттөлүшүнө ылайык келген товарды берүүгө милдеттүү.

5. Эгерде стандартта товардын (иштин, кызматтын) сапатына милдеттүү талаптар каралса, сатуучу (аткаруучу) керектөөчүгө ушул талаптарга ылайык келген товарды берүүгө (ишти аткарууга кызмат көрсөтүүгө).

6. Керектөөчү товардын (иштин, кызматтын) иш жүзүндө алынган саны үчүн төлөөнүн накталай жана/же накталай эмес формасында акы төлөйт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же тараптардын макулдашуусунда каралган учурларда товарларга, иштерге жана кызматтарга акы төлөө алдын ала төлөөнү киргизүү жолу менен да жүргүзүшү мүмкүн.

Керектөөчү чыны менен алган товардын (иштин, кызматтын) эсебин алуу таразалардын, приборлордун, аспаптардын, эсептегичтердин жана башка өлчөө бирдейлигин камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык текшерүүдөн өткөн, бекитилген типтеги өлчөө каражаттарынын көрсөтүүлөрү боюнча сатуучу (даярдоочу, аткаруучу) тарабынан жүргүзүлөт, камсыз кылынат.

Аталган жана керектөөчү алган товарлардын (иштердин, кызматтардын) санынын жекече эсебин алуунун башка чен-өлчөм приборлору сатуучунун (даярдоочунун, аткаруучунун) менчиги болуп эсептелет жана ал тарабынан тейленет.

Эгерде сатуучу (даярдоочу, аткаруучу) керектөөчүгө келишимде каралгандан аз санда товар (иш, кызмат) берсе, келишимде башкача каралбаса, мындай учурда сатуучу керектөөчү тарткан чыгымдын ордун толук төлөп берүүгө милдеттүү.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2013-жылдын 13-февралындагы № 15, 2015-жылдын 31-январындагы № 29, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-берене. Даярдоочунун (аткаруучунун, сатуучунун) товардын (иштин) колдонулуу мөөнөтүн, жарактуулук мөөнөтүн, ошондой эле товардын (иштин) кепилдик мөөнөтүн белгилөө жагындагы укуктары жана милдеттери**

1. Узакка пайдаланылуучу товарга (ишке) даярдоочу (аткаруучу) колдонулуу мөөнөтүн - даярдоочу (аткаруучу) керектөөчүгө товарды (ишти) тиешесине жараша пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу жана анын күнөөсү менен пайда болгон олуттуу кемчиликтер үчүн жоопкерчилик тартуу аралыгында милдеттенген мезгилди белгилөөгө укуктуу.

2. Даярдоочу (аткаруучу) узак пайдаланылуучу товардын (иштин), анын ичинде белгилүү мезгил өткөндөн кийин керектөөчүнүн өмүрү, ден соолугу үчүн коркунуч келтирүү, анын мүлкүнө же курчаган чөйрөгө зыян келтириши мүмкүн

болгон комплектилөөчү жасалгалардын ( тетиктердин, тоомдордун, агрегаттардын) колдонулуу мөөнөтүн белгилөөгө милдеттүү.

3. Товардын (иштин) колдонулуу мөөнөтү убакыт бирдиктери, ошондой эле товардын функциялык багыттарына (иштин натыйжасына) негизденүү менен башка өлчөө бирдиктери (километр, метр жана башка бирдиктер) менен эсептелиши мүмкүн.

4. Тамак-аш азыктарына, парфюмериялык-косметикалык товарларга, медикаменттерге, турмуш-тиричилик химиясынын товарларына жана башка ушул сыяктуу товарларга (иштерге) даярдоочу (аткаруучу) жарактуулук мөөнөтү - өтүп кеткенден кийин товар (иш) максатына жараша пайдаланууу үчүн жараксыз жана керектөөчүлөргө сатып өткөрүүгө болбойт деп эсептеле турган мезгилин белгилөөгө милдеттүү. Мындай товарлардын (иштердин) тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

5. Белгиленген мөөнөтүнөн өтүп кеткен товарды, ошондой эле колдонулуу мөөнөтү же жарактуулук мөөнөтү белгиленүүгө тийиш болгону менен, андай мөөнөт коюлбаган товарды сатууга (иштерди аткарууга) тыюу салынат.

6. Даярдоочу (аткаруучу) товарга (ишке) кепилдик мөөнөт - анын ичинде товарда (иште) кемчилиги табылган учурда даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) ушул мыйзамдын 17 жана 38-беренелеринде белгиленген керектөөчүнүн талабын аткарууга милдетүү болгон мезгилин белгилөөгө милдеттүү.

7. Товардын кемчилдиги айкындалган учурда сатуучу тарабынан белгиленген кошумча кепилдик мөөнөттүн ичинде сатуучу ушул Мыйзамдын 17 жана 38-беренелеринде белгиленгендей керектөөчүнүн талабын канааттандырууга милдеттүү.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**6-берене. Керектөөчүнүн товардын (иштин, кызматтын) коопсуздугуна укугу**

1. Керектөөчү товар (иш, кызмат) кадимки шартта пайдаланылып, сакталып, ташылып жана утилге чыгарылган учурда керектөөчүнүн өмүрү, ден соолугу, айлана-чөйрө үчүн коопсуз болушуна, ошондой эле керектөөчүнүн мүлкүнө зыян келтирбөөсүнө укуктуу.

Керектөөчүнүн өмүрү жана ден соолугу, курчаган чөйрө үчүн товардын (иштин, кызматтын) коопсуздугун камсыз кылууга тийиш болгон талаптар, ошондой эле керектөөчүнүн мүлкүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу милдеттүү болуп саналат жана мыйзамда аныкталган тартипте белгиленет.

2. Даярдоочу (аткаруучу) белгиленген колдонулуу мөөнөтүнүн же товардын (иштин, кызматтын) жарактуулук мөөнөтүнүн ичинде товардын (иштин) коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү.

Товардын (иштин) коопсуздугун камсыз кылбоонун кесепетинен керектөөчүнүн өмүрүнө, ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыян ушул мыйзамдын 15-беренесине ылайык өндүрүлүүгө тийиш.

3. Эгерде товарды (ишти, кызматты) пайдалануу, сактоо, ташуу жана утилге чыгаруу коопсуздугун камсыз кылуу үчүн атайын эрежелерди (мындан ары - эрежелер) сактоо зарыл болсо, даярдоочу (аткаруучу) товардын (иштин), кызмат көрсөтүүнүн коштомо документациясында, этикеткасында марка коюу же башка ыкма менен ушул эрежелерди көрсөтүүгө, ал эми сатуучу (аткаруучу) ушул эрежелерди керектөөчүгө маалымдап жеткирүүгө милдеттүү.

4. Техникалык регламенттер менен керектөөчүнүн өмүрүнүн, ден соолугунун коопсуздугун жана айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуучу жана керектөөчүнүн

мүлкүнө зыян келтирүүгө жол бербөөчү талаптар белгиленген товар (иш, кызмат), ошондой эле керектөөчүнүн өмүрүнө жана ден соолугуна коопсуздукту камсыз кылуучу каражаттар белгиленген тартипте ылайык келүүсүн милдеттүү түрдө ырастоого тийиш. Милдеттүү сертификациядан өткөрүлүүгө тийиш болгон товарлардын (иштердин, кызматтардын) тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

5. Эгерде керектөөчү тарабынан товарды (ишти) пайдалануунун, сактоонун же ташуунун белгиленген эрежелери сакталганы менен ал керектөөчүнүн өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө, курчап турган чөйрөгө зыян келтирсе же зыян келтириши мүмкүн экендиги белгилүү болгон учурда даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) зыян келтирүүнүн себебин четтеткенге чейин, аны чыгарууну (сатып өткөрүүнү) дароо токтото турууга, ал эми зарыл учурларда аны жүгүртүүдөн алып салуу жана керектөөчүдөн (керектөөчүлөрдөн) чакырып алуу боюнча чара көрүүгө милдеттүү.

Эгерде зыян келтирүүнүн себебин четтетүү мүмкүн болбогон учурда, даярдоочу (аткаруучу) мындай товарды (ишти, кызматты) өндүрүштөн алып салууга милдеттүү. Даярдоочу (аткаруучу) товарды, (ишти, кызматты) өндүрүштөн алып салуу милдетин аткарбаган учурда, аны жүгүртүүдөн чыгаруу жана керектөөчүлөрдөн жыйноо товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) коопсуздугуна мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик башкаруу органынын (анын аймактык органдарынын) буйругу боюнча жүргүзүлөт.

Товарды (ишти, кызматты) кайта алууга байланыштуу керектөөчүгө келтирилген зыян даярдоочу (аткаруучу) тарабынан толук көлөмүндө өндүрүлүүгө тийиш.

6. Эгерде сатуучу (аткаруучу) керектөөчүлөрдүн өмүрү, ден соолугу жана мүлкү үчүн коркунуч келтирген товарларды саткан (иштерди аткарган)учуру аныкталса, мындай товарлар (иш) сатуучудан (аткаруучудан) мыйзамда белгиленген тартипте алынып коюлат.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**7-берене. Керектөөчүнүн даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) тууралу жана товарлар (иштер,кызматтар) жөнүндө маалымат алуу укугу**

1. Керектөөчү даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) тууралу, анын иш режими жана ал сатып жаткан товарлар (иштер, кызматтар) жөнүндө зарыл жана так маалымат берүүнү талап кылууга укуктуу.

2. Ушул berененин 1-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтар соода-сатык келишими жана иштердин аткарылышы (кызмат көрсөтүлүшү) жөнүндө келишимдер түзүлгөн учурда кадимки жана күнүмдүк билим тармагындагы сөздөрдү, алгылыктуу өлчөмдөгү шрифти же кагаз бетинде даана көрүнгөн сыяны пайдалануу менен мамлекеттик жана расмий тилдеринде керектөөчүлөрдү тейлөөнүн айрым чөйрөлөрүндө кабыл алынган ыкмалар менен көрсөтмөлүү жана жеткиликтүү түрдө керектөөчүлөргө маалымдалат.

*(КР 2009-жылдын 8-декабрындагы № 307 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-берене. Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) жөнүндө маалымат**

1. Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) өз уюмунун фирмалык аталышын (аталыштарын), анын жайгашкан жерин (юридикалык дарегин) жана иштөө режимин керектөөчүгө билдирүүгө милдеттүү. Сатуучу (аткаруучу) көрсөтүлгөн маалыматтарды көрнөктүн бетине түшүрөт.

Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) - жеке ишкер - керектөөчүгө өзүн каттаган органдын аталышы жана мамлекеттик каттоо тууралу маалымат берүүгө тийиш.

2. Эгерде даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) жүргүзүп жаткан иштин түрү (түрлөрү) лицензияланууга тийиш болсо, керектөөчүгө лицензиянын номери,

анын колдонулуу мөөнөтү жөнүндө маалымат, ошондой эле керектөөчүнүн талабы боюнча ушул лицензия берген орган тууралу маалымат берилүүгө тийиш.

3. Ушул берененин 1 жана 2-пункттарында каралган маалыматтар ошондой эле соода-сатык, керектөөчүлөрдү турмуш-тиричилик жана башка жагынан тейлөө убактылуу жайларда, жарманкелерде, күркөлөрдө жүргүзүлгөн учурда жана соода керектөөчүлөрдү турмуш-тиричилик жана башка жагынан тейлөө сатуучу (аткаруучу) туруктуу жайгашкан жерден тышкары жерде жүргүзүлгөн башка учурларда да керектөөчүлөргө маалымдалууга тийиш.

**9-берене. Товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) жөнүндө маалыматтар**

1. Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) керектөөчүгө товарларды туура тандап алууга мүмкүнчүлүк бере тургандай кылып товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) жөнүндө зарыл жана так маалыматтарды өз учурунда берип турууга милдеттүү. Товарлардын (иштердин, кызматтын) айрым түрлөрү боюнча керектөөчүлөргө маалымат жеткирүүнүн тизмеси жана ыкмалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Товарлар (жумуштар, тейлөө кызматтары) жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдеринде, ал эми зарыл учурларда - ошондой эле чет тилдеринде баяндалышы керек.

2. Товарлар (иштер, кызматтар) жөнүндө маалымат милдеттүү тартипте төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) анын милдеттүү талаптарына ылайык келүүгө тийиш болгон стандарттардын белгилерин;

товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) негизги керектелүү касиеттери жөнүндө маалыматтарды, ал эми тамак-аш азыктарына карата - составы (анын ичинде аларды даярдоо процессинде пайдаланылган башка тамак-аш продуктылары жана тамак-аш кошулмалары гендик-инженердик-модификацияланган органдарды колдонуу менен алынган компоненттердин тамак-аш азыктарында болушу жөнүндө маалымат (маркировка)) жөнүндө, салмагы жана көлөмү жөнүндө, тамак-аш продуктыларынын калориялуулугу жөнүндө, стандарттардын милдеттүү талаптары менен салыштырганда аларда ден соолук үчүн зыяндуу заттардын камтылышы жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле оорулардын айрым түрлөрүндө колдонууга болбой турган жактары жөнүндө маалыматтарды. Оорулардын айрым түрлөрүндө колдонууга болбой тургандыгы тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Өкмөтү беките турган товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) тизмесин;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) баасын, далдалчылык акылары жана тарифтер улуттук валютада жана (же) пайыздык туюнтмада, ошондой эле аларды сатып алуу шарттарын;

эгерде ал ушул Мыйзамга ылайык белгиленсе, кепилдик мөөнөтүн;

товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) натыйжалуу жана коопсуз пайдалануу эрежелерин жана шарттарын;

ушул Мыйзамга ылайык белгиленген товарлардын (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) колдонулуу мөөнөтүн жана жарактуулук мөөнөтүн, ошондой эле көрсөтүлгөн мөөнөтү өткөндөн кийин керектөөчүнүн зарыл аракеттери жөнүндө жана товарлар (иштер) көрсөтүлгөн мөөнөтү өткөндөн кийин керектөөчүнүн, өмүрү, ден соолугу жана мүлкү үчүн коркунуч келтирсе же милдетине жараша пайдалануу үчүн жараксыз болуп чыкса, мындай аракеттерди аткарбай коюунун мүмкүн болгон кесепеттери жөнүндө маалыматтарды;

даярдоочунун (аткаруучу, сатуучунун) жайгашкан жерин (юридикалык дарегин) жана даярдоочу (сатуучу) тарабынан керектөөчүлөрдөн дооматтарды кабыл алууга укук берилген жана товарларды (иштерди) ремонттоочу жана техникалык жактан тейлөөчү уюмдардын (уюмдар) жайгашкан жерин;
милдеттүү түрдө сертификацияланууга тийиш болгон товарлардын (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) сертификациясы жөнүндө маалыматтарды; товарларды сатуу (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү) эрежелери жөнүндө маалыматты.

Эгерде керектөөчү сатып алган товар мурда колдонулган болсо же анын кемчилиги (кемчиликтери) четтетилсе, керектөөчүгө ушул тууралуу маалымат берилүүгө тийиш.

3. Ушул берененин 2-пунктунда каралган маалыматтар товарларга (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) тиркелүүчү техникалык документацияда, этикеткаларында,маркаларында же товарлардын (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) айрым түрлөрү үчүн кабыл алынган башка ыкма менен керектөөчүгө маалымдалууга тийиш. Товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) ылайык келүүсүн ырастоо жөнүндө маалымат белгиленген тартипте маркалоо түрүндө жана сертификациялоо же декларациялоо жүргүзүлгөндүгү (ылайык келүүсү жөнүндө сертификаттын жана декларациянын номери) жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен берилет.

Эгерде товарлардын техникалык документтери (техникалык паспорт, пайдалануу боюнча көрсөтмө жана башкалар) чет тилде болсо, анын мамлекеттик жана расмий тилиндеги котормосу сөзсүз болууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын аймагында кутуларга салынган же оролуп таңгакталган тамак-аш азыктары алардын даярдалган жери жана аларды жасаган жөнүндөгү маалыматтар менен жабдылууга тийиш.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2008-жылдын 18-июлундагы № 158, 2009-жылдын 8-декабрындагы № 307, 2015-жылдын 21-январындагы № 22, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**10-берене. Сатуучунун (аткаруучунун) иш режими**

1. Мамлекеттик, муниципалдык соода, турмуш-тиричилик уюмдарынын жана керектөөчүлөрдү тейлөөнүн башка түрлөрүнүн иштөө режими тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими боюнча белгиленет.

2. Соода, турмуш-тиричилик чөйрөсүндө иш жүргүзгөн жана керектөөчүлөрдү тейлөөнүн башка түрлөрүн жүргүзгөн жана ушул берененин 1-пунктунда көрсөтүлбөгөн уюмдардын, ошондой эле жеке ишкерлердин иш режими алардын өздөрү тарабынан өз алдынча белгиленет.

3. Сатуучунун (аткаруучунун) иш режими керектөөчүлөргө маалымдалат жана белгиленген убактысына ылайык келүүгө тийиш.

**11-берене. Товар (иш, кызмат көрсөтүү) жөнүндө, даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) жөнүндө туура эмес маалымат бергендиги үчүн даярдоочунун (аткаруучунун, сатуучунун) жоопкерчилиги**

1. Товар, сертификациялоо, баа, спонсорлук жөнүндө жалган маалымат бергендиги үчүн даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

2. Эгерде товар (иш, кызмат) жөнүндө, ошондой эле даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) жөнүндө туура эмес, башкача айтканда жалган же анча толук эмес маалымат берүү төмөндөгүлөргө алып келсе:

керектөөчү өзүнө зарыл болгон касиетке ээ эмес товарды (ишти, кызмат көрсөтүүнү) сатып алса, керектөөчү келишимди бузууга жана товарга төлөнгөн сумманы толугу менен кайтарып алууну жана тарткан чыгымдарды калыбына келтирүүнү талап кылуу укуктуу. Мында керектөөчү товарды (аткарылган

иштi) даярдоочуга (аткаруучуга, сатуучуга) кайтарып берүүгө милдеттүү;

сатып алган товарды (иштi, кызмат көрсөтүүнү) өз максатында пайдаланууга мүмкүн болбосо, керектөөчү ага жетиштүү кыска мөөнөттө тийиштүү маалымат берүүнү талап кылууга укуктуу. Эгерде андай маалымат айтылган мөөнөтүндө берилбесе, керектөөчү келишимди бузууга жана товарга төлөнгөн сумманы толугу менен кайтарып алууну жана тарткан чыгымдарды калыбына келтирүүнү талап кылууга акылуу. Мында керектөөчү товарды (аткарылган иштi) даярдоочуга (аткаруучуга, сатуучуга) кайтарып берүүгө милдеттүү.

керектөөчүгө берилгенден кийин товардын (иштин) кемчилдиги билинсе, ал ушул Мыйзамдын 17-беренесинин 1-4-пункттарында каралган талаптарды сатуучуга (даярдоочуга) коюуга же аткаруучуга ушул Мыйзамдын 18-беренесинин 1-пунктунда каралган талаптарды коюуга укуктуу;

керектөөчүнүн өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө зыян келтирилген учурда, ал даярдоочудан (аткаруучудан, сатуучудан) ушул Мыйзамдын 13-беренесинде каралган тартипте зыяндын ордунун толукталышын талап кылууга, ошондой эле керектөөчүнүн менчигинде (пайдалануусунда) турган жаратылыш об»ектилерине келтирилген чыгашанын ордун толук өндүрүп берүүнү талап кылууга акылуу.

3. Товар (иш, кызмат көрсөтүү) жөнүндө жалган же анча толук эмес маалыматтардан улам келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө керектөөчүнүн талаптары каралган учурда, товардын (иштин, кызматтын) касиеттери жана мүнөздөмөлөрү жөнүндө керектөөчүнүн атайын билими жок экендиги жөнүндө болжолго таянуусу зарыл.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**12-берене. Керектөөчүлөрдүн укуктарын бузгандыгы үчүн сатуучунун (даярдоочунун, аткаруучунун) жоопкерчилиги**

1. Сатуучу (даярдоочу, аткаруучу) керектөөчүлөрдүн укуктарын бузгандыгы үчүн мыйзамдарда же келишимде каралгандай жоопкерчилик тартат.

2. Керектөөчүгө келтирилген зыян ушул Мыйзамда же келишимде айып төлөм (пеня) ашкан толук суммасында өндүрүлүп берилүүгө тийиш.

3. Айып төлөмдү (пеняны) төлөө жана чыгашанын ордун толтуруу сатуучуну (даярдоочуну, аткаруучуну) керектөөчүнүн алдында ага жүктөлгөн милдеттенмелерди аткаруудан бошото албайт.

4. Сатуучу (даярдоочу, аткаруучу) эгерде милдеттенмесин аткарбай коюу же аны туура эмес аткаруу колдон келбеген күчтүн кесепетинен, ошондой эле ушул Мыйзамда каралган башка негиздер боюнча болгондугун далилдей алса, милдеттенмесин аткарбагандыгы үчүн же милдеттенмесин туура эмес аткаргандыгы үчүн тарта турган жоопкерчиликтен бошотулат.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-берене. Товардын (иштин, кызматтын) кемчилигинен улам келтирилген зыян үчүн мүлктүк жоопкерчилик**

1. Товардын (иштин, кызматтын) конструктивдүү өндүрүштүк рецептуралык же башка кемчиликтеринин кесепетинен керектөөчүнүн өмүрүнө, ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыян толук көлөмүндө өндүрүлүүгө тийиш.

2. Товардын (иштин, кызматтын) кемчилигинин кесепетинен келтирилген зыянды өндүрүүнү талап кылуу укугуна сатуучу (аткаруучу)менен келишимдик мамиледе болгондугуна же болбогондугуна карабастан ар кандай жапа чегүүчү ээ.

3. Керектөөчүнүн өмүрүнө, ден соолугуна же мүлкүнө зыян товардын (иштин) белгиленген колдонулуу мөөнөтүнүн же жарактуулук мөөнөтүнүн ичинде келтирилсе, анда зыян өндүрүлүп берилүүгө тийиш.

Эгерде ушул Мыйзамга ылайык даярдоочу (аткаруучу) тарабынан товарга (ишке) колдонулуу мөөнөтү же жарактуулук мөөнөтү коюлууга тийиш болуп, бирок ал коюлбаса, же товар сатылган (иш аткарылган) керектөөчү колдонулуу мөөнөтү же жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийинки зарыл аракеттер жана көрсөтүлгөн аракеттер аткарылбаган учурда, мүмкүн болуучу натыйжалар жөнүндө эскертилбесе, зыян келтирилген убактысына карабастан кайтарылууга тийиш.

Эгерде ушул Мыйзамдын 5-беренесинин 1-пунктуна ылайык даярдоочу (аткаруучу) товарга (ишке) колдонулуу мөөнөтүн койбосо, келтирилген зыян товар (иш) керектөөчүгө берилген күндөн тартып он жылдын ичинде, ал эми берилген күнүн тактоо мүмкүн болбосо, товар даярдалган күндөн тартып (иш аткарылып бүткөндөн) зыян өндүрүлүп берилет.

Товардын кемчилигинин кесепетинен келтирилген зыян жабыркоочунун каалоосу боюнча сатуучу же даярдоочу тарабынан товар өндүрүлүп берилет.

Иштин же кызмат көрсөтүүнүн кемчилигинин кесепетинен келтирилген зыян аткаруучу тарабынан өндүрүлүп берилүүгө тийиш.

4. Даярдоочу (аткаруучу) материалдарды, жабдууларды, аспаптарды жана товар чыгаруу (иш аткаруу, кызмат көрсөтүү) үчүн зарыл болгон башка каражаттарды пайдаланууга байланыштуу керектөөчүнүн өмүрүнө, ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартат, мында илимий жана техникалык билимдердин деңгээли алардын өзгөчө касиетин табууга мүмкүндүк берээр бербеси эске алынбайт.

5. Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) колдон келбес күчтүн кесепетинен же керектөөчү товарды (ишти, кызмат көрсөтүүнү) пайдалануунун, сактоонун же ташуунун белгиленген эрежелерин бузгандыктан зыян келтирилгендигин далилдей алса, жоопкерчиликтен бошотулат.

**14-берене. Моралдык зыянды компенсациялоо**

Даярдоочунун (аткаруучу, сатуучу) же даярдоочунун (сатуучунун) милдетин аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде аткарган уюмдун бузуусунан улам керектөөчүгө келтирилген моралдык зыян, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагындагы мамилелерин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана нормативдик укуктук актыларында каралган керектөөчүнүн укуктары зыян келтирүүчүнүн күнөөсү болгон учурда компенсацияланат. Моралдык зыянды компенсациялоонун өлчөмү сот тарабынан аныкталат.

Моралдык зыянды компенсациялоо мүлктүк зыяндын жана керектөөчү тарткан зыяндын орду толтурулгандыгына карабастан ишке ашырылат.

*Караңыз:*

*КР Жогорку сотунун пленумунун 2004-жылдын 4-ноябрындагы № 11 «Моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү мыйзамдарды колдонуунун соттук тажрыйбасынын кээ бир маселелери тууралуу» токтому*

**15-берене. Керектөөчүнүн укуктарын кыскан келишимдин шарттарынын жараксыздыгы**

1. Керектөөчүнүн укуктарын кыскан жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагынан Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына каршы келген келишимдин шарттары жараксыз деп табылат.

Эгерде керектөөчүнүн укуктарын кыскан келишимди аткаруунун натыйжасында керектөөчү чыгаша тартса, ал даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) тарабынан толук көлөмүндө өндүрүлүүгө тийиш.

2. Бир товарларды (иштерди, кызматтарды) сатып алууну башка товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүнү) милдеттүү түрдө сатып алуу менен шарттоого тыюу салынат. Товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) эркин тандап алууга

керектөөчүнүн укугун бузуунун кесепетинен ага келтирилген зыян сатуучу (аткаруучу) тарабынан толук көлөмүндө өндүрүлөт.

3. Сатуучу (аткаруучу) керектөөчүнүн макулдугусуз акыга кошумча кызмат көрсөтүүгө укуксуз. Керектөөчү өзүнүн макулдугусуз көрсөтүлгөн кошумча кызмат үчүн төлөнгөн сумманы кайтарууну сатуучу (аткаруучудан) талап кылууга укуктуу.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы № 185 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-берене. Керектөөчүлөрдүн укуктарын соттук, административдик жана коомдук коргоо**

1. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо сот тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө доолор сотко Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 28-статьясында белгиленген эрежелерге ылайык берилет.

3. Мамлекеттик монополияга каршы орган, товарлардын (иштердин, кызматтардын) сапатын жана коопсуздугун контролдоочу мамлекеттик башкаруу органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (алардын союздары, ассоциациялары) өз ыйгарым укуктарынын чектеринде сотко чейинки коргоону жүзөгө ашырат, ошондой эле керектөөчүнүн кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко доо берүүгө укуктуу.

4. Укуктарынын бузулушу менен байланышкан доолор боюнча керектөөчүлөр, ошондой эле монополияга каршы мамлекеттик орган, товарлардын (иштердин, кызматтардын) сапатына жана коопсуздугуна контролду жүзөгө ашыруучу мамлекеттик башкаруу органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, керектөөчүнүн (керектөөчүлөрдүн тобунун, керектөөчүлөрдүн аныкболбогон чөйрөсүнүн) кызыкчылыгы үчүн коюлган доолор боюнча керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (алардын союздары, ассоциациялары) мамлекеттик алым төлөөдөн бошотулат.

5. Сот керектөөчүнүн (керектөөчүлөрдүн тобунун, керектөөчүлөрдүн аныкболбогон чөйрөсүнүн), керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелеринин (алардын союздарынын, ассоциацияларынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын ушул Мыйзамда белгиленген талаптарын канааттандырганда, сот керектөөчүнүн укугун бузган сатуучудан (даярдоочудан, аткаруучудан) керектөөчүнүн талаптарын канааттандыруунун ыктыярдуу тартибин сактабагандыгы үчүн доонун баасынын өлчөмүндө республикалык бюджетке айып тарттыруу жөнүндө чечим чыгарууга укуктуу.

Эгерде керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (алардын союздары, ассоциациялары) же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары керектөөчүнүн (керектөөчүлөрдүн тобунун, керектөөчүлөрдүн аныкболбогон чөйрөсүнүн) укугун коргоо үчүн доо арызы менен чыгышса, өндүрүлгөн айыптын суммасынын элүү пайызы көрсөтүлгөн бирикмелерге (алардын союздарына, ассоциацияларына) же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына которулат.

6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (комиссиялары) тарабынан керектөөчүлөрдүн укуктарынын бузулуу фактылары каралганда жана алар бузуучуларга административдик айып салганда, керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелеринин (алардын союздарынын, ассоциацияларынын) материалдары боюнча салынган айыптардын суммасынын отуз пайызы ошол коомдук бирикмелердин (алардын союздарынын, ассоциацияларынын) бюджетине которулат.

*(КР 2015-жылдын 31-январындагы № 29 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## II глава
## Керектөөчүлөргө товарды сатууда керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо

**17-берене. Сапаты жакшы эмес товарды сатуунун кесепеттери**

1. Эгерде сатуучу тарабынан эскертилбеген сапаты жакшы эмес товар сатылса, керектөөчү өз каалоосу боюнча:

товардын кемчилигин акысыз четтетүүнү же керектөөчү же үчүнчү жак тарабынан ал кемчиликти оңдоого кеткен чыгымдарды өндүрүүнү;

сатык баасын тиешелүү түрдө азайтууну;

ошондой маркадагы (моделдеги, артикулдагы) товарга алмаштырууну;

сатык баасын тиешелүү түрдө кайра эсептөө менен башка маркадагы (моделдеги, артикулдагы) ошондой эле товарга алмаштырууну;

Соода-сатык келишимин бузуу жана сатуучуга талаптагыдай эмес сапаттагы товарды кайтарып берүү менен товар үчүн төлөнгөн акча суммасын кайтарып берүүнү талап кылат.

Мында керектөөчү ошондой эле сапаты жакшы эмес товарды сатуунун кесепетинен өзүнө келтирилген чыгашанын ордун толук толтурууну талап кылууга укуктуу. Чыгаша керектөөчүнүн тийиштүү талаптарын канааттандыруу үчүн ушул Мыйзамда белгиленген мөөнөттө өндүрүлөт.

Ушул пункттун төртүнчү-алтынчы абзацтарында көрсөтүлгөндөй техникалык жактан татаал товарларга карата керектөөчүнүн талабы мындай товарлардан олуттуу кемчиликтер табылган учурда канааттандырылат. Мындай товарлардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

Керектөөчүлөргө сатуу үчүн сатуучу комиссиянын келишими боюнча сатып алган товарларга карата, ушул пункттун экинчи жана төртүнчү абзацтарында көрсөтүлгөн керектөөчүнүн талаптары сатуучунун макулдугу менен канааттандырууга тийиш.

2. Ушул берененин 1-пунктунда көрсөтүлгөн талаптар түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучуга же сатуучунун милдетин аткарган уюмга керектөөчү тарабынан коюлат.

3. Керектөөчү ушул берененин 1-пунктунун экинчи жана төртүнчү абзацтарында көрсөтүлгөн талаптарды даярдоочуга же аны менен келишимдин негизинде даярдоочунун милдетин аткарган уюмга коюуга укуктуу.

Мындай талаптарды коюунун ордуна керектөөчү сапаты жакшы эмес товарды даярдоочуга кайтарып берүүгө жана мындай товарга төлөнгөн сумманын кайтарылышын талап кылууга укуктуу.

4. Жарактуулук мөөнөтү коюлган сапаты начар товарды керектөөчү сатып алган учурда сатуучу мындай товарды сапаты жакшы товарга алмаштырып берүүгө же эгерде товардын кемчилиги жарактуулук мөөнөтүнүн чегинде табылса керектөөчүгө төлөнгөн сумманы кайтарып берүүгө милдеттүү.

5. Керектөөчүнүн талаптары керектөөчү тарабынан товардын же кассалык чек же товарларды накталай эмес формада төлөгөндүгүн ырастаган документ көрсөтүлгөндө, ал эми кепилдик мөөнөтү коюлган товарларга карата техникалык паспорту же башка аны алмаштырган документи көрсөтүлгөндө каралат.

Сатуучу керектөөчүгө товардык чек же сатып алуу фактысын күбөлөндүргөн башка документ берүүгө милдеттүү.

Сатуучу (даярдоочу) же аны менен келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм сапаты жакшы эмес товарды керектөөчүдөн кабыл алууга, ал эми зарыл учурда товардын сапатын текшерүүгө милдеттүү. Керектөөчү товардын сапатын текшерүүгө катышууга укуктуу.

Товардын кемчиликтеринин пайда болуу себептери жөнүндө талаш чыкканда сатуучу (даярдоочу) же аны менен келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткаруучу уюм өз эсебинен товарды экспертизадан өткөрүүгө милдеттүү.

Товарларга (иштерге, кызматтарга) экспертиза он жумушчу күндүн ичинде, техникалык татаал товарлар (иштер, кызматтар) үчүн иштер экспертизага келип түшкөн күндөн тартып бир айдын ичинде жүргүзүлөт. Керектөөчү товарды экспертизадан өткөрүүгө катышууга, мындай экспертизанын корутундусун соттук тартипте талашууга укуктуу.

Эгерде товарды экспертизалоонун негизинде анын кемчилиги товарды керектөөчүгө аны пайдалануунун, сактоонун же ташуунун белгиленген эрежелерин бузуунун, үчүнчү адамдардын же колдон келбес күчтүн таасиринин кесепетинен пайда болгондугу аныкталса, керектөөчү сатуучуга (даярдоочуга) же келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюмга экспертиза өткөрүүгө кеткен, ошондой эле аны өткөрүүгө байланыштуу товарды сактоого жана ташууга кеткен чыгымдарды өндүрүп берүүгө милдеттүү.

Сатуучу (даярдоочу) же аны менен келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм, эгерде товардын кемчилиги керектөөчүгө товарды өткөрүп бергенден кийин аны пайдалануунун, сактоонун же ташуунун белгиленген эрежелерин бузуунун, үчүнчү бирөөлөрдүн же колдон келбес күчтүн аракеттеринин кесепетинен пайда болгондугун далилдей албаса, керектөөчүнүн талаптарын канааттандырууга милдеттүү.

6. Көлөмү чоң товарды жана салмагы беш килограммдан ашкан товарды ремонт, арзандатуу, алмаштыруу үчүн жеткирүү жана керектөөчүгө кайтарып берүү сатуучунун (даярдоочунун) же аны менен келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюмдун күчү менен жана анын эсебинен ишке ашырылат. Бул милдет аткарылбаган, ошондой эле сатуучу (даярдоочу) же аны менен келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм болбогондо керектөөчү турган жерге көрсөтүлгөн товарларды жеткирүү жана кайта алып келүү керектөөчү тарабынан ишке ашырылышы мүмкүн. Мында сатуучу (даярдоочу) же аны менен келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм көрсөтүлгөн товарларды жеткирүү жана кайтарып келүү менен байланышкан чыгымдарды керектөөчүгө толуктап берүүгө милдеттүү.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2015-жылдын 31-январындагы № 29, 2015-жылдын 24-июлундагы № 188 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**18-берене. Товардын кемчилигине карата талаптарды керектөөчү тарабынан коюу мөөнөтү**

1. Керектөөчү эгерде товардын кемчилиги ушул Мыйзамдын 5-беренесине ылайык даярдоочу белгилеген кепилдик мөөнөттүн же жарактуулук мөөнөтүнүн ичинде табылса, ушул Мыйзамдын 17-беренесинде белгиленген товардын кемчиликтерине карата талаптарды коюуга укуктуу.

Эгерде товарлардын кемчилиги аны керектөөчүгө берген күндөн тартып алты айдын ичинде табылса, ал эми жылбас мүлккө карата аны керектөөчүгө берген күндөн тартып эки жылдан ашпаган мөөнөттүн ичинде берилсе жана мыйзамда же келишимде мындан узак мөөнөттөр белгиленбесе, кепилдик мөөнөтү же жарактуулук мөөнөтү коюлбаган товарларга карата керектөөчү жогоруда көрсөтүлгөн талаптарды коюуга укуктуу.

2. Товардын кепилдик мөөнөтү, ошондой эле анын колдонулуу мөөнөтү товар керектөөчүгө сатылган күндөн тартып эсептелет. Эгерде товар сатылган күндү тактоо мүмкүн болбосо, ушул мөөнөт товар даярдалган күндөн тартып эсептелет.

Мезгилдүү товарлар (бут кийим, кийим жана башкалар) үчүн ушул мөөнөттөр тийиштүү мезгил башталган учурдан тартып эсептелет, анын башталуу мөөнөтү

керектөөчү жашаган жердин климаттык шарттарына таянуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Товарлар үлгүлөрү боюнча почта аркылуу сатылган учурда, ошондой эле эгерде соода-сатык келишими түзүлгөн учур менен товарды керектөөчүгө өткөрүү учуру дал келбеген учурларда, ушул мөөнөттөр товарды керектөөчүгө жеткирип берген күндөн тартып эсептелет, ал эми товар атайын орнотуу (кошууга) же куроого муктаж болсо, аны (кошуу) же куроо күнүнөн тартып эсептелет. Эгерде товарды жеткирүү, орнотуу (кошуу) же куроо күнүн аныктоо мүмкүн болбосо, ушул мөөнөттөр соода-сатык келишими түзүлгөн күндөн тартып эсептелет.

Жылбаган мүлкүн кепилдик мөөнөтү жана колдонулуу мөөнөтү жылбас мүлктү сатуу келишими мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып эсептелет.

Товардын жарактуулук мөөнөтү аралыгында ал пайдаланууга жарактуу болгон күндөн тартып же ага чейин товар пайдаланууга жарактуу болгон күндөн тартып эсептелүүчү мезгил менен аныкталат.

Товардын жарактуулук мөөнөтүнүн узактыгы техникалык регламенттер менен белгиленген товардын коопсуздугуна карата коюлуучу милдеттүү талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

3. Кепилдик мөөнөттөр негизги товардын комплектилөөчү жасалгаларына жана составдуу бөлүктөрүнө коюлушу мүмкүн. Комплектилөөчү жасалгаларга жана составдуу бөлүктөргө кепилдик мөөнөттөр негизги товарга кепилдик мөөнөт коюлгандай эле тартипте эсептелет.

Негизги товардын комплектилөөчү жасалгаларына жана составдуу бөлүктөрүнө кепилдик мөөнөттөр негизги товарга коюлуучу кепилдик мөөнөттөн аз болушу мүмкүн эмес.

Эгерде комплектилөөчү жасалгаларга негизги товардын кепилдик мөөнөтүнө караганда узагыраак кепилдик мөөнөт коюлса, керектөөчү комплектилөөчү жасалганын кемчиликтери негизги товардын кепилдик мөөнөтүнүн өткөнүнө карабастан, ушул жасалгага кепилдик мөөнөттүн ичинде табылган шартта товардын кемчиликтерине карата талап коюуга укуктуу.

4. Ушул беренеде көрсөтүлгөн мөөнөттөр ушул Мыйзамдын 9-беренесине ылайык керектөөчүгө сунуш кылынуучу товар жөнүндөгү маалыматта керектөөчүгө билдирилет.

5. Даярдоочунун күнөөсү менен жол берилген товардын олуттуу кемчиликтери табылган учурда, керектөөчү ушул берененин 1-пунктунун экинчи абзацында көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин товардын кемчиликтерин акысыз четтетүү жөнүндө даярдоочуга талап коюуга укуктуу. Көрсөтүлгөн талап товардын белгиленген колдонулуу мөөнөтүнүн ичинде же товардын колдонулуу мөөнөтү белгиленбесе, товар берилген күндөн тартып он жылдын ичинде коюлушу мүмкүн. Эгерде керектөөчү мындай талап койгон күндөн тартып жыйырма күндүн ичинде талап канааттандырылбаса, керектөөчү өз каалоосу боюнча даярдоочуга ушул Мыйзамдын 17-беренесинин 3-пунктунда белгиленген башка талаптарды коюуга укуктуу.

*(КР 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**19-берене. Даярдоочу (сатуучу) тарабынан товардын кемчилигин четтетүү**

1. Товардан табылган кемчиликтер керектөөчү товардын кемчилигин четтетүү тууралуу талап койгон күндөн тартып жыйырма күндүн ичинде аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде даярдоочу (сатуучу) же даярдоочунун (сатуучунун) милдетин аткарган уюм тарабынан четтетилүүгө тийиш.

2. Узак мезгилге пайдаланылуучу товарларга карата даярдоочу (сатуучу) же даярдоочунун (сатуучунун) милдетин аткаруучу уюм аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде керектөөчү тарабынан көрсөтүлгөн талап коюлганда

жети күндүк мөөнөттө керектөөчүгө ремонт жүрүп жаткан мезгилге ошондой товарды акысыз берип, өз эсебинен жеткирип берүүнү камсыз кылууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн талап жайылтылбаган узакка пайдаланылуучу товарлардын тизмесин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

3. Товардын кемчилиги четтетилген учурда анын кепилдик мөөнөтү товар пайдаланылбаган мезгилге узартылат. Бул мезгил товардын кемчилигин четтетүү жөнүндө керектөөчү талап коюп кайрылган күндөн тартып ремонт бүткөндөн кийин, аны кайтадан берген күнгө чейин эсептелет.

4. Кепилдик мөөнөтү коюлган негизги товардын комплектилөөчү жасалгасы же составдуу бир бөлүгү алмаштырылып, товардын кемчилиги четтетилген учурда негизги товардын жаңы комплектилөөчү жасалгасына же составдуу бөлүгүнө кепилдик мөөнөт ремонт бүткөндөн кийин ушул товар керектөөчүгө берилген күндөн тартып эсептелет.

**20-берене. Сапаты талаптагыдай болбогон товарды алмаштыруу**

1. Керектөөчү товардын кемчилигин таап жана мындай товарды алмаштырууну талап кылган учурда, сатуучу (даярдоочу) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткаруучу уюм керектөөчү тарабынан көрсөтүлгөн талап коюлган күндөн тартып, жети күндүн ичинде ушул товарды алмаштырып берүүгө, ал эми зарылчылыгы болсо сатуучу (даярдоочу) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм көрсөтүлгөн талап коюлган күндөн тартып, жыйырма күндүн ичинде мындай товардын сапатын кошумча текшерүүдөн өткөрүүгө милдеттүү.

Сатуучуда (даярдоочуда) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткаруучу уюмда көрсөтүлгөн талап коюлган күнү товарды алмаштыруу үчүн зарыл болгон тетиктер жок болсо, сатуучу (даярдоочу) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткаруучу уюм ушул товарды көрсөтүлгөн талап коюлган күндөн тартып бир айдын ичинде алмаштырып берүүгө тийиш. Керектөөчүнүн талабы боюнча сатуучу (даярдоочу) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткаруучу уюм узак мезгилге пайдаланылуучу ошондой товар менен алмаштырылган мезгилде аны өз эсебинен жеткирип берүүнү камсыз кылып, керектөөчүгө тиешелүү товарды убактылуу пайдаланууга акысыз берип турууга милдеттүү. Ушул Мыйзамдын 19-беренесинин 2-пунктуна ылайык тизмеси белгиленген товарларга ушул эреже жайылтылбайт.

Товарлар сезон учурунда ташылып келинүүчү райондор үчүн товарды алмаштыруу жөнүндө керектөөчүнүн талабы, мындай райондорго тийиштүү товарды кезектеги жолу жеткирүү үчүн зарыл болгон мөөнөттө, сатуучуда (даярдоочуда) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюмда көрсөтүлгөн талап коюлган күнү алмаштыруу үчүн зарыл болгон товар жок болгон учурда ишке ашырылат.

2. Сапаты талаптагыдай болбогон товар жаңы товарга, башкача айтканда мурда колдонулбаган товарга алмаштырылууга тийиш.

Товар алмаштырылган учурда анын кепилдик мөөнөтү кайрадан товар керектөөчүгө берилген күндөн тартып эсептелет.

**21-берене. Керектөөчүнүн айрым талаптарын канааттандыруу мөөнөттөрү**

Товардын сатылуучу баасын өлчөмү менен азайтуу, товардын кемчиликтерин түзөтүүгө кетүүчү чыгымдарды өндүрүп берүү жөнүндө керектөөчүнүн талаптары, ошондой эле соода-сатык келишимин бузуу менен керектөөчүгө келтирилген чыгашаны өндүрүү (сапаты талаптагыдай болбогон товарды даярдоочуга кайтарып

берүү жөнүндө керектөөчүнүн же үчүнчү бирөөлөрдүн талаптары сатуучу (даярдоочу) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм тарабынан тийиштүү талап коюлган күндөн тартып он күндүн ичинде канааттандырылууга тийиш.

**22-берене. Керектөөчүнүн талабын аткаруу мөөнөтүн созуп жиберген учурда сатуучунун (даярдоочунун) жоопкерчилиги**

1. Ушул Мыйзамдын 19, 20 жана 21-беренелеринде каралган мөөнөттөрдү бузгандыгы үчүн, ошондой эле ремонт (алмаштыруу) мезгилинде ага ошондой товарды берип туруу жөнүндө керектөөчүнүн талабы аткарылбагандыгы (аткарууну создуктургандыгы) үчүн буга жол берген сатуучу (даярдоочу) же аны менен келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм, керектөөчүгө созуп жиберген ар бир күнү үчүн товардын баасынын бир проценти өлчөмүндө айып төлөмүн (пеня) төлөйт.

Товардын баасы мындай талап ыктыярдуу түрдө канааттандырылган күнү же эгерде талап ыктыярдуу түрдө канааттандырылбаса, соттун чечими чыккан күнү сатуучу (даярдоочу) же аны келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюм тарабынан керектөөчүнүн талабы канааттандырылууга тийиш болгон жердеги баа менен аныкталат.

2. Ушул Мыйзамдын 19-21-беренелеринде каралган мөөнөттө керектөөчүнүн талаптары аткарылбаса, керектөөчү өз каалоосу боюнча ушул Мыйзамдын 17-беренесинде белгиленген башка талаптарды коюуга укуктуу.

**23-берене. Сапаты талаптагыдай болбогон товарды сатып алган учурда керектөөчү менен эсептешүү**

1. Сапаты талаптагыдай болбогон товар ошондой маркадагы (моделдеги, артикулдагы) товарга алмаштырылган учурда товардын наркын кайрадан эсептеп чыгуу жүргүзүлбөйт.

2. Сапаты талаптагыдай болбогон товар башка маркадагы (моделдеги, артикулдагы) ошондой эле товарга алмаштырылган учурда, алмаштырылууга тийиш болгон товардын баасы анын ордуна алмаштырылган товардын баасынан төмөн болсо, керектөөчү баалардагы мындай айырманы төлөп берет; эгерде алмаштырылууга тийиш болгон товардын баасы анын ордуна алмаштырылган товардын баасынан жогору болсо, баалардагы мындай айырма керектөөчүгө төлөнүп берилет. Ушундай эсептешүүдө алмаштырылуучу товардын баасы жогору болгон учурда анын баасы керектөөчү тарабынан талап коюлган күнгө карата, ал эми баасы төмөн болгон учурда - керектөөчү аны сатып алган күнгө карата колдонулат.

3. Соода-сатык келишими бузулган учурда, же сапаты талаптагыдай болбогон товар даярдоочуга кайтарылып берилгенде же сатык баасын азайтуу жөнүндө керектөөчүнүн талабы канааттандырылганда керектөөчү менен эсептешүү товардын баасы жогорулап кеткен учурда соода-сатык келишимин бузуу жөнүндө же сапаты талаптагыдай болбогон товарды даярдоочуга кайтаруу жөнүндө же сатык баасын азайтуу жөнүндө керектөөчүнүн талабы канааттандырылган күнкү товардын баасына таянуу менен, ал эми товардын баасы төмөндөгөн учурда, товарды сатып алган күнкү анын баасына таянуу менен жүргүзүлөт.

4. Товар кредитке сатылган керектөөчү менен соода-сатык келишими бузулган учурда, товарга төлөнгөн акчалай сумма кредит товар кайтарылган күнү төлөнгөн өлчөмдө кайтарылат, ошондой эле кредит берилгендиги үчүн төлөнгөн акы өндүрүлөт.

**24-берене. Сапаты талаптагыдай болгон товарды алмаштырууга керектөөчүнүн укугу**

1. Эгерде товар формасы, көлөмү, фасону, түсү, өлчөмү боюнча же башка себептер менен керектөөчү тарабынан тиешелүү максаты боюнча пайдаланылышы

мүмкүн болбосо, керектөөчү сапаты талаптагыдай болгон мындай азык-түлүк эмес товарды өзү сатып алган сатуучудан алмаштырып алууга укуктуу.

Керектөөчү сапаты талаптагыдай болгон азык-түлүк эмес товарды сатылып алынган күндү кошпогондо он төрт күндүн ичинде алмаштырып алууга укуктуу.

Эгерде көрсөтүлгөн товар колдонулбаса, аны товардык көрүнүшү, керектелинүүчү касиеттери, пломбалары, фабрикалык жарлыктары, ошондой эле керектөөчүгө сатылган, көрсөтүлгөн товар менен берилген товардык чеги же кассалык чеги сакталган учурда сапаты талаптагыдай болгон азык-түлүк эмес товар алмаштырылат.

Ушул беренеде көрсөтүлгөн негиздер боюнча алмаштырылбай турган товарлардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

2. Эгерде окшош товар керектөөчү сатуучуга кайрылган күнү сатууда жок болсо, керектөөчү өз каалоосу боюнча соода-сатык келишимин бузууга жана көрсөтүлгөн товар үчүн төлөнгөн акчалай сумманы кайтарып берүүнү же тийиштүү товар сатыкка биринчи жолу түшкөн учурда аны ошондой товарга алмаштырып берүүнү талап кылууга укуктуу. Сатуучу сапаты талаптагыдай болгон азык-түлүк эмес товарды алмаштырып берүүнү талап кылган керектөөчүгө мындай товар сатыкка түшкөндүгү тууралуу кабарлап коюуга милдеттүү.

**24-1-берене. Товарларды сатуунун дистанттык ыкмасы**

1. «Товарды чекене сатып алуу-сатуу келишими каталогдор, проспекттер, буклеттер, фотосүрөттөр, байланыш каражаттары (телеберүү, почта, радио байланыш жана башка), интернет аркылуу сатуучу сунуш кылган товарды сыпаттоо менен керектөөчүнү тааныштыруунун негизинде же мындай келишимди түзүүдө керектөөчүнүн товар же товардын үлгүсү менен түздөн-түз таанышуу мүмкүндүгү болбогон башка ыкмалар (товарды сатуунун дистанттык ыкмасы) аркылуу түзүлүшү мүмкүн. Келишим түзгөнгө чейин сатуучу (даярдоочу) тарабынан керектөөчүгө товардын негизги керектөө касиеттери, сатуучунун дареги (турган жери), товардын чыгарылган жери, сатуучунун (даярдоочунун) толук фирмалык аталышы, товардын наркы жана сатып алуунун шарттары, аны жеткирүү, колдонуу мөөнөтү, жарамдуулук мөөнөтү жана кепилдик мөөнөтү, товарды төлөөнүн тартиби, ошондой эле келишимди түзүү жөнүндө сунуштун колдонулуу мөөнөтү жөнүндө маалымат берилүүгө тийиш.

2. Керектөөчүгө товар жеткирилген учурда, жазуу жүзүндө ушул Мыйзамда каралган товар, товарды кайтаруунун тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө маалымат берилүүгө тийиш.

3. Керектөөчү товар берилгенге чейин кандай гана болбосун убакытта, ал эми товар берилгенден кийин - беш күндүн ичинде андан баш тартууга укуктуу.

Эгерде талаптагыдай сапаттагы товарды кайтаруунун тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө маалымат товарды жеткирген учурда жазуу жүзүндө берилген учурда, керектөөчү товар берилген учурдан тартып үч айдын ичинде андан баш тартууга укуктуу.

Эгерде анын товардык көрүнүшү, керектөө касиеттери, ошондой эле көрсөтүлгөн товарды сатып алуу фактысын жана шарттарын ырастаган документ сакталган учурда, талаптагыдай сапаттагы товарды кайтарып берүүгө мүмкүн. Керектөөчүдө товарды сатып алуу фактысын жана шарттарын ырастаган документтин болбогону, аны товарды ушул сатуучудан сатып алгандагы башка далилдерге таянуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт.

Керектөөчү товардан баш тартканда, сатуучу керектөөчү тийиштүү талапты койгон күндөн тартып он күндөн кечиктирбестен, келишим боюнча керектөөчү төлөгөн акчалай сумманы ага кайтарып берүүгө тийиш.

*(КР 2015-жылдын 31-январындагы № 29 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**25-берене. Соода-сатык келишимдеринин айрым түрлөрүнүн эрежелери**

Соода-сатык келишимдеринин айрым түрлөрүнүн эрежелери, ошондой эле товарлардын айрым түрлөрүн сатуу эрежелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

## III глава
## Мыйзамсыз соода ишинен керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо

**26-берене. Сооданы негизсиз чектөө**

Сатуучу (даярдоочу, аткаруучу) же сатуучулардын тобу төмөндөгү иш аракеттерди тике же кыйыр түрдө жасоого укуксуз:

бааны бир калыпка салуу же соода предметин чыгарууну жөнгө салуу максатында макулдашууга;

соодага кандайдыр бир чектөө салуу же киргизүү максатында:

а) өндүрүштү чектөөгө;

б) товарлардын жана продуктулардын баасын жогорулатууга же төмөндөтүү;

в) товарларды бөлүштүрүүдө же сатууда атаандаштыкка тоскоолдук кылууга;

г) натыйжасында сатуу, пайдалануу же керектөө үчүн арналган соода предметтеринин баасы кандай болгон учурда да контролго алына тургандай кылып баа коюуга;

д) ордун өндүрүү же башка ар кандай сатып алуучу менен бөлүштүрүү жүргүзүү максатында проценттик катышы же башка ыкма менен белгиленген сунуш кылынуучу бааны көтөрүү жөнүндө макулдашууга;

е) сатып алуучулар арасында жашыруун бүтүм түзүү жолу менен сунуш кылынган баага кошумчаланган кандайдыр бир сумманын бир бөлүгүн үчүнчү бирөөлөргө кайтарып берүүгө;

ж) кандайдыр бир соода предметин чыгарууда, сатууда же ташууда монополия түзүү;

з) кимди болбосун кандайдыр бир соода предметин адаттагы баадан төмөн чыгарбоого, сатпоого же ташыбоого болбосо, мындай товарды кармап турууга, бир калыптагы же акыркы баа боюнча ташууга, болбосо чексиз атаандаштыкка тоскоолдук кылуу үчүн жанагыдай соода предметинин баасын белгилөөгө милдеттендирген макулдашуу жүргүзүүгө;

анын атынан белгилүү санкциялар берилүүчү мамлекеттик кызмат адамын пайдаланууга;

эгерде реклама рекламалануучу товарлардын же кызматтардын чектелген саны жөнүндө маалыматты камтыбаса, калк күткөн суроо-талапты атайылап камсыз кылбай туруп, товарларды же кызмат көрсөтүүнү рекламалоого;

ушул товарларды же кызмат көрсөтүүнү рекламада сунуш кылынгандай же көрсөтүлгөндөй түрүндө сатпоого ниеттенүү менен товарларды же кызмат көрсөтүүнү рекламалоого же сунуш кылууга.

*(КР 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**27-берене. Соодадагы тыюу салынган аракеттер**

Сатуучу (даярдоочу, аткаруучу) төмөндөгүлөргө укуксуз:

Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган техникалык регламенттердин талаптарына жооп бербеген продукцияны даярдоого;

Кыргыз Республикасынын аймагында ылайык келишин ырастоого тийиш болгон продукцияны ылайык келүү сертификаттарысыз же ылайык келүүсү жөнүндө декларацияларсыз сатууга;

керектөөчү тарабынан билдирме жок болгондугуна карабастан акы төлөө боюнча эсебине сунуш кылуу менен товарларды берүү же кызмат көрсөтүүгө;
кандайдыр бир товар сатылбаса же кызмат көрсөтүлбөсө, иш жүзүндө үйгө эч кандай зыян келтирилбесе, товар же болбосо кызмат көрсөтүү коркунучту четтете албай тургандыгы көрүнүп турса деле, кандайдыр бир кемчиликтен улам үйдө керектөөчүнүн жана анын үй-бүлөсүнүн ден соолугуна, коопсуздугуна же өмүрүнө коркунуч келтирүүдө деп билдирүүгө;
товарларды же кызмат көрсөтүүнү акысыз же жеңилдик көрсөтүү менен берүү тууралуу билдирүүгө же аларды алуу шарттарын ачык жана так көрсөтпөй туруп жогоркудай мааниндеги сөздөрдү пайдаланууга;
керектөөчүдөн ар кандай материалдык фактыны жашырууга, мунун кесепетинен аны адаштыруу жана алдоо жана ушул тууралуу керектөөчүнүн билбөөсү;

*(сегизинчи абзац КР 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

жагдай түзүп, ага жараша кардар скидка алуу же бүтүм түзүү үчүн түрткү катары башка жеңилдик алууга, бирок мында жеңилдик бүтүм жасалгандан кийин болуп өтүүчү иштерге жараша болушу;
майыптыгынан, сабатсыздыгынан же келишим түзгөн экинчи тарап ал үчүн пайдаланган тилди түшүнө албагандыгынан улам керектөөчү өз кызыкчылыгын коргой албастыгын билип туруп же кардардын мындай жөндөмсүздүгүн билүүгө себептери болуп туруп мындай жагдайдан пайдаланууга;
бир эле бүтүмдүн сатуучу оозеки баяндаган жана макулдашуунун жазуу жүзүндөгү вариантынын ортосундагы чоң айырмачылыкка же убада кылган пайданы камсыз кылууга бүтүм түзгөн экинчи тараптын жөндөмсүздүгүнө жооп берүүгө;
иштин чыныгы абалы башкача болуп турса, бүтүмдүн фактысы жөнүндө адам ишенгидей кылып билдирүүгө;
бүтүм түзүүдө олуттуу болуп саналган фактыларды жашырууга, бирок анын жоктугу товардын жакшы презентацияланышына алып келишине;
аларды алмаштыруунун техникалык негиздемелерисиз жана керектөөчүнүн каалоосун эске алуусуз жаңы номердик белгилерди, контролдоп-өлчөөчү приборлорду жана башка каражаттарды сатып алууну таңуулоого;
перифериялык түзүлүштөгү аппараттарды пайдалануу менен накталай эмес формада (төлөм карточкалары) товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн эсептешүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте сатып алуучунун төлөө ыкмасын тандап алуусун чектөөгө. Соода-сервистик ишканалардын тизмеги, ошондой эле соода-сервистик ишканалар банктык төлөм карталарын кабыл алуу жана тейлөө үчүн ага ылайык өзүлөрүндө POS-терминалдарды орнотууга милдеттүү болгон критерийлер Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2015-жылдын 24-июлундагы № 188 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**28-берене. Сатууда укукка каршы атаандаштык**

Бедели бекемделип келе жаткан ар кандай сатуучунун, ар кандай соода предметинин атаандаштыгын чектеген же тоскоолдук кылган алып келүүчү аракеттер, же беделдүү сатуучу болууга ак ниети менен аракет жасаган ар кандай сатуучуга тоскоолдук келтирүү соода ишканасы үчүн укукка жат аракет болуп саналат.

**29-берене. Сатып алуудагы укукка каршы атаандаштыктар**

1. Эгерде соода ишканасы сатып алууда монополия түзүү максатында башка ар кандай ак ниет адамдардын атаандашуу жөндөмдүүлүгүнө жана ошондой сатуучу болууга аракеттерине чектөө киргизсе же тоскоолдук кылса; сооданын ар кандай предметин сатып алган жерден өндүрүш чыккан жерге, сатылуучу, сакталуучу же таратылуучу жерге ташып жеткирүүдөгү анык наркындагы, ошондой эле сооданын ушундай предметининтүрү жана сапаты жагындагы айырмачылыктар белгиленгенден кийин бир райондон башка райондогуга караганда кымбатырак сатып алып, адамдар жана республиканын айрым аймактарынын арасында дискриминация белгилесе, бул мыйзамсыз жана тыюу салынган аракеттер деп таанылат.

2. Кимдир бирөө сооданын ар кандай предмети үчүн бир райондо, башка бир районго караганда кымбаттырак баа төлөгөндүгүнүн далили, төгүндөөсү жок учурда эреже бузуунун жетиштүү далили катары эсептелет.

**30-берене. Кеткен чыгымдарга негизделбеген баа боюнча аргасыздан сатуу**

Товардын же дистрибьюторго же сатуучуга сунуш кылынган продуктунун наркын коюуда мажбурлоо менен банкрот болгондо, жалпыга сатылганда жана сооданын кадыресе каналдарынан тышкары сатуунун башка түрлөрүндө сатылып алынган товардын же продуктунун фактуралык наркы калыбына келтирүү наркына негизделген баадан төмөн болгон бааны актоо үчүн негиз катары пайдаланылууга тийиш эмес.

Бул берененин жоболору төмөндөгүлөргө жайылтылбайт:

- кадыресе соода каналдары аркылуу сатылып алынган товарлардан бөлөк сакталган товарга же продуктуга;
- мажбурлоо менен, банкрот болгондо же жалпыга сатылганда же сооданын кадыресе каналдарын катыштырбаган жолдор менен сатылып алынган жана ушул сыяктуу рекламалоо, товар сатылып алынып, ал эми көп сандагы мүлк сатылууга же сатууга сунуш кылынууга тийиш болгон мүлк катары рекламаланган же сатылган товарга же продуктуга.

**31-берене. Айрым бир сатуу учурундагы эрежеден четтөөлөр**

Ушул Мыйзамдын 30-беренеси төмөндөгү учурларда ишке ашырылган соода-сатыкка карата колдонулбайт:

- ак ниет максаттар менен ээлик кылуучунун запасын же анын соода сатыгын токтотуу максатында ушул запастын кандайдыр бир бөлүгүн жойгон учурда;
- сезондуу сатылуучу товарларда;
- тез бузулуучу товарларда;
- товардын сапаты бузулган учурда жана зыян келтирилгенде жана ушул тууралуу керектөөчүгө эскертилгенде;
- ошондой эле соода предметин ошол эле жерде же соода зонасында саткан атаандаштын мыйзамдуу бааларына ылайык келтирүүгө аракеттенгенде.

**32-берене. Тамак-аш азыктарын мыйзамсыз жок кылуу**

Колдонууга жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткенден кийин, алар тийиштүү кызматтар тарабынан колдонууга жана пайдаланууга жарактуу деп табылган учурда, ар кандай балыкты, үй канаттууларын, мал чарба продуктыларын, жашылчаны жана башка тамак-аш азыктарын жок кылуу же сатуудан алып коюу (саттырбоо максатында) ар кандай сатуучу үчүн мыйзамсыз деп таанылат.

**33-берене. Эсеп-фактураны мыйзамсыз өзгөртүү**

Эгерде мындай аракеттер атаандашка зыян келтириши, атаандаштыкты бузушу же сот менен мамлекеттик башкаруу органдарын адаштыруусу мүмкүн болсо, эсеп-фактураны өзгөртүү, кайра жасоо, алмаштыруу же бурмалоо мыйзамсыз деп табылат.

Бул сыяктуу аракетти ишке ашыруу адилетсиз соода практикасына кирет жана мындай соода практикасын колдонгон адам эреже бузуунун күнөкөрү болуп эсептелет.

**34-берене. Жоопкерчилик тартуучу**

Директор, кызматчы же кандайдыр бир иштин өкүлү катары, же кандайдыр бир жактын өкүлү катары чыккан, эреже бузууга тикеден-тике же кыйыр түрдө жардам берген же көмөк көрсөткөн ар кандай адам мыйзамдын ушул бөлүгүндө белгиленген нормалардын бузулушу үчүн жоопкерчилик тартат.

**35-берене. Мыйзамга каршы аракеттердин далили**

Мыйзамсыз соода иш-аракеттери жөнүндө иштер сотто каралган учурда бирөөлөрдүн же бүтүмдүн мыйзамга каршы келе тургандыгын ырастоо же далилдөө жетиштүү.

## IV глава
## Иш аткарууда (кызмат көрсөтүүдө) керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо

**36-берене. Иш (кызмат) аткаруу мөөнөттөрү**

1. Аткаруучу иштин аткарылышын иштердин айрым түрлөрүн аткаруу эрежелеринде (кызматтын айрым түрлөрүн көрсөтүүдө) же иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимде белгиленген мөөнөттө иштердин аткарылышын (кызматтын көрсөтүлүшүн) жүзөгө ашырууга милдеттүү. Эгерде көрсөтүлгөн эрежелерде ал каралбаса, ошондой эле көрсөтүлгөн эрежелерде белгиленгенден мөөнөтү кыска болсо, иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндөгү келишимде иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) мөөнөтү каралышы мүмкүн.

2. Иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) мөөнөтү ага карата иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) аякталууга тийиш болгон дата (мезгил) же (жана) аткаруучу иштерди аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) киришүүгө тийиш болгон дата (мезгил) менен аныкталууга тийиш. Эгерде, иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимдин колдонулуу мөөнөтүнүн ичинде бөлүк-бөлүктөрү боюнча ишке ашырылса, иштерди аткаруунун (кызмат көрсөтүүнүн) жекече мөөнөттөрү (мезгилдери) каралууга тийиш.

**37-берене. Аткаруучу тарабынан иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) мөөнөттөрүнүн бузулушунун кесепеттери**

1. Эгерде аткаруучу иштерди аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) өз учурунда киришпесе же иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) учурунда иштердин аткарылышы (кызмат көрсөтүлүшү) мөөнөтүндө бүткөрүлбөй тургандыгы айкын болуп калса, ошондой эле иштерди аткарууну (кызмат көрсөтүүнү) создуктуруп жиберген учурда керектөөчү өз каалоосу боюнча:

аткаруучуга жаңы мөөнөт берүүгө, анын ичинде аткаруучу иштерди аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) жана (же) иштердин аткарылышын (кызмат көрсөтүүнү) аяктоого киришүүгө жана иштердин аткарылышы (кызмат көрсөтүлүшү) үчүн бааны азайтууну талап кылууга;

калыс баага үчүнчү бирөөлөргө иш аткарууну (кызмат көрсөтүүнү) же аны өз күчтөрү менен аткарууну тапшырууга жана аткаруучудан тарткан чыгымдардын өндүрүлүшүн талап кылууга;

иштердин аткарылышы (кызмат көрсөтүлүшү) үчүн баанын азайтылышын талап кылууга;

иштердин аткарылышы (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимди бузууга укуктуу.

Керектөөчү ошондой эле иштерди аткарууну (кызмат көрсөтүүнү) баштоо жана (же) бүткөрүү мөөнөттөрүн бузууга байланыштуу ага келтирилген зыянды толугу менен өндүрүп берүүнү талап кылууга укуктуу. Тарткан зыян керектөөчүнүн тийиштүү талаптарын канааттандыруу үчүн белгиленген мөөнөттө өндүрүлөт.

2. Керектөөчү дайындаган аралыгында аткаруучу ишти аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) киришүүгө жана ишти аткарууну (кызмат көрсөтүүнү) аяктоого тийиш болгон жаңы мөөнөттөр иштин аткарылышы (кызматтын көрсөтүлүшү) жөнүндөгү келишимде көрсөтүлөт.

Жаңы мөөнөттөр создуктурулган учурда керектөөчү ушу берененин 1-пунктунда белгиленген башка талаптарды аткаруучуга кое алат.

3. Иштин аткарылышы (кызматтын көрсөтүлүшү) жөнүндө келишим бузулганда керектөөчүгө кайтарылуучу, ошондой эле аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) баасын азайтууда эске алынуучу аткарылган иштердин (көрсөтүлгөн кызматтын баасы) ушул Мыйзамдын 23-беренесинин 3-пунктуна ылайык аныкталат.

4. Иштин аткарылышы (кызматтын көрсөтүлүшү) жөнүндө келишим бузулганда, эгерде аткаруучу ишти аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) өз учурунда киришпесе же ишти аткарууну (кызмат көрсөтүүнү) жайбаракат ишке ашыргандыктан, белгиленген мөөнөтүндө ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) мүмкүн эмес болгон учурларда, аткаруучу ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) процессинде болгон өзүнүн чыгымдарын өндүрүп берүүнү, ошондой эле ага чейин аткарылган иш (көрсөтүлгөн кызмат) үчүн акы төлөөнү талап кылууга укуксуз.

Мындай учурларда керектөөчү менен аткаруучунун ортосундагы эсептешүүлөрдүн тартибинин өзгөчөлүктөрү иштин айрым түрлөрүн аткаруу (кызмат көрсөтүү) эрежелери менен белгиленет.

5. Ишти аткаруунун (кызмат көрсөтүүнүн) башталышынын жана аякталышынын белгиленген мөөнөттөрү же ушул берененин 1-пунктунун негизинде керектөөчү белгилеген жаңы мөөнөттөр бузулган учурда, аткаруучу керектөөчүгө созуп жиберүүнүн ар бир күнү (эгерде мөөнөтү саат менен аныкталса, анда сааты) үчүн ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) баасынын үч проценти өлчөмүндө айып төлөмүн (пеня) төлөп берет, ал эми ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндөгү келишимде ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) баасы аныкталбаса - заказдын жалпы баасын төлөп берет. Ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө керектөөчү менен аткаруучунун ортосунда түзүлгөн келишимде айып төлөмүнүн (пенянын) кыйла чоң өлчөмү белгилениши мүмкүн.

Ишти аткарууну (кызмат көрсөтүүнү) баштоо мөөнөттөрүнүн бузулгандыгы үчүн айып төлөмү (пеня) ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) башталганга же керектөөчү ушул берененин 1-пунктунда каралган талаптарды койгонго чейин ар бир күн (эгерде мөөнөтү саат менен аныкталса, анда саат) үчүн төлөнөт.

Ишти аткарууну (кызмат көрсөтүү) аяктоо мөөнөттөрүнүн бузулгандыгы үчүн айып төлөмү (пеня) ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) аяктаганга же керектөөчү ушул берененин 1-пунктунда каралган талаптарды койгонго чейин создуктуруунун ар бир күнү (эгерде мөөнөтү саат менен аныкталса, анда саат) үчүн төлөтүлөт.

Керектөөчү өндүргөн айып төлөмүнүн (пенянын) суммасы ишти аткаруунун (кызмат көрсөтүүнүн) айрым түрүнүн баасынан же эгерде иштин айрым түрүн аткаруу (кызмат көрсөтүү) баасы ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимде аныкталбаса заказдын жалпы баасынан ашпоого тийиш.

Айып төлөмүнүн (пенянын) өлчөмү ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) баасына таянуу менен аныкталат, эгерде көрсөтүлгөн баа аныкталбаса, керектөөчүнүн талабы аткаруучу тарабынан канааттандырылууга тийиш болгон жерде мындай талап ыктыярдуу канааттандырылган күнкү же керектөөчүнүн талабы ыктыярдуу түрдө

канааттандырылбаса, соттун чечими чыккан күнкү заказдын жалпы баасына таянуу менен аныкталат.

6. Эгерде аткаруучу ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) мөөнөттөрүнүн бузулушу колдон келбес күчтүн таасиринен же керектөөчүнүн күнөөсү менен болуп өткөндүгүн далилдей алса, керектөөчүнүн ушул берененин 1-пунктунда белгиленген талаптары канааттандырылбайт.

**38-берене. Аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтери табылганда керектөөчүнүн укуктары**

1. Керектөөчү аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтери табылганда өз каалоосу боюнча төмөндөгүлөрдү талап кылууга укуктуу:

аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтерин акысыз четтетүүнү;

аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) баасын тиешелүү түрдө азайтууну;

ошондой эле сапаттагы окшош материалдан башка буюмду акысыз даярдап берүүнү же ишти кайтадан аткарууну. Мында керектөөчү ага аткаруучу мурда берген буюмду кайтарууга милдеттүү;

аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтерин өз күчү менен же башка бирөөлөр тарабынан четтетүүдө тарткан чыгымдарын өндүрүп берүүнү.

Кемчиликтерди акысыз четтетүү жөнүндө, башка буюмду жасатуу жөнүндө же ишти (кызмат көрсөтүүнү) кайтадан аткаруу жөнүндө керектөөчүнүн талабы, аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) баасын азайтуу жөнүндө талап менен коштолушу мүмкүн.

Эгерде аткаруучу аткарылган иштин (көрсөткөн кызматтын) кемчиликтерин келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттө четтете албаса, керектөөчү иштин аткарылышы (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимди бузууга жана тарткан чыгашасын толук кайтарууну талап кылууга укуктуу. Керектөөчү ошондой эле аткарылган иштен (көрсөтүлгөн кызматтан) олуттуу кемчиликтерди же келишимдин шарттарынан башка да олуттуу четтөөлөрдү тапса, ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимди бузууга укуктуу.

Керектөөчү ошондой эле аткарылган иштин (көрсөткөн кызматтын) кемчиликтерине байланыштуу өзүнө келтирилген чыгашаны толук өндүрүп берүүнү талап кылууга укуктуу. Чыгаша керектөөчүнүн тийиштүү талаптарын канааттандыруу үчүн белгиленген мөөнөтүндө өндүрүлөт.

2. Аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндөгү келишим бузулган учурда керектөөчүгө кайтарылуучу, ошондой эле аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) баасын азайтууда эске алынуучу баасы ушул Мыйзамдын 23-беренесинин 3-пунктуна ылайык аныкталат.

3. Ушул берененин 1-пунктунда белгиленген талаптар аткарылган ишти (көрсөтүлгөн кызматты) кабыл алууда же ишти аткаруунун (кызмат көрсөтүү) жүрүшүндө кемчиликтер табылган учурда коюлушу мүмкүн, ал эми аткарылган ишти (көрсөтүлгөн кызматты) кабыл алууда кемчиликтерди табуу мүмкүн болбогон учурда, кепилдик мөөнөттүн ичинде же кепилдик мөөнөтү болбогон учурда, аткарылган ишти (көрсөтүлгөн кызматты) кабыл алган күндөн тартып алты айдын ичинде коюлушу мүмкүн. Аткарылган ишти (көрсөтүлгөн кызматты) кабыл алууда табуу мүмкүн болбогон курулуштагы же башка жылбас мүлктөгү кемчиликтерге карата талаптар аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчилиги табылганда кепилдик мөөнөттүн ичинде, ал жок болсо - он жылдын ичинде коюлушу мүмкүн.

4. Аткаруучунун күнөөсү менен аткарылган иште (көрсөтүлгөн кызматта) жол берилген олуттуу кемчиликтер табылган учурда керектөөчү аткаруучуга аткарылган ишке (көрсөтүлгөн кызматка) аткаруучу тарабынан коюлган кепилдик мөөнөт өткөндөн кийин же ушул берененин 3-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөтү өткөндөн кийин аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтерин акысыз четтетүү жөнүндө талап коюуга укуктуу. Керектөөчүнүн көрсөтүлгөн талаптары аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) белгиленген мөөнөтүнүн ичинде же аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) колдонулуу мөөнөтү белгиленбесе, аткарылган ишти (көрсөтүлгөн кызматты) кабыл алган күндөн тартып он жылдын ичинде коюлушу мүмкүн. Эгерде мындай талап ушул Мыйзамдын 39-беренесинде белгиленген мөөнөттө канааттандырылбаса, керектөөчү өз каалоосу боюнча төмөндөгүлөрдү талап кылууга укуктуу:

аткарылган иш (көрсөтүлгөн кызмат) үчүн бааны тийиштүү түрдө азайтууну;
аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтерин өз күчү же башка бирөөлөрдүн күчү менен четтетүү боюнча тарткан чыгымдарын өндүрүүнү;
иш аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимди бузууну жана чыгашасын өндүрүп берүүнү.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**39-берене. Аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтерин четтетүү мөөнөттөрү**

Аткарылган иштин (көрөстүлгөн кызматтын) мындай иштин жүрүшүндө табылган кемчиликтери керектөөчү белгилеген туура мөөнөтүндө четтетилүүгө тийиш.

Эгерде аткарылган ишти (көрсөтүлгөн кызматты) кабыл алууда келишимде (тараптардын макулдашуусунда) же иштин айрым түрлөрүн аткаруу (кызматтын айрым түрлөрүн көрсөтүү) эрежелеринде андан кыска мөөнөт белгиленбесе, аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтери керектөөчү талап койгон күндөн тартып жыйырма күндүн ичинде четтетилүүгө тийиш.

Кемчиликтерди четтетүүнүн керектөөчү белгилеген же келишимде (тараптардын макулдашуусунда) белгиленген мөөнөтү келишимде же тараптар кол коюучу башка документте көрсөтүлөт.

Аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтерин четтетүүнүн ушул беренеде каралган мөөнөттөрүнүн бузулушу үчүн аткаруучу керектөөчүгө созуп жиберүүнүн ар бир күнү үчүн айып төлөмүн (пеня) төлөйт, анын өлчөмү жана эсептөө тартиби ушул Мыйзамдын 37-беренесинин 5-пунктуна ылайык аныкталат.

Көрсөтүлгөн мөөнөттөр бузулган учурда, керектөөчү аткаруучуга ушул Мыйзамдын 38-беренесинин 1 жана 4-пункттарында каралган башка талаптарды коюуга да акылуу.

**40-берене. Керектөөчүнүн айрым талаптарын канааттандыруу мөөнөттөрү**

1. Аткарылган иш (көрсөтүлгөн кызмат) үчүн бааны азайтуу жөнүндө, аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) кемчиликтерин өз күчү менен же башка бирөөлөрдүн күчү менен четтетүү боюнча тарткан чыгымдарын өндүрүү жөнүндө, ошондой эле ушул Мыйзамдын 37-беренесинин 1-пунктунда жана 38-беренесинин 1 жана 4-пункттарында каралган иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндөгү келишимди бузуу менен келтирилген чыгашанын ордун өндүрүү жөнүндө керектөөчүнүн талаптары тийиштүү талап коюлган күндөн тартып он күндүк мөөнөттө канааттандырылууга тийиш.

2. Ошондой эле сапаттагы окшош материалдан башка жаңы буюмду акысыз даярдап берүү жөнүндө же ишти кайтадан аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө

керектөөчүнүн талаптары ишти шашылыш аткаруу (кызмат көрсөтүү) үчүн белгиленген мөөнөттө, ал эми мындай мөөнөт белгиленбесе ойдогудай жасалбаган ишти аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимде каралган мөөнөттө канааттандырылууга тийиш.

3. Керектөөчүнүн айрым талаптарын канааттандыруунун ушул берененин каралган мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн аткаруучу создуп жиберүүнүн ар бир күнү үчүн керектөөчүгө айып төлөмүн (пеня) төлөйт, анын өлчөмү жана эсептөө тартиби ушул Мыйзамдын 37-беренесинин 5-пунктуна ылайык аныкталат.

Ушул берененин 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү бузган учурда, керектөөчү аткаруучуга ушул Мыйзамдын 37-беренесинин 1-пунктунда жана 38-беренесинин 1 жана 4-пункттарында каралган башка талаптарды да коё алат.

**41-берене. Керектөөчүнүн иш аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимди бузууга укугу**

Керектөөчү аткаруучуга көрсөтүлгөн келишимди бузуу жөнүндө кабарды алганга чейин аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) бөлүгүнө пропорционалдуу болгондой өлчөмдө баасынын бир бөлүгүн төлөп берип, ар кандай учурда иш аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимди буза алат. Керектөөчү ошондой эле көрсөтүлгөн келишим бузулгандыгы жөнүндө кабар алганга чейин аткарылган иш (көрсөтүлгөн кызмат) үчүн төлөнгөн баанын бөлүктөрүнүн ортосундагы айырманын чегинде иш аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимди бузуу менен жана аткарылуучу бардык иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) баасы менен келтирилген чыгашаны аткаруучуга төлөп берүүгө милдеттүү.

**42-берене. Иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) сметасы**

1. Иштерди аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимде каралган иштерди аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) бекем же жакындаштырылган смета түзүлүшү мүмкүн.

Керектөөчүнүн же аткаруучунун талабы боюнча мындай смета милдеттүү түрдө түзүлөт.

2. Эгерде керектөөчү мындай ишти аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) макулдук бербесе же аткаруучуга мындай иштин аткарылышын (кызмат көрсөтүлүшүн) тапшырбаса, аткаруучу иштин аткарылышына (кызмат көрсөтүлүшүнө) жана кошумча чыгымдарга акы төлөөнү талап кылууга укуксуз.

Эгерде болжолдуу сметадан ашуу зарылчылыгы пайда болсо, аткаруучу керектөөчүгө ушул тууралуу даро эскертүүгө милдеттүү. Мындай болгон учурда керектөөчү алгач аныкталган сметага ылайык аткаруучу тарткан чыгымдарды жана аткарылган ишке (көрсөтүлгөн кызматка) жумшалган чыгымдарды өндүрүп берип, иш аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө келишимдин аткарылышынан баш тартууга укуктуу. Эгерде аткаруучу болжолдуу сметадан ашып кете тургандыгы жөнүндө керектөөчүгө эскертпесе, аткаруучу ишти алгачкы болжолдуу сметанын чегинде аткарууга (кызмат көрсөтүүгө) милдеттүү.

**43-берене. Ишти аткаруучунун материалынан жасоо**

1. Эгерде керектөөчү иштин аткарылышын өз материалынан бүткөрүүнү талап кылбаса, аткаруучу иш аткаруу жөнүндө келишимде аныкталган жумуштарды бүткөрүүгө милдеттүү.

Ишти өз материалынан жасаган аткаруучу ушул материалдын тийиштүү сапаты үчүн жоопкерчилик тартат.

2. Аткаруучунун материалы көрсөтүлгөн келишимди түзүүдө керектөөчү тарабынан толугу менен же иштин айрым түрлөрүн аткаруу эрежелеринде же тараптардын макулдашуусунда аткаруучунун материалы үчүн эсептешүүнүн башка тартиби каралбаса, керектөөчү аткаруучу бүткөргөн ишти алган учурда биротоло эсептеше тургандыгын шарттащуу менен иштердин аткарылышы жөнүндөгү

келишимде иштердин айрым түрлөрүн аткаруу эрежелеринде көрсөтүлгөн өлчөмдө керектөөчү тарабынан төлөнүп берилет.

3. Көрсөтүлгөн эрежелерде же иштердин аткарылышы жөнүндөгү келишимде каралган учурларда, материал аткаруучу тарабынан керектөөчүгө кредитке берилиши мүмкүн. Кредитке берилген аткаруучунун материалынын баасынын андан аркы өзгөрүшү кайрадан эсептешип чыгууну талап кылбайт.

4. Аткаруучунун материалы жана иш аткаруу үчүн зарыл болгон техникалык каражаттар, шаймандар жана башкалар иш аткарылган жерге аткаруучу тарабынан жеткирилет.

**44-берене. Керектөөчүнүн материалынан (буюмдарынан) иш аткаруу**

1. Эгерде иш толугу менен же жарым жартылай түрдө керектөөчүнүн материалынан (буюмдарынан) аткарылса, аткаруучу ушул материалдын (буюмдун) сакталышы жана аны туура пайдаланылышы үчүн жооп берет.

Аткаруучу:

керектөөчүгө ал берген материалдын (буюмдун) жараксыздыгы же сапатсыздыгы жөнүндө эскертүүгө;

материалдын чыгымдалышы жөнүндө отчет берүүгө жана анын калдыгын кайтарып берүүгө милдеттүү.

Керектөөчүдөн кабыл алынган материал (буюм) толук же жарым жартылай жоготууга учураганда (зыян келтирилгенде), аткаруучу үч күндүк мөөнөттө аны ошондой эле сапаттагы окшош материал (буюм) менен алмаштырууга жана керектөөчүнүн каалоосу боюнча ушул буюмду жетиштүү мөөнөтүндө, ошондой эле материалдан (буюмдан) жасап берүүгө, ал эми ошондой сапаттагы андай окшош материал (буюм) болбогон учурда - керектөөчүгө жоголгон (зыянга учураган) материалдын (буюмдун) баасын, ошондой эле керектөөчү тарткан чыгымдын эки эселенген баасын төлөп берүүгө милдеттүү.

2. Жоголгон (зыянга учураган) материалдын (буюмдун) баасы керектөөчүнүн талабы аткаруучу тарабынан канааттандырылууга тийиш болгон жерде, мындай талап ыктыярдуу түрдө канааттандырылган күнү же керектөөчүнүн талабы ыктыярдуу түрдө канааттандырылбаса, соттун чечими чыгарылган күнү аткаруучу тарабынан канааттандырылууга тийиш.

Аткаруучуга берилген материалдын (буюмдун) баасы керектөөчү тарабынан аныкталат жана иштин аткарылышы жөнүндө келишимде же анын корутундусун ырастаган башка документте (квитанцияда, заказда) көрсөтүлөт.

3. Эгерде керектөөчү аткаруучу тарабынан толук же жарым жартылай жок кылынышы (зыянга учуратылышы) мүмкүн болгон материалдык (буюмдардын) өзгөчө касиеттери жөнүндө аткаруучу тарабынан эскертилсе, аткаруучу өзү керектөөчүдөн кабыл алган материалдын (буюмдун) толук же жарым жартылай жок болушу (зыянга учурашы) үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

Аткаруучунун материалдын (буюмдун) өзгөчө касиеттерин билбөөсү аны жоопкерчиликтен бошото албайт.

**45-берене. Аткарылган иштин (көрсөтүлгөн кызматтын) сапатына таасир тийгизиши мүмкүн болгон жагдайлар жөнүндө керектөөчүгө аткаруучунун маалымат берүү милдети**

Керектөөчүнүн көрсөтмөлөрүн сактоо жана керектөөчүгө байланышкан башка жагдайлар аткарылуучу иштин (көрсөтүлүүчү кызматтын) сапатын төмөндөтүшү мүмкүн экендиги жөнүндө аткаруучу керектөөчүгө өз учурунда маалымат берип турууга милдеттүү.

Эгерде керектөөчү аткаруучунун өз учурундагы жана негиздүү маалыматтарына карабастан өз мөөнөтүндө жараксыз же сапатсыз материалды алмаштырбаса, иш

аткаруу (кызмат көрсөтүү) ыкмасы жөнүндө көрсөтмөлөрдү өзгөртпөсө же аткарылуучу иштин (көрсөтүлүүчү кызматтын) сапатын төмөндөтүшү мүмкүн болгон башка жагдайларды четтетпесе, аткаруучу иштин аткарылышы (кызматтын көрсөтүлүшү) жөнүндө келишимди бузууга жана тарткан чыгашасын толук кайтарып берүүгө укуктуу.

**46-берене. Аткарылган иш (көрсөтүлгөн кызмат) үчүн эсептешүү тартиби**

Аткарылган иш (көрсөтүлгөн кызмат) үчүн эсептешүү тартиби керектөөчү менен аткаруучунун ортосунда түзүлгөн келишим менен аныкталат.

Эгерде Мыйзамда же Кыргыз Республикасынын башка нормативдик укуктук актыларында же керектөөчү менен аткаруучунун ортосундагы келишиминде башка жагдайлар белгиленбесе, керектөөчү аткаруучу толук көлөмүндө бүткөргөн ишке (көрсөтүлгөн кызматка), ал аяктагандан кийин төлөп берүүгө милдеттүү.

**47-берене. Керектөөчүлөрдү турмуш-тиричилик жана башка жагынан тейлөө эрежелери**

Керектөөчүлөрдү турмуш-тиричилик жана башка жагынан тейлөө эрежелери (иштердин айрым түрлөрүн аткаруу эрежелери жана кызматтын айрым түрлөрүн көрсөтүү эрежелери) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

**48-берене. Кызматтын айрым түрлөрүн көрсөтүүнү жөнгө салуу**

Эгерде мындай келишимдер өзүнүн мүнөзү боюнча ушул главанын колдонулушуна туура келбесе, кызматтын айрым түрлөрүн көрсөтүү жөнүндө келишимдердин шарттарын бузуунун кесепеттери Мыйзам тарабынан аныкталат.

## V глава
## Керектөөчүлөрдүн укуктарын мамлекеттик жана коомдук коргоо

**49-берене. Монополияга каршы мамлекеттик органдын бийлик укуктары**

Монополияга каршы мамлекеттик орган монополияга каршы саясаттын чегинде керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагынан мамилелерди жөнгө салган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка нормативдик укуктук актыларынын сакталышына мамлекеттик контроль жүргүзөт.

Бул орган: өз компетенциясынын чегинде даярдоочуларга (аткаруучуларга, сатуучуларга) керектөөчүлөрдүн укуктарын бузууларды токтотуу жөнүндө көрсөтмө жиберет.

**50-берене. Монополияга каршы мамлекеттик органга маалымат берүү боюнча даярдоочунун (аткаруучунун, сатуучунун) милдети**

Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) монополияга каршы мамлекеттик органдын талабы боюнча ушул Мыйзамда каралган бийлик укуктарын монополияга каршы мамлекеттик орган ишке ашыруусу үчүн зарыл болгон ишенимдүү документтерди, жазуу жана оозеки жүзүндөгү түшүнүктөрдү жана ушул Мыйзамдын 8-10-статьяларында каралган маалыматтарды алар белгилеген мөөнөттө берүүгө милдеттүү.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы № 185 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**51-берене. Товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзүүчү мамлекеттик башкаруу органдарынын бийлик укуктары**

1. Товарлардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугун камсыз кылуу максатында стандартташтыруу, метрология жана сертификациялоо боюнча мамлекеттик орган, мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органы, курчаган чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстары боюнча мамлекеттик орган жана товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзүүчү башка мамлекеттик башкаруу органдары өз компетенциясынын чегинде:

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугуна карата коюлуучу талаптардын сакталышына контроль жүргүзөт;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугуна карата коюлган талаптарды, мындай товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүнү) өндүрүштөн кыскартуу жөнүндө талаптарды бузууну чettетүү, мындай товарларды чыгарууну жана сатууну (иш аткарууну, кызмат көрсөтүүнү) токтотуу, жарактуулук мөөнөтү жана колдонулуу мөөнөтү коюлууга тийиш болгон, бирок коюлбаган товарларды жана жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен товраларды сатууну токтотуу жөнүндө көрсөтмөлөрдү, ошондой эле товар жөнүндө ишенимдүү жана жетиштүү маалымат болбогон учурда аны сатууну (иштерди аткарууну, кызмат көрсөтүүнү) токтотуу жөнүндө, андай товарларды керектөөчүлөрдөн жыйнап алуу жана ушул туурасында керектөөчүлөргө кабарлоо жөнүндө көрсөтмөлөрдү жөнөтөт;

алар товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугуна карата коюлган талаптарды бузган учурда даярдоочуларга (аткаруучуларга, сатуучуларга) карата доо коюп, сотторго кайрылат.

2. Товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугун камсыз кылуу максатында стандартташтыруу, метрология жана сертификациялоо боюнча мамлекеттик орган, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жүргүзүүчү мамлекеттик орган жана товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзүүчү башка мамлекеттик башкаруу органдары өз компетенциясынын чегинде товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугуна карата милдеттүү талаптарды коет жана ушул талаптардын сакталышына контролдук кылат.

3. Товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзүүчү мамлекеттик башкаруу органдарынын ишин координациялоо, ошондой эле товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүнү) милдеттүү түрдө сертификациялоо боюнча ишти уюштуруу жана жүргүзүү стандартташтыруу, метрология жана сертификациялоо боюнча мамлекеттик органга жүктөлөт.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 178 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**52-берене. Товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзүүчү монополияга каршы мамлекеттик орган, стандартташтыруу, метрология жана сертификациялоо боюнча мамлекеттик орган жана башка мамлекеттик башкаруу органдары салуучу санкциялар**

1. Монополияга каршы мамлекеттик орган керектөөчүлөрдүн укуктарын бузууну жана мыйзамсыз соода иштерин жүргүзүүнү токтотуу жөнүндө өзүнүн көрсөтмөлөрүн аткаруудан баш тартуу үчүн же өз учурунда аткарбагандыгы үчүн айып акы салууга укуктуу.

Айып акыны монополияга каршы мамлекеттик органдын кызмат адамы салат.

2. Стандартташтыруу, метрология жана сертификациялоо боюнча мамлекеттик орган жана товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзүүчү башка мамлекеттик башкаруу органдары өз компетенциясынын чегинде төмөндөгү учурларда айып акы салууга укуктуу:

алардын мыйзамдуу көрсөтмөлөрүн даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) аткаруудан баш тартса же өз учурунда аткарбаса;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугуна карата коюлуучу талаптарга жооп бербеген товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) менен керектөөчүлөргө зыян келтирүү;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) стандарттардын милдеттүү талаптарына ылайык келишин ырастаган сертификатсыз товарларды, анын ичинде импорттук товарларды сатуу (иш аткаруу, кызмат көрсөтүү);

сертификациялоо боюнча органдар тарабынан товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүнү) милдеттүү түрдө сертификациялоо эрежелерин бузуу, ошондой эле милдеттүү түрдө сертификациялоодо сыноо жүргүзүүчү лабораториялар (борборлор) тарабынан товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүнү) сыноонун туура эмес натыйжаларын берүү.

3.АйыпакылардынөлчөмдөрүарбирконкреттүүучурдаКыргызРеспубликасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине ылайык аныкталат. Даярдоочуларга, (аткаруучуларга, сатуучуларга) ошондой эле сертификациялоо боюнча органдарга, сыноо жүргүзүүчү лабораторияларга (борборлорго) салынуучу ушул берененин 1 жана 2-пункттарында каралган айып акылар жеке ишкерге салынуучу айып акыны кошпогондо мындай айып акы салуу жөнүндө тийиштүү чечим чыккан күндөн тартып отуз күндүк мөөнөттө колдонулат.

Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) айып акы салган кызмат адамынын чечимине жогору турган инстанцияда даттана алат же сотко доо коюп кайрыла алат. Кызмат адамынын аракеттеринин мыйзамдуулугу ырасталган учурда даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын рефинансылоо ставкасына таянуу менен айып акыны жана келтирген зыяндын суммасын төлөп берет.

Ушул берененин 1-пунктунда жана 2-пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтарында каралган жеке ишкерлерге салынган айып санкциялары айып акы тарттыруу жөнүндө тийиштүү чечим кабыл алынган күндөн тартып отуз күндүк мөөнөттө колдонулат.

Жеке ишкерлер белгиленген мөөнөтүндө айып акы төлөөдөн баш тартса же айып акыны толук өлчөмүндө төлөбөсө, ушул берененин 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн органдар жеке ишкерлерден айып акынын тийиштүү суммасын, ошондой эле айып акынын салынган суммасынын бир проценти өлчөмүндө пеня же узарып кеткен ар бир күн үчүн анын төлөнбөгөн бөлүгүн өндүрүү жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

Ушул берененин 2-пунктунун төртүнчү жана бешинчи абзацтарында каралган жана жеке ишкерлерге салынуучу айып санкциялары административдик мыйзамдарга ылайык колдонулат.

4. Ушул берененин 1 жана 2-пункттарына ылайык өндүрүлүүчү айып акылардын суммасы республикалык бюджетке жөнөтүлөт.

5. Товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүнү) даярдоочулар (аткаруучулар, сатуучулар) сертификациялоо боюнча органдар, сыноо жүргүзүүчү лабораториялар (борборлор) мамлекеттик монополияга каршы органдын, стандартташтыруу, метрология жана сертификациялоо боюнча мамлекеттик органдын жана товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзүүчү башка мамлекеттик аткаруучу бийлик органдарынын көрсөтмөлөрүн толугу менен же жарым жартылай жараксыз деп таануу жөнүндө же айып акы салуу жөнүндө тийиштүү токтомдорду бузуу жөнүндө же өзгөртүү жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

Мамлекеттик башкаруу органдарынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (комиссияларынын) керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча административдик жазапулдар салуу жөнүндөгү көрсөтмөлөрү менен токтомдоруна карата алар чыгарылган күндөн тартып он күндүн ичинде даттанылышы мүмкүн.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2013-жылдын 30-июлундагы № 178, 2013-жылдын 3-августундагы № 185 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**53-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо**

Айылдык аймактын, шаардын аймагында керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын чектеринде төмөнкүлөргө укуктуу:

керектөөчүлөрдүн даттанууларын кароого, алардын укуктарын коргоо маселелери боюнча аларга консультация берүүгө;

керектөөчүлөрдүн укуктарын бузган шарттарды табуу максатында сатуучулар (аткаруучулар, даярдоочулар) керектөөчүлөр менен түзгөн келишимдерди талдоого алууга;

талаптагыдай эмес сапаттагы, ошондой эле керектөөчүлөрдүн өмүрү, саламаттыгы, мүлкү үчүн коркунучтуу товарлар (жумуштар, кызматтар), соода, тиричиликтик жана керектөөчүлөрдү тейлөөнүн башка түрлөрүнүн эрежелерин бузуу айкындалганда административдик мыйзамдарга ылайык даярдоочуларга (сатуучуларга, аткаруучуларга) жазапулдук санкциялар салуу;

анык жана жетиштүү маалымат менен коштолбогон же жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен же жарактуулук мөөнөтү коюлбаган же мындай мөөнөтүн коюу милдеттүү болгон товарларды сатуу (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү) аныкталган учурларда маалымат берилгенге чейин товарларды сатууну (иштерди аткарууну, кызмат көрсөтүүнү) токтото турууга же товарларды сатууну (иштерди аткарууну, кызмат көрсөтүүнү) токтотууга;

керектөөчүлөрдүн (керектөөчүлөрдүн анык эмес чөйрөсүнүн) укуктарын коргоп сотко кайрылууга укуктуу.

Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилет.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2015-жылдын 2-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**54-берене. Керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелеринин (алардын ассоциацияларынын, союздарынын) укуктары**

1. Граждандар Кыргыз Республикасынын коммерциялык эмес уюмдары чөйрөсүндөгү мыйзамдарына жана уставдарына ылайык өз ишин жүргүзүп жаткан керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелерине (алардын ассоциацияларына, союздарына) ыктыярдуу негизде биригүүгө укуктуу.

2. Керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (алардын ассоциациялары, союздары) көрсөтүлгөн бирикмелердин (алардын ассоциацияларынын, союздарынын) уставдарында каралган учурларда:

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) коопсуздугуна карата милдеттүү талаптарды белгилеген техникалык регламенттердин, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жаатындагы мамилелерди жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууга катышууга;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатына жана коопсуздугуна көз каранды эмес экспертиза жүргүзүүгө (заказдар боюнча тийиштүү уюмдарда же өз лабораториялары болсо алар тийиштүү мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан техникалык компетенттүүлүккө аккредитацияланган шартта);

керектөөчүлөрдүн укуктарынын жана керектөөчүлөрдү соода-сатык, турмуш-тиричилик жана башка жагынан тейлөө эрежелеринин сакталышын текшерүүгө, керектөөчүлөрдүн укуктары бузулган фактылар боюнча экспертизалар жүргүзүлгөн учурда керектөөчүлөрдүн тапшыруусу боюнча ага катышууга;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) сапатын жогорулатуу, керектөөчүлөрдүн өмүрү, ден соолугу, мүлкү жана айлана-чөйрө үчүн коркунучтуу

болгон товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүнү) жүгүртүүдөн алып салуу боюнча мамлекеттик башкаруу органдарына, уюмдарга сунуш киргизүүгө;

жөнгө салынуучу баалардын колдонулушуна контроль жүргүзүүгө мамлекеттик аткаруу бийлик органдары менен бирге катышууга калкка көрсөтүлүүчү кызматтарга мамлекеттик органдар белгилөөчү тарифтерге көз каранды эмес экспертиза жүргүзүүгө;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүнүн) коопсуздугуна жана сапатына коюлуучу талаптарга ылайык келбеген товарларды чыгарууда жана сатып өткөрүүдө (иштерди аткарууда, кызмат көрсөтүүдө), ошондой эле керектөөчүлөрдүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же башка нормативдик укуктук актыларында белгиленген укуктарын бузууда күнөөлүү болгон адамдарды жоопко тартуу жөнүндө материалдарды прокуратура органдарына жана мамлекеттик башкаруу органдарына киргизүүгө;

мамлекеттик аткаруучу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагынан мамилелерди жөнгө салган мыйзамдарга карама-каршы келген актыларын жараксыз деп таануу жөнүндө протест киргизүү өтүнүчү менен прокуратура органдарына кайрылууга;

керектөөчүлөрдүн (керектөөчүлөрдүн анык эмес чөйрөсүнүн) укуктарын коргоп сотко кайрылууга акылуу.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2015-жылдын 31-январындагы № 29, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**55-берене. Керектөөчүлөрдүн анык эмес чөйрөсүнүн таламдарын коргоо**

Товарлардын сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзгөн монополияга каршы мамлекеттик орган, мамлекеттик башкаруу органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (алардын ассоциациялары, союздары) сатуучулардын (даярдоочулардын, аткаруучулардын) же алар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде сатуучулардын (аткаруучулардын) милдетин аткарган уюмдардын керектөөчүлөрдүн анык эмес чөйрөсүнө карата аракеттерин мыйзамга каршы деп таануу жана мындай аракеттерди токтотуу жөнүндө сотторго доо коюуга укуктуу.

*Көңүл буруңуздар! Бул берененин 1-бөлүгүндө «Товарлардын сапатына жана коопсуздугуна контроль жүргүзгөн монополияга каршы мамлекеттик орган (анын аймактык органдары), мамлекеттик башкаруу органдары (алардын аймактык органдары)» деген сөздөр жок болгондуктан, КР 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамынын 1-статьясынын 11-п. ылайык берилген өзгөртүүлөр киргизилген жок.*

Мындай доо канааттандырылган учурда сот массалык маалымат каражаттары аркылуу же башка ыкма менен соттун чечимин сот белгилеген мөөнөттө керектөөчүлөргө кабарлоого мыйзам бузуучуну милдеттендирет.

Сатуучунун (даярдоочунун, аткаруучунун) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарган уюмдун керектөөчүлөрдүн анык эмес чөйрөсүнө карата аракеттерин мыйзамсыз деп таануу жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими сатуучунун (даярдоочунун, аткаруучунун) же аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатуучунун (даярдоочунун) милдетин аткарып жаткан уюмдун мындай аракеттерди жасагандыгы аныкпы жана ал аракеттер ошол адамдар тарабынан жасалдыбы, деген маселе боюнча алардын аракеттеринин граждандык-укуктук кесепеттери жөнүндө керектөөчүнүн доосун карап жаткан сот үчүн милдеттүү.

Керектөөчүлөрдүн анык эмес чөйрөсүнүн же айрым керектөөчүнүн таламында керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмеси (алардын ассоциациясы, союзу) тарабынан коюлган доону канааттандыруу менен бир эле мезгилде сот керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелерине (алардын ассоциацияларына, союздарына) ишти кароо

менен байланышкан соттук чыгымдарды, анын ичинде ишке эксперттерди катыштыруу боюнча чыгымдарды өндүрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алат.

**55-1-берене. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагындагы өнөктөштүк**

Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагында товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) коопсуздугуна мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик башкаруу органдары (алардын аймактык органдары), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелеринин (алардын бирликтеринин, ассоциацияларынын) макулдашылган иш-аракеттерин жүзөгө ашыруу жана конкуренцияны өнүктүрүү үчүн жогоруда аталган органдардын жана коомдук бирикмелердин өкүлдөрүнөн, ошондой эле ишкерлердин ассоциацияларынын расмий түрдө жиберилген өкүлдөрүнөн турган республикалык жана областтык координациялык кеңештер түзүлүшү мүмкүн. Мындай координациялоочу кеңештер өз ишинде ушул Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иштеп чыккан керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жана конкуренцияны өнүктүрүү боюнча жалпы мамлекеттик концепцияны жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тийиштүү жоболорун, токтомдорун жетекчиликке алышат.

*(КР 2002-жылдын 20-мартындагы № 42, 2015-жылдын 21-февралындагы № 38 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**56-берене. Бул Мыйзамды колдонууга киргизүү**

1. Бул Мыйзам жарыяланган учурдан тартып колдонууга киргизилсин.

«Эркин-Тоо» газетасынын 1997-жылдын 24-декабрындагы № 114-115 жарыяланды

2. «Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2 жана 3-пункттарында, 6-беренесинин 4-пунктунун биринчи абзацында жана 17-беренесинин 1-пунктунун сегизинчи абзацында камтылган жоболор Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан тийиштүү тизме бекитилген күндөн тартып күчүнө киргизилет.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп эсептелсин:

«Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1992-ж, № 3, 83-ст.);

«Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-ж., № 3, 101-ст.).

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

«Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгуу;

өзүнүн нормативдик укуктук актыларын бул Мыйзамга ылайык келтирүү тапшырылсын.

*(КР 2003-жылдын 17-февралындагы № 37 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** — **А.Акаев**

**1997-жылдын 13-ноябрында**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынды**

**Бөлүм VII.**
**Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтомунун долбоору**

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН КООПСУЗДУГУН ЖОГОРУЛАТУУ МАКСАТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

"Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун каржылоо механизмдерин өнүктүрүү" долбоорунун алкагында иштелип чыккан

**Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтомунун долбоору**

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН КООПСУЗДУГУН ЖОГОРУЛАТУУ МАКСАТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу макстатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 30-майындагы № 252 "Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө уруксат документтерди берүүнүн тартиби жана курулушу бүткөн объекттерди эксплуатацияга кабыл алуунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

7.1. пункту кийинки редакцияда абзац менен толукталсын "- экологиялык жана санитардык-гигиеналык талаптарга дал келиши"

7.2. пунктунун "а" пунктчасы кийинки редакцияда абзац менен толукталсын "Дарылоо-алдын алуучу жана балдарга билим берүү уюмдарынын долбоордук-сметалык документтери, каржылоо булагына карабастан экологиялык жана санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык келүү предметине да экспертизадан өтүүгө милдеттүү;".

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541 "Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

Жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун:

- 7-пунктундагы "алардын өмүрлөрүн жана денсоолуктарын коргоо чендерине" сөздөрүнөн кийин ", маалыматтык коопсуздукту камсыздоо үчүн" сөздөрү менен толукталсын;
- кийинки редакцияда $14^1$пункту менен толукталсын:

"$14^1$.Жалпы билим берүү уюму билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке мүнөздөгү маалыматтардын купуялуулук режимин сактоого жоопкерчилик тартат. Жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоо жалпы билим берүү уюмдарынын ички колдонуусу үчүн жана окуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында жүргүзүлөт.";
"Кызматкерлер (кызматтык абалы аркылуу жеке маалыматтарга ээ болгон жалпы билим берүү уюмдарынын кызматкерлери) билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу боюнча жоопкерчиликти жана милдеттерди өздөрүнө алышат. Жеке мүнөздөгү малыматтарды топтоо жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзамга ылайык ишке ашырылат.

- кийинки редакцияда $15^1$пункту менен толукталсын:

"$15^1$. Психологиялык-педагогикалык жардам көрсөтүү максатында жалпы билим берүү уюмдарында педагог-психолог кызмат орду каралат.

Педагог-психологдун психологиялык-педагогикалык жардамга муктаж балдар менен иши атайын жабдылган өзүнчө бөлмөдө ишке ашырылат.";

- 41-пункт кийинки мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Жалпы билим берүү уюмунда, анын ичинде күзөт системасын уюштуруу аркылуукоопсуздукту камсыздоо.”.

- 43-пункт кийинки мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Билим берүүнүн жана тарбиялоонун формаларында, ыкмаларында окуучуларга карата эмоционалдык, психологиялык, физикалык зомбулукка жол берилбейт.”.

- 66-пункт кийинки редакцияда төртүнчү-тогузунчу абзацтар менен толукталсын:

Жалпы билим берүү уюмунун уюмдаштыруучусу, билим берүү уюмунун имаратын пайдалануучу аны эксплуатациялоодо төмөнкүлөргө милдеттүү:

- объекттердин техникалык абалын кароого, аларды тийиштүү техникалык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы, экологиялык жана архитектуралык-эстетикалык абалда кармоого;
- объекттерди эксплуатациялоонун ченемдик мезгили ичинде курулуш объекттерин эксплуатациялоо процессинде ишке ашырылган архитектуралык жана куруу долбоорлорун, курулуш иштеринин журналдарынын, жабдууларды сыноо жана текшерүү протоколдорунун көчүрмөлөрүн, ошондой эле долбоордук документтерди жана курулуш иштеринин техникалык документтерин сактоого;
- куруу объекттерин эксплуатациялоо журналын жүргүзүүгө, ага техникалык кароонун жыйынтыгы боюнча маалыматтарды киргизүүгө;
- эксплуатацияга берилген объекттердин техникалык абалы боюнча экспертизаны ар беш жыл сайын жүргүзүүгө;
- эксплуатацияга берилген курулуш объекттерин маал-маал менен оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүүгө, курулган объекттерди эксплуатацияга берүүнү көзөмөлдөгөн мамлекеттик органдардын талаптарын аткарууга.”.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы № 119 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

Жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө Жободогу:

- 5-пункттун экинчи абзацы кийинки редакцияда баяндалсын:
- “коопсуз билим берүү шарттарын камсыздоочу жана инсандын калыптануусуна, өнүгүүсүнө жана кесиптик такшалуусуна багытталган билим берүү системасын түзүү;”.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

Жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 6-тиркемесинин:

- 13-пунктту кийинки редакцияда баяндалсын:

“13. Жалпы билим берүү уюмунун аймагыкашаа менен тосулган жана жашылдандырылган болууга тийиш.

Айыл жергесинде тосмолордун жеңил конструкциясына, ошондой эле  жашыл тосмолорго жол берилет. Кашааны бойлой бак-дарактарды отургузуу каралышы керек.

Аймакты жашылдандыруу анын аянтынын 50%нан кем эмес эсебинде каралат. Жашылдандыруу климаттын өзгөчөлөктөрүнө жана аймактын биологиялык ар түрдүүлүгүнө ылайык болууга тийиш жана катар менен (чөптүн формалары, бадалдар, бактар) жүргүзүлөт.”;

- 19-пункт кийинки редакцияда баяндалсын:

“19. Дене тарбия жана спорттук жабдуулар окуучулардын бою-жашынын өзгөчөлүктөрүнө дал келиши керек. Спорттук снаряддар жана жабдуулар бүтүн, кемчиликсиз болууга жана туруктуу орнотулууга тийиш. Окуу жылынын башталышына чейин курамына жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги, дене тарбия мугалимдери жана экологиялык жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча мамлекеттик көзөмөл жүргүзгөн ыйгарым укуктуу органдын өкүлү кирген комиссия тарабынан тиешелүү кабыл алуу Актын түзүү жана жыйынтыгын “Спорттук жабдуулардын ишенимдүүлүгүн текшерүү көзөмөлдөө журналына” киргизүү менен спорттук жабдууларды өткөрүп алуу жана текшерүү иши жүргүзүлөт. Коопсуздук талаптарына ылайык келүү боюнча текшерүүдөн өтпөгөн дене тарбия жана спорттук жабдууларды колдонууга тыюу салынат.”;

- 107-пункт кийинки редакцияда баяндалсын:

“107. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары борбордук жылуулук берүү жана аба алмаштыруу системалары менен жабдылат, алар турак жана коомдук имараттарды куруу жана долбоорлоштуруу ченемдерине дал келиши керек жана микроклиматтын жана аба чөйрөсүнүн оптималдуу параметрлерин камсыз кылышы керек.Микроклиматты жакшыртуу максатында окуу жайларды жана рекреацияларды жашылдандыруу пайдаланылат. Жайларды жашылдандыруу үчүн фитонциддик активдүүлүгү жогору болгон, уулуу заттарды жана көмүр кычкыл газды өзүнө тартып алуу жөндөмүнө ээ өсүмдүктөр колдонулат. Бөлмө ичин жашылдандыруу үчүн тикенектүү жана уулуу өсүмдүктөрдү колдонуу, ошондой эле эвакуациялоо жолдорунда орнотууга тыюу салынат.”;

- 113-пункт кийинки мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Окуу жайдагы көмүртектин кычкылынынорточо концентрациясы миллионго 1500 бөлүкчөлөрдөн (ppm)ашпоого тийиш.”;

- 147-пункт кийинки редакцияда баяндалсын:

“147. Канализациясы жок айылдык райондордо жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары локалдык тазалоо курулмаларын орнотуу шарты бар ички канализация менен же короонун ичиндеги ажаткана менен камсыз кылынат.

Сырткы чуңкурдуу ажатканаларды куруу мектептин имаратында суу менен камсыздоо болбогон учурда гана уруксат берилет.

Айылдык калктуу конуштарда чуңкурлуу ажатканаларда тосмолор орнотулуусу керек. Канализациясы жок коомдук ажатканаларды люфт-клозет түрүндө түзүүгө жол берилет.

Сырткы ажатканаларды жайгаштыруу үчүн жерди тандоо, аларды орнотуу жана жабдуу Кыргыз Республикасынын калкынын санитардык-эпидемиологиялык саламаттыгын коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылууга милдеттүү.

Сырткы ажатканалардын айланасындагы аймак асфальт төшөлгөн же сууну буруу үчүн плитка төшөлгөн болууга жана жашылдандырылууга тийиш.

Жалпы билим берүү уюмдарында ажатканаларга кирүү эркек балдарга жана кыздарга өзүнчө болушу керек, табигый жана жасалма жарыктандырылышы, анын ичинде ажатканага чейинки жол да жарыктандырылышы керек. Ажатканалар жалпы билим берүү уюмунун имаратынан 25 метр алыстыкта жайгаштырылышы керек. Сырткы чуңкурлуу ажатканалар эшиктери бар кабиналар менен жабдылууга тийиш, бийиктиги полдон 1,8 метрден кем эмес, полго 0,2 м. жетпеген тосмолор менен бөлүнүп туруусу зарыл. Кабиналардын көлөмү 0,8м х 1 м. өлчөмүндө болуусу зарыл. Кыздар үчүн ажатканалардын кабиналарынын бири 1,8м х 1,2 м. өлчөмүндө болууга тийиш. Ажаткана жана жуунучу бөлмөлөрдүн полунун каптоосу жуула

турган, жылчыксыз, кемтиксиз, жаракасы жок жана башка механикалык бузулуулары жок болууга тийиш. Дубалдар санитардык тазалоо ишин жүргүзүү жеңил жасала тургандай болуусу керек. Ажатканаларда даарат кагазын кармагычтар, кол жуучу раковиналар, педалы бар чакалар орнотулушу керек.

Сырткы ажатканаларды куруу ДМЧА үчүн өзүнчө кабиналарды эске алып, ажатканаларга кире турган жерде пандустарды орнотуу менен курулууга тийиш.

Люфт-клозет тибиндеги мектептердеги ажатканаларда сордурма-чыгаруучу же тартып чыгаруучу вентиялция системасын орнотуу зарыл.

Санитардык приборлордун саны аялдар жана эркектер үчүн ажатканаларда орточо эсеп менен – 40 кызга 1 унитаз, 80 балага 1 унитаз жана 2 писсуар каралат.

Люфт-клозеттерди тазалоо герметикалык түрдө орнотулууга тийиш. Тазалануучу жердин түбү жана дубалдары бетондолот же кирпич, калыңдыгы 0,5 метрден кем эмес болгон топурак тапталып жыгач менен тургузулат. Кирпичтен жасалган тазалануучу жайдын ички бети шыбалат, жыгачтан жасалган бөлүктөрү чайырланат. Тазаланма чуңкурларды тазалоо үчүн люктар тыгыз, эки капкак менен жабылат.

Чатырчасы (бастырмасы), экран-тосмолору жок жана тазаланма чуңкуру 2/3 көлөмдө толгон ажатканаларды пайдаланууга жол берилбейт.

Ажатканалардын санитардык абалын кароону атайын тейлөөчү персонал камсыздайт.

Тейлөөчү персонал атайын бөлмөдө же шкафта сакталууга тийиш болгон маркерленген тазалоочу инвентарга, щеткалар, тряпкалар, дезинфекциялоочу каражаттарга ээ болуусу зарыл.

Жайларды жана санитардык-техникалык приборлорду тазалоо жана дезинфекциялоо үчүн дезинфекциялоочу каражаттар колдонулат. Дезинфекциялоочу каражаттар мамлекеттик каттоо жөнүндөкүбөлүккө, шайкештиги жөнүндө декларацияга, каражаттарды колдонуунун тартиби жөнүндө нускамага ээ болушу керек.

Дезинфекциялоочу каражаттарды сарптоо дезинфекциялоо каражаттарын колдонуу боюнча нускамага ылайык тазалануучу аянттын 1 кв. метрине эритмени сарптоо ченеми эсебинде жүргүзүлөт.

Дезинфекциялоочу каражаттардын эритмелери менен идиштер капкак менен жабылып, каражаттын аталышы, анын концентрациясы, багыты жана даярдалган күнүкөрсөтүлүүгө тийиш. "Колдонуу мөөнөтү" өткөн дезинфекциялоочу каражаттарды жана эритмелерди колдонууга тыюу салынат.

Раковиналар, эшиктердин кармагычтары дезинфекциялоочу каражаттар менен сүртүү ыкмасы менен тазаланат.

Унитаздар, сырттагы ажатканалар жана биоажатканалар сугаруу жолу менен дезинфекцияланат.

Жууп тазалоо үчүн атайын жайларда жана шкафта сакталуучу маркерленген тазалоочу инвентарь, щетка, чүпүрөк, дезинфекциялоочу жана тазалоочу каражаттар берилет.

Тазалоочу инвентарь тазалоодон кийин капкагы тыгыз жабылган идиште дезинфекциялоочу эритмеге салынып, дезинфекцияланат. Дезинфекциялоодон кийин тазалоочу материал суу менен чайкалат жана кургатылат.";

- 154-пункт кийинки мазмунда экинчи абзац менен толукталсын:

"Сууну күндүн нуру түздөн-түз тийген пластик идиште сактоого, ошондой эле сактоо мөөнөтү 3 сааттан ашпоосу талап кылынган ичүүчү сууну кайталап кайнатууга жол берилбейт.";

- 213-пункт кийинки мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Билим берүү уюмунун аймагында окуу процесси учурунда бак-дарактарды химиялык дарылоого тыюу салынат.".

5. Кыргыз Республикасынын министрликтерине жана ведомстволоруна:

- 1) өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтиришсин;
- 2) ушул токтомдон келип чыккан тиешелүү чараларды көрүшсүн;
- 3) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен биргеликте белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна транспорттук каражаттар менен балдардын тобун ташып жеткирүүнүн эрежелерин белгилөөчү укуктук ченемдик актынын долбоорун киргизишсин.

6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн отуз күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.Д. Абылгазиев**

Жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча

**Салыштырма таблица**

| ЧУА | ЧУАнын колдонуудагы редакциясы | ЧУАнын сунушталган редакциясы | Комментарийлер |
|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 30-майындагы № 252«Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө уруксат документтерди берүүнүн тартиби жана курулушу бүткөн объекттерди эксплуатацияга кабыл алуунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому | 7.1. Долбоордук документтерди экспертизалоо предмети анын шайкештигине баа берүү болуп саналат:<br>-АПШнын долбоордук чечимдеринин долбоорлоо тапшырмасына (долбоордун заказчысы менен иштеп чыгуучусунун ортосунда) жана шаар курулуш документтерине дал келишине;<br>- кабыл алынган көлөмдүк-пландаштыруу конструктивдик чечимдерин, колдонулуучу материалдардын жана инженердик жабдуулардын негиздүүлүгүнө, имараттардын жана курулмалардын тургузулуучу курулуш конструкцияларынын ишенимдүүлүгүнө жана бекемдигине;<br>- инженердик-геологиялык табылгалардын натыйжаларына ылайык келишине;<br>- көрсөткүчтөрдүн, анын ичинде курулуштун эсептик же сметалык наркынын негиздүүлүгүнө жана тууралыгына (мамлекеттик жана (же) жергиликтүү бюджетен каржылануучу объекттер үчүн гана). | 7.1. Долбоордук документтерди экспертизалоо предмети анын шайкештигине баа берүү болуп саналат:<br>- АПШнын долбоордук чечимдеринин долбоорлоо тапшырмасына (долбоордун заказчысы менен иштеп чыгуучусунун ортосунда) жана шаар курулуш документтерине дал келишине;<br>- кабыл алынган көлөмдүк-пландаштыруу конструктивдик чечимдерин, колдонулуучу материалдардын жана инженердик жабдуулардын негиздүүлүгүнө, имараттардын жана курулмалардын тургузулуучу курулуш конструкцияларынын ишенимдүүлүгүнө жана бекемдигине;<br>- инженердик-геологиялык табылгалардын натыйжаларына ылайык келишине;<br>- көрсөткүчтөрдүн, анын ичинде курулуштун эсептик же сметалык наркынын негиздүүлүгүнө жана тууралыгына (мамлекеттик жана (же) жергиликтүү бюджеттен каржылануучу объекттер үчүн гана);<br>**-** экологиялык жана санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык келишине. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 7.2.Долбоордук документтерди экспертизалоо милдеттүү же ыктыярдуу болушу мүмкүн: а) долбоордук документтерди жана инженердик табылгаларды милдеттүү экспертизалоо коомдук багыттагы объекттерге, турак жай-жарандык, өнөр жайлык жана курорттук-рекреациялык курулуш объекттерине, ошондой эле инженердик тармактарга жана курулмаларга карата жүргүзүлөт. Республикалык жана (же) жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан каржылануучу объекттердин долбоордук-сметалык документтери мамлекеттик экспертиза органдары тарабынан милдеттүү өтүүгө тийиш жана экспертиза, ошондой эле курулуштун сметалык наркы колдонуудагы нормативдик документтерине ылайык келүү предметине да жүргүзүлөт; | 7.2.Долбоордук документтерди экспертизалоо милдеттүү же ыктыярдуу болушу мүмкүн: а) долбоордук документтерди жана инженердик табылгаларды милдеттүү экспертизалоо коомдук багыттагы объекттерге, турак жай-жарандык, өнөр жайлык жана курорттук-рекреациялык курулуш объекттерине, ошондой эле инженердик тармактарга жана курулмаларга карата жүргүзүлөт. Республикалык жана (же) жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан каржылануучу объекттердин долбоордук-сметалык документтери мамлекеттик экспертиза органдары тарабынан милдеттүү өтүүгө тийиш жана экспертиза, ошондой эле курулуштун сметалык наркы колдонуудагы нормативдик документтерине ылайык келүү предметине да жүргүзүлөт. Дарылоо-алдын алуу жана балдарга билим берүү уюмдарынын долбоордук-сметалык документтери каржылоо булагына карабастан экологиялык жана санитардык-гигиеналык талаптарга дал келүүсүн экспертизадан өткөрүү зарыл. | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 «Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» токтому | 7. Жалпы билим берүү уюму мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден-соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жоопкерчилик тартат. | 7. Жалпы билим берүү уюму мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден-соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча, маалыматтык коопсуздукту камсыздоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жоопкерчилик тартат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **14-1. Жалпы билим берүү уюму билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке мүнөздөгү маалыматтардын купуялуулук режимин сактоого жоопкерчилик тартат. Жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоо жалпы билим берүү уюмдарынын ички колдонуусу үчүн жана окуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында жүргүзүлөт.** Кызматкерлер (кызматтык абалы аркылуу жеке маалыматтарга ээ болгон жалпы билим берүү уюмдарынын кызматкерлери) билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу боюнча жоопкерчиликти жана милдеттерди өздөрүнө алышат. Жеке мүнөздөгү малыматтарды топтоо жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзамга ылайык ишке ашырылат. | |
| | | **15-1.Психологиялык-педагогикалык жардам көрсөтүү максатында жалпы билим берүү уюмдарында педагог-психолог кызмат орду каралат.** Педагог-психологдун психологиялык-педагогикалык жардамга муктаж балдар менен иши атайын жабдылган өзүнчө бөлмөдө ишке ашырылат. | |
| | 41. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:…..<br>- жалпы билим берүү уюмунун китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;<br>- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;…... | 41. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:…..<br>- жалпы билим берүү уюмунун китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;<br>**- жалпы билим берүү уюмунда, анын ичинде күзөт системасын уюштуруу аркылуу коопсуздукту камсыздоого;**<br>- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;….. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 43. Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат. | 43. Билим берүүнүн жана тарбиялоонун формаларында, ыкмаларында окуучуларга карата эмоционалдык, психологиялык, физикалык зомбулукка жол берилбейт.<br>Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат. | |
| | 66. Жалпы билим берүү уюмунун уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти же өзү үчүнчү тараптан күрөөгө алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү жалпы билим берүү уюмуна бекитип берет.<br>Жалпы билим берүү уюмуна жер үлүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет.<br>Жалпы билим берүү уюмуна бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана (же) ээликтен ажыратылышы мүмкүн эмес. | 66. Жалпы билим берүү уюмунун уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти же өзү үчүнчү тараптан күрөөгө алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү жалпы билим берүү уюмуна бекитип берет.<br>Жалпы билим берүү уюмуна жер үлүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет.<br>Жалпы билим берүү уюмуна бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана (же) ээликтен ажыратылышы мүмкүн эмес.<br>**Жалпы билим берүү уюмунун уюмдаштыруучусу, билим берүү уюмунун имаратын пайдалануучу аны эксплуатациялоодо төмөнкүлөргө милдеттүү:**<br>**- объекттердин техникалык абалын кароого, аларды тийиштүү техникалык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы, экологиялык жана архитектуралык-эстетикалык абалда кармоого;**<br>**- объекттерди эксплуатациялоонун ченемдик мезгили ичинде курулуш** объекттерин эксплуатациялоо процессинде ишке ашырылган архитектуралык жана куруу долбоорлорун, курулуш иштеринин журналдарынын, жабдууларды сыноо жана текшерүү протоколдорунун көчүрмөлөрүн, ошондой эле долбоордук документтерди жана курулуш иштеринин техникалык документтерин сактоого; | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **- куруу объекттерин эксплуатациялоо журналын жүргүзүүгө, ага техникалык кароонун жыйынтыгы боюнча маалыматтарды киргизүүгө;**<br>**- эксплуатацияга берилген объекттердин техникалык абалы боюнча экспертиза**ны ар беш жыл сайын жүргүзүүгө;<br>**- эксплуатацияга берилген курулуш объекттерин маал-маал менен оңдоп-түзөө иштери**н жүргүзүүгө, курулган объекттерди эксплуатацияга берүүнү көзөмөлдөгөн мамлекеттик органдардын талаптарын аткарууга. | |
| Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 20-февралындагы № 119 «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу» токтому | 5. Министрликтин негизги милдеттери:<br>- инсандын калыптануусуна, өнүгүүсүнө жана кесиптик такшалуусуна багытталган билим берүү системасын түзүү;… | 5. Министрликтин негизги милдеттери:<br>- коопсуз билим берүү шарттарын камсыздоочу жана инсандын калыптануусуна, өнүгүүсүнө жана кесиптик такшалуусуна багытталган билим берүү системасын түзүү; | |
| Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» токтому<br><br>**6-тиркеме** | 13. Жалпы билим берүү уюмдарынын аймактары дубал менен курчалышы жана жашылдандырылышы керек. Аймакты жашылдандыруу анын аянтынын 50%нан кем эмес эсебинде каралат. | 13.Жалпы билим берүү уюмдарынын аймактары дубал менен курчалышы жана жашылдандырылышы керек. Аймакты жашылдандыруу анын аянтынын 50%нан кем эмес эсебинде каралат. Жашылдандыруу климаттын өзгөчөлөктөрүнө жана аймактын биологиялык ар түрдүүлүгүнө ылайык болууга тийиш жана катар менен (чөптүн формалары, бадалдар, бактар) жүргүзүлөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 19. Дене тарбия жана спорттук жабдуулар окуучулардын бою-жашынын өзгөчөлүктөрүнө дал келиши керек. | 19. Дене тарбия жана спорттук жабдуулар окуучулардын бою-жашынын өзгөчөлүктөрүнө дал келиши керек. Дене тарбия жана спорттук жабдуулар окуучулардын бою-жашынын өзгөчөлүктөрүнө дал келиши керек. Спорттук снаряддар жана жабдуулар бүтүн, кемчиликсиз болууга жана туруктуу орнотулууга тийиш. Окуу жылынын башталышына чейин курамына жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги, дене тарбия мугалимдери жана экологиялык жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча мамлекеттик көзөмөл жүргүзгөн ыйгарым укуктуу органдын өкүлү кирген комиссия тарабынан тиешелүү кабыл алуу Актын түзүү жана жыйынтыгын “Спорттук жабдуулардын ишенимдүүлүгүн текшерүү көзөмөлдөө журналына” киргизүү менен спорттук жабдууларды өткөрүп алуу жана текшерүү иши жүргүзүлөт. Коопсуздук талаптарына ылайык келүү боюнча текшерүүдөн өтпөгөн дене тарбия жана спорттук жабдууларды колдонууга тыюу салынат. | |
| | 107. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары борбордук жылуулук берүү жана аба алмаштыруу системалары менен жабдылат, алар турак жана коомдук имараттарды куруу жана долбоорлоштуруу ченемдерине дал келиши керек жана микроклиматтын жана аба чөйрөсүнүн оптималдуу параметрлерин камсыз кылышы керек. | 107. Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары борбордук жылуулук берүү жана аба алмаштыруу системалары менен жабдылат, алар турак жана коомдук имараттарды куруу жана долбоорлоштуруу ченемдерине дал келиши керек жана микроклиматтын жана аба чөйрөсүнүн оптималдуу параметрлерин камсыз кылышы керек. Микроклиматты жакшыртуу максатында окуу жайларды жана рекреацияларды жашылдандыруу пайдаланылат. Жайларды жашылдандыруу үчүн фитонциддик активдүүлүгү жогору болгон, уулуу заттарды жана көмүр кычкыл газды өзүнө тартып алуу жөндөмүнө ээ өсүмдүктөр колдонулат. Бөлмө ичин жашылдандыруу үчүн тикенектүү жана уулуу өсүмдүктөрдү колдонуу, ошондой эле эвакуациялоо жолдорунда орнотууга тыюу салынат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 113. Жалпы билим берүү уюмдарынын жайларында абанын салыштырмалуу нымдуулугу 40-60%ды түзүш керек, абанын кыймыл ылдамдыгы 0,1 м/секундадан көп болбошу керек. | 113. Жалпы билим берүү уюмдарынын жайларында абанын салыштырмалуу нымдуулугу 40-60%ды түзүш керек, абанын кыймыл ылдамдыгы 0,1 м/секундадан көп болбошу керек.<br>Окуу жайдагы көмүртектин кычкылынын орточо концентрациясы миллионго 1500 бөлүкчөлөрдөн (ppm) ашпоого тийиш. | |
| | 147. Канализациясы жок айылдык райондордо жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары локалдык тазалоо курулмаларын орнотуу шарты бар ички канализация менен же короонун ичиндеги даараткана менен камсыз кылынат. | 147. Канализациясы жок айылдык райондордо жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары локалдык тазалоо курулмаларын орнотуу шарты бар ички канализация менен же короонун ичиндеги даараткана менен камсыз кылынат.<br>Сырткы чуңкурдуу ажатканаларды куруу мектептин имаратында суу менен камсыздоо болбогон учурда гана уруксат берилет.<br>Айылдык калктуу конуштарда чуңкурлуу ажатканаларда тосмолор орнотулуусу керек.<br>Канализациясы жок коомдук ажатканаларды люфт-клозет түрүндө түзүүгө жол берилет.<br>Сырткы ажатканаларды жайгаштыруу үчүн жерди тандоо, аларды орнотуу жана жабдуу Кыргыз Республикасынын калкынын санитардык-эпидемиологиялык саламаттыгын коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылууга милдеттүү.<br>Сырткы ажатканалардын айланасындагы территория асфальт төшөлгөн же сууну буруу үчүн плитка төшөлгөн болууга жана жашылдандырылууга тийиш. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жалпы билим берүү уюмдарында ажатканаларга кирүү эркек балдарга жана кыздарга өзүнчө болушу керек, табигый жана жасалма жарыктандырылышы, анын ичинде ажатканага чейинки жол да жарыктандырылышы керек. Ажатканалар жалпы билим берүү уюмунун имаратынан 25 метр алыстыкта жайгаштырылышы керек. Сырткы чуңкурлуу ажатканалар эшиктери бар кабиналар менен жабдылууга тийиш, бийиктиги полдон 1,8 метрден кем эмес, полго 0,2 м. жетпеген тосмолор менен бөлүнүп туруусу зарыл. Кабиналардын көлөмү 0,8м х 1 м. өлчөмүндө болуусу зарыл.<br>Кыздар үчүн ажатканалардын кабиналарынын бири 1,8м х 1,2 м. өлчөмүндө болууга тийиш. Ажаткана жана жуунучу бөлмөлөрдүн полунун каптоосу жуула турган, жылчыксыз, кемтиксиз, жаракасы жок жана башка механикалык бузулуулары жок болууга тийиш. Дубалдар санитардык тазалоо ишин жүргүзүү жеңил жасала тургандай болуусу керек. Ажатканаларда даарат кагазын кармагычтар, кол жуучу раковиналар, педалы бар чакалар орнотулушу керек.<br>Сырткы ажатканаларды куруу ДМЧА үчүн өзүнчө кабиналарды эске алып, ажатканаларга кире турган жерде пандустарды орнотуу менен курулууга тийиш.<br>Люфт-клозет тибиндеги мектептердеги ажатканаларда сордурма-чыгаруучу же тартып чыгаруучу вентиялция системасын орнотуу зарыл.<br>Санитардык приборлордун саны аялдар жана эркектер үчүн ажатканаларда орточо эсеп менен – 40 кызга 1 унитаз, 80 балага 1 унитаз жана 2 писсуар каралат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Люфт-клозеттерди тазалоо герметикалык түрдө орнотулууга тийиш. Тазалануучу жердин түбү жана дубалдары бетондолот же кирпич, калыңдыгы 0,5 метрден кем эмес болгон топурак тапталып жыгач менен тургузулат. Кирпичтен жасалган тазалануучу жайдын ички бети шыбалат, жыгачтан жасалган бөлүктөрү чайырланат. Тазаланма чуңкурларды тазалоо үчүн люктар тыгыз, эки капкак менен жабылат. Чатырчасы (бастырмасы), экран-тосмолору жок жана тазаланма чуңкуру 2/3 көлөмдө толгон ажатканаларды орнотууга жана пайдаланууга жол берилбейт. Ажатканалардын санитардык абалын кароону атайын тейлөөчү персонал камсыздайт.<br>Тейлөөчү персонал атайын бөлмөдө же шкафта сакталууга тийиш болгон маркерленген тазалоочу инвентарга, щеткалар, тряпкалар, дезинфекциялоочу каражаттарга ээ болуусу зарыл.<br>Жайларды жана санитардык-техникалык приборлорду тазалоо жана дезинфекциялоо үчүн дезинфекциялоочу каражаттар колдонулат. Дезинфекциялоочу каражаттар мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүккө, шайкештиги жөнүндө декларацияга, каражаттарды колдонуунун тартиби жөнүндө нускамага ээ болушу керек.<br>Дезинфекциялоочу каражаттарды сарптоо дезинфекциялоо каражаттарын колдонуу боюнча нускамага ылайык тазалануучу аянттын 1 кв. метрине эритмени сарптоо ченеми эсебинде жүргүзүлөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Дезинфекциялоочу каражаттардын эритмелери менен идиштер капкак менен жабылып, каражаттын аталышы, анын концентрациясы, багыты жана даярдалган күнү көрсөтүлүүгө тийиш. "Колдонуу мөөнөтү" өткөн дезинфекциялоочу каражаттарды жана эритмелерди колдонууга тыюу салынат.<br>Раковиналар, эшиктердин кармагычтары дезинфекциялоочу каражаттар менен сүртүү ыкмасы менен тазаланат.<br>Унитаздар, сырттагы ажатканалар жана биоажатканалар сугаруу жолу менен дезинфекцияланат.<br>Жууп тазалоо үчүн атайын жайларда жана шкафта сакталуучу маркерленген тазалоочу инвентарь, щетка, чүпүрөк, дезинфекциялоочу жана тазалоочу каражаттар берилет.<br>Тазалоочу инвентарь тазалоодон кийин капкагы тыгыз жабылган идиште дезинфекциялоочу эритмеге салынып, дезинфекцияланат.<br>Дезинфекциялоодон кийин тазалоочу материал суу менен чайкалат жана кургатылат. | |
| | 154. Жалпы билим берүү уюмдарына жеткирилген бөтөлкөгө куюлган суу колдонулган техникалык регламенттин талаптарына ылайык, сапатын жана коопсуздугун тастыктаган документи болушу керек. | 154. Жалпы билим берүү уюмдарына жеткирилген бөтөлкөгө куюлган суу колдонулган техникалык регламенттин талаптарына ылайык, сапатын жана коопсуздугун тастыктаган документи болушу керек.<br>Сууну күндүн нуру түздөн-түз тийген пластик идиште сактоого, ошондой эле сактоо мөөнөтү 3 сааттан ашпоосу талап кылынган ичүүчү сууну кайталап кайнатууга жол берилбейт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 213. Жыл сайын (жазында) бадалдар кооздолуп кыркылат, жаш, кургап калган жана майда бутактары кыйылат. Окуу жайлардын терезелерин жаап калган же табигый жарыгынын чектелген көрсөткүчүн төмөндөткөн бийик бактардын болуусунда аларды кыюу же бутактарын кыркуу иш-чаралары жүргүзүлөт. | 213. Жыл сайын (жазында) бадалдар кооздолуп кыркылат, жаш, кургап калган жана майда бутактары кыйылат. Окуу жайлардын терезелерин жаап калган же табигый жарыгынын чектелген көрсөткүчүн төмөндөткөн бийик бактардын болуусунда аларды кыюу же бутактарын кыркуу иш-чаралары жүргүзүлөт.<br>Билим берүү уюмунун аймагында окуу процесси учурунда бак-дарактарды химиялык дарылоого тыюу салынат. | |

**Кыскартуулардын тизмеси:**

| | | |
|---|---|---|
| АӨБ | - | Азия өнүктүрүү банкы |
| АХФ | - | Ага Хан Фондунун Кыргыз Республикасындагы филиалы |
| ББИМ | - | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| «БИОМ» ЭК КБ | - | «БИОМ» экологиялык кыймылы» коомдук бирикмеси |
| БКБ | - | Башталгыч кесиптик билим берүү |
| БУУ ДАП | - | Бириккен улуттар уюмунун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы |
| ДБ | - | Дүйнөлүк банк |
| ДМЧ | - | ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген |
| ДМЧА | - | Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар |
| ЕБ | - | Европа Бирлиги |
| ЕБФ | - | Европа билим берүү фонду |
| ЕККУ | - | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| ЕККУ ББК | - | Европа коопсуздук жана кызматташтык уюмунун Улуттук азчылыктардын иштери боюнча Башкы комиссары |
| ЖДТжСМА | - | Жаштар, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги |
| ЖКБ | - | Жогорку кесиптик билим берүү |
| ЖМА | - | Жергиликтүү мамлекеттик администрациялары |
| Жож | - | Жогорку окуу жайы |
| ЖӨБжЭАММА | - | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги |
| ЖӨБО | - | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| ИИМ | - | Ички иштер министрлиги |
| КБ | - | коомдук бирикме |
| КБА | - | Кыргыз билим берүү академиясы |
| КББА | - | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Кесиптик башталгыч билим берүү агенттиги |
| КИМК | - | Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети |
| КР | - | Кыргыз Республикасы |
| КТА | - | Квалификациялардын тармактык алкактары |
| Курулуш агенттиги | - | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги |

| | | |
|---|---|---|
| КУА | - | Квалификациялардын улуттук алкактары |
| КЧБА | - | Кыргыз чоңдорго билим берүү ассоциациясы |
| МБС | - | Мамлекеттик билим берүү стандарты |
| Мерсико | - | «Кайрымдуулук корпусу» эл аралык өкмөттүк эмес уюм |
| ММжТМ | - | Маданият, маалымат жана туризм министрлиги |
| МЧБУ | - | Мектепке чейинки билим берүү уюму |
| ОБАЖУБ | - | Окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин улуттук баалоо |
| ОЖ | - | Окуу жайлар |
| ОКБ | - | Орто кесиптик билим берүү |
| РИМБ | - | Республикалык илимий- методикалык борбор |
| РПККЖжКДИ | - | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту |
| СИУИ | - | Социалдык изилдөө улуттук институту |
| СКФ КФ | - | «Сорос-Кыргызстан Фонду» коомдук фонду |
| СӨЖП | - | Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы |
| ССМ | - | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги |
| УАБ | - | Улуттук аккредитациялоо борбору |
| ФМ | - | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| ЧУА | - | ченемдик укуктук акты |
| ЭМ | - | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги |
| ЭСӨМ | - | Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги |
| ЭУ | - | Эл аралык уюмдар |
| ЮНЕСКО | - | БУУнун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму |
| ЮНИСЕФ | - | Бириккен улуттар уюмунун балдар фонду |
| DFID | - | Улуу Британиянын эл аралык өнүктүрүү министрлиги |
| GIZ | - | Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коому |
| SWAp | - | Каржылоодо кеңири сектордук мамиле |
| UN-women | - | Бириккен улуттар уюмунун гендерлик теңчилик жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелери боюнча уюму». |

**Маалыматтардын кошумча булактары:**


1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги http://edu.gov.kg/ru/about/
2. Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги http://www.minfin.kg/
3. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин ченемдик-укуктук базасы http://www.minfin.kg/ru/novosti/rukovodstvo/ministrliktin-ishmerdlgnn-ukuktuk-negizderi.html
4. Кыргыз Республикасынын юстиция министрлиги, ченемдик-укуктук базасы http://cbd.minjust.gov.kg/ru-ru/npakr/Search
5. Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлиги, ченемдик-укуктук базасы http://ru.mes.kg/category/normativno-pravovaya-baza/
6. Долбоордун сайты «Механизмы финансирования безопасности образовательной среды» www.safe.edu.kg
7. БИОМ экологиялык кыймылы www.biom.kg
8. Евразиялык Экономикалык биримдигинин ченемдик-укуктук базасынын сайты http://www.eurasiancommission.org/ru/act/texnreg/deptexreg/normbaza/Pages/normbaza.aspx
9. Кыргыз Республикасынын экономика министрлигинин Стандартизация жана метрология борбору КЫРГЫЗСТАНДАРТ http://www.nism.gov.kg/